

ХАДИС УСУЛУ

Ф.и.д. (PhD), доцент Мухиддин Дүзенли

1975-жылы Түркия Республикасына караштуу Синоп облусунда туулган. 1993-жылы Онтогуз Майыс университетинин теология факультетине окууга өтөт. 1998-жылы окуу жайды ийгиликтүү аяктагандан кийин, ошол эле факультетте ассистент болуп эмгектене баштайт. 2002-жылы "*Hadis Alma Yollarından İcâzet ve Munâvele*" (Хадис алуу ыкмаларында ижазат жана мунавала) деген темада магистратурасын коргойт. 2008-жылы "*Rivâyetlerin Sıhhatini Belirlemede İllet ve Şâz'ın Fonksiyonu*" (Риваяттардын сахихтигин (тууралыгын) аныктоодо иллат жан шаздын функциясы) деген темада доктордук диссертациясын илгиликтүү коргоп, теология илимдеринин доктору (PhD) деген илимий даражага ээ болот. 2009-жылы ОМУ теология факультетинде хадис илими боюнча окутуучу деген адистикке ээ болот. 2016-жылы доцент деген илимий наамга татыйт. 2014-жылдан бери Кыргыз – Түрк "Манас" университетинин теология факультетинде окутуучу болуп эмгектенип келет.

Ф.и.д. (PhD), Ферхат Гөкче

1975-жылы Түркия Республикасына караштуу Батман облусунда туулган. Орто мектепти Газиантеп облусунда окуйт. 1996-жылы Анкара университети теология факультетине окууга өтүп, 2001-жылы ийгиликтүү аяктайт. 2004-жылы "*Şa'rânî ve Hadisleri Değerlendirmede Mîzân Yöntemi*" (Шарани жана хадистерди баалоодо мизан ыкмасы) деген темада магистратурасын коргойт. 2010-жылы "*İslâm İrfân Geleneğinde Hadis Yorumu*" деген темада доктордук диссертациясын илгиликтүү коргоп, теология илимдеринин доктору (PhD) деген илимий даражага ээ болот. 2014-жылы Анкара Йылдырым Бейазыт университетинде хадис илими боюнча окутуучу болуп эмгектенет. 2014-жылдан бери Ош Мамлекеттик университетинин теология факультетинде окутуучу жана декандын орун басары кызматында эмгектенип келет.

Кыргыз-Түрк «Манас» университети басылмалары: 248
Окуу китептери тизмеси: 77

ХАДИС УСУЛУ

Мухиттин Дүзенли
Ферхат Гөкче

Түрк тилинен кыргыз тилине которгон
Майрамбек ЖУСУПОВ

Бишкек 2018

УДК 29
ББК 86.38
Д 82

Дүзенли М., Гөкче Ф.
Д 82 **Хадис усулу / .** – Б.: 2018 . 349 – б.

ISBN 978-9967-9112-8-4

Түрк тилинен кыргыз тилине которгон
Майрамбек ЖУСУПОВ

Китептин ички жана сырткы абалын иретке келтирген
Мухиттин Дүзенли

Басмакана
Мегамедиа

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин башкармалыгынын № 2018-16.114 чечими боюнча басылды. Басууга 29.05.2018 кол коюлду. Нускасы 2000.

Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Yönetim Kurulu'nun 29.05.2018 tarih ve 2018-16.114 Nolu kararı ile basılmıştır.

Бул китеп Түрк кызматташтык жана координация агенттиги (TİKA) тарабынан басылды.

Бул китеп "Теология факультеттеринде окутулуучу негизги окуу китептеринин жазылышы жана кыргызчага которулушу" аттуу долбоордун негизинде Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин (КТМУ) теология факультети тарабынан даярдалды. Кыргызчага которуу иш-аракеттери толугу менен Түркия Диянет фонду (TDV) тарабынан каржыланды.

Д 0403000000-18

УДК 29
ББК 86.38

ISBN 978-9967-9112-8-4

© КТМУ, 2018

МАЗМУНУ

Алгы сөз **13**

Кириш сөз **17**

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

ХАДИСТИН МААНИЛҮҮЛҮГҮ ЖАНА АЗ. ПАЙГАМБАРДЫН ДИНДЕГИ ОРДУ

I. МААНИЛҮҮЛҮГҮ 21
А. Хадистин маанилүүлүгү 21
1. Хадис илиминин темасы 23
2. Хадис илиминин негизги исламий илимдер менен болгон байланышы 26
Б. Аз. Пайгамбардын милдеттери жана Куранга болгон милдети 30
1. Таблиг (жеткирүү, үгүттөө) 31
2. Табйин 32
а. Мужмал (маниси жашыруун) аяттарды чечмелөө 34
б. Мушкил аяттарды ачыктоо 34
в. Жалпы маанини билдирген аяттарга тактык киргизүү 35
г. Аяттардагы өкүмдөрдү кубаттоосу 35
3. Тазкия 36
4. Куранда болбогон өкүмдөрдү чыгаруу 37
В. Момундардын Аз. Пайгамбарга болгон милдети 38
1. Аз. Пайгамбарга итаат кылуу (баш ийүү) 38
2. Аз. Пайгамбарды ээрчүү 40
3. Аз. Пайгамбарды үлгү алуу 41
4. Сүннөт – вахий (аян) байланышы 42

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

ХАДИС ИЛИМИНИН НЕГИЗГИ ТЕРМИНДЕРИ

А. Хадис 49
Б. Сүннөт 52
В. Асар 58
Г. Хабар (кабар) 59
Д. Рави / Шейх 60
Е. Риваят – Марви 62
Ё. Санад – Иснад 65

Ж. Матн....70
З. Тарик-Табака-Важих....71
И. Жарх жана таъдил....72

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

АЗ. ПАЙГАМБАР ДООРУНДА ХАДИС

1. Сахабаларга хадистерди риваят кылууга таасир берген себептер....76
2. Хадистердин сакталышында колдонулган каражаттар....78
3. Сахабанын хадис алууда колдонгон методдору....80
а. Сурап үйрөнүү....80
б. Билимде нөмөөткө туруу....81
в. Хадис чогулуштары (пикир алышуулар)....82
г. Хадис талабы үчүн жүргүзүлгөн саякаттар....83
д. Каттар жана элчилер....86

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

САХАБА ХАДИСТИН АЛГАЧКЫ БУЛАГЫ

I. САХАБА....87
А. Сахабанын аныктамасы....87
1. Хадисчилердин аныктамасы....88
2. Усулчулардын аныктамасы....89
Б. Сахабанын маанилүүлүгү....90
В. Сахабанын пазилети....91
Г. Сахабаны таанып-билүүнүн түрлөрү....92
Д. Сахабанын даражалары....93
Е. Сахабалардын саны:....94
Ё. Сахаба доорундагы илимий борборлор....95
II. САХАБА, ХАДИС-СҮННӨТ жана ХАДИС РИВАЯТЫ....97
А. Сахаба доорунда хадис....97
Б. Сахабанын хадис риваят кылууга болгон кылдаттуулугу....100
1. Күбө талап кылуу....101
2. Ант ичүүнү сунуштоо:....101
3. Катасы бар риваяттарды тыкыр көзөмөлдөө....101
4. Аз санда хадис риваят кылууга шыктандыруу....102
В. Сахабалар доорундагы хадис риваят кылуу үчүн болгон саякаттар....103
Г. Сахабалардын доорунда хадистердин жайылуусу....104
Д. Сахаба жана хадистердин жазылышы....105
Е. Сахабага таандык хадис баракчалар....110

Ё. Риваят кылган хадистердин санына жараша сахабалар 111
1. Муксирун 112
2. Мукиллун 113
Ж. Сахабанын адилеттүүлүгү дана забты (эске тутуму) 116
З. Сахабалардын хадис жана сүннөттөрдү ар кандай түшүнүүсү 118
И. Сахабанын хадис жана сүннөт боюнча түшүнүгү 120

БЕШИНЧИ БӨЛҮМ. ХАДИС РИВАЯТЫНЫН СЫПАТЫ (ЛАФЗАН ЖАНА МАНАН РИВАЯТ)

А. Лафзан (сөзмө-сөз) риваят 125
Б. Манан (мааниси менен) риваят 128
В. Хадистердин түрдүү сөздөр менен риваяты жана себептери 134

АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ ХАДИС РАВИЛЕРИНИН АБАЛЫ

I. АНЫКТАМАСЫ ЖАНА МААНИСИ 137
1. Сика (Ишеничтүү) равилер (الثقة) 138
2. Заиф (алсыз, кемчилиги бар) равилер 139
3. Матрук равилер 139
II. ТАБАКАЛАР (طبقات الرواة) 140
А. Сахаба (الصحابة) 140
Б. Табиун (التابعون) 141
В. Таба-и табиин (تبع التابعين) 142
III. ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ 143
А. Адилеттүүлүк / адалат (العدالة) 143
Б. Забт (الضبط) 145
IV. КЕМЧИЛИКТЕР 146
А) Равинин адилеттүүлүгүн жокко чыгарган себептер 146
1. Кизбу-р-рави (كذب الراوي) 146
2. Иттихаму-р-рави би-л-кизб (اتهام الراوي بالكذب) 147
3. Фыску-р-рави (فسق الراوي) 147
4. Бидату-р-рави (بدعة الراوي) 148
5. Жахалату-р-рави (جهالة الراوي) 148
а. Жахалату-л-Айн (جهالة العين) 148
б- Жахалату-л-Хал (جهالة الحال) 148
Б) Равинин забтыны жарх кылган себептер 149
1- Вахм (الوهم) 149
2- Фарту-л-гафла (فرط الغفلة) 149

3- Касрату-л-галат (كثرة الغلط) 150
4- Суи-л-хыфз (سوء الحفظ) 150
5- Мухалафату-с-сикат (مخالفة الثقات) 151

ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ

ХАДИС РИВАЯТ КЫЛУУНУН ЖОЛ-ЖОБОСУ, ХАДИС ОКУУ ЖАНА ОКУТУУ МЕТОДДОРУ

I. ХАДИС АЛУУНУН ЖОЛДОРУ (ТАХАММУЛУЛ-ХАДИС) 153
А. Хадис алуунун (тахаммул) жолдору 154
1. Самаъ 154
2. Арз же кыраат 155
3. Ижазат 156
4. Мунавала 157
5. Мукатаба 159
6. Иълам 159
7. Васиййат 160
8. Вижада 161

СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ

ХИЖРИЙ ЭКИНЧИ КЫЛЫМДА СҮННӨТ / ХАДИСТЕРДИН ТОПТОЛУШУ

А. Хадистердин топтолушу (تدوين الحديث) 163
Б. Хадистердин чогултула башташы 167
В. Хадистерди топтоого түрткү болгон себептер 168
Г. Хадистерди топтоо түрлөрү 169
Д. Хадистерди топтоодо эмгек сиңирген аалымдар 171

ТОГУЗУНЧУ БӨЛҮМ

ХИЖРИЙ ҮЧҮНЧҮ КЫЛЫМДА СҮННӨТ/ХАДИСТЕРДИН ТАСНИФИ

ТАСНИФ ТҮРЛӨРҮ 173
А) Ала-р-рижаль таснифи 173
1. Муснаддар 175
а. Абу Давуд ат-Тайалисинин (ө. 204/819) Муснады 175
б. ал-Хумайдинин (ө. 219/834) Муснады 176
в. Ахмад б. Ханбалдын (ө. 241/855) Муснады 176

г. Абу Йаъла ал-Мавсилинин (ө. 307/919) Муснады 177
2. Муъжамдар 178
1. Табаранинин (ө. 360/791) "ал-Муъжаму-с-сагир" эмгеги 178
2. Табаранинин (ө. 360/791) "ал-Муъжаму-л-авсат" эмгеги 179
3. Табаранинин (ө. 360/791) "ал-Муъжаму-л-кабир" эмгеги 179
3. Жүздөр 179
Б) Ала-л-Абваб таснифи 180
1. Жамиълер 180
а. аль-Бухаринин (ө. 256/870): аль-Жамиу-с-сахихи 182
б. Муслимдин: (ө. 261/875) аль-Жамиу-с-сахихи 184
в. Тирмизинин (ө. 279/892): аль-Жамиу-с-сахихи 186
2. Сунандар 188
а. Абу Давуддун (ө. 275/888) Сунаны 189
б. Насаинин (ө. 303/915) Сунаны 192
в. Ибн Маажанын (ө. 273/886) Сунаны 193
3. Мусаннафтар 195
а. Имам Малик (ө. 179/795) жана аль-Муватта 196
б. Абдурразактын (ө. 211/827) аль-Мусаннафы 198
в. Абу Бакр Ибн Аби Шайбанын (ө. 235/849) аль-Мусаннафы ... 200
В. Ала-л-ахруф тасниф системасы 202

ОНУНЧУ БӨЛҮМ

МАРВИ

I. БУЛАГЫ ЖАГЫНАН ХАДИСТИН ТҮРЛӨРҮ 205
А. Кудси хадис 206
Б. Марфу хадис 210
В. Мавкуф хадис 215
Г. Макту хадис 217
II. РАВИЛЕРДИН САНЫНА ЖАРАША ХАДИС ТҮРЛӨРҮ 220
А. Мутаватир хадис 223
1. Лафзи мутаватир 224
2. Манави мутаватир 224
Б. Ахад хадис 227
1. Машхур 229
2. Азиз 232
3. Гариб/Фард 233
а. Фард-и мутлак (Гариб-и мутлак): 235
б. Фарди нисбий (Гариби нисби) 236
III. ИСНАДДАГЫ РАВИ САНЫНЫН АЗ ЖЕ КӨПТҮГҮНӨ ЖАРАША ХАДИСТЕР 239
А. Али 240
1. Мутлак Али иснад 242

2. Нисби Али иснад....243
Б. Назил....244

ОН БИРИНЧИ БӨЛҮМ

КАБЫЛ АЛУУ (КАБУЛ) ЖАНА ЧЕТКЕ КАГУУ (РАД) ЖАГЫНАН ХАДИСТИН ТҮРЛӨРҮ

А. Макбул....247
Б. Мардуд....248
II. СИХХАТ ЖАГЫНАН ХАДИСТИН ТҮРЛӨРҮ....249
А. Сахих Хадис....249
1. Сахих ли-затихи....254
2. Сахих ли-гайрихи....255
Б. Хасан хадис....258
1. Хасан ли-затихи....259
2. Хасан ли-гайрихи....260
В. Заиф (алсыз) хадис жана анын түрлөрү....264
1. Санаддын үзгүлтүккө учурашына байланыштуу болгондор....265
а. Мурсал хадис....266
б. Мункатиъ хадис....269
в. Муъдал хадис....270
г. Муъаллак хадис....271
д. Мудаллас хадис....272
2. Равинин кемчилдигине байланыштуу болгондор....276
а. Матрук хадис....277
б. Мункар хадис....279
в. Муъаллал хадис....280
г. Шаз хадис....282
д. аль-Мазид фи муттасили-л-асанид....284
е. Мусаххаф-мухарраф....285
ё.Маклуб хадис....287
ж. Муздариб....288
з. Мудраж хадис....290

ОН ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

МАВЗУ ХАДИСТЕР

А. Мавзу хадистин аныктамасы:....293
Б. Мавзу хадистердин пайда болуу себептери....294
В. Мавзу хадистерди ажыратуунун жолдору....302
Г. Мавзу хадистердин зыяндары....310
Д. Мавзу хадистердге каршы көрүлгөн чаралар....312
Е. Мавзу хадистерди топтогон эмгектер....313
Ё. Мавзу хадис риваят кылуунун өкүмү....315

ОН ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

ХАДИС ИЛИМДЕРИ (علوم الحديث)

А. Жарх жана Таъдил илими (علم الجرح والتعديل)....318
Б. Равилер илими (علم رجال الحديث)....320
В. Асбаб Вуруд илими (علم أسباب ورود الحديث)....320
Г. Гарибу-л-Хадис илими (علم غريب الحديث)....321
Д. Мухталифу-л-Хадис илими (علم مختلف الحديث)....322
Е. Илалу-л-Хадис илими (علم علل الحديث)....324
Ё. Насих – Мансух илими (علم ناسخ الحديث ومنسوخه)....325

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР....329
ДИНИЙ ТЕРМИНДЕР....339

Алгы сөз

Тарых баракгарына назар салсак, адамзатты дайыма алектенүүгө мажбурлаган темалардын башында дин маселеси тургандыгына күбө болобуз. Бул маселе кээ бир учурларда өз актуалдуулугун жоготсо да, жалпысынан алып караганда адам баласынын күнүмдүк жашоосунан орун-очок алып келген. Анткени дин адам баласынын жаратылышынан орун алганы чындык, ошондой эле кишинин өз жашоосунун маани-маңызын аңдап-түшүнүүгө түрткү берип, метафизикалык маселелерге эң туура жоопторду берүүчү фактор болуп саналат. Бул маселе бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жоготпой келет. Анткени дин жеке кишинин физиологиялык жана психологиялык түзүлүшүнө көптөгөн пайдаларды тартуулоо менен бирге, коомдук жактан алып караганда тынчтыктын жана бейпилдиктин булагы экендиги талашсыз. Албетте, бул идеябыз жалпы жөнүнөн бардык диндерди өз ичине камтып, ал эми ислам дини жагынан өзгөчө мааниге ээ.

Диний ишенимге багытталган системалар жеке кишинин жашоосунда бир топ пайдаларды жараткандай эле коом үчүн да, жадагалса жалпы дүйнө үчүн да бир топ пайдаларды алып келери шексиз. Себеби бүгүнкү күндө адамзат сүйүү, урмат-сый, көмөктөшүү, тең бөлүшүү, жоопкерчилик сыяктуу маселелерде жабыр тартып келет. Ал эми бул маселелердин баары толугу бойдон динде каралып чыккан. Дин адамзатка адеп-ахлактуулукту тартуулоо, туура эмес жолдордон куткаруу, түз жолго багыттоо максатында кызмат кылат. Мына ошондуктан дин ишеними адамзаттын күнүмдүк жашоосуна багыт берип, бактылуу болуусуна өбөлгө түзөт.

Диндин жеке кишинин жашоосуна жана коомдук жашоого опол тоодой пайдаларды алып келери шексиз. Эгерде туура эмес колдонулса, коом жана кишинин жеке жашоосуна толгон-токой зыяндарды алып келиши да толук ыктымал. Мындай көрүнүштү адамзат тарыхында жана азыркы күндө деле кезиктирүүгө болот. Анткени дин тынчтыктын, жакындыктын, жардамдашуунун, тең бөлүшүүнүн булагы болгондой эле, туура эмес абалда колдонулчу болсо бөлүнүп-жарылуунун, душмандыктын, согуштун башаты катары көрүнүп калышы да мүмкүн. Тилекке каршы, азыркы күндө бир топ ислам мамлекеттериндеги жагдай, чындыгында ушул багытта бара жаткан учур. Негизи бул көрүнүш бир гана ислам дининдегилерге гана таандык болбостон, бардык диндердин түпкүрүндөгү тынчтыктын жана баш аламандыктын булагы катары баалануучу өзгөчөлүгү менен тыгыз байланышта. Мына ошондуктан дүйнөдө тынчтыкты орнотуунун кепилдиги – бул диний ишенимдердин ортосундагы карым-катышты бекемдөө жана аларды талкуулоого таянат. Азыркы учурдагы өнүгүүлөргө карасак, адамзаттын келечеги эки

тандоонун ортосунда тургандай. Алардын бири адамзаттын бардык диндердин негизинде *"орток маданият"* жаратуусу деп табылса, экинчиси, *"маданияттардын кагылышуусу "* катары алдыбызга чыга келет. Албетте, мындай ишти аткарууда диний ишеним системалары эмес, балким, ошол диндин адистери жоопко тартылып, чындыгында негизги жоопкерчилик алардын ийнине жүктөлөт.

Мына ошондуктан бул жерде төмөндөгү суроо жаралбай койбойт. Канткенде динди туура үйрөнүп, аны бүткүл инсанияттын пайдасына, тынчтык жана бейпилдиктин булагына айландырышыбыз мүмкүн? Албетте, бул суроонун жообу туура жана жеткиликтүү түрдөгү таалим-тарбия менен гана жүзөгө ашары шексиз. Акыркы убактарда дүйнөдө демократиялык баалуулуктардын көбөйүшү жана адам укуктарынын сакталышына параллел катары, дин тутуу эркиндиги жана динди окутуу маселелеринде бир топ жетишкендиктерге күбө болуп келебиз. Жадагалса бүгүнкү күндө актуалдуу маселе катары жаш муунга диний таалим-тарбия берилип-берилбеши эмес, бул ишти аткарууда кайсыл методдун жана усулдун колдонулушу талаш-тартышты жаратып келүүдө.

Албетте, бул маселедеги эң чоң жоопкерчилик – бул ушул багытта иш алып бара жаткан, же аталган маселе менен кандайдыр бир байланышы болгон мекемелерде диний багыттагы адистерди даярдоо жоопкерчилиги. Анткени бул багыттагы адистерди даядоо жана коомго туура багыт берүү иши, чындыгында бир гана ушул мекемелер аркылуу жүзөгө ашат. Бир сөз менен айтсак, динди туура жеткизүүдө жогорудагы мекемелер негизги көпүрө кызматын аткарат.

Дүйнө жүзүндө ар кайсыл аталыштар менен бирге жогорку даражадагы диний таалим-тарбия иштерин теология факультеттери жүргүзүп келет. Албетте, бул сөзүбүз Кыргыз мамлекетине да тийиштүү. Учурда Кыргызстанда төрт теология факультети иш жүргүзүп келет. Башка мамлекеттердегидей эле Кыргызстандын диний багыттагы келечеги теология факультеттеринен таалим-тарбия алып, факультетти ийгиликтүү бүтүрүп чыккан теологдордун салымы менен тыгыз байланышта болмокчу. Анткени классикалык таризде таалим-тарбия иштерин жүргүзүп келген мекемелердин берген таалим-тарбиясы бүгүнкү күндүн талаптарына жооп бербеши күмөнсүз чындык.

Бул жагынан алып караганда Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Теология факультети Орто Азия мамлекеттери үчүн жана анын ичинен, өзгөчө Кыргызстан үчүн өтө маанилүү орунга ээ. Анткени дин илимдери менен бирге светтик илимдер жаатында жеткиликтүү түрдө таалим-тарбия берип келген Теология факультетинин көпчүлүк учурда бул багытта алдыңкы орунда турары айтылып келет. Бирок кайсыл факультет болбосун факультеттин студенттеринин жана имаратынын болушу ийгиликке жетүүгө кепилдик бербейт. Мына ошондуктан ал факультетте

кызмат өтөгөн мугалимдердин жана окутуу китептеринин да болуусу шарт. КТМУнун Теология факультетинин имараты болгону менен жаңы эле ачылгандыктан окутуу куралдары жаатында талап кылынган ийгиликке али жетише электиги талашсыз.

Мына ошондуктан теология факультетинин окутуучулар жамааты тарабынан даярдалган, кыргыз жана түрк тилиндеги колдонмо китептерин жазуу долбоору, мамлекеттеги бардык теология факультеттери үчүн аябай пайдалуу болот деген ишеничтемин. Анткени бул долбоордо камтылган 15 китеп Түркия мамлекетиндеги теология факультеттеринин мол тажрыйбасын боордош Кыргызстанга бөлүшүү болуп эсептелет. Баса белгилей кетчү нерсе, бул китептер бир гана өзүбүздүн факультетибизде гана окутулуп чектелбестен, негизинен жогоруда айтылып өткөн (дагы башка) 3 теология факультеттеринде да окутулмакчы. Бул диний жаатта жогорку даражадагы таалим-тарбия берүүгө, бирдиктүү иш алып барууга өз салымын кошпой койбойт.

Мына ушул өтө маанилүү ишке чоң салым кошкон окутуучулар жамаатына, долбоордун ишке ашуусунда материалдык көмөк көрсөткөн Түрк кызматташтык жана координация агенттигине (TİKA) жана Түркия диянет фондуна (TDV) терең ыраазычылык билдиремин! Ошондой эле сүйүктүү студенттерибизге албан-албан ийгиликтерди каалап кетмекчимин!

Проф. Док. Себахаттин БАЛЖЫ

Ректор

Кириш сөз

Ислам динининн Курандан кийинки эле булагы Курандын баяны жана түшүндүрмөсү болгон Аз. Пайгамбардын сүннөтү болуп саналат. Хадистер муундан-муунга пайгамбардын сүннөтүнүн жеткирилүүсүндөгү эң маанилүү каражаттардын бири болуп келди. Тарыхтан күнүбүзгө карай хадис жана сүннөт мусулмандардын ишеним, ибадат, адеп-ахлактык негиздерин түзүп, дүйнө таанымын жана жашоо образын камсыздап келген.

Риваяттардын сахихтигин аныктоо жана сахихтерди заифтерден (алсыздардан) ажыратууда хадис илими үчүн белгиленген критерийлер мухаддистин эң алгач эске алуусу керек болгон негиздер болуп саналат.

Иликтөөгө алынган матндар Пайгамбардын (с.а.в.) хадистери болгондуктан өтө кеңири жана так принциптер бүтүнү пайда болгон. Ушуну эстен чыгарбашыбыз керек, кайсыл гана илимдин тармагы болбосун, ошол илимге таандык делген терминдер жана эрежелер топтому заматта эле өзүнөн өзү пайда болуп, жазылып калган принциптер эмес. Хадис усулуна таандык эрежелер өтө көп убакыттын аралыгында, тарыхый агым талап кылгандай өнүгүү жана өзгөрүүгө дуушар болуп, дал ушул колубуздагы хадис усулу илими пайда болгон.

Аз. Пайгамбардын доорунда жаңы дин менен бирге “илим” катары мусулмандардын алдында вахий (аян) жана Аз. Пайгамбардын айткандары (сүннөт/хадис) жана аткарган иштери болгон. Мусулмандар динин аталган эки негизги булактан үйрөнүшкөн. Сахабалардын доорунан баштап Пайгамбардын (с.а.в.) сөз жана кылган иштери кийинки муундарга өткөрүлүп келген. Аталган өткөрүп келүү жараяны башка эч бир илимге буюрбай турганчалык так эрежелер менен бекемделген.

Хадистердин сахабалар доорунан тартып риваят кылуу жараяны эске алынганда алгач сөздүк мааниси боюнча колдонулган жүздөгөн терминдин бара-бара атайы терминге айлангандыгын көрүүгө болот. Мындай жараян хадис илимин кудум терминдер илимине айландырган. Ошентип хадис усулунун негизги принциптери пайда болгон. Хадис илиминин бул принциптерине карай турган болсок, аталган илимдин “иснад” жана “матн” болуп эки маселеде терең активдешкендигин айтсак болот. Хадис илимдеринин бардыгы хадистин ушул эки негизги түшүнүктүн үстүндө негизделип, бир топ негизги илимдин бутактары пайда болгон. Мусулмандар башка эч бир үммөткө буюрбаган иснад системасы аркылуу Аз. Пайгамбардын сөздөрүн сактап калууну, тууралыгын текшерүүнү көздөгөн. Хадисчилер тарых бою көбүнчө

хадистин өзөгүн түзгөн жана матнга алпара турган каражат катары терең иликтелген иснадка кеңири токтолсо да, Пайгамбардын (с.а.в.) сөздөрүн маниси боюнча аныкташкан. Ошондой эле матнга байланышкан ар түрдүү илимдерди түптөгөн. Ошондуктан учурда бир гана хадис жана сүннөт боюнча өкүмгө байланган матндар эмес, ошол эле маалда даанышмандыгы жагынан да аныкталган жана бардык мусулмандарга жашоонун ар тармагында үлгүлүү жашоону тартуулаган булак болгон.

Он төрт кылымдык Ислам тарыхынын ар бир доорунда хадис жана сүннөт мусулмандардын ыйман, ибадат, адеп-ахлак, илим, укук, тарбия, социалдык жашоо, тарых жана маданият сыяктуу негизги маселелерде Курандан кийинки эле эң негизги булак болгон. Бүгүнкү күндө жана өтмүштө дүйнөнүн кай тарабында болбосун бардык мусулмандардын материалдык жана моралдык жактан жараткан бүткүл эмгектерде хадис жана сүннөттүн таасирин көрүүгө болот. Ошол себептен улам хадис жана сүннөт болбостон бир мусулманды жана мусулманча жошоону элестетүү мүмкүн эмес. Бул жаатта мусулмандын хадис жана сүннөт боюнча түшүнүгү бекем болуп болбогондугу да өзгөчө мааниге ээ.

Ар бир илимдин тармагында анын "усулу", "тарыхы", "адабияты" жана "маселелери" болот. Теология факультеттеринде бакалаврдык негизде хадис илимин алган студенттердин хадис илими боюнча аталган төрт тармак боюнча минималдуу түрдө маалыматка эгедер болуулары абзел. Себеби хадис илими негизги исламий илимдердин эң маанилүүлөрүнүн бири, ушуну менен бирге эле башка Исламий илимдерде маанилүү булак болуп саналат. Чындыгында он төрт кылымдык тарыхы бар жана исламий илимдердин арасында эң көп адабий булакка ээ болгон хадис илимин мына ушундай чакан эмгегибизде жыйынтыктап айтуу мүмкүн эмес. Ушул себептен мындан да алдыңкы даражадагы хадис топтому үчүн башка булактарга муктаждык жаралары анык. Ошондой болсо да, сиздерге тартуулаган ушул эмгекте хадис усулунун бакалаврдык деңгээлде окуп-үйрөнө турган эң негизги маселелерди камтылгандыгын айтсак болот.

Хадис тарыхы жана хадис адабияты негизинен өз алдынча колго ала турган тармактардын бири. Тек гана хадис усулуна арнабаган бул эмгегибизде хадис тарыхынын өзгөчө алтын доору катары кабыл алынган алгачкы үч жүз жылдыгы боюнча маалымат берилген. Хадис адабиятынын эң маанилүү эмгектери таанытылган. Колуңуздагы бул эмгек хадис усулуна байланышкан маселелер да камтылып, хадис тарыхы жана хадис адабиятынын ар түрдүү темаларына да кеңири токтолот.

Жыйынтыктап айтканда, бул эмгектин Кыргызстандагы бардык Теология факультеттеринде жана диний билим берүүчү окуу жайларда

окугандар үчүн даярдалган китеп экендигин белгилеп, бул максатта Жараткан бизди ийлигиликтерге жеткирүүсүн тилейбиз. Биз даярдаган бул эмгектин Теология факультеттеринин студенттеринин жана диний билим алган боордошторубуздун хадис жана сүннөт топтомуна салым кошуусун өтүнүп, аталган эмгектин жарык көрүүсүнө көмөктөшкөн ТИКА (Түрк кызматташтыгы жана өнүктүрүү башкармалыгы) менен Түркия Диянет фондуна терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

Аракет – бизден, ийгилигик – Алладан.

Доц. док. Мухиттин ДҮЗЕНЛИ

Док. Ферхат ГӨКЧЕ

Бишкек 2018

БИРИНЧИ БӨЛҮМ*

ХАДИСТИН МААНИЛҮҮЛҮГҮ ЖАНА АЗ. ПАЙГАМБАРДЫН ДИНДЕГИ ОРДУ

I. МААНИЛҮҮЛҮГҮ

А. Хадистин маанилүүлүгү

Аз. Пайгамбарга таандык сөз, фиил (кыймыл-аракет) жана такрир (жактыруусу) дегенди билдирген хадис термини он төрт кылымдан бери Ислам маданият тарыхынын ар доорунда ишеним, ибадат, адеп-ахлак, адамдык мамилелер, дүйнө таанымы сыяктуу мусулмандардын жашоосунда зарыл болгон негизги реферанстардын бири болгон.[1] Адамзатка жиберилген акыркы китеп болгон Куран менен бирге Аз. Пайгамбардын айткан сөздөрү жана кылган иш-аракеттери диндин негиздерин орундатууда жана түшүнүктүү болушунда мусулмандар үчүн өзгөчө мааниге ээ болуп келген. Пайгамбар (с.а.в.) Курандын жеке жана коомдук жашоого кандайча таасир берээрин мисалдары менен көрсөтүп кеткен. Андыктан Ислам дининде биринчиси Куран жана экинчиси Пайгамбардын хадиси болгон эки баштапкы булак пайда болгон. Пайгамбардын үлгүлүү жашоосу, Куранга түшүндүрмө берүүсү, Алла, адам жана коом, барлык жана буюм, дүйнө жана акырет, дин, маалымат жана адеп-ахлак сыяктуу маселелер боюнча айткандары Курандын түшүшүнө, бул сөздөр айтылган учурга жана орундалган жерге күбө болгон сахабалар тарабынан сакталып, кийинки муундарга өткөрүп берилген. Убакыттын өтүүсү менен риваят аркылуу келген Аз. Пайгамбардын сөз жана жүрүм-турумдары хадис илиминин негизин түзгөн.

Аз. Пайгамбардын жана сахабалардын доорунда жалгыз гана Аз. Пайгамбардын айткан сөздөрү, жасаган иш-аракеттери, же болбосо күбө болгон окуяларды жактыруусу, адегенде хадистин өзүн түзүп келген болсо, кийинки дооорлордо бул үч негизди жеткиргендер (равилер) дагы

---

* Док. Ферхат Гөкче

1 Özafşar, *Hadis İlmine Giriş*, s.13.

буга кошулуп, иснад жана матндан түзүлгөн атайын тармак катары калыптанган "хадис" илими пайда болгон. Мына ошентип акырындык менен иснад жана матнга караштуу бир канча илимдин тармагы түптөлгөн. Бул илимдин тармактарынын максаты Пайгамбардан (с.а.в.) келген риваяттардын субутун жана далалатын так аныктоо болгон. Хадис жеткирүүгө катышкан адамдарды, тагырак айтканда, санад чынжырчасын жана хадис матндарын түшүнүү үчүн жасалган иш-аракеттер диндин экинчи булагын түзгөн хадис жана сүннөттүн Исламдагы маанилүүлүгүнөн улам ишке ашырылган.

Хадистер талаш-тартыш жаралган маселелерде адамдарды туура жолго салуучу катарында Куран берилген пайгамбардын сөзү катарында жана Куранды бардыгынан мыкты баамдаган Алла элчисинин көз карашы катарында өзгөчө мааниге ээ.[2]

Куранда баса белгиленип кеткени менен кеңири маалымат берилбеген акырет жашоосу, кабыр жашоосу, кайрадан жаралуу, махшар, эсеп-кысап күнү, мизан (амалдар тартыла турган тараза), бейиш жана тозоктогу жашоо сыяктуу маселелерди хадистерден үйрөнүүгө болот. Жогорку адеп-ахлактык сыпаттар, руханий жактан өнүгүп-өсүүнү камсыз кылуучу эрежелер, үлгүлүү үй-бүлө үчүн зарыл болгон жүрүм-турум формалары, адамдардын ортосундагы коомдук жана соода-сатык байланыштарын тартипке салган өкүмдөр, башкаруучулар жана башкарылуучулар ортосундагы мамилелер ж.б.у.с. маселелер туурасында дагы хадистерде кеңири маалыматтар камтылган.[3]

Хадистер диний жактан канчалык маанилүү болсо Ислам маданият тарыхы жагынан дагы ошончолук мааниге ээ. Он миңдеген хадистер, андагы сахих, заиф (алсыз) жада калса мавзу (жалган) хадистер Ислам коомунун диний, саясий, экономикалык, коомдук жана маданий жактан өнүгүп-өсүүсүнө зор салымын кошуп келген. Хадис, Исламдан мурун жана Исламдын алгачкы доорлорунда жашаган адамдардын жана коомдордун үрп-адаты, каада-салты, жашоо образы жана фольклордук (элдик оозеки чыгармачылык) өзгөчөлүктөрү жана башка динди тутунган коомдор менен болгон мамилесине түшүндүрмө берүүдө чоң роль ойнойт.[4]

---

[2] Kandemir, "Hadis" mad., *DİA*, XV/29.
[3] Kandemir, "Hadis" mad., DİA, s.29.
[4] Koçyiğit, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis, 1*, s. 20.

1. Хадис илимининн темасы

Хадис илими хадистерди изилдеген илимдин тармагы болуп саналат. Хадистер Аз. Пайгамбардын айткан сөздөрүн, жасаган иш-аракеттерин жана такрирлерин (жактыруусун), сүннөттөрүн бизге жеткирген риваяттар болуп саналат. Ошол эле учурда сахаба жана табиундун сөз жана жасаган иш-аракеттери дагы хадис деп аталат. Андыктан хадис илими Аз. Пайгамбардын сөз, кыймыл-аракет жана такрирлери менен бирге, сахаба жана табиундан келген риваяттар менен дагы алектенет.[5] Хадис илими "илмур-ривая", "илму-л-ахбар" жана "илму-л-асар" сыяктуу ысымдар менен дагы аталып келет.

Пайгамбардан (с.а.в.) келген маалыматтардын негизинде түзүлгөн хадис илими диний илимдер үчүн дагы өзгөчө орунга ээ. Хадистин маани-маңызы оозеки түрдө риваят кылынышы, китептерге жазылышы, кийинки муундарга китептер аркылуу жеткирилиши, сахихтигин (тууралыгын) аныктоо, диндин экинчи маанилүү булагы болуусу, чечмелениши жана жоромолдонуусу сыяктуу маселелер бул илимдин тармагына кирет.

Исламдын алгачкы мезгилинде илимден максат хадис илими эле. Анткени тафсир, фикх, тарых жана тасаввуф сыяктуу исламий илимдер илимдин өз алдынча тармагы катарында пайда боло электен мурун хадис илиминин карамагында болгон. Аты аталган илимдердин булагы Куран жана сүннөт болуп саналат. Куранды тафсирлөө жана сүннөттү үйрөнүү, үйрөтүү, коргоо, жазуу, жеткирүү ыкмаларын аныктоо, жоромолдоо сыяктуу иш-аракеттер хадис аалымдары тарабынан ишке ашырылып келген. Кийинчерээк исламий илимдер хадис илиминен бөлүнүп чыгып өз алдынча илимге айланган. Хадис илими дагы алгачкы доордогудай жалпы түшүнүктөн бөлүнүп чыгып өз алдынча илим тармагына айланган.

Фикх, тафсир, тасаввуф сыяктуу исламий илимдер дагы темаларына жараша хадис илими менен түз байланышта болуп келген. Бирок хадис илиминин негизги темасы – хадис болсо, башка исламий илимдердин экинчи темасы хадис эле. Башкача айтканда, хадис илими хадистерди ар тараптан изилдейт. Андан сыртакары хадис илими, хадистердин санад жана матнын изилдеген, хадистердин түрдүү багыттарын жана аспектилерин караган, эрежелерди (усул) аныктаган илимдин бутагы

---

[5] Özafşar, *Hadisi Yeniden Düşünmek*, s.15.

болуп саналат. Хадис тарыхы, равилери, жоромолдонуусу ж.б.у.с. бардык маселелер менен алектенген илимдин тармагы.[6]

Хадис илими "риваяту-л-хадис" жана "дираяту-л-хадис" болуп эки негизги бөлүктөн турат. Риваяту-л-хадис илими хадис үйрөнүү, жеткирүү, топтоо, хадис китептерин жазуу сыяктуу иш-аракеттерди камтыйт. Риваяту-л-хадис аркылуу хадистер кийинки муундарга жеткирилип, "жамиъ", "сунан", "муъжам", "мустахраж" жана "мустадрак" сыяктуу түрдүү хадис китептер жазылган.

"Дираяту-л-хадис" илими болсо хадистердин санад жана матндарын изилдөөгө байланыштуу эрежелерди аныктайт. Риваяттын шарттарын жана түрлөрүн, өкүмдөрүн, равилердин өзгөчөлүктөрүн, риваяттын даражасын аныктаган "дираяту-л-хадис" илими хадис усулу илим менен түздөн-түз байланышта.[7] Хадистердин сахихтик даражасы бул илимдин критерийлери менен аныкталат. Андан сырткары дираяту-л-хадис хадис матндары жана хадистерди чечмелөө жана жоромолдоо менен дагы алектенет.

Катиб Челеби деген ат менен таанымал болгон Мустафа б. Абдиллах Константини "дираяту-л-хадис" илимине мындайча аныктама берген: *"Хадистердеги сөздөрдүн маанисин жана максаттын араб тилинин эрежелерине жана Исламдын жалпы принциптеринин негизинде Пайгамбардын* (с.а.в.) *сүннөтүнө ылайык келгендей изилдеген илим дираяту-л-хадис илими деп аталат."*[8]

Хадис илиминин эң негизги максаты сахих риваяттарды сахих эместерден ажыратуу болуп саналат. Тагыраак айтканда, ишенимдүү жана так риваяттарды колдонууга даярдоо. Хадиске караштуу бардык илимдер өнөктөш катарында бул максатка кызмат кылышат.[9] Хадис илиминин жалгыз максаты хадистерди жеткирүү же хадистерди жазуу эмес, матндарды түшүнүү үчүн ой жүгүртүү экендигин унутпашыбыз керек. Дүйнө жана акырет бактылуулугуна жетүү дагы болуп саналат.

---

6 Komisyon, *Anadolu Üniversitesi İlahiyat Önlisans Programı Hadis Tarihi ve Usulü,* s.13.

7 Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.61.

8 Görmez, *Sünnet ve Hadisin Anlaşılması ve Yorumlanmasında Metodoloji Sorunu,* s.101

9 Koçkuzu, *Hadis İlimleri ve Hadis Tarihi,* s.22-23.

Негизги исламий илимдердин башында турган хадис илими зор мааниге ээ. Бардык мусулмандар үчүн Курандан кийинки экинчи булак болгон Аз. Пайгамбардын сөзүн жана жасаган иш-аракеттерин кийинки муундарга жеткирүү, китептерге жазуу жана кеңири жайылууту хадис илими аркылуу ишке ашкан. Аз. Пайгамбардын айткандарын жана кылган иш-аракеттерин кийинки муундарга жеткирүүдө сахабалардын ролу чоң болгон. Пайгамбардын (с.а.в.) буйруктарына жана насааттарына баш ийип, күнүмдүк жашоодо орундатуу тилеги мусулмандарды интенсивдүү иштөөгө багыттады. Көптөгөн сахабалар Пайгамбардан (с.а.в.) уккандарын жана көргөндөрүн жатташып, оозеки түрдө жеткиришкен же болбосо азыраак болсо да жазышып хадистердин сактап калуу үчүн болгон күчүн жумшашкан.

Хадистерди коргоп калуу жана кийинки муундарга жеткирүү аракети сахабалардан кийинки мезгилде дагы уланган. Хижрий биринчи кылымда Ислам коомунда пайда болгон кээ бир фитна (бүлүк) жана башаламандыктын натыйжасында ниети бузук саясий топтор жеке кызыкчылыктары үчүн жалгандан хадис ойлоп табууларынан улам хадис риваят кылууда эрежелерди киргизүү аракеттери башталган. Алгачкы мезгилде хадистердин санадын сурап-тактоо башталган, санаддагы равилер иликтөөгө алынган жана равилерде боло турган эрежелер аныкталган. Жогоруда айтып өткөн эрежелер бара-бара системага салына баштаган. Андан сырткары хижрий экинчи кылымдын башынан тарта тадвин (топтоо) иштери башталган жана хадистер жыйналып кийинчерээк темаларына жараша тасниф (классификациялоо) кылынган. Хадис усулу менен байланыштуу өзүнчө эмгектер хижрий IV кылымдын башында жазылган. Хадистерди жаттоо, жазуу, тадвин кылуу жана тасниф менен бирге "хадис" өзүнчө илимге айланган.

Хадис илимин илим катарында маанилүүлүгүн төмөнкүдөй тизмектөөгө болот:

1. Хадис илими Пайгамбардын айткандарын жана жасаган иш-аракеттерин кийинки муундарга жеткирүүгө өбөлгө түзгөн.

2. *Хадис илими исламий илимдердин бардыгынын булагы болуп саналат. Хадистердин чындап хадис болуп-болбогондугун аныктап, бүткүл исламий илимдерге кызмат кылган.* Бардык исламий илимдер булак жагынан хадиске барып такалган жана анын негизинде түптөлгөн. Исламий илимдер менен алектенген ар бир адам хадистердин чынында

хадис болуп-болбогондугун үйрөнүү үчүн хадис илиминен жана хадис аалымдарынын көз караштарынан пайдаланууга мажбур.[10]

3. Хадис илими Аз. Пайгамбарды таанып-билүү жана андан үлгү алууда маанилүү кызматты ээлейт. Аз. Пайгамбардын жасаган иш-аракеттерин камтыган сүннөт хадистер аркылуу келген.

4. *Хадис илими Курандын алгачкы жана эң ишенимдүү тафсирин (түшүндүрмөсүн) бизге жеткирүү милдетин аркалап келет.* Пайгамбарды (с.а.в.) таанып-билүү Куранды туура түшүнүү үчүн өзгөчө мааниге ээ. Хадис илими бизге Пайгамбарды таанытуу менен бирге Куранды дагы таанытат. Анткени Пайгамбардын жашоосу бул Курандын өзү болуп саналат.

5. *Хадис илиминин Пайгамбардын (с.а.в.) атынан айтылган жалган риваяттарды тактоодо жана бул риваяттарды аныктап пайгамбардын сөздөрүнөн ажыратууда салымы чоң.* Хадис илиминде хижрий биринчи кылымдын аяк чендеринде пайда болгон "иснад түзүмү" жалган хадистердин коркунучунан улам коргоо милдетин аркалап келген.

6. Хадис илими аркылуу Ислам дининде бурмалоолорго жол берилген эмес. Анткени мусулмандар Пайгамбардын (с.а.в.) хадистерин санаддары менен бирге кийинки муундарга жеткирген жана иснад системасынын жардамы менен ишенимдүү риваяттарды ишеними жок риваяттардан ажыраткан. Хадис илиминин эрежелери болбогондо сахих, заиф (алсыз), жалган хадистер бири-бирине аралашып кетмек.[11]

7. Ислам ааламында тарыхка байланыштуу илимий изилдөөлөр ыкма жыганын хадис илиминен пайдаланган. Илимде танкид (критикалоо) түшүнүгү жана буга байланыштуу ченемдер илгертен бери хадис илими аркылуу аныкталган.[12]

2. Хадис илиминин негизги исламий илимдер менен болгон байланышы

Хадис жана сүннөт, тафсир, фикх, тасаввуф, калам/акыйда, сийро/тарых сыяктуу негизги исламий илимдердин ар бири үчүн Курандан кийинки эң маанилүү булак болуп саналат. Аты аталган илимдер аяттарды изилдеп жатып хадиске жана сүннөттүкө баш багуусу Аз. Пайгамбардын Куранды чечмелөөчү жана түшүндүрмө берүүчүлүгүнөн улам келип чыккан. Куранды түрдүү өңүттө изилдеген

---

[10] Koçkuzu, *Hadis İlimleri ve Hadis Tarihi,* s.22-23.
[11] Çakan, *Anahatlarıyla Hadis,* s.40.
[12] Koçkuzu, *Hadis İlimleri ve Hadis Tarihi,* s.21.

бардык исламий илимдерге хадис илиминин таасири тийген. Куранга карштуу бардык илимдер хадис илими менен түздөн-түз байланышта. Негизги Ислам илимдеринин ар бири хадис жана сүннөткө чектерине жараша орун беришкен.

Ислам динининн алгачкы жылдарында негизги Ислам илимдеринин басымдуу бөлүгү "хадис илиминин" карамагынан иш алып барып келген. Кийинчерээк өзүнчө илим катары калыптанышкан. Чындыгында ал мезгилде хадис дагы өзүнчө илим боло алган эмес. Бирок Пайгамбар (с.а.в.) сөздөрү жана жасаган иш-аракеттери менен аяттарды тафсирлөөсү, фикхий маселелерге байланыштуу айткандары жана жасагандары, акыйдага (ишеним) байланыштуу маселелерди чечмелөөсү хадистер аркылуу жеткирилип, бардыгы "илим" же "хадис" катары каралып келген.

Хадис илими менен түздөн-түз байланышы болгон эң башкы илимдин тармагы тафсир болуп саналат. Аз. Пайгамбар сөздөрү жана кыймыл-аракети аркылуу Куранга үгүттөгөн жана аны чечмелеп берген. Анын Куранды чечмелөөсү боюнча айткан сөздөрү жана иш-аракеттери хадистер жана хадис илиминин ыкмалары аркылуу келген. Куранды түшүнүүсү жана аны жоромолдоосу вахий менен түз байланышта болгон Аз. Пайгамбардын түшүндүрмөлөрү өзгөчө мааниге ээ. Курандын алгачкы жана эң таасирдүү чечмелөөчүсү Пайгамбар (с.а.в.) болуп саналат. Андыктан Куран аяттарына түшүндүрмө берген жана жоромолдогон тафсир илиминин алгачкы булагы хадистер.[13] Хадиссиз тафсир илимин элестетүү мүмкүн эмес. Хадис адабиятарынын ичинен "жами" жана "сунан" аттуу эмгектерде "тафсир" бөлүмдөрүн көрүүгө болот. Аты аталган бөлүмдөрдө аяттардын мааниси, аяттардагы сөздөрдүн түшүндүрмөлөрү жана аяттардын жоромолдонушу туурасында Пайгамбар (с.а.в.), сахаба жана табиундан келген риваяттар орун алган. Алгачкы дооорлордо тафсир "риваят тафсири" менен бирге болгон. Ошондо тафсир илими өзүнчө илим катары калыптана электен мурун хадис илиминин бир бөлүмү катарында белгилүү эле.

Жеке жана жалпы укук жана милдеттемелерди жөнгө салуучу "фикх илими" менен хадис илиминин ортосунда башталыштан күнүбүзгө чейин тыгыз байланыш бар. Аз. Пайгамбардын мыйзам киргизүү өзгөчөлүгү фикх илиминин өзөгүн түзөт. Алгач фикх илими сүннөттү ишке ашыруу максатында иштелип чыккан. Турмуштук (амалий) өкүмдөрдү Куран

---

[13] Çakan, *Anahatlarıyla Hadis*, s.83.

жана сүннөттөн чыгарууну өзүнө максат кылган фикх илими түздөн-түз хадистер менен байланыш курууга тийиш. Куранда орун албаган кандайдыр бир маселенин өкүмү алгач хадис жана сүннөттөн каралат. Хадистерсиз өкүм чыгарууга болбойт. Курандагы укук жана милдеттемелер туурасындагы аяттарга дагы хадистер түшүндүрмө берип келет. Хадис илиминде "адалдар жана арамдар" деп билгилүү болгон "фикхий хадистердин" жана "ахкам хадистердин" өзгөчө орду бар. "Жами", "мусаннаф" жана "мустадрак" тобуна кирген эмгектердин негизги бөлүмдөрүнүн басымдуу бөлүгүндө фикх илимине таандык маалыматтар камтылган. Негизинен фикхий хадистерди камтыган "сунан" түрүндөгү эмгектер жазылган. Кутуб-и ситта деген ат менен белгилүү болгон алты хадис китебинин төртөө сунан эмгектеринен турат.

Хадис жана сүннөт хижрий үчүнчү кылымда өзүнчө илим катары пайда болгон тасаввуф илиминин дагы маанилүү булагы болуп саналат. Тасаввуф аалымдары далилдерди сүннөттөн издешкен. Фикх илими захир (сырткы, көрүнгөн) илимдер менен алектенсе, тасаввуф илими ыйман, сидк (тууралык), маърифат, таваккул, зикир, шүкүр, такыба, хавр жана ража (коркоктук жана үмүт), сабыр сыяктуу батин (көзгө көрүнбөгөн) амалдарды аят жана хадистерден чыгаруу менен алектенет.[14] Тасаввуф аалымдары Аз. Пайгамбардан келген хадистердин захир жана батин эки тарабы бар деп кабылдашкан. Хадистердин захир жагы менен фикх илими, ал эми батин жагы менен көбүнесе тасаввуф илими алектенген.

Хадис илими "калам" жана "акыйда" илимдери менен дагы тыгыз байланышта. Калам жана акыйда илиминин негизги булагы Куран болуп саналат. Калам илиминде акыйда маселелеринде "ахад хадис" далил катары колдонулбайт. Калам аалымдары эмгектеринде аяттарды кубаттоо максатында хадистерге орун беришкен. Ишеним негиздери маселесинде хадис китептеринде орун алган "китабу-л-иман" бөлүмдөрү Курандан кийинки эң маанилүү булак болуп саналат.

Хадис илими өзгөчө "ислам тарыхы" жана "сийро" илимдери менен тыгыз байланышта. Айрым хадисчилер хадис илиминин темасы Пайгамбардын жеке өзү деп айтуусу дагы хадис илими менен Пайгамбардын (с.а.в.) өмүр баянынан сөз кылган сийро жана Ислам тарыхы илими ортосундагы жакын мамиленин бар экендигин көрсөтүп турат. Хадис менен тарыхтын түп тамыры бир. Андыктан алгачкы

---

[14] ат-Туси, Абу Наср Сарраж. *ал-Лума.* 23-б.

доордогу Ислам тарыхчылары тарых илимин "хадистен чыккан бир илим" деп аташкан. Аны хадистин бир бутагы катары карашкан. Ошондой эле алгачкы доордогу сийро жана магази (Аз. Пайгамбар катышкан согуштар) жөнүндө жазгандар дагы ишенимдүү хадис аалымдары болуп саналат.[15] Ислам тарыхына хадис илиминин методикалык жактан таасири чоң болгон.

Хадис илими Аз. Пайгамбардын жашоосу (сийро) жөнүндө маалымат бергендей эле, Ислам динин келиши жана Исламдан мурунку дооpлору туурасында дагы терең маалыматтарды берет. Ошондой эле мурдагы доорго таандык түрдүү элдик ишенимдерди, үрп-адаттарды, алардын жашоо шарттарын жана айрым маанилүү өзгөчөлүктөрүн, түрдүү коом жана уруулар ортосундагы мамилелерин, жасаган иштерин жана ошол дооpлордогу жалпы түшүнүктөрүн бизге сүрөттөп берет. Ошол дооpлордогу диний, саясий, аскердик, укуктук, экономикалык жана маданият туурасында дагы бизге маалымат берет.[16]

Хадистер араб тили жана адабияты үчүн түгөнгүс казына болуп саналат. Хадис илимдери араб тили жана нахив (араб тилинин грамматикасы), сарф (араб тилинин морфологиясы), балагат сыяктуу илимдер менен дагы тыгыз байланышта. Тилчилер өзгөчө сөздөрдүн семантикалык жана этимологиялык талданышы жана иъраб маселесинде хадистерден пайдаланышкан. Тил – тил илимдеринде кийинки дооpлордо колдонулушу эмес, алгачкы колдонулушу негиз алынат. Андыктан арабдардын ичинен Аз. Пайгамбардын хадистери эң фасих (ачык, айкын) жана таза катары кабылдангандыктан өзгөчө мааниге ээ. Тилчилирдин ортосунда түшүнбөстүк жаралса, хадистер далил катары колдонулган.[17]

Хадис илими фикхтан баштап лингвистикага чейинки илимдерге материал же болбосо булак жактан эле эмес ошол, эле маалда методикалык жактан да колдоо көрсөтүп, аларга жол башчылык кылган. Хадис илими риваяттарды алуу жана аларды жеткирүүдөгү негиздер, риваятта жана равилерде болуусу керек болгон шарттар, равилерди сынга алуу, хадистерди тасниф (классификациялоо) кылуу жана тахриж (хадистерди санады менен берүү) ыкмалары боюнча хадис илими башка илимдерге таасирин тийгизген. Хадис илиминде колдонулган "иснад

---

[15] Özafşar, *Hadisi Yeniden Düşünmek,* s. 299.
[16] Okiç, *Hadis Ders Notları,* s.4.
[17] Çakan, Anahatlarıyla Hadis, s.84.

түзүмү/системасы" исламий илимдер тарабынан дагы колдоого алынган, т.а. тарых, тафсир жана тил илиминде (лингвистика) дагы колдонулган. Андыктан хадис илими башка илимдерди түздөн-түз же болбосо кыйыр түрдө таасирин калтырбаган эч бир исламий илимдердин тармагы жок.[18]

Хадис илими башка Ислам илимдери менен бир жактуу мамиледе болгон эмес. Бул илимдер менен ар тараптуу карым-катнаш ичинде болгон. Хадис жогоруда аты аталган илимдердин булагы болгону менен алардан дагы өзү пайдаланган. Мисалы, хадис жана кабарларды санады менен бирге берген алгачкы доордогу тарых китептери бир хадистин кээде бирден бир булагы болгон. Ушундан улам тарых илими дагы хадис илимине булак болуп келген. Исламдан мурун жана кийин араб тили тарабынан берилген маалыматтар хадис аалымдары колдонгон булактардын катарына кирет. Хадис илиминде дагы Аз. Пайгамбарга таандык риваяттардан өкүмдөрдү чыгарууда буга байланыштуу исламий илимдердин маалыматтарынан да пайдаланышкан.[19]

Хадистин диндеги орду жана маанилүүлүгүн дагы да жакшылап билүү үчүн Аз. Пайгамбардын пайгамбарлык миссиясын билүү зарыл. Чындыгында, Куран Пайгамбарга (с.а.в.) пайгамбарлык милдетинен улам кээ бир жоопкерчиликтерди жүктөгөн. Хадис жана сүннөт анын мындай милдеттемелери менен көбүрөөк мааниге ээ болот.

Б. Аз. Пайгамбардын милдеттери жана Куранга болгон милдети

Адамзатка акыркы пайгамбары катары жиберилген Пайгамбарыбыз (с.а.в.) Улуу Алла Тааладан алган кабарды адам баласына жеткирүү милдеттемесин алган. Аз. Пайгамбар Алладан алган вахий (аян) аркылуу Алладан башка кудайдын жоктугуна, жалгыз гана Ага ибадат кылууга, сөзсүз түрдө акырет жашоосунун келерине жана адам баласы кыямат күнү эсепке тартылаары туурасында кабар берген. Аз. Пайгамбардын негизги милдети адам баласын хидаятка (туура жол) салуу болгон.

Пайгамбар (с.а.в.) Алла Тааланын буйруктарын адамзатка жеткизүү (таблиг) жана түшүндүрүү (табйин) аркылуу аларды тарбиялаган, аларга динди кантип жашаш керектигин үйрөткөн (таълим), ошол эле учурда

---

[18] Suphi Salih, *Hadis İlimleri*, s.278; Özafşar, Mehmet Emin, *Hadisi Yeniden Düşünmek*, s.193.

[19] Koçkuzu, *Hadis İlimleri ve Hadis Tarihi*, s.31.

материалдык жана моралдык кирлерден арылуунун жолдорун дагы көрсөтүп берген (тазкийа).

1. Таблиг (жеткирүү, үгүттөө)

"Жеткирүү", "кабар берүү", "билдирүү" деген маанидеги "таблиг" сөзү – Аз. Мухаммеддин (с.а.в.) адамзатка Куранды жеткизүүсү дегенди билдирет. Алладан алган вахийди эч кемчиликсиз адамдарга жеткирүү вазыйпасы Алла элчисинин (с.а.в.) милдети болуп саналат. Анын үгүттөө милдеттемеси туурасында Куранда мындай айтылган: *"Эй, элчи! Сага Алладан түшкөн нерсени аларга жеткир! Эгер сен антпесең, анда Анын элчилигин аткарбаган болосуң. Алла сени ал адамдардан коргойт. Чындыгында, Алла – каапыр элди (туура жолго) багыттабайт."*[20]

Аз. Мухаммеддин (с.а.в.) негизги милдети өзүнө түшкөн вахийди кынтыксыз жеткирип туруу болуп саналат. Андыктан Алла элчиси милдети катарында түшкөн аяттарды жеткирип турган. Мааида сүрөсүндө: *"Элчиге (Бейиш жана Тозок кабарын адамзатка) жеткирүү гана (таблиг) (милдеттендирилген)"*[21] – деп айтылган. Бирок Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) өз милдетин аткарып жаткан маалда адамдарды зордоп Алланын кабарын кыйнап кабыл алдыруу сыяктуу милдеттемеси болгон эмес. Бул боюнча Алла Таала мындай деген:

"Эскерткин! Анткени сен тек гана эскертүүчүсүң. Сен аларга үстөмдүк кылуучу эмессиң."[22]

"...Алардын үстүнөн сенде бийлик жок. Андыктан убада кылынган күндөн коркондорду гана Куран менен эскерт!"[23]

Таблиг кылуунун максаты жол көрсөтүү жана эскертүү берүү болуп саналат. Аз. Мухаммед (с.а.в.) Курандын буйругунун негизинде адамдарга назик жана жумшак тил менен эскертүү берип келген. Куранда: *"(Элчим) Адамдарды Эгеңдин жолуна даанышмандык жана көркөм үгүт аркылуу чакыр. Алар менен көркөм ыкмада талаш"*[24] – деп айтылгандай Ислам динин адамдарга эң сонун ыкма менен жеткирип келген.

---

[20] Мааида. 5/67.
[21] Мааида. 5/99. Айрыкча: Мааида. 5/92; Шуара. 26/48.
[22] Гаашийа. 88/21-22.
[23] Каф. 50/45.
[24] Нахл. 16/125.

Аз. Пайгамбардын мындай үгүттөө ыкмасы анын кыска мөөнөттө ийгиликке жетүүсүнө себеп болгон. Алла Таала бул боюнча аятта мындай деген: *"Алланын ырайымы менен сен (Мухаммед) аларга жумшак мамиле кылдың. Эгерде сен катуу жүрөк, орой болгонуңда, анда алар сенин айланаңдан чачылып кетмек..."*[25]

Аз. Пайгамбар башына келген оор түйшүктөргө карабастан өзүнүн милдетин так жана кемчиликсиз аткарган. Вада (коштошуу) кутбасы катары белгилүү болгон акыркы кайрылуусунун аяк ченинде үч жолу "милдетимди (таблиг) аткардымбы!" дегенде, ага кулак салгандар дагы "ооба, милдетинди (таблиг) аткардың" деп жооп кайтарышкан. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз "Күбө бол Оо, Жараткан" деп, Аллага болгон миссиясын толук аткаргандыгын баса белгилеген.[26]

Куранда Аз. Мухаммеддин милдети туурасында мындайча баянадалат:

"Эгер алар сени менен талашса: "Өзүмдү жана мени ээрчигендерди Аллага толук тапшырдым " – деп айткын. Китеп түшүрүлгөндөргө жана наадандарга (мушриктерге): "Исламды кабыл аласыңарбы?" – деп айт. Эгер Исламды кабыл алышса, анда, чындыгында туура жолго түшкөн болот. Ал эми кабыл албаса, анда... сага (эскертүүнү) жеткирүү гана (буйрулган). Алла – пенделерин Көрүүчү!"[27]

"Ал (Алла) караңгы элге , алардын өздөрүнүн эле ичинен пайгамбар жиберди, ал тигилерге Анын аяттарын окуп берет, аларды тазалайт, окууга жана акылман даңкка үйрөтөт..."[28]

2. Табйин (түшүндүрүү)

Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) пайгамбарлык миссиясы жалгыз Куранды жеткирүү менен гана чектелген эмес. Дагы бир миссиясы "табйин" болгон. Табйин – түшүндүрүү, көрсөтүү, ачыктоо, чечмелөө дегенди билдирет. Сүйүктүү пайгамбарыбыз Куранды жеткирүү менен бирге андагы аяттарды чечмелеген жана жоромолдогон. Нахл сүрөсүндө Пайгамбарыбыздын Куранга түшүндүрмө берүү милдети туурасында

---

[25] Аалу Имран. 3/159.
[26] Муслим. *Хаж.* 147.
[27] Аалу Имран. 3/20.
[28] Жума. 62/2.

мындайча айтылат: " *(Пайгамбарларды) далилдер жана китептер менен (жибердик). Сага да адамдар үчүн түшүрүлгөндөрдү ачык баян кылып бериши үчүн Куранды түшүрдүк...*"[29]

Куранда мааниси татаал жана жашыруун сөз, сүйлөмдөр арбын болгондуктан Аз. Мухаммед (с.а.в.) аны момун мусулмандарга түшүндүрүп берүү зарылчылыгын сезген. Мисалы: *"Ким ыймандуу болуп, ошол ыйманын заалымдык менен аралаштырбаса..."*[30] деген ият түшкөн маалда кээ бир сахабалар Аз. Пайгамбарга келип, "Ыйманга заалымдыкты аралаштырбаган кимибиз бар?" – дегенде, Аз. Пайгамбар: *"Лукман өз уулуна насаат кылып: "Эй, уулум! Аллага ширк кылбагын! Акыйкатта, ширк кылуу ото чоң заалымдык", – деди,"*[31] – деген аяттагы "заалымдык" сөзүнүн маанисин "ширк" деп түшүндүрмө берген.[32]

Пайгамбар (с.а.в.) жалгыз гана айткан сөздөрү менен эмес, жасаган иш-аракеттери менен дагы табийин милдетин аткарган. Пайгамбар (с.а.в.) негизинен намаз, орозо, ажылык жана зекет сыяктуу буйруктарды кантип орундатуу керектигин көрсөтүп, бул боюнча багыт берген. Аз. Пайгамбардын түшүндүрмөлөрүн жана кыймыл-аракетин эске албастан Куранга түшүндүрмө берүү жана аны туура жоромолдоо мүмкүн эмес.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз өзүнүн бир хадисинде: *"... Алла мага түйшүк берип, оорлоштуруучу катарында жиберген жок. Мени жалгыз жеңилдетүүчү мугалим катарында жиберди"*[33] – деп айтып, адаттагыдай класста бир мугалимдин түшүндүрмөлөрүнө муктаж болгон окуучулар сыяктуу коомдун муктаждыктарына жооп берүүчү мугалим экендигин айткан.

Аз. Пайгамбардын Куранга түшүндүрмө берүүсү төмөнкү үч жол менен ишке ашырылган.

---

[29] Нахл. 16/44.
[30] Анаам. 6/82.
[31] Лукман. 31/13.
[32] Бухари. Тафсир (Лукман). 1.
[33] Муслим. *Талак.* 29.

а. Мужмал (маани жашыруун) аяттарды чечмелөө

Курандагы айрым аяттар мужмал т.а. маселелер туурасында кыскача маалыматтар берилип деталдуу түрдө берилген эмес. Аз. Пайгамбар буга окшогон аяттардын кээ бирин чечмелеп берген жана жасаган иш-аракети менен кантип ишке ашыруу керектигин көрсөткөн. Ошондуктан Аз. Пайгамбардын айткандары жана кыймыл-аракети аркылуу толук маалымат берилбеген мындай аяттар элдер үчүн түшүнүктүү болгон. Буга мисал катарында намаз, орозо, ажылык сыяктуу парз кылынган ибадаттарды айтсак болот. Бул ибадаттар Куранда парз кылынганы менен толук жана кантип аткаруу керектиги туурасында маалымат жок. Намаздын рекеттерин, зекеттин өлчөмүн, орозонун эрежелерин жана ажылыкта аткарыла турган ибадаттарды толук түрдө Пайгамбардын (с.а.в.) сөздөрүнөн жана жасаган иш-аракеттеринен үйрөнөбүз. Пайгамбар (с.а.в.) намаз жөнүндө *"Мен намаз кылып жатканда көргонүңөрдөй намаз кылгыла"*[34], ажылык боюнча *"Ажылыктагы ибадаттарыңарды менден үйрөнгүлө"*[35] – деп айткан. Жогорудагы мисалдар Аз. Пайгамбардын жалгыз гана Куранды жеткирүү менен чектелип калбастан, Алланын буйруктарына түшүндүрмө берүү жана жоромолдоо милдети дагы болгондугун көрсөтүп турат.

б. Мушкил (маани оор, түшүнүү кыйын) аяттарды ачыктоо

Аз. Пайгамбар (с.а.в.) маани оор аяттарды жана аяттардагы айрым сөздөрдүн кайсыл мааниге келгендигин чечмелеп берген. Ошентип аяттарды түшүнүүдө кыйынчылык жаралган эмес. Куранда: *"Намаздарга жана орто намазга сак болгула"*[36] – деп айтылат, "орто намаздын" кайсыл намаз экендиги жана бул аят менен эмне максат кылынгандыгы жөнүндө так маалымат жок. Бул боюнча Аз. Пайгамбар: "Орто намаз бул дигер намазы" буйуруп аяттагы орто намаздын маанисин чечмелеп берген. Имсак убактысын билдирген *"Ак жип менен кара жип даана таанылган таңга чейин тамактана бергиле."* (Бакара. 2/187) деген аяттагы ак жип менен кара жиптен максат түндүн караңгылыгы менен күндүздүн жарыктыгы деп Пайгамбар (с.а.в.) түшүндүрмө берген. Ошондой эле: *"Тообо кылуучулар, ибадат кылуучулар, Алланы*

---

[34] Бухари. *Азан.* 18.
[35] Муслим. *Хаж.* 310.
[36] Бакара. 2/238.

даңктоочулар, орозо тутуучулар... ушулар Бейиш ээлер" деген аяттагы "сааихуун" сөзүнүн маанисин Пайгамбар (с.а.в.) "орозо кармагандар" деп чечмелеп берген. Жогорудагы өрнөктөрдөн белгилүү болгондой Курандагы мааниси оор аяттарга жана сөздөргө түшүндүрмө берүүдө хадистер чоң рол ойногон.

в. Жалпы маанини билдирген аяттарга тактык киргизүү

Аз. Пайгамбар (с.а.в.) Курандагы жалпы маанини билдирген кээ бир сөздөргө тактык (тахсис кылган) киргизген. Мисалы: *"Ким ыймандуу болуп, ошол ыйманын зулумдук менен аралаштырбаса, ошолор үчүн тынчтык болот. Алар – туура жол табуучулар"* (Анаам. 6/82) деген аяттагы "зулумдук" сөзү бардык зулумдукту камтыган жалпы маанидеги сөз болуп саналат. Бул аят түшкөн маалда сахабалар арасында тынчсыздануу пайда болуп, "напсибизге зулумдук кылбаган ким бар" дешкен. Аз. Пайгамбар бул жагдайга тагыраак түшүндүрмө берген жана алар түшүнгөн мааниде эмес экендигин айтып *"Лукман өз уулуна насаат кылып: "Эй, уулум! Аллага ширк кылбагын! Акыйкатта, ширк кылуу өтө чоң зулумдук"*, – буюруп, аяттагы "зулумдук" сөзүнүн маанисин "ширк" деп ачыктап берген."

Куранда: "Мында айтылгандардан башкалары силерге адал кылынды" (Ниса. 4/24) – деп, үйлөнүү адал болгондор жөнүндө айтылган. Бирок булар кимдер экендиги туурасында айтылган эмес. Үйлөнүүгө боло тургандар туурасында Аз. Пайгамбар бир хадисинде: *"Бир аялды эжеси (атасынын бир тууган эжеси же карындашы), тайэжеси, бир тууган инисинин же карындашынын кызы менен бир никеге алууга болбойт. Эгер мындай жолго бара турган болсо, анда бир туугандык мамилелерди бузган болосуңар"*[37] – деп айткан. Андыктан аяттагы бир канча маанини билдирген сөзгө хадис аркылуу так маани берилген.

г. Аяттардагы өкүмдөрдү кубаттоосу

Аз. Пайгамбардын билдирүүлөрү Курандын өкүмдөрүн колдоп-коштоп кубаттап турат. Бул боюнча Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) мындай дейт: *"Мусулмандын мал-мүлкү башка бирөөгө анын ыраазычылыгы жок адал эмес."*[38] Ал эми Куранда буйрулган: *"Эй ыйман келтиргендер! Бир-*

---

[37] Бухари. *Никах.* 27; Муслим. *Никах.* 37-38.
[38] Ахмад б. Ханбал. *Муснад.* V/72-73.

бириңдин мал-мүлкүңдү арам жолдор менен жеп койбогула! Бирок бул өзүңөрдүн ыраазычылыгыңар менен болгон соода болсо, анда жей бергиле..."[39] аяты менен бирдей мааниде болуп, аны кубаттап турат. Ошондой эле "жакшы мамиле кылгыла" деген аяттын маани-маңызы: *"Аялдар маселесинде Алладан корккула. Себеби алар силердин коргооңордо"*[40] деген хадис аятты кубаттап турат.

3. Тазкия (тазалоо)

Куранда пайгамбарлардын жиберилиш себептеринин бири "тазкия", сөздүк мааниси "тазалоо, аруулоо" дегенди билдирет. Жума сүрөсүнүн 2-аятында мындай айтылат: "*Биздин аяттарыбызды окуп, силерди (күнөөдөн) тазалай турган, Китеп (Куран) менен даанышмандыкты, силер мурда билбеген нерселерди үйрөтө турган бир элчини (Мухаммед (с.а.в.)) силердин араңардан жибердик.*"[41]

"Тазкия – жиберилген коомду ар түрдүү моралдык жана материалдык ыпластыктардан тазалоо же болбосо аруланган таза коом пайда кылуу" дегенди түшүндүрөт. Аз. Пайгамбардын бийик ахлактын негизги принциптери жөнүндө айткан сөздөрү жана жасаган иш-аракеттери көбүнесе тазкиянын зарылчылыктарына кирет.[42] Жафар б. Абу Талиб Эфиопияга (Хабашистан) көчүп барып өкүмдар Нажашиге болгон кайрылуусунан Аз. Пайгамбардын тазкия миссиясын толук түрдө көрүүгө болот:

"Оо, падыша! Биз буттарга сыйынган, өлгөн малдын этин жеген, ар түрдүү ыплас иштерди жасаган, бир туугандар менен мамилелерди үзгөн, кошунага жаман мамиле жасаган жахил (караңгы) коом элек. Күчтүүлөр күчсүздөрдү эзип тураар эле. Алла бизге арабыздан чынчыл, так, ишенимдүү жана намыстуу элчи жибергенге чейин ушундай абалда болчубуз. Элчи келери менен бизге Алланын бир экендигине, Ага кулдук кылууга, аталарыбыз сыйынган таштардан жана буттардан баш тартууга чакырды. Бизге акыйкатты гана сүйлөөгө, аманатты

---

[39] Ниса. 4/29.

[40] Ахмад б. Ханбал. *Муснад.* V/73.

[41] Тазкияга байланыштуу башка аяттар үчүн караңыз: Бакара. 2/151; Аалу Имран. 3/164.

[42] Görmez, Sünnet ve *Hadisin Anlaşılması ve Yorumlanmasında Metodoloji Sorunu*, s. 214.

орундатууга, туугандар менен мамилени үзбөөгө, кошуналар менен жакшы мамиледе болууга, арам ишке баруудан жана кан төгүүдөн оолак болууга буйрук кылды. Бизге фухуш (ыплас иш), жалгандан күбөлүк келтирүү, жетимдин мал-мүлкүн пайдалануу, абийирдүү аялдарга жалаа жабуу тыюу салынды. Жалгыз гана бир Аллага кулдук кылуу жана Ага ширк кошпоо буйрук кылды. Намаз, зекет жан орозо парз кылынды. Мындан башка бир канча Ислам дининин буйруктары айтылгандан кийин "биз дароо тастыктадык, Ага ишендик жана Алладан келгенине моюн сундук. Жалгыз Аллага кулдук кылдык жана Ага эч нерсе менен ширк кошподук. Арам дегенин арам, адал дегенин адал кабылдадык."[43]

Аз. Мухаммед кылымдар боюу уланып келген жахилия (караңгы, түркөй) коомун 23 жылдык пайгамбарлык доорунда асры саадат (бакыт-таалайлуу кылымдын) коомуна айланткан. Алланын хидаяты (туура жол) жана Пайгамбарыбыздын тазкиясынын (тазалоосунун) натыйжасында бытиелер ааламы ширктен, напсилер бүткүл руханий оорулардан, жүрөктөр бардык кирлерден жана шектүү нерселерден тазаланган. Ошондуктан айрым усул аалымдары Алла элчисинин пайгамбарлыгын далилдөө үчүн эч кандай мужиза болбосо дагы сахабалар аны далилдөө үчүн жетиштүү деп эсептешкен.

4. Куранда болбогон өкүмдөрдү чыгаруу

Ислам аалымдарынын арасында талаш-тартыш болгону менен Аз. Пайгамбардын арам кылуу же адал кылуу милдети болгон. Аз. Пайгамбардын арам жана адал кылуу милдети туурасында төмөндөгү аят далил катарында көрсөтүлүп келет: *"Алар алдыларындагы Тооратта жана Инжилде жазылганды табышып, сабатсыз пайгамбар-элчини ээрчишет. Ал – аларды жакшылыкка буюруп, жамандыктан тыят. Жакшы нерселерди адал, жаман нерселерди арам кылат..."*[44]

Куранда адал жана арам болгон жаныбарлар төмөнкү аятта көрсөтүлгөн: *"Ал силерге өлүктүн этин, канды, чочконун этин, Алланын ысмы аталбастан союлган малдардын этин жешти арам кылды..."*[45] Аз. Пайгамбар (с.а.в.): "Дениздин суусу таза, анда жашаган жаныбарлардын

---

[43] Ибн Хишам. *ас-Сирату-н-набавиййа.* I/336; Ахмад б. Ханбал. *Муснад.* I/203.
[44] Арааф. 7/157.
[45] Бакара. 2/173.

өлүгү адал"[46] буйуруп, Курандан башкача өкүм кылган. Хадистерде жырткыч жаныбарлардан ит тиштүүлөр (клык), тырмагы менен аңчылык кылган канаттуулар[47] жана үй эшеги арам кылынган.[48] Ошондой эле Куранда никелешүүгө арам кылынгандар[49] арасында айтылбаганы менен Пайгамбар (с.а.в.) бир аялды эжеси (атасынын бир тууган эжеси же карындашы) жана тайэжеси менен бирге бир никеге албоо өкүмүн чыгарган.[50]

В. Момундардын Аз. Пайгамбарга болгон милдети

Мусулмандардын хадис жана сүннөткө болгон милдеттери бар. Пайгамбарга (с.а.в.) Куранда бир канча милдеттемелер жүктөлгөн сыяктуу, пайгамбарларга ишенгендерге дагы бир канча жоопкерчиликтер жүктөлгөн. Момун мусулмандардын Аз. Пайгамбарга болгон милдети ага баш ийүү, аны ээрчүү жана андан үлгү алуу деп үч бөлүккө бөлүп карасак болот.

1. Аз. Пайгамбарга итаат кылуу (баш ийүү)

Итаат "баш ийүү", "моюн сунуу" дегенди билдирет. Куранда бардык пайгамбарларга итаат кылуу үчүн жиберилгендиги билдирилген.[51] Ошондуктан момундар пайгамбарларга баш ийүүлөрү зарыл. Анфал сүрөсүнүн алгачкы аятында: *"Эгер силер момун болсоңор, Алладан корккула, араңарды оңдогула , Аллага жана Анын элчисине баш ийгиле!" – деп айткын"* (Анфла. 8/1) – деп айтылган. Аз. Мухаммедке (с.а.в.) итаат кылуу, бул Алланын буйруктарына баш ийүү жана тыюу салгандарынан оолак болуу менен ыймандын талабын аткаруу болуп саналат. Бул учурда Аз. Пайгамбарга итаат кылуу Аллага болгон кулдук милдетин аткарган болот. Куранда туура жолго түшүү Аз. Мухаммедге (с.а.в.) итаат кылуу менен башталат. Алла Таала ыйык Куранда мындай дейт: *"(Аз. Пайгамбарга): "Алла менен Анын пайгамбарына моюн сунгула!", – деп айт. Эгер моюн сунуудан баш тартсаңар, чындыгында, пайгамбар өзүнө*

---

[46] Абу Давуд. *Тахарат.* 41; Насаи. *Тахарат.* 4; Тирмизи. *Тахарат.* 52.
[47] Малик. *Сайд.* 14; Бухари. *Тибб.* 57.
[48] Бухари. *Магази.* 36; Муслим. *Сайд.* 24.
[49] Ниса. 4/23.
[50] Бухари. *Никах.* 27.
[51] Ниса. 4/64.

жүктолгонго, а силер өзүңөргө жүктөлгөндөргө гана (жооп берүүгө) милдеттүүсүңөр. Ал эми пайгамбарга моюн сунсаңар, анда туура жолду табасыңар. Ошентип, ачык-айрым кылып силерге жеткирүү гана пайгамбарга милдет."[52]

Аз. Мухаммедге итаат кылуудан максат анын берген өкүмдөрүнө баш ийүү болуп саналат. Бул боюнча аятта мындай делет: *"Алла менен Анын элчиси кайсы бир иш тууралуу өкүм чыгарса, момун эркек менен момун аял үчүн тандоонун кажети жок. Ошондуктан ким Аллага, Анын элчисине каршы чыкса, анда ал ачык адашкан болот.*[53] Башка бир аятта дагы Алланын пайгамбарларына итаат кылуу буйрулуп, Пайгамбардын (с.а.в.) өкүмүнө баш ийүү менен ыйман ортосундагы байланыштан сөз кылган: *"Биз пайгамбарды Алланын уруксаты менен гана моюн сунсун үчүн жөнөткөнбүз. А эгерде алар өздөрүнө адилетсиздик кылышса сага келишет да, Алладан кечирим сурашат, алар үчүн Алланын элчиси да кечирим сураганда, алар Алланын тооболорду кабыл алуучу, Мээримдүү экендигин табышаар эле. О жок! Сенин Эгеңе ант, алар өздөрүндөгү талаш-тартышка сени калыс кылмайынча момун боло алышпайт. Андан соң алар сен кылган өкүмгө каршы болушпайт, ага толугу менен моюн сунушат."*[54]

Аз. Пайгамбар (с.а.в.) Алланын буйруктарын жана тыюу салгандарын адам баласына жеткиргендиги үчүн Куранда Аллага итаат кылуу менен Аз. Мухаммедке итаат кылуу бирдей каралган. Ыйык Куранда Алла Таала мындай деген: *"Ким пайгамбарга баш ийсе, албетте, ал Аллага баш ийгени. А ким баш тартса, Биз сени алардын үстүнөн кароолчу кылып жөнөткөн эмеспиз."*[55] Буга байланыштуу Аз. Мухаммед (с.а.в.) бир хадисинде мындай деген: "Мага баш ийген Аллага баш ийген болот. Мага баш көтөргөн да, Аллага баш көтөргөн болот."[56]

Ошондой эле Аз. Пайгамбарды ээрчүү – бул андан үлгү алуу дагы болуп саналат. Бул дагы аны ой жүгүртпөстөн, терең акыл калчабастан тууроо (таклид) эмес, ойлонуп жана чын көңүлдөн берилип аны үлгү алуу керек.

---

[52] Нур. 24/54; Тагаабун. 64/12.
[53] Ахзаб. 33/36.
[54] Ниса. 4/64-65.
[55] Ниса. 4/80.
[56] Муслим. *Имара.* 33.

Пайгамбарга (с.а.в.) баш ийүү керектиги туурасында төмөндөгү аяттарда дагы ачык-айкын билдирилген:

- *"Эгер ким Аллага жана Анын элчисине моюн сунса, Ал аларды алдынан дарыялар агып турган Бейиш бактарына киргизет, алар анда түбөлүккө калышат. Бул – зор ийгилик! А ким Аллага жана Анын элчисине баш ийбесе жана Анын чектеринен өтүп кетсе, Ал аларды отко киргизет. Алар анда түбөлүккө болушат жана алар үчүн кордоочу азап бар!"*[57]
- *"Чындыгында, момундардын араларында өкүм берүү үчүн Аллага жана Анын элчисине чакырылганда, алардын сөзү: "Уктук, моюн сундук",– деген (гана) сөз болот. Ошолор – ийгиликке жетүүчүлөр."*[58]
- *"Кимде-ким Алла менен Анын пайгамбарына баш ийсе, ошентип, Алладан коркуп, такыба болсо, мына ошолор –жеңишке жеткендер."*[59]
- *"Эй ыймандуулар, Аллага баш ийгиле! Алланын элчисине баш ийгиле! Ошондой эле силердин араңардагы колуна бийлик берилгендерге баш ийгиле! Эгер бир нерсе жөнүндө талашып калсаңар, анда Аллага жана пайгамбарга кайтаргыла, эгер силер Аллага жана акырет Күнүно ишенсеңер. Мына ушул эң жакшы жана мыкты көрсөтмө!"*[60]

Пайгамбарга (с.а.в.) баш ийүүнү буйурган аяттар биринчи кезекте ошол доордо жашаган момун мусулмандардын Пайгамбарга (с.а.в.) итаат кылуусу туурасында болсо да, кыяматка чейин бузулбай турган ыйык китепти бизге үйрөткөн, хадистери жана кыймыл-аракети менен түшүндүрмө берген, айрыкча Куранда эң жогорку адеп-ахлакка ээ экендиги билдирилген жана момундар үчүн өрнөк катары көрсөтүлгөн Пайгамбарга бүткүл момун мусулмандардын баш ийүүлөрү диний милдет болуп саналат.[61]

2. Аз. Пайгамбарды ээрчүү

Момундардын Пайгамбарга (с.а.в.) болгон милдетин билдирген дагы бир түшүнүк "иттиба" болуп саналат. "Табиа" сөзүнөн келип чыккан "иттиба" сөзү "ээрчип жүрүү, изи менен баруу, артынан түшүү, баш ийүү,

---

[57] Ниса. 4/13-14.
[58] Нур. 24/51.
[59] Нур. 24/52
[60] Ниса. 4/59.
[61] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı*, s.13.

кимдир-бирөөнү тууроо" дегенди билдирет.[62] Куранда Аз. Мухаммедди (с.а.в.) ээрчүү Алланын сүйүүсүнө ээ болуу жана күнөөлөрдөн арылуунун бир себеби катары каралган. Улуу Алла Таала Аалу Имран сүрөсүндө мындай деген: *"Анан дагы айт: "Эгер силер Алланы сүйсөңөр, анда мени ээрчигиле. Ошондо Алла силерди сүйөт жана күнөөңөрдү кечирет". Алла – Кечиримдүү, Боорукер!"*[63] Ошондуктан ыйман келтиргендер үчүн эң сонун өрнөк болгон[64] Пайгамбарыбызды (с.а.в.) ээрчүү Алланы сүйүүнүн көрсөткүчү катарында анын сүйүүсүнө ээ болуунун жалгыз жолу.

Алла элчисин ээрчүү (таби болуу) жана аны сүйүү Аллага итаат кылуу жана Алланы сүйүү менен барабар. Анткени Аз. Пайгамбар Алланын элчиси болуп саналат. Анын атынан билдирүү жасайт, Анын буйруктарына жана тыюуларына түшүндүрмө берет, ишке ашырат жана үммөтүнө үлгү болот. Пайгамбарга таби болуу жана ага баш ийүү элчини жибергенге итаат кылуу дегенди билдирет. Андыктан элчиге итаат кылуу жана ээрчүү парз. Аз. Пайгамбарга баш ийүү жана ага таби болуу эч шексиз анын диний жана адеп-ахлактын окутууларын жана жасаган иш-аракеттерин чын дилден кабылдоо аркылуу ишке ашат.[65]

3. Аз. Пайгамбарды үлгү алуу

Пайгамбар (с.а.в.) Куранда үлгү катары көрсөтүлгөн. Алла Таала Пайгамбарыбызга: *"Сен – улуу кулк-мүнөз ээсисиң"* – деп айткан.[66] Аз. Пайгамбар өзүнүн пайгамбарлык милдетинин максаты туурасында мындайча түшүндүрмө берген: *"Мен бийик ахлакты толукташ үчүн жиберилдим."*[67] Бийик адеп-ахлак ээси болууну каалаган ар бир адам жашоосунда, сөздөрүндө, кыймыл-аракетинде жана адамдар менен болгон мамилесинде ар дайым Аз. Пайгамбарды үлгү алууга милдеттүү.

Аз. Пайгамбардын үлгүлүү кишилиги жөнүндө сөз кылган жалгыз аят төмөндөгүчө: *"Чындыгында, силер үчүн да, Алланы, акырет күнүн үмүт*

---

[62] "Сен Эгеңден келген (жашыруун) кабарларга гана эрчи!" (Анаам. 6/106) деген аят менен "(Алланын буйруктарына) сөсүз кулак салып, анын эң жакшысын ээрчий тургандар" (Зумар. 39/18) деген аят сөздө ээрчүүгө далалат кылууда.

[63] Аалу Имран. 3/31.

[64] Ахзаб. 33/21.

[65] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı*, А.у.

[66] Калам. 68/4.

[67] Малик. *Хусну-л-хулк.* 1; Ахмад б. Ханбал. *Муснад.* II/381.

кылгандар жана Алланы көп эске алган адамдар үчүн да – Алланын элчисинде көркөм өрнөктөр бар."[68] Бул аятта өткөн "усва" сөзү "өрнөк, үлгү, мисал" деген маанилерди билдирет. Жогорудагы аятта Алла элчисинин жогорку кулк-мүнөзгө ээ экендиги, үлгүлүү жашоо өткөргөндүгү жана мусулмандардын жашоосунда үлгүлүү жашоосунун маанилүүлүгү билдирилген. Пайгамбар (с.а.в.) Раббынан алган вахийдин негизинде ишеним, ибадат жана адеп-ахлактык баалуулуктарды, ошондой эле күнүмдүк жашоонун бардык багыты боюнча Ислам динин түшүндүрүп жана аны чечмелеп мусулмандарга үлгүлүү жашоону тартуулаган.[69]

Аз. Пайгамбар Куранды эң идеалдуу түрдө чагылдырган. Алла Таала Пайгамбарды (с.а.в.) бүтүндөй адамзатка ар дайым жана ар доордо үлгүлүү инсан катарында жиберген. Ал жашоосунда Алладан келген вахийди жеке өзүндө жандардырып келген. Ошол себептен Аз. Айша энебиз *"Анын адеп-ахлагы Куран эле*[70] – деп айткан.

Аз. Пайгамбардын айткан сөздөрү, кыймыл-аракети жана үлгүлүү жашоосу менен Куранды түшүнүү жана жашоосунда жүзөгө ашырууда мусулмандар үчүн өзгөчө өрнөк болгон. Алла элчисинин 23 жылдык пайгамбарлык доорундагы жашоо образы жалпы үммөттүн диний, саясий, коомдук жана адеп-ахлактын жашоосу үчүн өтө маанилүү өкүмдөрдү жана эрежелерди камтып келет.[71] Аз. Пайгамбардан риваят кылынган төмөндөгү хадис, Куранда билдирилгендердин корутундусу десек болот:

"Эң шексиз сөздөрдүн эң туурасы — Алланын китеби. Жол башчылыктын эң жакшысы Мухаммеддин жол башчылыгы. Амалдардын эң жаманы — кийин пайда болгон жагымсыз нерселер. Кийин пайда болгон нерселер бидат. Бидаттын бардыгы залалат (жаңылыш жолго түшүү, адашуу). Ар бир залалат тозоко алып барат."

4. Сүннөт – вахий (аян) байланышы

Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) башка адамдардан айырмаланган эң маанилүү өзгөчөлүгү Алладан вахий алуусу. Бул тууралуу Куранда

---

[68] Ахзаб. 33/21.

[69] Komisyon, *Hadislerle İslâm*, I/416.

[70] Муслим. *Мусафирин.* 139; Абу Давуд. Татавву. 26.

[71] Küçük, "Hz. Peygamber ve Örnekliğinin Mahiyeti", http://www.sonpeygamber.info/hz-peygamber-ve-ornekliginin-mahiyeti

мындайча айтылат: *"Мен да силер сыяктуу эле адаммын. Мага: Кудайыңар бир гана Алла экени (Анын жалгыздыгы) тууралуу кабарлар келүүдө. Ошондуктан ошол багытта бекем болгула да, Андан кечирим сурагыла. Аллага шерик кошкондорго азап болсун!,– дегин."*[72] Алла Таала акыркы пайгамбар катары жиберилген Аз. Мухаммедке (с.а.в.) кыяматка чейин жоголбой бузулбай турган Куранды түшүргөн. Ошондой эле Куран пайгамбарга берилген эң чоң мужиза болуп саналат. Алланын элчиси өзүнүн бир хадисинде бул чындыкты төмөнкүчө баяндаган: *"Пайгамбарларга өз доорлорундагы адамдарды ишендириш үчүн мужизалар берилген. Мага берилген мужиза болсо, Алланын мага берген вахийи (Куран) болуп саналат."*[73]

Хадис жана сүннөт Куран сыяктуу вахий болуп эсептелеби? Вахий, Куран менен гана чектелеби? Аз. Мухаммедке Курандан сырткары вахий келгенби? сыяктуу суроолор жаралып, мындай маселелер кылымдар бою талкууланып келген. Бул маселеде негизги үч түшүнүк бар:

1. Хадис жана сүннөт Куран сыяктуу вахий болуп саналат.
2. Хадис жана сүннөт вахий катары эсептелбейт.
3. Хадис жана сүннөттүн бир бөлүгү вахий, бир бөлүгү болсо, Аз. Пайгамбардын жеке ижтихады.[74]

Биринчи көз караштын негизги өкүлдөрүнүн бири Мухаммед б. Идрис аш-Шафи болуп саналат. Анын айтуусунда, Аз. Пайгамбарга Куран менен бирге хикмат дагы вахий кылынган. Аяттардагы "хикмат" сөзүнүн мааниси "сүннөт" дегенди билдирет. Имам Шафи "ар-Рисала" аттуу эмгегинде Китеп (Куран) жана хикмат сөздөрү удаа-удаа берилген аяттарды[75] мисал келтиргенден кийин мындай деген: *"Алла Китептен сөз кылган. Ал Куран. Ошондой эле "хикматтан" дагы сөз кылган. Куран илими боюнча мен ишенген аалымдар мындай деген: Хикмат – Алла*

---

[72] Фуссилат. 41/6; Кахф. 18/110.

[73] Бухари. Фадаилу-л-Куран. 1.

[74] Kırbaşoğlu, İslam Düşüncesinde Sünnet, s.253; Tartı, Nevzat, *Muhtasar Hadis İlimleri ve Usûlü,* s.41. Görmez, *Hadis İlminin Temel Meseleleri,* s.42-44.

[75] Бакара. 2/129, 151-231, Âалу Имран. 3/164; Ниса. 4/113; Ахзаб. 33/34; Жума. 62/2.

элчисинин сүннөтү. Эң туурасын Алла билет. Бирок чындыкка эң жакын көз караш ушул.[76]

Имам Шафи жана ошондой эле хадис менен сүннөттү Куран сыяктуу вахий катары көргөндөр: *"Ал өз көңүлүнөн чыгарып айтпайт. Болгону ал – түшүрүлгөн айан"*[77] – деген аятты далил катары колдонушат. Бирок бул аят, хадис менен сүннөт жөнүндө эмес, маани-маңызына карасак Куранга ишарат кылып жаткандыгы айдан ачык. Куран сыяктуу сүннөттү дагы вахий катары караган аалымдар Пайгамбардан (с.а.в.) риваят кылынган: *"Мага Куран жана аны менен бирге анын окшошу берилген жок"*[78] хадис менен табиин аалымдарынан Хассан б. Атиййанын (ө. 130/748): *"Жабраил (а.с.) Алланын элчисине Куранды түшүргөн сыяктуу сүннөттү дагы түшүрдү жана ага Куранды үйрөткөн сыяктуу сүннөттү дагы үйрөттү"*[79] хадисин далил катары колдонушкан. Жогорудагы эки риваятты Жабраил периште сүннөттү толугу менен түшүрдү же бир бөлүгүн түшүрдү деп эки башка мааниде түшүнсөк болот. Анткени риваяттардын бирөөндө дагы хадистердин/сүнөөттөрдүн бардыгынын Жабраил тарабынан түшүрүлдү деген бир дагы сөз же сүйлөм жок.

Сүннөт жана хадис каймана вахийлик касиетке ээ болгондуктан "вахйи гайру матлув" (окулбаган вахий) деп дагы аталып келет. Ал эми бул пикир ар түрдүү сындарга кабылган. Пайгамбардын (с.а.в.) сүннөтүн бүт бойдон вахий деп айтуу Куранга карама-каршы келет. Аз.

---

[76] Шафи. Мухаммед б. Идрис. ар-Рисала. (басм даяр.: Ахмед Шакир). Мактабату-л-Халаби. Каир, 1940. 73-б.; Табари. Аалу Имран сүрөсүнүн 48-аяттагы "хикмат" сөзүн чечмелеп жатып, Катаданын "Хикмат сүннөт" деп айтканын белгилеп кеткен. ат-Табари. Мухаммед б. Жарир. Жамиу-л-Байан фи Тавили-л-Куран. (тхк. Ахмед Мухаммед Шакир). Муассасату-р-Рисала. 2000-ж. III-т. 87-б.; Куртуби дагы Бакара сүрөсүнүн 231-аятындагы "хикмат" сөзүнө мындайча аныктама берген: "Хикмат Алланын китебинде текст катары орун албаган, Алланын максаты Анын элчисинин тили менен болгон ачык сүннөт." Куртуби Бакара сүрөсүнүн 231-аятын чечмелеп жатып мындай деген: Хикмат – Алланын китебинде текст катары болбогон, Алланын максатын аз. пайгамбардын тили менен билдирүүсү болгон ачык-айкын сүннөт. Куртуби, Абу Абдуллах Мухаммед б. Ахмед. *аль-Жамиу ли ахками-л-Куран.* (басм. даяр.: Ахмад аль-Бардуни). Дару-л-кутуби-л-Мисрийа. Каир, 1964. III/157.

[77] Нажм. 53/3-4.

[78] Абу Давуд. *Суннат.* 5.

[79] Дарими. *Мукаддима.* 49.

Пайгамбардын инсан экендигин баса белгилеген аяттар жогорудагы пикирдин туура эмес экендигин билдирүүдө. Ар бир сөзү, ар бир чечими, өкүмү жана жасаган иш-аракеттери вахий менен билдирилгенди инсан катарында көрүүгө болбойт. Мындай түшүнүк Аз. Пайгамбардын өз каалоосу менен чечим чыгаруу укугунан ажыраган робот сыяктуу же болбосо ар бир таштаган кадамы вахий аркылуу ишке ашкан жандык дегенди билдирет.[80]

Темага байланыштуу экинчи маселе хадис жана сүннөттүн вахий болуп эсептелбеши. Ибн Аббастын (ө. 68/687) "лаа хавла илла-л-Куран" (Курандан башка вахий жок)[81] сөзү сүннөт менен вахийдин эч кандай байланышы жок деген пикирди жактагандар тарабынан колдонулган далилдердин бири болуп саналат. Ибн Аббас бул сөзү менен Курандан сөз кылган. Тагыраак айтканда, "Курандан сырткары Куран вахйи жок" деген мааниде айткан болушу мүмкүн же болбосо вахий катарында жалгыз гана Куран сакталып калгандыгын, вахий катары түшүрүлгөн китептердин корголбой калгандыгын айткан да болушу мүмкүн.

Акыркы доордогу дин аалымдарынын катарын толуктаган Субхи Салих бул маселе боюнча мындай деген: *"Курандын Алла элчисинин жүрөгүнө киргизилиши менен айрым хадистерди айттыруу үчүн ага илхам берүүсү экөө бири-биринен айырмаланып турат. Вахий жалгыз гана Куранга таандык деп ойлойбуз. Себеби Пайгамбар (с.а.в.) өзүнө түшкөн вахий менен Алланын илхамы катарында сөз кылган хадистерди бири-биринен бөлүп карайт эле. Өзүнүн жеке оюун жана пикирлерин Алланын сөзүнө аралаштыруусу мүмкүн эмес. Мындай учурда хадистердеги тавкифи (вахийге таянган) мааниге Куранда да айтылгандай хикмат деп атоо туура болот."*[82]

Аз. Пайгамбар Курандан сырткары Жабраил периште менен байланышта болгондугу белгилүү. Хадистердин маани-маңызы вахийлик касиетке ээ дегендердин оюу боюнча вахий, Жабраил аркылуу билдирилген же уктап жатканда же болбосо ойго маалда илхам кылынган дешет. Жабраил периште кээде адам келбетинде Пайгамбардын (с.а.в.) жанына келип ибадаттарды орундатуунун эрежелери жана жол-жоболору туурасында түшүндүрмө берүүсү, айрыкча Пайгамбарды (с.а.в.) сыноо

---

[80] Tartı, *Muhtasar Hadis İlimleri ve Usûlü*, s.39-40.
[81] Тахави, Абу Жафар Ахмад б. Мухаммед. *Шарху Мушкили-л-Асар*. XIV-т. 466.
[82] Subhi es-Sâlih, *Hadis İlimleri ve Hadis Istılahları*, s.261.

максатында жөөт аалымдары тарабынан берилген суроолорду же болбосо мусулмандар билбеген маселелер боюнча берилген суроолордун жообун билдирүүсү хадис жана сүннөттүн вахий менен тыгыз байланышта экендигин көрсөтүп турат. Пайгамбардын (с.а.в.) Курандан башка Алладан вахий алгандыгы кээ бир аяттарда ишарат кылынган. Мисалы, Алланын элчиси бир күнү Аз. Хафсага сыр айтып, эч кимге айтпоосу үчүн эскертүү берет. Бирок эскертүүгө карабастан Аз. Хафса сырды Аз. Айшага айтып салат. Алла Таала бул боюнча элчисине билдирет. Кийинчерээк бул окуянын Куранда да баяндалат.[83] Башка бир аятта Пайгамбар (с.а.в.) түшүндө Меккеге барып таваф кылат жана бул аят менен тастыкталат.[84]

Ошондой эле хадис китептеринде Аз. Пайгамбардын: *"Мага вахий кылынды..."*, *"Жабраил мага келип мындай деди..."*, *"Алла жүрөгүмө салды жана илхам кылды..."* деп башталган көптөгөн риваяттары бар. Айрым хадистерде Пайгамбарыбыз (с.а.в.): *"Улуу Алла мындай деди..."* – деп баштайт. Аз. Пайгамбар булардын айрымдарын Курандан жана анын негизги принциптеринен алганы жана баамдаганы сыяктуу Алла менен болгон байланыштын натыйжасында алган маалыматтар да болушу мүмкүн. Мисалы, хадис адабиятында Жибрил деген ат менен белгилүү болгон хадисте Жабраил периште адам келбетинде Пайгамбар сахабалар менен отурган маалда алдына келип "ыйман, ислам жана ихсан" жөнүндө сураган. Аз. Пайгамбар берген жоопту тастыктагандан кийин чыгып кеткен. Ал кеткенден кийин Пайгамбар (с.а.в.): "Келип кеткен Жабраил периште эле. Ал силерге диниңерди үйрөтүү үчүн келди" – деди.[85]

Үчүнчү пикир боюнча сүннөттүн бардыгы эмес, мунун бир бөлүгү гана вахий болуп саналат. Бул пикирди жактагандар орто жолду карманышып, сүннөт илахий жана инсаний принциптерге ээ дешет. Алардын айтуусунда бир бөлүгү вахийге барып такалса, экинчи бөлүгү Пайгамбардын (с.а.в.) жеке ижтихадынан түзүлгөн. Ибн Кутайба ад-Динавари (ө. 276/889) бул боюнча өзүнүн пикирин билдирген. Анын айтуусунда, сүннөттүн вахийге таянбаган бөлүгү Алла элчисинин жеке пикири жана ижтихады болуп саналат. Ушундан улам түрдүү адамдар шарттарды жана абалдарды эске алып түрдүү чечимдерди чыгарышкан.

---

[83] Тахрим. 66/3.
[84] Фатх. 48/27.
[85] Görmez, *Hadis İlminin Temel Meseleleri,* s.43.

Бадр согушунда аскер күчтөрү жайгаша турган жердин ылайыктуу эмес экендигин Пайгамбарыбызга (с.а.в.) билдирген Хубаб Ибн Мунзирдин жүрүм-турумунан дагы ошол эле түшүнүктү көрүүгө болот. Ал Аз. Пайгамбарга мындай суроо узаткан: *"Оо, Алланын элчиси! Бул жерди өзүңүз тандадыңызбы же Алладан келген вахий аркылуу тандалып алындыбы?"* Расулуллах жеке пикири экендигин жана согуштук тактикага ылайыкташтырылгандыгын айтканда, Хубаб мындай деди: "Бул ылайыктуу жер эмес. Душмандар пайдалана турган суунун жакынына баралы."[86]

Бул пикир орто жолду тандагандай болуп көрүнсө да, буга каршы пикирлер айтылган. Аз. Пайгамбардын дайыма вахийдин көзөмөлүндө болуусу, пайгамбарлыкка байланыштуу айрым маселелерде жаңылыш көз караштардын жана ижтихаддардын вахий аркылуу калыбына келтирилүүсүнөн улам ижтихаддын бир түрү жана жеке көз карашы катары каралган хадистер дагы вахий катары эсептелген.

Башка жагынан алып караганда колубуздагы хадистердин кайсынысынын вахийге таянып-таянбагандыгын аныктоо кыйынга жатат. Балким, диний багыттагы хадистер вахийге таянса да, динден сырткары багыттардагы хадистер вахийге таянбайт десек болушу мүмкүн. Андай болсо диний жана диний эмес багыттарды бири-биринен бөлүп кароо кыйындыкка турат.[87] Аз. Пайгамбардын жеке ижтихадына таянбаган акырет, бейиш, тозок жана шайтан сыятуу кайып маселелерди Аз. Пайгамбар Курандан сырткары Алла менен болгон байланышында алгандыр.

Хадистердин вахийге таянуусу же Пайгамбардын жеке көз карашы жана ижтихады катары каралуусу туурасында келип чыккан кайчылаш пикирлердин хадистердин маанилүүлүгү жагынан практикада дээрлик мааниси деле жок. Анткени пайгамбардын динге байланыштуу айткандары, жүрүм-туруму жана такрирлери (жактыруусу) Алланын көзөмөлү алдында болуп, керектүү учурларда тасхих кылынуусу (оңдоп, түзөө), негизинен хадистердин вахийдин максатына дал келишин жана өкүмдөрүнүн күчүндө экендигин кабылдоо керектиги билдирилген.[88]

---

[86] аль-Вакиди. *аль-Магази*. I-т. 53-54-б.; Ибн Хишам. *ас-Сийрату-н-набавийя*. II-т. 272-б.; Ибн Сад. *Китабу-т-табакати-л-кабир*. III-т. 567-б.

[87] Tartı, *Muhtasar Hadis İlimleri ve Usûlü*, s.39-40.

[88] Kandemir, "Hadis" mad., *DİA*, XV/30.

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ*

ХАДИС ИЛИМИНИН НЕГИЗГИ ТЕРМИНДЕРИ

Ар бир илимдин тармагында болгондой эле хадис илиминин дагы өзүнө таандык терминдери жана түшүнүктөрү бар. Бул терминдер хадис илимин дагы да жакшы түшүнүүгө жардамчы болот. Хадис усулу илими терминдерге бай болгондуктан терминдер илими (илму мусталахи-л-хадис) деп да аталат. Хадис илиминин негизги терминдери төмөнкүлөр:

А. Хадис

Лексикалык мааниси "жаңы" дегенди билдирген "хадис" сөзү, "кадим" (эски) сөзүнүн антоними (карама-каршы мааниси), ысым катары колдонулганда "жаңы, жаңыдан пайда болгон, сөз, кабар" сыяктуу маанилерди туюндурат. "Х-д-с" жана "хаддаса" сөздөрү этиш катары колдонулганда "бир нерсе кийин пайда болду", "мурда болбогон окуя болду", "бир нерсени кабар берди (сүйлөдү)", "риваят кылды-айтты" дегенди билдирет.[1] "Хадис" сөзүнүн көптүк түрү "ахаадис" (الأحاديث). Хадис сөзүнүн синоними катары колдонулган "калам", "кавил" жана "лафз" сыяктуу сөздөрдөн айырмачылыгы анын жаңы айтылгандыгы, оригиналдуу сөз болгондугу болуп саналат.[2]

"Хадис" сөзү Куранда: *"Эми алар бул Куранга ишенбесе, аларга абдан кейип, өзүңдү жок кылып жибергиң келет"*[3] деген аятта жана сөздөрдүн эң көркөмү дегенди билдирген "ахсану-л-хадис"[4] сөзүндө "илахий кабар" маанисинде, Курандын синоними катары колдонулган. Пайгамбар (с.а.в.) дагы Куран туурасында *"ахсану-л-хадис"* (сөздөрдүн эң көркөмү), *"хайру-л-хадис"* (сөздөрдүн эң кайырдуусу) жана *"асдаку-л-*

---

* Док. Ферхат Гөкче

1 Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı*, s.16-17.

2 Görmez, *Hadis ve Sünnetin Anlaşılması ve Yorumlanmasında Metodoloji Sorunu*, s.224-225.

3 Кахф. 18/6.

4 Зумар. 39/23.

хадис" (сөздөрдүн эң туурасы) деп айткан.[5] Куранда *"хадису Муса"* (Мусанын кабары), *"хадису-л-жунууд"* (аскерлердин кабары) сөздөрү болсо "кысса" же "кабар" маанисинде колдонулган. *"Эгер алар чындыкты айтып жатышса, ушуга окшош Сөз (хадис) жаратышсын"*[6] деген аятта "хадис" сөзү кимдир бирөө айткан "сөз" маанисинде колдонулгандыгын көрүүгө болот.

Хадис Куран жана хадистерде "сөз" жана "кабар" маанисинде келет.[7] Сөздүк маанисине ылайык Пайгамбардын (с.а.в.) сөздөрүнө таандык кылынып, термин катары калыптанган. Хадис илимдин бир тармагы болгондуктан мындайча аныктама берилген: *"Пайгамбардын (с.а.в.) сөздөрү, кылган иш-аракеттери жана жактыруусу (такрир)."*

Хадис аалымдары бул аныктамага Аз. Пайгамбардын адеп-ахлагын жана кулк-мүнөзүн кошуп айтышкан.[8] Сахабалардын жана алардан кийин келген табииндердин көз караштарынын Пайгамбарыбызга жакындыгы, көптөгөн маалыматтарды андан алгандыктан маанилүү болуп эсептелип, хадистин аныктамасына кирген.[9] Бул жагынан алып караганда "хадис" сөзүнүн синоними "кабар". Андыктан жалпылап айтканда хадис бул – *"Аз. Пайгамбардын, сахабалардын жана табииндердин айткан сөздөрү, жасаган иш-аракеттери, такрирлери (жактыруусу/макулдугу) жана кулк-мүнөздөрү"* болуп саналат.[10] Мухаддистердин аныктамасы боюнча хадис, кавли (оозеки), фиили (кыймыл-аракет), такрири, халки (физиологиясы) жана хулки (адеп-ахлактык сапаттары) сыяктуу болуп бир канча түргө бөлүнөт.

---

[5] Ахмад б. Ханбал. *Муснад.* III/320, Муслим. *Жума.* 43; Насаи. *Салату-идайн.* 22.

[6] Тур. 52/34.

[7] Караңыз: Зумар. 39/23; Ниса. 4/140; Анаам. 6/68; Арааф. 7/185; Кахф. 18/6; Лукман. 31/6; Ахзаб. 33/53; Мурсалат. 77/50; Тахрим. 66/3; Тур. 52/34; Нажм. 53/59.

[8] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.110; Kandemir, M. Yaşar, "Hadis" mad., *DİA,* XV/27; Ünal, İsmail Hakkı, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı*, s.17.

[9] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı,* s.17.

[10] Özafşar, *Hadisi Yeniden Düşünmek,* s.15.

Ар бирине бирден мисал келтирсек:

<table>
<tr><td colspan="2">Кавли (оозеки)</td><td>Аз. Пайгамбардын кандайдыр бир маселе туурасында оозеки түрдө кайрылуусу: "Алла, чын-дилден жалгыз өзү үчүн жана ыраазычылыгына ылайык кылынган амалды кабыл алат." (Насаи. Жихад. 24)</td></tr>
<tr><td colspan="2">Фиили
(кылган иш-аракеттери)</td><td>Аз. Пайгамбардын намаз, орозо, ажылык, зекет ж.б. ибадаттарды кандайча орундаткандыгы сахабалар тарабынан көрүлүп, билдирилген риваяттар фиили хадис деп аталат. Аз. Айша мындай буюрган: "Расулуллах ушундай орозо кармайт эле, биз орозосуз күн өткөрбөйт дедик. Бир күнү орозо кармабай койгондо, биз мындан ары орозого ниет кылбайт дедик." (Бухари. Савм. 52, 53)</td></tr>
<tr><td rowspan="2">Такрири</td><td>Сарих (ачык)</td><td>Пайгамбар (с.а.в.), күбө болгон кандайдыр бир окуяны же сахабаларга таандык иш-аракеттерди ачык түрдө айтып колдошу, жактыруусу же тастыктоосу "сарих такрир" деп аталат. Маселен, жылан чаккан уруунун башчысын Фатиха сүрөсүн окуп дарылаган жана кызмат акысына бир канча кой алган сахаба, бул койлордун эти желип-желбей тургандыгын Пайгамбардан (с.а.в.) сураганда, Пайгамбарыбыз: "Фатиханын шыпа берээрин каяктан билет элең? Туура кылыптырсың. Койдун этин бөлүшкүлө, мага дагы алып койгула" (Бухари. Тибб. 33, 39; Муслим. Салам. 66.) – деп айтканын мисал катары берсек болот. Бул жерде Пайгамбар (с.а.в.) Куран окуп дарылоодо акы алууну ачык-айкын ырастаган.</td></tr>
<tr><td>Зимни
(жашыруун)</td><td>Аз. Пайгамбар (с.а.в.) өзү күбө болгон кандайдыр бир окуяны унчукпастан колдоосу "зимни такрир" деп аталат. Мисалы, Хандак согушунда Бани Курайзага бара жатышкан сахабалардын бир бөлүгү асыр намазын жолдо, айтылган жерге жетпестен окушат, калганы Аз. Пайгамбардын "Бани Курайзанын өлкөсүнө барбастан окубагыла" деген буйругуна баш ийишип, убакыттын өтүп кеткенине карабастан намаз окушкан эмес. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) эки топтун эки башка аракетине туура же туура эмес деп эч кандай үн каткан эмес. Ушул себептен улам эки топтун мындай аракетине Пайгамбардын (с.а.в.) үн катпагандыгы жашыруун түрдө ырастагандыгын билдирүүдө. (Караңыз: Бухарий. Хавф. 5; Муслим. Магази. 30)</td></tr>
<tr><td colspan="2">Хулки
(Адеп-ахлак сыпаттары)</td><td>Аз. Пайгамбардын адеп-ахлагы жөнүндө баяндаган хадистер болуп саналат. Мисалы: "Алланын элчиси адамдардын ичинен эң жоомарты эле. Ал, Рамазан айында андан да берешен болоор эле." (Бухарий. Бадъул-вахй. 5; Муслим. Фадаил. 50)</td></tr>
<tr><td colspan="2">Халки
(физиологиялык сыпаттары)</td><td>Аз. Пайгамбардын физиологиялык (адамдын сырткы келбети, дене түзүлүшү, биологиялык талаптары) сыпаттарынан сөз кылган (халки) хадиске мисал: "Пайгамбардын жүзү инсандардын эң сулуусу, жаратылыш жагынан дагы ушундай сонун эле. Бою узун дагы кыска дагы эмес"[11] (Бухари. Манакиб. 23; Муслим. Фадаил. 113)</td></tr>
</table>

[11] Бухарий. *Манакиб.* 23; Муслим. *Фадаил.* 113; İsmail Lütfü Çakan, *Hadis Usulü*, s.28-29.

Жыйынтыктап айта турган болсок, "*хадис*" термин катарында *"кабар (хабар)"* жана *"асар"* сөздөрү сыяктуу Аз. Пайгамбарга, сахабага жана табиунга таандык ар кыл сөздөрдү, иш-аракеттерди, такрир жана кулк-мүнөздөрдү камтыган риваят маанисинде колдонулган негизги термин. Мисалы, *"илмул-хадис"* (хадис илими) деп айтылганда жалгыз гана Пайгамбардан келген риваяттарды камтыган илим эмес, ошондой эле *марфу, мавкуф* жана *макту* хадистерди толугу менен камтыган илимдин бутагы болуп саналат.[12] Жыйынтыктап айтканда *сүннөт* менен *хадис* терминдеринин салыштыра турган болсок: Биринчиден экөөнүн сөздүк мааанилери эки башка маанини туюнтат. Жалпы мааниде хадис – "сөз, жаңы" жана ошондой эле сөздүн же кандайдыр бир нерсенин оозеки түрдө баяндалышы дегенди билдирет. Ошондуктан хадис сөзү түпкү мааниси боюнча *"сүннөт"* сөзүнөн айырмаланып турат. Себеби хадис негизинен "жаңы" жана "оозеки" деген маанини билдирет. Бирок *"сүннөт"* сөзүнүн сөздүк маанилерин изилдегенибизде "жүрүм-турум жана ага таандык болгон" деген маанини камтыгандыгын көрүүгө болот. Андыктан, бул эки сөздүн өзөгүндө эки башка маани камтылып турат.[13] Алгач "сүннөт" сөзү "Аз. Пайгамбардын жүрүм-турумуна жана кылган иш-аракеттерине", ал эми "хадис" сөзү "Аз. Пайгамбардын айткан сөздөрүнө" карата колдонулуп келген болсо, кийинчерээк бул эки сөздүн ортосунда мааниси жагынан өзгөрүүлөр болгондуктан, синоним катары колдонула баштаган.

Б. Сүннөт

Лексикалык мааниси *"жол, жашоо таризи, усул, адат, кимдир бирөөнүн көнүмүш адатка айландырган жүрүм-турумдары"* дегенди билдирген "сүннөт" сөзү *"жаңы формага салуу, пайда кылуу, бир жолдо жүрүү жана коом үчүн эреже киргизүү, чыгаруу (мыйзамды), курчутуу"* сыяктуу маанилерди туюндурат. *"Сүннөт"* сөзүнүн көптүк түрү "сунан."[14]

"Сүннөт" сөзү Ислам дини келе электен мурун араб маданиятында билинген жана колдонулган термин эле. Караңгылык доорунда арабтарда

---

[12] Özafşar, *Hadîsi Yeniden Düşünmek,* s.15.
[13] Özafşar, *Hadîsi Yeniden Düşünmek,* s.28.
[14] Ибн Манзур. *Лисанул-Араб.* III/2121-5; *Забидий. Тажул-Арус.* V/242-6.

сүннөт, орток каада-салттары үчүн аталары тарабынан дайындалган "үлгүлүү жүрүм-турум" жана "эски салт" маанисинде колдонулган. Бул салттарды өзгөртпөстөн толук аткарышкан.[15]

Ал эми Куранда сүннөт "Алланын көрсөткөн жолу, өзгөрбөгөн мыйзам, жашоо образы" маанилеринде *"суннатуллах"*,[16] *"суннатуна"*, *"суннату ман"* жана *"суннатул-аввалиин"*[17] деп келет. *"Суннатуллах"* (Алланын сүннөтү, Алланын жолу) сөз айкашы болсо, Алланын ааламды башкаруудагы илахий мыйзамдары, *"суннату-л-аввалин"* (мурункулардын сүннөтү) сөзү болсо, Алла Тааланын байыркы коомдор үчүн койгон мыйзамдары жана мурдагы коомдордун жашоо таризи дегенди билдирет.[18] Бул сүннөттөрдүн эң маанилүү өзгөчөлүгү өзгөрүүгө учурабастыгы.[19] Анткени Алланын сүннөттөрү өзгөрүүнү кабыл албаган мыйзамдар болуп саналат. Бул боюнча Куранда: *"Алланын мурунку өткөндөргө да жолу (сүннөтү, мыйзамы) ушул. Алланын жолунан эч бир өзгөртүүнү таба албайсың"*[20] – деп буюрулган. Куранда сүннөт: *"Аз. Пайгамбардын сүннөтү"* маанисинде колдонулган эмес.[21]

Куранда "усватун хасанатун" (эң мыкты өрнөк) сөзү, Аз. Пайгамбардын үлгүлүү жүрүм-туруму маанисинде колдонулган. Ахзаб сүрөсүндө: *"Оо, ыйман келтиргендер! Чындыгында, силер үчүн да, Алланы, акырет күнүн үмүт кылгандар жана Алланы көп эске алган адамдар үчүн да – Алланын элчисинде көркөм өрнөктөр бар."*[22]

Пайгамбардын (с.а.в.) хадистеринде дагы "сүннөт" сөзү "жүрүм-турум, иш-аракеттер жана жол көрсөтүү" сыяктуу сөздүк маанилеринин алкагында "Пайгамбардын (с.а.в.) пайгамбарлык сыпаты катары үйрөткөн жүрүм-турумдары" деп колдонулган.[23] Хадистердин биринде сүннөт: *"Кимде ким Ислам дининде жакшы сүннөттү баштаса, ага өзүнүн сообу жана сообунан эч нерсе кемибестен өзүнөн кийин ал ишти*

---

[15] Keleş, *Yaşayan Sünnet*, s.17-18.
[16] Караңыз: Ахзаб. 33/38, 62; Фаатир. 35/43; Гаафир. 40/ 85; Фатх. 48/23.
[17] Караңыз: Анфал. 8/38; Хижр. 15/13; Кахф. 18/55; Фаатир. 35/43.
[18] Ниса. 4/26.
[19] Görmez, *Sünnet ve Hadisin Anlaşılması ve Yorumlanmasında Metodoloji Sorunu*, s.225.
[20] Ахзаб. 33/62.
[21] Güner, *Doğuş Devrinde Hadis*, s.6-7.
[22] Ахзаб. 33/21.
[23] Bedir, Murtaza, "Sünnet" mad., *DİA*, XXXVIII/150.

улантқандардын сообу бар. Кимде ким жаман сүннөттү баштаса, аға өзүнүн күнөөсү жана күнөөлөрүнөн эч нерсе кемибестен өзүнөн кийин ал ишти улантқандардын күнөөсү бар."[24]

Белгилүү болгондой "сүннөт" сөзүнүн хадистеги сөздүк мааниси "жаңы фромага салуу", "жол көрсөтүү", ал эми жалпы мааниде "жакшы-жаман, оң жана терс жүрүм-турумдар" дегенди билдирет. Бирок "сүннөт" сөзү кийинчерээк өзгөчө Пайгамбардын (с.а.в.) жүрүм-турумуна берилген ысым болуп калган. Башка сөздөрдөн ажыратуу үчүн "пайгамбардын сүннөтү", "суннати расулиллах, суннату-н-наби" деп колдонулган. Сүннөт деп айтылганда, албетте Пайгамбардын (с.а.в.) сүннөтү болуп саналат.[25]

Хадис аалымдары сүннөткө мындайча аныктама беришкен: "Аз. Пайгамбардын айткан сөздөрү, жүрүм-туруму жана жактыруусу (такрир)." Кийинчерээк Пайгамбардын (с.а.в.) физиологиялысын (хилки) жана адеп-ахлагын (хулки) дагы аныктамага кошушкан.[26] Жогорудагы аныктаманын биринчи бөлүгү, буга чейин берилген хадистин аныктамасына дал келет. Муну хадис илиминин илимдин бутагына айлануу процессинде "сүннөт" жана "хадис" сөздөрүнүн бири-биринин ордуна колдонулуусу менен, жана синоним эки терминге айлануусу менен ачыктоого болот.[27] Бирок эки терминдин ортосунда кыйла айырмачылыктар бар. Ислам дининин алгачкы доорунда хадис сөздүн, кыймыл-аракеттин же болбосо жүрүм-турумдун жеткирилүүсүн (риваят) билдирип келген болсо, ал эми сүннөт кыймыл-аракетти жана жасаган иш-аракетти билдирип келген. Натыйжада Пайгамбардын (с.а.в.) сүннөтү дагы анын ибадат, адеп-ахлак жана күнүмдүк жашоодогу жүрүм-турумун жана иш-аракеттерин камтыйт.

Сүннөт жана хадистин сөздүк маанилери менен алгачкы доордогу колдонулушу арасында жакын байланыш болгону менен бирдей мааниге ээ болбогондугу, эки терминдин бири-биринин ордуна колдонулбагандыгын байкоого болот. Сүннөт болгон жүрүм-турумду хадис менен билдирүүгө болот. Бирок ар бир хадисти сүннөт менен билдирүүгө болбойт. Бул жерден белгилей кетчү нерсе сүннөт, кыймыл-аракет, иш-аракет жана жүрүм-турум менен байланыштуу болуусу, ал эми

---

[24] Муслим. *Зекет.* 69.
[25] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı,* s.19.
[26] Koçyiğit, *Hadis Usûlü*, s.15.
[27] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.367.

хадис болсо, бул иш-аракеттериди дагы камтыган оозеки (кийинчерээк жазуу түрүндө) риваяттар болуусу. Сүннөт болгон жүрүм-турумду хадис же риваят менен жеткирүү мүмкүн. Бирок ар бир хадисте мындай иш-аракеттин же жүрүм-турумдун болуусу милдеттүү эмес. *"Силердин эч кимиңер озуно каалаган нерсени башка (мусулман) бир тууганына кааламайынча толук момун боло албайт* [28] деген хадис Пайгамбардын жасаган иш-аракетин т.а. сүннөтүн эмес, оозеки насаатын камтыйт. Белгилүү хадис аалымы Ахмад б. Ханбал ажылыкка байланыштуу хадисин билдиргенден кийин: *"бул хадисте беш сүннөт бар"* – деп айтуусу дагы сүннөт менен хадистин айырмачылыгын билдирүүсү жагынан жакшы өрнөк болуп саналат.[29]

Хадис аалымдары сүннөттү үчкө бөлүшкөн. Аз. Пайгамбардын сөздөрү (хадистери) "кавли (оозеки) сүннөт", жүрүм-турум жана жасаган иш-аракеттери (фиили сүннөт), Аз. Пайгамбардын маңдайында жасалган, айтылган же ага жеткирилген сөз жана жүрүм-турумдарга каршы чыкпастан, унчукпай же жакшы маандайда кабыл алуусу же болбосо тастыктоосу "такрир сүннөт" деп аталган.

Жогорудагы сүннөт түрлөрүнүн ар бирине бирден мисал бере кетсек:

Түрдүү илимдер пайда боло баштагандан тартып илим адамдары илимдин түрдүүлүгүнө жараша сүннөт сөзүнө ар кандай аныктамаларды берип келишкен. Бул аныктамаларды төмөнкүчө тизмектөөгө болот:

Хадисчилердин аныктамасы: "Сүннөт" диний баалуулуктарды камтыса дагы, камтыбаса да Аз. Пайгамбардан келген ар кыл сөздөр жана иш-аракеттер болуп саналат. Алардын айтымында, Аз. Пайгамбарга пайгамбарлык милдети келе электе мурун айткан сөздөрүн жана жасаган иштерин дагы камтыйт. Себеби хадис аалымдарынын максаты Аз. Пайгамбардан келген ар бир маалыматты тактап чыгуу болгон. Бул аныктамага ылайык, "сүннөт" менен "хадис" маанилеш болуп саналат. Хадис аалымдары (мухаддистер), Алла Таала үлгүлүү инсан катары жөнөткөн Пайгамбарды (с.а.в.), хидаятка (туура жолго) жеткирүүчү жол башчы катары кабылдашып, анын ар бир айткан сөздөрү шарий өкүмдөргө шайкеш келеби-келбейби, ал тургай пайгамбарлыктан мурун же кийин келгендигине карабастан, Анын өмүр баянын, адеп-ахлагын, дене түзүлүшүн жана шамаилин (адеп-ахлагы боюнча өзгөчөлүктөрүн),

---

[28] Бухари. Иман. 7; Муслим. *Иман.* 71.
[29] Ünal, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis,* s.20.

айткандарын (хадис), сөз жана иш-аракеттерин сүннөт деп аташкан.

Оозеки/Кавли сүннөт:	*"Кимде ким Аллага жана акырет күнүнө ыйман келтирсе жакшы (пайдалуу) сөз сүйлөсүн же болбосо унчукпасын"* [Бухари. *Адаб.* 31, 85; Муслим. *Иман.* 74]
Фиили сүннөт	*"Расулуллах белек алып, ордуна белек берет эле.* [Бухари. *Хиба.* 11]
Такрири сүннөт	Аз. Пайгамбар мечитте найзалар менен согуш оюну ойноп жаткан жаш балдарды көрүп, үн каткан жок. [Бухари. *Салаат.* 69]
Адеп-ахлак сыпатына	*"Алланын элчиси адамдардын ичинен эң жоомарты эле. Ал, Рамазан айында андан да берешен болор эле"* [Бухари. *Савм.* 7; Муслим. *Фадаил.* 50.]
Физиологиялык (дене түзүлүшү) сыпатына	*"Пайгамбардын жүзү инсандардын эң сулуусу, жаратылыш жагынан дагы ушундай сонун эле. Бою узун дагы кыска дагы эмес"* [Бухари. *Манакиб.* 23; Муслим. *Фадаил.* 113.]

Фикх усулу аалымдары болсо *"сүннөт"* бул "Курандан тышкаркы Аз. Пайгамбардан риваят кылынган жана шарий өкүмгө далил боло ала турган сөз, кыймыл-аракет жана такрирлер (жактыруусу)" – деген таризде аныктама беришкен.

Усул аалымдарынын айтымында "сүннөт" бул "парз жана важибден сырткаркы Аз. Пайгамбардан келген жана динде аткаруу талап кылынган бардык нерсе."

Калам аалымдарынын айтымында, сүннөт бул "бидаттын карама-каршысы. Бидат болсо шарий булагы жок, кийин пайда болгон ишеним, түшүнүк жана иш-аракеттери болуп саналат[30] Айрым фикх аалымдары тарабынан колдоого алынган бул аныктама, убакыттын өтүүсү менен

---

[30] Kırbaşoğlu, *İslâm Düşüncesinde Sünnet,* s.57.

акыйда маселесине айланган. Андыктан "паланча киши сүннөт жолунда, паланча бидат жолунда" – деп айтылганда көбүнчө ушул маани эске алынган.

Маалым болгондой хадисчилердин берген аныктамасы боюнча, Пайгамбарыбызга (с.а.в.) пайгамбарлык милдет келгенге чейинки жана келгенден кийинки доор тарыхта узак убакытты камтыгандыгы үчүн жана шарий бир өкүмгө да далалат кылуу милдеттемеси болбогондугунан улам кеңири мааниге ээ. Башкача айтканда, мухаддис тарабынан сүннөт катары кабылданган жана үйрөнө турган маалыматты, фикхчы тарабынан сүннөт катары кабыл алынбашы мүмкүн.

Аз. Пайгамбардын иш-аракеттерине жана айткандарына таянып, кыяс (салыштыруу) аркылуу чыгарылган өкүмдөр дагы кээде сүннөт деп аталган. Бул сүннөт Аз. Пайгамбардын өз оозунан чыккан эмес же жеке өзү тарабынан аткарылган эмес. Бул айткан сөздөрүнөн же кылган амалдарынан алынган натыйжалар үчүн да колдонулган.[31] Мисалы, Ибн Шихаб аз-Зухринин (ө. 124/742), "Кимде ким жума намазынын биринчи рекетине жетишсе, калган рекетти өзү толуктасын"[32]- деген тариздеги өкүмү, марфу риваятка таянбайт. Ал Пайгамбардын (с.а.в.): "Кимде-ким жамаат менен окулуп жаткан намаздын биринчи рекетине жетишкен болсо, чындыгында, анын намазы жамаат менен окугандай болот" - деген хадисинен кыяс (салыштыруу) аркылуу өкүм чыгарган.

Жогорудагы аныктамалардан сырткары хадис тарыхында сүннөткө ар кандай аныктамалар берилген. Сүннөттө үлгүлүүлүк принциби жана үзгүлтүксүздүк принциби болушу керек. Бул боюнча, Ханафи аалымы Жассас (ө. 370/980) сүннөткө мындайча аныктама берген:

سنة النبي ما فعله أو قاله ليقتدى به فيه أو يداوم عليه

"Сүннөт Пайгамбардын (с.а.в.) ээрчисин деп айткан жана дайыма кылган нерселери."[33]

Жогоруда түрдүү илимдин тармактарына жараша берилген сүннөттүн аныктамалары акыркы учурларда, илимдин тармактарынын муктаждыгына жараша берилгендигин, коомдук кызыкчылыктын ордуна

---

[31] el-A'zami, *İslâm Fıkhı ve Sünnet,* s.53.

[32] Муватта. *Жума.* 11.

[33] Жассас, Ахмед б. Али Абу Бакр. *аль-Фусул фи-л-усул.* I-IV. Визарату-л-авкафи-л-Кувайтиййа. 1994. III/235.

жеке кызыкчылык негиз алынгандыгын жана Куранды негиз албагандыктан сындарга кабылган жана жаңы аныктамалар берилген. Индиялык аалымдардан Сулайман Надви "хадис" жана "сүннөт" терминдерине салыштырмалуу аныктама берген.

الحديث هو الرواية اللفظية لأقول الرسول عليه السلم وأعماله وأحواله و أما السنة فهي الطريقة المتواترة للعمل بالحديث بل بالقرآن أيضا

"Хадис – Аз. Пайгамбардын сөздөрүн, жасаган иш-аракеттерин жана абалын билдирген оозеки риваяттар. Сүннөт болсо, хадис ал тургай Куран менен келген мутаватир иш-аракеттер. [34]

Сүннөт тууралуу башка бир аныктама төмөндөгүдөй:

Сүннөт бул Аз. Пайгамбардын мезгилинде Ислам коомун акыйда, ибадат, таблиг, саясат, экономика, билим берүү, адеп-ахлак, укук сыяктуу түрдүү тармактарда; кыскача айтканда, жеке жана коомдук жашоонун ар багытында жол көрсөтүп, башкарууда эң башта Куранды негиз алган алгачкы жана принциптер топтомун түзгөн түшүнүк же болбосо дүйнөгө болгон көз караш болуп саналат. [35]

Сүннөттүн башка бир аныктамасы: "Аз. Пайгамбар пайгамбардыгын үммөтүнө жана бүтүндөй адамзатка жеткирүү максатында алып келгени жана басып өткөн жолу, ыкмасы, (кыскача айтканда) жашоо образы сүннөт деп аталат."[36]

B. Асар

"Асар" сөзүнүн лексикалык мааниси "кандайдыр бир нерсенин изи, калдыгы" дегенди туюндурат. Көптүк түрү "аасаар." *"Алланын ырайымынын издерине кара"*[37] деген аятта "асар" сөзүнүн сөздүк мааниси колдонулган.

Хадис илиминде "асар" сөзү "хадис" жана "хабар" сөздөрүнүн синоними катары колдонулган. Имам Нававинин (ө. 676/1277)

---

[34] Надви, Саййид Сулайман. Тахкику мана-с-сунна ва байану хажати илайха. 22-б.

[35] Kırbaşoğlu, *İslâm Düşüncesinde Sünnet,* s.107.

[36] Bigiyef, *Kitâbu's-Sünne,* s.6.

[37] Рум. 30/50.

айтымында, "марфу, мавкуф жана макту болсун хадисчилердин назарында бардыгы "асар" болуп саналат." Айрым аалымдар асарды Пайгамбарга (с.а.в.) караштуу кабарлар (марфу) менен сахабага таандык кабарлар (мавкуф) үчүн колдонушкан. Кээ бир аалымдар болсо, сахаба жана табиунга таяндырылган сөз жана кыймыл-аракетти билдирген термин катары аныктама беришкен.

Хорасан аалымдары сахабага тийиштүү риваяттар (мавкуф) үчүн *"асар"* сөзүн колдонушкан.[38] Бирок алгачкы кылымдарда бул эки терминди бөлүп карабастан бирдей мааниде колдонушкан. Хижрий экинчи кылымда Абу Ханифанын шакирттери жана ханафий мазхабынын алдыңкы аалымдарынан болгон Имам Абу Йусуф (ө. 189/805) жана Имам Мухаммед б. Хасан аш-Шайбани (ө. 189/805) Пайгамбар (с.а.в.), сахаба жана табиунга караштуу риваяттарды топтогон эмгектерин "аль-Асар" деп аташкан.

Абу Йусуфтун *"аль-Асар"* аттуу эмгегиндеги 1068 риваяттын 211и Пайгамбарга (с.а.в.), 350ү сахабаларга, 505 болсо табииндерге таандык. Мухаммед б. Хасан аш-Шайбанинин *"аль-Асар"* аттуу эмгегинде болсо, 971 риваяттын 131 Пайгамбарга (с.а.в.), 284 сахабаларга, 550 табииндерге таандык.[39] Жыйынтыктап айта турган болсок, хадис адабиятында *"асар"* термини негизинен сахаба жана табиинге таандык маалыматтар үчүн колдонулган. Ошондой эле бир нече аалым дагы хадис жөнүндө жазган эмгектерине ысым ыйгарууда "хадис же болбосо хадистер" маанисиндеги "асар" же "аасаар" терминдерин колдонушкан.[40] Ибн Хажар Аскалани *"Нухбату-л-фикар фи мусталахи ахли-л-асар"* аттуу хадис усулу китебинде өткөн "ахлу-л-асар" сөзүн мухаддистер үчүн колдонгон.[41]

Г. Хабар (кабар)

"Хабар" сөзүнүн лексикалык мааниси "кандайдыр бир окуя же маселе жөнүндө айтылган маалымат" дегенди билдирет. Көптүк түрү "аль-ахбаар" деп келет. Хадис илиминин термини катары "хабар" сөзү, Ибн Хажар (ө. 852/1148) жана айрым хадис аалымдары тарабынан "хадис"

---

[38] Навави, Абу Закарийя Мухйиддин Йахйа б. Шараф. *аль-Минхаж шарху сахихи Муслим.* I/63; Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.83.

[39] Yücel, *Hadis Usûlü,* s.108

[40] Ünal, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis,* s.21.

[41] el-Gazefi, "Eser"mad., *DİA*, XI/372.

сөзү менен бирдей мааниде колдонулган. Ошондуктан "хабар/кабар" деп айтылганда, Аз. Пайгамбардын хадистерин түшүнүүгө болот. Мындан сырткары "хабар" менен "хадис" сөздөрү бири-биринен айырмаланат, тагыраак айтканда, хадис Аз. Пайгамбардан келген риваяттар үчүн, ал эми хабар болсо, Аз. Пайгамбардан сырткары сахаба жана табиинден келген риваяттар үчүн колдонгондор да болгон.[42]

Хадис илимине таандык термин катарында "*хабар* – Пайгамбардан, сахабалардан, табиинден жана кийинкилерден келген маалымат" дегенди билдирет. Ушул себептен улам кабар хадистен дагы кең маанини камтыйт.[43] Кыскача айтканда, хадис жана хабар сөздөрүнүн ортосунда орток жана ар башка маани да камтылган. Тагыраак айтканда, *ар бир хадис хабар, бирок, ар бир хабар хадис эмес.* Пайгамбардын (с.а.в.) хадистери менен алектенгендер *мухаддис*; тарых, икая жана буга окшогон риваяттар менен алектенгендерге *ахбари* деп аталат.

Пайгамбардан (с.а.в.) келген риваяттар үчүн көбүнчө "хадис", сахаба жана табиун сөздөрү үчүн "хабар" жана "асар" сөздөрү колдонулган. Хабар сөзү табиундан кийин келгендердин риваяттарын дагы камтыйт.[44] Хабарлар риваяттын түрүнө жана равилердин санына жараша "ахад" жана "мутаватир" болуп экиге бөлүнөт.

Д. Рави / Шейх

"Рави" сөзүнүн лексикалык мааниси "жеткирген, ташыган, кабарды айтып берген" дегенди билдирет. Равинин көптүк түрү "руват" деп келет. Терминологиялык мааниси "Пайгамбардан (с.а.в.), сахабадан жана табиундан келген сөз жана иш-аракеттерди санады менен, жана усулуна жараша риваят кылган, башкаларга жеткирген киши" дегенди билдирет.[45] Рави сөзүнүн ордуна хадисти санады менен риваят кылган "муснид" термини дагы колдонулат. Хадис илиминде хадис алынып жеткизилген кишилер "шейх" деп аталат. Башкача айтканда, шейх, равинин хадис алган устазы болуп саналат.[46] Хадис алган рави "талиб" деп аталат.

---

[42] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.106-107.
[43] Ünal, İsmail Hakkı, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı,* s.21.
[44] Yücel, *Hadis Usûlü*, s.43.
[45] Ünal, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis,* s.35.
[46] Ünal, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis,* s.41.

Хадис аалымдарынын хадистердин сахихтигин аныктоодогу эң негизги фактору бул равилер болуп саналат. Себеби барынан мурун сахих хадис ишенимдүү равилер тарабынан риваят кылынуусу кажет. Равилердин бири же бир канчасы хадис риваят кылууга жарамдуу болбосо, сиххат үчүн зарыл болгон талаптарга карабастан хадистин сахих эместигине өкүм берилет. Рави, хадис илиминде бир тараптан хадис риваят кылган, экинчи тараптан хадистин Аз. Пайгамбарга таандык экендигин аныктоодо кайрыла турган адам. Ушул себептен хадис усулунун эң маанилүү темаларынын бири равилер болуп, алардын ысымдары, лакаптары, өзгөчөлүктөрү, ишенимдүүлүктөрү, кемчилдиктери жана табакалар сыяктуу ар тараптан иликтөөгө алынат.[47]

Рави тарабынан риваят кылынган хадистин сахихтиги эң оболу хадистерди риваят кылган равилердин кээ бир өзгөчөлүктөргө ээ болуусу менен байланыштуу. Хадис аалымдары равилерде "адилеттүүлүк" жана "забт" деп аталган эки негизги өзгөчөлүккө ээ болуусун шарт коюшкан. "Адилеттүүлүк" диндин буйруктарына жана тыюларына баш ийүү болуп саналат. Равинин акыл-эси ордунда жана мусулман болуусу дагы адилеттүүлүк сапатына кирет. Забт болсо, хадисти тыңшоо, түшүнүү, жаттоо жана эстен чыгарбастан сактай билүү өзгөчөлүктөрүнө ээ болуусу дегенди билдирет.[48]

Равиде болуусу керек болгон сапаттардын бирөө эле кем болгон учурда рави ишенимдүүлүк сапатынан ажырайт. Мындай абалдагы рави хадис риваят кылса жана риваят кылган хадистер сахих болсо дагы андан алынбайт. Ошол эле хадисти риваят кылган башка ишенимдүү равилерден алынат.[49] Равилерден хадис алуу же албоого байланыштуу ушунчалык кылдаттыкты жана этияттыкты талап кылган эрежелер, хадис илиминин пайдубалы бекем түптөлгөндүгүн көрсөтөт. Мындай так эрежелердин иштелип чыгышынын негизги максаты, Ислам динининн Курандан кийинки экинчи булагы болгон хадистердин ишенимдүү жолдордон алуу жана таркатуу аракети болуп саналат.[50]

Равилер адилеттүүлүк жана забт жагынан тең болгон учурда алардын бирин тандап алууда (таржих) түрдүү өзгөчөлүктөрдү издегендер дагы

---

[47] Yücel, *A.g.e.*, s.98.
[48] Efendioğlu, "Ravî", *DİA*, XXXIV/473.
[49] Koçyiğit, *Hadis Istılahları*, s.369.
[50] Yıldırım, "Râvî", Şamil İslam Ansiklopedisi.

болгон. Мисалы, Абу Ханифа равинин факих болуусун таржих себеби катары көргөн. Равилердин ривает кылган хадистерине карама-каршы иш кылуусу, шакирттин хадис алган шейхи менен түздөн-түз көрүшүүсү сыяктуу талап кылынган шарттар дагы равилердин таанылуусуна байланыштуу болот.

Равилердин ортосундагы устаз-шакирт мамилелерин жана санаддын муттасыл болуусун аныктоо, алардын кайсыл табакада болгондугун билүү менен байланыштуу. Ошондуктан хадис аалымдары равилерди жалгыз гана хадис ривает кылууга жарамдуулуктарын изилдөө менен чектелип калбастан, ошол эле учурда аларды табакалары жагынан дагы иликтөөгө алышкан.[51] Хадис илиминде равилер, өзгөчөлүктөрү жана жашаган дооруна жараша классификацияланып, даражаларга жана табакаларга бөлүнгөн.

Е. Ривает – Марви

"Ривает" сөзүнүн лексикалык мааниси "кудуктан суу алуу, суу берүү, сугаруу, суусун кандыруу, кабар кылуу, айтып берүү, аңгеме айтуу" дегенди билдирет. Негизинен, бир сөздү же окуяны башка бирөөгө жеткизүү деген маанини туюндурат.[52] Хадис илиминде Аз. Пайгамбарга тиешелүү хадистерди же болбосо башка кабарларды усулуна жараша жеткизүү жана буларды кабар кылгандарга таяндыруу т.а. равилердин атын атап хадис ривает кылуу маанисин билдирет. Хадис илиминде ривает сөзү "хадис", "асар" жана "кабар" сөздөрүнүн синоними катары колдонулат.

Жогорудагы аныктама боюнча ривает үч негизги принципти камтыйт. Биринчиси, хадис же буга окшогон кабар (ривает); экинчиси, хадис алынган адам (шейх же марвий анх); үчүнчүсү, бул кабарды өзүнө жеткизгенге таяндырып ривает кылган адам (рави).[53] Рави ривает кылган хадис же кабар марви (ривает кылынган) деп аталат. Көптүк түрү "марвиййат." Хадис илиминде "риваяту-л-хадис" термини хадистерди түрдүү жолдор менен өткөрүп берүү дегенди билдирет.

---

[51] Efendioğlu, Mehmet, "Ravî", *DİA*, XXXIV/473-474.

[52] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.322; Efendioğlu, "Rivâyet", *DİA*, XXXV/135.

[53] Ünal, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis,* s.41; Uğur, Mücteba, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.322.

Риваят илими башка диндерде Ислам дининдегидей өкүккөн эмес. Мусулмандар эки-үч кылым ичинде риваятты илимге айландырышып, бул багытта мыкты адабияттарды жазышкан.[54] Ошондой эле риваят таалим-тарбия болгондуктан анын белгилүү жол-жобосу, адеби жана түрлөрү бар.

Хадистер кийинки муундарга риваят аркылуу жеткирилген. Сахабалар Аз. Пайгамбардан уккандарын жана көргөндөрүн табииндерге, алар дагы булагы менен кошо кийинки муундарга жеткизишкен. Ушундайча муундан-муунга өтүп келген. Аз. Пайгамбардын хадистеринин динди туура түшүнүүдөгү маанилүүлүгү анын түпкү маанисине дал келет. Ар кандай коркунучтарга каршы хадистерди коргоого алынуусу жана кийинки муундарга бурмаланбастан өктөрүп берилүүсү керек. Ошондуктан риваятты ишенимдүү түрдө өткөрүп берүү үчүн айрым шарттар коюлган. Бул шарттар "шуруту-р-ривая" жана "сифату риваяти-л-хадис" деп аталат.[55]

Риваяттар "лафзан" (сөзмө-сөз) же болбосо "маанан" (мааниси менен) болуп, эки түрдө риваят кылынган. Лафзан риваят – хадисти Пайгамбардан (с.а.в.) кандай уккан болсо, ошондой кылып сөзмө-сөз риваят кылуу. Маанан (мааниси менен) риваят – хадисти Пайгамбардан (с.а.в.) уккан сөздөрү менен эмес, бирдей маанини билдирген башка сөздөр менен риваят кылуу. Негизинен хадистерди сөзмө-сөз риваят кылуу керек. Аз. Пайгамбар динди жеткирүүдө хадистин оригиналдуулугун жоготпой риваят кылуусун талап кылган.[56] Бирок сөздөрдү дал өзүндөй кылып эске тутуунун кыйынчылыгы, Аз. Мухаммеддин мезгилинде хадистердин Куран сыяктуу жазылбагандыгы жана оозеки түрдө риваят кылынгандыгы сыяктуу себептерден улам хадистердин басымдуу бөлүгү сөзмө-сөз эмес, маанисине жараша риваят кылынган.

Мааниси менен риваят кылуу боюнча Аз. Пайгамбардын жеке өзүнүн уруксаты бар. Айрым сахабалар уккан хадистерин болгонун болгондой риваят кылалбай калышып, Аз. Пайгамбарга кайрылган маалда арамды

---

[54] Ugan, Dinî ve Gayr-i Dinî Rivâyetler, s.58.

[55] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.323.

[56] Ахмад б. Ханбал. *Муснад.* V/77; Дарими. *Мукаддима.* I/75; Абу Давуд. *Илим.* 10; Тирмизи. *Илим.* 7; Ибн Маажа. *Мукаддима.* 18.

адал, адалды арам кылбоо жана маанисин туура берүү шарты менен уруксат берген.[57]

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) бул дүйнө менен кош айтышкандан кийин түрдүү аймактарга тарап, хадис менен сүннөттү жеткирүү милдетин аркалаган сахабалар, хадистерди пайгамбардан укканда кылып, т.а., сөзмө-сөз ривият кылышкан деп айтуу өтө оор. Кээ бир сахабалар хадистерди сөзмө-сөз ривият кылуу маселесинде өтө кылдат мамиле жасашкан. Маанилеш сөздөрдү колдонуудан коркушуп, хадис ривият кылуудан баш тартышканы анык. Мисалы, Анас б. Малик сыяктуу айрым сахабалар бул маселеде этият болушуп, хадис ривият кылгандан кийин *"же болбосо Расулуллах буюрган сыяктуу"* (أَوْ كَمَا قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صلى الله عليه وسلم) деп сөздөрүн аякташкан.[58] Ошондой эле хадисчилер дагы маани менен ривият кылууда муну жактырышып, салт катары кабылдашкан.

Көпчүлүк сахабалардын айтымында, түпкү маанисин өзөртпөө шарты менен хадистерди маанисине жараша ривият кылууда коркунуч деле жок. Негизинен болжолдуу түрдө маанисине жараша ривият кылуу бир жарым кылымдык убакыт аралыгында сахаба жана табиин муундары тарабынан ишке ашырылган. Экинчи кылымдын орто чендеринен баштап хадистерди жазууга өткөрүү кеңири кулач жайгандыктан маанисине жараша ривият кылуу токтогон.[59]

Алгачкы доордогу Ислам аалымдары таамай ойлоп табышып, "ривият", "рави" жана "марви" сөздөрүнүн сөздүк маанилеринен, мажази (өз маанисинен башка мааниде колдонуу) терминге айланыдырышкан. Алар Пайгамбарды (с.а.в.) булакка окшоштурушкан. "Марви" т.а., "суу" анын сөздөрү (хадис) болгон. "Суу ташуу, жеткирүү" ордуна хадис ривият кылуу, Пайгамбардын (с.а.в.) айткандарын жана жүрүм-турумдарын жеткирүү болгон. Суу ташыгандын аты дагы хадис ривият кылуучуга айланган. Мындан ары анын идишинде чоргодон аккан суу эмес, Пайгамбардын булагынан аккан суусу бар. Бул жерде Аз. Пайгамбардын булагынын суусун, булактан түздөн-түз ичүүгө мүмкүнчүлүгү болбогондорго жеткирүү болуп саналат. Ушунун негизинде хадис илиминин негизги беш маселесин көрүүгө болот. Булар мажази мааниде

---

[57] Çakan, *Anahatlarıyla Hadis,* s.63.
[58] Ибн Маажа. *Суннат.* 3.
[59] Yücel, *Hadis Usûlü*, s.93.

булак, суу, суу ташуу иши, суу ташыгандар жана суу сактоочу жай болуп саналат. Хадисчилердин тили менен, хакики (чыныгы) мааниси:

1) Аз. Пайгамбардын жеке өзү.

2) Анын хадистери,

3) Хадистерди кийинки муундарга жеткирилүүсү, риваяты.

4) Хадистерди жеткизүү милдеттемесин алган адамдар, равилер.

5) Хадистер топтолгон китептер.[60]

Ё. Санад – Иснад

"Санад" сөзүнүн лексикалык мааниси "таянуу, ишенүү, колдоо, жардам кылуу, жөлөнүү"[61] дегенди билдирет. Терминологиялык мааниси "хадистин алгачкы булагына чейинки жолду түзгөн равилердин чынжырчасы." Башкача айтканда, хадисти акыркы жеткирген мухаддис менен Аз. Пайгамбар ортосундагы равилердин ысымдары. Хадистин кимден келгендигин көрсөткөн жана документ катары каралган санад, хадистин кепилдиги болуп саналган.[62]

Хадисти башкаларга жеткизген рави хадисти кимден алгандыгын, алган адамдын дагы кимден риваят кылгандыгын билдирген айрым өзгөчө терминдер колдонулат. Хадис санаддарында риваят сөздөрү деп аталган "хаддасана" (حدثنا), "ахбарана" (اخبرنا), "анбаана" (أنبأنا), "самиъту" (سمعت), "анна" (أن), "каала" (قال) жана "ан" (عن) сыяктуу сөздөр колдонулат. Бул сөздөрдүн айрымдары кыскартылып берилет. Мисалы, "каала" сөзү көбүнесе санаддан чыгарылат. Хадис санаддарын туура окуу үчүн бул кыскартууларды билүү зарыл.

Хадис санаддарындагы кыскартуулардын айрымдары мындайча: "бизге риваят кылды" маанисиндеги "хаддасана" (حدثنا) сөзү болсо, "сана" (ثنا) жана (نا) болуп; "мага риваят кылды" маанисиндеги "хаддасани" (حدثني) сөзү болсо, "дасани" (دثني) жана "сани" (ثني) болуп кыскарат. "Мага кабар

---

[60] Yıldırım, "Râvî" mad., *Şamil İslam Ansiklopedisi*,

[61] Фирузабади. *аль-Камусу-л-мухит.* 370-б.; Ибну-л-Асир. *ан-Нихая.* II/408.

[62] Ünal, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis*, s.42; Çakan, İsmail Lütfi, *Hadis Usûlü,* s.29.

берди" маанисиндеги "ахбарана" (أخبرنا) жана "анбаана" (أنبانا) сөзү болсо, "ана" (انا) болуп кыскарат.[63]

"Санад" жана "иснад" терминдерин биринин ордун бирин колдонуу менен бирге иснад – хадистин санадын билдирилүүсү дегенди билдирет. Равилердин чынжырчасыны, т.а., санадды "хаддасана" (حدثنا), "анбаьана" (أنبانا) жана "ахбарана" (أخبرنا) сыяктуу сөздөр менен билдирүү, сөздү ээсине таяндыруу дегенди билдирет.[64] Эки терминдин тең көптүк түрү "асанид" деп аталат.

Кийинки мезгилдегидей иснад системасынын сахаба мезгилинде дагы бар экендигин айтууга болбойт. Анткени сахабалар Аз. Пайгамбардан уккандарын жана көргөндөрүн жоро-жолдошторуна дал өзүндөй жеткизип турушкан. Айрым сахабалар хадис жеткизген кээ бир сахабаларга хадисти кимден уккандыгын сураштыруусу, ал хадисти башкалардын угуп-укпагандыгын изилдөөсү, хадис жеткизгендерге ант бердирүүсү сыяктуу нерселер иснад түшүнүгүнүн өзөгүн түзүшөт. Сахабалар хадистерди Пайгамбардан (с.а.в.) кандай уккан болсо, ошондой риваят кылуу үчүн өтө этияттык менен мамиле жасашкандыгы, ката кетирүү коркунучунан улам ашыкча хадис риваят кылуудан сактангандыгы, равилердин абалын кылдаттык менен изилдегендиги жана хадисти түздөн-түз Аз. Пайгамбардан уккан сахабадан алуу үчүн машакаттуу сапарларга (рихла) чыгышканы келечек муундар үчүн үлгү болгон.[65]

Табииндер мезгили равилер иликтөөгө алынган жана иснад пайда болгон доор катары белгилүү. Ислам тарыхында хадис илиминдеги иснад түзүмүнүн пайда болуусуна бүлүктөрдүн жана жалган хадистердин таркалышынын тиешеси бар. Мухаммед б. Сирин иснаддын башталышы туурасында (ө. 110/728): "*мурун иснад туурасында сурашчы эмес, качан гана фитна (бүлүк) пайда боло баштаганда "бизге равилериңер туурасында маалымат бергиле, дей башташты.* [66] *Ахли сүннөттөн хадистер алынган; Ахли бидаттан болсо, хадистер алынган эмес*"[67] – деп айткан.

---

[63] Çakan, *Hadis Usûlü*, s.32-33.
[64] Ahmed Nâim, *Sahih-i Buhârî Muhtasarı Tecrid-i Sarîh Tercemesi*, I/72.
[65] Polat, Salahattin, *Hadis Araştırmaları*, s.16.
[66] Муслим. *Мукаддима.* 5.
[67] Муслим. *Мукаддима.* 7; Хатиб аль-Багдади. *Кифая.* 122-б.

Булактарда берилген маалыматтар боюнча "иснад" термин катарында хижрий I кылымдын ортолорунда калыптанган. Балким, ага чейин да белгилүү жана техникалык термин катарында колдонула башталгандыр. Буга хижрий 110 /милади 728-жылы бул дүйнө менен кош айтышкан Мухаммед Ибн Сириндин жогоруда айткан сөздөрү эң күчтүү далил боло алат.

Ибн Сириндин бул айткандарынан жалган хадис жаюу аракети фитналар (чагымчылдык) менен коштолгондугун, мухаддистердин дагы иснад аркылуу каршы турууга аракеттенгендигин көрүүгө болот. Маалым болгондой, бул доордогу эң маанилүү фитна алгач Аз. Осмондун (ө. 35/655) шейит кетиши, Жамаль (36/ 656) жана Сыффин сыяктуу ички кагылышуулар (37/657), Харижилерди жоготууга учураткан Харура окуясы (38/658) жана Карбала трагедиясы сыяктуу окуялар болгон.[68]

Кыскача айтканда, иснад хижрий биринчи кылымдын экинчи жарымынан тарта көбүрөөк колдонула баштаган. Убакыттын өтүшү менен андан ары өнүгүп-өсүп, кеңири жайылып олтуруп, хижрий биринчи кылымдын аяк ченинде хадистин ажырагыс бир бөлүгү болуп калган. Бул доордо иснаддын кеңири тарашында жана хадистин ажырагыс бөлүгү болуп калышында табиин аллымдардан өзгөчө Шаъби (ө. 103/721), Мухаммед б. Сирин жана Ибн Шихаб аз-Зухринин чоң салымы бар. Иснаддын башталышы туурасында булактарда " أول من أسند الحديث الزهرى" (Зухри алгачкылардан болуп хадисти санады менен берген) деген сөздү жолуктурууга болот.[69] Ибн Сириндин замандашы болгон Зухринин (ө. 124/742), алгачкылардан болуп хадисти иснад кылган киши катарында сыпатталып калышы, Умар б. Абдулазиздин (ө.101/719) буйругу менен хадистерди алгачкылардан болуп тадвин (лексикалык мааниси "топтоо, жыйноо, чогултуу" дегенди билдирет. Хадис илиминде "сахабалар тарабынан жазылган баракларды топтоп китеп абалына келтирүү, оозеки риваят кылынган хадистерди жазып бир китепте чогултуу") кылгандыгы же болбосо иснадды жөнгө салуу үчүн жасаган иш-аракетинен болушу мүмкүн. Зухри иснадсыз хадис риваят кылган Исхак б. Аби Фарвага (ө.144/761): "Алла жазаңды берсин! Эмне үчүн

---

[68] Hatiboğlu, *İslamî Tenkid Zihniyetinin Doğuşu ve Hadis Tenkitçiliği*, (Basılmamış Doktora Tezi), s.59.

[69] Рамахурмузи, Хасан б. Абдиррахман. *аль-Мухаддису-л-фасил байна-р-рави ва-л-ваи.* 208-б.; Хатиб аль-Багдади. *Кифая.* 392-б.

хадисинде иснад жок? Кайсыл арыңа бизге эч кандай байланышы жана чынжырчасы жок хадистерди риваят кылып жатасың!" деп катуу айткан[70] жана ошол эле себептен улам Абу Хазмга (ө. 140/757) дагы эскертүү берген.[71] Ошондой эле Зухри иснадды колдонууда кайдыгер мамиле жасаган Шамдыктарга: "Эй Шам калкы! Силер хадистериңерди жипсиз, туткасыз (санады жок) риваят кылып жатканыңар туура эмес" [72] – деп эскертүү берген.

Хадис аалымдары иштеп чыккан иснад системасы менен Пайгамбардын (с.а.в.) хадистерин сактап калуу милдеттемесин алышкан. Ислам аалымдары Пайгамбардын (с.а.в.) хадистерин жана сүннөтүн коргоп калуу үчүн ишенимдүү равилердин үзгүлтүксүз санад менен жеткизүүлөрү Алланын жалгыз мусулмандарга берген бир нимети экендигин, башка улуттарда мындай риваяттын түрү жок экендигин белгилешкен. Хадисте колдонулган иснад түзүмүнүн эң маанилүү максаты, Пайгамбардын (с.а.в.) хадистерин коргоого алуу, айрым сөздөрдүн же түшүнүктөрдүн хадис деп таркатылуусуна жолтоо болуу жана хадистерди ишенимдүү түрдө кийинки муундарга өткөрүп берүү болуп саналат. Ошондуктан сахабадан кийинки табиун мезгилинде хадистин Пайгамбарга (с.а.в.) караштуу болуп-болбогондугун аныктоо максатында иснадка баш багуу зарылчылык болуп саналган. Себеби Абдуллах б. Мубарак айткандай эле *"Иснад – бул динден. Эгер иснад болбогондо каалаган каалаганын риваят кылат эле."*[73]

Иснад равилердин санына жараша **суласи** (үч равиден турган), **рубаъи** (төрт равиден турган) жана **хумаси** (беш равиден турган) болуп бөлүнөт. Бир хадис эки башка иснад менен риваят кылынса, равилердин саны аз болсо "аали иснад", ал эми равилердин саны көп болсо "назил иснад" деп аталат. Хадисти жеткирген ар бир равинин ката кетирүү ыктымалдыгы бар. Аны эске алганыбызда равилердин саны аз (аали иснад) иснаддар башкаларга салыштырмалуу сахих жана баалуу деп кабылданат. Албетте, бул хадисте равилердин бардыгы ишенимдүү болсо гана жарайт.[74] Баштан аягына чейин ар бир рави хадисти түздөн-түз устазынан алса, анда ал иснад "муттасыл" же "мавсул" деп аталат.

---

[70] Хатиб аль-Багдадий. *Кифая.* 391-б.

[71] Ибн Касир, Абу-л-Фида. *аль-Бидая ва-н-нихая.* IX/345.

[72] Захаби, Абу Абдуллах Шамсуддин Мухаммед б. Ахмед б. Осмон. *Сийару аълами-н-нубела.* V/334.

[73] Муслим. *Мукаддима.* 5; Хаким ан-Найсабури. *Маърифату улуми-л-хадис.* 6-б.

[74] Ünal, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis,* s.40; Yıldırım, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı,* s.40.

Иснаддан рави түшсө, анда хадис равинин түшкөн жерине жараша ар кандай аталат.

Иснад эң сахих жана эң заиф болуп дагы бөлүнгөн. Санаддагы равилерди эң ишенимдүү болгондоруна т.а. адилеттүүлүк жана забт жагынан даражасы жогору тургандардан түзүлгөн иснаддар "асахху-л-асанид" (иснаддардын эң сахихи) деп аталса, эң заиф болгондору "авха-л-асанид" (иснаддардын эң заифи) деп аталган.[75]

Иснад хадисти ривият кылган равилер жана хадистин кандай ыкма менен алынганын билдирген ривият сөздөрү болуп экиге бөлүнөт. Мисал аркылуу төмөндөгүдөй түшүндүрсөк болот:

حَدَّثَنَا أَبُو كُرَيْبٍ مُحَمَّدُ بْنُ الْعَلَاءِ، وَإِبْرَاهِيمُ بْنُ مُوسَى، قَالَا: حَدَّثَنَا ابْنُ أَبِي زَائِدَةَ، عَنْ أَبِيهِ، عَنْ خَالِدِ بْنِ سَلَمَةَ، عَنِ الْبَهِيِّ، عَنْ عُرْوَةَ، عَنْ عَائِشَةَ، قَالَتْ: " كَانَ النَّبِيُّ (ص)"يَذْكُرُ اللَّهَ عَلَى كُلِّ أَحْيَانِهِ."

Абу Курайб Мухаммед б. аль-Алаа (ө.248/863) – Ибрахим б. Муса (ө.225/840) – Ибн Аби Заида (ө.183/800) – Атасы (Закариййа б. Халид б. Маймун) (ө.147/765) – Халид б. Салама (ө. 132/750) – Бахийй (ө.?) – Урва (ө.94/173) – Айша (ө. 57/677) санады менен ривият кылганына караганда ал мындай деген: "Алла элчиси (с.а.в.) дайыма Алланы эскерет эле."[76]

Иснадда орун алган ар бир адам хадисти жеткирген киши деген мааниде "рави", ал эми *"хаддасана (бизге хадис айтты), ахбарана (кабарлады)"*, жана *"ан"* сыяктуу хадистин кандай ыкма менен алынгандыгын билдирген сөздөр "ривият" деп аталат. Жогоруда хадисте *Абу Курайб Мухаммед б. аль-Алаа, Ибрахим б. Муса, Ибн Аби Заида, Атасы (Закариййа б. Халид б. Маймун), Халид б. Салама, Бахийй, Урва, Айша* хадисти ривият кылган равилер, "хаддасана", "каала", "ан" болсо ривият сөздөрү болуп саналат.

Иснадды изилдеп жатканда акыркы равиден баштоо керек. Ушундан улам, хадисти эң акыркы ривият кылган рави иснаддын башталышы (ибтидасы), хадисти Аз. Пайгамбардан ривият кылган сахабалар иснаддын акыры (мунтахасы) болуп саналат.

---

[75] Küçük, Raşit, "İsnad", *DİA*, XXIII/158.

[76] Муслим. *Хайз.* 3/30; Тирмизи. *Даават.* 44/9; Абу Давуд. *Тахарат.* 1/9; Ибн Маажа. *Тахарат.* 1/11; Ахмад б. Ханбал. *Муснад.* XL/473, XLII/112, XLIII/392; Абу Авана. *Муснад.* I/185; Ebû Ya'lâ, *Müsned,* VIII, 152, 355; Ибн Хузайма. *Сахих.* I/104; Байхаки. *ас-Сунану-л-кубра.* I/90.

Ж. Матн

"Матн" сөзүнүн лексикалык мааниси "бийик жер, күчтүү, бышык, мыкты, бекем" дегенди билдирет. Матн (хадистин тексти) хадистин негизин түзөт жана иснаддан кийин келет. Негизи хадистин маңызы бул – матн. Хадис түзүмүнүн экинчи бөлүгүн түзөт. Терминологиялык мааниси "иснаддын бүткөн жери жана Аз. Пайгамбарга байланыштуу айтылган сөздөр" дегенди билдирет. Матн, иснад аркылуу риваят кылынган кабар болуп саналат. Негизинен, хадистин өзү матндан турат. Санад болсо кийинчерээк кошулган бөлүк. Санад сөздүн ээсине караштуу болуп болбогондугун аныктоого жардам берет. Хадистин бир равийден экинчи равийге берилиши – риваят, ал эми берилген хадис – марвий деп аталат.[77]

Санад	Хаддасана Мухаммед б. Башшар каала Хаддасана Йахйа каала хаддасана Шуъба каала хаддасана Абу-т-Тайах ан Анас ани-н-Набиййи саллаллаху алейхи ва саллам каала:
Матн	*"Жеңилдеткиле, оорлоштурбагыла! Сүйүнчүлөгүлө, ирээнжитпегиле!"* [Бухари. *Илим.* 12; Муслим. *Жихад.* 6.]

Хадис санаддары боюнча илимдин тармактары болгондой эле матндар боюнча дагы илимдин тармактары бар. Хадис матндары боюнча жазылган эмгектер көбүнесе хадис чечмелөөчүлөр (шарихтер) жана фикхчылар тарабынан жазылган. Мисалы, сөздөрдү изилдеп чыгуу, гариб сөздөргө түшүндүрмө берүү (гарибу-л-хадис), хадистеги өкүмдөрдү чечмелөө (фикху-л-хадис), хадистин сабаб-и вурудун ачыктоо (асбабу вуриди-л-хадис), бири-бирине карама-каршы келген хадистерди бир пикирге келтирүү (мухталафу-л-хадис), хадисте проблема катары көрүлгөн маселеге түшүндүрмө берүү (мушкилу-л-хадис), насих жана мансух хадистердин матндары жөнүндөгү иш-аракеттерди айтсак болот.[78] Ошондой эле хадис матндары Куранга жана сахих сүннөткө дал келүү менен бирге акли принциптерге жана тырыхый чындыкка да карама-каршы келбеши керек.

---

[77] Küçük, "Metin" *DİA*, XXIX/411.
[78] Küçük, "Metin" *DİA*, XXIX/413.

Хадис усулунда матн, алынган булагы боюнча кудси, марфу, мавкуф, макту; сахих болуп болбогону жагынан сахих, хасан, заиф, мавзу жана жеткирген равилердин санына жараша мутаватир, ахад сыяктуу бөлүктөргө бөлүнөт. Албетте, бул темага кийин дагы токтолобуз.

Хадис аалымдары матнга маани бербестен санадына карап туруп сахих, хасан же заиф өкүмүн бериши мүмкүн. Матндын сахихтигин белгилеп кетпестен иснаддын сахихтигинен сөз кылышы мүмкүн. Себеби санаддагы равилердин ишенимдүүлүгүнөн улам хадис сахих, бирок хадистин матнына байланыштуу маселеден улам сахих болбошу мүмкүн. Тескерисинче матн сахих болуп, санад сахих болбой калышы мүмкүн. Хадис матнынын сахих жана макбул болушу үчүн санад жана матн жагынан талап кылынган шарттарга жооп бериши керек.[79]

3. Тарик-Табака-Важих

"Тарик" сөзүнүн лексикалык мааниси "жол" дегенди билдирет. Хадис усулунда хадис матнын жеткизген рави ысымдарынын катары менен тизмектелиши тарик деп аталат. Андыктан хадис санадынын башка бир аты тарик болуп саналат. Көптүк түрү "турук." Хадис санадындагы акыркы рави менен Аз. Пайгамбар ортосундагы риваят чынжырчасын түзгөн рави ысымдарынан турат.[80]

Табака – бир мезгилде өмүр сүргөн, бирдей жаштагы жана риваят боюнча бир доордогу равилердин тобуна берилген ысым. Башкача айтканда, бир эле устаздан сабак алып жана ошол эле шакирттерге риваят кылган равилердин тобу.[81] Равилердин алгачкы үч табакасын сахаба, табиун жана табау-т-табиин доору түзөт.[82]

Хадис равилеринин риваят доору деп дагы аталган хижрий алгачкы үч кылымдын аяк чендерине чейин беш табакага бөлүнгөн. Хижрий 1-110 сахаба, 110-180 табиин, 180-220 таба-и табиин, 220-260 атбау атбаи-т-табиин, 260-300 атбау атбаи атбаи табиин дооролору болуп саналат.[83]

---

[79] Küçük, "Metin", *DİA*, XXIX/412.
[80] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.393.
[81] Aydınlı, *Hadis Istılahları Sözlüğü*, s.146;
[82] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.380.
[83] Yücel, *Hadis Usulü*, s.117-118.

Хадис усулунда "важих" сөзү санад же тариктин синонимии катары колдонулган. Мисалы: "لا نعرفه إلا من هذا الوجه" (бул хадисти жалгыз гана бул важихтен билебиз) сөзү санад же тарик маанисинде колдонулган. Важих, бул санад башкача айтканда, тарик болуп саналат.[84] Тарик, табака жана важих терминдери бир эле хадистин түрдүү санаддар менен риваятында, равилердин ишенимдүүлүгүнө жараша "хадис бул тарик аркылуу сахих, бул важих менен заиф" сыяктуу болуп дагы келет.[85]

И. Жарх жана таъдил

"Жарх" сөзүнүн лексикалык мааниси "жарадар кылуу, дартын козгоо, четке кагуу" дегенди билдирет. Терминологиялык мааниси "равиде же анын риваятындагы кемчиликтен улам равини же болбосо риваятын четке кагуу" дегенди туюндурат. Жарх, бул равинин ишенимсиздигин, т.а., адилеттүүлүк жана забт сыпаттарына ээ эместигин билдирет. Кемчилдиги аныкталган рави "мажрух" деп аталат.[86]

"Таъдил" сөзүнүн лексикалык мааниси "ырастоо, тазалоо, түзөтүү, адилеттүүлүк менен өкүм жүргүзүү" дегенди түшүндүрөт. Терминологиялык мааниси "бир равинин адилеттүү экендигин айтып, анын риваяттарын кабылдоо" дегенди туюндурат. Таъдил кылынган, башкача айтканда, адилеттүүлүгү аныкталган равилер үчүн "сика" (ишенимдүү), "сабт" (бекем) жана "хужжат" (далил) сыяктуу терминдер колдонулат.[87]

Хадис илиминде равилердин "жарх" жана "таъдил" жагын изилдеген илим "жарх жана таъдил илими" деп аталат. Бул илимде айрым терминдер аркылуу равилердин кемчилдиктери жана артыкчылыктары иликтөөгө алынат.[88] Жарх жана таъдил, бул хадис риваят кылуучуларды сынга алып, алардын хадис риваят кылуудагы катачылыктарын же

---

[84] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.419.
[85] Ünal, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis,* s.41.
[86] Aşıkkutlu, "Cerh ve Tadil" mad., *DİA*, VII/394; Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis*, s.42.
[87] Ünal, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis,* s.42.
[88] Çakan, *Anahatlarıyla Hadis,* s.86.

болбосо ишенимдүүлүгүн өзгөчө айрым терминдер менен ачыкка чыгаруу дегенди туюндурат.[89]

Жарх жана таъдил илими хадистин эки негизги бөлүгүнүн бири жана ишенимдүү хадис матнына (хадис тексти) жетүү каражаты катары эсептелген иснадды жөнгө салуучу система болуп саналат. Бул системанын жардамы менен хадис жеткиргендердин диний жана илимий даражалары, ошондой эле хадистердин ишенимдүүлүгү жана тууралыгы ачыкка чыгат. Ушундан улам Али Ибну-л-Мадини хадис рижальин (хадис риваят кылгандарды) билүүнү бул илимдин жарымы катары санаган.[90]

---

[89] Subhî es-Sâlih, *Hadis İlimleri ve Hadis Istılahları*, s.87.
[90] Aşıkkutlu, *Hadiste Ricâl Tenkidi*, s.61.

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ*

АЗ. ПАЙГАМБАР ДООРУНДА ХАДИС

Аз. Пайгамбардын жашоо образын өздөрүнө идеал туткан мусулмандар, Куран менен бирге хадистерди үйрөнүүсү жана бул хадистердеги буйрук-тыюуларга баш ийүүсү абзел. Башкача айтканда, Пайгамбардын бардык жасаган иш-аракетин жана жүрүм-турумун өздөрү үчүн милдеттүү принцип катары сиңирип алышкан. Анткени Куранда Пайгамбардын (с.а.в.) таблиг[1] (билдирүү) жана табйин[2] (баян кылуу, чечмелөө, акыйкатты көрсөтүү) милдети менен жоопкерчилик алганы, мезгил-мезгили менен Расулуллахка моюн сунууну[3], анын алып келген үйрөтүүлөрүнө баш ийүүгө жана тыйган нерселеринен сактанууга чакырган[4] өкүмдөр билдирилген.

Башкача айтканда Куранда Аз. Пайгамбар "эң мыкты өрнөк" катары сүрөттөлгөн[5] жана ага баш ийүү Аллага баш ийүүгө барабар экени билдирилген.[6] Эч күмөнсүз Алла элчисине баш ийүү, буйрук-тыюуларына иттиба (баш ийүү) негизинен, анын сүннөтүндө жана бизге жеткен хадистеринде билдирилген. Бул нерсе Аз. Пайгамбардын көзү тирүү кезинде эле башталган. Мусулмандар хадистерге кулак салып, уккан нерселерин сактоого чоң аракеттерин жумшашкан. Бул боюнча эң көп хадис риваят кылуусу менен таанылган Абу Хурайранын (ө. 59/678) айтканы, сахабанын хадиске болгон жакын мамилесин айгинелеп турат. Абу Хурайра:

"Мухажир бир туугандарыбыз базарларда соода-сатык жана ансарлар да дыйканчылык менен алектенип жатышканда Абу Хурайра курсагын тойгозуу менен Аз. Пайгамбарга кызмат кылып, алардын көрбөгөн жана билбеген нерселерине күбө болгон."[7]

---

* Доц. док. Мухиттин Дүзенли

1 Мааида, 5/67.

2 Нахл, 16/44,64.

3 Аалу Имран, 3/32; Ниса, 4/59; Мааида, 5/92; Ахзаб, 33/36.

4 Ахзаб, 33/21.

5 Ахзаб. 33/21.

6 Ниса. 4/70.

7 Ибн Хиббан. *Сахих.* XVI/105.

Чындыгында, сахабалар Куранда билдирилген "Алла элчисине баш ийгиле"[8] буйругунун негизинде хадистерди сактап калууга болгон күчүн жумшашкан. Аны менен бирге, Аз. Пайгамбардын хадистеринин коргоого алынуусу жана риваят кылынуусу боюнча айткан үгүт-насааттары[9], хадистеринин сакталып калышына себеп болгон. Риваяттардын биринде Али б. Абу Талиб мындай деп айткан: "Расулуллах жаныбызга келип мындай деди: "Раббим! Халифаларыма ырайымынды төк." Биз, "Оо, Алла элчиси Халифаларың ким" - деп сураганыбызда, ал: "Менден кийин келип хадистеримди риваят кылган жана башка инсандарга үйрөткөндөр" – деди. [10]

Ушундай ишеним жана Аз. Пайгамбардын үгүт-насааттарынан улам мусулмандар кандай гана маселеде болбосун анын айткан сөздөрүн топтоп, коргоп калууга бел байлашкан. Ошентип мусулмандар, бир тараптан риваяттардын ага таандык болуп болбогондугун тактоого киришишсе, экинчи тараптан аларды бириктирүү аракеттерин башташкан.

1. Сахабаларга хадистерди риваят кылууга таасир берген себептер

Куранда согуш учурунда да бир топтун артта калып, динди туура үйрөнүп, согуш бүткөндөн кийин башка диндеш туугандарына динди үйрөтүүсү каралган.[11] Бул Кудайдын принциби катары Куранды жана анын чечмелөөчүүсү болгон Аз. Пайгамбардын хадистерин эң азындан бир бөлүгүн үйрөнүү ар бир мусулман үчүн милдет болуп саналат. Аны милдет катары көргөндүктөн Аз. Пайгамбардын хадистерин жаттап, башкаларга жеткирүү үчүн үйрөнүү жана тарбиялоо иш-аракеттеринде эбегейсиз жанданууу башталган. Ислам тарыхында "илим" сөзү кылымдар бою жалгыз гана хадиске тиешелүү маселелерди үйрөнүү маанисинде колдонуп келген.

Сахаба доорунда хадистерди алуунун (үйрөнүүлүсү) жана аны сактап калуунун эки жолу болгон. Алардан бири *хафыза* (жаттоо), экинчиси *китабат* (жазуу) болуп эсептелген. Ошону менен катар, Ислам динининин

---

[8] Аалу Имран. 3/32; Ниса, 4/59.
[9] Абу Давуд. *Илим.* 10.
[10] Рамахурмузи. *аль-Мухаддису-л-фасл.* 163-б.
[11] Тавба. 9/122.

алгачкы жылдарында сабатсыздык, т.а. окуу жана жазуу деңгээлинин төмөндүгү, жазууну каалагандардын туура жана так жаза албагандыгы, жана араб жазуусунун өнүкпөгөн абалынан[12] улам жазууга караганда жаттоого маани беришкен.[13]

Ислам дини келе электен мурун араб жазуусу кемчиликтерге толгон. Тамгалар арасында айырмалоочу эч кандай белгилер болгон эмес. Эгер ошол сыяктуу абалдарда матнга (тексттке) тиешелүү угуу болбосо туш келди же болжолдуу түрдө окуп салышкан. Мисалы: (фаъала) فعل сөзүнө белги жана тыбыш коюлбаса فيل (кыймыл), قيل (айтылды), قبل (мурда), قتل (өлтүрүү), فتل (жип өрүү) сыяктуу маанилерде да окууса болот. Ислам динин жайылышынын алгачкы күндөрүндө Мекке шаарында Курайш уруусунан жалгыз он жети киши гана жазганды билген. Мадинада болсо бул эсеп андан да төмөн экени белгилүү болгон.[14]

Араб жазуусунун бул абалы хадистерди оозеки риваят кылынышына жана китабаттын (жазылышын) экинчи планга калышына себеп жараткан. Мурунтан эле оозеки маданияттан жазуу маданиятына өтпөгөн коомдор, маалыматты жаттоо жолу менен гана риваят кылуудан башка чара жок эле.[15] Өзгөчө, Пайгамбар менен бир заманда жашашы жана күмөн туудурган хадистерди өзүнөн сурап билүү мүмкүнчүлүгү, жаттаганга себеп болгон. Ошондуктан сахабалар риваят кылган хадистеринде кандайдыр бир маселе жаралганын көргөн учурда: "Эгер бир маселеде түшүнбөстүккө учурасаңар Аллага жана анын элчисине кайрылгыла?"[16] аяттындагы буйрук эскертилгенде дароо Пайгамбарга (с.а.в.) кайрылышкан. Умар б. Хаттабдын (ө. 23/644) Тавба сүрөсүнүн кандай окула тургандыгын Пайгамбардан (с.а.в.) сураган.[17]

Жогорууда айтылган риваяттарда күмөн жараткан бир кабарды тактоо бардык сахабалар тарабынан ишке ашыргандыгы жана кандайдыр бир кичинекей шектенүүдө, Пайгамбарга кайрылуу жолуна баргандыгы байкалат.

---

[12] Nihad M. Çetin, *Eski Arap Şiiri,* s.25-26.
[13] Хатиб аль-Багдади. *Такйид.* 18-б.
[14] Белазури, Ахмед б. Йахйа б. Жабир б.
[15] Görmez, *Hadisin Anlaşılması ve Yorumlanması,* s.10.
[16] Ниса. 4/59.
[17] Муватта. Куран. 15/4.

2. Хадистердин сактап калууда колдонулган каражаттар

Жалпы көз карашта Аз. Пайгамбар доорунда хадистер көбүнесе оозеки ривает кылынган. Ошону менен бирге айрым сахабаларга хадистерди жазууга уруксат берилген. Хадистердин жазылып-жазылбагандыгына байланыштуу талаш-тартыштарды кийинки темада колго алабыз. Бирок хадистерди жазууга тыюу салган жана эркиндик берген риваяттар маселесинде талкуулар болгону менен сахабалар мажбур абалда болбогондо өзгөчө максаттарда жазып топтогону, кээ бир сахабалардын Аз. Пайгамбардын тирүү кезинде эле айрым хадистерди жазгандыгы белгилүү. Хадистердин жазылышына жалпы тыюуга карабастан Абдуллах б. Амр ал-Ас (ө. 65/684) сыяктуу сахабаларга Пайгамбар өзгөчө уруксат берген жана кээ бир абалдарда Алла элчиси өзү жаздырткан.[18]

Абдуллах б. Амрга жазуу боюнча уруксат берген риваятта[19] Абдуллах хадистерди жаттоо максатында жазгандыгы айтылат. Ал риваяттагы "жазуу" сөзү "жаттоо" сөзү менен байланыштырылганы маанилүү болуп саналат. Ошол себептен Пайгамбар (с.а.в.) доорундагы хадистердин жазылышы, жазылуу матнды (текстти) башкалара өткөрүүдөн мурда жаттоого жардам берүүсүнө багытталган иш-аракет болуп саналат. Бул да бизге Расулуллах доорунда жалпысынан оозеки ривает кылуу методдору колдонулуп, жалгыз гана жаттоого жардам берүү максатында хадистердин жазылгандыгы көрүнгөн. Эч күмөнсүз, Расулуллах доорунда хадистер эч жазылбаган деп айтуудан алыспыз. Тескерисинче, жогорууда жазуу маселесиндеги уруксаттан кийин гана көптөгөн сахабалар тарабынан жаттоого жардам болуу максатында жазгандыгын сөз кылганбыз. Ага кошумча конституция текстти (Мадина шаарынын конституциясы), эл каттоосу, дипломатиялык каттар, динге чакыруу каттары, башчыларга көрсөтмөлөр, келишимдер, салык баалары жана өкүмдөрү сыяктуу эле Алла элчиси тарабынан расмий жазылган жана жаздырылган хадистерди белгилесек болот. Айта турган максатыбыз оозеки хадистердин ривает кылынуусу жазуудан да маанилүү болгон. Анткени хадистердин жазылышына каршылык көрсөткөн сахабалардан келген кабарларда[20] жана андан кийинки дооорлордо Аз. Абу

---

[18] Тирмизи. *Илим.* 39/12.
[19] Абу Давуд. *Илим.* 64/3.
[20] Хатиб аль-Багдади. *Такйид.* 42, 53-б.

Бакир (ө. 13/634) сыяктуу сахабалар колунда болгон жазылуу нускаларды өрттөшү,[21] жазуунун жаттаганга жардам берүү максатында гана колдонулгандыгына ишарат кылат. Жогорууда сөз кылган хадистердин жазылышына каршы чыгуунун себеби хадистер менен Куран аяттары аралашып кетүү тынчсызданууусунан жана араб жазуусунун китептерден баян кылуу жеткиликтүү даражада болбогондугунан жаралган.

Тагыраак айтканда, ал доорлордо араке жана тыныш белгилери болбогон[22] араб жазуусу, хадистерди жеткирүүдө туура эмес окуулушуна жана катачылыкка жеткире турган абалда эле. "Такйидул-илм" китебинин изилдөөчүсү Йусуф аль-Аш бул маселеде Ислам дининин алгачкы күндөрүндө жазуу аз колдонулганын, жазууну каалагандар да жакшы жаза албагандыгын жана ошол себептен ката кетиргендерин билдирген.[23]

Ошондуктан бул жазуу иштери, жогорууда белгилегендей эле жалгыз гана жаттоого жардам берүү максатында Аз. Пайгамбардан уккан хадистерди жазган авторлор, өлбөстөн мурун китептерин жок кылып[24] же ишенген адамдарына пайдаланууусу үчүн осуят катары таштап кетишкен. Бул маселеде Халид аль-Худаинин "Жаттаган хадистерден ичинен бир гана хадисти жазгам. Аны жаттаган соң жазганымды жок кылгам"[25] деген сөзү далил катары келтирилген.

Жогорууда сөз кылынган риваяттардан араб жазуусунун жеткиликсиз болушу, жазууга караганда жаттоого көп ишенилиши, жазууга тыюу салган кабарлар, хадистердин жазылып сакталышындагы тынчсызданууулар жатканы байкалат. Бирок аны менен бирге айрым сахабаларга жаттоого жардам берүү максатында Аз. Пайгамбардын айрым сөздөрүн да жазуу иретинде алышкан. Тиешелүү булактарда көптөгөн сахабаларга ыйгарылган сахифалардын (хадис баракчаларынын) сөз кылынышы да хадистердин жазууга уруксат берилишине далил боло алат. Негизинен биз айта турган маселе хадистердин Аз. Пайгамбар доорунда жазылып-жазылбагандыгын айтуу эмес, тескерисинче, риваяттардын муундан-муунга жеткирилишинде кандай ыкманы колдонгону маселесинде бир жыйынтыкка жетүү саналат. Негизинен темага тиешелүү сөз кылынган кабарлардан, риваяттардын оозеки түрдө

---

[21] Хатиб аль-Багдади. *Такйид.* 53-б.

[22] Мунажжид, Салахуддин. Дирасатун фи тарихи-л-хатти-л-араби. 125-130.

[23] Хатиб аль-Багдади. *Такйид.* 18-б.

[24] Рамахурмузи. *аль-Мухаддису-л-фасл.*384-б.

[25] Рамахурмузи. *аль-Мухаддису-л-фасл.* 381, 383-б.

жеткирилгени жана жеткирүү учурунда жазылган материалдардын кемчиликтеринен улам жакшы каралбаганы байкалат. Малик б. Анаска (ө. 93/717) сика болгонуна карабастан хадистерин жаттабагандардан хадис риваят кылса болобу деген суроого мындайча жооп берген: "*Жок, болбойт. Колунда бир китеп болсо да алынбайт. Анткени карангыда хадистердин арасына бир нерселердин кошулуусунан коркуш керек.*"[26] Малик б. Анастын бул сөзү, кооптонуунун белгиси катары каралат.

Хадистердин жазылышы жана риваят кылынышы маселесиндеги пикирлерден кийин сахабалар хадистерди алууда колдонгон ыкмаларын изилдөө туура болор. Анткени тил жана адабиятта же коомдук тармактагы өнүгүүлөр убакыт өткөн сайын жаңы методдорду колдонуу милдеттүү түргө айланат жана бул жаңы ыкмалар кийинки негиздерге өбөлгө түзүп берет.

3. Сахабанын хадис алууда колдонгон методдору

Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) тирүү кезинде хадистер көбүнчө оозеки риваят кылынганы жана бир бөлүгү хадистерди жазуу менен сакталгандыгын билдиргенбиз.

Аз. Пайгамбар бул дүйнөдөн кош айтышкандан кийин хадистерди алгачкы булагынан тастыктоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган сахабалар, риваяттардын тууралыгы маселесинде өздөрүнө таандык жеке методдорду иштеп чыгышкан. Хадис алуу жана берүү жолдору катары атай турган бул методдор хадистин тууралыгын белгилей турган негизги элементтер катары каралып, бул методдордун жардамы менен хадистердин тууралыгы арасындагы байланыш, усул элементтери системалаштыруу процессинде хадистердин тууралыгын белгилей турган бир чен-өлчөм абалына айланган. Бирок бул темага өтүүдөн мурун Пайгамбар (с.а.в.) доорунда жана ал көз жумгандан кийинки замандарда сахабалардын хадис алуу жолдорун мисал келтиребиз.

а. Сурап үйрөнүү

Сахабалар Пайгамбардын (с.а.в.) доорунда Ислам өкүмдөрүн үйрөнүү үчүн Алла элчисине суроо узатышып, билбеген хадистери менен таанышат эле. Бул жагдай сахаба арасында кеңири тараган жана бүгүнкү

---

[26] Хатиб аль-Багдади. *Кифая.* 227.

хадис литературасындагы риваяттардын кээ бир бөлүгү суралган суроолорго жооптор түзөт. Эч күмөнсүз сахабанын хадистерди алуу аракетине Аз. Пайгамбардын колдоосу чоң себеп жараткан. Анткени Алла элчиси, сахабага ар кандай маселелерде өзүнө кайрылышын каалап мындай деген: "Кандайдыр бир иште күмөнгө батсаңар менден сурагыла."[27]

Сахабанын суроо берүү методу бир эле учурда хадистерди жаттоо жолу катары каралганы маалым. Анас б. Малик (ө.93/711) бул маселеде мындай деген:

"Биз Расулуллах менен бирге отурчубуз. Болжол менен 60 киши отурганбыз. Ал бизге хадис айтат. Бирок кийин уккан хадистер тууралуу ага кайрылууга муктаждык жаралат эле. Кайра өздөрүнө кайрылат элек. Утур суроо берүү менен бирге үйрөнгөн хадистер эсибизде бекем сакталат эле. "[28]

Көрүнгөндөй эле сахабалар өзгөчө хадистерди алуу жана үйрөнүү жагдайында угууга маани берип, хадистерди башкаларга жеткирүүдө да оозеки риваят кылуу методун колдонушкан. Уккан хадистерин жазган сахабалар, хадис сахифаларын башкаларга жеткирүү максатын көздөбөстөн, жалгыз гана өздөрүнө жеке колдонуу жана жаттоого жардамчы курал катары карашкан. Бирок жазылган тексттер бузулуп калуу ыктымалдыгынан улам, кээ бир сахабалар сахифаларын (хадис баракчасы) өлбөстөн мурун жок кылгандыгы же ишенген адамдарга пайдалануу үчүн керээз калтырган. Чындыгында, сахабалар арасындагы мындай мамиленин эң негизги максаты, жазылган матнды ката окуу, туура түшүнбөө жана адашууга алып барган жолдорду алдын алуу болуп саналат.

б. Билимде нөмөөткө туруу

Сахабанын хадис алууда колдонгон ыкмалардан бири да Пайгамбардын (с.а.в.) жанында нөмөөткө туруу, уккан хадистерин бири-бирине жеткирүү болгон. Сахабанын бир бөлүгү дыйканчылык жана соода-сатык тиричилигинен улам Расулуллахтын жанында дайыма боло алган эмес.[29] Ошол себептен кээ бир сахабалар, анын жанында болбогон

---

[27] Хайсами. *Мажмау-з-заваид.* 1-т. 160-б.
[28] Абу Йаъла. *Муснад.* 7-т. 131-б.
[29] Dumeynî, Hadis'te Metin Tenkîdi, s.15.

учурда айтылган хадистерди үйрөнүү үчүн Пайгамбардын (с.а.в.) жанында нөмөөткө туруп, ага тиешелүү ар нерсени сактаганга аракет жасашкан.

Бул күзөткө туруу аракети сахабалар арасында көп кездешет. Риваятка караганда Аз. Умар (ө. 23/644) Мадинадан алыс болгондуктан ар дайым бирге боло алган эмес. Бирок Ансардан болгон кошунасы (Авс б. Хали) менен ар күнү кезектешип, бири жоктугунда башкасы ал күндөгү вахийге тиешелүү кабарларды же Расулуллахтын сөзү жана кыймыл аракеттери шеригине кабар берилген. Умар б. Хаттаб бул окуяны мындайча түшүндүргөн: Ансардан бир кошунам менен бирге Бану Умайя ибн Зайд үйүндө отурган элем. Ал жер Мадина аймагынын эң жогорку жери эле. Расулуллахтын жанына кезек менен нөмөөткө барат элек. Мен турган учурда ал күнү вахий жана башка маселелерге тиешелүү эмнени уксам кошунама жеткирет элем. Ал да нөмөөттө турганда мендей кылат эле..."[30]

Сахабанын дайыма Алла элчисинин жанында болбошу, ага тиешелүү кээ бир кабарларды башкалардан алууга түрткү берген. Сөз кылынган бул маселе боюнча бера Ибн Азиб (ө. 72/691) мындай билдирген:

"Биз бардык хадистерди Расулуллахтан уккан эмеспиз. Кээ бири досторубуздан бизге риваят кылынган. Анткени ал учурда биз төөлөрүбүздү кайтаруу менен алектенген элек. Расулуллахтын сахабалары андан укпаган жана жакшы билгендерден риваят кылып, хадисти алган кишилер жагдайында кылдат мамиле көрсөтүшкөн."[31]

Айтылган бул сөздөрдө сахабалар хадис алууда кезектешип нөмөөткө тургандыгы кеңири байкалат. Бирок хадис алуу жолунда угуу (самаъ) ыйгарылышы жана жазууга карата бир маалыматтын болбошу ал доордогу хадис алуу жана жеткирүү оозеки риваятка таянгандыгы көрүнөт.

в. Хадис чогулуштары (пикир алышуулар)

Хадис пикир алышуулары да сахабалардын хадис алуу жана жаттоосуна манилүү орунду ээлеген. Сахабалар доорунда хадистерди сактоо жана жеткирүүдө жазууга караганда жаттаганга маани беришкен. Ошол максатта хадис пикир алышуусуна колдоо көрсөтүлгөн. Сахабанын

---

[30] Бухари. Илим. 3/27.

[31] en-Nisâbûrî, *Ma'rife,* s.14.

ал мезгилдерде жүргүзгөн хадис чогулуштарынын эң биринчи максаты хадистерди туура жаттоо саналган. Ошол себептен сахабалар Пайгамбардан (с.а.в.) уккан хадистерин өз ара кайталашкан. Анас б. Малик бул жагдайда мындай билдирген:

"Биз, Пайгамбарыбыздын жанында болгондо андан хадис үйрөнөт элек. Андан кийин өз арабызда укканыбызды жакшы жаттаганга чейин өз ара кайталайт элек."[32]

Хадистерди жаттонун бир куралы катары каралган пикир алышууга тиешелүү жагдайда Ибн Аббас (ө. 68/687) мындайча тилге келтирген: "Хадистерди араңарда кайталагыла, эсиңерден чыкпайт. Ал Куран сыяктуу топтолгон жана коргонгон да эмес. Эгер силер араңарда хадистер боюнча пикир алышпасаңар, кыска мөөнөт ичинде эсиңерден чыгат. Эч ким кече хадис риваят кылдым, бүгүн кылбайм, дебесин. Тескерисинче, кече кандай болсо бүгүн ошондой риваят кылсын."[33]

Хадистердин коомго жана жашоого өтүүсүндө эң чоң функцияны жараткан хадис чогулуштары сахаба тарабынан колдоого алынып, хадистерди сактоонун керектүү жолу катары каралган. Сахабанын пикир алышуусундагы бул сөздөрдөн хадистерди жаттоо максаты коюлган. Андыктан Аз. Алинин (ө. 40/660) "Бири-бириңерди зыярат кылгыла, өз ара хадистерди кайталагыла. Эгерде аны аткарбасаңар хадистер жок болуп кетет."[34] деген сөзү менен Абу Саиддин (ө. 73/673), "Хадисти кайталагыла, анткени пикир алышуу хадисти тирүү калтырат."[35] сөзү бул маселени тастыктайт.

г. Хадис талабы (үйрөнүү) үчүн жүргүзүлгөн саякаттар (ар-рихла фи талебил-хадис)

Ислам жеңиштеринин көбөйүүсү жана көп өлкөлөрдүн Ислам мамлекетинин чек-арасына кирүүсү, сахабанын ислам динин бешиги болгон Мекке жана Мадинадан алыстоосу жана түрдүү мамлекеттерге тарап отуракташуусуна жол ачкан.[36] Эч күмөнсүз ар бир сахабанын Алла элчисинен уккан сөздөрү жана көргөн кыймыл-аракети бири-бириникине окшош келбейт. Аз. Пайгамбардын жанынан ажырабагандар, башкача

---

[32] Хаким ан-Найсабури. *аль-Мустадрак.* 1-т. 172-173-б.
[33] Darimî, *es-Sünen,* Mukaddime, 51.
[34] Хаким ан-Найсабури. *аль-Мустадрак.* 1-т. 172-174-б.
[35] Хаким ан-Найсабури. *Маърифату улуми-л-хадис.* 140-б.
[36] Koçyiğit, *Hadis Tarihi,* s.97.

айтканда, аны менен көп маектешкендей эле аз жолугушуп, аз сүйлөшкөндөр да болгон.[37]

Өзгөчө сахабалардын түрдүү мамлекеттерге таралышы натыйжасында, ал өлкөдө жалгыз сахаба тарабынан билинген жана риваят кылынган хадистер таанылган. Бирок ал өлкөгө барбаган сахабалардын хадистери белгисиз бойдон кала берген. Хадис тарыхында анда санда учураган "Ирак элинин хадистери", "Дамаск элинин хадистери" же "Мысыр элинин хадистери" сыяктуу билдирүүлөрдүн кездешүүсү белгисиз хадистерди тастыктайт.[38]

Сахабанын ар тарапка таралышы натыйжасында Мысырдагы бир сахаба туш болгон проблеманын чечилишин Аз. Пайгамбардан уккан бир хадиске таянып өкүм чыгарса, Ирактагы башка сахаба ал хадисти укпагандыгы үчүн ошол эле маселени өз өкүмүнө таянат. Ошондуктан эки башка өлкөдө жашаган сахабалар бир маселени бирдей укпагандыгы үчүн проблеманы башкача чечишет.[39]

Негизинен, динге тиешелүү бир нерсени үйрөнүү максатында күндөргө созулган илим сапарларынын тарыхы Аз. Пайгамбардын доорунда да көрүү мүмкүн. Мадинага алыс жактан уруу мүчөлөрү келип, көбүнчө Аз. Пайгамбарга дин тууралуу суроо берип, анын көз карашын угуп, кеңештерин алганы белгилүү.[40] Бирок Аз. Пайгамбар доорундагы бул сапарлардын максаты башкача эле. Анткени ал учурларда Ислам динин кабыл алуу жана мусулман принциптерин үйрөнүү максаты көздөлгөн.

Аз. Пайгамбар көз жумгандан кийинки илим сапарларына көз чаптырганыбызда хадистерде байкалган инсандагы эс-тутумдун начарлашынан, кээде хадистердин жок болуу тынчсызданууусунан улам айларга созулган сапарлар ишке ашкан.[41] Ата Ибн Аби Рабахтан (ө. 115/733) келген риваятта Мадинада жашаган Абу Аййуб аль-Ансари (ө. 52/677) Пайгамбардан (с.а.в.) уккан бир хадисти Мысырдагы Укба б. Амирге (ө. 58/677) сураш үчүн төөсүнө минип жолго чыккан. Анткени бул хадисти Укбадан башка билген сахаба калбай калган. Абу Аййуб Мысырга барганда Мысыр эмири Маслама б. Махладдын үйүнө барып,

---

[37] Koçyiğit *Hadis Tarihi,* s.98.
[38] Koçyiğit *Hadis Tarihi,* s.98.
[39] Koçyiğit *Hadis Tarihi,* s.100.
[40] Бухари. Илим. 3/25
[41] Хатиб аль-Багдади. *ар-Рихла фи талаби-л-хадис.* 180-б.

андан Укбанын үйүнө жол көрсөткөнгө бир адам сураган. Ал адамдын жардамы менен анын үйүнө келип ага: "Ким бул дүйнөдө бир момундун кемчилигин жашырса, Алла да кыямат күнү анын күнөөсүн кечирет" хадисин сурап "Бул хадисти Пайгамбардан (с.а.в.) уккандардан экөбүздөн башка эч ким калбады" деген экен. Аз. Пайгамбардан кандай уккан болсо Укба да ал хадисти өзүндөй кайталагандан кийин төөсүнө минип кайра үйүнө кайткан.[42] Абу Аййуб картайганда хадистин кээ бир жерлерин унутуп калуу тынчсызданууcу менен Укбага барып эс-тутумун текшергиси келген.

Сахаба доорунда бир хадис үчүн саякаттарга чыкса, табиун муунун учурунда бул сапарлардын саны арткан. Хадис менен алектенген көптөгөн табиин алгачкы булак болгон жана ар жакта жашаган сахабаларды бирден зыярат кылып, Аз. Пайгамбардан уккан риваяттарын топтогонго аракет кылышкан. Абу аль-Алиййанын (ө. 106/724): "*Биз Мадина жана Басрада Алла элчисинин сахабаларындан келген риваяттарды угуп, алардын өз оозундан укмайынча ыраазы болбойт элек*"[43] сөзү менен Саид Ибну Мусаййабтын (ө. 94/713) керек болгондо бир хадис үчүн күндөргө созулган саякаттарга,[44] Масрук Ибну-л-Ажданын (ө. 63/783) бир тамга үчүн сапарга чыкканы тууралуу билдирүүлөрү, хадистерди топтоого көрсөтүлгөн аракетин жана кылдат мамилесин мисалы катары караса болот.

Жогорууда айтылган пикирлерден сахабанын хадис саякаты эки себеп менен ишке ашкан. Биринчиси Расулуллахтан укпаган хадисти угуу, экинчиси болсо Алла элчисинен угуп-жаттаган хадисти кайра тастыктоо.[45] Эгерде ал хадис жашаган аймакта башка жаттагандар жок болсо, бир айга созулган аралыктагы сапарларга чыгуудан да баш тартышкан эмес. Хадис талабы менен чыккан саякаттар хадистердин кеңири аймактарга жайылышынан, бир хадис тексттинин башка варианттарынын чыгышы сыяктуу эле хадис рижальин (риваят кылгандар) кылдаттык менен сынга алуу усулунун калыптанышына жана жалган хадистердин аныктоого чоң рол ойногон. Өзгөчө бул иш-аракет менен бирге Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) хадистери чогултулган жана китептерге топтолгон. Керек болсо саякаттар кээ бир мезгилдерде чоң

---

[42] Хатиб аль-Багдади. *Кифая.* 402-б.
[43] Хатиб аль-Багдади. *ар-Рихла фи талаби-л-хадис.* 153-б.
[44] Хатиб аль-Багдади. *ар-Рихла фи талаби-л-хадис.* 189-б.
[45] Uğur, *İslam Toplumu,* s.93.

роль ойногондуктан, хадис талабасы болуп саякаттарга чыкпагандардын алган илимине көп маани берилген эмес.[46]

д. Каттар жана элчилер

Аз. Пайгамбар падышаларга, өкүмдарларга, уруу башчыларына жана мусулман губернаторлоруна жиберген каттар сүннөттүн жазылуу куралдар менен үйрөтүүсү деп эсептесек болот. Кандай гана максатта болбосун Аз. Пайгамбар тарабынан жазылган же жаздырылган документтер хадис/сүннөт ичинде камтылганын жыйынтык чыгаруу керек. Бул каттардын кээ бирлери зекет, салык, ибадат түрлөрү сыяктуу өкүмдөрдү камтыйт. Аз. Пайгамбар тарабынан Али б. Аби Талиб сыяктуу сахабаларга жаздырылган документтер, Абдуллах Ибн Амр Ибн Астын жазган хадистери жана Расулуллахтын Коштошуу ажылыгында сүйлөгөн хадистеринин Йемендик Абу Шах үчүн жаздырууга көрсөтмө берүүсү[47] да бул категорияда каралат.

Пайгамбардын (с.а.в.) Византия императоруна, Иран өкүмдары Кисрага, Хабешистандык Нажашиге жазган каттары барына маалым. Алардан тышкары жазылган жүздөгөн документтердин жазылылуу себептери жана максаттары ар башка. Жаңы келишимдер же эски келишимдердин жаңылануусу, Ислам динине чакыруу каттары, кызмат атоо же иштерди жүргүзүүдөгү аткарыла турган жагдайлар, амандык жана кеңеш каттары, белгилүү адамдарга тиешелүү абалдар, Пайгамбардын (с.а.в.) каттарына жооптор...[48] Ошол документтердин бизге чейин жетип келиши хадистердин жайылышына чоң роль ойногон.

---

[46] Сахави, Шамсуддин Абу-л-Хайр Мухаммед б. Абдуррахман. *Фатху-л-мугис шарху алфияти-л-хадис.* 3-т. 46-б.

[47] Ахмад б. Ханбал. *Муснад.* II/238; Тирмизи. *Илим.* 39/12.

[48] Hamidullah, *el-Vesâiku's-Siyasiyye,* s.63, 88, 120, 123 135.

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ*

САХАБА ХАДИСТИН АЛГАЧКЫ БУЛАГЫ

Чындыгында, хадис риваят кылуу боюнча хадис тарыхында сахабалардын орду өзгөчө мааниге ээ. Эң негизгиси сахабанын айткан ар бир сөзү жана кыймыл-аракети дал ошол хадистин бир түрү жана хадис илиминин темасын негиздейт. Атап айтсак, шарттуу түрдө сыпатталган сахабанын сөздөрү хадис жана хадис илимин өз ичине камтыйт. Алардын хадис илими боюнча орчундуу жактары Пайгамбардын (с.а.в.) хадистерин жеткирген алгачкы муун катары, хадис жана сүннөттүн эң алгачкы күбөлөрү болуп саналат. Хадистин риваяты жана анын үйрөтүлүүсү, кийинки муундарга өткөрүп берүү сыяктуу маселелер менен кошо хадис жана сүннөттүн түшүнүктүү болуусу жана чечмеленип берилишинде сахабанын ролу өтө чоң. Алардын мындай маанилүү орунга биринчи кезекте Пайгамбар (с.а.в.) менен бир доордо жашаганы, вахийдин (аян) түшүүсүнө күбө болгондугу жана анын кайсы маселе боюнча түшкөндүгүн билүүсү, хадис жана вахийдин чечмелениши боюнча сүннөттүн терең маанисин өздөштүргөндүктөн жана аларды кийинки муунга өзгөртүүсүз жеткирип келгендиктен улам ээ болгон.

Сахабага байланыштуу маселени өз-алдынча эки бөлүмдө карайбыз. Биринчи бөлүмдө "сахаба"; экинчи бөлүмдө болсо "сахаба жана хадис/хадис риваяты" боюнча кеңири токтолобуз.

I. САХАБА

Бул бөлүмдө сахаба сөзүнүн аныктамасы, мааниси, пазилети, таанып-билүүнүн түрлөрү, даражалары, саны жана сахаба доорундагы илимий борборлорго кененирээк токтолобуз.

А. Сахабанын аныктамасы

Лексикалык мааниси боюнча бир жерде чогуу болуу, маектешүү же болбосо достук маанисиндеги *"сахиба"* этишинен алынган *"сахабий"* деген сөздүн көптүк түрү болуп саналат. Ал эми терминологиялык мааниси боюнча сахаба Пайгамбарды (с.а.в.), пайгамбарлык озуйпасы

---

* Док. Ферхат Гөкче

берилген учурда аны көргөн жана аны менен сүйлөшүп көрүшкөн жана мусулман болуп жан берген кишилерге берилген ысым.[1] Сахаба болушу үчүн маектешкен/бири-бири менен достук курган мөөнөтү эске алынып, хадисчи жана усулчулардын сахаба сөзү боюнча аныктамалары ар башка экендигин байкоого болот.

1. Хадисчилердин аныктамасы

Хадисчилер "сахаби" сөзүнө лексикалык мааниси боюнча кеңири алкакта аныктама беришкен. Маселен, Ахмед б. Ханбал сахабаны *"Алланын элчиси менен бир ай, бир күн, бир саат көрүшүп, маектешкен же болбосо жөн гана аны көргөн кишилер"* деген таризде аныктама берсе, ал эми Бухарий *"Алланын элчисин көргөн бардык мусулмандар сахаба"*[2] – деп айткан. Кийинки доордун аалымдары да ушуга окшогон аныктамаларды беришкен.[3] Маселен, Ибн Хажар сахабага төмөнкүчө аныктама берет:

"Сахаба – бул Аллага ыйман келтирген жана Аз. Пайгамбар менен көпкө же болбосо кыска мөөнөткө жолугушуусу, андан хадис риваят кылып кылбоосу, аны менен бирге согушка барып барбаганы, аны менен эч сүйлөшпөстөн жөн гана бир жолу көрүп коюусу же азиз болгондугу үчүн эч көрө албай калган кишинин сахаба деп эсептелинишине эч кандай тоскоолдук жок".[4]

Ибн Хажар сахабий сөзүнүн түшүндүрмөсүн бергендердин арасында өзү жакшы билген ишенимдүү аныктамасын төмөнкүдөй айткан: *"Сахаба – бул Пайгамбарга (с.а.в.) ыйман келтирип, аны менен жолугуп, мусулман болуп өлгөн адам".*[5]

Жогорудагы аныктамадан маалым болгондой, хадисчилердин айтымы боюнча сахаба аз гана убакыт болсо дагы өмүрүндө бир жолу пайгамбарга мусулман болуп жолуккан адамга айтылат.

---

[1] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.334; Efendioğlu, Mehmet, "Sahabe", mad., *DİA*, XXXV/491.

[2] Бухари. Фадаилу асхаби-н-наби. 1.

[3] Kuzudişli, *Hadis Tarihi*, s.42.

[4] Ибн Хажар. *аль-Исаба.* I/4.

[5] Ибн Хажар. *аль-Исаба.* I/4.

Бир киши сахаба болушу үчүн жакшыны жамандан ажырата билген (**тамйиз**) жашка чыкканда Пайгамбар менен жүз көрүшүүсүн шарт койгондор болсо да балагат жашка жетүүсү шарт эмес. Бул маселе боюнча талаш-тартыштар бар. Бирок Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) неберелери Хасан менен Хусейин сыяктуу көптөгөн сахабардын болуусу, тамйиз жашка жеткени эле жетиштүү экендигине далил болуп саналат. Пайгамбарыбыздын ымыркай балдарга бата бергендиги же оозуна хурма ж.б нерселер менен оозандыргандыгы жана атын коюп берген наристелердин сахаба болуп болбогондугу жаатында да талаш-тартыштар бар.[6]

2. Усулчулардын аныктамасы

Фыкых Усулунун аалымдары Аз. Пайгамбар менен көп убакытка бирге болгондордун сахаба аныктамасына кире тургандыгын баса белгилешкен. Алар мунун далилин үрп-адат менен түшүндүрүшкөн. Анткени үрп-адат боюнча өтө аз убакытта бирге болгондорго "жоро/жолдош" деп айтылынат.[7] Ушуга байланыштуу Газзалий муну кабыл алып, төмөнкүлөргө токтолот:

"Эгерде Куранда сахаба макталган деп айтылган болсо, анда сахаба ким болуп калат? Пайгамбардын доорунда жашаганбы, же жок дегенде бир жолу болсо дагы аны көргөнбү, аны менен жолугушканбы? Биз үчүн бир сааттай аз убакыт маектешүү, үрп-адат боюнча сахиб болушу үчүн жетиштүү эмес. Сахиб болушу үчүн сахабанын; "Мен Пайгамбарыбыз (саллаллааху алейхи ва саллам) менен көп жолу сүйлөштүм" деген сөздү айтуусу керек."[8]

Усул аалымдары бир киши Пайгамбарды (с.а.в.) өтө аз убакыт көрүү менен сахаба болуп кетпей турганын жакташат.

Аталган эки аныктамадан тышкары Пайгамбар менен бир же эки согушка катышуу шартын белгилеген же болбосо Алланын элчисин мусулман акыл-эси толук абалда көргөндү талап кылган аныктамалар болгондой эле, Пайгамбарды (с.а.в.) көрбөсө да анын учурунда жашаган

---

[6] Суйути. *Тадрибу-р-рави.* II/209; Ибн Хажар. *аль-Исаба.* I/7-9.
[7] Kuzudişli, *Hadis Tarihi*, s.42.
[8] Газзали. *аль-Мустасфа.* I/130-131.

бардык мусулмандарды сахаба деп эсептеген көз караштар да кездешет. Бирок бул аныктамаларды жактагандар көп деле болгон эмес.[9]

Аз. Пайгамбарды көргөн ар бир сахаба бирдей даражада боло албай тургандыгын, анын тарбиясында чоңоюп, Ислам дининин алгачкы жылдарынан баштап ар кандай кыйынчылыкка чыдап, узак убакыт бою ага жолдоштук кылган сахаба менен өтө кыска убакытка Аз. Пайгамбарды көрүп мусулман болгон сахабалардын ортосунда даражасы боюнча айырмачылыктардын болгондугун эске алып коюшубуз керек.[10] Ошол эле маалда, динди талаптагыдай толук түшүнүү жана илими жагынан да сахабалардын бардыгы бирдей даражада болбогондугу ачык байкалган жагдай болуп саналат.

Б. Сахабанын маанилүүлүгү

Сахабалар пайгамбарыбызга болгон ашыктыгы жана моюн сунуучулугу, ага берген көмөгү жашоодо да өмүрү өткөндөн кийин да Ислам дининин жайылышы жана туура түшүнүлүшү үчүн жасаган талыкпас мээнетинин себебинен динибизде өзгөчө мааниге ээ болуп саналат. Негизи сахабанын башка адамдардан эч бир айырмасы деле жок. Бирок алар өзгөчө моюн сунуучулук жана үлгүлүү жашоосу менен, кийинки мусулман муундарынын барына өрнөк боло алган. Ислам дининин жайылуусу жана аны кийинки муундарга жеткирүүдө сахабалардын ролу өтө чоң. Бул көрүнүш ошол эле учурда хадис жана Пайгамбардын сүннөтү үчүн да өтүмдүү болуп саналат. Сахаба Аз. Пайгамбарды өзүнөн кийин келе турган муундарга таанытууда маанилүү роль ойнойт. Куранда айтылгандардан сырткары Пайгамбар жана ал тууралуу айтылгандар сахабалардын далилдүү сөздөрүнөн турат. Эгерде сахабалар болбогондо бүгүн Куранда Пайгамбар (с.а.в.) жана башка Ислам динине тиешелүү ишенимдүү маалыматтар болбойт эле. Куранда сүрө жана аяттардын түшүү себеби хадистердин вуруд себептери Курандын өкүм-жоболорунун күнүмдүк жошоодо колдонулуусу жана түшүндүрмөлөрү менен пайгамбарыбыздын пайгамбарлык мезгилиндеги жасаган ар түрдүү иштери сахабалардын кылган риваяттары аркылуу билинет.[11]

---

[9] Kuzudişli, *A.g.e.*, s.43.
[10] Koçyiğit, *Hadis Tarihi*, s.71.
[11] Efendioğlu, "Sahâbe" mad., *DİA*, XXXV/491-492.

В. Сахабанын пазилети

Сахаба Куранда: *"адамзат үчүн жиберилген эң жакшы коом"*[12] – деген таризде сыпатталган. Аяттарда да Аз. Пайгамбарды мактоо иретинде айткан сөздөрүндө да сахабалар үммөттүн ичинен эң кадырлуу жана пазилеттүү муун катары кабыл алынган.[13] Алардын мындай кадырбарк жана пазилетке негизинен күчтүү ыйманы жана үлүгүлүү жүрүм-турумдары аркылуу ээ болушкан. Алар Исламды алгач кабыл алган күндөн тартып диндин ар бир буйругун жан дили менен берилип аткарышкан. Мына ушул Ислам динине киргенге жана анын буйруктарын аткарууга мажбурланбаса дагы алардын дээрлик көпчүлүгү бүт өмүрүн Алланын элчисинин жанында өткөрүп, аны менен бирге согуштарга катышкан жана Исламдын жайылуусуна аракет кылышкан. Мындай учурларда Ислам душмандары тарабынан коркутуп-үркүтүү жана азап-кыйноолорго, ал гана эмес өлүмгө да дуушар болуп, байырлаган өз мекенин, мал-мүлкүн, жубайын жана бала-чакасын таштап, башка жерлерге көчкөнгө аргасыз болушкан эле. Бирок Алла Таалага жана Алланын элчисине болгон ишенимдеринен эч качан баш тарткан эмес.[14]

Куранда сахабалар туурасында төмөнкүчө баяндалат:

"Мухажир жана ансарлардан алгач ыйман келтиргендерден жана жакшы иштерде аларды ээрчигендерден Алла ыраазы болду. Алар да Алладан ыраазы болушту."[15]

"Алла алар даректын түбүндө туруп ант бергенде аларга чындап ыраазы болгон."[16]

Пайгамбарыбыз (саллаллааху алейхи ва саллам) да сахаба тууралуу төмөнкүлөрдү айткан:

"Үммөтүмдүн эң кайырдуулары менин доорумда жашагандар, анан аларды ээрчигендер, андан соң алардын да аркасынан ээрчигендер."[17]

---

[12] Аалу Имран. 3/110.
[13] Бухари. Фадаилу асхаби-н-наби. 1.
[14] Efendioğlu, "Sahâbe" mad., *DİA*, XXXV/492.
[15] Тавба. 9/100.
[16] Фатх. 48/18.
[17] Бухарий. Фадаилу Асхабин-Набий. 1; Муслим. Фадаилус-Сахаба. 211-212.

Г. Сахабаны таанып-билүүнүн түрлөрү

Кимдир бирөөнүн сахаба экендигин төмөнкүдөй жолдор менен билүүгө болот:

а) Таватур аркылуу: Жалган айтуулары жана жалган айтуу үчүн чогулуулары акылга сыйбаган көп сандаган кишинин бир кабарды бир ооздон айтып жеткиргенди, бир тема боюнча бирдей көз карашта болгонду билдирет. Таватур аркылуу маалым болгон сахабаларга мисал катары Аз. Абу Бакр, Аз. Умар, Аз. Усман, Аз. Али, Талха, Зубайр б. Аввам, Саад б. Аби Ваккас, Абу Муса аль-Ашарий жана башкаларды атасак болот. Жогоруда аталган сахабалардын Аз. Пайгамбар менен пайгамбарлык мезгилинде момун катары жүз көрүшкөнүн, момун катары өлгөнүн ар бир доордо жүз миңдеген адамдар тарабынан бир ооздон кабар берилип келген.

б) Атак-даңк аркылуу: Сөздүк боюнча атактуу деген мааниген келүү менен бирге кишинин сахаба экендигин таватур даражасынан төмөнүрөөк жол менен билингендигин түшүндүрөт. Маселен, Димам б. Салаба жана Уккаша б. Михсандын сахаба экендигин таватур даражасына жетпеген маалымат аркылуу билингендиктен булардын сахаба экендиги атак-даңкы боюнча аныкталган.

в) Сахаба же табииндин күбөлүгү аркылуу: Буга мисал катары Хумама б. Аби Хумаманы берсек болот. Хумама мусулмандардын Исфахан шаарын каратып алган учурда ич оорудан улам кайтыш болгон. Ошол кездеги таанымал сахабалардын бири Абу Муса аль-Ашарий, Хумаманын Пайгамбар (с.а.в.) менен кездешкенин, пайгамбарыбыздын анын шейит болуп өлөт деп айтканын билдирген. Ошентип, Хумаманын сахаба экендиги башка бир сахабанын кабар берүүсү менен белгилүү болгон.

г) Икрар жолу менен (Сахабанын өз сөзү менен):

"Мен сахабамын" деген кишинин адилеттүү, тактап айтканда, ар тараптан чынчыл жана ишенимдүү киши болуусу жана хижраттын 110-жылына чейин жашаган болсун деген шарттар талап кылынат. Анткени эң акыркы сахаба хижрий 110-жылы өлгөн деп кабыл алынат. Ошондуктан

ушул жылдан кийин "мен сахабамын" деп айткан кишинин сөзү өтүмдүү болбойт.[18]

Д. Сахабанын даражалары

Баштапкы доорлордон тартып хадис аалымдары сахабаларды өзүнчө муун катары карап, алар жөнүндө атайын эмгектерди жазышкан. Аз. Пайгамбарды көргөнү менен сахабалар пазилет жагынан бирдей даражада болгон эмес. Алардын ичинен кээ бирлери Ислам динин алгачкылардан болуп кабыл алып өмүрүн Алланын элчиси менен өткөрсө, ал эми кээ бири аны менен жолукканга аз убакытка гана мүмкүнчүлүк таба алган. Алардын арасынан ыйман келтиргендиги үчүн кыйноолорго дуушар болгон, пайгамбар менен согуштарга катышкан, Ислам үчүн мал-мүлкүн сарптаган, өз ата журтун таштап кетүүгө мажбур болгон, ал турсун шейт кеткендер да бар. Мунун барын эске алган хадис аалымдары сахабаларды ар түрдүү даражаларга бөлүшкөн. Көбүнчө Ислам динин кабыл алуу артыкчылыгына басым жасалып, ушул бөлүштүрүүлөрдүн арасынан Хаким ан-Найсабуринин он эки бөлүктөн турган төмөнкү классификациясы көбүрөөк кабыл алынган.[19]

1. Мекеде алгач мусулман болгондор, алардын эң башында төрт халифа турат.
2. Даруд-Надва ээлери Дарун-Надвада мусулман болгон Аз. Умар менен бирге Аз. Пайгамбарга келип биат кылгандар.
3. Эфиопияга хижрат кылгандар
4. Биринчи Акаба антташуусуна катышкандар
5. Экинчи Акаба антташуусуна катышкандар
6. Меккеден Мединага көчүп барган алгачкы мухажирлер
7. Бадр согушуна катышкандар
8. Бадр согушу менен Худайбия келишиминин ортосунда хижрат кылгандар
9. Баятур-Ридванга катышкандар
10. Худайбия келишими менен Мекке шаары каратылып алынган күндүн ортосунда хижрат кылгандар
11. Мекке шаары каратылып алынган күнү мусулман болгондор

---

[18] Koçyiğit, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis 1 (Lise 2. Sınıf)*, s.69-70; Çakan, Anahatlarıyla Hadis, 95.

[19] Efendioğlu, "Sahâbe" mad., *DİA*, XXXV/492.

12. Меккенин каратылып алынышы жана Коштошуу ажылыгы маалында Аз. Пайгамбарды көргөн балдар.[20]

Е. Сахабалардын саны:

Аз. Пайгамбар кайтыш болгон маалда сахабалардын саны боюнча колубузда так маалымат жок. Имам Шафи Пайгамбарды көргөн сахабалардын саны болжол менен алтымыш миң (60 000) экендигин айтат.[21] Сахабанын саны боюнча жалпысынан Коштошуу кутбасына токсон миң менен жүз кырк миңдин ортосунда мусулмандардын катышкандыгы ар кайсы булактарда кездешет. Ал эми Камиль Мирас сийер аалымдарынын коштошуу кутбасында жүз миң (100 000) мусулмандын чогулгандыгын жазып калгандыгын билдирген.[22] Ибн Касир коштошуу кутбасына жүз кырк миң (140 000) сахабанын катышкандыгын жазып калтырган.[23] Мухаммед Хамидуллах да ушул эле цифраны айткан.[24] Эки цифранын тең болжолдуу түрдө айтылгандыгы белгилүү болуп турат. Ошондой эле кээ бирлери токсон миң (90 000) деген цифраны да айтып келишкен.[25] Абу Зура ар-Разий болсо Аз. Пайгамбардын Коштошуу ажылыгына кырк миң (40 000), табук согушуна болсо жетимиш миң (70 000) сахабанын катышкандыгын билдиришкен. Ага салыштырып айтылган башка бир көз караш боюнча сахабалардын саны жүз он төрт миңдин тегерегинде. Ушуга эле окшош Али бин Мадиний да сахабанын жүз миңден (100 000) ашкандыгын жактайт.[26]

Сахабалардын саны боюнча тагыраак маалыматтарга ээ болуу үчүн сахабалардын өмүр баянына байланышкан чыгармалардагы санын негиз катары алуу керек. Бул жаатгагы эмгектердин эң көлөмдүүсү Ибн Хажар аль-Аскаланинин *"аль-Исаба фи тамйизи-с-сахаба"* аттуу эмгеги бар. Аталган эмгекте бир санак боюнча 12304 ысым орун алган. Бирок эмгекте мукаррарлар, мухадрамлар жана жаңылыштык менен сахаба катары

---

[20] Хаким ан-Найсабури. *Маърифату улуми-л-хадис.* 22-24-б.; Koçyiğit, Talat, *Hadis Tarihi*, s.71-74.

[21] Karataş, *Rivâyet Tekniği Açısından Hadislerin Artması ve Sayısı*, s.144.

[22] Miras, *Sahih-i Buhari Muhtasarı Tecrid-i Sarih Tercümesi ve Şerhi*, X/396.

[23] Ибн Касир, Абу-л-Фида. *аль-Бидая ва-н-нихая.* V/159.

[24] Hamidullah, *İslam Peygamberi*, I/273.

[25] Касталлани, Абу-л-Аббас Ахмед б. Мухаммед. *аль-Мавахибу-л-Ладунийя.* II/701.

[26] Karataş, *A.g.e.*, s.144.

саналып калгандарды чыгарып салганыбызда аты такталган сахабалардын саны 10000ден ашкандыгы белгилүү болууда.[27]

Ё. Сахаба доорундагы илимий борборлор

Төрт халифа доорунда фатх (каратуулар) иштери күчөтүлгөн. Халид бин Валиддин башчылыгында Шамды (Дамаск) каратып алган соң Сирия, Ливан, Иордания жана Ирак хижраттын 17-жылы толугу менен каратылды. 20-жылы Мысырды (Египет) каратуу аяктады. Андан соң, мусулмандар Мавераунаахрга чейин жетти. Ушунун артынан Түндүк Африка жана Андулус, бир жагынан Самарканддын каратып алынышы жүзөгө ашырылды. Фатх үчүн жолго чыккан мусулман кошуунунда Аз. Пайгамбардын бир канча сахабалары бар эле. Алардын бир бөлүгү командир, көпчүлүгү жоокер катары жооптуу милдеттерди аткарышкан. Мусулмандар каратып алган аймактарга алгачкы иш катары мечиттерди салып, андагы ошол аймактын элине өзгөчө балдарга Куран, сүннөт жана Ислам дининин негиздерин үйрөтүшөт эле.[28]

Каратып алынган шаарларга системалуу түрдө жайгашкан сахабалардан аалым болгондор, ошол жерде дароо окуп-үйрөтүү иштерин өз моюндарына алышкан. Куран сүннөт жана Хадис илимдерине тиешелүү деңгээлде агартуучулук иш-аракеттерин жүргүзүп турушкан. Илимий иш-аракеттер өткөрүлүп турган шаар жана аймактар кыска мөөнөттүн ичинде илимий борборлорго айланган.[29] Хижаз аймагында Медина жана Меккеден кийин Ирак чөлкөмүндө Куфа жана Басра, Сирия жергесинде Шам жана Хумус; Египет, аль-Жазира жана Хорасан сыяктуу аймактар сахабалар тарабынан илимий борборго айланган.

Сахабалар тарабынан аталган аймактарда илим борборлорунун түптөлүүсү жана хадистер да анын негизинде жайылгандыктан хадисчилер сахабалар илим алган борборлорго өзгөчө көңүл бурушкан. Сахабанын дээрлик көпчүлүгү Мединада жашаган, ал эми башка жерлерде жашаган бир канча сахаба да илим алуу үчүн Мединага барышкан. Меккеде болсо көбүнесе ажылык убагында көптөгөн сахабалар болгон. Куфага отурукташкан сахабалардын жалпы саны 1500

---

[27] Efendioğlu, "Sahâbe" mad., *DİA*, XXXV/493.

[28] Koçyiğit, *Hadisçilerle Kelamcılar Arasındaki Münakaşalar,* s.96-97.

[29] Хаким ан-Найсабури. *Маърифату улуми-л-хадис.* 190-194-б.; Âşık, Nevzat, *Sahâbe ve Hadis Rivâyeti*, s.40-41.

(жүз элүү миң) деп белгиленсе, кээ бир риваяттарда болсо Дамаскда 10 000 (он миңден)ден ашык, Хумуска 500 (беш жүз) сахаба жайгашкан. Ошондой эле Египетте 300дөн ашык сахаба жашагандыгы аныкталган.[30]

Жогоруда айтылган маанилүү илим борборлорундагы билим деңгээли жагынан таасирдүү сахабаларды таблица түрүндө көрсөтүүнү туура көрдүк:

Медина	Аз. Умар, Зайд бин Сабит, Убай бин Каъб, Аз. Айша, Абу Хурайра, Абдуллах бин Умар, Абу Саид аль-Худрий, Жабир бин Абдиллах
Мекке	Абдуллах бин Аббас, Абдуллах бин Зубайр, Абут-Туфайл Амир Васила аль-Лайси
Басра	Абу Муса аль-Ашарий, Абу Бакра, Имран бин Хусайн, Самура бин Жундаб, Абу Барза аль-Асламий, Анас бин Малик
Куфа	Абдуллах бин Масуд, Хузайфа бин Йаман, Аз. Али, Мугира бин Шуъба, Жабир бин Самура, Бара бин Азиб
Шам	Муаз бин Жабал, Абуд-Дарда, Муавийа бин Аби Суфйан, Васила бин Аска
Хумус	Убада бин Самит, Абу Умама аль-Бахилий, Савбан Мавла Расулиллах, Микдам бин Мадикарб
Мысыр (Египет)	Абдуллах бин Унйайс, Укра бин Амир, Маслама бин Мухаллад, Абдуллах бин Амр бин аль-Ас
Аль-Жазира	Адий ибн Амира аль-Киндий, Вабиса ибн маъбад аль-Асадий жана аль-Валид бин Укба Аби Муъайт
Хорасан	Бурайд ибнуль-Хусайб аль-Асламий, аль-Хакам ибн Амр аль-Гыфарий Курайт ибн Аби Римса, Кусм ибнуль-Аббас, Кайс ибн Саъд ибн Убада

Жогорудагы аталган илим борборлорунан тышкары сахабалар жашаган ошол жердин калкына Куран, хадис жана фыкых илимдерин

---

[30] Efendioğlu, "Sahâbe" mad., *DİA*, XXXV/493.

үйрөткөн башка илим борборлору да болгон. Сахабалар эң көп жайгашкан шаарлардан башка Таиф, Йемен, Йамама, Бахрейн, Мадаин, Марв, Нишабур, Исфахан жана Самарканд сыяктуу жерлерге аз сандагы сахабалар барган жана бир канчасы ошол жерлерде кайтыш болушкан.[31]

II. САХАБА, ХАДИС-СҮННӨТ жана ХАДИС РИВАЯТЫ

Мына ушул тема боюнча сахаба доорунда хадис илими, сахабанын хадисти үйрөнүү жана үйрөтүү ыкмалары, сахаба доорунда хадистердин жазылышы жана жайылышы, сахабанын хадисти риваят кылуудагы кылдаттыгы, хадисти риваят кылган сахабалар, сахабанын адилеттүүлүгү жана забты (эс тутуму), сахабанын хадис жана сүннөт жөнүндөгү түшүнүгү сыяктуу маселелерге кененирээк токтолот.

А. Сахаба доорунда хадис

Хадис риваяты боюнча сахабалар доору эки бөлүмдө каралат. Биринчиси Пайгамбардын (с.а.в.) көзү тирүү кезиндеги доору, экинчиси болсо Пайгамбардын көзү өткөндөн кийин сахабанын өлгөн датасы катары кабыл алынган хижрий жыл санагы боюнча 110-жылга чейин болуп өткөн доор.

Аз. Пайгамбар тирүү кезинде сахабалар ар кыл маселелерди андан сурап, маселенин кандай чечилүүсүн үйрөнүп алышат эле. Алардын жаңы диний өкүмдөрдү үйрөнүүгө болгон ынтызарлыгы хадис жана сүннөттүн кеңири таралышына өбөлгө түзгөн. Аз. Пайгамбарга таандык сөз жана жүрүм-турумдун баары ал көзү өткөнгө чейин болгон мезгилдин ичинде толукталып аяктагандыгы үчүн чыныгы жана нукура абалындагы хадис менен сүннөттүн ушул доордо болгондугун көрөбүз. Анткени бул доордо хадисти ойдон чыгаруу иш-аракети байкалган эмес, айрым бир жаңылыш түшүнүктөр да пайгамбарыбыз тарабынан оңдолуп түздөлүп турган. Чынында, Пайгамбар (с.а.в.) көзү өткөндөн кийинки доордо саясий жана социалдык көйгөйлөрдүн күч алуусу, диний ишеним жана ой-пикирде бөлүнүүчүлүктөрдүн пайда боло баштоосу менен бирге бат эле жалган хадис айтуу иш-аракети байкалган. Натыйжада, жалпы хадистердин саны

---

[31] Âşık, *Sahâbe ve Hadis Rivâyeti,* s.45.

Пайгамбардын көзү өткөнгө чейинки доорго салыштырмалуу бир канча эсе көбөйүп кеткен. [32]

Аз. Пайгамбар көзү өткөндөн кийин Халифалардын учурунда жүргүзүлгөн аскердик жортуулдар менен Ислам кошуундары тарабынан каратып алынган аймактардын баарына Ислам жөнүндө түшүнүк жана Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) хадистери жеткен. Аз. Абу Бакрдын учурунда хадистерди чогултуу боюнча демилге көтөрүлүп, бирок ар кайсы ой-пикирлерден улам бул иш токтоп калган. Аз. Осмондун учурунда Куран чогултултулат да жаңы каратып алынган аймактарга жөнөтүлүүсү менен жаңы мусулман болгондорду Исламдын эң башкы булагына ээ кылган. Хадистерди жайылтуу болсо халифа Умардын доорунан баштап жаңы түптөлгөн шаарларга мугалимдердин жөнөтүлүүсү менен жүзөгө ашкан. Куфага Абдуллах бин Масуд, Басрага Абу Муса аль-Ашарий, Абуд-Дарда, Палестина аймагына Муаз бин Жабал жана башка сахабалар мугалим катары жөнөтүлгөн. Алар адамдарга Куранды, Аз. Пайгамбардын бүтүндөй жашоосун, сүннөтүн жана хадистерин үйрөтүшкөн. Ал турсун ички пикир келишпестиктер жана каргашалар болуп кеткен учурда жоон топ сахаба өздөрүн толугу менен илимге арнап, бир гана адамдарга илим берүү менен алек болушкан. Хижаз, Ирак жана Шам аймагында илим борборлору түптөлүп, ар бир борбордо илимий чогулуштар болуп, акырындык менен илимий эрежелер пайда боло баштаган. Аз. Айша, Ибн Умар, Ибн Масуд, Али бин Абу Талиб, Муаз бин Жабал, Абуд-Дарда, Ибн Аббас, Анас бин Малик сыяктуу сахабалар көп сандаган шакирттерди жетиштирген. Алар да устаттарынан алган хадистерин шакирттерине өткөрүп турган.[33]

Хадис илимий жактан сахаба доору хадис тарыхынын хыфз жана китабат доорун өз ичине камтыйт. Хадис тарыхы боюнча сахаба доору али бир системага киргизилбесе дагы табииндерге өткөрүлүшү жана бүгүнкү күнгө жетпесе да алгач эле жазуу түрүндөгү хадистердин документ катары калыптанып калышы эң маанилүү жетишкендик болуп саналат.

Сахабалардын хадис үйрөнүүдөгү эң маанилүү өзөгөчөлүгү алардын окуп-үйрөнүүгө болгон кызыгуусу жашоонун агымы менен тыгыз байланышта болгон. Башкача айтканда, бардык сахабалар Алланын

---

[32] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı*, s.28.
[33] Özafşar, *Hadis İlmine Giriş*, s.58-59.

элчиси менен күнүмдүк турмуштагы белгилүү бир программага ылайык сабак алып турушкан. Бир жагынан жашоонун жоопкерчилиги, үй-бүлөнү багуу жана ушуга окшогон абалдарда, бир жагынан Алланын элчисинин көбүнчө ар кайсы окуялалардан улам айткан жана кылгандарын окуп-үйрөнүүгө аракет кылышат эле. Айрым сахабалар хадисти базарда же болбосо курма багында күнүмдүк тиричиликтери менен кошо үйрөнүүгө аргасыз болсо, ал эми Суффада жашаган сахабалар Пайгамбарыбыз (с.а.в.) менен бирге көбүрөөк болушат эле. Ошондуктан аталган сахабалардын ар кандай окуяларга күбө болуп, Алланын элчисинин маанилүү окуялар же жума же болбосо айт күндөрүндө Мединадагы бардык мусулмандарга кутбада сүйлөгөн сөздөрүн түздөн-түз угуп алуу мүмкүнчүлүгү болгон.[34] Сахабалардын Аз. Пайгамбардан хадистерди угуу жолдору төмөнкүчө жүзөгө ашкан:

1. Алланын элчисинен суралган суроолор
2. Аз. Пайгамбардын жошоосу, ар кандай кыйынчылык учурлардагы жүрүм-туруму жана айткан насааттары
3. Алланын элчиси тарабынан жазылгандар
4. Башка сахабалар аркылуу окуп-үйрөнүү

Сүннөт менен хадистин сахабадан табиинге өтүшү жана риват кылуу ыкмалары да сахабалардын хадиске болгон мамилесинин өзгөчө мааниге ээ экендигин айгинелейт.

Сахабалардын Пайгамбардан хадис алуусу таптакыр башкача ыкмалар менен жүзөгө ашырылган. Хадис усулдары анча өнүккөн эмес эле. Тахаммул жана ада ыкмалары жана аталган ыкмалардын түшүндүргөн сөздөр али аныктала элек болчу. Ушул себептүү, хадис усулу боюнча сахабанын пайгамбарыбыздан хадисти кайсы жолдор менен алгандыгын жана кантип жеткиргендигин так аныктоо кыйын. Ошондой болсо да, сахабанын табиунга хадис жеткирүүсүн эске ала турган болсок төмөнкүдөй болжолдуу ыкмалар жөнүндө айта алабыз:

1. Сахаба жеке өзү Пайгамбардан (с.а.в.) уккан сөздөрүнүн оригиналдуулугун да сактап, табиунга өткөрүп берүүсү. Бирок өткөрүп берилген мындай маалыматтын оригиналдуулугу боюнча даражасын аныктоо мүмкүнчүлүгү бизде жок. Анткени хадис усулу боюнча сама жана ликаны билдирген *"Аз. Пайгамбар мага айтып берди, Алланын элчиси мага кабар берди же мындай деди"* – деп башталган хадистер

---

[34] Kuzudişli, *Hadis Tarihi*, s.44.

сахабанын хадисти пайгамбардан эмес башка бир сахабадан алган болушу мүмкүн деген сөздү төгүндөбөйт. Сахаба ошол эле хадисти өзү сыяктуу эле бир сахабадан алган учурда мындай сөздөрдү колдонууну ооптуу деп эсептеген эмес. Сахаба кээде сөздүн өзүн эмес сөздүн толук маанисин, кыймыл-аракеттин өзүн эмес, андагы терең маанини риваят кылышкан. Мындай риваяттарда кемчилик жана жаңылыштыктар пайда болуп, ушул себептен улам кээде сахабалардын ортосунда талаш-тартыштар чыккан.

2. Сахабанын табиунга айтып кеткен хадистердин айрымдары пайгамбардан эмес өзү сыяктуу сахаба болгон башка тенгтушунан алынган. Башкача айтканда, бир сахаба башка бир сахабанын пайгамбарыбыздын айткан сөзүнөн түшүнүп риваят кыла алган. Аз. Анас муну төмөнкүчө түшүндүрөт: "биз риваят кылган хадистердин бардыгы эле Аз. Пайгамбардан уккандырыбыз эмес."

3. Сахабанын хадис риваят кылуу ыкмаларынан бирөөсү да *"бизге ушундай буйрулду"* же болбосо *"бизге ушулар тыюу салынды"* – деп башталган сөздөр. Ахли хадис жана Имам Шафи баш болгон бир канча фыкыхчы аталган сөздөр менен башталган сахабанын сөздөрүн марфу хадис өкүмүндө кабыл алган. Ал турсун Ибнус-Салахтын айтымы боюнча буга "Аз. Пайгамбардын убагында" – деп чектөө коюу да шарт эмес.

4. Бир сахабанын "биз Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) убагында ушундай кылат элек" деп башталган сөздөрү да марфу хадис катары кабыл алынат. Себеби Аз. Пайгамбардын убагында жасалган кайсы бир иштерде кандайдыр бир жаңылыштык болгондо анда сөзсүз түрдө аларды жеке өзү оңдоп түздөмөк. Анын кандайдыр бир жаңылыш ишти көрүп туруп унчукпай коюусу мүмкүн эмес. [35]

Б. Сахабанын хадис риваят кылууга болгон кылдаттуулугу

Сахабалар Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) доорунан баштап үзгүлтүксүз түрдө көбөйүп турган хадис риваяты боюнча хадис усулунун алгачкы өзөгү катары кабыл алына турган бир канча иштерди жасашкан. Хадис риваяты Аз. Абу Бакр жана Аз. Умар башында турган сахабалардын аттуу баштуулары тарабынан көзөмөлдөнүп, бул жаатта ар кандай алдын-алуучу чаралар көрүлгөн. Сахабалар хадис риваят кылуу үчүн күбө талап кылуу, ант ичтирүү, равилердин эс тутумун текшерүү, катасы бар

---

[35] Görmez, *Hadis İlminin Temel Meseleleri,* s.60-61.

риваяттарга тыкыр көз салуу жана аз санда риваят кылууга шыктандыруу иретинде атайын чара көрүлгөнүн кыскача айта кетсек болот.[36]

1. Күбө талап кылуу

Сахаба кандайдыр бир кабардын чын-төгүнүн билүү үчүн эки же болбосо андан да көбүрөөк рави (риваят кылуучу) тарабынан риваят кылынганына көңүл бурган. Кайсы бир сахаба хадис риваят кылган соң аны менен кандайдыр бир өкүм берилиши зарыл болсо, хадисти риваят кылгандан өзү сыяктуу хадисти билген экинчи күбөнү алып келишин талап кылган, эгер күбө алып келе албай турган болсо, анда ант ичүү сунушталган. Кокус булардын ичинен бирөө да болбой калса, мындай учурда риваят кабыл алынган эмес.[37] Атап айтсак, Аз. Абу Бакр, Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) чоң энеге мурастын алтыдан бирин үлүш катары бергендигин айткан Мугира бин Шуъбадан (ө. 50/670) күбө алып келүүсүн талап кылган, ал болсо Мухаммед бин Масламаны күбөлүккө өткөргөн.[38] Аз. Умар дагы ушул эле тажрыйбаны колдонгон.

2. Ант ичүүнү сунуштоо:

Аз. Абу Бакр жана Аз. Айша Абу Хурайранын кээ бир риваяттарын кабыл алышкан эмес. Аз. Али дагы хадис риваят кылууга шыктандыруусуна карабастан, баары бир эле этияттуулук үчүн, кээде хадис риваят кылуучуга ант ичтирген. Аз. Али бул маселеге байланыштуу төмөнкүлөрдү айткан: *"Ант ичип айтам, асмандан кулап өлгөнүм мага пайгамбардын атынан жалган айтуудан жакшыраак."*[39]

3. Катасы бар риваяттарды тыкыр көзөмөлдөө

Хадис риваят кылган сахабалар дайыма бирин-бири текшерип, өзүдөрү укканларынын тескериси же болбосо кем же болбосо ашык айтып алган бирөөнү укканда кезде дароо эскертип оңдоп түздөп коюшкан.[40] Ошондуктан Абу Хурайранын бейиш жана тозокко байланыштуу риваят кылган узунураак бир хадисти Абу Саид аль-Худрий

---

[36] Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, s.116.
[37] Ажжаж аль-Хатиб. *ас-Сунна кабла-т-тадвин.* Каир, 1963. 116-117-б.
[38] Karataş, *A.g.e.*, s.116-117.
[39] Бухари. *Манакиб.* 25.
[40] Karataş, *A.g.e.*, s.119.

(ө. 64/683) эч кандай кийлигишпестен эле аягына чейин уккан, бирок хадистин акыркы сүйлөмүндөгү "булардын баары жана дагы ошончосу сеники болот" деген сөзгө келгенде өзү "булардын баары жана дагы он эсеси сеники болсун" деген таризде өз билгенин айткан.[41]

Абдуллах бин Умардын *"өлгөн адам, үй-бүлөсү анын артынан ыйлагандыгы себебинен азап тартат"* деген тариздеги хадисти ривият кылганын угуп калган Аз. Айша, буга каршы чыгып мындай деген: "Алла Абдуллах бин Умарга тынчтык берсин, ант ичип айтам, Аз. Пайгамбар өлгөн адамдын артынан ыйлагандын себебинен анын кабыр азабына дуушар болору жөнүндө эч бир сөз айткан эмес. Аз. Пайгамбар каапырдын үй-бүлөсүнүн ыйлагыны себептүү Алланын кабырда азабын көбөйтөөрүн айткан. Куран силерге жетиштүү, карасаңар! "Эч ким башка бирөөнүн жүгүн (күнөөсүн) көтөрбөйт."[42] – деп буйрулган"[43] Ошондо Ибн Умардын бул сөзгө каршы жооп бербегендиги да айтылат. Бирок мында Аз. Айша Ибн Умарды жалган айттың деп күнөөлөгөн эмес, болгону ката кетиргенин айтып коюу менен гана чектелген.[44] Аз. Айшанын хадис ривият кылууда кээ бир сахабалардын каталарды оңдогону белгилүү. Аз. Айша Абу Хурайранын да көптөгөн хадис риваятына аралашып, анын каталарын оңдоп түздөгөн.

4. Аз санда хадис ривият кылууга шыктандыруу

Кээ бир сахабалар ката кетирип алуу коркунучунан улам хадис ривият кылуудан тайсалдаган, мүмкүн болушунча аз эле хадис ривият кылууга аракет кылышкан. Алгачкы мусулман болгондордон Саид бин Зайддын дээрлик эч бир хадис ривият кылбагандыгы айтылынган.[45]

Анас бин Малик да мындай деген: *"Ката кетирип алуудан коркпогонумда силерге пайгамбарыбыздан (саллаллааху алейхи ва саллам) уккан кээ бир нерселерди ривият кылат элем."*[46] Ошондой эле Анас бир

---

41 Бухари. *Азан.* 29.
42 Исра. 17/15; Фаатир. 35/18; Зумар. 39/7.
43 Бухари. *Жанаиз.* 33.
44 Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, s.119.
45 Ибн Маажа. *Мукаддима.* 25.
46 Ибн Маажа. *Мукаддима.* 3.

хадисти риваят кылып бүткөндө *"ав камаа кааль"* (...же болбосо Пайгамбар буюргандай) деп айтууну адатка айландырган эле.[47]

Аз. Умар да сахабаларга хадис риваят кылууну азайтууну сунуштаган, ал турсун бул маселеге өтө олуттуу караган. Аз. Умардын өтө кылдатуулугу менен бирге Аз. Пайгамбардан кийин он үч жыл гана жашаганына карабастан, хадис китептеринде андан абдан көп хадис риваят кылынышы анын хадис риваят кылуугу таптакыр эле каршы болбогондугун, бирок бул иштин олуттуулугунан улам аяр мамиле жасагандыгын айгинелеп турат.[48] Негизи эле сахабалардын хадис риваят кылууну азайтунун негизги себеби хадисте жаңылыш риваят кылып албоо үчүн болгон.

В. Сахабалар доорундагы хадис риваят кылуу үчүн болгон саякаттар

Сахабалар хадистерди Аз. Пайгамбардан түздөн-түз угуп ала албаган болсо, аларды башка сахабалардан сурап билет эле. Мындай учурда кээде мүмкүн болушунча аны алгачкылардан болуп уккан сахабадан алганга аракет кылышкан. Ушул себептен улам, алыскы жана машакаттуу сапарларга да чыгышкан. Бул боюнча биринчи эске түшкөн киши Жабир бин Абдуллахты айтсак болот. Ал Абдуллах бин Унайстын Аз. Пайгамбардан уккан бир хадисти түздөн-түз өзүнөн алуу үчүн Мединадан Шамга бир айлык жолду баскан.[49] Абу Аййуб аль-Ансарий бир хадис угат да аны сурап билүү максатында Мысырга Укба бин Амирдин жанына барган.

Сахабанын мындай сыймыктуу ишин кийинки келген муун да улантып кеткен. Маселен, Саид Ибнуль-Мусаййиб (ө. 94/713): *"Мен бир эле хадистин артынан бир канча күн бою жөө жүрдүм."* – деген. Табиундан Мухаммед бин Сирин хадис риваят кылуу максатында Куфага барып, ал жерде Алкама, Убайда жана Ибн Аби Лейла менен жүз көрүшкөн. Аш-Шаабий өзү уккан үч хадистин туура болуп болбогондугун тактоо үчүн Мекеге барган. Андулустан хадис борборлоруна көчүп барбаган хадисчи дээрлик жокко эсе.[50]

---

[47] Ибн Маажа. *Мукаддима.* 4.
[48] Karataş, *A.g.e.*, s.121.
[49] Ахмад б. Ханбал. *Муснад.* III/494; Бухари. *Илим.* 19.
[50] Görmez, *Hadis İlminin Temel Meseleleri,* s.70.

Мындай иштерге "ар-рихла фи талаби-л-хадис" деп коюшат. Рихла эрежеси хадис тарыхынын кийинки доорлорунда да уланып келген. Дээрлик ар бир хадисчи хадис үйрөнүү үчүн көп ирет машакаттуу сапарларга чыгышкан. Рижаль китептеринде таанышгырылган кишилердин хадис алуу үчүн кайсы жерге чейин баргандыгы жөнүндө да маалыматтар жазылган.[51] аль-Хатиб аль-Багдадинин (ө. 463/1071), сахабанын бир хадис алуу үчүн чыккан сапары менен кийинки муундун хадис үчүн саякаттары (рихла) жөнүндө баяндаган бир китеби бар. Өзүнүн тармагы боюнча атагы чыккан бул китептин аты *"ар-Рихла фи талаби-л-хадис"* - деп аталат.[52]

Г. Сахабалардын доорунда хадистердин жайылуусу

Аз. Пайгамбардын чөйрөсүн түзгөн сахабалар анын Курандан түшүндүрүп берүүсүнө, өкүм-жоболорун аткарган сөз жана кыймыл-аракеттерине, аны менен бирге буйрук жана тыюуларына, насаат жана үгүттөрүнө өтө кызыгуу менен көңүл бурушкан. Мына ушул кызыгуу аларды хадис үйрөнүүгө түрткү берген. Алар сүннөттүн өзөгүн түзгөн хадистерди жан дили менен үйрөнүшкөн. Аз. Пайгамбардын бир сөзүн укkан, кандайдыр бир жүрүм-турумун же кыймыл-аракетин көргөн сахаба өзү угуп-көргөнүн жакшылап үйрөнүп, өз ара кеңешүү жолу менен башка сахабаларга да риваят кылып турушкан. Сахабанын ушундай ыкманы колдонуусу хадистердин өз араларында кеңири жайылуусуна өбөлгө болгон. Пайгамбардын (с.а.в.) көзү өткөндөн кийин Ислам дини өкүм сүргөн аймактардын кеңейүүсү менен улам жаңы маселелер пайда боло баштаганда хадиске болгон муктаждык ого бетер күчөгөн. Кеңейип бара жаткан ислам ааламынын маселелерди бир бүтүмгө келтире турган пренциптер зарыл болгондо алгач эле кайрыла турган негизги булак Куран жана андан кийин эле хадистер болгон. Натыйжада сахабанын күнүмдүк турмушта жүзөгө ашыруу максатында үйрөнгөн хадистердин риваят кылынышы бара-бара зарылчылыкка айланган. Мындай зарылчылык табииндер Пайгамбардан (с.а.в.) үйрөнгөндөрүн өздөрү риваят кылуу үчүн койгон катуу талаптары кошулганда сахаба билгендерин риваят кыла башташкан. Алардын мындай жигердүү иштери хадистердин жоголбостон табииндерге өткөрүлүп калуусу үчүн чоң

---

[51] Tartı, *Muhtasar Hadis İlimleri ve Usûlü,* s.109.
[52] Hatiboğlu, "Rihle" mad., *DİA*, XXXV/106.

натыйжа берген,[53] хадистердин элдин калың катмарына жайылуусуна шарт түзүлгөн.

Сахаба хадистерди риваят кылуу жаатында көрсөткөн чечкиндүүлүктү жана аракетчилдикти хадистердин кеңири жайылуусунда көрсөтө алган. Ал эми Абу Зарриль-Гыфарий бул маселеге төмөнкүчө токтолот: *"Кылычты (мени өлтүрүү үчүн) кекиртегиме такасаңыз да мен пайгамбарыбыздан уккан бир сөздү силер ишиңерди бүтүргөнгө (башымды кескенге) чейин айтып калганга убакыт бар экенин билсем ал сөздү силерге айтып калар элем."*[54]

Ушундай чечкиндүүлүк менен сахаба Пайгамбардан (с.а.в.) көрүп уккандарын же болбосо көрүп уккандардын риваят кылуусу менен үйрөнгөнүн жаюу үчүн кудум жарышка түшкөндөй эле. Билбегенин билгендерден суран үйрөнүү үчүн алыс жерлерге барууга аргасыз болуп, катаал жана машакаттуу сапарларга чыгышкан.[55] Хадис үйрөнүү жана белгилүү хадистердин каталарын оңдоп түздөө максатында сапарга чыгуу дагы хадистердин кеңири жайылуусунда өтө чоң ролду ойногон.

Д. Сахаба жана хадистердин жазылышы

Хадис тарыхында сахабалардын убагындагы эң маанилүү иш-аракеттердин бири хадисти риваят кылуу менен бирге хадистердин жазылып жазылбоо маселеси бар эле. Хатиб аль-Багдадинин *"Такйидул-л-илм"* аттуу эмгеги аталган хадистерди иликтеген өзгөчө жана баа жеткис эмгек болуп саналат. Кээ бир хадистерде хадистердин жазылып калышына уруксат берилсе, кээ бир хадистерде болсо хадисти жазып калууга тыюу салынган.

Хадистердин жазылышына тыюу салган риваяттардын айрымдары төмөнкүлөр:

1. Абу Саид аль-Худринин риваяты боюнча Аз. Пайгамбар төмөнкүчө буюрган: "Менден Курандан башка эч бир нерсени жазбагыла. Ким менден бир нерсе жазган болсо аны жок кылсын. Менин сөздөрүмдү риваят кылгыла, мында эч кандай кооптонуу жок..."[56]

---

[53] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.336-337.
[54] Бухари.
[55] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.337-338.
[56] Муслим. *Зухд*. 72.

2. Башка бир риваятта болсо Абу Саид аль-Худри төмөнкүчө айткан: "Хадистерди жазып калуу үчүн Аз. Пайгамбардан уруксат сурадым/сурадык, бирок уруксат берген жок."[57]

3. Абу Саид аль-Худриге "бизге хадис жаздыр" деп айтылганда, ал төмөнкүчө жооп берген: "Аны өзүңөр окуй турган Мусхафтарга айландырасыңарбы? Пайгамбарыбыз (с.а.в.) бизге айтып берчү, анан биз анын айткандарын жаттап алат элек. Биз Пайгамбарыбыздын айткандарын жаттагандай эле силер да жаттагыла!"[58]

4. Зайд бин Сабиттен да Алла элчисинин (с.а.в.) хадис жазууну аларга тыюу салгандыгы жөнүндө бир риваят келет.

Хадистердин жазылышына уруксат берген риваяттар төмөнкүлөр;

1. Абдуллах бин Амр Пайгамбарыбызга (саллаллааху алейхи ва саллам) кайрылып: "Сенден уккандарымды жазып калсам болобу?" – дегенде ал уруксат берген: *"ачуулуу жана ачуулуу эмес учурларда сизден бир нерсе жазайынбы?"* – деп экинчи ирет сураган кезде: "Ооба, эки абалда тең бир гана чындыкты сүйлөйм!" – деп буйурган.

2. Абу Хурайра төмөнкүчө айтат: "Аз. Пайгамбарыбыздын сахабаларынын арасында Абдуллах бин Амрдан башка менден көбүрөөк хадис билген эч ким жок эле. Анткени ал жазчу, мен болсо жазган жокмун."

3. Аз. Пайгамбар хадис жаттай албай жатканын арызданып келген бир кишиге "оң колуңан жардам сура" деп хадис жазууга шыктандырганы риваят кылынат.[59]

4. Аз. Пайгамбар (саллаллааху алейхи ва саллам) хижраттын 8-жылы Меккени каратып алган кезде бир кутпа окуган эле. Йемендик Абу Шах аттуу бир сахаба Пайгамбардан (с.а.в.) бул кутпаны жаздырып берүүнү талап кылат, Аз. Пайгамбар болсо *"(Кутпаны) Абу Шах үчүн жазып бергиле!"* – деп буйурат.

5. Аз. Пайгамбар жеке өзү Амр бин Хазм жана башка сахабалар үчүн зекеттин өлчөмдөрүн камтыган баракларды жаздырган.

Маалым болгондой, хадистердин жазылышы жана жазылбашы боюнча талаш-тартыштуу риваяттар бар. Аталган риваяттардын арасында бир гана Абу Шахка байланыштуу хадистин датасы маалым болуп, ал

---

[57] Хатиб аль-Багдади. *Тайкиду-л-илм.* 32-33-б.
[58] Хатиб аль-Багдади. *Тайкиду-л-илм.* 36-37-б.
[59] Хатиб аль-Багдади. *Такйид.* 65-б.

хижраттын 8-жылы Мекке каратылып жаткан кезде жүзөгө ашкан. Аталган маалымат жазууга уруксат берүүнүн кийинкиге калтырылган деген жоромолдорго түртkү болууда. Сахабалардын хадис жазып калтырганы, хадис баракtарын сактап калуулары, хадистердин жазылышына болгон тыюунун белгилүү бир убакыт өткөндөн кийин алып салынган деген таризде жоромолдонгон.

Хадистерди жазып калууга адегенде тыюу салынышынын кээ бир себептерине кеңири токтолот. Аталган себеттердин арасында жазуунун өнүгө элек болгондугу, ошол доордо жазгандын билгендердин аз болушу, жазганды билгендер вахий жазууга жооптуу болгондугу үчүн хадистерди Куран менен чаташтырып алуу ыктымалдары айтылынган.

Хадис жазууга байланышкан жогорудагы риваяттар атайын ыраатка келтирилип, хадис жазуу боюнча төмөнкүдөй көз караштар айтылат:

1. **Насх көз карашы:** Хадистердин жазылышына тыюу салган Абу Саид аль-Худринин риваят кылган хадиси Куран аяттары түшүп жаткан учурда хадистердин Куран менен чаташып кетүү коркунучунан улам болгон. Мындай коркунуч жоюлгандан кийин Аз. Пайгамбар хадистерди жаттап калуунун кыйын экенин көрүп, хадистердин жазылышына уруксат берген. Бул көз карашты жактагандар Пайгамбар (с.а.в.) дүйнөдөн кайтар алдында кээ бир маселелерди жаздыруу үчүн кагаз менен калем сураганын далил катары көрсөтүшөт..

2. **Атайын уруксат жөнүндөгү көз караш:** Жазуу уруксаты, кат сабаты жогору болгондорго берилген. Аз. Пайгамбардын Абдуллах бин Амрга хадистерди жазганга уруксат берүүсү анын сабаттуулугуна ишенгендиктен улам болгон. Башка кээ бир сахабалардын ката кетирүүсүнөн коркkондугу үчүн аларга хадис жазууга тыюу салган. Кээ бир аалымдар болсо эс тутумуна ишенбеген кишилерге жазуу уруксаты берилген деген көз карашта. Бирок Аз. Пайгамбар дүйнөдөн кайтардан алдын жазуу үчүн кагаз сураганы жана факт катары бир канча документ жаздыруусу жана жазылышына уруксат берүүсү анык түрдө хадистин жазылуусуна уруксат берилген деген мааниге келет. Бул болсо жазууга тыюуунун же болбосо тыюунун белгилүү топторго таандык деген түшүнүккө терс таасирин тийгизет.

3. **Хадистерди Куран аяттары менен бирге жазууга тыюу салынганы боюнча айтылган көз караш:** Бул көз караш боюнча хадис жазууга тыюу салуу бул хадистердин Куран аяттары менен бир бетке жазылуусуна тыюу салынгандыктан улам болгон. Хадис жазуу ишине Куран менен хадис бир бетке жазылганда бири-бири менен аралашып кете тургандыгы үчүн тыюу салынган. Бирок Абдуллах бин Масуд сыяктуу кээ бир сахабалардын Мусхафтардын четине кээ бир аяттардын

тафсирлерин жазгандыгы эске алына турган болсо анда бул көз караш туура болбой калууда.

4. **Куранга көңүл коштук болот деген ой-пикир:** Адамдар хадистерге көбүрөөк басым жасап, Куранга кайдыгер мамиле кылып калат деген коркунуч да хадис жазууга тыюу салуунун бирден бир себеби катары эсептелген. Мындай көңүл коштук болбой турган болсо андай учурда бул маселе көтөрүлбөйт болчу.

5. Хадистердин жазылышына анык түрдө жана жалпыга тыюу салынганда анда сахабалардын айрымдарынын жана андан кийин келген муундун хадистерди жазып калуусу эч качан көйгөй болбойт эле. Сахаба хадис жазууга тыюу салуу себептери жоюлганда хадистерди жазууга эч кандай тоскоолдук жок деп эсептешкен.

6. Хадистерди жазуунун хадис жаттоо эс тутумунун начарлашы, хадис жазылган баракгардын атайын бул тармактын адистерине берилбей калышы, китептерде бурмаланып кетүү коркунучу сыяктуу кооптонуулар дагы сахаба жана кийинки дооpлордо хадистердин жазылышына каршы чыккандардын карманган себептеринен улам болгон.[60]

7. Кээ бир вахий катчылардын катчылык милдети токтомоюнча аларды хадис жазуудан тыйган чектөөнү өздөрү үчүн өмүр боюу улана турган чектөө катары ойлоп калган болушу мүмкүн.

8. Ошол учурда коомдо жазуу маданияты эмес, оозеки маданият үстөмдүк кылып турган. Эс тутум жазууга караганда ишенимдүүрөөк деп бааланып, билим китепте эмес эс тутумда сакталган. Жана да эс тутумда сакталган илимге маани берилип келген. Ошондуктан хадис жазууга каршы болгон же болбосо жазгандарын жок кылып салган көп сандага кишилер болгон.

9. Жазылгандарга ишенип жаттоо деген түшүнүктүн жок болуу коркунучу болгон. Масрук, Халид аль-Хазза жана Асым бин Дамра сыяктуу инсандар хадистерди жатап калуу үчүн жазышып, жаттагандан кийин жазгандарын жок кылып салышат эле.

10. Жазылган хадистердин атайын билармандардын колуна өтпөй, бурмаланып кетүү коркунучу. Бул кооптонуу менен өмүрүнүн акыркы деминде китептерин жок кылдыргандар кездешкен. Авзаи (ө. 157/774) бул аянычтуу көрүнүштү төмөнкүчө түшүндүргөн: *"Бул илим (хадис) адамдар бири-биринин оозунан алып сүйлөшкөндө өтө кадырлуу нерсе эле. Китеп*

---

[60] Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, s.75-76.

болуп жазыла баштаганда анын нуру өчүп, хадисчи болбогондордун колуна отуп кетти."[61]

Хадис жазууга тыюу салган жана уруксат берген хадистердин басымдуу бөлүгү бир өкүмгө байланбай турганчалык зайыф хадистер болуп саналат. Хадис жазууну тыйган хадистердин баары сахих катары каралса дагы Куран жана сүннөттүн жалпы пренциптерин, Аз. Пайгамбардын жалпы жүрүм-турумун жана максатын негиз алып, мунун узун мөөнөткө созулган тыюу болбогондугун оңой эле айтууга болот.[62]

Хадис жазууга тыюу салуу боюнча хадистин мурда эле келгендигине карасак, Пайгамбар (с.а.в.) мурун Куранга көңүл бурулбай калат деген көз карашты эске алганыбызда аталган кооптонуу күч алып турган доордо хадистердин жазылышына уруксат берген эмес. Классик доордогу аалымдар көбүнесе насх боюнча көз карашты кабылдашса, учурдагы хадис изилдөөчүлөрү көбүнчө Куранга көңүл бурулбай калат деген көз карашка кеңири токтолушкан. Аз. Пайгамбардын хадис жазууга уруксат бербегендиги үчүн айрым сахабалар хадисттерди жаттап анан риваят кылышкан. Бардык сахабалардын билим деңгээли жана үйрөнгөн хадистерди жатка жаттоо жөндөмдүүлүгү боюнча бирдей эмес. Алардын арасында жазганды билгендер да өтө аз болгон. Мына ушул себептерден улам, сахабалардын көпчүлүгү хадистерди жазбаганын көрүүгө болот. Хадистерди жазбаган сахабалардын бир бөлүгү хадистерди жаттоо жолу менен риваят кылуу керек деген пикирди жакташкан. Ошондой эле, жазууну билген сахабалар билген хадистерин жаза башташкан. Абдуллах бин Амр, Жабир бин Абдуллах, Али бин Аби Талиб, Анас бин Малик сыяктуу сахабалардын хадис жазгандыгы ачуу чындык.[63]

Хадис тарыхында көптөгөн хадистердин жазылышына байланышкан бир топ түшүндүрмө жана талаш-тартыштар болсо дагы иш жүзүндө сахаба тарабынан хадистер жазылган. Риваяттардан жана кийинки жазма булактардан алган маалымат боюнча сахабадан 50дөн (элүү) ашык киши хадис жазган.[64]

---

[61] Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, s.75-76; Kuzudişli, *Hadis Tarihi*, s.80-81; Tartı, *Muhtasar Hadis İlimleri ve Usûlü*, s.113-115.

[62] Görmez, *Hadis İlminin Temel Meseleleri*, s.51-52.

[63] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.337.

[64] Аъзами, Мухаммед Мустафа. *Дирасатун фи-л-хадиси-н-Набави.* I-II, аль-Мактабу-л-Ислами. Бейрут, 1985. 92-142-б.

Е. Сахабага таандык хадис баракчалар

Аз. Пайгамбардын доорунда айрым сахабалар пайгамбарыбыздан уккандарын жазышкан жана ошентип алгачкы хадис булактары катары белгилүү хадис баракчалары пайда болгон. Бирок бул доордо систематикалык жана ырааттуу түрдө бир хадистин жазылганы байкалбагандыгы үчүн хадистердин дээрлик көпчүлүгү жаттоо аркылуу жана оозеки түрдө кийинки муунга өткөрүлгөн.[65] Кээ бир сахабалардын Пайгамбардан (с.а.в.) угуп жазып калгандыгы жазма булактарда сахифа (баракча, бет) деген ат берилген. "Сахифа", жалпысынан пайгамбар (саллаллааху алейхи ва саллам) сахабалар жана андан кийинки табиундардын доорунда жазылган чакан, аз санда хадистерди камтыган хадис жыйнактарынын аталышы болуп саналат.[66] Сахифалардын (баракчалардын) басымдуу бөлүгү сахаба тарабынан жазылган. Сахаба баракчаларды сахабалардын атайын жеке аракети менен өздөрү үчүн жазган чакан көлөмдөгү жазмалардан турат. Балким алар хадистерди жакшыраак жаттап алуу үчүн же болбосо көп убакыт өткөндөн кийин да эстей алуу үчүн жазышкан.[67]

Бүгүнкү күнгө жетпесе да аталган баракчалардын бар экендигин риваяттар аркылуу билүүгө болот. Түп нускасында күнүбүзгө чейин келип жеткен эң эски хадис жыйнагы болгон Хаммам бин Мунаббиндин *"Сахифасын"* айтсак болот. Абу Хурайра жаздырган хадистердин 138 даанасы чогултулуп, аталган баракчалар бизге анын шакирти Маъмар бин Рашид аркылуу жеткен. Мына ушул хадис жазылган баракчанын хижраттын биринчи жүз жылдыгынын орто ченинде чогултулганы божомолдонууда.[68] *"ас-Сахифату-с-сахиха"* деп аталган бул баракча Сахифату Хаммам катары да аталып калган. Жакынкы эле дооорлордогу хадис тарыхы боюнча алганда бул баракчалардын табылып, жарык көрүүсү хадистердин алгачкы экинчи жүз жылдыкта жазылбагандыгын жана оозеки түрдө риваят кылынып келген деген сөздү түп тамыры менен четке кагат.

Көпчүлүк сахабалар анын хадистерин ар кандай себептерден улам жазып калышкан. Сахабалардын кээ бирлери бир же бир канча хадис

---

[65] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı*, s.27.
[66] Sıddîkî, *Hadis Edebiyatı*, s.35.
[67] Erul, *Hadis El Kitabı*, s.47.
[68] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı*, s.28.

риваят кылса, кээ бир сахабалар өздөрү жазып калган хадистер менен атайын жыйнак түзүшкөн.

Сахабага тиешелүү жыйнактардын айрымдары төмөнкүлөр:

1. Абдуллах бин Амр аль-Астын хадис баракчасы (ас-Сахифатус-Садика)
2. Самура бин Жундабдын хадис баракчасы
3. Саад бин Убаданын хадис жыйнагы

Хадистер жазыла баштаган доордо сахифа ээси болгондугун же андан хадис риваят кылынгандыгы аныкталган башка сахабалардын айрымдары төмөнкүлөр:

Абу Бакр ас-Сыддык (ө. 13/671), Абу Бакр ас-Сакафий (ө. 13/634), Умар бин аль-Хаттаб (ө. 23/643), Абдуллах бин Масъуд (ө. 32/652), Али бин Аби Талиб (ө. 40/660), аль-Мугира бин Шуъба (ө. 50/670), Абу Аййуб Халид бин Зайд аль-Ансарий (ө. 52/672), Айша (ө. 58/677), Абдуллах бин Аббас (ө. 68/687), Абдуллах бин Умар (л. 74/693), Абдуллах бин Зубайр (ө. 73/692), Жабир бин Абдиллах (ө. 74/693), Абу Шах, Абу Умама (ө. 81/700), Абдуллах бин Аби Авфа (ө. 87/706), Анас бин Малик (ө. 93/711).[69]

Ё. Риваят кылган хадистердин санына жараша сахабалар (Муксирун-Мукиллун)

Хадис риваяты боюнча сахабаларга бир көз чаптыра турган болсок, кээ бирлери көп, кээ бирлери аз санда хадис риваят кылгандыгын, айрым сахабалардын эч бир хадис риваят кылбагандыгын байкоого болот. Ал тургай кээ бир сахабалар Аз. Пайгамбар менен 23 жыл бою бирге жашаганына жана бир топ хадис укканына, көптөгөн сүннөткө күбө болгонуна карабастан (сыягы Пайгамбарга туура эмес нерсени байланыштырып алуу коркунучунан улам) билгендерин риваят кылган эмес. Ушул эле кооптонуунун себебинен Ибн Масуд дагы Аз. Пайгамбардан уккан бир топ хадисти ага байланыштырбастан өзүнүн сөзү сыяктуу накилден артык көргөн.[70]

Сахабанын аты-жөнүн жана алардын өмүр баяндары жазылган китептерге карай турган болсок, сахаба болгонбу же болбогонбу деген

---

[69] Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, s.90.
[70] Erul, *Hadis El Kitabı*, s.46.

талашып-тартышкандар жана балдарды да кошкондо жалпы сахабанын саны Ибн Хажардын сахабалар өмүр баяны жөнүндөгү "аль-Исаба" китебинде 12295 деп көрсөтүлгөн.[71]

Жогоруда баяндалгандай сахабалардын санына карабастан Пайгамбардан (с.а.в.) хадис риваят кылган деп жазылып калган сахабанын саны өтө эле аз. Маселен, Ибн Хазмдын Китабуль-Аъдад китебинде 1002 сахабанын аты аталгандыгы аныкталган. Хаким ан-Найсабури хадис риваят кылган сахабалардын саны 4000 деп айтса, Захабий булардын болжол менен 1500дүн тегерегинде экендигин, 2000ден ашпай тургандыгын белгилеген.[72]

Ибн Хажардын айткан сандык көрсөткүчүн эске ала турган болсок, болжол менен 13 000 (он үч миң) аты-жөнү билинген сахабадан 1300ү хадис риваят кылышкан. Бул сахабалардан 800ү бир менен тогуздун ортосунда хадис риваят кылган. Ал эми калган 300 сахабанын он же андан ашык хадис риваят кылып, ушул иш менен алектенгендигин айтууга болот. Алардын ичинен 7 киши 1000дин, 4 киши 400дүн, 27 киши 100дүн жана 194 киши болсо 10дун айланасында хадис риваят кылган. Андай болсо, Пайгамбар (с.а.в.) жана анын хадис жана сүннөтү жөнүндөгү риваяттары менен маалымат бере турган, башкача айтканда, ой-пикирлерине жана көз караштарына кайрыла турган сахабалардын саны болгону 232нин тегерегинде эле.[73]

1. Муксирун

Кээ бир сахабалар Пайгамбардан (с.а.в.) көп сандаган хадис риваят кылса, айрымдары аз эле хадис риваят кылышкан. Хадисчилер сахабаларды хадис риваят кылганына жараша классификацияга бөлгөн жана миң хадистен ашык риваят кылган сахабаларга "муксирун"; миң хадистен аз риваят кылгандарга болсо "мукиллун" деген ат берилген.[74]

Муксирун жана Мукиллун деп ажыратууда көбүнчө Бакий бин Махлад жана Ахмад бин Ханбалдын Муснаддары негиз катары алынган. Бакий бин Махладдын эмгеги бүгүнкү күнгө чейин жетпегендиги үчүн Ахмад бин Ханбалдын *Муснадына* жараша сахабанын риваят кылган

---

[71] Erul, *A.g.e.*, s.44.
[72] Karataş, *Rivâyet Tekniği Açısından Hadislerin Artması ve Sayısı*, s.147.
[73] Erul, *Sahâbenin Sünnet Anlayışı*, s.25.
[74] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.268.

хадисинин саны аныктоого оңой болгондуктан бул боюнча негиз катары алууга ылайыктуураак болуп саналат. Мына ушул эки Муснаддын авторлорунун айтуусу боюнча муксирун жана мукиллун болгон сахабанын аты-жөнү жана риваят кылган хадистеринин саны төмөнкүчө:

МУКСИРУН			
	Сахабанын аты-жөнү	**Бакий бин Махлад**	**Ахмад бин Ханбал**
1	Абу Хурайра (ө. 57/676)	5374	3878
2	Абдуллах бин Умар (ө. 74/693)	2630	2028
3	Анас бин Малик (ө. 93/711)	2286	2464
4	Аз. Айша (ө. 57/676)	2210	2433
5	Абдуллах бин Аббас (ө. 68/687)	1660	1709
6	Жабир бин Абдиллах (ө. 80/699)	1540	1215
7	Абу Саид аль-Худрий (ө. 74/693)	1170	964

2. Мукиллун

Сахабалардын арасынан Аз. Пайгамбар тирүү кезинде анын жанынан эч айрылбагандар болгондой эле, аны менен аз убакыт гана маектешип калгандар да болгон. Мындай көрүнүш табигый түрдө Аз. Пайгамбарга тиешелүү сөз жана кыймыл-аракеттен бир сахабанын билгенин башка бир сахабанын билбей калышына түрткү болгон. Ансыз деле Пайгамбардын (с.а.в.) таасирдүү сөздөрү менен жетишкен сахабалардын баары хадис менен бирдей деңгээлде алектенген деп айтуу мүмкүн эмес. Илим менен шугулданган сахабалардын саны алардын санына салыштырмалуу өтө эле аз. Бул да болсо табигый көрүнүш болуп саналат. Алардан бизге чейин хадис риваят кылып келген сахабалардын саны да жалпы сахабалардын санынан өтө эле төмөн.

Бакий бин Махладдын бүгүнкү күнгө чейин жетпей калган Муснады эске алынып, алардан 1000ден азыраак хадис риваят кылган сахабалар мукиллун деп аталган. Мукиллундардын арасында 848 хадис менен Абдуллах бин Масуд (ө. 32/652) биринчи орунда, 700 хадис менен Абдуллах бин Амр экинчи орунда, 537 хадис менен Аз. Умар үчүнчү орунда турат. Али бин Аби Талибден 536 хадис риваят кылынгандыгы

белгилүү болгон. Ошондой эле Бакий бин Махладдын *Муснады* боюнча Аз. Абу Бакрдан 142 жана Аз. Усмандан 146 хадис ривает кылынган.[75]

Мукиллун тобуна кирген Абдуллах бин Масуд, Абдуллах бин Амр бин аль-Ас, Аз. Умар жана Аз. Алини аз санда хадис ривает кылган деп ойлобоо керек. Анткени сахабалардын 1000ге жакыны хадис ривает кылган бир гана жети киши бар. Хадис ривает кылган бардык сахабаларга салыштырмалуу алар ривает кылган хадистер муксирундан кийин эле турат. Башка сахабалардын бардыгы мукиллун катары аталган миңге жетпеген хадис ривает кылган сахаба бар. Мында негизинен Аз. Абу Бакр жана Аз. Умар өндүү Аз. Пайгамбардын жанында узак убакытта болгон сахабалардын, Пайгамбардын жанында аз эле убакыт болгон (маселен Абу Хурайра сыяктуу Аз. Пайгамбардын жанында болгону 4 жыл болгон) сахабалардан азыраак хадис ривает кылган деген талаштуу маселе бар. Мындай көрүнүш сахабалардын ар кайсы санда хадис ривает кылгандыгын себептери боюнча кенирээк токтолууну талап кылат.

Маалым болгондой, сахабанын баары эле Аз. Пайгамбарга байланыштуу эскерүүлөрүн айланасындагыларга айтып берген болушу ыктымал. Өзгөчө, тийиштүү хадистерден билингендей эле, айрым сахабалар бир гана өзүнүн укkан-көргөндөрүн эле эмес, башка сахабалардын укkан-көргөндөрүн дагы сурап үйрөнүп, аны айтып келишкен. Алардын ичинен хадис ривает кылуунун жоопкерчилигин моюнга алууга дарамети жетпегендиги үчүн эч нерсе ривает кылгысы келбеген же болбосо муну зарыл болгондо аткаргандар болгондой эле айрыкча бул ишке өзүн арнагандар да бар эле. Ошону менен бирге, Пайгамбар кайтыш болгондон кийин аз же көпкө жашаганы, мамлекеттик кызмат сыяктуу атайын жумушта иштөө жана ошол себептен улам убактысына жараша аз же көп хадис ривает кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу маселесин да кошумчалай кетүү керек. Ушул жана ушул өндүү себептертен улам бардык сахабалардын риваяттары боюнча бирдей санда болгон эмес.[76]

1. Аз. пайгамбар кайтыш болгондон кийин көпкө жашаган сахабалар көбүрөөк хадис ривает кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Атап айтсак, Муксирундан Абу Хурайра жана Аз. Айша, Пайгамбардан (с.а.в.) кийин 48 жыл жашаган. Муксирундан болгон сахабанын баары башка

---

[75] Kuzudişli, *Hadis Tarihi*, s.54.
[76] Aydınlı, *Hadiste Tesbit Yöntemi*, s.61.

сахабаларга салыштырмалуу Аз. Пайгамбардын көзү өткөндөн кийин узак жашашкан.

2. Абу Хурайра сыяктуу айрым сахабалар Пайгамбардын (с.а.в.) жанында азыраак убакыт гана болгонуна карабастан Аз. Пайгамбар менен бирге болгон убакыттын ичинде дайыма анын артынан ээрчип жүрүшкөн, ал эми андан сурап үйрөнө албай калгандарын башка сахабалар аркылуу билип алышкан.

3. Абу Хурайрага салыштырмалуу Исламды кеч кабыл алганына карабастан Суффада жашагандыктан Аз. Пайгамбардын дайыма жанында болгон. Аз. Айша Алла элчисинин жубайы болгондугу себептен хадис риваят кылгандардын ичинен Аз. Пайгамбарга эң жакын болгон сахаба. Абдуллах бин Умар атасын жана карындашы Аз. Хафсанын да себебинен дайыма Пайгамбардын жанында болууга мүмкүнчүлүк тапкан. Анас бин Малик кичине жашынан Аз. Пайгамбарга кызмат кыла баштаган жана дайыма аны менен чогу жашоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон.

4. Аз. Абу Бакр жана Аз. Умар сыяктуу кээ бир сахабалар мамлекеттик башкарууну өз мойнуна алган.

5. Абдуллах бин Амр бин аль-Ас, Абу Хурайра да айткандай эң көп хадис билген сахабалардын бири болгонуна карабастан муксирундун катарына кошула албай калган. Ал ээлеген кызматына ылайык дээрлик илимий иш-аракеттер Хижаз аймагында жүргүзүлгөнчөлүк көп деле болбогон Мысырда жашаган.

6. Кээ бир сахабалар жихад менен көбүрөөк алектенсе, кээ бир сахабалар мусулмандардын ортосундагы ички келишпестиктерде бир тарапты жактап кетишкен. Ошондуктан согуш менен алагды болгон сахабалар көп сандаган хадис билишсе дагы аны системалуу түрдө риваят кылып калганга ыңгайлуу шарт таба алган эмес.

7. Зубайр бин Аввам (ө. 36/656) сыяктуу кээ бир сахабалар болсо атайын ката кетирип алуу коркунучу жана туура эмес нерсени Аз. Пайгамбарга таандык кылып алуу коркунучунан улам жакшылып жаттаган хадисинен башканы риваят кылган эмес.[77]

---

[77] Kuzudişli, *Hadis Tarihi*, s.54-56.

Ж. Сахабанын адилеттүүлүгү дана забты (эске тутуму)

Жогоруда сахабанын пазилети жөнүндө кеңири баяндадык. Алла жана элчисин мактап ыраазы болгон, жаны менен мал-мүлкүн Алла жана анын элчисинин жолуна арнаган адамдар динибиздин негизги булактарынын бири болгон хадисти ривает кылууда чынчыл болбогондо карама-каршылык жаралат эле. Арийне, бул жерде хадис риваяты жөнүндө сөз болууда. Алардын бул жаатагы чынчылдыгы жана адилеттүүлүгү, алардын кемчиликсиз жана күнөөсүз экендиктерин түшүндүрбөй турганын кошумчалай кетүү керек.[78]

Куран жана сүннөттөгү настарга таянган хадисчилер жана Ахли-Сүннөт аалымдары сахабанын баарын адилеттүү деп кабыл алган, ривает кылган хадистерин изилденүүсүз эле кабыл алуу керек деген көз карашта болушкан. Мындай көз караш төрт мазхабдын имамы Абу Ханифа, Имам Малик, Имам Шафи, Ахмад бин Ханбал менен Бухарий, Муслим, Абу Давуд, Тирмизий, Насаи, Яхя бин Маин, Али бин Мадиний Абу Зура ар-Разий жана Ибн Хиббан сыяктуу бардык хадисчилерди өз ичине камтыган көпчүлүктүн көз карашы кирет. Кээ бир аалымдар бул маселеде үммөттүн ижмасы бар экендигин айтышкан.[79]

Аз. Пайгамбардын сөзү жана жүрүм-турумун дал өзүндөй кылып забт (эске сактап калуу) жана жаттап калуу жана өзгөртүүсүз түрдө ривает кылуу сахабанын көп аракет жумшаган кызматтарынын бири болгон. Алар кээде Аз. Пайгамбардан сураган суроолорун, түшүнө албай калган кээ бир маселелерде ага кайрылганда түпкү маңызын аңдап билбегендиги, ар кыл маселелерде ага карата айтылган сын-пикирлер жана өзгөчө Аз. Умарда байкалгандай көрсөтүлгөн олуттуу каршылыктар мунун бары ар дайым аны жакшыраак таанып-билүү үчүн болгон эле. Чындыкты тастыктоо жана акыйкатка жетүү максатында алардын айрымдарынын кылган мээнети өзгөчө сый-урматка татыйт. Айрыкча, фыкыхчы жана мужтахид катары таанылган сахабалар Пайгамбардын (с.а.в.) жетиштүү деңгээлде таанылбай калгандыгын көрүп, сын-пикир иретинде бири-бирине каршылык көргөзүүдөн, ал турсун зарыл болгон учурда катуу сын айткандан дагы тартынган эмес.[80]

---

[78] Aydınlı, *Hadiste Tesbit Yöntemi*, s.59.
[79] Efendioğlu, "Sahabe" mad., *DİA*, XXXV/495.
[80] Erul, *Hadis El Kitabı*, s.47-48.

Сахаба учуру келгенде бири-биринин кемчиликтерин толуктап, жаңылыштыктарын түздөп турган. Ал турсун кемчилигин көрсөтүп коюу үчүн атайын сын-пикир айтышкан. Алардын мындай кылганынын негизги максаты Куран жана Аз. Пайгамбарды туура эмес түшүнүп калуу жана жаңылыш үйрөтүлүп калууну алдын алуудан башка эч нерсе эмес эле.[81] Бул маселе боюнча айрым сахабалардын риваяттарында забт (эске тутуу) көйгөйү жеке сахабанын тастыктоосу менен белгиленген.

Аз. Айша сахабага каршылык жана алардын жаңылыштыктарын түздөө менен белгилүү болгон. Бадруддин аз-Закашинин (ө.794/1392) *"аль-Иҗаба ли-ирадий маъстадракатху Аиша ала-с-сахаба"* аттуу эмгегинде атайын Аз. Айшанын сахабага көрсөткөн каршылыктары орун алган. Закашинин аталган эмгеги риваяттарды забт (эске тутуу) кылууда пайда болгон кемчиликтерди аныктоодо да жана хадис тексттинин сыны боюнча да өтө маанилүү эмгек болуп саналат.[82]

Аз. Айша өзүнө жеткен кээ бир риваяттарды угары менен забт (эске тутуу) боюнча кемчиликтерин аныктап бүткөн соң, дароо каршы чыгып, равилерге да риваяттарга да сын-пикирин билдирген. Аз. Айшанын равилерге жана риваяттарга карата сын-пикирин айтып, аны оңдоп-түздөөдө Куран, сүннөт, хадис, акыл, тарых жана араб тили жана логика сыяктуу критерийлердин бирөөсүнө же болбосо бир учурда бир канчасына таянган.[83]

Аз. Айшанын равилерге карата колдонгон төмөнкү сөздөрү ошол эле маалда сахабада болгон забт (эске тутуу) көйгөйүн да дааналап көрсөтүүдө: "Кимде ким ушундай кабар берсе жалган айтат", "жалган айтып жатат", "Ал жалган жана туура эмес айтыптыр", "жаңылды же унутту", "кулак жаңылыш угуп алышы мүмкүн", "жакшы жаттаган эмес", "туура эмес угуптур, жаңылыш риваят кылыптыр", "мурунку хадистен кабар бериптир", "маселе ал айткандай эмес", "адамдар кандай гана тез унутушат", "сен кандай жаман айттың", "сен жакшы эмес, жаман кылыпсың го". Мына ушунун баары сындоо иретинде айтылган сөздөрдү унутуу, ката, жаңылыш, күмөн саноо, толук укпай калуу, толук риваят кылбоо, туура укпоо, жакшы эстей албоо, ниетин түшүнө албоо, туура эмес баа берүү, туура түшүндүрө албоо, жаңылыш айтуу сыяктуу

---

[81] Erul, *Hadis El Kitabı*, s.48.
[82] Zerkeşî, *Hz. Aişe'nin Sahâbeye Yönelttiği Eleştiriler,* (çev. Bünyamin Erul), s.
[83] Erul, *A.g.e.*, s.49.

пендечиликтин табигый көрүнүшү катары сыпатталуучу забттын (эске тутумдун) кемчиликтери. Аз. Айшанын жогоруда "жалган айтып жатат" деген тариздеги сөзү, сахабанын риваят кылганда атайылап айтылган жалганды эмес, бул жааттагы кемчилигин, жаңылыштыктарын көрсөтүү үчүн колдонулган.[84]

Аз. Айша, Аз. Умар, Аз. Али, Ибн Аббас жана Зайд бин Сабит сыяктуу сахабалар баш болгон табиинден андан кийинки хадис жана фыкых аалымдарынын риваяттарга карата көрсөткөн каршылыгы жана сын-пикирлери эч качан Пайгамбарга (с.а.в.), кандайдыр бир билим булагы катары сүннөткө же илимдин бардык тармагы хадиске карата терс мамиледе эмес. Алардын каршылыктары равилердин катачылык жана күмөн санап, Аз. Пайгамбарга байланыштырган жаңылыш риваяттарга же кабарларга тиешелүү эле.[85]

3. Сахабалардын хадис жана сүннөттөрдү ар кандай түшүнүүсү

Сахабанын баары хадис жана сүннөттү бирдей түшүнгөнүн айтуу мүмкүн эмес. Анткени биринчи кезекте сахабанын арасында жаш-кары, аял-эркек, сабаттуу-сабатсыз, кул жана күндөн мырзасына, бай-кедей, аз маалыматтуу-көп маалыматтуу, араб-фарс, ар башка тил, дин, ар башка социалдык чөйрө жана маданияттардын өкүлдөрүнөн тартып бардык катмардан бар эле. Ар бирөөнүн жаш курагы жана Пайгамбар (с.а.в.) менен жүз көрүшүп маектешкен мөөнөтү бирдей болбогондой эле, андан уккан жана үйрөнгөн хадис жана сүннөт да бирдей эмес эле. Угуу, түшүнүү, аңдап-билүү, забт, эске тутум, акыл-эс жана ой-жүгүртүү боюнча да айырмачылыктардын болушу табигый көрүнүш эле. Балалык кезинен бери аны менен жашагандар болгондой эле, аны менен өтө деле көп убакытка бирге болбогондор да бар эле. Ушул жана ушуга окшогон себептерден улам ар бир сахаба жаш курагы, мүнөзү, табити, жөндөмдүүлүгү, эс тутуму жана аңдап билүү жөндөмдүүлүгүнүн деңгээлине жараша түшүнөт эле.[86]

Хадис риваятына бир көз чаптырганыбызда ар бир риваяттын Аз. Пайгамбардан угуп риваят кылынган сөздөрдөн же сахабанын байкоо жана аныктамаларынан турганын көрөбүз. Мындай абалда бизге риваят

---

[84] Erul, *A.g.e.*, s.49.
[85] Erul, *Hadis El Kitabı*, s.49.
[86] Erul, *A.g.e.*, s.49.

кылынган хадистин Алла жана элчисинен алынган хадисби же болбосо сахабанын угуп, же байкаган сөзү же болбосо түшүндүрмөсүбү деген көйгөй жаралууда. Мында угуу жана түшүнүү маселесин негизи талкуулоону ал тургай түшүндүрмөсүнүн дагы талап кылаарын эстен чыгарбоо керек. Хадис жана сахабанын хадис риваят кылганын төмөнкү таблица менен түшүндүрсөк болот:

Айтуучу (Аз. Мухаммед) – Айтылган (Хадис)
Угуучу (Сахаба) – Түшүндүрүлгөн (Хадис/Түшүндүрмөсү), Түшүндүрмө берилген (Риваят/Түшүндүрмө)

Дагы да ачыктап айтканда, бир сахаба кунт коюп угуп, кемчиликсиз түрдө алып, аны риваят кылганда өзүнүн сөзүн жана түшүндүрмөсүн кошуп түшүнгөн болсо анда ага түшүндүрмөсү да кошулат. Мына ошондо, сахабанын укканын дал өзүндөй эмес, ага түшүндүрмө берип, өзүнүн түшүнгөнүн риваят кыла турган болсо түшүндүрмөнүн риватташып кетүүсү сыяктуу көйгөйдү жаратат. Ошондуктан риваят кылынгандардын ичинен канчасы хадис, канчасынын түшүндүрмө экендиги изилденип, так аныкталышы керек.[87]

Жаш курагы, маектешкен мөөнөтү, ой-жүгүртүүнүн күчү, жеке мүнөзү сыяктуу айырмачылыктарынын себебинен улам угуу жана түшүнүү боюнча сахабанын баары бирдей деңгээлде аңдап-түшүнгөндүгүн айтуу мүмкүн эмес. Атап айтсак, Аз. Айша менен башка жубайлардын ортосундагы, Аз. Умар менен уулу Абдуллахтын ортосундагы ачык даана айырма хадис риваяттарынан билинет. Ушул себептен улам, бир эле хадис жана кутпаны укkан ар бир сахабанын түшүнүүсү менен аны башка бир сахабага айтып бергени боюнча айырмачылыктар кездешкен. Муну менен бир гана маани менен риваятты түшүнүп албоо керек. Түшүндүрмөдө маанинин сакталып калуусу менен бирге сөздөрдүн алмашуусун билдирген маани менен риваят анык нерсе жана хадисчилердин көбү буга уруксат беришкен. Бирок түшүндүрмөдө бир гана сөздөр эмес, мазмуну өзгөрсө баяндалгандын (хадис) ичинде камтылбаган өкүм же болбосо жыйынтык жөнүндө айтылган риваяттан кездештирсек болот. Бул жерде алгач

---

[87] Erul, *A.g.e.*, s.50.

"риваяттын түшүндүрүлүшү" андан соң түшүндүрмөнүн риваятташуусу сыяктуу маселе пайда болот. Мындай учурда рави укканына өзүнүн түшүндөрмөсүн кошуп, же түшүндүргөн ушул маалыматын риваятка айлантып, кийинкиге өткөрүп берүү дегенди билдирет. Негизинен канчалык белгилүү бир иснад аркылуу жана *"Алла элчиси (с.а.в.) мындайча буйурду"* деп бир хадис түрүндө риваят кылынган болсо да негизи мындай маалымат Аз. Пайгамбар айткан хадиске окшобой калат, ал сахабанын көз карашы, баа берүүсү, өкүмүн билдирген түшүндүрмө сыяктуу болот. Мына дал ушул маселеде "хадис" түшүнүгүнүн аныктамасы бергенде баса белгилеп, *"Аз. Пайгамбарга тиешелүү болгон"*[88] деген шарттын эмне үчүн коюлгандыгы ачык-даана түшүнүктүү болот. Анткени ар бир риваят негизинен Пайгамбарга тиешелүү сөз болгондуктан, ага тиешелүү түрдүү чен-өлчөмдөргө жараша күчтөнүп, "занны-галиб" пайда болсо, демек ал жерде Пайгамбардын (с.а.в.) айткандыгы анык болгон хадис бар дегенди билдирет.[89]

И. Сахабанын хадис жана сүннөт боюнча түшүнүгү

Аз. Пайгамбардын жоро-жолдоштору болгон сахабалардан тартып, хадис жана сүннөттү түшүнүү боюнча ар кандай көз караштар эң өзөктүү маселерден болуп саналат. Аз. Пайгамбарды көңүл коюу менен укканы, дайыма анын артынан ээрчигенине карабастан чынында сахабалардын ар бири уккан хадис жана күбө болгон сүннөттөрдөн өзү эмнени түшүнсө ошону риваят кылган. Бир эле жыйналышта болгон ар кайсы сахабанын бир эле хадисти ар кайсы сөздөр менен риваят кылганы, маани менен риваяттын табигый жыйынтыгы болсо да бир эле хадисти ар кайсы көз карашта риваят кылганы башкача аңдап-билүү жана түшүнүүнүн эң ачык белгиси. Сахаба хадис риваят кылганда жеке өзүнүн түшүндүрмөсүн, пикирин же болбосо андан өкүм чыгарып, же болбосо бир бүтүмгө келтирип кээде *"каала Расулуллах (саллаллааху алейхи ва саллам.)"* деген таризде Аз. Пайгамбардын нукура сөзү сыяктуу риваят кылган учурлары болгон.[90]

Чындыгында, хадис жана сүннөттү толук түшүнүү боюнча сахабадан бери рационалистик көз караштын болуп келгендигин четке кагуу мүмкүн

---

[88] ат-Таххан, Махмуд. *Тайсиру Мусталахи-л-хадис.* 17-б.
[89] Erul, *Hadis El Kitabı*, s.50.
[90] Erul, *A.g.e.*, s.51.

эмес. Атап айтсак, Аз. Айша, Аз. Умар жана Ибн Аббас сыяктуу сахабалардан келген риваяттар алардын кээде уккан хадистерин түшүнүү же аны кабыл алууда акылга таянгандыгын көрсөтүп турат. Алар Куранды толук түшүнүү жана Аз. Пайгамбарды жакындан таанып-билүү жана күчтүү ой-жүгүртүүсү аркылуу көптөгөн жаңылыш түшүнүктөрдү оңдоп-түздөшкөн. Арийне Аз. Али *"Адамдар биле турган нерсени риваят кылгыла! Билбегенин болсо андан баш тарткыла! (Тескерисинче) Алла жана элчисинин жалганга чыгарылышын каалайсыңарбы?"* – дегенде Ибн Масуд дагы *"Алар түшүнбөй турган бир хадисти кайсы бир коомго риваят кылсаң алардын ичинен айрымдары үчүн бир гана фитна (чагымчылдык) болот."* – деп эскерткен. Аз. Умар болсо амал кылууга негиз болбогон хадистердин риваят кылынышына тыюу салып, риваяттарды азайтууну, Куранга көбүрөөк басым жасоону насаат кылган.[91]

Сахабанын сүннөттү түшүнүү үчүн "захири", "фыкых" жана "ижтихад" болуп үч ар кандай көз карашы эсептелет:

1. Захири (сырткы) көз караш: Аз. Пайгамбардын буйругун сөзмө-сөз, ал эми жасаган иштерин болсо формалдуу түрдө түшүнгөн сахабалардын эмоцианалдуу түрдө түшүнүүсү басымдуулук кылат жана бул сахабалар үчүн Пайгамбар "эмне деген" жана "эмне кылган" деген суроолордун жообу сүннөттү пайда кылууда. Ошентсе да, ар бир сахабанын жүрүм-турумуна бир эле маанини бере салуу туура болбой калышы мүмкүн. Өзгөчө Ибн Умардын Пайгамбардан (с.а.в.) көргөн ар бир нерсесин окшоштуруп жасоо жөндөмдүүлүгү, анын кыймыл-аракетин жандандырып риваят кылууга багытталып, мындай жүрүм-турумдарды сүннөт деп эсептеген эмес.[92]

Маселен, Абу Саид аль-Худрий кайтыш болорун сезгенде жаңы кийим сурап, аны кийгенден кийин *"Мен Пайгамбарыбыздын (саллаллааху алейхи ва саллам) 'Өлгөн адам кайсы кийим менен жан берсе ошол кийим менен тирилет' деген хадисин уктум"* – деп айткан. Аз. Айша анын хадисти мындай түшүнүп алгынын туура деп эсептебей, аталган хадисте сөз кылынган максат кийилген кийим эмес, кишинин өлүм маалындагы амалы экендигин билдирген.[93] Аз. Айшанын хадиске

---

[91] Erul, *Hadis El Kitabı*, s.51.
[92] Erul, *A.g.e.*, s.51.
[93] Абу Давуд. Жанаиз. 18.

берген түшүндүрмөсү боюнча *"адамдар жылаңайлак, жылаңач жана сүннөтсүз бойдон тирилет"*[94] – деген хадис менен кубаттаган.

Дагы башка мисал Абу Хурайранын риваят кылганы боюнча "Бактысыздык үйдө, аялда жана атта болот" – деген хадис бар. Бул хадисти Аз. Айша угар замат мындай деген:

"Абу Хурайра толук жаттай алган эмес. Алланын элчиси жоготтор тууралуу сөз кылып жатып, төмөнкүлөргө токтолгон: "Алла жөөттөрдү жок кылсын. Анткени алар 'Шек-күмөнсүз бактысыздык үйдө, аялда жана атта болот' – деп айтчу эле."[95]

Ибн Аббас Абу Хурайранын "Отко бышкан нерселерди жегенден улам даарат алуу керек" деген тариздеги хадисти риваят кылганын угар замат, *"Эми ысык суудан улам дагы даарат алышыбыз керек бекен!"* – деп риваят кылынган хадиске амал кылууну кабыл алган эмес.[96]

Хадистер дал ушундайча тышкы көрүнүшү боюнча түшүнүктүү болгонуна байланыштуу жогорудагы мисалдарда аты аталган сахабалардын дайыма хадистердин тышкы көрүнүшү менен амал кылган жана эч качан хадистердин түпкү максатын терең түшүнгөн эмес деп дароо жыйынтык чыгарбаш керек. Хадис жана сүннөттү ушундай түшүнүү керек деген көз караштагы сахабалардын жалпысынан хадис жана сүннөттү түшүнүү боюнча хадистерди иллеттерине карап түшүнгөн сахабалардан бир баскычка айырмаланып тургандыгын айтууга болот.

Ушул көз карашта болгон Абдуллах бин Умар, Абу Саид аль-Худрий, Абу Хурайра, Анас бин Малик, Абу Зар, Абуд-Дарда жана башка сахабалардын эң көзгө басар өзгөчөлүктөрү, эс тутуму менен атактуу болушу көп сандаган хадистерди риваят кылуу менен риваятка маани бергенин айтсак болот. Натыйжада алар Захирийлердин, суфийлердин жана санады сахих деп эсептелинген риваяттарды чечкиндүүлүк менен кабыл алган хадисчилердин алдыңкылары болуп калды.[97]

2. Фыкых боюнча көз караш: Аз. Пайгамбардын "эмнени айткысы келгенин", "эмнени көздөгөнүн" аныктоого аракеттенген фыкыхчы

---

[94] Муслим. *Жанна.* 56.
[95] Тайалиси. *Муснад.* I/215.
[96] Ибн Маажа. *Тахарат.* 65.
[97] Erul, *Hadis El Kitabı*, s.51-52.

сахабалар болсо сүннөттү булагы жана аткарылышы милдеттүүбү же эмесби деген маселге тереңирээк токтолгон. Аз. Пайгамбардын пенделик, пайгамбарлык жана лидерликке байланышкан тажрыйбаларын эске алып, көздөп жаткан максат-мүдөөлөрүнө маани беришкен. Сүннөт менен туруктуулуктун ортосунлагы өз ара мамилеге көңүл буруп хадистерди түзүгөн чөйрө жана болгон окуялардын алкагында талкуулашкан.

Фыкых илимин жакшы билген сахабалар риваятка кошо зээндүүлүккө да маани берип, фыкыхка болгон жөндөм жана ой-жүгүртүү күчү менен сүннөттү толук аңдап-билүүгө аракет кылышкан. Аз. Айша, Умму Салама, Ибн Аббас, Зайд бин Сабит, Ибн Масуд сыяктуу сахабалар сүннөтү түшүнүү боюнча ыкмалардын пайдубалын түптөп, кийинки муундарга жолбашчылык кылышкан.

3. Ижтихад боюнча көз караш: Өзгөчө сахабадан болгон халифалардын жетекчилик милдетти аркалоосу, Пайгамбардын (с.а.в.) лидерлик сапатын жана ушул сапат менен аткарган иш-аракеттери жакшыраак түшүнүүгө мүмкүнчүлүүк болгон. Ошондуктан алар да мүмкүнчүлүк жана муктаждыктарына жараша ээн-эркин мамиле жасашкан. Кандайдыр бир көйгөйлүү маселелерди өзүнүн ижтихаддары менен чечүүнүн жолдорун тапкандай эле, кээде Пайгамбар (с.а.в.) жасабаган кээ бир жаңы колдонмолорду жаратса кээде болсо өзгөртүүлөрдү киргизишкен.[98]

Аз. Абу Бакрдын "лаа илааха иллаллах" деп коюп, бирок зекет бербесе аларга согуш ачарын, Аз. Умардын аттар үчүн да зекет ала баштаганы, Аз. Умар жана Аз. Усмандын таматту ажылыгына тыюу салышы, Аз. Алинин ичимдик ичкендин жазасын оорлоштуруусу, Муавиянын мусулманды каапырга мураскор кылуусу сыяктуу ижтихаддары алардын маселени кеңири алкакта карагандыгын, жалпы пренциптер менен иш кылганын көрсөтүп турат. Алардын мындай иш-аракеттери жана иждихаттары, хадис жана сүннөттүн тышкы көрүнүшүнө каршылык сыяктуу көрүнсө да а чынында болсо алар башкарма катары шарттарга жана маселеге таянган. Куран жана сүннөттүн ички руханиятина ылайык түшүндүрмө жасап, тоталитардык көз карашты таңуулашкан жана Пайгамбардын (с.а.в.) көздөгөн максатына ылайык кызмат кылышкан.[99]

---

[98] Erul, *A.g.e.*, s.51-52.
[99] Erul, *A.g.e.*, s.52.

Аз. Пайгамбардын көзү өткөндөн кийин бир канча жыл эле өткөнүнө карабастан алгачкы халифалардын сүннөттү өз шарты жана ишине ылайык түрдө түшүндүрүп, тиешелүү чечимдерди кабыл алганы учурдун илимпоздоруна он төрт кылымдын ичинде чогулган миңдеген көйгөйлөрдү чечүүгө кайрат бериши керек. Сахаба тарабынан коюлган ижтихад боюнча ыкмалардан эргүү алып, маселени чечүүнүн жолдорун табуу керек.[100]

[100] Erul, *Hadis El Kitabı*, s.52.

БЕШИНЧИ БӨЛҮМ*

ХАДИС РИВАЯТЫНЫН СЫПАТЫ

(ЛАФЗАН ЖАНА МАНАН РИВАЯТ)

Хадистер китеп болуп чыкканга чейин "лафзан" жана "манан" болуп эки түрдө риваят кылынып келген. Аз. Пайгамбардын айткандарын окшош сөздөр менен же синоним сөздөр менен ривает кылуу дегенди билдирген лафзан ривает (ривая би-л-лафз) жана маниси менен ривает (ривая би-л-мана) хадис усулунун негизги темаларынан бири болуп саналат. Пайгамбардын (с.а.в.) кыймыл аракетин сахабалар өз сөздөрү менен түшүндүргөндүктөн, мунун лафзан ривает менен эч кандай байланышы жок. Ошондуктан лафзан жана манан ривает жалгыз гана пайгамбардын сөздөрү (кавли хадис) үчүн гана колдонулат.[1]

А. Лафзан (сөзмө-сөз) ривает

Хадистерди сөзмө-сөз Пайгамбардын (с.а.в.) оозунан чыккандай ривает кылуу лафзан ривает деп аталат.[2]

Лафзан ривает "китептен ривает кылуу" жана "жатка ривает кылуу" болуп эки түргө бөлүнөт. Эгер рави хадисти жатка ривает кылып жаткан болсо, анда жакшылап жаттоосу шарт. Бул равинин ишенимдүү равилерге көп жолу каршы келбөөсү дегенди билдирет. Бул нерсе равинин бардык хадистерин ишенимдүү (сика) равинин хадистери менен салыштыруу жолу менен гана билинет. Эгер рави ишенимдүү равилерге көп жолу каршы келген болсо, анда анын хафыз эместигин, ривайтты жакшы жаттабагандыгын билдирет. Ошондуктан анын забт (эс-тутум) ээси эместигин айгинелейт. Рави китебинен ривает кылып жаткан болсо, китебин кандайдыр өзгөрүүлөргө (тагйир жана табдил) дуушар болуу коркунучунан сактоосу зарыл.[3]

Аз. Пайгамбар (с.а.в.) өзүнүн милдети катарында айткан чындыкты мажлисине катышпай укпай калгандарга жеткирүүлөрүн суранган жана

---

* Док. Ферхат Гөкче

1 Yücel, *Hadis Usûlü*, s.87.

2 Aydınlı, *Hadis Istılahları Sözlüğü,* s.130.

3 аль-Кудат, Шараф Махмуд. аль-Минхажу-л-хадис фи улуми-л-хадис. 39-б.

бул милдетти мойнуна алгандарга дуба кылган. Дубасында жеткирүү жана үгүттөө милдеттемесин алгандарга хадисти кандай укса, ошондой жеткирүүлөрүн талап кылган.[4]

Алгачкылардан болуп сахабалар хадистерди риваят кылган. Алар Пайгамбардан (с.а.в.) уккандарын жана көргөндөрүн риваят кылууда жоопкерчиликтерин сезе билишкен. Ошондуктан хадистердеги сөздөрдү өзгөртүп алуудан коркушуп, кылдаттык менен риваят кылышкан. Сахабалардын басымдуу бөлүгү Пайгамбардан (с.а.в.) хадисти кандай угуп алган болсо ошондой риваят кылуу шарт деп эсептешкен. Абдуллах б. Умар хадистин негизги маанисин бузбай сөздөрүн өзгөртүп хадис риваят кылган бирөөгө катуу айтып, мындай деген: *"Каргыштар болсун сага! Алланын элчисине жалаа жаппа."* Ошондой эле Абдуллах б. Умар Исламдын беш шартын катары менен санаган бирине Рамазан орозосун бешинчи шарт катарында акырына алуусун жана Аз. Пайгамбардан кандай уккан болсо, ошондой риваят кылуусу керектигин айтып, эскертүү берген.[5] Берилген мисалдардан да көрүнүп тургандай, сахабалар хадистерди лафзан (сөзмө-сөз) риваят кылууга өзгөчө маани берген.[6]

Аз. Умар, Абдуллах б. Аббас, Ибн Умар, Ибн Масуд, Анас б. Малик, Абу Умама сыяктуу сахабалар хадистерди лафзан (сөзмө-сөз) риваят кылууга аракет кылышкан. Кээ бир сахабалар ката кетирип коюшубуз ыктымал деген түшүнүк менен риваят кылуудан баш тартышкан.[7] Кээде хадистин аяк ченинде Аз. Пайгамбардын айткандарынан сырткары башка сөздөрдү кошуп айтуудан коркушуп "ушул сыяктуу сөздөр", "буга жакын мааниде", "буга окшогон сөздөр" дегенди билдирген сөздөрдү колдонушкан.[8]

Сахабалардан кийинки муун табиин жана таба-и табиин доорлорунда хадистер өзгөртүүлөргө кабылбастан лафыз менен риваят кылууга аракеттер көрүлгөндүгүн байкоого болот. Кийинчерээк муну менен бирге Ислам аалымдарынын өзгөчө мухаддистердин ортосунда хадистерди маниси менен риваят кылуунун жаиз (уруксат) болуп-болбогондугу туурасында кайчылаш пикирлер жарала баштаган. Касым б. Мухаммед,

---

4 Тирмизи. *Илим.* 7; Абу Давуд. *Илим.* 10.

5 Хатиб аль-Багдади. *Кифая.* 173-б., 176-б.

6 Koçyiğit, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis* 12, s.73-74.

7 Бухари. *Илим.* 38; Дарими. *Мукаддима.* 25.

8 Başaran, "Hadislerin Lafız ve Mâna Olarak Rivâyeti Meselesi", *U.Ü.İ.F.D.*, cilt: 3, sayı: 3, 1991, s.54.

Мухаммед б. Сирин, Суфян б. Уйайна, Имам Малик, Абу Исхак Исфараини, Абу Бакр ар-Рази, Ибн Хазм сыяктуу аалымдар мухаддистердин араб тилине таандык болгон өзгөчөлүктөрдү мыкты өздөштүрүп, уккандарын уккандай ривият кылуулары керектигин айтышып, өзгөртүүгө болбойт деген пикирди карманышкан.[9] Хадистерди лафзан ривият кылуу керек деген пикирди карманган аалымдар "хадистин сөздөрүн өзгөртпөстөн ривият кылгандар" деген маанидеги "асхабу-л-хуруф" деп аталышкан.[10] Мындай көз караштагы аалымдар хадистерди сөзмө-сөз (лафзан) ривият кылуу боюнча айрым далилдерди келтиришкен. Мисалы:

1. Аз. Пайгамбар вада (коштошуу) ажылыгында миңдеген сахабалардын алдында *"менин айткандарымды угуп эсиңерге түйгүлө, уккан хадисин уккандай кылып башка бирөөгө жеткизсе жүзүнү ак кылсын. Себеби ушундай адамдар алган илимин өздөрүнөн дагы илимдүү бирөөнө жеткирген болушат"* – деп айткан. Бул хадисте Пайгамбар (с.а.в.) кандай айткан болсо, эч өзгөртпөстөн башкаларга жеткирүүсүн буюрган. Албетте, бул хадистерди лафзан ривият кылуу менен гана мүмкүн болот.

2. Аз. Пайгамбар араб тилин мыкты билген. Ал орундуу сүйлөгөн, сөзү тыңдоочуларга түшүнүктүү жана ар бир сөзүндө өзүнчө маани бар эле. Эгер анын айткандары ривият учурунда өзгөртүүлөргө дуушар болсо, мааниси өзгөрбөйт делгени менен өзгөчөлүгүн жоготуп коюушу ыктымал. Ошондуктан хадистерди уккандай кылып сактоо жана өзгөртпөстөн ривият кылуу керек. Ушул себептен Куранды мааниси менен ривият кылууга болбойт.

3. Аз. Пайгамбар сахабалардан аль-Бара б. Азибге дуба үйрөтүп жатып дубадагы "набиййика" сөзүнүн ордуна ошол эле маанини билдирген "расулика" сөзүн колдонгондо, ага "жок, андай дебе, "набиййика" дегин" деп айткандыгы ривият кылынган.[11] Пайгамбардын (с.а.в.) мындай эскертүүсү сөзмө-сөз ривият кылууга эң сонун мисал.

4. Кийинки доорлордо жашаган мусулмандар Пайгамбардын (с.а.в.) айткан ар бир сөзүн түрдүү жоромолдошуп, анын натыйжасында пайдалуу маалыматтарды алышкан. Хадистер сөзмө-сөз эмес, маанисине жараша ривият кылынганда, бир сөздүн ордуна башка бир сөздү алып

---

[9] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.324.

[10] Yücel, *Hadis Usûlü*, s.88.

[11] Бухари. *Вудуъ.* 78; Муслим. *Зикр.* 7.

келүү менен бирдей маалыматты алууга болбойт. Мындай алмаштырылган сөздөр ортосундагы кичинекей айырмачылыктардан улам хадистин негизги маанисинен сырткары башка маанилерге дайыма келиши ыктымал.

5. Бир равинин Аз. Пайгамбардын бир сөзүн алмаштыруусу жаиз болсо, андан риваят кылгандын дагы алмаштыруусу жаиз болот. Экинчи равиден риваят кылган үчүнчү рави дагы мындайды жеңил аткара алат. Мындай учурда Пайгамбардын (с.а.в.) сөзү менен акыркы равинин риваяты ортосунда өтө чоң айырмачылык пайда болушу мүмкүн. Ошондуктан хадистеги сөздөрдүн алмаштырылбастан риваят кылуу зарылчылыгы туулат.[12]

Жогоруда биз тизмектеген накли жана акли далилдерге таянган хадис аалымдары мааниси менен эмес лафзан риваят кылуу керектигин баса белгилешкен. Ал эми айрым аалымдар мааниси менен риваят кылууга болот дешкен. Хадистерде негизги нерсе, бул сөзмө-сөз риваят кылуу болуп саналат. Лафзан риваят кылуу мүмкүн болбогон учурларда гана мааниси менен риваят кылууга уруксат берилген.

Б. Манан (мааниси менен) риваят

Манан риваят (ар-ривая би-л-маъна) кылууга татыктуу болгон адамдар тарабынан хадис матнын маанисин өзгөртпөө шарты менен Расулуллах колдонгон сөздөрдү башка сөздөр менен билдирилиши.[13] Манан риваят хадисти кыскартуу же хадистеги сөздөрдүн синонимдерин колдонуу аркылуу болот. Бирок кандай болсо дагы хадистин негизги маанисин өзгөртпөстөн риваят кылуу зарыл.[14]

Жогоруда сахабалардын сөзмө-сөз риваятка басым жасаганын айтып өткөнбүз. Бирок кол жазма кеңири тараган бир заманда хадистер кыска да болсо сөздөрүн эске тутуу жана башкаларга жеткирүү машакат жараткан. Себеби сахабалардын жана аларды ээрчиген муундардын хадистерди сөзмө-сөз эске тутуп риваят кылуусу идеал болгону менен, хадистердин санынын көптүгү жана башка ар кыл себептерден улам ар бир адам үчүн мындайдын мүмкүн эместиги ачуу чындык.[15] Абу Саид аль-Худри

---

[12] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.324-325.
[13] Aydınlı, *Hadis Istılahları Sözlüğü,* s.130.
[14] Koçyiğit, *Hadis Istılahları*, s.372.
[15] Çakan, *Hadis Usûlü*, s.57.

мааниси менен риваят кылуу туурасында мындай деген: *"Хадис тыңшоо үчүн сегиз он киши Пайгамбардын тегерек-четине отуруп тыңшайт элек. Арабыздан укканларын кайра кайталаган эки үч кишиге жетпейт. Бирок баарыбыз кайталаган учурда маанилеринде айырмачылык болбойт эле.*[16]

Аз. Пайгамбар өзүнө жалаа жапкандарды тозок менен коркутуусу[17] сахабалардын хадис риваят кылуусун татаалдаштыра баштаган. Анткени Пайгамбардын (с.а.в.) оозунан чыкпаган бир сөздүн, синонимии болсо дагы башка сөз менен Аз. Пайгамбарга таяндыруу жалган катары кабылданган. Чындыгында сахабалардын айрымдарынын тынчсызданууусундан улам Пайгамбарга (с.а.в.) кайрылгандыгын көрүүгө болот.

Сахабалар мааниси менен риваят кылганы менен маанисин өзгөртүүдөн этият болушкан. Табиин аалымдарынан Мухаммед б. Сирин мындай деген: *"Бир хадисти он чакты сахабадан уктум. Сөздөрү башка бирок маанилери бирдей.* [18]

Сахабадан кийинки табиин мезгилинде жана кийинки мезгилдерде мааниси менен риваят кылууга уруксат берилген. Аз. Али, Ибн Аббас, Анас б. Малик, Абу-д-Дарда, Васыл б. Аска жана Абу Хурайра сыяктуу сахабалар, Шаъби, Амр б. Динар, Ибрахим ан-Нахаи, Мужахид, Икрима, Хасан аль-Басри, Суфян ас-Саври, Ибн Сирин, үч мазхаб имамы жана аалымдардын басымдуу бөлүгү мааниси менен риваят кылууга болоорун белгилеп кетишкен. Табиин аалымдарынан Хасан аль-Басри: *"Бүгүн бизге бир хадис риваят кыласын. Эртеси ошол эле хадисти башка сөздөр менен айтасын"* деген адамга *"маанисин толук бере алсам, анда эч кандай коркунуч деле жок"*[19]-деп берген жообу, мааниси менен риваят кылууга табиин аалымдарынын уруксат бергендигин билсек болот.

Хадистердин бардыгы бир китепте жазылып, корголуп калганда, маселе эчак чечилип калмак. Эсте тутуунун түрлөрүндө болсо, мааниси менен риваят кылуу жана мааниси менен риваят кылуудан улам пайда болгон бир катар каталардын чыгаарын моюнга алышбыз керек.[20]

---

[16] Хатиб аль-Багдади. *Кифая.* 204.
[17] Бухари. *Илим.* 38.
[18] Хатиб аль-Багдади. *Кифая.* 206-б
[19] Хатиб аль-Багдади. *Кифая.* 207-б.
[20] Başaran, "A.g.m.", s.54.

Хадис китептерине жазылып калган хадистердин дээрлик бардыгы мааниси менен риваят кылынгандар. Ал тургай, хадис китептериндеги хадистерден улам лафзан риваят жок деген жыйынтыкка келген.[21] Эки сөздөн турган "الصوم جنة" хадис да түрдүү сөздөр менен риваят кылынган.[22] Мааниси менен риваят кылууга баарыбызга белгилүү болгондой ниет хадисинин баш жагынын төрт түрлү вариантын[23] жана Ибн Хиббандын "сахих" аттуу эмгегинде аялдын махрамы жок сапарга аттануусуна байланыштуу жыйырмага жакын риваяттын төртөөнү[24] мисал катары берсек болот:

– إنما الأعمال بالنيات	– لا تسافر المرأة فوق ثلاثة أيام إلا مع ذي محرم
– العمل بالنية	– لا تسافر المرأة يومين و ليتين إلا مع زوج أو ذي محر
– إنما الأعمال بالنية	– لا يحل لامرأة تتؤمن بالله واليوم الآخر أن تسافر ميسرة يوم و ليلة إلا مع ذي محرم منها
– الأعمال بالنية	– لا تسافر المرأة بريدا إلا مع ذي محرم

Хадистерди маанисине жараша риваят кылуу үч түрдүү ишке ашкан:

1. Бир сөздү аны менен бирдей мааниге келген башка сөз менен алмаштыруу. Мисалы, "каада" сөзүнүн ордуна "жалажа", "алима" сөзүнүн ордуна "арафа" же "адрака", "иститаат" сөзүнүн ордуна "кудрат", "расул" сөзүнүн ордуна "наби" сөздөрүн колдонуу.

2. Хадистеги бир сөздүн ордуна башка сөздү алып келип, экөө бирдей мааниде деп болжолдонгон. Бирок бир маанини билдирбеген сөздү алып келүүнүн жаиз эместиги боюнча хадис аалымдары бир пикирди карманышат. Мунун дагы себеби маанинин өзгөрүүсү.

---

21 Yıldırım, *Hadiste Metin Tenkidi*, s.411-412.

22 Насаи. *Сиям*. 43.

23 Бухари. Баду-л-вахй. 1; Итк. 6, Фадаил. 74; Муслим. *И*марат. 45; Абу Давуд. Талак. 2; Тирмизи. *Жихад*. 16; Ибн Маажа. *Зухд*. 26; Ахмад б. Ханбал. *Муснад*. I/43.

24 Ибн Балбан аль-Фариси. аль-Ихсан би тартиби сахихи Ибн Хиббан. IV/174-176.

3. Рави хадистин маанисин толук түшүндүм деп эсептейт. Риваят кылып жаткан маалда маанилеш сөздөрдү колдонуунун ордуна, мааниси өзүнө түшүнүктүү жана өзү толук ишенген башка сөздөр менен риваят кылат.[25] Эгер алмаштырылган сөз маанини өзгөртпөсө, анда хадис кабылданат.

Хадистерди маанисин жараша риваят кылууну кабылдагандардын далилдери:

1. *"... Биз сенден бир хадис угабыз. Бирок сенден укканыбыздай риваят кылууга күчүбүз жетпейт"* деген Йакуб б. Сулайманга Аз. Пайгамбар мындай жооп узаткан: *"Эгер арамды адал, адалды арам кылбасаңар, маанисин толук бере алсаңар анда зыяны жок.* [26]

2. Йахйа б. Саид аль-Каттанга бул маселе боюнча суроо узатылганда мындай жооп берген: *"Дүйнөдө Алланын китебинен улуу эч нерсе жок. Анда дагы жети кыраатка уруксат берилген. Ошондуктан абалды татаалдаштырбагыла."*[27]

3. Абдурразак өз сөзүндө Суфян ас-Савриге хадисти укканындай риваят кылуусун сунуштаган. Суфян буга эч кимдин күчү жетпестигин айтып, мындай деген: *"Биз мааниси менен гана жеткиребиз. Силерге укканымдай хадис риваят кылам десем, мага ишенбегиле."* Башка бир риваятта лафзан (сөзмө-сөз) риваят кылуунун мүмкүн эместигин ант берип билдиришкен.[28]

4. Ахли хадис Васила б. Аска (ө. 85/704) сөзмө-сөз риваяттын мүмкүн эместигин билдирген. Ал *"Силерге хадистерди мааниси менен риваят кылсак жетиштүү болот"* – деп айткан. Хадистер Пайгамбардын (с.а.в.) оозунан чыккандай эч өзгөрүүсүз келүүсү мүмкүн болбогон нерсе деп эсептеген. Кары болбогондордун дагы Куран үчүн мындай жолго барбастыгын айткан.[29]

5. Сахабалардын: *"Аз. Пайгамбар буга жакын айтты"*, *"ушуга окшогон буюрду"* делген сөздөрү менен *"Аз. Пайгамбар буларды буйрук кылды"* же болбосо *"буларга тыюу салды"* – деп айткандары Аз. Пайгамбардын хадистерин лафзан эмес манан риваят кылгандыгын көрсөтүп турат.

---

[25] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.323.
[26] Хатиб аль-Багдади. *Кифая.*195-б.
[27] Çakan, İsmail Lütfi, *Hadis Usûlü*, s.58.
[28] Хатиб аль-Багдади. *Кифая.* 209-б.
[29] Хатиб аль-Багдади. *Кифая.* 203-б.

6. Имам Шафи табиин аалымдарынан биринин мындай дегенин кабарлайт: *"Мен көргөн сахабалар хадистин маанисинде бириккени менен сөздөрүндө келише алган эмес. Алардын биринин бул боюнча сурадым, мындайча жооп берди: "мааниси өзгөрбөсө эле болду."*[30]

7. Сахабалар бир жерде отуруп кандайдыр бир окуяны түрдүү сөздөр менен риваят кылгандыгы жана бул боюнча бири-бирине эскертүү бербегендиги туурасында риваяттар бар. Бул дагы алардын хадистерди мааниси менен ривает кылууга каршы эмес экендигин көрсөтүп турат.

8. Сахабалар Аз. Пайгамбар менен бирге отурган маалда андан уккандарын дароо жазбагандай эле, анын алдында отуруп кайталашкан да эмес. Көп жылдан кийин тыңшап ривает кылган хадистер Пайгамбардын (с.а.в.) так оозунан чыккан сөздөр эмес, маанинсине жараша ривает экенин көрсөтүп турат.

9. Сөздө сөздүн өзү эмес мааниси маанилүү. Сөз мааниден башка эч нерсени билдирбейт. Андыктан негизги маанини бере турган сөздүн ордуна ошол эле маанинин билдирген башка сөздү алып келүүнүн зыяны жок болушу керек.

10. Табиин жана табаи табииндердин арасынан көптөгөн хадис аалымы чыккан. Булардын бардыгы азаттыкка чыккан кулдардан болгон. Көбүнчөсү араб тектүү болбогондуктан араб тилинин эрежелерин жана өзгөчөлүктөрүн так билишкен эмес. Ал эми алардын риваяттарында грамматикалык жана диалектикалык жактан бир катар каталар болгон. Мындай катасы бар жана башкача риваяттар маанисине жараша ривает кылууну кабылдаган бир нече мухаддис тарабынан ривает кылынган. Бул дагы сахаба жана табиин доорлорунда маанисине жараша ривает кылуунун кеңири жайылгандыгын көрсөтүп турат.

11. Хадистерди маанисине жараша ривает кылууну колдогондор, хадистерди сөзмө-сөз билдирүү керек деген аалымдар колдонгон *"... сөзүмдү уккандай башкаларга жеткиргиле"* делген хадисти негизинен маанисине жараша ривает кылууга далил деп эсептешкен. Бул көз карашты карманган аалымдар, жогорудагы хадистин түрдүү риваяттарынан улам Пайгамбардын (с.а.в.) айткандарын сөзмө-сөз эмес, маанисине жараша ривает кылуу керектигин билдиришкен. Мисалы, хадисте айтылган "кама самиаха" сөзүндөгү "каф" тамагасы ташбих

---

[30] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.325.

маанисинде. Анда "уккандай" маанисинде эмес, "укканды окшош сөздөр менен" дегенди билдирет.[31]

Айта кетчү нерсе, хадис аалымдары маанисине жараша риваят кылууга уруксат бергени менен ага үгүттөгөн эмес. Хадистерди маанисине жараша риваят кылуу туурасындагы талаш-тартыштар жазылган хадис китептерине тиешелүү эмес. Бул булактардагы хадистердеги сөздөрдүн бирин башка сөз менен алмаштырууга уруксат берилбеген. Хадистерди маниси менен риваят кылуу керек деп эсептегендер, хадистерди сөзмө-сөз которуунун татаалдыгын эске алышкан. Хадистерди аныктап китептерге жазылып калгандан кийин кыйынчылыктар жаралган эмес.[32]

Хадистерди маниси жараша риваят кылуу китептерге жазылып калганга чейинки доор менен байланыштуу. Бул болжол менен 150 жылдык убакыт менен чектелет.[33] Азыркы тапта хадис китептериндеги риваяттардын көпчүлүгү хижрий бир жарым кылым боюу маниси менен риваят кылынгандан кийин булактарга жазылган. Негизги хадис булактары жазыла баштагандан кийин маанисине жараша риваят кылуу токтогон. Маанисине жараша риваят кылуу үчүн айрым шарттар талап кылынат. Мисалы, мухаддистер тарабынан биринчи кезекте араб тилин ийне-жибине чейин мыкты билүү, сөздөрдүн кайсыл жана кандай мааниде колдонгондугун жакшы билүү керектиги билдирилген. Маанисине жараша риваят кылынган хадистин азан же болбосо тахиййат сыяктуу сөздөрү менен ибадат кылынган хадис болбошу керек, хадистеги алмаштырылган сөз эң жакын маанидеги синоним эле болуусу керек, хадис жавамиу-л-калим же муташабихат түрүнөн риваят болбошу керек. Ошондой эле бир хадис ар кандай сөздөр менен риваят кылынган учурда ал хадистин маниси Аз. Пайгамбардын айтканына бардык жагынан дал келсе, анда ал негизги катары кабылданат.[34] Бирок айта кетчү нерсе бул шарттардын бардыгы теориялык (назари) болуп саналат. Себеби маанисине жараша риваят кылуу бир жарым кылым аралыгында сахаба жана табиилер тарабынан ишке ашырылган. Хадистер жазылып

---

[31] Ahmed Naim, *Tecrid-i Sarih,* I/458-462.

[32] Uğur Mücteba, *A.g.e.*, s.326.

[33] Yücel, *Hadis Usûlü*, s.87.

[34] Martı, *Hadis El Kitabı*, s.235; Çakan, *Hadis Usûlü*, s.58; Koçyiğit, *Hadis Usûlü*, s.221.

бүткөндөн кийин болжол менен хижрий экинчи кылымдын орто чендеринде маанисине жараша ривият кылуу токтогон.[35]

Хадис сөздөрүнүн айырмачылыктары жалгыз гана маанисине жараша ривият кылуу менен байланыштуу эмес. Аз. Пайгамбар 23 жыл пайгамбарлык мезгилинде бир эле сөздү ар кыл жерлерде жана ар кандай учурларда башка сөздөр жана сүйлөмдөр менен колдонушу ыктымал. Маанисине жараша ривият кылуудан тышкары равилердин айынан чыккан бир катар себептер бар.

В. Хадистердин түрдүү сөздөр менен риваят кылынышы жана себептери (Асбабу Тааддуди-р-Риваят)[36]

Бир хадистин ар кыл сөздөр менен келүүсүнүн жалгыз себеби равилердин маанисине жараша риваят кылуулары гана эмес; мындан сырткары бир катар себептери бар. Бул себептерди төмөнкүчө тизмектөөгө болот:

1. *Пайгамбардын (с.а.в.) бир эле хадисти түрдүү себептерден улам ар кыл учурда ар кандай сөздөр менен билдирүүсү.* Аз. Пайгамбардын толугу менен өзгөртүү үчүн жиберилген коомдо билдире турган принциптерди узун убакыт аларылыгындагы пайгамбарлык доорунда бир эле жолу жана бир сөз менен айтуусун мүмкүн эмес. Үгүттөө милдети катарында бир нече жолу кайталаган учурлар болгон. Ар сапарында аз да болсо буларды ар кандай сөздөр менен билдириши мүмкүн. Бирок сөздөрдүн бир маанини билдирүүсү жана экөөнүн ортосунда эч кандай карама-каршылык болбошу керек.[37]

2. Ага карата берилген ошол эле сурооого маектешкендин абалына жараша ар кандай жооп бериши же анын берген суроосуна угуучулардан

---

[35] Yücel, *Hadis Usûlü*, s.91.

[36] Бул Мехмет Гөрмездин "*Sünnet ve Hadisin Anlaşılması ve Yorumlanmasında Metodoloji Sorunu*" (s. 196-198) аттуу эмгегиндеги "Bir Hadisin Farklı Lafızlarla Gelmesinin Sebepleri" деп аталган нигизги бөлүмдөн алынган. Темага байланыштуу Шараф Махмуд аль-Кудаттын макаласы Ферхат Гөкче түрк тилине которгон. el-Kudât, Şeref Mahmûd, "Hadis Metinlerinde Rivâyet Farklılıklarının Sebepleri" (çev. Ferhat Gökçe), *Oş Devlet Üniversitesi İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi*, cilt: 20-21, sayı: 20-21, 2005, s.59-88

[37] аль-Кудат, Шараф Махмуд. *Асбабу тааддуди-р-риваят.* 5-б.

башка жоопторду алышы, айрыкча ошол эле окуя ушул же башка адамдар тарабынан билдирилиши.[38]

3. *Равилердин эс тутумунун күчтүүлүгү.* Сахаба жана андан кийинки муундар Пайгамбардын узун сүйлөмдөрүн же кутбасын тыңшашып, ар бири эс тутумуна жараша бир бөлүгүн гана жаттап калышы мүмкүн. Ошондуктан бир эле хадисти бир рави башкача, башка бир рави тарабынан башкача риваят кылынган болушу мүмкүн. Буга коштошуу (вада) кутбасы эң сонун өрнөк боло алат. Бул кутбада, Аз. Пайгамбардын буйругу менен Йеменден келген Абу Шах үчүн жазылгандыгы айтылган жана жүз миңдеген адамдардын алдында окулгандыгына карабастан толук текст эч бир рави тарабынан риваят кылынган эмес. Кутбанын эң узуну Муслимдин Жабир б. Абдиллахтан риваяты болуп саналат. Бирок бул дагы кутбанын жарымына жетпейт.[39]

Бухаринин риваятында Аз. Умар мындай деген: *"Аз. Пайгамбар ордунан турду жана ааламдын башталышынан барлык ааламдын бүтүшүнө чейин түшүндүрүп берди. Ушунчалык узун сүйлөдү, анын кутбасынан жаттаган жаттады, унуткан да унутуп эле калды.*[40] Ушул эле хадисти риваят кылган Хузайфа, бул кутбанын кээ бир жерлерин эсимен чыгарып койдум. Бир адам таанышы менен көптөн бери көрүшпөсө унутуп койот, бирок кайра көрүшсө эстейт эмеспи, мен дагы ал сөздөрдү унуттум, бирок башка биринен уксам эстеймин, деп айткан.[41]

Буга дагы бир мисал, Жибрил хадиси катары белгилүү болгон хадис беш башка тарик (санад) менен келгендиктен биринде болгон сөздөр, биринде жок.[42] Жабраил бир эле суроону берүү үчүн бир жолу келди дегенди билдирбейт. Биздин баамдашыбызча, булардын бардыгы равилердин эс тутуму менен байланыштуу.

4. *Равилердин хадистерди кыскартуусу же болбосо бир бөлүгүн гана риваят кылуусу.* Мындай учурда рави хадисти толук жаттаган болуп саналат. Бирок кырдаалга жараша хадистин бир гана бөлүгүн риваят кылган же кысткарткан. Андан кийин келген равилер муну толук хадис деп ойлошкон. Мындайга кээ бир хадисчилер каршы чыкканы менен көпчүлүгү туура кабылдашкан. Маанисин өзгөртпөстөн эң көп Бухари

---

[38] аль-Кудат, Шараф Махмуд. *Асбабу тааддуди-р-риваят.* 12-б.
[39] Муслим. *Хаж.* 19.
[40] Бухари. *Баду-л-вахй.* 3.
[41] Ахмад б. Ханбал. *Муснад.* V/385.
[42] Бухари. *Иман.* 36; Муслим. *Иман.* 1.

кылган.[43] Ал тургай, Бухари хадистерди бөлүкчөлөргө бөлгөн (такти) жана ар бир бөлүкчөнү ар кандай атаган.

5. *Рави хадистин бир бөлүгүн гана алуусу.* Кээ бир сахабалар сөздүн ортосунда Аз. Пайгамбар сүйлөп жаткан маалда кирип келгендиктен маектин башын укпай калышат. Айрымдары маектин ортосунда сыртка чыгууга аргасыз болгондуктан сөздүн аягын укпай калышат. Жогоруда да Аз. Умар айтып өткөндөй, Аз. Пайгамбардын ааламдын жаратылышы туурасындагы узун хадисин тыңшап жаткан Имран б. Хусайндын башынан өткөн окуяны дагы мисал катары берсек болот. Имран хадисти тыңшап жаткан маалда эшиктен бири байланып турган төөсүнүн бошонуп кеткенин кабар берет. Ал дагы маектин ортосунда мечиттен чыгып кетет. Кийин ушундай маанилүү теманы жарым-жартылай таштап кеткедиги үчүн кейигендигин билдирген.[44]

6. *Равилердин ката кетирүүсү: Равилер маанисине жараша риваят кылуудагы каталардан сырткары башка дагы каталарды кетиришкен.* Равилер дагы адам. Ар бир адам баласы жашоодо ката кетирет. Бул жерде хадис илиминдеги "саййиу-л-хыфз" (эс тутумунун начардыгы) жөнүндө сөз болгон жок. Сика (ишенимдүү) равилер дагы айрым учурда ката кетиргендиги белгилүү. Сика равилердин кетирген каталарын төмөнкүчө тизмектөөгө болот:

Калб: хадис тексттеринде сөздөрдүн тизилишин, сүйлөмдөрдүн иретелишин өзгөртүү "калб", мындай хадистер "маклуб" деп аталат.[45]

Тасхиф: сөздөрдөгү араке жана пунктуацияны (тыныштарды) билдирүүдө ката келтирүү.

Тахриф: сөздөрдөгү тамгаларды алмаштыруу.

Лахн: хадис тексттеринде грамматикалык каталарды кетирүү.

Идрач: Хадис тексттеринин башына, ортосуна же болбосо аягына бир сөз же сүйлөм кошуу.

Зийада: Өзүнөн дагы сика (ишенимдүү) равиге каршы хадиске сөз кошуп риваят кылуу. Эки хадисти бириктирүүгө аракет жасоо.[46]

---

[43] Хатиб аль-Багдади. *Кифая.* I/189; Суйути. *Тадрибу-р-рави.* II/103.
[44] Бухари. *Баду-л-халк.* 1.
[45] Суйути. *Тадрибу-р-рави.* I/191.
[46] аль-Кудат, Шараф Махмуд. *Асбабу тааддуди-р-риваят.* 12-23-б.

АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ*

ХАДИС РАВИЛЕРИНИН АБАЛЫ

I. АНЫКТАМАСЫ ЖАНА МААНИСИ

Сөздүктө "суу башына барып суу ичүү, хадис жеткирүү" маанисинде риваят тамырынан келип чыккан рави (көптүк формасы руват), термин катары "риваят методдору менен хадис алгандан кийн аны башкаларга жеткирген адам" маанисинде колдонулат.[1] "Рави" сөзүнүн көптүк формасы "руват". Рави ордуна "хадисти санады менен риваят кылган" маанидеги *муснид* аталышы колдонулат. Жалгыз хадис риваят кылган, башкача айтканда, санадга таянгандарга *рави* же *муснид* деп аталышы менен бирге, хадис илими менен алектенген аалымдар илимий даражасына жараша түрдүү наамдарга ээ болушкан. Негизги хадис китептериндеги хадистерди, иснады жана санаддагы равилердин жарх жана таъдил (сындоо жана адилеттүүкө чыгаруу) абалдары менен билген аалым *хафыз,* 100.000 хадисти иснады жана санаддагы равилердин жарх жана таъдил абалдарын билген аалым *мухаддис*, 300.000 хадисти иснады жана санаддагы равилердин жарх жана таъдил абалдарын билген аалым *хужжат* наамына ээ болгон. Хадистердидин баарын билген аалымга *хаким* наамын ыйгарышкан.[2]

Бир хадистин тууралыгын аныктоо эң маанилүү элемент рави эсептелет. Санадда орун алган равилеринин бирөөсү же бир нечеси ишеничтүү эмес болсо тууралыгы үчүн керектүү критерийлерге каралып хадистин *сахих* (туура) болбогонуна өкүм берилет. Равилеринин ишеничтүүлүгү айрым өзгөчөлүктөргө ээ болушу шарт кошулат. Алар *адилеттүүлүк* жана *забт* сыпаттары. Адилеттүүлүк өзгөчөлүгүнө балагат жашына жетүү, мусулман, акылы өз ордунда, такыба жана жаман жүрүш-туруштан алыс болуу саналат. Ошолордон бирөөсү жок болгондо рави ишеничтүү өзгөчөлүгүн жоготот. Адилеттүүлүк ээси болгон равинин хадисине маани бердирүү үчүн *забт* сыпатына да ээ болушу керектелет. Забт өзгөчөлүгүнө унутчак болбош керек. Жаттаганынан риваят кыла турган болсо хадисти кемчиликиз жаттап, китептен риваят кылса китебин

---

* Доц. док. Мухиттин Дүзенли

1 Efendioğlu, "Râvi", *DİA,* c. 34, s.72.

2 Yücel, *Hadis Usulü,* s. 143.

жакшы жазып, текшерип, сактоосу шарт. Ал эми манан (маанилеш) риваят кылса хадис тексттиндеги өзгөрткөн сөздөрдүн маанисин жакшы билүү жана хадистин маанисин өзгөрткөнгө барбоо абзел.[3]

Жалпы саны туурасында так маалымат болбошу менен бирге риваяттары булактарда орун алган жана рижаль китептеринде жарх жана таъдилге учураган 20.000 тегерегиндеги рави болгону божомолдонот. Алардын көпчүлүгү алгачкы үч кылымды камтыйт. Риваяттарын китептерге сахих, заиф жана жалган деп аныкталышынан кийин хадистер китептерге кирүүсүнөн тартып IV (X) кылымдан кийин жарх жана таъдил принциптерине карата колго ала турган равилер калган эмес.

Жарх жана таъдил негиздерине карата сынга кабылган равилер кээ бир терминдер менен категорияларга бөлүшкөн. Бул категорияларды үч топто кароо мүмкүн:

1. Сика (Ишеничтүү) равилер (الثقة)

Алар адилеттүүлүк жана забт жагынан катасы болбогон же риваяттарынан баш тартууга алып барбаган аз кемчиликтери болгон равилер. Бул равилердин жарх жана таъдили кабыл алынат, риваяттары да далил катары колдонулат.

Равинин ишеничтүү экенин далалат кылган *сика* термини кеңири мааниге ээ. Сика сөзү сыяктуу кеңири болбосо да равинин ишеничтүүлүгүн башка сөздөр менен берилген. "اوثق الناس" (равилердин эң ишеничтүүсү), "أثبت الناس" (равилердин эң бекеми), "من مثل فلان" (ал сыяктуусу барбы?), "أمير المؤمنين في الحديث" (хадис риваятында момундардын лидери), " إمام في الحديث" (хадис илиминде башчы), "كأنه مصحف" (Курандай ишеничтүү), " فلان من ثقات الثقات" (баланча сикалардын сикалар арасында орун алган), " فلان لا يختلف فيه أحد" (баланчанын ишеничтүүлүгү талашсыз), "فلان ما أخطأ في حديث واحد" (баланча эч бир жерде ката келирген эмес), аталыштар равинин эң жогорку даражада экенин билдирет. "ثقة ثقة" (аябай ишеничтүү), "ثقة ثبت" (ишеничтүү жана өтө этият), "ثقة حجة" (өзүнө ишенсе болот, хадис далил болот), "ثقة حافظ" (ишеничтүү хадис хафызы), "ثقة متقن" (ишеничтүү жана хадисте өтө сак), "حافظ" (риваяттарыны жаттаган ишеничтүү рави), "حجة"

---

[3] Efendioğlu, "Râvi", *DİA*, c. 34, s.72.

(риваяттары далил), "ثبت" (риваяттарында өтө сак рави), аталыштар да равинин сика болгонуна далалат кылган башка таъдил сөздөр.[4]

2. Заиф (алсыз, кемчилиги бар) равилер

Адилеттүүлүк жана забт жагынан изилденген рави адилеттүүлүк маселесинде хадис риваятында талапка жооп бербесе четке кагылып, риваятынан баш тартылат. Адилеттүүлүк жагынан риваятка татыктуу болсо забт абалы изилденет. Забт алкагында равилердин абалдары айырмачылыктарды көрсөтөт. Алар арасында ката жана кайдыгерликтин көп болушунан риваяттарын албагандар сыяктуу эле ката жана кайдыгерликтин аз болгону да заиф деп кабыл алгандар да бар.[5] Ал равилердин риваят кылган хадистери кабыл алынбайт жана далил катары колдонулбайт. Заиф равилердин риваяттары арам жана адал маселесинде далил катары колдонбошу туурасында мухадистер бир ойдо болушкан. Заиф равилерге ишарат кылган көптөгөн сөздөр бар. "يكتب حديثه ولا يحتج به" (хадистери жазылат бирок далил катары колдонулбайт), "ليس بالقوي" (хадис риваятында күчтүү эмес), "فيه لين" (анда бир аз кайдыгерлик бар), "فيه مقال" (ал тууралуу сын-пикирлер бар), "حديثه يروي" (хадисин риваят кылса болот) сыяктуу сөздөр равинин заиф экенин билдирүү үчүн колдонулат.[6]

3. Матрук равилер

Хадис сынчыларынын пикиринде жалган сүйлөгөн, жалган менен айыпталган, бидатка чакырган, көп ката кетирген, ишеничтүү равилерге каршы терс риваят кылган, риваят кылган нерсесин жакшы билбеген, катасынан баш тартпаган рави четке кагылып, эч бир риваяты кабыл алынбайт.

Матрук равилерди көрсөтүүдө "اكذب الناس" (инсандардын эң жалганчысы), "كذاب" (аябай жалганчы), "لا يصدق" (туура сүйлөбөйт) " يضع الحديث" (хадис ойлоп табат), "متروك الحديث" (хадис четке кагылган) "متهم بالكذب" (жалган сүйлөшү менен айыпталган.), "ما فيه خير" (анда пайда жок), " لا تحدثوا

---

4 Yücel, "Sika", *DİA*, c.37, s.175-176.
5 Yücel, *Hadis Usûlü*, s. 163.
6 Yücel, *Hadis Usûlü*, s. 163.

عنه" (андан хадис риваят кылбагыла), "مجروح" (ташталган), "مطروح الحديث" (хадис ташталган), "أضعف الناس" (инсандардын эң заифи), "ليس بثقة" (ишеничтүү эмес), "لا يروى حديثه" (андан хадис риваят кылынбайт) түрүндө ар түрдүү жарх сөздөрү колдонулган. Алгачкы үч кылымда матрук равилер үчүн колдонулган жарх сөздөрү 110 жеткен.[7]

II. ТАБАКАЛАР (طبقات الرواة)

"Табака" сөзү сөздүктө өзгөчөлүктөрү бирдей болгондор дегенди билдирет. Хадис терминологиясында болсо жашта же иснадда бири-бирине окшогон жаштары бирдей равилердин тобу дегенди түшүндүрөт. Өзгөчө равилердин ортосундагы устаз-шакирт мамилесин жана иснаддын бириккен жерин аныктоо үчүн кайсы табакада болгондугун билүү керек. Ошондуктан хадис аалымдары, равилерди жалгыз эле хадис риваятына татыктуу экенин изилдебестен табакалар алкагында да терең иликтешкен.[8]. Жалпысынан *сахаба, табиун, атбаут-табиин, атбау атбаит-табиин, атбау атбаи атбаит-табиин* болуп беш табакага бөлүнөт. Хижрий 1-110 жылдары сахаба доору, 110-180 жылдары табиун доору, 180-220 жылдары атбау-т-табиин доору, 220-260 жылдары атбау атбаи-т-табиин доору, 260-300 жылдары атбау атбаи-т-табиин доору деп эсептелген. Хадис риваяттарынын локомотиви катарында алгачкы үч табака туурасында гана маалымат берилет.

A. Сахаба (الصحابة)

Сөздүктө "чогу болуу, анын досу же жолдошу болуу" маанисиндеги "сахаба" сөзү "сахиб" сөзүнүн көптүк формасын билдирет. Көптүк формада "асхаб" же "сахаба" түрүндө да келет. Кыскасы, Аз. Пайгамбардын мусулман замандаштары деген маанини да берет. Терминологиялык маанисинде болсо "мусулман катары Аз. Пайгамбарды көргөн жана ыйманы менен жашап өлгөн адам"[9] – деп келет. Ибну Хажардын "аль-Исаба" эмгегиндеги аныктама "эң туура" деп айтылган. Анда сахаба – бул "Пайгамбарга (с.а.в.) ыйман келтирип, аны менен жүз

---

7 Yücel, *Hadis Usûlü,* s. 164-165.
8 Yücel, *Hadis Usûlü,* s. 166.
9 Çakan, *Hadis Usulü,* s. 80-81.

көрүшкөн, анан дагы ыйманы менен акыретке сапар тарткан адам" - деп баяндалган.

Хадис уламасы Меккеде 100-110 жылдар арасында кайтыш болгон Абут-Туфайл Амир Ибну Васила аль-Жуханинин эң акыркы кайтыш болгон сахаба экениндиги туурасында бирдей пикирди карманышат.[10] Айрыкча муну да айтып кетүү керек Аз. Пайгамбардын заманында жашагандардын баары аны көрө алышкан эмес. Сахабаларды эле көргөндөр болгон. Жахилия (караңгылык) жана Ислам доорун жашаганы менен Аз. Пайгамбарды көрө албаган, бирок сахабалар менен көрүшкөндөр *мухадрамун* деп аталган. Меккеде хижрий 100 же 110-жылы Абут Туфайл Амир Ибну Васила аль-Лайси эң акыркы кайтыш болгон сахаба катары билинет.

Сахабалар жөнүндө жазылган эмгектер:

Сахабаларды туурасында жазылган библиографиялык китептердин саны арбын. Бирок алардын арасынан үчөө белгилүү жана кеңири тараган китептерден. Буларды кезеги менен тааныта турган болсок:

1) Ибн Абдилбар аль-Куртубинин (463/1071) *"аль-Иситаб фи маърифати-л-асхаб"* аттуу эмгеги 4255 жакын библиографиялык маалыматты камтыйт. Аль-Исабанын чекесинде жана өз алдынча басылып чыккан.

2) Ибну-л-Асир аль-Жазаринин (630/1233) *"Усдул гааба фи маърифати-с-сахаба"* эмгеги 7703 жакын библиографиялык маалыматтарды камтыйт. Бул баалуу китептин акыркы жетинчи тому аял сахабалар туурасында жазылган.

3) Ибн Хажар аль-Аскаланинин (852/1448) *"аль-Исаба фи тамйизи-с-сахаба"* эмгегинде 12295 билиографиялык маалымат колго алынган. аль-Исаба темага тиешелүү китептердин ичинен көлөмдүүлүгү менен бирге тартиби жагынан да өзүнө көңүл бурдурат.

Б. Табиун (التابعون)

"Табиун" сөзү араб тилинде "تبع" этишинен келип чыккан. Бул "бирөөнүн изинен жүрүү, ага байлануу, чогуу бирге болуу, жамаат

---

[10] Canan, *Kutub-i Sitte Tercüme ve Şerhi,* I, 520-521.

намазында имамга баш ийүү" деген маанилерди билдирет. Диний мааниде, Аз. Мухаммеддин сахабаларына уйган, аларды эрчиген муунга айтылат. Ошондой эле сахабалардын доорунда жашаган, аларды көргөн, алардын жанында ыйман келтирген жана ыйманы менен өлгөндөр табиин болуп эсептелет. Мусулман адам табиун катмарынан болуп эсептелиши үчүн, сахабаларды көргөндө, уккан көргөндөрүн эс-тутумунда сактай билген жашта болуусу абзел.

Табиун доору хижрий 120-жылдарга чейин уланат. Табиун доору Ислам маданияты жогорку деңгээлде өнүккөн алтын мезгил катары белгилүү. Табииндердин так санын айтуу мүмкүн эмес. Жахилия жана Аз. Пайгамбардын доорунда жашаган, мусулман болгону менен Алла элчиси менен көрүшпөгөн, бирок сахабалар менен жолуккан мухадрамундар табиин болуп саналат.[11]

B. Таба-и табиин (تبع التابعين)

Расулуллахка ыйман келтирип табиинден бир же бир нечеси менен жолугуп мусулман катары өлгөндөр бул табака ичинде иликтенет. Сахаба жана табиинден кийин келген үчүнчү муун табаут-табиин деп аталат. Пайгамбардын (с.а.в.) хадистерин риваят кылган үчүнчү муун.

Таба-и табииндер – бул сахаба жана табииндерден кийин Ислам динин келечек муундарга ишенимдүү түрдө жеткирүүдө күжүрмөн эмгектери жана ийгиликтери менен белгилүү болгон муун. Алардын доорунда хадис алуу жана риваят кылуу методу эң сонун калыптанган. Ал доордо хадистер системалуу түрдө топтолуп, тематикасына жараша баптарга бөлүнүп, классификацияланган. Бизге чейин жеткен Малик б. Анастын *"Муватта"* аттуу эмгеги таба-и табиин доорундагы эң маанилүү эмгек болуп эсептелет.[12] Таба-и табиин мууну хижрий 220-жылы токтогон.

Таба-и табиин хадистердин топтоо жана китеп абалына келтирүү менен бирге Куран жана сүннөттөн чыккан өкүмдөрдү ишке ашырууда табиинден кийин эле эң көп аракетин көрсөткөн муун. Ислам укугу алардын доорунда аябай өнүккөн. Алардан чоң мужтахиддер чыгып, Ислам укугу өз алдынча илим катары калыптана баштаган.

---

11 Çakan, *Hadis Usûlü*, s. 88-89.

12 Koçyiğit, *Hadis Usûlü*, s. 43.

III. ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Мухаддистер риваятты кабыл алууда равилерде эки негизги өзгөчөлүк болгон адилеттүүлүк жана забттын керек экендигин белгилешкен.

A. Адилеттүүлүк / адалат (العدالة)

Сөздүктө "туралык жана чынчылдык" маанисинде келген адилеттүүлүк, хадис терминологиясында равинин риваят кылууга татыктуу болушу деген маанини берет. Кыскача айтканда, адилеттүүлүк, риваяттардын кабыл болушу үчүн равиде керек болгон мусулман, балагат жашы, акылы өз ордунда сыяктуу шарттар менен бирге, анын аброюна шек келтире турган ар кандай жүрүм-турумдан алыс туткан руханий жана адеп-ахлактык өзгөчөлүктөрдү дагы өзүнө камтыйт. Бул маанидеги адилеттүүлүк, көбүнчө равидеги акыл-эс өзгөчөлүктөрүн билдирген забт термини менен бирге колдонулат.[13]

Хадис риваяты сыяктуу өтө кылдаттыкты, этияттыкты айрыкча чынчылдыкты талап кылган маселеде адилеттүүлүк сапатынын негиз алынышы акылга жана логикага шайкеш келет. Андыктан равилердеги мындай сапат сахаба доорунан бери болушу керек. Бирок сахабалардын адилеттүүлүк сапаты Куран жана хадис менен бекемделгени үчүн жалгыз гана аларга тиешелүү забт сыпаттары негиз алынган. Хадис риваят кылуучунун (рави) адил (адилеттүү) деп аталуусу үчүн төмөнкү шарттардын талап кылынат:

1. Мусулман болуу. Ислам дининин эң негизги булактарынын бири хадис болуп эсептелет. Албетте, хадис илими менен алектенгендер мусулман болуулары шарт. Капырлар дагы хадис үйрөнүүгө болот. Бирок риваяттары мусулман болгондон кийин гана кабыл алынат. Бул боюнча бардык хадис аалымдары бирдей пикирди карманышат. Диний маселелерде мусулман эместин риваяты кабыл алынбайт. Ошондой эле Ислам дининен кайткан (муртад) адамдын да риваяты кабылданбайт.

2. Акыл. Мындай сапат менен рави айтылган сөздү туура түшүнүп, туура жооп берүү (тамйиз) жөндөмдүүлүгү. Балагат жашына жетпеген балдардын (жалпысынан беш жаштан кичине болгондор) жана акылы

---

[13] Aydınlı, "Adalet", *DİA*, I, 344.

кемдердин хадис үйрөнүүлөрү жана риваяттары кабыл алынбайт. Хадис үйрөнүү үчүн жакшыны жаманадан ажырата билсе да хадис риваяты үчүн балагат жашына кирүү шарты каралат. Акыл тамйизге (жакшыны жамандан ажырата билүү жөндөмү) мүмкүнчүлүк берген дарамет болуп саналат. Хадисчилердин пикиринде тамйиз, айтылган нерсени туура түшүнүп, туура жооп берүү жөндөмү. Керек болсо кичинекей балада, алжып калган карыяда, акылы кем адамда бул жөндөм жок. Ошондуктан бир адамдын рави болушу үчүн эң биринчи шарт акылы өз ордунда болуп, эч кандай кемчилиги болбошу кажет.[14]

3. Мукаллаф болуу (жоопкерчиликти сезе билүү). Рави риваятынын маанилүүлүгүн жана жасаган ишинин жоопкерчилигин сезе билүүсү үчүн акылы өз ордунда жана балагат жашына жетүүсү керек. Мухаддистер бир адамдын хадис уга билүүдө тамйизди жеткиликтүү көрүшкөн. Бала сүйлөгөнүнө жооптуу болбогону үчүн жалган сүйлөшүнө тоскоол жарата турган нерсе жок. Бирок мүмкиймиз (айткан нерсени түшүнгөн) болгон бала балагат жашына жете электе хадис алып кийин балагатка жеткенден кийин риваят кылса риваяты кабыл болот. Ибн Аббас, Ибн Зубайр, Махмуд б. Рабий сыяктуу жаш сахабалардын риваяттарын кабыл алуу боюнча аалымдар ижма (бир пикирге келүү) кылгандыгы дагы буга далил болуп саналат.

4. Такыбалык. Такыбалык – бул равинин чоң күнөөлөрдөн оолак болуусу жана кичинекей күнөөлөргө жакындабоосу маанисинде колдонулат. Ошондуктан хадис маселесинде же болбосо башка маселе боюнча жалган сүйлөгөн адамдын жана фасыктын (ачыктан ачык (элдердин көзүнчө) күнөө кылуудан тартынбаган, каршы чыгуучу, күнөөкөр момун) риваяттары кабыл алынбайт. Өзгөчө Аз. Пайгамбар туурасында жалган сүйлөгөн адам кийинчерек тооба келтирсе да риваяты этибарга алынбайт. Ошол эле бидатчынын риваяты да кээ бир шарттардын негизинде гана кабыл алынат.

5. Мурувват (муруат). Равинин адамкерчиликтүү болуусу, адамкерчилигине доо кетире турган иш жана жүрүм-турумдардан алыс болуусу дегенди билдирет. Бул сапат Исламдын негизги принциптерине туура келген үрп-адаттардга карата коомдорго жараша өзгөрөт.

Жогорудагы шарттардын бардыгын камтыган эркин жана кул, аял жана эркек бардыгы тең адилеттүү равилер деп эсептелген. Бир равинин

---

[14] Canan, *Kutub-i Sitte Tercüme ve Şerhi,* II, 7.

адилеттүүлүлүгү бул боюнча сөз ээси болгон кишинин пикири менен (ачык-айкын) же кээ бир абалдарда анын адилеттүү экенин билдирген өкүмдөр менен билинет. Хадис аалымдарынын көпчүлүгү, бир равинин адилеттүү экендигин айткан же болбосо ага өкүм чыгарган (муаддил-башка адилеттүү адам) адам өз ишин мыкты билсе, өтө кылдат жана изилденүүчү болсо, аял же эрекек, эркин же кул болгонуна карабастан рави туурасында чыгарган өкүмү жана далили кабылданат. Мухаддистер бир пикирде равинин адилеттүүлүк ээси катары таанымал болушу жеткиликтүү деп эсептегендиктен, кайра изилдөөгө кажет туулбайт деп билдиришкен.

Б. Забт (الضبط)

Сөздүктө "бир нерсени бекем кармоо; бир сөздү жакшы жаттоо, жазуу" маанисиндеги "забт" сөзү хадис терминологиясында равинин кабыл алынган хадис жолдору менен алган риваяттын, эч кандай чечимсиз абалга кабылбай жана устазынан кандай уккан болсо, өзгөртпөй жеткирүү өзгөчөлүгү саналат.[15] Бир равиде адилеттүүлүктү талап кылган сыпаттардан кийинки экинчи шарт забт эсептелет. Забт, равинин алган хадисин риваят кылганга чейин өзүндөй сактоосу.

Бир адамдын забт ээси болушу үчүн эс-тутумунан (жатка) риваят кылып жаткан болсо, хафыз (жаттаган) болушу керек; жазылуу нускадан (китептен) риваят кылып жаткан болсо, нускасын (китебин) ар кандай өзгөртүүлөрдөн жана бузулуудан алыс тутуусу зарыл; манан (мааниси менен) риваят кылып жаткан болсо, риваят кылган сөздөрдүн маанисин билиши керек, ошондой эле манини өзгөртө турган сөздөрдү колдонууда өтө кылдат мамиле көрсөтүү абзел. Забт ээси равинин риваяттары адилеттүү жана забт равилердин риваяттарына туура келүүсү, хадис алган адамга суроолор узатып текшерүүсү, бир равиден алган риваятты башка учурда алып салыштыруусу, ал хадисти уккан башка бир күбөнү талап кылуусу, равинин сыноодон өткөрүү же болбосо жазылган булактарга баш багуу сыяктуу түрдүү жолдор менен билинет. Ар бир равинин забт жөндөмү бирдей болбогондой эле кемчиликтери да бирдей болбойт. Ошол себептен илим адамдары забтын күчтүү же алсыз болушу жагынан равилерди өз ара даражаларга бөлүшкөн. Бул абал хадистердин тууралыгын аныктоодо маанилүү ролду ойногон.

---

[15] Erul, "Zabt", *DİA*, c. 44, s.61.

Равинин жарх (сынга кабылышына) кылынышына себеп болгон забт сапатына байланыштуу кемчиликтерге адашуу, кош көңүл, күмөн, сика равилерге каршы келүү, эс-тутумдун начарлашы кирет. Алар "матаин-и ашара" (10 кемчилик) деп аталган, жарх (сынга алууга) кылууга себеп жараткан бешөөнү билдирет. Рави бул кемчиликтерден бириси же бир нечесинде четке кагылса забт өзгөчөлүгүн жоготуп, риваят кылган хадис далил катары колдонулбайт.

IV. КЕМЧИЛИКТЕР

Рави келтирген кээ бир кемчиликтер адилеттүүлүк жана забт сапаттрын жоготуп коюушу мүмкүн. Бул кемчиликтердин бир бөлүгү равинин адилеттүүлүк сапатын жок кылса, экинчи бөлүгү забт сапаттарын жок кылат. Равинин адилеттүүлүк жана забт сапатын жокко чыгарган мындай өзгөчөлүктөр "равинин сынга кабылган негиздери" маанисинде "тан себептери" (каралоо себептери) деп аталат. Бул кемчиликтердин бешөөсү адилеттүүлүк, калган бешөөсү забт сыпатына тиешелүү. Ошондуктан алар жалпылап алганда матаин-и ашара деген ат менен белгилүү болгон.

А) Равинин адилеттүүлүгүн жокко чыгарган себептер

1. Кизбу-р-рави (كذب الراوي)

Кизбу-р-рави – равинин жалганчы болуусу деген маанеге келет. Хадис илиминде жалганчылык, равинин Аз. Пайгамбардын оозунан чыкпаган нерсени атайлап ага таяндырып риваят кылуусу дегенди билдирет. Мындай кемчиликтери аныкталган равинин риваяты кабылданбайт. Мындай куфурга алып барат деген аалымдар жок эмес. Пайгамбар (с.а.в.) тууралуу жалган айтканы аныкталган адамдын кабары эч кабыл болбойт. Андан эч бир шартта хадис алынбайт. Ахмад б. Ханбал, Абу Бакр аль-Хумайди, Абу Бакр ас-Сайрафи сыяктуу аалымдардын пикири боюнча Расулуллах туурасында жалган сүйлөгөн адам тообо келтирсе да, өкүнсө да андан хадис алынбайт.

Мындай равинин абалы "каззаб", "вадда", "акзабу-н-нас" сыяктуу терминдер менен билдирилген.[16]

---

[16] Çakan, *Hadis Usûlü,* s. 93-94.

2. Иттиҳаму-р-рави би-л-кизб (اتهام الراوي بالكذب)

Аз. Пайгамбардын хадистери туурасында жалган айткандыгы белгисиз болгону менен күнүмдүк жашоодо жалган айтуусу равинин жалганчы катары таанылышына себеп жаратат. Бул "иттиҳаму-р-рави би-л-кизб" (равинин жалганчылык менен айыпталышы) термини менен берилет жана риваятынын кабыл алынбашына себеп болот.

Равинин жалганчылык менен айыпталышына себеп болгон эки жагдай бар. Биринчи жагдай, диндин зарыл болгон негизги эрежелерине каршы риваят кылуу. Анын бул абалда жалгыз калуусу, жалган айтканына далил катары каралат. Экинчи жагдай, адамдар менен болгон мамиледе жалган айтуусу. Динде жалган айтуу чоң күнөө болуп эсептелгендиктен, андай адамдар диний маселелерде да жалган айтуудан баш тартышпайт. Андыктан принцип катары алар матрук (ташталган) жана матрух (жалган менен айыпталган) деген атка конушуп, риваяттары этибарга алынган эмес.[17] Мындай рави "муттахамун бил – кизб, матрук, матрукул – хадис" сыяктуу терминдер менен жархка (сынга) кабылган.[18]

3. Фыску-р-рави (فسق الراوي)

Рави сөз жана кыймылдарында куфурга алып барбаган айрым терсжүрүм-турумдарды жасоосу, кыскача айтканда, күнөөкөр болуусу дегенди билдирет. Мисалы, парздарды аткарбоо, арам болгон жаман иштерди кылуу сыяктуу. Андыктан "Эй, ыймандуулар! Эгер силерге бир бузуку (адам) кабар алып келсе, кайсыл бир коомго байкабастык кылып, кийин өкүнүп калбаш үчүн оболу аныктагыла! "[19] аятында Алла, фасык (бузуку) адамдын алып келген кабарын этияттап алууну мусулмандарга эскерткен. Кыскасы, фыск, равинин адилеттүлүгүнө аябай терс таасир берген себеп катары каралат. Мындай равинин риваяты мункар катары бааланат. Ал тууралуу "لين الحديث" (эс-тутуму же динчилиги начар) деп айтылат.

---

[17] Canan, *Kutub-i Sitte Tercüme ve Şerhi,* II, 14-15.
[18] Çakan, *Hadis Usûlü,* s. 94.
[19] Хужурат. 49/6.

4. Бидату-р-рави (بدعة الراوي)

Бидат – динде болбогон, кийинчерек пайда болгон диний ишеним жана иш-аракеттер.[20] Хадис терминологиясында, равини амалдан көп акыйда жагын сынга алуучу термини. Куфурга алып барган ишенимдерге ээ болгон ахли-бидаънын риваттарын жумхур четке каккан.

5. Жахалату-р-рави (جهالة الراوي)

Жахалату-р-рави – равинин жеке өзү же хадис риваят кылууга татыктуу болуп-болбогондугу жагынан жетиштүү деңгээлде таанылбай-билинбей калышы дегенди түшүндүрөт жана риваятынын кабыл алынбай калышына себеп болгон кемчилик катары кабылданат.[21] Бул негизинен эки түрдүү болот:

а. Жахалату-л-айн (جهالة العين)

Жахалату-л-айн – бул равинин ким экендигинин белгисиздиги. Тактап айтканда, ким тарабынан риваят кылынгандыгы белгисиз болсо жана хадис риваятында равинин аты аталбастан "паланча" ж.б.у.с. сөздөр менен келсе, рави мажхул (белгисиз) деп аталат. Мындай равинин риваяты көбүнесе фукаха жана мухаддистердин басымдуу бөлүгүнүн пикиринде кабылданбайт.

б- Жахалату-л-хал (جهالة الحال)

Равинин кишилигинин белгисиздиги. Рави туурасында адилеттүүлүк жана забт жагынан эч кандай маалымат болбосо, анда аны хадис риваят кылууга татыктуу деп айтуу кыйын. Тактап айтканда, анын кишилиги жөнүндө маалыматыбыз болбогон равинин туура сүйлөп-сүйлөбөгөндүгү анык болбойт. Андыктан мындай рави *мажхулу-л-хал* же *мастур* (жашыруун) деп аталат.

---

[20] Yaran, "Bid'at", *DİA,* VI, 129-131.
[21] Yücel, *Hadis Usûlü,* s.155.

Б) Равинин забтын жарх кылган себептер

Рави, адилеттүүлүк жагынан сынга кабылгандай эле забт жагынан да беш түрдүү сынга кабылат. Булар: *Фухш и галат, гафлат, вахм, су-и хыфз, мухалафат* болуп саналат. Негизинен, булар эс-тутумга тиешелүү терс абалдарды билдирет. Равидеги бул кемчиликтер адилеттүүлүккө тиешелүү болгондор менен салыштырылганда жеңил катары каралат. Анткени атайлаган максат көрүнбөйт. Чындыгында адам байкабастан ката келтириши мүмкүн. Анткени ар бир адамдын эс-тутуму бирдей эмес. Сейрек кездешүүчү каталардан улам күнөөлө туура эмес. Керек болсо рави тууралуу сынга алган себеп катары көрүлбөшү мүмкүн. Бирок бул катачылыктардын артуусу, адат абалына айланышы, риваяттын тууралыгы үчүн жана равиге болгон мамилени өзгөртөт. Бул каталар риваяттарынын жарымын же андан көбүн түзсө равини таштоого жагдай жаратат. Хадистердин тууралыгын белгилөө үчүн колдонулган *хасан, заиф, шаз, мункар, муаллал* сыяктуу айрым сөздөр дагы равидеги эс-тутумунун начардыгынын түрүнө жана даражасыны жараша белгиленет.

1- Вахм (الوهم)

Равинин риваят эрежелеринин билбегендиги же болбосо хадисти туура деп баамдап ката риваят кылуусу *вахм* аталып, забт жагынан бир кемчилик катары каралат. Равинин мурсал жана мункаты болгон хадисти мавсул, мавсул болгон хадисти мурсал, марфу хадисти мавкуф кылып риваят кылуусу сыяктуу иснадда келтирилген катачылыктар анын вахмынан улам пайда болот. Бир хадисти башка хадис менен алмаштыруу, сика равилерге заиф равилерди аралаштыруу вахм катары эсептелет. Вахм менен таанылган равинин жалгыз риваят кылган хадистери далил катары колдонулбайт. Риваяттарында көп вахм кездешкен равинин риваяттары четке кагылат.[22]

2- Фарту-л-гафла (فرط الغفلة)

Фарту-л-гафла – рави риваят кылууда өтө кылдат жана этият мамиле кылбагандыгын билдирет. Равинин ашыкча кош көңүл болуусу. Рави тактыгын жана кылдаттыгын өркүндөтсө ал кемчилиги жоюулушу мүмкүн. Негизинен, галат бул равинин риваят учурунда кетирген

---

[22] Yücel, *Hadis Usûlü,* s.157

катачылыктары болуп саналат. Рави кылдаттыкты талап кылган жерде кош көңүл мамиле жасаса, риваятынын четке кагылуусуна себеп жаратат. Бул *мункар* деп аталат.[23] Мисалы, равиге китебинде ката бар экенин айтылса, ал китебиндеги риваяттан баш тартып укканы боюнча риваят кылса, анда анын маани бербегендиги жана кош көңүл мамиле жасагандыгы болуп саналат. Равинин кылдат мамилеси азыраак байкалса анда мындай риваяттары алынбайт. Эгер этиятсыздыгы ашыкча байкалса риваяттары четке кагылат.[24]

3- Касрату-л-галат (كثرة الغلط)

Касрату-л-галат – рави риваят кылууда көп ката кетирүүсү. Бул кемчилик равинин риваяттарын кабыл алууда тоскоолдук жаратат. Равинин забт сапатын жокко чыгара турган катанын канчалык болушу керек деген маселеде аалымдар бир пикирди карманбаса да, көп ката кетирүүсү негиз болгон. Андыктан Ибн Хиббан бул маселе боюнча "Катасы сообунан көп болмоюнча равинин риваяты четке кагылбайт. Катасы сообунан ашыкча болсо, риваяттарынан сактануу керек"[25] деген. Риваяттарынын жарымында же андан көбүндө ката кетирген болсо, эс-тутуму *фухши галат* деп билдирилген. Ошондой эле бул *касрати гафлат* деп да аталат. Бул эс-тутумунун канчалык адашканын көрсөтөт. Фухш-и галат ээсинин риваяты да мункар деп аталат. Адашуу ченеми жүздө элүүнү же андан көбүнү түзсө равинин риваяты кабыл алынбайт.[26]

4- Суи-л-хыфз (سوء الحفظ)

Суи-л-хыфз – равинин эс-тутуму начар, кыскача айтканда, эс-тутумунун бузулушу. Мындай рави эс-тутуму жакшы болбогондуктан жана унутчаак болгондуктан көп ката кетирет. Эс-тутуму ушундай болгон рави, эс-тутуму начар маанисинде "سيء الحفظ" деп аталган. Эс-тутумдун начардыгы бул равинин туруктуу жана өзгөрбөгөн сапаты сыяктуу эле кээде убактылуу жана кемчилик катары каралат. Улгайгандык, ооруу сыяктуу абалдарда пайда болот. Кийин пайда болгон эс-тутумдун

---

[23] Çakan, *Hadis Usûlü,* s. 95.
[24] Yücel, *Hadis Usûlü,* s.157
[25] Ибн Хиббан. *Сахих.* I/85.
[26] Çakan, *Hadis Usûlü,* s. 95.

начарлашы ихтилат (бир дарт башка дарт менен келүүсү) деп аталат. Андай мухталит равилер мухаддистер тарабынан билинет. Анткени равилердин жашоосу баяндалып жатканда эс-тутум абалына токтолуп, мухталит болуп-болбогондугу белгиленген. Мындай равилердин ихтилаттан мурунку риваяттары башка кемчиликтерден оолак болгондо гана кабыл алынат. Ихтилаттан мурун алардан хадис алган равилер да, ошол себептен жаңылыштык катары каралбайт. Мухталиттер тууралуу белгилей кетчү жагдай, ихтилаттан мурунку жана кийинки риваяттарынын билинүүсү кажет. Ошол нерселер билинсе ихтилаттан кийинки риваяттары мардуд катары кабыл алынат.

5- Мухалафату-с-сикат (مخالفة الثقات)

Мухалафату-с-сикат – равинин санад же матнда башка равилердин риваятына каршы риваят кылуусу. Заиф рави ишеничтүү (сика) равилерге же болбосо ишеничтүү рави өзүнөн дагы ишеничтүү равиге каршы риваят кылса, анда мухаллафату-с-сикат деп аталат.

Мухалафат бир канча түргө бөлүнөт. Мухалиф хадистер түрлөрүнө жараша ар кандай аталышат. Мисалы, ишеничтүү рави өзүнөн дагы ишеничтүү равиге же сика равилерге каршы келсе, риваяты *шаз* деп аталат, ал эми мухалафат кылган равинин/равилердин риваяты да *махфуз* деп аталат.

Эгер заиф рави ишеничтүү равиге каршы келсе, анын риваяты *мункар* деп аталат. Ал эми ишеничтүү равинин риваяты *маъруф* деп аталат. Рави иснадда ишеничтүү равилерге каршы келсе, каршы риваят кылган хадис *мудражу-л-иснад* деп аталат. Рави хадис текстинде жок сөздөрдү кошуу менен ишеничтүү равилерге каршы келсе, риваят кылган хадис *мудражу-л-матн* деп аталат.[27]

Бул он кемчилик чоңунан кичинесине карай мындайча классификацияланган:

---

[27] Yücel, *Hadis Usûlü*, s.157.

1) Кизбу-р-рави

2) Иттихаму-р-рави би-л-кизб

3) Касрату-л-галат

4) Фарту-л-гафла

5) Фыску-р-рави

6) Вахм

7) Мухалафату-с-сика

8) Жахалату-р-рави

9) Бидату-р-рави

10) Суи-л-хыфз

Андыктан рави жеке жашоосун да же анын риваятында жогоруда аты аталгандардын бири же бир нечеси аныкталса ал рави жарх кылынат. Жарх кылынган рави *мажрух* же *матун* деп аталат. Мажрух рави тарабынан риваят кылынган хадис заиф эсептелет. Эгерде бул абалдардан алыс болсо рави адилеттүүлүк ээси катары таанылат. Андыктан равилердин хадистеринин абалын аныктоо үчүн иликтөө жүргүзүү жарх жана таъдил деп аталат.

Хадистин сахихин сакимден (катадан), макбулун мардудудан ажыратуу аракетинин натыйжасында көптөгөн эмгектер жазылган. Ошол эмгектер равилердин адилеттүүлүк жана забт абалы тууралуу кеңири маалыматтарды берет. Азыркы күндө колубуздагы рижаль китептеринде, өз учурларында белгилүү этибар көргөн жана риваяттары китептерге жазылган 20 миң равинин жарх жана таъдил жагынан маалыматтар берилген. Алардын көпчүлүгү хижрий алгачкы төрт кылымда жашаган равилер болуп саналат. Хадис матндары китептерге топтолуп, сахих, саким, жалган хадистер бири-биринен ажыратылгандан соң, мындан ары китептерден пайдалануу кеңири тарагандыктан жарх жана таъдил принциптерине жараша изилдене турган рави дагы калган эмес.

ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ*

ХАДИС РИВАЯТ КЫЛУУНУН ЖОЛ-ЖОБОСУ, ХАДИС ОКУУ ЖАНА ОКУТУУ МЕТОДДОРУ

"Риваят" сөзүнүн лексикалык мааниси "кудуктан суу алуу, сугаруу, суу берүү" дегенди билдирип, "روي" (рава) этишинин уңгусунан келип чыккан риваят "бир сөздү же бир окуяны башка бирөөгө жеткирүү" – деген мааниге келет. Ал эми хадис усулунун терминологиялык мааниси "ыкмасына жараша хадисти башка бирөөгө өткөрүп берүү" – дегенди туюндурат.

Күнүбүздө хадистердин бардыгы бизге чейин риваят аркылуу келген. Сахабалар, Аз. Пайгамбардан уккандарын, үйрөнгөндөрүн жана көргөндөрүн булактары менен бирге табииндерге, ошондой эле алар да өздөрүнөн кийинки муундарга жеткирип турушкан. Пайгамбардын (с.а.в.) оозунан чыккан ар бир хадис риваят аркылуу келгендиктен, кийинки муундарга туура өткөрүп берүү үчүн түрдүү ыкмалар пайда болгон.[1] Бул бөлүмдө хадистерди кемчиликсиз, туура жана так жеткирүү максатында иштелип чыккан ыкмалар жана маанисине жараша (манан) жана сөзмө-сөз кылынган риваят туурасында сөз болот.

I. ХАДИС АЛУУНУН ЖОЛДОРУ (ТАХАММУЛУЛ-ХАДИС)

Тахаммул *"ташуу, көтөрүү"* деген маанини билдирген *"хамала"* сөзүнөн келип чыккан, түпкү маанисинде *"өзүнө жүктөө, жүктөлүү"* деген маанини туюндурат.[2] *"Тахаммулул-хадис"* сөз айкашы болуп, "хадис алуу" дегенди билдирет жана хадис тарыхында *"риваят"* сөзүнүн синоними катары колдонулат.[3]

Терминологиялык мааниси боюнча "бир адам башкаларга жеткирүү максатында хадис риваят кылган бир шейхтен (хадис аалымы) аталган хадистерди түрдүү жолдор менен (самаъ, арз, кыраат ж.б.) алуусу, т.а.,

---

* Доц. док. Мухиттин Дүзенли

1 Ahmet Yücel, *Başlangıçtan Günümüze Hadis Usûlü,* .119.

2 Asım Efendi, *Kamus Tercemesi,* s.1248.

3 Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.384.

башкаларга жеткирип берүү үчүн жоопкерчиликти алуусу."[4] – дегенди туюндурат. Кыскача хадистерди бир устаздан үйрөнүп, башкаларга үйрөтүү жана риваят кылуу методдорунун жалпы аталышы болуп саналат.

Лексикалык мааниси боюнча *"аткаруу, ишке ашыруу, орундатуу"* дегенди билдирген "ادى" (адаа) сөзү, хадис усулунда негизинен *"риваят, жеткирүү"* – деген мааниде колдонулат. Башкача айтканда, "адаа", шейх (хадис устазы) алган хадистерди хадис алуу жолдорунун бири аркылуу шакиртине айтып жеткирүүсү болуп саналат. Андыктан хадисчи өзүнүн хадис устаздарынан (шейхтеринен) риваят аркылуу алган хадистерди дал ошондой эле методдордун бири менен шакирттерине жеткирген учурда орундаткан (адаа кылган) болот.[5] Кыскача айтканда, *"тахаммул"* - *бул* бир хадисти белгилүү бир негиздерге ылайык түрдө алуу (үйрөнүү) болсо, ал эми жатка жаттап, же болбосо бир китептен усулуна ылайык түрдө жеткирүү *"ада"* деп аталат.

А. Хадис алуунун (тахаммул) жолдору

Хадис алуунун (тахаммул) түрдүү жолдору бар. Дээрлик бардык хадис усулу китептери бул боюнча сегиз ыкмадан сөз кылышат. Бул сегизөөнүн ирети менен тизилишинде аалымдар бирдей пикирди карманып келишет. Булар катары менен *самаъ, ижазат, мунавала, китабат, иълам, васиййат* жана *вижада* ыкмалары болуп саналат.

1. Самаъ

Самаъ сөзү - (سمع) "с-м-а" этишинен келип чыккан – "угуу, тыңшоо" деген маанилерге келет.[6] Терминологиялык мааниси боюнча "устазы хадистерди шакиртине окуп берүүсү, шакиртинин да түздөн-түз устазынан угуу аркылуу хадистерди алуусу" дегенди түшүндүрөт. Самаъда устаздын хадистерди жатка же китебинен окуп берүүсү менен шакиртине жаздыруусунун (имла) ортосунда эч кандай айырмачылык байкалган эмес.

---

4 Koçyiğit, *Hadis Istılahları,* s.414.
5 Uğur, *Hadis Terimleri,* s.65.
6 Asım Efendi, *Kamus,* c.3, s.393.

Самаъ хадис усулунда хадис риваят ыкмаларынын эң маанилүүсү жана эң жогорку даражадагы катары эсептелет. Себеби хадис тарыхы, Аз. Пайгамбардын жашоосунда самаъ менен башталган жана негизинен самаъ менен уланган. Сахабалар Пайгамбардан (с.а.в.) уккан хадистерди ар дайым оозеки ыкма менен жеткиришкен. Мындай ыкма сахабадан кийинки муундар тарабынан дагы улантылып келген. Убакыттын өтүшү менен калган риваят ыкмалары колдонулуп келсе дагы, самаъ ыкмасы өзүнүн күчүн жоготкон эмес. Мындай ыкмада устаз менен шакирттин жекеме-жеке жолугуулары милдеттүү болгондуктан, ишенимдүүлүгү боюнча башка ыкмаларга салыштырмалуу күчтүү деп таанылган.

Мен уктум деген маанидеги "самиъту" (سمعت) сөзү, самаъ ыкмасына далалат кылган сөздөрдүн эң жогоркусу катары кабыл алынат. Мындан сырткары, шакирт жалгыз өзү эле хадисти устазынан самаъ ыкмасы аркылуу алса "хаддасании" (حدثني) (мага риваят кылды), топ-топ болуп алганда "хаддасанаа" (حدثنا) (бизге риваят кылды) сөздөрүн колдонушу керек. Хижрий III кылымдан баштап самаъ жолу менен алынган хадистер үчүн "каала" (قال) (деди) сөзү колдонула баштаган.

2. Арз же кыраат

"Кыраат" сөзү "окуу" дегенди түшүндүргөн "караа" (قرأ) этишинин уңгусу (мастары) болуп саналат.[7] Терминологиялык мааниси "шакирттин түздөн-түз хадис устазына риваяттарды окуп берүүсү же башка бирөө окуган риваяттарды тыңшоо аркылуу хадис алуусу." Бул ыкмада шакирттин китептен же жатка окуп берүүсү, хадис шейхинин хадисти жатка же колундагы жазылган нускадан көз салып туруусу ортосунда эч кандай айырмачылык байкалган эмес.[8]

Айрым аалымдар "арз" жана "самаъны" бирдей категорияда карашкан. Рамахурмузинин Али б. Абу Талиб жана Ибн Аббастан кылган риваяттары самаъ менен арздын ортосунда айырмачылык жок дегендердин далили катары көрсөтүлгөн. Бул риваяттарда Али б. Аби Талиб мындай деген: *"Аалымга бир нерсе окуп берүү, андан тыңшаган*

---

[7] Asım Efendi, *Katus*, c.1, s.80.
[8] Суйути. *Тадриб*. 2-т. 8-б.

менен бирдей"[9], Ибн Аббас дагы, *"Мага окуп бергиле, себеби мага окуганыңар менин силерге окуганым сыяктуу"*[10] – деп айткан. Ошондой эле бул ыкма жазылыштагы каталарды оңдоо, хадистин ишенимдүүлүгүн жана түшүндүрмөсүн билүү үчүн колдонулган. Ал тургай муну самаъ ыкмасынан да жогору койгон учурлар да кездешет.

"Карату алаа фулаанин" (قرأت علي فلان) *паланчага окудум*, "каранаа алаа фуланин" (قرأنا علي فلان) *паланчага окудук*, "куриа алаа фуланин ва ана асмау " (قرأ علي فلان وأنا اسمع) *паланчага китеп окулду мен дагы тыңшадым* сыяктуу сөздөр кыраат методуна далалат кылган сөздөрдөн болуп саналат. Мындан тышкары, "аразту" (عرضت) *сунуш кылдым, көргөздүм, окудум;* "ахбаранаа" (اخبرنا) *бизге кабар берди*, "анбаанаа" (انبانا) *бизге кабар берди* сыяктуу, сөздөр дагы хадистердин кыраат ыкмасы менен келгендигин ырастаган сөздөрдүн катарына кирет.

3. Ижазат

Лексикалык мааниси боюнча "өтүү, туура келүү, уруксат берүү, өткөзүү, адалдоо" дегенди туюндурат.[11] Кыскача айтканда, оозеки, же болбосо жазуу түрүндө уруксат берүү дегенди билдирген ижазат – хадис устазынын оозеки же жазуу түрүндө же кат аркылуу шакиртине риваяттарын берүүсү жана хадистерди өзүнөн риваят кылуу үчүн ачык-айкын билдирүүсү. Демек, ижазаттын терминологиялык мааниси *"шакирттин устазына окубастан андан алган хадистерди риваят кылуу үчүн уруксат суроосу жана устазынын буга уруксат берүүсү"* дегенди билдирет.

Бул аныктамалардан белгилүү болгондой ижазат – хадистерди риваят кылууга, башкача айтканда, *риваят кылуу укугуна ээ болгондугун тастыктаган уруксат кагазы* дегенди билдирет. Уруксат берүү негизинен жазуу жана оозеки түрдө болуп экиге бөлүнөт. Рави устаздын жеке өзүнөн тыңшоо же арз ыкмасы менен алууга күчү жетпеген хадистерди риваят кылуу укугуна ээ болот. Ошондой эле ижазат аркылуу устазынан алган хадистерди башка бирөөгө үйрөтүү же риваят кылуу

---

9 Рамахурмузий. *Мухаддисул-фасл.* 428-429-бб.
10 Хатиб аль-Багдади. *Кифая.* 299-б.
11 Asım Efendi, *Kamus,* c.2, s.786-787.

үчүн өзүнө берилген уруксат кагазы дагы риваяттын санадына киргизилет.

Ижазат жолу менен алынган хадистерди риваят кылуудагы ыкмалардын колдонулушу боюнча ар түрдүү пикирлер айтылган. Себеби ижазат менен алынган риваяттарды айрым хадис аалымдары "самаъ" мартабасында дешсе, айрымдары "самаъдан" дагы жогору дешкен.

Мындай талаш-тартыштарга карабастан ижазатта колдонула турган сөздөр хадистин ижазат жолу менен келгендигин эске сала тургандай өзгөчөлүктө болуусу керек дегендер да бар. Алардын айтымында ижазат аркылуу алынган риваяттарды жеткирүүдө *"ажаза ли фуланун, хаддасана ижазатан"* ж.б. айтымдар колдонулушу керек. *"Ахбарана фуланун изнан"*, жана *"фи маа азина ли фихи"* жана *"фи ма атлака ли ал-хадису бихи анху"* сыяктуу сөздөр дагы буга окшогон риваяттарда колдонулат. Эгер ижазат жазуу жүзүндө болгон болсо, анда *"фима катаба бихи илаййа, ахбарана фуланун китабатан, ав фи китабихи"* сыяктуу сөздөр колдонулат. Ал эми ижазат оозеки түрдө болсо, *"ахбарана мушафахатан"* деп келиши керектиги айтылган. Ошол эле учурда оозеки түрдөгү ижазаттарда *"шафахани бил-ижазати"* – деп дагы колдонулгандыгы айтылган. Ал эми *"катаба илаййа бил-ижаза"* термини болсо жазуу түрүндө берилген ижазаттарда кеңири тарагандыгы маалым.

4. Мунавала

"Мунавала" сөзүнүн лексикалык мааниси *"берүү, бир буюмду колу менен берүү"* же *"колдон колго өткөрүп берүү"* дегенди билдирет. Бул "наавала" этишинен келип чыккан.[12]

Терминологиялык мааниси боюнча "шейх өзүнөн накл жана риваят кылуусу үчүн шакиртине китеп же болбосо жазылган текстти берүүсү" дегенди туюндурат. Айрым аалымдар муну ижазаттын ичинде деп эсептешкен.[13] Кыскача айтканда, шейх риваят кылган хадистерин жазуу түрүндөгү китебин же бир канча беттен турган текстти шакиртине өткөрүп берип, *"ирви хаза анни"* (муну менден риваят кыл) сыяктуу ада сөзү менен риваят кылуусуна уруксат бергенин билдирет.[14] Бул ижазаттын бир түрү болгону менен мында негизинен жазуу түрүндөгү

---

[12] Asım Efendi, *Kamus,* c.4, s.127.

[13] ас-Сахавий. *Фатхул-мугис.* 100-б.

[14] Али аль-Журжани. *Таърифат.* 232-б.; Ибн Салах. *Мукаддима.* 167-б.

хадис тексттерди шакиртине өткөрүп берүүсү болуп саналат. Өткөрүп берүү жараянында ижазат айрым учурда орун алганы менен кээде орун албайт. Ушул себептен аалымдардын басымдуу бөлүгү мунаваланы *"ижазаты бар мунавала"* жана *"ижазаты жок мунавала"* деп экиге бөлүп карашкан.[15]

Мунавала жолу менен алынган хадистерди риваят кылууда колдонулган терминдер боюнча хадисчилер түрдүү пикирлерди айтышат. Мунавала менен самаъны бирдей даражада карагандардын көз карашында *"хаддасана"* жана *"ахбарана"* терминдери колдонула берет.[16] Муну колдогондордун эң башында аз-Зухри (ө. 124/742), Малик б. Анас (ө. 179/795) жана Хасан аль-Басри (ө. 110/728) сыяктуу аалымдар турат.[17] Бирок риваят кылууга карата өтө кылдат мамилеси менен таанылган хадисчилердин басымдуу бөлүгүнүн көз карашында тахаммул жолдорунда болгондой эле хадисти алуу жолун да баса белгилей кетүү керек. Мисалы, рави *"хаддасани* же *ахбарани фуланун мунавалатан"* дейт, паланчанын хадисти мунавала жолу менен өзүнө риваят кылгандыгын айтат же болбосо *"навалани фуланун"* буга окшогон терминдерди колдонот.[18]

Аалымдар ижазат аркылуу алынып риваят кылынган хадистерди сахих катары кабыл алуу жана бул ыкмадагы айрым кемчиликтерди азайтуу үчүн ижазат жана мунавалага кээ бир шарттарды киргизишкен. Себеби ар бир ыкмада болгон сыяктуу ижазат жана мунавала ыкмаларынын дагы толук кандуу ишке ашыруу үчүн кээ бир шарттарга ылайык жүргүзүлүшү керек. Жогорудагы шарттар аткарылбай калган болсо рави эле эмес марви үчүн да ар кандай катачылыктарга себеп болот деген кооптонуу менен хадисчилердин көпчүлүгү аталган шарттарга өзгөчө көңүл бурган. Ошондой эле шарттар аткарылбаган учурда равилерден хадис алуудан баш тартышкан. Жалпылап айтканда, ижазат төрт нерседен түзүлөт. Алгач ижазат берген устаз (мужиз), ижазат талап кылган (мустажиз) же ижазат берилген шакирт (мужазун лах), риваят кылууга уруксат берилген хадис, баракча же китеп (мужазун бих) жана үрп-адатта риваят, тахаммул жана үйрөнүүгө уруксат берген билдирүүнүн оозеки жана жазуу түрүндө болушу керек.

---

[15] Суйутий. *Тадриб.* 2-т. 26-б.
[16] Хатиб аль-Багдадий. *Кифая.* 332-б.; Ибн Салах. Мукаддима. 169-б.
[17] Хатиб аль-Багдадий. *Кифая.* 332-б.; Суйутий. Тадриб. 2-т. 29-б.
[18] Ибн Салах. *Мукаддима.* 170-б. Суйутий. *Тадриб.* 2-т. 29-30-бб.

Мухаддистердин пикиринде, ижазат жана мунаваланын тексттке болгон ишенимдүүлүгүн арттыруу боюнча коюлган талаптарды аткаруу үчүн устаз ошол жазылган текстти баштан-аяк текшерип, каталарды оңдоп чыгуусу, хадис шакиртинин риваятты мыкты билүүсү, ижазат берген устазынын диндар жана аалым болуусу, риваят маалында методдорго далалат кылган формаларды (сига) колдонуусу жана жазуу түрүндө берилген ижазаттын оозеки түрдө дагы билдирүүсү сыяктуу шарттар сунушталган.

5. Мукатаба

"Мукатаба" сөзүнүн лексикалык мааниси боюнча "катаба" (كتب) этишинен келип чыккан "жазышуу, кат жазышып туруу, кабарлашуу" деген маанини туюндурат.[19] Терминологиялык мааниси "шейх (устаз) өзү укkан хадистердин бир бөлүгүн шакиртине жазып жиберүүсү" дегенди билдирет.[20] Ушундайча риваят кылынган хадистерди ишенимдүү хадис китептеринен жолуктурууга болот. Ошондой эле Пайгамбар (саллаллааху алейхи ва саллам) аймактык башкаруучуларга жолдогон каттарын жана жоболорун дагы айтсак болот. Мукатаба ыкмасында устаздын жеке өзү жазган же жаздырганда текстти шакиртине катасыз жеткиртүү менен бирге, риваят кылып жатканда шакирттин ката кетирүү ыктымалдыгы байкалган. "Катаба илаййа фуланун" (كتب الي فلان) (паланча мага жазды) мукатаба ыкмасына далалат кылуучу кеңири тараган сөздөрдүн катарына кирет.

6. Иълам

"Иълам" лексикалык мааниси "үйрөтүү, билдирүү, эскертүү, белги салуу" сыяктуу бир канча маанилерди билдирет.[21] Ал эми терминологиялык мааниси боюнча "хадис устазы колундагы хадисти же хадис китебин шакиртине көрсөтүп, бул риваяттарды жеке өзү укkан хадистер экендигин билдирүүсү. Бирок хадистерди өзүнөн риваят кылуу үчүн ижазат бергендиги туурасында кандайдыр бир маалыматтын жоктугу."[22] Ал тургай, шейх ачык түрдө риваят кылууга тоскоол болуп,

---

[19] Asım Efendi, *Kamus,* c.1, s.459.
[20] Koçyiğit, *Hadis Istılahları,* 275;.
[21] Asım Efendi, *Kamus,* c.4, s.411.
[22] Koçyiğit, *Hadis Istılahları,* s.165.

"бул менин риваятым, бирок муну менден риваят кылууга уруксат бербейм" десе дагы, шакирттин риваят кылуу укугуна ээ экендиги айтылат. Бирок айрым аалымдар мындай риваятты болбойт (жайиз эмес) деп эсептешет. Алгачкы доорлордо иълам ыкмасынын колдонулгандыгы туурасында так маалымат жок. Бирок Убайдуллах б. Умар аль-Умари (ө. 147/764) жана Ибн Аби аз-Зинадка (ө. 174/790) таандык эки риваятка[23] таянып, аталган ыкманын негиздүүлүгүн далилдөөгө аракеттер болгон. Ошентсе да, бул ыкманы колдонгон Абдулмалик б. Хабиб (ө. 238/852) жана Асад б. Муса (ө. 212/827) мухаддистердин сынына кабылган.[24]

7. Васиййат

"Васиййат" сөзүнүн лексикалык мааниси "кандайдыр бир буюмду иштетүү үчүн башка бирөөгө буюртма берүү" жана "өлгөн адамдын калтырып кеткен осуяты, керээзи" деген маанини билдирет.[25] Терминологиялык мааниси "устаздын мурдатан алган хадис риваяттарын же китепти, көзү тирүү кезинде же саякатка чыга электен мурун осуят кылуусу" дегенди түшүндүрөт.[26]

Васиййат ыкмасынын алгачкы кылымдардан тарта колдонулгандыгы жөнүндөгү бирден бир далил, Абу Килабанын (ө. 107/748) Аййуб ас-Сахтийаниге (ө. 131/748) көзү тирүү кезинде китептерин осуят кылганын айтсак болот. Аййуб ас-Сахтийани болсо, буларды риваят кылып-кылбоо маселесинде Мухаммед Ибн Сирин (ө. 110/728) менен кеңешип турган. Ал дагы алгачкы жолу риваят кыла ала турганын айткандан кийин, *"Сана риваят кыл же кылба дей албайм"* – деп, аны бул маселеде өз эркине койгон.[27] Хижрий экинчи же үчүнчү кылымдагы мухаддистер васиййат ыкмасы менен хадис риваят кылууну ишенимдүү жол катарында эсептешпеген жана мындай жол менен алынган хадистерди риваят кылууну жаиз көрүшкөн эмес.[28] "Авса илаййа" (اوصي الي) *(мага осуят кылды)* сөзү васиййат ыкмасына далалат кылган сөздөрдүн катарына кирет.

---

[23] Риваяттар боюна маалымат алуу үчүн караңыз: Кади Ийаз. *аль-Илма.* 114-115-б.

[24] Кади Ийаз. *аль-Илма.* 108-110-бб.

[25] Asım Efendi, *Kamus,* c.4., s.1219.

[26] Koçyiğit, *Hadis Istılahları,* s.454.

[27] Рамахурмузий. *Мухаддисул-фасл.* 459-б.; Хатиб аль-Багдади. *Кифая.* 389-390-бб.

[28] Суйутий. *Тадриб.* 2-т. 34-б.

8. Вижада

Вижада – "табуу" маанисиндеги "в-ж-д" (وجد) этишинин уңгусу (мастары) болуп саналат.[29] Терминологиялык мааниси "табылган бир баракчадан же китептен самаъ, ижазат же мунавала ыкмаларысыз хадис алып риваят кылуу"[30] дегенди билдирет. Автор менен рави замандаш болгонбу, замандашы болсо жолугушканбы, жолугушкан болсо экөөнүн ортосунда самаъ болгонбу же болгон эмесби мунун баары маанилүү деле эмес. Мындай учурлардын бардыгында жазууну таап алуу вижада деп аталат. Мухаддистердин басымдуу бөлүгү вижада жолу аркылуу алынган хадистер менен амал кылууну жаиз эмес дешкен.

Вижада жолу аркылуу алынган китептен риваят кылууга алгач Куранга терс таасирин тийгизет деген таризде жол берилген эмес, ошондой эле жазуу түрүндөгү хадис тексттери кеңири тараган хижри биринчи кылымдын акыркы чейрегинде хадис жаңылыш жазылып калышы ыктымал дешип уруксат беришкен эмес. Чындыгында төрт халифанын доорунда тең, вижада ыкмасы менен алынган китептерди пайдаланууга тыюу салынган. Аз. Умар өз сөзүндө, *"Силердин бирөөңөр бир аалымга тийиштүү илим камтыган бирок угуп албаган китеп болсо, аны суу менен толтурулган идишке салып окулбай турган абалга келтирсин"*[31] – деп айтып, вижада жолу менен риваят кылынган китептерди жок кылууга буйрук кылган. Андан кийинки доорлордо дагы мухаддистер вижада жолу аркылуу келген риваяттарды зайыф (алсыз) деп эсептешкен.[32]

"Важадту" (وجدت) *таптым*, "важадту би хатти фуланун" (وجدت بخط فلان) *паланчанын кол жазмасынан таптым*, "карату фи китаби фуланин" (قرأت في كتاب فلان بخطه) *паланчанын китебинде кол жазмасы менен окудум* сыяктуу сөздөр хадистердин вижада ыкмасы аркылуу алынгандыгына далалат кылган сөздөрдөн болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, хадис тахаммул тарыхында самаъ жана кыраат ыкмалары хадистерди өткөрүп берүүдө эң ишенимдүү жол катары

---

[29] Asım *Efendi, Kamus,* c.2, s.44.
[30] Uğur, *Hadis Terimleri,* s.421, Koçyiğit, *Hadis Istılahları,* s.464.
[31] Хатиб аль-Багдади. *Кифая.* 353-б. Хатиб аль-Багдади. *Кифая.* 353-б.
[32] Рамаххурмузий. *Мухаддисул-фасл.* 212-б.

каралып, аталган эки методду колдошкон. Ижазат мунавала жана мукатаба ыкмалары болсо, риваят кылуу үчүн талап кылынган тексттин устаздын текшерүүсүнөн өтүүсү жана аз да болсо каталарды оңдоп-түзөп чыгуу зарылчылыгынан улам мухаддистер тарабынан кабылдалган. Бирок иълам, васиййат жана вижада ыкмаларында каталарды оңдоо зарылчылыгынын жоктугунан улам мухаддистердин сынына кабылган.

СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ*

ХИЖРИЙ ЭКИНЧИ КЫЛЫМДА СҮННӨТ / ХАДИСТЕРДИН ТОПТОЛУШУ

Хадис тарыхынын эң орчундуу темаларынын бири – Аз. Пайгамбардын убагынан тартып хадис китептеринин жазылышына чейинки убакыт аралыганда хадистердин кантип аныкталып жана кантип сакталып калгандыгы маселеси.

Хадис тарыхына көз чаптырсак хадис илиминин түптөлүшү төмөнкү төрт этаптын негизинде ишке ашканын көрүүгө болот:

1. Жаттоо (хифзу-л-хадис).
2. Жазуу (китабату-л-хадис).
3. Жыйноо (жамъу-л-хадис же тадвину-л-хадис).
4. Китеп кылып жазуу (таснифу-л-кутуб).

Мындан мурунку бөлүмдөрдө хадистерди жаттоо жана жазуу боюнча сөз кылганбыз. Ал эми бул бөлүмдө хадистердин жыйналышы боюнча сөз козгоону туура көрдүк.

А. Хадистердин топтолушу (تدوين الحديث)

Тадвин – "топтоо, бириктирүү, чачылган нерселерди жыйноо" дегенди билдирет.[1] Ал эми хадис илиминде "эсте калган жана барактарга жазылган хадистерди белгилүү бир классификацияга салбастан бир жерге жыйноо, топтоо" деген мааниде колдонулат. Бул аныктамадан эки нерсени байкоого болот. Биринчиси мурун жазылбаган хадистердин кагазга түшүрүлүшү, экинчиси мурун жазылган же болбосо ошол учурда жаңы жазылган хадистерди топтоодо кандайдыр бир тартиптин (классификация) жоктугу. Буга бир гана хадистерди топтогон кишинин эле жазган же жаттаган хадистери эмес, ошол эле учурда башкалар жазган же жаттаган хадистердин да топтолушу да кирет.[2]

---

* Доц. док. Мухиттин Дүзенли

1 Забиди, Абу-л-Файз Мухаммед Муртаза аль-Хусайни, *Тажу-л-арус.* IX/204.

2 Çakan, *Hadis Edebiyatı,* s.15.

Китабату-л-хадис (хадистердин жазылышы) болүмүндө Аз. Пайгамбардын көзү тирүү кезинде эле айрым сахабалардын хадистерди жазганын жана буларды "الصحيفة" деп аталган китепчелерге топтогонун айтканбыз. Булардын катарына Абдуллах б. Амрдын "الصادقة" деп аталган сахифасы, Хаммам б. Мунаббихтин Абу Хурайрадан угуп жазган "الصحيحة" аттуу сахифасы кирет. Бул *китабату-л-хадис* иш-аракети катары кабылданганы менен, негизинен көлөмүнө жараша *тадвин* аракети болуп саналат. Бул жагынан китабат дагы, тасниф (бул темага кийин токтолобуз) дагы ар башка убакыттарда башка максаттар менен ишке ашырылган хадис топтоо иш-аракети болуп саналат. Тадвинден айырмачылыгы, китабат учурунда топтолгон сахифалардын жалгыз бир сахабага таандык экендигин көрүүгө болот. Кээ бир сахабалар Аз. Пайгамбардан уккан хадистерди жазышкан, бирок кээ бир сахабалар пайгамбардан алган хадистерди топтоп жазууну ойлошкон эмес, же муну ойлошкону менен Аз. Умар сыяктуу муну ишке ашырууга аракет кылышкан эмес. Абдуллах б. Амр "الصادقة" деп аталган сахифасын көргүсү келген Мужахидке мындай деп жооп берген: "Бул менин Аз. Пайгамбардан уккан ас-сахифату-с-садика болуп саналат. Пайгамбар экөөбүздүн арабызда бул хадистерди мага риваят кылган башка эч ким жок."[3] Ал муну менен бул сахифанын Пайгамбардан жеке өзү уккан хадистерден түзүлгөнүнө ачык ишарат кылган. Хадистерди мына ушундай жол менен топтоо, жыйноо иш-аракеттери Аз. Пайгамбардын жана сахабалардын убагында эле жүзөгө ашканы менен, хадистердин баарын топтоого болгон аракет, б.а. чыныгы тадвин хижрий I кылымдын аяк чендеринде башталып хижрий II кылымдын экинчи чейрегине чейин уланган (80-120-жж.).

Кибару таабиин (чоң таабиун) доору деп аталган бул убакта хадистердин топтолушуна түрткү болгон айрым себептерден сөз кылууга болот. Ибн Хажар бул боюнча мындай дейт: "... Аз. Пайгамбардын хадистери сахаба жана табиундардын убагында топтолгон эмес жана тартипке салынган эмес. Мунун эки негизги себеби болгон: Биринчиси Куран аяттары менен аралашып кетүү коркунучу, экинчиси сахаба жана табиундардын эске тутуусунун, зээнинин күчтүүлүгү жана көпчүлүгүнүн жазганды билбегендиги. Хадистерди жаттаган, билген сахабалар Ислам мамлекетинин ар тарабына тарап кеткенден кийин Харижий, Рафизий

---

[3] Ибн Саъд, *Табакат.* VII, 2, 189; Захаби. *Тариху-л-Ислам.* III/38.

жана Кадирий сыяктуу фиркалар чыгарган бидаттар жайыла баштады. Чындык менен жалган аралаша баштады. Ушундай себептерден улам хадистер таабиундардын доорунун аяк чендеринде гана жыйнала баштады."[4] Ибн Хажар берген маалыматтарга таянып хадистерди тадвин кылууга түрткү болгон себептерди төмөнкүчө тизмектөөгө болот:

1. Ислам өлкөсүнүн чек арасы кеңейген сайын хадис жаттагандар бири-биринен алыс шаарларга жана аймактарга көчүп кетүүсү.

2. Шия, Рафизий жана Харижий сыяктуу саясий агымдар менен Кадарий, Муржий жана Мутазила сыяктуу итикадий мазхаптардын пайда болушу жана негизги Ислам принциптерине дал келбеген бидаттардын көбөйө башташы.

3. Мунун натыйжында чыныгы өкүмдөр менен туура эмес пикирлердин аралаша башташы.

4. Жалган хадис таркатуунун (ваз) күч алуусу да сүннөт үчүн коркунуч туудурган. Бул коркунучту алдын алууга болбосо *"хадистердин толугу менен жоголуп кетүү кайгысы"* пайда болгон.

Мына ушундай абалдардан улам хадисчилер жарх жана таъдил кылууга киришип, хадис риваят кылгандарды катуу сындан өткөрүшкөн. Ошентип, сахих хадистерди сакимдерден (ката) ажыратуу аракети башталган.[5] Амавий халифасы Умар б. Абдулазиз (ө. 101/719) сахих хадистерди сактап калуу үчүн аларды бир китепке топтоо керек экенине ишенген. Ошондой эле ал хадис риваят кылууга да өтө кызыкдар болгон. Мына ушул Умар б. Абдулазиздин Мадинанын акими Абу Бакр б. Хазмга (ө. 120/738) жазган каты менен расмий түрдө алгачкы хадис топтоо иш-аракети башталган. Катта мындай деп айтылган: "Аз. Пайгамбардын хадистерин жана (Амра бинт Абдуррахман риваят кылган хадистер менен бирге) сүннөттөрдү изилде жана жаз! Себеби мен аалымдардын көз жумуп бул дүйнөдөн өтүшүнөн жана илимдин жок болуп кетишинен корком."[6]

Халифа Умар б. Абдулазиздин хадистердин топтолушу боюнча Мадина акимине жөнөткөн бул буйругу башка акимдерге жана хадис

---

[4] Ибн Хажар. *Хадйу-с-сари.* 4-б.

[5] Koçyiğit, *Hadis Tarihi,* s.203.

[6] Бухари. *Илим.* 34; Дарими. *Мукаддима.* 43; Хатиб аль-Багдади. *Такйид.* 105-6-б.

менен алектенген аалымдарга да жөнөтүлгөнүн түшүнүүгө болот.[7] Бул буйрукту алгандардын бири Ибн Шихаб аз-Зухрий (ө. 124/742).[8] Малик б. Анастын айтуусуна караганда, "أول من دون الحديث: الزهرى" (Хадистерди алгач топтогон киши - Зухрий).[9] Ошондой эле өзүнүн да "Бул илимди менден мурун эч ким топтогон эмес",[10] "Умар б. Абдулазиз бизге сүннөттөрдүн топтолушун буйрук кылды, бир да ага бир дептер жаздык. Ал бийлигиндеги жерлерге бул дептерден бирден нуска жөнөттү"[11] деген сөздөрү да муну ачык-айкын көрсөтүп турат. Зухрий жыйнаган хадистер өтө көп болгондуктан анын китептерин бир жерден башка жерге алып баруу үчүн улоо (ат, эшек, төө) керек болгон. Жадагалса, аялы да анын китептеринин көптүгүнөн даттанып, жазган китептеринин үч токолго барабар экенин айткан.[12]

Бул маалыматтарга караганда, халифанын хадистерди жыйноо боюнча берилген буйругун алгач орундаткан киши Зухрий болгон. Бирок бул жерде мына ушул нерсени унутпоо керек: Зухрий расмий буйрук менен хадистерди эң алгач топтогон (мудаввин) аалым. Жогорудагы маалыматтар "андан мурун эч ким мындай иш-аракеттерди кылган эмес,

---

7 Суйути. Танвиру-л-хавалик шархун алаа Муваттаи Малик. I/6; Каттани, Мухаммед б. Жаъфар. ар-Рисалату-л-мустатрафа. 4-б.

8 Мухаммед б. Муслим б. Убайдуллах б. Шихаб аз-Зухрий (50-124/ 670-742) белгилүү аалым болуп саналат. Колунда жок үй-бүлөдөн болгонуна карабай жаш кезинен эле илимге кызыгып, үч айда Куранды толук жаттап бүткөн. Андан кийин адабиятка кызыгып, көптөгөн ырларды жаттаган. Жыйырма жашынан баштап хадис илимин окуп үйрөнө баштаган. Белгилүү сахаба Ибн Умар менен 24 жыл чогуу жашаган. Улуу таабиун аалымдарынан Саид б. Мусаййибдин жанында 7 жыл жүргөн. Ал тууралуу Абуз-Зинад мындай дейт: "Биз арам жана адалга тиешелүү хадистерди жазат элек. Зухрий болсо укkан хадистеринин барын жазат болчу. Анын керек экенин түшүнгөнүмдө эң чоң аалым экенин сездим" (İbn Hacer, *Tehzîb,* IX/448). Умар б. Абдулазиз да аны жакшы көрөт эле, элдерди анын сабактарына катышууга жана андан үйрөнгөндөрү менен амал кылууга чакырат эле. Хадис алымдары Зухринин сүннөт боюнча ишенимдүү жана белгилүү аалым экенин бир ооздон кабылдашат. Ал магазий, сира, насаб, насих-мансух жана адабиятка тиешелүү китептерди жазган. (Bkz. A'zamî, *İlk Devir Hadis Edebiyatı,* s.251-9; Koçyiğit, *"İbn Şihâb ez-Zührî"*, AÜİFD., Ankara, 1976, sayı: XXI, s.51-84.)

9 Ибн Абдилбарр. *Жамиу баяни-л-илм.* I/76.

10 Каттани, Мухаммед б. Жаъфар. *ар-Рисалату-л-мустатрафа.* 4-б.

11 Ибн Абдилбарр. *Жамиу баяни-л-илм.* I/76.

12 İbn Hallikân, *Vefeyâtu'l A'yân,* III/317.

бир гана Зухрий муну ишке ашырды" дегенди билдирбейт. "Хадистерди жазып алуу Аз. Пайгамбардын көзү тирүүсүндө эле болгонун, андан кийинки убактарда да жазуу иштеринин кеңири таралганын эске алсак, таабиундардын ичинде хадис жазууну жактырбаган айрым кишилер болгону менен сахабалардан уккан хадистерди жазып жүргөндөрдүн да бар болгонун четке кага албайбыз. Мына ушуларды да тадвин (хадистерди топтоо) иш-аракеттеринин катарына кошууга болот. Ал эми Зухрийнин алгачкы мудаввин катары таанымал болушу анын кылган иштеринин мурункуларга салыштырмалуу дагы да кеңири жана натыйжалуу болгонунан улам."[13]

Ошентип, хадистердин жок болуп кетишинин жана аларга башка сөздөрдүн аралашып кетишинин алдын алуу үчүн хижрий I кылымдын аяк чендеринен тартып II кылымдын биринчи чейрегинин аягына чейин (50 жылдай) уланган тадвин иш-аракеттеринин натыйжасында хадистер бир жактан риваят кылынып жазылган, экинчи жактан жазылган хадистер топтолуп, бир китепке жыйналган.

Б. Хадистердин топтоло башташы

Тадвин иш-аракеттери Амавий халифасы Умар б. Абдулазиздин убагында башталган. Диндарлыгы жана Аз. Пайгамбардын сүннөтүнө бекемдиги менен таанылган Умар б. Абдулазиз хадистерди билген сахабалардын жана алардан кийинки аалымдардын дүйнөдөн өтүшү менен хадистердин жок болуп кетүү коркунучун сезет. Муну алдын алуу үчүн аалымдардын хадистерди кагазга түшүрүүсү керек экенин ойлойт. Мына ушуну ишке ашыруу үчүн жер-жерлердеги акимдерге, башкаруучуларга атайын кат жөнөтөт. Бул каттардын бирөөсү Бухарийнин китебинде да орун алган. Бул Мединанын акими Абу Бакр б. Хазмга жөнөтүлгө кат:

"Жергеңдеги Аз. Пайгамбарга тиешелүү риваяттарды изилдеп чык, аларды топтоп жаз. Мен илимдин (хадистердин) жок болуп кетишинен жана аалымдардын да азайып кетишинен корком. Бул ишти аткарууда бир гана Аз. Пайгамбардын сүннөтүнө көңүл бурулсун. Аалымдар мечит сыяктуу коомдук жерлерде отуруп сабак үйрөтүшсүн, илимди жайышсын, билбегендерге үйрөтүшсүн. Себеби илим ачык болсо, эч качан жок болбойт."

---

[13] Koçyiğit, *Hadis Tarihi,* s.204.

Ибн Саддан келген риваятта Умар б. Абдулазиз Ибн Хазмга жазган катында кошумча ушуну айткан: "... учурда эл тарабынан ишке ашырылган, билинген сүннөт же Амра бинт Абдуррахмандын риваяттары кабыл болсун..."

Дариминин риваятында кошумча бул маалымат орун алган: "Өзүнөр Аз. Пайгамбардан келген жана сахих деп эсептеген риваяттар менен Аз. Умардан келген риваяттарды жазгыла."

Абу Нуаймдын "Тариху Исфахан" аттуу китебинде берген маалыматка караганда, Умар б. Абдулазиз мындай каттарды Ислам өлкөсүнүн бардык тарабына жөнөткөн.

Умар б. Абдулазиздин хадистердин топтолушуна кошкон салымын дагы да жакындан таануу үчүн Мухаммед б. Шихаб аз-Зухринин төмөндөгү сөздөрүн да айта кетүү керек:

"Башкаруучучулар бизди мажбурлаганга чейин илимди кагазга түшүрүүнү жактыра бербейт элек. (Алардын кийлигишүүсү менен бул ишти баштагандан кийин) мусулмандардын илимди жазуусуна тоскоол болбоо керек экенине ынандык."[14]

В. Хадистерди топтоого түрткү болгон себептер

Хадистердин жазылып, бир китепке топтолушуна түрткү болгон себептерди дагы да жакындан таануу керек:

1-Умар б. Абдулазиздин катында да айтылгандай, аалымдардын дүйнөдөн өтүшү менен хадистердин да жок болуп кетүү коркунучу. Чындыгында, бул өтө маанилүү маселе. Негизи ал кезде адамдар хадистерди жеке өз жаттап алуу үчүн жазышан. Жаттагандан кийин жазгандарын өрттөшкөн же өлөргө жакын өзүнөн жазып алынган хадистерди өрттөп салууну осуят кылышкан. Зухринин жогорудагы сөзү да илимий чөйрөнүн хадистерди жазууга болгон мамилесин ачык көрсөтүп турат.

Дагы белгилей кетчү нерсе, бул учурда саясий баш аламандыктар, ички кагылуушулар байма-бай катталган. Маалым болгондой, хижрий 95-жылы ошол кездеги таанымал мухаддис Саид б. Жубайрды Хажжаж Залым өлтүргөн. Мына ушундай белгилүү аалымдан ажыроонун өзү деле

---

[14] Canan, *Kutub-i Sitte Tercüme ve Şerhi*, 1/113-115.

Умар б. Абдулазизди "хадистер жок болуп кетет" деген кайгыга салууга жетиштүү окуя болуп саналат. Мындай окуялар бир гана бул менен чектелүү эмес. Ушундай эле хадистер Талк б. Хабибдин өлүмүнө себеп болгон жана белгилүүлөрдөн Мужахид өлүм жазасынан кутулганы менен камакка алынган.

2-Умар б. Абдулазиздин жазган катында ачык айтылбаганы менен, хадистерди топтоого таасир эткен экинчи себеп – саясий пикир келишпестиктер жана мазхаптардын ортосундагы талаш-тартыштардын натыйжасында жалган хадис ойлоп чыгаруулардын көбөйүшү. Муну Зухиринин төмөндөгү сөздөрү тастыктап турат: "Эгер чыгыш тараптан келген жана биз белгисиз деп эсептеген (мажхул) жана кабыл албаган (мардуд) хадистер болбогондо өзүм бир да хадисти жазбайт элем, башкаларга да жаздырбайт элем."

Г. Хадистерди топтоонун түрлөрү

Кээ бир маалыматтарга караганда, Умар б. Абдулазиз жөн гана буйрук берип эле койбостон, тадвин иш-аракеттеринин ишке ашуусун да көзөмөлдөп турган. Мисалы, атайын ушул иштер менен алектенген "катип" деп аталган кишилер болушкан. Хишам б. Абдулмалик Зухринин жанына эки катип жөнөткөн. Бул кишилер бир жыл бою Зухринин хадистерин жазуу менен алек болушкан.

Халифа Умар б. Абдулазиз өзү да хадистерди жазуу иштерине жардамдашкан. Намазга колунда калем, кагаз менен барып, намаздан кийин болгон сабактарга катышкан жана Авн б. Абдуллахтан, Йазид б. Раккашийден уккан хадистерди кагазга түшүргөн.

Тадвин учурунда бир гана Пайгамбардан (с.а.в.) келген риваяттар эле эмес, ошол эле учурда сахабалардан жана таабиундан риваят кылынган "асар" да айрым мухаддистер тарабынан "сүннөт" деп кабыл алынып, кагазга түшүрүлгөн.

Аймактарда жазылган хадистер дептер абалында борборго жөнөтүлүп турган. Бул жерде көчүрүлүп жазылып, нускасы көбөйтүлгөн жана кайра ар башка аймактарга жөнөтүлгөн. Зухринин төмөндөгү сөзү муну тастыктап турат: "Умар б. Абдулазиз сүннөттү топтоп жазууну буйрук кылды. Биз хадистерди дептерлерге жаздык. Ал болсо бийлиги жүргөн ар бир аймакка бул дептерлерден бирден жөнөттү."

Аймактарга жөнөтүлгөн бул дептерлердин борбордогу түпкү нускадан көчүрүлүп жазылган нуска экени айкын.

Айрым маалыматтарга караганда, борбордо топтолгон хадистер аалымдар тарабынан текшерилип турган. Абу-з-Зинад Абдуллах б. Закван мындай дейт: "Умар б. Абдулазиздин фикх аалымдарын чогултканын көрдүм. Аалымдар көптөгөн хадистерди топтошкон экен. (Хадистерди аалымдар менен бирге окуп чыгып) амал кылынбаган бир сүннөт айтылганда "Бул ашыкча, себеби буга амал кылынбайт экен" – деп айтат эле."

Борбордон жер-жерлерге жөнөтүлө турган дептерлер мына ушундай текшерүүдөн өткөндөн кийин гана жазылган деп айтууга болот.

Тадвин иш-аракеттеринин негизги өзгөчөлүгү – хадистердин сунан, сахих же муснад сыяктуу белгилүү бир тартипте жазылбаганы. Себеби мында жөн гана хадистерди кагазга түшүрүү, аныктоо максат кылынган, аларды сунан, сахих же муснад сыяктуу кандайдыр бир тартипке салуу максат болгон эмес. Ошондуктан марфу, мавкуф жана макту риваяттар сахих, хасан же заиф болгонуна карабай бир жерде эле жазыла берген. Ал эми хадистерди бири-биринен айырмалоо жана даражаларга карап бөлүштүрүү мындан кийинки убактарда ишке ашырылган.[15]

Мадинанын акими Абу Бакр б. Хазм да белгилүү хадис аалымы болгон. Бирок анын Умар б. Абдулазиздин буйругун аткаруу үчүн жеке өзү дагы хадис жазып жазбаганы боюнча маалымат жок. Ал аким катары жөн гана аалымдарды хадистерди жазганга чакырган болушу мүмкүн. Себеби хадистерди топтоого жана жазууга чоң салым кошкон Зухри да Мадиналык аалым жана анын бул ишке Абу Бакр б. Хазмдын чакырыгы менен киришкен болушу күмөнсүз.

Умар б. Абдулазиз хадистер толук топтолуп, жазылып бүтө электе көз жумуп, бул иштердин натыйжасын көргөнгө өмүрү жеткен эмес. Бирок анын көзү тирүүсүндө эле топтолгон хадистердин көчүрүлүп жазылып аймактарга жөнөтүлүп турганын айтып, муну Зухринин айткан сөздөрү тастыктап турарын белгилеп өттүк. Ошондуктан Ислам аалымдары хадистерди топтоо алгач Умар б. Абдулазиздин убагында, хижрий I кылымдын этектеринде башталганын бир ооздон кабылдашат.[16]

---

[15] Canan, *Kutub-i Sitte Tercüme ve Şerhi,* 1/116-117.
[16] Canan, *Kutub-i Sitte Tercüme ve Şerhi,* 1/117.

Д. Хадистерди топтоодо эмгек сиңирген аалымдар

Хадистерди тадвин кылуу башында Зухри турган бир топ аалымдын Шамда жүргүзгөн иштери менен эле чектелүү эмес. Ислам ааламынын бардык жеринде мындай иш-аракеттер жүргүзүлгөн. Бул иштин жүзөгө ашышына эмгек сиңирген аалымдардын катарына төмөнкүлөрдү кошууга болот:

Меккеде Абдулмалик б. Журейж (ө.ж. 150/767), Мадинада Мухаммед б. Исхак ал-Мутталиби (ө.ж. 151/768), Имам Малик (ө.ж. 179/795), Ибн Абуз-Зиб, Басрада Раби б. Сабих (ө.ж. 160/777), Саид б. Абу Аруба (ө.ж. 156/772), Хаммад б. Салама (ө.ж. 167/783), Куфада Суфйан ас-Саврий (ө.ж. 161/777), Шамда Абдуррахман Авза (ө.ж. 157/773), Васитте Хушейм б. Башир ас-Саламий (ө.ж. 183/799), Йеменде Халид б. Жамил, Мамар б. Рашид (ө.ж. 153/770), Рейде Жарир б. Абдулхамид (ө.ж. 188/803), Хорасанда Абдуллах б. Мубарак (ө.ж. 181/797). Ошондой эле Ибн Хиббан (ө.ж. 147/764), Йахйа б. Закарийа б. Абу Заида (ө.ж. 183/779), Ваки б. Жаррах (ө.ж. 196/811), Абдуррахман б. Махди сыяктуу аалымдарды да булардын катарына кошууга болот.

Бул аалымдардын баары хижрий экинчи кылымда жашашкан жана топтогон хадистеринин арасында сахабалардын сөздөрү жана таабиундардын фатвалары байма-бай кездешет.

Ал эми бул учурда жазылган китептердин белгилүүлөрү төмөнкүлөр: Имам Маликке таандык "Муватта", Имам Шафиге таандык "Муснад", Имам Абдурраззак б. Хишамга (ө.ж. 211/826) таандык "Мухталифул-хадис" жана "ал-Жаами", Шуба б. Хажжажга (ө.ж.) таандык "Мусаннаф", Суфйан б. Уйайнага (ө.ж. 198/813) таандык "Мусаннаф", Лайс б. Садга (ө.ж. 175/791) таандык "Мусаннаф".[17]

---

[17] Canan, *Kutub-i Sitte Tercüme ve Şerhi,* 1/118.

ТОГУЗУНЧУ БӨЛҮМ*

ХИЖРИЙ ҮЧҮНЧҮ КЫЛЫМДА СҮННӨТ/ХАДИСТЕРДИН ТАСНИФИ

ТАСНИФ (КЛАССИФИКАЦИЯЛОО) ТҮРЛӨРҮ

Хижрий биринчи кылымдын аяк чендеринде тадвин кылынган (топтолгон) хадистер, кийинки жылдары тасниф (классификациялоо) кылынган. Бир жерге топтолгон жазуу түрүндөгү хадистер равилерге жана темаларына жараша болуп эки түрдө тасниф кылынган. Равилерге жараша тасниф кылынган китептер "ала-р-рижаль" деп аталса, темаларына жараша тасниф кылынган китептер "ала-л-абваб" деп аталган. Бул эки тасниф түрүнө жараша ар кыл аталыштагы риваят китептери пайда болгон.[1] Тасниф иш-аракеттери хижрий III кылымдын аяктарына чейин бышып жетилген жана белгилүү хадис булактарынын көпчүлүгү ушул мезгилде пайда болгон. Хижрий үчүнчү кылым ушундай айырмачылыгынан улам хадис илиминин тарыхында алтын доор катары бегилүү болгон. Тасниф иш-аракеттери хижрий бешинчи кылымдын орто чендерине чейин уланган.[2] Кийинки жылдары пайда болгон дагы бир тасниф методу "ала-л-ахруф" деп аталат. Ал хадистердин алгачкы сөздөрүндөгү тамгаларга жараша тизилген тасниф методу болуп саналат.

А) Ала-р-рижаль таснифи

Рави ысымдарына жараша хадистердин топтолушу "ала-р-рижаль" деп аталат. Бул дагы таснифтин бир түрү болуп саналат. Мындай ыкма колдонулуп жазылган эмгектердеги хадистер, темаларына карабастан риваят кылгандын аты-жөнүнө жараша чогултулат. Ала-р-рижаль системасы боюнча жазылган эмгектер негизинен сахаба ысымдарына же мусаннифтин (автор, жазуучу) устаздарына жараша тартипке салынып жазылган. Сахабалардын ысымдары негиз алынып, хадистери бир жерге топтолгон китептер "муснад"; ал эми сахаба рави же автордун устазы

---

* Док. Ферхат Гөкче

1 Çakan, *Anahatlarıyla Hadis,* s.61, Hadis Usûlü, s.61.

2 Tartı, *Muhtasar Hadis İlimleri ve Usûlü,* s.127.

болгон равилердин ысымдары алфавиттик тартипте келтирилип риваят кылынган хадис китептер "муъжам" деп аталат.[3]

Равилердин аттарын аныктоодо жана тартипке салууда кандайдыр бир метод жана мусаннифтер ортосунда бирдиктүү усул жок. Өзгөчө сахаба ысымдарына жараша хадистерди жыйноо кеңири тараган. Ысымдарды китептерде тизип чыгууда ар бир мусаннифтин өзүнө таандык айрым ыкмалары жана жоболору болгон.[4] Ала-р-рижаль системасы боюнча жазылган Муснад түрүнүн эки маанилүү автору Абу Давуд ат-Тайалиси менен Ахмад б. Ханбал жазган китептерин ашараи мубашшарадан алгачкы халифа Аз. Абу Бакрдын Муснады менен башташкан.

Хадис тарыхында ала-р-рижаль тасниф системасы, ала-л-абваб системасына караганда мурун колдонулган десек болот. Белгилүү сахабага таандык хадистерди бир китепке жыйноо, бул жаатгагы алгачкы мисалдардан болуп саналат.[5]

Ала-р-рижаль тасниф системасы хадис матндары кандай болсо, ошондой сактап калуу, рижалга тийиштүү риваяттарды тактап чыгуу жана өкүм чыгаруу үчүн топтоо максатынан улам пайда болгон.

Ала-р-рижаль тасниф системасын пайдалануда айрым кыйынчылыктар бар. Эгер муснаддар үчүн кайсыл сахабадан, мужамдар үчүн кайсыл равиден риваят кылынгандыгы белгисиз болсо, бир хадистин бул система боюнча тасниф кылынган эмгектерден табуу бир топ убакытты талап кылат. Башка жагынан алып караганда, бул системадагы хадистер сиххатине карабастан тасниф кылынгандыктан, сахих хадисти сахих эместен ажыратуу адис эместерге кыйынчылык туудурат.[6] Балким, ушул себептерден улам, ала-р-рижаль тасниф методу алгачкы кылымдардан кийинки дооpлордо көп деле колдонулган эмес, анын ордуна көбүнчө ала-л-абваб системасы колдонулган.

Ала-р-рижаль системасына окшош сахаба ысымдарына жараша риваяттардын баш тарабы жазылган китептер "атраф" деп аталат.

---

[3] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.21.
[4] Özpınar, *Hadis El Kitabı*, s.325.
[5] Özpınar, *A.g.e.*, s.326.
[6] Uğur, *Hadis İlimleri Edebiyatı*, s.13-14. Hatiboğlu, İbrahim, "Müsned" mad., *DİA*, XXXII/100.0

1. Муснаддар

Хадис адабиятында хадистердин темасына, мазмунуна, сахих жана заиф экендигине карабастан жалгыз гана санаддагы сахаба ысымдарына жараша тасниф кылынган эмгектер "муснад" деп аталат.[7] Муснаддардын кээ бири алфавиттик тартипте, кээ бири сахабалардын пазилеттерине, Исламды кабыл алуусуна, сахабалардын уруусуна жана шаарларга жараша тизмектелген.[8]

Сахабалардын Аз. Пайгамбардан риваят кылган бардык хадистер негизинен муснаддын бардыгын же болбосо муснаддын бир бөлүмүн түзөт. Айрым сахабалардын же болбосо андан кийинки мезгилдерде жашагандардын каза болгондон кийин алардын атынан тасниф кылынган эмгектер дагы "муснад" деп аталган. Мисалы: "*Муснаду Айша, Муснаду Абу Бакри Сиддик, Муснаду Абу Ханифа*" сыяктуу эмгектерди айтсак болот.[9] Жалпысынан муснаддарда марфу хадистер орун алган. Мавкуф жана макту хадистер өтө эле аз.[10]

Муснад эмгектеринин ичинен белгилүү болгондор төмөнкүлөр:

а. Абу Давуд ат-Тайалисинин (ө. 204/819) Муснады

Тайалиси эң алгачкылардан болуп Муснад түрүндөгү өзүнүн таснифин жазган. Муснад аттуу эмгеги алты негизги бөлүмдө 281 сахабанын риваяттары камтылган. Китебинде 2767 хадис орун алган. Өлгөндөн кийин анын атына жазылган.[11] Анын эмгеги бизге Йунус б. Хабибтин риваяттары аркылуу келген.[12]

---

7 Aydınlı, Abdullah, *Hadis Istılahları Sözlüğü*, s.115; Hatiboğlu, İbrahim, "Musned" mad., *DİA*, XXXII/99-100.

8 Çakan, *Anahatlarıyla Hadis*, s.116; Kandemir, "Hadis" mad., *DİA*, XV/48; Hatiboğlu, "Musned" mad., *DİA*, XXXII/99.

9 Kandemir, "Hadis" mad., *DİA*, XV/48.

10 Tartı, *Muhtasar Hadis İlimleri ve Usûlü*, s.140.

11 Kandemir, "Hadis" mad., *DİA*, XV/48.

12 Uğur, *Hadis İlimleri Edebiyatı*, s.199; Kandemir, M. Yaşar, "el-Müsned" mad., *DİA*, XXXII/103.

б. ал-Хумайдинин (ө. 219/834) Муснады

Мекке шаарында жазылган алгачкы муснаддын автору. Имам Бухаринин устазы катарында белгилүү болгон. Анын "Муснад" аттуу китеби эң таанымал жана күнүбүзгө чейин келген жападан жалгыз эмгек болуп саналат. Эмгеги Аз. Абу Бакрдын риваяттары менен башталат жана 11 жүздөн (бөлүмдөн) турат. Баш аягы 179 сахабага таандык болгон риваяттардын көбү марфу, өтө аз бөлүгү сахаба жана табиинге таандык. Китебинде 1300 хадис бар.[13] Эмгекте 1300 ривает топтолгон.

в. Ахмад б. Ханбалдын (ө. 241/855) Муснады

Ахмад б. Ханбал бул жыйнагын 700.000 хадистин ичинен тандап жазган. Анда 904 сахабанын риваяттары камтылган. Ахмад б. Ханбалдын Муснады учурдагы муснад түрүндөгү эмгектердин ичинен эң ириси болуп саналат.[14] Эмгегинде сахаба равилер Исламдагы пазилеттерине, урууларына жана жашаган жерине жараша тизмектелген. Негизинен, Ислам динине кирүү учуру негиз алынып, алгач ашараи мубашшара, андан кийин ахли байт, катары менен хашим уулдары, Меккелик, Мединалык, Куфалык, Басралык, Сириялык сахабалардын, жыйнактын аягында уммату-л-муминин менен калган аял сахабалардын риваяттары китептин аягында тизмектелген. Ошондой эле Ахмад б. Ханбалдын уулу Абдуллах менен Абдуллахтын шакирти Абу Бакр ал-Катинин кошкон хадистери дагы бар. Ахмад б. Ханбал өзү хужжат (далил) катары көргөн хадистерди алган. Бирок анын эмгегинде сахих жана хасан хадистер менен бирге заиф хадистер, ал тургай, мавзу хадистер дагы орун алган.[15]

Ахмад б. Ханбалдын Муснад жыйнагынын негизги өзгөчөлүктөрү:

1. 904 сахабадан ривает кылган.
2. 18 топ сахабанын муснадын камтыйт.
3. Кайталанып берилген хадистердин саны 26363, кайталанбастан берилген хадистердин саны 9339.

---

[13] Çakan, *Hadis Edebiyatı*, s.32.
[14] Kandemir, "el-Müsned" mad., *DİA*, XXXII/104.
[15] Tartı, *Muhtasar Hadis İlimleri ve Usûlü*, s.141.

4. Сиххат жагынан хадис булактарынын ичинен экинчи даражада турат.

5. Колубуздагы Муснаддын нускалары Ахмад б. Ханбалдын уулу Абдуллахтын риваят кылган нускаларынын аль-Катии тарабынан кылынган риваяты болуп саналат.[16]

6. Муснадда негизинен адилеттүүлүк жана забты толук равилердин риваяттарына, андан кийин жалганчылык менен айыпталбаган жана сика болгону менен мастур (жашыруун) равилердин риваяттарына орун бергендигин көрүүгө болот.

7. Хаммам Ибн Мунаббих, Амр Ибни-л-Ас, Самура б. Жундаб жана Абу Саламага караштуу сахифалардын бардыгы же бир канча бөлүгү Муснадда орун алган.[17]

Ахмад б. Ханбалдын Муснады ас-Саъати тарабынан ала-л-абваб системасына салынган. *"ал-Фатху-р-Раббани"* атында мусаннаф абалына келтирилген жана *"Булугу-л-Амани"* аттуу шарх жазылган.

Хадис литературасында жүздөн ашык Муснад китептери бар.[18] Алардын ичинен төмөнкү экөө эң маанилүү:

г. Абу Йаъла ал-Мавсилинин (ө. 307/919) Муснады

Макбул хадистерди дагы камтыган булактардын катарына муснаддар дагы кирет. Сахабалардын ысымдарына жараша тартипке салынган муснаддарда сахих жана заиф хадистер дагы болгондуктан иликтөө жүргүзбөстөн далил катары колдонууга болбойт. Муснаддардын ичинен (далил келтирүүгө) ылайыктуусу Ахмад б. Ханбалдын Муснады болуп саналат. Анткени Ахмад б. Ханбал койгон өлчөмүнө жараша макбул хадистерди топтоону жана жалганчылыгы менен таанылбаган равилерден хадис риваят кылууну негиз алган.[19]

---

[16] Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, s.289-290.
[17] Uğur, *Hadis İlimleri Edebiyatı*, s.201.
[18] Uğur, *A.g.e.*, s.198-208.
[19] Hatiboğlu, "Musned" mad., *DİA*, XXXII/99-100.

2. Муъжамдар

Равилердин аттарына жараша тизмектелген китептердин бири муъжам болуп саналат. Муъжамдар муснаддар сыяктуу сахаба ысмына, же муъжамды тасниф кылган мухаддистин устазынын атына, же болбосо равилердин жашаган шаарларына, же урууларына жараша алфавиттик тартипке салынган эмгектерден болуп саналат.[20] Бул типтеги алгачкы китептердин бири Абу Йаъла ал-Мавсилинин Мухаммед аттуу 330 устазынын ар биринен бирден хадисти камтыган "ал-Муъжам" аттуу эмгеги болуп эсептелет.

Муъжам түрүндөгү китептердеги хадистер темаларына же болбосо башка бир методко ылайык эмес, китеп авторунун устаздарын (шейх) ысымдары боюнча тизмектелиши болуп саналат. Ошондуктан темасы же болбосо баш тарабы белгилүү бир хадисти муъжамдардан табуу өтө кыйын.[21] Мындай учурда атайын бул китептер үчүн жазылган индекстерге же болбосо заманбап хадис табуу ыкмаларына кайрылуу керек.

Муъжамдардын ичинен белгилүүлөрү Табаранинин үч Муъжамы болуп саналат.

Табарани 260-жылы Акка шаарында жарык дүйнөгө келген. Балалык кезинен тарта хадис үйрөнүүгө бел байлап, хадис хафызы болгон. Өтө зээндүү жана ишенимдүү катары таанылганы менен эмгектеринде мункар жана мавзу хадистердин саны өтө эле көп.[22]

1. Табаранинин (ө. 360/791) "ал-Муъжаму-с-сагир" эмгеги

Табарани бул эмгегинде 1000 жакын устазынан уккан хадистерди бирден, кээде экиден жазган. Ал китебинин акыркы бөлүгүндө бирден ашык иснад менен келген хадистерге орун берген. Жалпысынан 1198 хадис бар.[23]

---

[20] Çakan, *Hadis Edebiyatı*, s.40; Hatiboğlu, "Mu'cem" mad., *DİA*, XXX/345.; Kandemir, "Hadis" mad., *DİA*, XV/48.

[21] Uğur, *Hadis İlimleri Edebiyatı*, s.183.

[22] Tartı, *Muhtasar Hadis İlimleri ve Usûlü*, s.141.

[23] Kandemir, "Hadis" mad., *DİA*, XV/49; Tartı, *Muhtasar Hadis İlimleri ve Usûlü*, s.141; Hatiboğlu, "Mu'cem" mad., *DİA*, XXX/346.

2. Табаранинин (ө. 360/791) "ал-Муъжаму-л-авсат" эмгеги

Автор 9485 риваятты камтыган китебинде шейхтердин аттарын алфавиттик тартипке салган жана ар биринен уккан айрым хадистерди аттары менен берген. Эмгегиндеги устаздарынын (шейх) саны 2000 ге жакын. Кобүнчө шейхтеринин гариб жана надир хадистерине орун берген.[24] Китебинде заиф хадистердин саны көп.[25]

3. Табаранинин (ө. 360/791) "ал-Муъжаму-л-кабир" эмгеги

Табаранинин муъжамдары арасынан эң көлөмдүүсү болуп эсептелет. Ашараи мубашшарадан баштап сахабалардын аттары алфавиттик тартипте жазылган. Сахабалардан келген 25000 жакын риваят бар. Табарани, Абу Хурайрадан келген хадистерди бул эмгегине албастан, өзүнчө башка бир китепте топтогон.[26]

Жалпылап алганда Табаранин риваяттары заиф болуп эсептелет. Сахихлик жагынан Бухари этибарга ээ болсо, Табаранинин эмгектери ошончолук заиф кабылданган.[27] Дахлавинин айтымында, ал үчүнчү табакада орун алган.[28]

3. Жүздөр

"Жузу-л-хадис", "ажзау-л-хадис", "ал-ажзау-л-хадисиййа" деп аталган хадис жүздөрүнүн маанилүү бир бөлүгү ала-р-рижаль тасниф системасынын алкагында каралышы керек. Хадис илиминде жүз – негизинен белгилүү бир кишиден келген, хадистерди топтоо максатында жазылган чакан китептерге берилген ат. Жүздөр сахабалар же кийинки муундар тарабынан риваят кылынган хадистерди же болбосо белгилүү бир темага байланыштуу риваяттарды камтыйт.[29] Белгилүү бир темадагы же белгилүү сандагы хадистерди же болбосо бир хадистин бардык риваят

---

[24] Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, s.350; Kandemir, M. Yaşar, "Hadis" mad., *DİA*, XV/49.

[25] Hatiboğlu, "Mu'cem" mad., *DİA*, XXX/345-346.

[26] Hatiboğlu, "Mu'cem" mad., *DİA*, XXX/345-; Kandemir, "Hadis" mad., *DİA*, XV/49.

[27] Görmez, "Taberânî" mad., *DİA*, XXXIX/310-312.

[28] Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, s.350.

[29] Kandemir, "Hadis" mad., *DİA*, XV/48.

санадын топтогон бир канча сахифадан турган хадис китепчелери дагы жүз деп аталган. Хадис тадвинининн алгачкы мезгилинде хадистер жазылган дептерлер дагы сахифа же жүз деп аталган.[30]

Мисал катарында белгилүү бир кишиден келген хадис жүздөрүнө Сухайл б. Аби Саламдын атасы аркылуу Абу Хурайрадан риваят кылган 40 хадис камтыган жүздү жана Малик б. Анастын аали риваяттарын топтогон Хишам б. Аммардын (ө. 241/859) "жүз фихи ахвали ахадиси Малик" аттуу эмгегин берсек болот. Мужтаба Угур аттуу хадис аалымы "Хадис илимдери адабияты" аттуу китебинде 275 хадис жүзү ***бар экенин*** аныктаган.[31]

Б) Ала-л-Абваб таснифи

Темаларга жараша хадистердин топтолушу ала-л-абваб деп аталат. Хадистерди темаларына жараша тасниф кылынган эмгектер деп сыпатталган ала-л-абваб тасниф системасын жамиъ, сунан жана мусаннаф эмгектеринен көрүүгө болот. Ала-л-абваб тасниф системасынан жамиъ, сунан жана мусаннаф эмгектеринен көрүүгө болот. Бул системада хадистер темаларына жараша бөлүнүп, тасниф кылынат. Тема боюнча тиешелүү бөлүмдөрдө хадистерди колдонуу, албетте, хадистерди баалоо жана системалуу түрдө алардан пайдалануу жагынан ала-р-рижаль таснифи ыңгайлуу болуп саналат. Бул ыкмада жазылган эмгектердин жалпы аты "мусаннаф." Хадис китептери кандай атка консо консун жазылыш усулу жагынан бул эки системанын бирине кирет.[32]

1. Жамиълер

Лексикалык мааниси "топтогон жана жыйнаган" дегенди билдирет. Хадис илиминде динге байланыштуу маселелердин бардыгын камтыган жана негизинен бабтарга жараша тизмектелген тасниф системасынын бир түрү.[33]

---

[30] Uğur, *Hadis İlimleri Edebiyatı*, s.51; Kandemir, "Cüz" mad., *DİA*, VIII/147-148.
[31] Kandemir, M. Yaşar, "Cüz" mad., *DİA*, VIII/147; Uğur, *Hadis İlimleri Edebiyatı*, s.52-67.
[32] Çakan, *Anahatlarıyla Hadis*, s.117.
[33] Kandemir, "Hadis", mad., *DİA*, XV/49.

Аз. Пайгамбардын түрдүү маселелерге байланыштуу хадистерин топтогон жамиълер, ар бири "китаб" деп аталган төмөнкү негизги сегиз маселени камтыйт:

1. Ыйман-Акыйда: Ыйман, тавхид, иътисам сыяктуу ишеним маселелерине байланыштуу темалар

2. Ахкам-Сунан: Ибадат жана муамалат менен байланыштуу темалар

3. Рикак-Зухд: Ыйман жана ибадат сезимдеринин күчтөнүүсү, дүйнөгө болгон көз караш, адеп-ахлак жана напсини тарбиялоо боюнча темалар

4. Адаб атима-ашриба: Тамактануу жана күнүмдүк жашоодо бардык адамдар аткара турган Исламий усул жана эрежелер

5. Тафсир, тарих жана сийро: Куранды тафсирлөө, ааламдын жаратылышынан баштап Пайгамбардын (с.а.в.) дооруна чейин келип кеткен пайгамларлар жана коомдор, Алла элчисинин жашоосу жана анын мезгилинде болгон окуялар, мамлекеттер аралык мамилелер, согуш-тынчтык, магази, жихад жана жихадка байланыштуу маселелер.

6. Шамаил: Аз. Пайгамбардын өзгөчөлүктөрү, күнүмдүк жашоосу жана жогорку адеп-ахлактык сыпаттары

7. Фитан жана Малахим: Пайгамбар (с.а.в.) бул дүйнө менен кош айтышкандан кийин жана кыяматка чейин боло турган окуялар

8. Манакиб жана Масалиб: Аз. Пайгамбардын, пайгамбарлардын жана сахабалардын жашоо образы, айырмачылыктары, тарыхый эскерүүлөр:[34]

Атайын тасниф кылынган жами түрүндөгү эмгектер жазыла электен мурун булардын мазмунун түзгөн негизги сегиз тема өзүнчө изилденип келген.[35] Хижрий экинчи кылымдан баштап кээ бир хадис булактарында жогоруда аталган сегиз теманын ичинен бирөө менен гана байланыштуу хадистер жыйналган. Ал эми бардык сегиз теманы камтыган жамилер хижрий II кылымдан баштап тасниф кылына баштаган. Алгачкылардан болуп Мамар б. Рашиддин (ө. 153/770) "ал-Жамиъ" аттуу

---

[34] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.41.
[35] Kandemir, "Hadis", mad., *DİA*, XV/49.

эмгеги болуп саналат. Бул эмгекти шакирти Абдурразак ас-Санани "ал-Мусаннаф" аттуу эмгегинин аягына кошкон.

Жогорудагы негизги сегиз маселедеги хадистердин бардыгын камтыган жами түрүндөгү хадис китептеринин ичинен сахих өзгөчөлүгүнө ээ болгондор "ал-Жамиу-сахих" деп аталган. Бул сөз өзгөчө Бухари жана Муслимдин "Сахих" китептери үчүн колдонулган. Ошондой эле жами түрүндөгү белгилүү эки эмгектен сырткары Тирмизинин дагы "аль-Жамиу-с-сахих" китеби бар. Тирмизинин китеби мазмуну жагынан жами болуп саналат. Бирок сунан китептердин катарында эсептелип келет. Биз анын мазмунунуа карап жамилердин катарында таанытууга аракет жасайбыз.

а. аль-Бухаринин (ө. 256/870): аль-Жамиу-с-сахихи

Мухаммед б. Исмаил б. Ибрахим аль-Бухари 194/810-жылы Бухара шаарында төрөлгөн. Лакаб аты Абу Абдуллах. Он жашка чыкканда хадиске кызыгуусу жаралып, хадис жаттоого киришишкен. Туулуп өскөн шаарындагы устаздардан сабак алып, кийин ошол доордун негизги илим борборлору болгон Дамаск, Басра, Хижаз, Куфа, Багдад жана Мысыр шаарларын кыдырып, мухаддистерден хадис илимин үйрөнгөн. Миңге жакын мугалимден сабак алган. Бухарага жакын Хартанк кыштагында 256/870-жылы каза болгон.[36] Хадис тарыхында өзгөчө орунга ээ, эң маанилүү эмгеги "аль-Жамиу-с-сахих" болуп саналат.

Ислам аалымдарынын жалпы пикири боюнча эң сахих жыйнак Бухаринин "аль-Жамиу-с-сахихи" болуп саналат. Бухаринин китебинин толук аталышы *"аль-Жамиу-л-муснаду-с-сахиху-л-мухтасар мин умури Расулиллах саллаллаху алейхи ва саллам ва сунанихи ва айямихи."* Бухари жыйнагын устазы Исхак б. Рахуйанын (ө. 239/852) өтүнүчүнө ылайык жаза баштаган. Жыйнагындагы хадистерди 600 миңдин арасынан тандап алган жана 16 жылда жазып бүткөн.[37]

---

[36] Çakan, *Anahatlarıyla Hadis*, s.119-120.

[37] Аъзами, Мухаммед Мустафа. *Дирасатун фи-л-хадиси-н-Набави.* II-т. 595-б.; Kandemir, M. Yaşar, "el-Câmiu's-Sahîh", *DİA*, VII/114; Çakan, İsmail Lütfi, *Hadis Edebiyatı*, s.54; Sandıkçı, Kemal, *Buhârî Üzerine Çalışmalar*, s.13.

Бул маанилүү эмгектин негизги өзгөчөлүктөрүн төмөнкүдөй тизмектөөгө болот:

1. аль-Жамиу-с-сахихте 97 бөлүм (китаб), 3730 баб бар, кайталанган хадистердин саны 7008, кайталанбаган хадистерди саны 2362.

2. Баб аталыштары Бухаринин фикхын айгинелейт. Бухари хадистерди кандай баамдагандыгын баб аталыштарында чагылдырган. Ошондуктан "фикху-л-Бухари фи таражимихи/Бухаринин фикхы баб аталыштарында" деп айтылат.

3. Хадис китептеринин арасынан эң сахихи болуп саналат.

4. Жыйнагында 1341 муъаллак хадис бар. Бухари, буларды фикхий көз карашы катарында санаддарын билдирбестен көбүнчө баб аталыштарында колдонгон.

5. ан-Насави (ө. 290), ан-Насафи (ө. 295), аль-Баздави (ө. 329), Фирабри (ө. 320) жана аль-Махамили таанымал равилери болуп саналат.[38]

6. Бухари бир хадисти бир канча жерде билдирген. Себеби бир хадис бир нече маани жана өкүмдү камтышы ыктымал.

7. Бухаринин эң маанилүү өзгөчөлүгү, бир хадисти бир канча жерде билдирген учурда, окшош санад менен эмес, ал хадистин башка санадын түрдүү сөздөр менен билдирүүсү болгон. Бухари ушундай ыкма менен хадистин бир нече рави тарабынан риваят кылынгандыгын жана риваяттын ишеничтүү экендигин көрсөтүүгө аракет кылган. Ошондой эле бир эле хадистин башка иснаддары жана сөздөрү бар экенидигин көрсөтүүнү каалаган.

8. Бухари хадистери тактиъ кылып риваят кылат. Тактап айтканда хадистин темага тиешелүү жерин гана пайдалануу ыкмасын көп колдонгон.

9. Бир хадистин маанисин өзгөртпөй турган сөздөрдөгү кичинекей айырмачылыктарды көрсөтүүгө аракет кылбайт.

10. "Ахбарана" жана "хаддасана" риваят сыйгалары (калып) арасында айрымачылык байкабагандыктан, хадистерди кандай сыйга менен алгандыгын билдирген эмес.

---

[38] Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, s.306.

11. Бухари хадистердин сахих болуусу үчүн кошумча шарттарды киргизген. "Ан" менен келген хадистерде равилердин бири-бири менен жоолуккандыгын (лика) аныктоого маани берген.[39]

Бухари жазылгандан баштап күнүбүзгө чейин бир катар изилдөөлөргө тема болуп келген. Ал тургай, Бухари боюнча өзүнчө илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Биз бул жерде Бухари жөнүндө жазылган маанилүү шархтарды атагыбыз келди. Бухаринин белгилүү шархтарына Хаттабинин *"Аъламу-л-хадис"*, Кирманинин *"аль-Кавакибу-д-Дарар"*, Ибн Хажардын *"Фатху-л-бари"*, Бадруддин аль-Айнинин *"Умдату-л-Кари"* жана Касталанинин *"Иршаду-с-сари"* аттуу эмгектери кирет.

б. Муслимдин: (ө. 261/875) аль-Жамиу-с-сахихи

Муслим б. Хажжаж аль-Кушайри Нишабур шаарынан болот. Лакаб аты Абу-л-Хусейн, "асакиру-д-дин" деген лакаб менен белгилүү болгон. Туулган жылы туурасында 202, 204 жана 206 болуп үч түрлү вариант айтылат. Бухари сыяктуу Муслим дагы өмүрүн хадиске арнагандардан. Көптөгөн хадис борборлорун кыдырып, доордун белгилүү хадис аалымдарынан сабак алган. Устазадарынын катарын Исхак б. Рахуйа, Ахмад б. Ханбал, Абдуллах б. Маслама, Хармала б. Йахйа сыяктуу улуу мухаддистер толуктаган. Өзүнөн дагы Тирмизи, Абу Ханим ар-Рази сыяктуу имамдар хадис риваят кылышкан.[40]

Белгилүү жыйнактардын ичинен Кутуб-и Ситтанын экинчиси аль-Жамиу-с-сахих болуп саналат.

Бул маанилүү эмгектин негизги өзгөчөлүктөрүн төмөнкүдөй тизмектөөгө болот:

1. Имам Муслим эмгеги боюнча "Бул аль-Муснаду-с-сахихти 300.000 хадистин ичинен тасниф кылдым" – деп айткан, анда кайталанып берилгени хадистин саны 5362, кайталанбаган хадистин саны 2846.

2. Жыйнагы 54 бөлүм (китаб), 1332 бабдан турат.

3. Имам Навави тарабынан бабдын аталыштары коюлган. Бул жагынан Бухаринин "сахих" китебинен айырмаланып турат.

---

[39] Kuzudişli, *Hadis Tarihi*, s.148-149.
[40] Çakan, *Anahatlarıyla Hadis*, s.119-120.

4. Таъликтердин саны Бухариге салыштырмалуу өтө эле аз. Китебинде 17 таълик бар.

5. Сиххат жагынан биринчи даражадагы хадис китептердин катарына кирет.

6. Ар кыл матндар менен келген бир матндин өзгөргөн бөлүктөрүнө (ح) белгиси коюлган.

7. Эмгегинин башындагы мукаддима алгачкы жазылган хадис усулунун бири болуп саналат.

8. Бир эле маселедеги риваяттардын түрдүү сөздөрүн, тариктерин, заиф жана күчтүү риваяттарды сиххат даражасына жараша катары менен тизген.

9. Бир маселедеги хадистерди чогу берген.[41]

аль-Жамиу-с-сахих китебине бир нече шарх жазылган. Имам Навави отузга жакын шархтын бар экендигинен сөз кылган. Шархтардын ичинен белгилүү болгондор: Кади Ийазын (ө. 544/1149) *"Икмалу-л-мулим би фаваиди Муслим"*, Куртубинин (ө. 656/1258) *"аль-Муфхим лима ашкала мин талхиси китаби Муслим"*, Зекериййа Йахйа б. Шараф ан-Нававинин (ө. 6761277) *"ал-Минхаж фи шархи сахихи-л-Муслим ибни-л-Хажжаж"* болуп саналат.

* *Эки сахихти салыштыруу:*

Бухари жана Муслимдин Сахихтери башка хадис китептерине салыштырмалуу эң ишенимдүү китептердин катарына кирет. Аалымдардын басымдуу бөлүгү Муслимдин китебине салыштырмалуу Бухаринин китебинин алдыга коюшкан. Мунун бир канча себеби бар:

1. Бухари равилерди тандоодо жана аларды изилдөөгө алууда өтө кылдат мамиле жасаган.

2. Бухари анан менен келсе дагы хадистин муттасыл болуусун жана равинин риваят кылган адамды бир жолу болсо дагы көрүшүшү керек (лика) деген шартты кошкон. Ал эми Муслим замандашы босло жетет деп айткан.

---

[41] Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, s.306.

3. Муслимге салыштырмалуу Бухаринин сынга кабылган хадистеринин саны азыраак.

4. Бухари түрдүү илимдер жагынан жана хадис илиминдеги даражасы жагынан Муслимден жогору турат.

5. Бухари танкидке (сынга) кабылган равилерден хадис риваят кылууда жалгыз калгандардан хадис риваят кылган эмес. Бирок бирөөнүн гана нускасын риваят кылган. Бул нуска Икриманын Ибн Аббастан риваят кылган нускасы болуп саналат. Ал эми Муслим танкидке кабылган көптөгөн равинин нускасын риваят кылган.

6. Бухари равилеринин адилеттүүлүк жана забт жагы Муслимдин сахихинен жогору турат.

7. Бухаринин "Сахих" китеби эң аз сынга кабылган китеп болуп саналат.[42]

в. Тирмизинин (ө. 279/892): аль-Жамиу-с-сахихи

Абу Муса Мухаммед б. Иса б. Савра 209-жылы Тирмиз шаарында төрөлгөн. Башка аалымдар сыяктуу эле Арабия, Иран жана Хоросан сыяктуу шаарлардын илим борборлорун кыдырып илим алган. Бухари, Муслим жана Абу Давуд сыяктуу хадис аалымдары менен көрүшүп, алар менен достук курган. Тирмизи 279-жылы Тирмизде бул дүйнө менен кош айтышкан.[43]

Тирмизинин эң маанилүү эмгеги "аль-Жамиу-с-сахих" болуп саналат. Жыйнагын фикх бабтарына жараша тасниф кылган. Ар бир хадистин заиф жагын айтуу менен бирге сахих, хасан жана заиф хадистердин даражасын билдирип турган. Сахабалардын, табиундардын, фикх аалымдарынын пикирлерин хадистин аягына кошкон.[44]

Жыйнагында хадистерди сахих, хасан жана заиф кылып, үч топко бөлгөн. Ар бир хадистин аягына кайсыл топко таандык экенидигин "бул хадис сахих", "бул хадис хасан" сыяктуу сөздөр менен билдирип турган. Заиф хадистердин заифтик себептерин белгилеп кетет. Тирмизинин башка аалымдардан айырмачылыгы кээ бир хадистердин даражасын билдирип

---

[42] Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, s.316-317.
[43] Çakan, *Anahatlarıyla Hadis*, s.126.
[44] Bağcı, *Hadis Tarihi H. İlk Üç Asır*, s.277-278.

жатып, сахих, хасан жана гариб терминдерин түрдүчө бириктирип эч ким колдонбогон айрым терминдерге орун берүүсү болуп саналат. Мисалы, "бул хадис хасан-сахих", "бул хадис хасан-гариб", "бул хадис хасан-сахих-гариб" сыяктуу терминдерди көп колдонгон.[45] Тирмизи булардын кандай мааниге келгендигин хасан хадис бөлүмүндө түшүндүрмө берген.

Тирмизинин "аль-Жамиу-с-сахих" китебинде жогоруда айтып өткөндөрдөн сырткары дагы кээ бир өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр:

1. Жыйнагында 46 бөлүм (китаб), 2496 баб, кайталанган хадистин саны 3891, кайталанбаган хадистин саны 3367.

2. Сиххат жагынан хадис китептеринин экинчи даражасына кирет.

3. Хадистердин ишенимдүүлүк даражаларын белгилеген.

4. Алгачкы жолу "хасан хадис" сөзүн колдонгон мухаддис.

5. Хадистердин тартипке салынышы аябай сонун. Кайталанып берилген хадистердин саны өтө эле аз. Хадистердин сиххат абалын өзгөчө иллеттерине түшүндүрмө берген.

6. Равилер туурасында маалымат берген.

7. Фикхчылардын хадистерден чыгарган жыйынтыгын билдирген.

8. Мазхабтардын көз караштарынан сөз кылган.

9. Жыйнагында көптөгөн мавкуф жана макту хадистерди колдонгон.

10. Тирмизи бир темадагы хадистерди риваят кылгандан кийин ал темага байланыштуу башка дагы сахабалардын хадистери боюнча: "бул бабта ушул сахабалардын хадистери бар" – деп айткан. Тирмизи ушундайча билдирген хадистердин саны 433, белгиленген жалпы хадистердин саны 3881.[46]

Жыйнагына жазылган шархтардын саны көп деле эмес. Эң маанилүү үч шарх бар. Алар, Абу Бакр аль-Арабинин (ө. 1352/1933) *"аль-Арфу-ш-шази шарху сунани-т-Тирмизи"* жана аль-Мубаракфуринин (ө. 1856/1935) *"Тухфату-л-Ахвази би шархи жамии-т-Тирмизи"* болуп саналат.[47]

---

[45] Koçyiğit, *Hadis Tarihi*, s.248.
[46] Kuzudişli, *Hadis Tarihi*, s.176-177.
[47] Çakan, "el-Câmiu's-SahÎh", *DİA*, VII/131.

2. Сунандар

Фикх бабтарына жараша тасниф кылынган, ахкам (өкүм) хадистерди камтыган китептер "сунан" деп аталат. Хадистер II (VIII) кылымдын алгачкы жарымынан баштап тадвин боло баштаган. Бул кылымдын экинчи жарымынан баштап белгилүү темаларда эмгектер жазылган. Ахкам хадистердин фикх китептериндеги тартибине жараша топтолушунан сунан китептери пайда болгон.[48]

Сунандар – тахарат (тазалануу) бөлүмүнөн баштап васийат бөлүмүнө чейин фикхий маселелерге байланыштуу хадистерди камтыган эмгектер болуп саналат. Сунандарга мындайча аныктама берүүгө болот: *"Фикх бабтарына жараша тасниф кылынган, ахкам хадистерди камтыган китептер сунан деп аталат"*[49]

Макхул б. Абу Муслимдин *"Китабу-с-сунан фи-л-фикхи"* менен хадистерди алгачкы жолу темаларына жараша тасниф кылган Ибн Араубанын *"ас-Сунан"* китеби алгачкы өрнөктөрдөн болуп саналат. Сунандар негизинен Аллага болгон кулчулук милдеттерин менен адамдардын бири-бирине болгон милдеттерин жөнгө салуучу өкүмдөрдү камтыйт. Жалпы жөнүнөн "Сунан" китептер ыйман, ибадат, муамалат жана укубатка байланыштуу хадистерден турат.[50] Анданы негизги темалар: "тахарат, салаат, зекет, ажылык, нике, талак, жихад, васиййат, фараиз, хараж, жаназа, касам ичүү, назир, буйу, акдийа, аштриба, атъима, тыб, либас, фитан, малахим, худуд, дийат, сунна, адаб."[51]

Сиххат (тууралыгы) жагынан биринчи табакадагы үч китептин даражасына жетпесе да хадис топтогондор ишенимдүү жана чынчыл катары таанылган жана жазылган учурда элдин купулуна толгон сунандарга Насаинин (ө. 303/915), Абу Давуддун (ө. 275/888) жана көбүнчө сунан катары каралган Тирмизинин (ө. 279/892) сунандары болуп саналат.

Сунан жыйнактарда хасан хадистерден сырткары сахих жана заиф хадистер дагы бар. Имам Навави, сунандарда сахих, хасан, заиф жана мункар риваяттар бар деп айткан. Ошондуктан сунандардагы хадистердин

---

[48] Kandemir, "Sünen" mad., *DİA*, XXXVIII/141.
[49] Çakan, *Hadis Edebiyatı*, s.81.
[50] Çakan, *Hadis Edebiyatı*, s.81.
[51] Bağcı, *Hadis El Kitabı*, s.341-342.

бардыгын сахих деп айтууга негиз жок. Бул эмгектерде сахих, хасан, заиф ал тургай, аз да болсо жалган хадистердин бар экендиги чындык.[52]

Сунан делгенде Кутуб-и Ситтадагы жыйнактар эске түшөт.[53] Хижрий экинчи кылымда жазылган сунандарга караганда хижрий үчүнчү кылымда жазылган сунандар атак-даңкка ээ болгон. Булар, Абу Давуд, Ибн Маажа, Насаи жана Тирмизинин сунан эмгектери болуп саналат. Башка бир аты "Сунан арбаъ." Төрт сунан китептин авторлорун "асхаби сунан" деп аташат.[54]

Тирмизинин "Сунан" деген ат менен белгилүү болгон жыйнагын жамиълер бөлүмүндө белгилеп өткөнбүз. Эми жогоруда атап өткөн үч сунан китепти негизги өзгөчөлүктөрү менен тааныштырабыз:

а. Абу Давуддун (ө. 275/888) Сунаны

Абу Давуддун толук аты жөнү Абу Давуд Сулайман б. аль-Ашъас аль-Азди ас-Сижистани. Хижрий 202-жылы туулган. Алгачкы илиминен кийин Нишабур, Хоросан, Куфа, Арабия, Месопотомия, Иран, Сирия жана Мысыр шаарларына барып илим алган. 275/888-жылы Басра шаарында көз жумган.[55] Бир нече эмгектин арасынан эң маанилүүсү ахкам хадистерди тасниф кылган "Сунан" китеби болуп эсептелет.

Абу Давуд ахкам хадистерди камтыган "Сунан" китебин тааныштыруу үчүн Меккеликтерге жазган катында, китебинде ахкам хадистерди гана алганын, зухд жана пазилеттүү амалдарга байланыштуу риваяттарга орун бергендигин айткан. Жыйнагында сахих хадистер менен бирге заиф хадистер дагы бар.[56] Абу Давуд жыйнагы туурасында жеке өзү "сахих жана ага жакын хадистерге орун бердим. Эгер өтө эле заиф хадистер болсо аны дагы белгилеп өттүм" – деп айткан.[57] Бирок иттифак (аалымдардын бир пикирди кармануусу) менен баш тарткан хадисти т.а. матруку-л-хадисти китебине алган эмес.[58]

---

[52] Bağcı, H. Musa, *A.g.e.*, s.342.
[53] Çakan, *Hadis Edebiyatı*, s.81.
[54] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.363.
[55] Çakan, *Anahatlarıyla Hadis,* s.124.
[56] Kandemir, "Sünen" mad., *DİA*, XXXVIII/142.
[57] Абу Давуд. *Рисалату Абу Давуд илаа ахли Мекке.* (Мухаммед б. Лутфи ас-Саббаг). 26-б.
[58] Çakan, *Hadis Edebiyatı*, s.89.

Абу Давуддун "Сунан" китебинде *Сахихайында* болгон хадистер, иснады "жаййид" күчтүү хадистер, шаз жана иллаттан (көрүнбөгөн кемчиликтер) алыс хадистер бар. Ошондой эле эс-тутумунун начардыгынан улам санады заиф кабылдаган, равилери алсыз жана өтө көп ката кетирген равилер дагы бар. Сунанда 103 мурсал хадис, 198 мункатиъ хадис, 1000 тегерегинде муъаллак хадистин бар экендиги аныкталган.[59]

Нускалары жана түрдүү басылмалары ортосунда айырмачылык болгону менен Абу Давуддун жыйнагында 4800 хадистин бар экендигин айтылган. Басылып чыккан нускаларда 5274 хадис бар. Мындай айырмачылыктын себеби нускаларда бир эле хадисти экиге бөлүп, эки хадис катары каралуусунан улам чыккандыгы айтылган.[60] Бул хадистерди Абу Давуд 500000 хадистин арасынан тандап, 20 жылда тандап бүкөндүгү риваят кылынган. Абу Давуд эмгегин сунуштап жатып мусулмандардын жашоосун үчүн төрт эле хадистин жетиштүү экендигин билдирген.[61]

Абу Давуд китебин жазып бүткөндөн кийин Ахмад б. Ханбалга сунуштаган, ал дагы аны жактыргандыгын билдирген.[62]

Абу Давуддун "Сунан" китебинин негизги өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр:

1. Жыйнагында 40 бөлүм (китаб), 1889 баб, кайталанган хадистин саны 4590, кайталанбаган хадистин саны 3784. Абу Давуддун билдиришинче китебинде 4800 хадис бар.

2. Сунан сиххат жагынан экинчи даражадагы китептердин катарына кирет.

3. Суласи риваяттар жок.

4. Фикхчылар баалаган китеп катары белгилүү.[63]

---

[59] Dinçoğlu, *Ebû Dâvûd'un Sünen'i*, s.392-398.

[60] Karataş, Rivâyet Tekniği Açısından Hadislerin Artması ve Sayısı, s.214.

[61] Bu dört hadis, "Ameller niyetlere göredir", "Boş, gereksiz şeyleri terketmesi, kişinin olgun mü'min olduğunu gösterir", "Kendisi için istediğini kardeşi için de istemedikçe kişi kâmil mü'min olamaz", "Helâl belli, haram bellidir. Aralarında şüpheli bazı işler de vardır." hadisleridir.

[62] Kuzudişli, *Hadis Tarihi*, s.195.

[63] Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, s.331.

5. Мухтасар китеп болуусу максат кылынган.

6. Абу Давуд фикхий хадистерге басым жасаган. Бабтардын астына темага байланыштуу эң жакын хадистерди коюп, "Сунан" колдонулушун жеңилдеткен.

7. Сунандын айрым баб аталыштарында темага байланыштуу фикхий өкүмдөрдү билдирген.

8. Абу Давуд бир хадисти эки кишиден риваят кылганда сөздөрдөгү айырмачылыктарды атап өтүүгө же сөздүн кайсыл равиге караштуу экендигин билдирүүгө аракет кылат.

9. Абу Давуд хадистерди риваят кылгандан кийин керектүү учурларда равилердин ысымдарын, жашаган жерин жана табакалары туурасында маалымат берет. Равинин тегерегинде болуп жаткан окуялардан сөз кылат.

10. Автор иснад жана матнге байланыштуу түрдүү пикирлерин билдирген. Кээ жерлерде "амал мындай эмес" деп аты аталган хадис менен амал кылынбагандыгын айткан.[64]

11. Абу Давуд заиф хадистердин кемчилдиктерин айтып, сахих катары билген хадистерге кандайдыр бир түшүндүрмө берген эмес.

12. Узун хадистердин тиешелүү жерлери гана берилген.[65]

Абу Давуддун "Сунан" китебин ошол доордо бардык мазхаб имамдары окуткан. Хаттабинин (ө. 388/998) *"Маалиму-с-сунан"* китеби жана башка дагы көптөгөн шархтар жазылган. Жазылган маанилүү шархтардын катарына Азимабадинин (ө. 1329/1911) *"Авну-л-Маъбуд шарху Сунани Аби Давуд"*, Субкинин (ө. 1352/1933) *"аль-Манхалу-л-азби-л-мавррүд шарху Сунани Аби Давуд"*, Сахаранфуринин (ө. 1346/1927) *"Базлу-л-мажхуд фи халли Аби Давуд"* жана Бадруддин аль-Айнинин (ө. 855/1451) *"Шарху Сунани Аби Давуд"* аттуу шархтары китер.

---

[64] Kuzudişli, *Hadis Tarihi*, s.196-197.
[65] Çakan, *Anahatlarıyla Hadis*, s.125.

б. Насаинин (ө. 303/915) Сунаны

Абу Абдиррахман Ахмад б. Шуайб ан-Насаи 214-жылы Хоросан шаарына жакын Наса кыштагында туулган. Алгачкы жолу илимди туулуп өскөн жеринде алгандан кийин Балх, Ирак, Дамаск жана Мысыр шаарларын кыдырып, улуу устаздардан сабак алган. Насаи доорунун эң ишенимдүү хадисчиси катары кабылданган. Ал келген сунуштар боюнча китебин өзү кыскартып жазып, жалаң гана сахих катары кабылдаган хадистерди камтыган жаңы эмгегин *"аль-Мужтаба"* деп атаган.[66]

Кутуб-и Ситтанын катарын толуктаган жана "Сунан" аты менен белгилүү болгон эмгеги "Мужтаба" же "ас-Сунану-с-сугра" деген ат менен дагы белгилүү болгон. *"аль-Мужтабанын"* ордун кээде *"аль-Мужтана"* аты колдонулуп келет.

Мужтабанын негизги өзгөчөлүктөрү:

1. Хадистердин тариктерин бир жерге топтоого маани берген. Бул жагын Имам Муслимге окшоштурушат. Ал мындай ыкмасы аркылуу көбүнчө иснад же матндагы кемчилдиктерди көрсөтүүнү максат кылган же бир равиден келген ар кыл матндар ортосунда туурасын аныктоого аракет кылат.
2. Насаи ибадат жана ахкам маселелеринде негизинен башка китептерде болбогон "Китабу-л-умара", "Китабу-р-рукба" жана "Китабу-л-хайл" сыяктуу темаларга орун берген.

3. Насаи китебинде фуру маселелерине байланыштуу бир нече хадиске орун берген. Ошондуктан ал бир хадисти бир канча жолу кайталаган. Мисалы, ниет хадис он алты жерде кайталанган. Аз болсо да фикхчылардын көз караштарын билдирген.[67]

4. Насаи равилерди сындоодо өтө кылдат мамиле жасаган. Хадистерди эмгегине алууда кылдаттыгын көрсөткөн.

5. Хадистерди кыскартпастан кайталап, кичинекей сөздөрдөгү айырмачылыктарды аныктаган.[68]

Эмгегиндеги хадистер сиххат даражалары жагына үч топкө бөлүнгөн. Биринчиси Сахихайнда болгондор, экинчиси Насаинин койгон

---

[66] Çakan, *Anahatlarıyla Hadis,* s.125.
[67] Kuzudişli, *Hadis Tarihi*, s.210.
[68] Çakan, *Anahatlarıyla Hadis,* s.125.

шарттарына жараша сахих болгондор, үчүнчүсү кемчилдигин ачыктоо үчүн билдирген хадистер.[69] Насаинин "Сунан" эмгегинде башка Сунандарга салыштырмалуу заиф хадистердин саны аз. Бирок эмгегиндеги хадистердин бардыгы сахих делген пикирден жана китебинде иллеттүү хадистерден улам кабылданган эмес.[70] Суйутинин айтымы боюнча, Насаинин "Сунан" китебинде орун алып, Ибну-л-Жавзи мавзу өкүмүн берген хадистердин ичинен 10 хадис иликтөөнүн натыйжасында мавзу болбогондугу аныкталган.

в. Ибн Маажанын (ө. 273/886) Сунаны

Абу Абдиллах Мухаммед б. Йазид б. Абдиллах Ибн Маажа аль-Казвини 209-жылы Казвинде туулган. Ибн Маажа дагы доорундагы аалымдар сыяктуу илим борборлорунан илим алып, бир канча эмгекти жазган. Эң белгилүү эмгеги "Сунан" болуп саналат.[71]

Ибн Маажанын "Сунан" китеби тартиби, кайталоодон алыс жана кыскалыгы жагынан кадыр-баркка татыган. Ошол доордогу улуу хадисчи Абу Зуранын айтымында, анда 30 жакын заиф хадис бар. Кийинчерээк айрым мухаддис тарабынан уруулардын, шаарлардын жана кээ бир адамдардын пазилети туурасындагы жалган хадистердин бар экендиги айтылган.[72] Ибн Маажа хадис илиминде хафыз-садук жана илимдүү болгонуна карабастан жыйнагындагы мункар жана аз да болсо жалган хадистерден улам Сунандардын кадыр-баркына терс таасирин тийгизген.[73]

Кутуб-и ситтадагы талаш-тартыш жараткан жалгыз китеп Ибн Маажанын "Сунаны" болуп саналат. Аалымдардын айрымдары Имам Маликтин "Муватта" китебин, айрымдары Дариминин "Сунан" китебин Кутуб-и Ситтанын алтынчы китеби катары кабылдашкан. Басымдуу бөлүгү Ибн Маажанын "Сунан" китебин алтынчы китеп деп кабылдашкан.[74]

---

[69] Kuzudişli, *Hadis Tarihi*, s.212.
[70] Kuzudişli, *A.g.e.*, s.213.
[71] Çakan, *A.g.e.*, s.129.
[72] Bağcı, *Hadis Tarihi H. İlk Üç Asır*, s.282; Çakan, *Anahatlarıyla Hadis*, s.130.
[73] Bağcı, *Hadis El Kitabı*, s.342.
[74] Çakan, *A.g.e.*, s.130.

Ибн Маажанын "Сунан" китебинин өзгөчөлүктөрү:

1. Эмгеги 37 бөлүм (китаб), 1515 баб, кайталанган хадистин саны 4332, кайталанбаган хадистин саны 3978.

2. Хадистин кайра кайталанбашы жана тартипке салынышы жагынан мактоого арзыган.

3. Суласи риваяттар бар.

4. Сиххат жагынан экинчи даражадагы китеп.[75]

5. Кутуб-и Хамсага бир канча заваиди (кийин кошулган кошумачалар) бар Алар албаган хадистерди китебине алган.

6. Фикхий жактан бир нече маанилүү маалыматтарды камтыйт жана фикхий темалар баб аталыштарында сонун чагылдырылган. Ошондуктан фикхий маселени табуу өтө жеңил.

7. Ибн Маажа бир бабта болсо сахих хадис менен баштаган. Андан кийин даражасы ылдый хадистерге орун берген. Эгер сахих хадис жок болсо, хасан хадис менен баштаган, ал дагы жок болсо заиф хадис менен баштаган. Бирок бул жерлерде тескери ишке ашкандыгын көрүүгө дагы болот.

8. Ибн Маажа кээде хадистерди танкит кылган, гариб сөздөргө түшүндүрмө берген же равинин абалын ачыктаган.[76]

Ибн Маажанын Сунан китебине жазылган белгилүү шархтарга Суйутинин (ө. 911/1505) *"Мисбаху-з-зужажа алаа Сунани Ибн Маажа"*, Синдинин (ө. 1138/1726) *"Кифайати-л-хажа фи шархи Ибн Маажа"* жана Дахлавинин *"Инжаху-л-хажа"* болуп саналат.

Кутуб-и Ситтадагы "Сунан" жыйнактарынан тышкары сунандардын арасынан элдин купулуна толгону Саид б. Мансурдун "Сунаны" болуп саналат. Аз. Пайгамбардын ахкам хадистери жана сахаба доорундагы күнүмдүк жашоодогу түрдүү маселелер туурасында башка булактарда кездешпеген маалыматтар камтылгандыктан маанилүү.

Дарминин *"аль-Муснад"* деп дагы аталган жана хадистин камтыган темаларына жараша түрдүү бөлүмдөрдө кайталануусунан улам *"Сахих-и*

---

[75] Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, s.327.
[76] Kuzudişli, *Hadis Tarihi*, s.218.

Бухарини" эске салган *"ас-Сунаны"* өзгөчө орунга ээ сунандардын катарына кирет. Дариминин жыйнагы айрым аалымдар тарабынан мурсал жана мавкуф риваяттар орун алгандыгы, шаз жана мункар риваяттардын аздыгы, айрыкча аали риваяттардын бар экендигинен улам Ибн Маажанын Сунаны Кутуб-и Ситтанын алтынчы китеби катарында кабылданган.[77]

Сунандардын катарында Даракутнинин *"ас-Сунан"* дагы айта кетишибиз керек. Жыйнагында ахкамга байланыштуу сахих, хасан, заиф, ал тургай мавзу деп эсептелген риваяттар топтолгон. Автор бул риваяттардын бир бөлүгүнүн жарамдуулук даражасын билдиргени менен басымдуу бөлүгү туурасында пикир калтырган эмес. Жыйнагында 5687 марфу, мавкуф жана макту хадистер бар.[78]

Көлөмдүү жана маанилүү эмгектердин бири Байхакинин *"ас-Сунану-л-кубра"* болуп саналат. Байхакинин эмгегинде ар кыл мазхаб имамдарынын көз караштары камтылган. Автор китептин киришүү бөлүмүндө *"аль-Мадхал илаа Китаби-с-Сунан"* деп жазган.[79] Шафи фикхы негиз алынып тартипке салынган китеби башка китептерде жок көптөгөн хадис, сахаба жана табиин сөздөрү камтылган.[80]

3. Мусаннафтар

"Класстарга бөлүштүрүү, классификациялоо, жазуу, тасниф кылуу, темаларына жараша тартипке салуу" дегенди билдирген "мусаннаф" сөзүнүн хадис илиминдеги терминдик мааниси "фикхий өкүмгө ээ болгон марфу, мавкуф жана макту хадистерди фикх темаларына жараша класстарга бөлүп жазылган хадис китеп" дегенди билдирет.[81] Бул термин кең мааниде бөлүм (китаб) жана баб аталышына жараша даярдалып жазылган китеп маанисинде колдонулат. Бул жагынан алып караганда хадистердин тасниф кылынышы боюнча жами, сунан жана муватталар дагы мусаннаф болуп саналат. Бирок хадис термини жана хадис адабиятында "мусаннаф" делгенде жогоруда аныктамасы берилген

---

[77] Kandemir, "Hadis" mad., *DİA*, XV/50-51.
[78] Kandemir, "Sünen" mad., *DİA*, XXXVIII/142.
[79] Kandemir, "Hadis" mad., *DİA*, XV/50-51.
[80] Kandemir, "Sünen" mad., *DİA*, XXXVIII/142.
[81] Aydınlı, *Hadis Istılahları, Sözlüğü*, s.221; Koçyiğit, Talat, *Hadis Istılahları*, s.306.

"муватта" жана "мусаннаф" ысымына ээ болгон эмгектерден түзүлгөн тасниф түрүн түшүнөбүз.

Мусаннафтар хадистерди бабтарга жараша тасниф кылуу түрүнө киргендиктен мазмуну жагынан сунандарга окшошуп кетет. Бирок мусаннафтар жами деп аталган эмгектер сыяктуу ар бир маселедеги хадистерди камтыбаса да, сунандардан айырмаланып жамилерде орун алган темалардын айрымдары менен байланыштуу хадистерге орун берген.[82] Мусаннаф түрүндөгү эмгектерде ахкам хадистерден тышкары, биография, тарых, зухд жана адеп-ахлакка байланыштуу хадистер дагы мусаннафтардын бөлүмдөрүн түзөт.[83] Андыктан мусаннафтарды мазмуну жагынан сунандар менен жамилердин катарында карооо болот.[84] Мусаннафтардын сунандардан эң негизги айрымачылыгы сахаба жана табиун сөздөрүнө жана жүрүм-турумдарына байланыштуу (мавкуф-макту) хадистерге орун берүүсү болуп саналат. Андан сырткары бул китептерде муъаллак жана мурсал риваяттар дагы орун алган.[85]

Мусаннаф түрүнө кирген алгачкы эмгектердин бири ишенимдүү риваяттарды камтыган Бухари менен Муслимдин сахихтери менен бирге[86] Малик б. Анастын (ө. 179/795) *"аль-Муватта"* аттуу эмгеги болуп саналат.[87] Мусаннаф түрүнө кирген дагы башка эки эмгек бар. Алар Абдураззак б. Хаммандын (ө. 211/827) *"аль-Мусаннаф"* китеби менен Абу Бакр Ибн Аби Шайбанын (ө. 235/849) *"аль-Мусаннаф"* китеби болуп саналат.

а. Имам Малик (ө. 179/795) жана аль-Муватта

Аттары башка болгону менен Имам Малик жазган "аль-Муватта" менен башка Муватталар мусаннаф түрүндөгү эмгектер болуп эсептелет. Ишке ашырыла турган жана көп колдонулган риваяттардан түзүлгөндүктөн бул ысым менен аталып калган.[88] Анткени муватта

---

[82] Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, s.254; Bağcı, H. Musa, *Hadis El Kitabı*, s.333.
[83] Bağcı, *Hadis El Kitabı*, s.333.
[84] Koçyiğit, *Hadis Tarihi*, s.212.
[85] Bağcı, *Hadis El Kitabı*, s.333.
[86] Кади Ийаз. Машарику-л-анвар алаа сихахи-л-асар. I/5.
[87] Kandemir, "Hadis" mad., *DİA*, XV/49.
[88] Nazlıgül, *Hadis El Kitabı*, s.510.

"түшүнүктүү, түшүнүүгө оңой, бир пикирге келген китеп" дегенди билдирет.[89]

Күнүбүзгө чейин келген эң маанилүү эмгектердин бири Имам Маликтин "аль-Муватта" китеби болуп саналат. Малики мазхабынын имамы болгон Малик б. Анас (ө. 179/795) хадис илиминде момундардын башчысы (амиру-л-муминиин фи-л хдаис) катары кабылданган. Имам Малик бул эмгегинде мурда 10000 (же 4000) хадис болгондугун, ар жыл кайрадан карап кыскартып отуруп бүгүнкү абалына келгендигин жана буга кырк жыл кеткендигин айткан. аль-Муваттанын нускалары арасындагы хадистердин саны жана тартиптеги айырмачылык аны ривият кылгандардан эмес, мусаннифтин жеке өзүнүн кийлигишүүсүнөн улам пайда болгон. [90].

Муваттадагы хадистер көбүнчө "хаддасани Йахйа ан Малик ан..." – деп башталат. Муваттадагы белгилүү рави Йахйа б. Йахйа болуп саналат. "Хаддасани" деп айткан дагы Йахйанын уулу Убайдуллах (ө. 278/891). аль-Муваттанын 16 нускасы жана рависи белгилүү.[91] Абсалюттук түрдө Муватта деп айтылганда Йахйа б. Йахйа ривият кылган нусканы түшүнөбүз.[92]

Аалымдардын айрымдары Муватта хадис жыйнагы эмес, фикх жыйнагы дешкен. Себеби алтымыш негизги бөлүмдөн (китаб) турган жыйнакта 600 муснад, 222 мурсал, 613 мавкуф жана 185 макту хадис орун алган. Эмгегинде баш аягы 1720 хадис бар. Муваттанын нускаларына жараша сандар өзгөрүшү мүмкүн. Марфу хадистерден сырткары өзгөчө сахаба жана табиун фатвалары камтылган. Имам Малик сахаба жана табиун сөздөрүнөн кийин өзүнүн дагы көз карашын билдирген. Аз. Пайгамбардын хадистери менен бирге Мадина тургундарынын иш-аракеттерин (амалу ахл-и Мадина), сахаба жана табиун фатваларын топтоо максатында жазгандыгын эске алып, аль-Муватта ахкам хадистерди топтогон хадис жыйнагы десек туура болот.[93]

Абу Жаъфар Мансур андан кийин Махди Биллах жана Харунуррашид аль-Муватта нускаларын чогултуп өлкөсүнүн ар бир аймагына жиберүү

---

[89] Kandemir, "el-Muvatta'" mad., *DİA*, XXXI/416.
[90] Kandemir, "el-Muvatta'" mad., *DİA*, XXXI/416.
[91] Dehlevî, *Bustânu'l-Muhaddisîn*, (çev. Ali, Osman Koçkuzu), s.17-64.
[92] Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, s.257; Çakan, İsmail Lütfi, *Hadis Edebiyatı*, s.47.
[93] Çakan, *Anahatlarıya Hadis*, s.115.

жана укуктук иш-аракеттерде негиз алуусун талап кылаарын айтканда Имам Малик каршылыгын билдирген. Имам Малик Ислам коомчулугуна жайылган сахабалардын Пайгамбардан (с.а.в.) үйрөнгөн түрдүү иш-аракеттерин риваят кылгандыгын жана булардын негиз алынгандыгын айтып халифанын пикиринен кайтуусуна себеп болгондугун билдирген.[94]

Имам Шафии жер жүзүндө Алланын китебинен кийинки эң сахих китеп катары аныктама берген. Кади Ийаз *Сахихайндагы* жана *Муваттадагы* хадистерге үммөттүн ижма кылгандыгын айткан.[95] *аль-Муваттаны Кутуб-и Ситтадан* деп эсептегендер болгон.[96] Муваттадагы хадистердин басымдуу бөлүгүн Бухари жана Муслимдин Сахихтери менен Кутуб-и Ситтанын калган китептеринен көрүүгө болот.[97]

Имам Маликтин "балагани" жана "ани-с-сикат" сөздөрү менен риваят кылган хадистердин бардык саны 61, төртөөнөн сырткары башка тариктерден муснад катары риваят кылынгандыгы Ибн Абдилбар тарабынан аныкталган. Ал эми бул төрт хадистин дагы мавсул болгондугу Ибну-с Салах тарабынан көрсөтүлсө да аалымдардын айрымдары буга каршылыгын билдиришкен.[98]

Малики мазхабындагы аалымдар аль-Муваттаны, Бухари жана Муслимдин эмгектеринен жогору көрүшөт. Кээ бир аалымдар аны Сахихайн менен бир табакада кабылдашкан. Хадис аалымдарынын көпчүлүгү анда мурсал жана мункатиъ хадистер болгондуктан Сахихайндан төмөн деп эсептешкен.[99]

б. Абдурразактын (ө. 211/827) аль-Мусаннафы

Абдурразактын Мусаннафы күнүбүзгө чейин келген жана *Сунан* китептерге салыштырмалуу мавкуф жана макту хадистерди өтө көп кездештирген жыйнак болуп саналат. Китептин толук аталышы *Мусаннаф фи-л-Хадис,* 11 том көлөмүндө басылган. Жыйнактын акыркы томунда Мамар б. Рашиддин *аль-Жамиси* орун алган.

---

[94] Kandemir, "el-Muvatta'" mad., *DİA*, XXXI/416.
[95] Кади Ийаз. Машарику-л-анвар алаа сихахи-л-асар. I/5.
[96] Dilek, *Hadis El Kitabı*, s.157; Kandemir, M. Yaşar, "Kütüb-i Sitte" mad., *DİA*, XXVII/6.
[97] Çakan, *Hadis Edebiyatı*, s.48.
[98] Çakan, *A.g.e.*, s.48.
[99] Umeri, *Hadis Tarihi*, s.30.

Эмгеги отуз бөлүмдөн турат. Биринчи басылмсында 2133 бар бар. Бабтардагы хадистердин тартипке салынуусунда өзгөчө бир метод байкоого болбойт. Марфу, мавкуф, макту хадистер ар бир баптын башында, ортосунда жана аягында баш аламан орун алган.[100]

Мусаннафта 20133 хадис бар. Мамар б. Рашиддин "аль-Жами" китебиндеги 1650 хадис дагы мунун ичине кирет. Бул хадистердин риваяты дагы Абдурразак аркылуу ишке ашкан. Китептин жүздө токсону жалгыз бир равиге Исхак б. Ибрахим ад-Дабариге барып такалат.

аль-Мусаннафтагы хадистердин басымдуу бөлүгү "Абдурразак ан... ан... ан" деп, анан өзгөчөлүгүнө ээ санаддар менен риваят кылынган. Кээ учурда ихбар жана тахдис өзгөчөлүгүгө ээ санаддар менен келген хадистерди дагы көрүүгө болот.[101]

Мусаннаф Китабу-т-Тахарат бөлүмү менен башталат. Андан кийин Китабу-л-Хайз, Китабу-с-Салаат, Китабу Фадаили-л-Куран, Китабу-л-Жанаиз сыяктуу ибадаттарга байланыштуу бөлүмдөр келет. Анын артынан Китабу-л-Фараиз, Китабу ахли-л-Киблатайн бөлүмдөрү, акыры Мамардын *"Китабу-л-Жамисине"* жетет. аль-Жамиде "китаблар" жок, 282 баб бар.

Абдурразактын "Мусаннаф" жынагынын негизги өзгөчөлүктөрү:

1. Хадистердин көбү суласи иснад менен келген.

2. Хадис китептеринин үчүну табакасына кирет.

3. Азыркыга чейин ага кандайдыр бир шарх жазылган эмес.[102]

4. Китебинде 4000 жакын марфу хадис бар. Ошондой эле мавкуф, макту хадистер менен муснад, мурсал жана мункатиъ риваяттар бар.

5. Танкид (сындаган) кылгандар мавзу катары көргөн хадистер өтө эле аз.

6. *Мусаннаф* китебиндеги хадистердин көпчүлүгү т.а. 16000 хадис Абдурразактын хадис илимин үйрөнүүдө чоң салымын кошкон устазы Мамар б. Рашид менен калган үч маанилүү устазы Ибн Журайж, Суфян ас-Саври жана Суфян б. Уйайнадан алынган.

---

[100] Bağcı, *Hadis El Kitabı*, s.335.
[101] Çakan, *Hadis Edebiyatı*, s.50.
[102] Karataş, *Hadis Rivâyet Tarihi*, s.295.

7. Эмгегиндеги устаздарынын көбү ишенимдүү хадис аалымдары болуп саналат.[103]

Абдурразак мезгилибизге чейин келген жана хадистин китабат маселесинде өзгөчө орунга ээ болгон Хаммам б. Мунаббихтин 138 (139,136) хадис камтыган Сахифасынан.[104]

в. Абу Бакр Ибн Аби Шайбанын (ө. 235/849) аль-Мусаннафы

Кутуб-и Ситтадан мурун жазылган маанилүү эмгектердин бири Ибн Аби Шайбанын *"аль-Мусаннаф"* жыйнагы болуп саналат. Булактарда *"ас-Сунан фи-л-фикх, ас-Сунани-л-фикх ва-л-Хадис"* жана *"аль-Мусаннаф фи-л Ахадис ва-л-Асар"* деп келет.[105]

Ибн Аби Шайба *"аль-Мусаннаф"* аттуу эмгегинде өзүнө жеткен хадистерди жана буларга түшүндүрмө берген сахаба сөздөрү менен табиин фатваларын санаддары менен бирге топтоп, буларды китаб жана бабтарга жараша тасниф кылган. Анын негизги макстаны хадистердеги өкүмдөрдү чыгаруу жана шариятка кызмат кылуу болгон. Ибн Хазм сахих хадистерди камтыган булактарды классификациялап жатып бул эмгекти төртүнчү табакага кошкон. Ал эми Шах Валийуллах ад-Дахлави болсо, үчүнчү табакадагы эмгектердин катарына кошкон.[106]

Абдурразактын эмгеги менен бирдей өзгөчөлүккө ээ болгон Ибн Абу Шайбанын *"аль-Мусаннаф"* эмгеги Камал Йусуф аль-Хутинин басылмасында (нашри) 37943 хадис камтылган.[107] Андагы хадистердин басымдуу бөлүгү кайталанган хадистер болуп саналат. Ибн Аби Шайба китебиндеги риваяттардын көбүн Шарик б. Абдуллах, Абдуллах б. Мубарак, Жарир б. Абдуллах, Вакиъ б. Жаррах, Суфян б. Уйайна жана Йахйа б. Саид аль-Каттан сыяктуу ишенимдүү устаздардан риваят кылган.

Аль-Мусаннаф фикх китептериндеги тартипке жараша "Китабу-т-тахарат" менен башталып "Китабу-л-азан ва-л-икама", "Китабу-с-салават", "Китабу-з-Закат" болуп катары менен келет. Тартипке

---

[103] Bağcı, *Hadis El Kitabı*, s.334-335.
[104] Bağcı, *A.g.e.*, s.335.
[105] Efendioğlu, "el-Musannef", mad., *DİA*, XXXI/237.
[106] Efendioğlu, "A.g.m.", *DİA*, XXXI/237.
[107] Kandemir, "Hadis" mad., *DİA*, XV/49.

салынышы жагынан Сунан китептерге окшош. "Китабу-т-тарих", "Китабу-з-зухд", "Китабу-л-аваил", "Китабу-р-рад алаа Аби Ханиф", "Китабу-л-жамал" жана "Китабу-с-Сыффин" сыяктуу бөлүмдөрү менен жами түрүндогү китептерге окшошуп кетет.[108]

Жыйнактын басылмаларын жараша китаб жана бабдар менен сандарда айырмачылыктар бар. Кээ бир басылмаларда "китаб" сөзүнүн ордуна "баб" сөзү колдонулат. Бөлүмдөрдүн тизмектелишинде нускалардын ортосундагы айырмачылыктар дагы китептин иретинде талаш-тартышка себеп болгон. Саид аль-Лаххан тарабынан даярдалган жаңы басылмада 41 китаб жана 5434 баб бар.

Риваяттарданы иреттелишинде белгилүү бир метод колдонулган эмес. Абдурразактын аль-Мусаннаф китебиндей марфу, мавкуф жана макту хадистер берилген. Мурсал, мункатиъ жана муъдал хадистерди дагы көрүүгө болот. Бирок булактарда мавзу хадистердин бар экендиги туурасында маалымат жок.[109]

Бухари менен Муслимдин эмгектеринде жана башка хадис булактарынын көбүндө жана исламий илимдердин башка тармактарына таандык бир канча эмгекте аль-Мусаннафтан алынган риваяттарды көрүүгө болот. Бухари өз сөзүндө Ибн Аби Шайбадан 30, ал эми Муслим 1540 хадис алгандыгын айткан. Ибн Аби Шайбанын хадис кабыл алуу шарттарына байланыштуу маалыматтар болбогону менен хадис алган устазынын же риваят кылган равинин ишенимдүүлүгүн жетиштүү көргөндүгү, санадындагы равилер жана санаддын абалы туурасында иликтөө жүргүзбөгөндүгү көрүнүп турат.[110]

Китебиндеги эң кызыктуу жагдайлардын бири Абу Ханифа менен байланыштуу бөлүм болуп саналат. Абу Ханифанын мазхаб методикасына каршы чыккан Ибн Аби Шайба "Китабу-р-рад алаа Аби Ханифа" аталышындагы китебинде Абу Ханифанын 124 маселеде Пайгамбардан (с.а.в.) келген хадистерге каршы чыккандыгын айтып, аларды далилдөө максатында 485 хадис риваят кылган. Анын

---

[108] Efendioğlu, "A.g.m.", *DİA*, XXXI/237.
[109] Efendioğlu, "el-Musannef", mad., *DİA*, XXXI/237.
[110] Efendioğlu, "A.g.m.", *DİA*, XXXI/238.

ырастоолоруна жана айткандарына Абдулкадир аль-Кураши, Касым б. Кутлубога, М. Захид аль-Кавсари сыяктуу аалымдар тогүндөгөн.[111]

"Тасниф түрлөрү" деп аталган бул бөлүмдө хижрий 2, 3 жана IV кылымдарда ар кандай түрлөрүнө жараша тасниф кылынган өтө маанилүү жана өтө белгилүү хадис булактары жөнүндө маалымат бердик. Эч шексиз, хадистерди тасниф кылуу хижрий IV кылымда жана андан кийин дагы уланып келген. Бул эмгектерди билүү зарыл. Ала-л-абваб системасына таянган хадис китептери төмөнкүлөр: Ахкам китептери, Мустадрактар, Мустахражтар, Кырк хадис, Атраф китептери, Тахриж китептери, Заваид китептери, Фаваид китептери, Амалилер, Шамаил китептери, Мавзуат китептери жана машхур (эл арасында жайылган сөздөр) хадис китептери болуп саналат.[112] Жогоруда аты аталган эмгектердин басымдуу бөлүгү хадис тарыхынын тасниф доорунан кийин жазылган китептер болуп саналат.[113]

Бул жыйнактардын бардыгы Риваяту-л-хадис илиминин ичиндеги эмгектер. Дирайату-л-хадис илимине таандык хадис таснифин кыскача айта кетсек туура болот. Бул боюнча хадис илими жана хадис адабиятында усул-и хадис, рижалъу-л-хадис, рижальу-л-хадистин төмөнкү категорияларынан: Белгилүү өлкөлөрдүн рижальи, асма жана куна, муталиф-мухталиф, муттафик-мутафаррик, муташабих, мубхамат жана вафайат; жарх жана таъдил илими, илалу-л-хадис илими, гарибу-л-хадис илими, мухталифу-л-хадис илими, мушкилу-л-хадис илими, асбабу вуруди-л-хадис илими жана шуруху-л-хадис (хадис шархтары) менен байланыштуу көптөгөн адабияттардын бар экендигин айта кетешибиз керек.[114]

B. Ала-л-ахруф тасниф системасы

Хадис таснифинин акыркы мезгилдеринде хадис булактарынан пайдаланууну жеңилдетүүгө болгон муктаждыгынан улам авторлорду жаңы изилдөөлөргө багыттаган. Алфавиттик тартипте хадистердин тизмектелишин билдирген ала-л-ахруф тасниф системасы боюнча

---

[111] Efendioğlu, "A.g.m.", *DİA*, XXXI/238.
[112] Kandemir, "Hadis" mad., *DİA*, XV/50-54;
[113] Çakan, *Hadis Edebiyatı*, s.113-149.
[114] Kandemir, "Hadis" mad., *DİA*, XV/54-63; Çakan, *Hadis Edebiyatı*, s.153-283; Ebû Zehv, *Hadis ve Hadisçiler,* (çev. Selman Başaran, M. Ali Sönmez), s.441-515.

маанилүү хадис булактары жазылган. Бул эмгектерде хадистер, хадистердин алгачкы сөзүн түзгөн тамгалар боюнча тизмектелген.[115]

Хадис тасниф методунун үчүнчүсү катары кабылданган бул метод негизинен мурдатан рижаль китептеринде рави ысымдарынын тизмектелишинде колдонулуп келген. Хижрий үчүнчү кылымдын биринчи жарымында Йахйа б. Маиндин "Тарых" китеби менен Бухаринин "Тариху-л-кабир" китеби бул система боюнча жазылган. Кийинки мезгилдерде равилердин тизмектелишинин тышында хадистердин таснифинде дагы бул ыкма колдонулуп, хадистерди алгачкы тамгаларынын алфавиттик тартибине жараша китептер жазылган. Бул метод боюнча жазылган хадис китептери, изделген хадисти табуу үчүн фихрист (индекс) милдетин аркалаган. Бирок бул метод кеңири тарабагандыктан мындай ыкма менен жазылган китептердин саны өтө эле аз.[116]

Ала-л-ахруф системасы боюнча жазылган айрым эмгектер:

1. Сагани – *Машарику-л-анвар*
2. Суйути – *аль-Жамиу-с-сагир*
3. Гумушханави – *Рамузу-л-ахадис*

Мавзу хадистер жана машхур хадистер туурасында жазылган эмгектердин бир нечеси дагы хадистердин баш тамгасы боюнча тизмектелген система менен жазылган. Тактап айтканда ала-л-ахруф тасниф системасы колдонулган. Бул боюнча жазылган жалган хадистерге байланыштуу эмгектердин кээ бири:

1. Ибн Аррактын (ө. 963/1556) *Танзиху-ш-шариа*
2. Али аль-Каринин (ө. 1014/1605) *Мавзуат, аль-Асрару-л-марфуа* жана *аль-Маснуа фи маърифати-л-хадиси-л-мавзуа.*
3. Сахави – *аль-Макасиду-л-хасана*

---

[115] Çakan, *Hadis Edebiyatı,* s.137; Özpınar, *Hadis El Kitabı,* s.365-368; Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.20; Aydınlı, *Hadis Istılahları Sözlüğü,* s.35.

[116] Uğur, Mücteaba, *Hadis İlimleri Edebiyatı,* s.16.

4. аль-Ажлуни (ө. 1162)[117] *Кашфу-л-хафа* жана *Музилу-л-илбас амма-ш-тахара мина-л-ахадиси алаа алсинати-н-нас*

Хадис адабиятарынан хадис табуу үчүн жазылган мифтах, фихрист жана муъжам деп аталаган эмгектер дагы алфавиттик тартипте ала-л-ахруф системасы боюнча жазылган.[118]

---

[117] Çakan, *Hadis Edebiyatı*, s.142-152.
[118] Çakan, *A.g.e.*, s.215-219.

ОНУНЧУ БӨЛҮМ*

МАРВИ

Хадис усулунда "риваят", "рави" жана "марви" деп аталган негизги үч термин бар. Хадистин түрлөргө бөлүнүшүнүн "марви" менен жакындан байланышы бар.

Хадис усулунун өнүгүп-өсүүсү менен катарлаш хадистер **булагына, равилердин санына** жана **сахихтик (тууралык) даражасына** жараша үч топко бөлүнгөн. Хадистердин дагы бир түрү хадис илиминин критерийлери жагынан Аз. Пайгамбарга таандык болбосо да жалгандан ага тануулланган сөздөр болуп саналат. Бул сөздөр **"мавзу (жалган, ойдон чыгарылган) хадистер"** деп аталат. Хижрий жыл санагынын биринчи кылымда хадис түрлөрүнүн атайын аталыштары болгон эмес. Айрымдарынына ат коюу хижрий экинчи кылымдын экинчи чейрегинде башталган. Негизинен, III жана IV кылымда пайда болгон.[1]

I. БУЛАГЫ ЖАГЫНАН ХАДИСТИН ТҮРЛӨРҮ

Кимдерге таандык экендигин көрсөтүү максатында хадистер булагына жараша классификацияланган. Булар "кудси", "марфу", "мавкуф" жана "макту" хадистер деп аталат. Кудси хадис – маанисиАллага, сөздөрү Пайгамбарга (с.а.в.) таандык; марфу хадис – Аз. Пайгамбарга таандык; мавкуф хадис – сахабаларга таандык; макту хадис – табиундарга же андан кийинки аалымдарга таандык болуп саналат. Жогоруда аты аталган хадис түрлөрүнүн бардыгы булактарына карап хадистердин сахих экендиги туурасында өкүм бере алышпайт. Себеби хадистер булактарына карап сахих, хасан жана заиф болушу мүмкүн.

---

* Док. Ферхат Гөкче

[1] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı*, s.43.

ХАДИСТИН АТЫ	ХАДИСТИН БУЛАГЫ
Кудси хадис	Алла Таала
Марфу хадис	Аз. Пайгамбар (с.а.в.)
Мавкуф хадис	Сахаба
Макту хадис	Табиун

А. Кудси хадис

Аз. Пайгамбар Аллага таяндырган же болбосо Пайгамбардын Аллага таяндырып риваят кылган хадистер "кудси хадис" деп аталат. Кудси хадистин арабча аныктамасы төмөнкүдөй:

هو ما نقل إلينا عن النبي (ص) مع إسناده إياه إلى ربه و جل

"Пайгамбар (с.а.в.) Алла Таалага таяндырып айткан жана андан бизге келген хадистер."[2]

Кудси хадистердин маани Аллага, сөздөрү Пайгамбарга (с.а.в.) таандык. Маани Алладан келген хадистер "илахи" жана "раббани" хадистер деп дагы аталат.[3] Кудси хадис – Алла тарабынан Пайгамбарыбызга маани гана берилип, Мухаммед (с.а.в.) аларды өз сөздөрү менен түшүндүрүп, баян кылган деп дагы аныктама берсек болот.[4]

Кудси хадис "Алла тарабынан вахий, илхам жана түш сыяктуу түрдүү маалымат алуунун жолдору аркылуу маани Пайгамбарга (с.а.в.) билдирилген жана Пайгамбар өз сөзү жана ыкмасы менен Аллага таяндырып риваят кылган, Куран менен эч кандай байланышы болбогон сыяктуу иъжаз (аз сөз аркылуу көп нерсени түшүндүрүү) өзгөчөлүгү жок хадис" деген аныктама да берилип келет.

---

2 ат-Таххан, Махмуд. *Тайсиру Мусталахи-л-хадис.* 158-б.
3 Yılmaz, "Kudsî Hadis" mad., *DİA*, XXVI/318.
4 Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.188.

Башка хадистердей эле кудси хадис санад жана матндан (хадистин тексти) турат. Негизинен, хадис китептеринде " قال رسول الله صلى الله عليه و سلم فيما يروي عن ربه" "Алланын элчиси Раббисинен риваят кылып мындай деди", " قال رسول الله صلى الله عليه و سلم قال الله تعالى" "Алла элчисинен риваят кылынганына караганда мындай деген: Алла Таала айтты:..." сыяктуу өзгөчө сөздөр колдонулат.

Хадис булактарында кудси хадистер төмөндөгүдөй берилген:

حَدَّثَنَا إِسْحَاقُ بْنُ إِبْرَاهِيمَ، وَمُحَمَّدُ بْنُ الْمُثَنَّى، كِلَاهُمَا عَنْ عَبْدِ الصَّمَدِ بْنِ عَبْدِ الْوَارِثِ، حَدَّثَنَا هَمَّامٌ، حَدَّثَنَا قَتَادَةُ، عَنْ أَبِي قِلَابَةَ، عَنْ أَبِي أَسْمَاءَ، عَنْ أَبِي ذَرٍّ، قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: فِيمَا يَرْوِي عَنْ رَبِّهِ تَبَارَكَ وَتَعَالَى «إِنِّي حَرَّمْتُ عَلَى نَفْسِي الظُّلْمَ وَعَلَى عِبَادِي، فَلَا تَظَالَمُوا»
"...Пайгамбар (с.а.в.) Раббынан риваят кылып, мындай деди: "Оо, пенделерим! Мен зулумдукту өзүмө да, силерге да арам кылдым. Андыктан бири-бириңерге зулумдук кылбагыла." (Муслим. Бирр. 55.)

Кудси хадистерди Аллага таяндыруу, бул хадистердин сахих экендигин билдирбейт. "Кудси" деген сөз, сөздүн каяктан келгендигин гана көрсөтөт. Хадистин кабылдануусу же четке кагылуусу боюнча өкүм бербейт. Анткени кудси хадистердин бардыгы бизге ахад жол менен келгендиктен сахих, хасан, заиф (алсыз) жана мавзу (ойдон чыгарылган) дагы болушу мүмкүн.[5]

Кудси хадистердин ичинен сахих даражасына жеткендердин саны өтө эле аз. Бул боюнча жазылган китептерде 100, 200, 300, 550 сыяктуу сандар айтылып келет.[6]

Кудси хадистердин мааниси Алладан келсе дагы, ар тараптуу Курандан айырмаланып турат. Биринчиден, кудси хадистер Пайгамбардын (с.а.в.) сөзү катары каралат. Мааниси Аллага таандык болсо дагы, Пайгамбар бул маанини өз сөзү менен адамдарга жеткирген. Ал эми Курандын мааниси да, сөзү да Аллага таандык. Анын коргоосу астында турат. Башка жагынан алганда Курандын окшошун алып келүүдө адамдар алсыз. Ал ушунчалык уникалдуу жана кереметтүү касиетке ээ.

---

[5] Yücel, *Hadis Usûlü*, s.135.

[6] Yılmaz, "Kudsî Hadis" mad., *DİA*, XXVI/318.

Кудси хадистер Куран сыяктуу уникалдуу жана кереметтүү касиетке, өзгөчөлүккө ээ эмес. Эч качан аяттын ордун баса албайт.[7]

Кудси хадистердин көпчүлүгү Алла Тааланын сыпаттары, улуулугу, ырайымдуулугу, теңдешсиз кудуреттүүлүгү, ихсан жана икрам ээси экендиги, ошондой эле адеп-ахлак туурасында сөз кылат. Мындай маанидеги хадистерди Курандын маани-маңызынан дагы көрүүгө болот. Тагыраак айтканда, Курандын мазмуну менен кудси хадистердин мазмуну бирдей. Аз. Пайгамбар (с.а.в.) инсандарга Курандагы негизди чечмелеп жатып: *"Алла Таала мындай буюрду"* – деп айтуусу мүмкүн. Буга мисал катарында: Алла Таала мындай деди: *"Пендем мени кандай тааныса мен ошондоймун жана мага дуба кылган учурда анын жанында болому"*[8] кудси хадистин *"Эгер пенделерим сенден Мен тууралуу сурашса, "Мен жакынмын. Качан Мага дуба кылса, дубасын кабыл алам"*[9] деген аят менен жакындыгын көрүүгө болот.[10]

Кудси хадистерден мисалдар:

1. Абу Хурайрадан келген риваятта Аз. Пайгамбар мындай деген: Алла Таала мындай деди: *"Ким менин досума душмандык кылса, мен ага согуш жарыялайм. Пендем мага парз кылынган амалдардан дагы сүйкумдүү эч нерсе менен жакындаган эмес. Пендем мага нафил ибадаттар менен жакындаса, мен аны жакшы көрөм. Эгерде Мен аны сүйө турган болсом, анын укkан кулагы, көргөн көзү, кармаган колу жана баскан буту болом. Эгер мага өтүнүч менен кайрылса, албетте, беремин. Мага баш калкаласа, албетте, аны коргоймун. Кыла турган эч бир нерседе, өлүмдү каалабаган момундун – мен да анын кайгыга батуусун каалабайм – жанын алууда эки анжы болгондой эки анжы болгон эмесмин."*[11]

2. "Пендем мага бир карыш жакындаса, мен ага бир чыканак жакындайм, эгерде мага бир чыканак жакындаса, мен ага бир кулач жакындайм, эгерде мага басып келсе, мен ага жугуруп барам."[12]

---

[7] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.189; Yücel, Ahmet, *Hadis Usûlü*, s.135.

[8] Тирмизи. *Зухд.* 51.

[9] Бакара. 2/186.

[10] Kırbaşoğlu, *İslâm Düşüncesinde Sünnet*, s.245.

[11] Бухари. Рикак. 38.

[12] Бухари. Тавхид. 50; Муслим. *Зикр.* 2, 3, 20-22; *Тавба.* 1.

3. "Ар бир амалдын каффараты бар. Орозо мен үчүн жана анын сыйлыгын мен берем. Орозо туткандардын оозунун жыты Алланын алдында миск жытынан дагы жагымдуу."[13]

4. "Текебердик – (бул) менен ридам (көйнөгүм, үстүнкү кийим), улуулук – Менин изарым (кафтан/астыңкы кийим). Ушулардын кайсынысына болсо, каршы келгендерди (б.а. талашкандарды) жазалайм (азаб). [14]

5. "Эч шексиз, ырайымым каарымды ашкан."[15]

6. Абу Хурайрадан Аз. Пайгамбардын мындай деп айтканы риваят кылынды: *"Оо, Адам баласы! Мал-мүлкүңдү Алла жолунда сарптага, мен дагы сага сарптайын."*[16]

Айрым кудси хадистерде ыйык китептерден үзүндүлөр орун алгандыгы айтылып келет. Бул үзүндүлөр кудай тарабынан келип, кудси хадис түрүндө риваят кылынып калышы ыктымал.[17] Мисалы, Бухаринин: *"Жамиъу-с-сахих"* аттуу эмгегиндеги *"Ырыскысынын кенен, өмүрүнүн узун болуусун каалаган адам (тууган-уруктарына каралашсын) алар менен болгон байланышын үзбөсүн,"*[18] деген кудси хадис ыйык китептерде орун алган төмөндөгү сүйлөмгө абдан окшош: *"Ата-энеңе урмат-сый көрсөт, Раббын берген жерде өмүрүн узун болсун."*[19]

Хадис илиминде кудси хадистер менен набави хадистердин ортосунда эч кандай айырмачылык деле жок. Себеби экөө тең равилер аркылуу, тагыраак айтканда, иснад аркылуу бизге чейин келген. Башка хадистер сымал кудси хадистер дагы равилер аркылуу келгендиктен риваят учурунда кетирилген каталарды көрүүгө болот. Тагыраак айтканда, равилер да адам, алар да ката кетирет. Андыктан кудси хадистер үчүн да ушундай жагдайды айтсак болот. Ошондой эле хадистин бул эки түрүндө да сахих, хасан, заиф же мавзу хадистер болушу мүмкүн. Мисалы: *"сен болбогондо мен ааламдарды жаратпайт элем"* жана *"мен*

---

[13] Бухари. Савм. 2, 9; Муслим. *Сиям.* 30.

[14] Муслим. *Бирр.* 136; Абу Давуд. *Либас.* 25; Ибн Маажа. *Зухд.* 16; Ахмад б. Ханбал. *Муснад.* II/248, 376, 414, 427, 442, IV/416.

[15] Бухари. Тавхид. 15, 22, 28, *Баду-л-халк.* 10; Муслим. *Зекет.* 14-16.

[16] Муслим. *Зекет.* 36-37.

[17] Kırbaşoğlu, *İslam Düşüncesinde Sünnet,* s.251.

[18] Бухари. *Адаб.* 12.

[19] Kitab-ı Mukaddes, *Çıkış*, XX, 12.

жашыруун казына элем, айкын болуп билинүүгө чечим кылдым жана инсандарды жараттым" хадиси, кудси хадис форматында түшүрүлгөн мавзу хадистердин катарын кирет.

"Кудси хадис" термин катары качан колдонулуп башталгандыгы жөнүндө так маалымат жок. Хадис китептери топтоло баштаган хижрий III кылымда термин катарында да калыптанган эмес. Кудси хадистер алгач башка хадистер менен бирге топтолуп жазыла баштаган. Хижрий VI кылымдан тарта жалгыз гана кудси хадистерди камтыган китептер жазыла баштаган. Алар төмөнкүлөр:

1. Али Ибну-л-Муфаддал аль-Макдиси (ө. 611/1214), *аль-Арбауна-л-илахийа.*
2. Мухйиддин Ибну-л-Араби (ө. 638/1240), *Мишкату-л-анвар фима рувийа аниллахи субханаху ва Таала мина-л-ахбар.*
3. Такийуддин Ибн Дакику-л-Ийд (ө. 702/1302), *аль-Арбаун фи-р-риваяти ан Рабби-л-аламин.*
4. Алиййу-л-Кари (ө. 1014/1605), аль-*Ахадису-л-Кудсийа.*
5. Абдуррауф Мунави (ө. 1031/1622), *аль-Итхафу-с-санийа би-л-ахадиси-л-кудсийа.* Бул эмгек "Кырк кудсий хадис" жана "Илахий хадистер" деген аталышта түрк тилине которулуп басмадан чыгарылган.
6. Шайх Абдулмажид Мисри, *ат-Тухфату-л-мардийа фи-л-ахбари-л-кудсийа.*[20]

Б. Марфу хадис

"Марфу" сөзүнүн лексикалык мааниси "көтөрүлгөн" дегенди билдирет. Алгачкы мезгилдерде бир сөздү, кабарды бирөөгө таяндыруу маанисинде колдонулуп келген. Убакыттын өтүшү менен термин катарында "сөздү пайгамбарга (с.а.в.) таяндыруу" маанисинде калыптанган.[21] Терминологиялык мааниси "марфу – санаддагы ажырымга карабастан пайгамбарга (с.а.в.) таандык болгон сөз, кыймыл-аракет, такрир (тастыктоосу) жана сыпаттар."[22] Марфу хадистин араб тилиндеги аныктамасы:

---

[20] Uğur, *Hadis İlimleri Edebiyatı,* s.163-164.
[21] Aydınlı, "Merfû" mad., *DİA*, XXIX/180.
[22] Koçyiğit, *Hadis Usûlü*, s.160.

هُوَ مَا أُضِيفَ إِلَى النَّبِيِّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيهِ وَسَلَّمَ مِن قَولٍ أَو فِعلٍ أَو تَقرِيرٍ أَو صِفَةٍ

"Аз. Пайгамбарга таандык болгон сөз, кыймыл-аракет, такрир же сыпат."[23]

Хадисти риваят кылган сахаба, табиин же алардан кийинки муун болсо деле айырмасы жок. Ошондой эле санаддагы ажырымдын дагы манилүүлүгү жок. Бир хадистин санады эмес, текстти эске алынса жана бул текст Пайгамбарга (с.а.в.) таяндырылып риваят кылынса, бул хадис марфу болуп саналат.[24] Марфу хадистерди матн жагынан алып караганда Пайгамбардын (с.а.в.) сөзү, жүрүм-туруму же такрирлери болушу мүмкүн. Ал эми иснад жагынан алып караганда сахих, хасан же заиф болушу мүмкүн. Санадын эсепке алганыбызда хадистин марфу болушу сахих үчүн жетиштүү негиз болуп эсептелбейт.

Марфу хадистерде эң көп колдонулуучу сөздөр: " سمعت رسول الله صلى الله عليه و سلم يقول" *"Алланын элчисинин мындай дегенин уктум"*, " حدثنا رسول الله صلى الله عليه و سلم" *"Алланын элчиси бизге буларды айтты"*, " قال رسول الله صلى الله عليه و سلم" *"Алланын элчиси мындай деди"*, "عن رسول الله صلى الله عليه و سلم انه قال" *"Риваят кылынганына караганда Алланын элчиси мындай деп айткан."*

Сахабалар Пайгамбардын (с.а.в.) кыймыл-аракетин риваят кылууда "رأيت رسول الله صلى الله عليه و سلم يفعل كذا" *"Алла элчисинин ушундай кылып жатканын көрдүм"*, "كان رسول الله صلى الله عليه و سلم يفعل" *"Алла элчиси мындай кылат эле"* такрирде болсо, "فعلت بحضرة النبي صلى الله عليه و سلم" *"Пайгамбардын алдында мындай кылдым"* сыяктуу сөздөр колдонулат.

Марфу хадис кавли, фиили, такрири жана васфи (көрүнүшү) болуп бөлүнөт:

---

[23] ат-Таххан, Махмуд. *Тайсиру Мусталахи-л-хадис.* 160-б.
[24] Koçyiğit, *Hadis Usulü*, A.Ü.İ.F.Y., s.119.

Кавли марфу	قال رسول الله صلى الله عليه و سلم كذا
Фиили марфу	فعل رسول الله صلى الله عليه و سلم كذا
Такрири марфу	فُعل بحضرة النبي صلى الله عليه و سلم كذا
Васфи марфу	كان رسول الله صلى الله عليه و سلم أحسن الناس خلقا

Хадис булактарында кездешкен марфу хадис:

حَدَّثَنَا أَبُو بَكْرِ بْنُ أَبِي شَيْبَةَ حَدَّثَنَا أَبُو مُعَاوِيَةَ وَوَكِيعٌ عَنْ الْأَعْمَشِ عَنْ أَبِي صَالِحٍ عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ قَالَ قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ لَا تَدْخُلُونَ الْجَنَّةَ حَتَّى تُؤْمِنُوا وَلَا تُؤْمِنُوا حَتَّى تَحَابُّوا أَوَلَا أَدُلُّكُمْ عَلَى شَيْءٍ إِذَا فَعَلْتُمُوهُ تَحَابَبْتُمْ أَفْشُوا السَّلَامَ بَيْنَكُمْ
Бизге Абу Бакир Ибн Аби Шайба Муавийадан, ал Аъмаштан, ал Салихтен, ал дагы Абу Хурайрадан риваят кылган хадисте Абу Хурайра мындай деген: "Алла элчиси мындай деди: *"Силер ыйман келтирмейинче бейишке кире албайсыңар, ал эми бири-бириңерди жакшы көрмөйүнчө ыймандуу боло албайсыңар, силерди бири-бириңерди жакшы көрсөтүп коюучу нерсеге багыттап койоюнбу? – Саламды араңарда жайылткыла"* [Муслим. Иман. 93]

Сахабанын жеке ой-пикирине таянбаган, Аз. Пайгамбардан укканын ачык-айкын билдирилбей туруп риваят кылынган хадистер дагы марфу катары каралат. Мындай хадистер "марфу өкүмүндөгү" хадистер деп аталат.[25]

Сахаба тарабынан Куран аяттарынын түшүү себептерине, Куран жана сүннөттөгү насх кылынган (өкүмү жокко чыгарылган) өкүмдөргө, мурунку пайгамбарларга, келечекте боло турган окуяларга, фитна (бүлүк) жана кыяматка байланыштуу окуяларга, ибадат формаларына, аткарган учурда сооп же аткарбаганга азап алып келүүчү маселелерге

---

[25] Çakan, *Hadis Usûlü*, s.101.

байланыштуу риваят кылынган хадистер "марфу өкүмүндө" болуп саналат.[26] Кыскача айтканда, акыл жана сезүү органдары аркылуу билүү мүмкүн болбогон, жалгыз гана Пайгамбардан (с.а.в.) үйрөнө турган маселелерге байланыштуу маалыматтарга марфу өкүмүндөгү хадис дейбиз. Мындай риваятты сахабанын Пайгамбардын (с.а.в.) өз оозунан угуусу шарт эмес. Хадисти Пайгамбардан уккан башка бир сахабадан же экинчи жана үчүнчү кишилерден угуусу жарай берет.[27] Кандайдыр бир риваяттын өкүмү марфу болушу үчүн риваяттын исраилият (исраил ууладарынын булактарынан келген аңгеме же окуялар) булактарынан болбошу керек жана сахабалардын башка дин өкүлдөрүнөн (ахли китеп/китеп ээлери) маалымат алгандардан болбошу керек. Эгер андай болбосо бул маалыматты алардан үйрөнгөндүгү үчүн марфу өкүмүндө болуп эсептелбейт.[28]

Мавкуф хадис марфу өкүмүндө болуусу үчүн тавкифи (өзгөртүү мүмкүн болбогон), тагыраак айтканда, намаз убакыттары, зекеттин өлчөмү, аяттын түшүш себебин ачыктоо, фитан[29] жана акырет жашоосу сыяктуу хадистин мазмуну жеке адамдын көз карашына таянбаган маселелерди камтуусу зарыл. Сахаба "биз Алланын элчисинин доорунда муну кылат элек", "Алла элчиси бизге муну буйрук кылды же буга тыюу салды же болбосо Пайгамбардын (с.а.в.) сүннөттөрүнөн" деген таризде түшүндүрмөнүн болуусу, акырында рави сахабаны белгилеп кеткенден кийин "*хадисти пайгамбарга раф кылды, Ага иснад кылды, Ага жеткирди*" сыяктуу сөздөрдү колдонушу керек.[30]

Марфу өкүмүндөгү хадистерде хадистин Пайгамбарга же анын дооруна караштуу экендигин билдирген сүйлөмдөр орун алат. Мисалы, сахабалардан: *"бизге бул ишти аткарууга буйрук берилди", "бизге ушулар мубах (эркүү иш) кылынды", "бизге ушулар тыюу салынды",*

---

[26] Aydınlı, "mevkûf" mad., *DİA*, XXIX/437-438.

[27] Koçyiğit, *Hadis Istılahları*, s.218.

[28] Aydınlı *Hadiste Tesbit Yöntemi*, s. 103; Yücel, *Hadis Usûlü*, s.136.

[29] Фитан – "фитна" сөзүнүн көптүк түрү. Машаккат, азап, кыйынчылык сыяктуу маанилерге келгендей эле мындайга алып келген куфур, көтөрүлүш, бүлүк, чагымчылдык, бузукулук ж.б.у.с. күнөөлөрдү кылуу деп дагы аталат. Хадис китептериндеги "фитан" бул кыяматтан мурун боло турган фитна, бузукулук жана жамандыктарды түшүндүргөн түрдүү окуяларга байланыштуу хадистер. Фитан – кыямат аламаттары же болбосо буга окшогон келечекте боло турган окуялар. Булардын бардыгы фитан хадистери деп аталат.

[30] аль-Кудат, Шараф Махмуд. *аль-Минхажу-л-хадис фи улуми-л-хадис.* 105-106.

"Алланын элчиси көзү тирүү кезинде мындай кылат элек", "Алла элчиси көзү тирүү кезинде ушундай кылуубузга каршылык билдирбейт эле" "ушундай кылуу сүннөт", "ким мындай кылса Алла элчисине итаат кылган болот же баш көтөргөн болот" сыяктуу риваят кылынган хадистер марфу өкүмүндөгү риваяттардан болуп саналат.[31]

Мисалы, сахабалардан келген Курандын түшүш себебин билдирген риваяттар марфу өкүмүндө болуп эсептелет. Анткени окуяга сахабанын кандайдыр бир байланышы жок. Эгер аяттын түшүш себебин билдирген риваятка аяттын маанисин же тафсирине байланыштуу бир нерселер айткан болсо, анда бул сахабанын жеке пикири катары кабылданат. Андай учурда марфу эмес, мавкуф болуп калат.[32]

Марфу өкүмүндөгү хадиске Аммардан келген риваятты мисал кылсак болот: *"Ким шек күнү*[33] *орозо кармаса Абу-л-Касымга баш көтөргөн болот."* [34] Бул хадис "марфу өкүмүндөгү кавли" хадиске дагы мисал болуп саналат. Хадистеги өкүм Аммарга тиешелүү болуп көрүнсө дагы хадис марфу өкүмүндө. Себеби шектүү күндөрдө орозо тутуу Аз. Пайгамбарга баш көтөрүү катары кабылдануусунан түшүнсөк болот. Пайгамбар (с.а.в.) шек күнү орозо туткан эмес жана жанындагыларга да туттурган эмес.[35]

Ошондой эле Аз. Алинин кусуф намазын (күн тутулганда окулчу намаз) окуп жатканда ар бир ирекетте экиден ашыкча рукуга баруусу дагы марфу өкүмүндөгү хадиске мисал боло алат. Мындайды Аз. Алинин жеке ижтихадына таяндырууга болбойт. Аз. Али бул ибадатка байланыштуу маалыматты Пайгамбардын (с.а.в.) жеке өзүнөн алган.[36] "Марфу өкүмүндөгү фиили" хадиске мисал катарында сахабанын *"Расулуллах доорунда муну жасайт элек же мындай кылат элек", "мындай кылуу сүннөт"* деп башталган сөздөрүн айтсак болот.

---

[31] Başaran, Hadis Tarihi ve Usulü, s.98-100.

[32] Uğur, *A.g.e.*, s.133.

[33] Шектүү күн - шабан айынын 29 нан кийинки күн. Бул күндүн Шабан айынын акыркы күнү же Рамазан айынын алгачкы күнү болгондугуда күмөн (шек) бар. Андыктан бул күн "шектүү күн" деп аталат.

[34] Бухари. *Хаж.* 89.

[35] Başaran, *A.g.e.*, s.100.

[36] Yücel, *Hadis Usûlü*, s.136-137.

Табиин хадисти сахабага иснад кылгандан (таяндыргандан) кийин رفع الحديث (хадисти раф кылат), يرويه (аны риваят кылат), ينميه (аны ээсине иснад кылат), يبلغ به (аны ээсине жеткирет), رواية (риваят кылат) деп айтуусу, бирок хадисти кимге раф кылгандыгын же болбосо кимден риваят кылгандыгын ачыктап бербесе да, хадистин марфу экендигин көрсөтүп турат.[37] Мындай хадистер "мурсал-марфу" деп аталат. Бардык санады түшүп түздөн-түз Аз. Пайгамбарга таяндырылган хадистер да "муаллак-марфу" деп аталат.[38]

В. Мавкуф хадис

Лексикалык мааниси "токтоо, туруу, арноо, багыштоо" дегенди билдирген "вакф" сөзүнөн келип чыккан, исми мафул болгон "мавкуф" "токтогон, токтотулган, кечиктирилген, камакка алынган" деген маанилерди билдирет.[39] Мавкуф – алгачкы доордо сөздүк мааниси колдонулуп келген болсо, термин катарында IX кылымдан кийин сахабалардан риваят кылынган сөз жана жүрүм-турумдар үчүн колдонулган. Мавкуф хадистин араб тилиндеги аныктамасы:

هو ما أضيف إلى الصحبي من قول أو فعل، أو تقرير

"Сахабага таандык болгон сөз, кыймыл-аракет, такрир."[40]

Сөздүк мааниси "токтогон, токтотулган" дегенди билдирген жана сахабага таяндырылган риваяттардын "мавкуф" деп аталып калышынын себеби санаддын сахабага келип токтоосу жана Пайгамбарга (с.а.в.) жетпей калышы болуп саналат.[41] Фикх китептеринде мавкуф хадистер негизинен "кавлу-с-сахаби", "мазхабу-с-сахаби", "фатва-с-сахаби" жана "хукму-с-сахаби" деп өтөт.[42] Хоросан фикх аалымдары марфу хадистерди "хабар/кабар", ал эми мавкуф хадистерди "асар" деп аташкан.[43]

---

[37] Yücel, *A.g.e.*, s.137.
[38] Çakan, *Hadis Usûlü*, s.102.
[39] Aydınlı, "Mevkûf" mad., *DİA*, XXIX/437.
[40] ат-Таххан, Махмуд. *Тайсиру Мусталахи-л-хадис.* 162-б.
[41] Koçyiğit, *Hadis Usûlü*, s.162.
[42] Yücel, *Hadis Usûlü*, s.138.
[43] Ибну-с-Салах. *Улуму-л-хадис.* 46-б.

Равинин *"Умар б. Хаттаб мындай деди"* же *"Али б. Аби Талиб ушундай кылды"*, же болбосо *"Аз. Абу Бакрдын маңдайында мындай кылды, бирок ал бир нерсе айтып четке каккан жок"* – деп айтуусу риваяттын мавкуф экендигин көрсөтөт.[44] Бирок сахабалардын такрирлери жөнүндө түрдүү пикирлер айтылган жана мавкуф хадистин катарына кирбей тургандыгын айтышкан.[45]

Иснады сахабага келип токтогон хадистин бардыгы эле мавкуф боло бербейт. Сахабага чейин жеткен иснад менен риваят кылынып, бирок мавкуф болбогон хадистердин марфу өкүмүндө экендигин жогоруда белгилеп кеткенбиз. Андыктан санады Аз. Пайгамбарга чейин жетпей сахабада токтоп калган мавкуф хадистер менен, марфу өкүмүндөгү хадистерди бири-биринен бөлүп кароо керек.[46]

Мавкуф хадистер дагы марфу хадистердей болуп санад менен келгендиктен муттасыл же мункатиъ болуп, равилердин адилеттүүлүк жана забтына (эске тутуу) жараша сахих, хасан же заиф болуп бөлүнүшөт.[47] Хадис булактарында орун алган мавкуф хадис:

Кавли мавкуф	قال أبو أيوب الأنصاري: من أراد أن يكثر علمه و يعظم حلمه فليجالس غير عشيرته
	Абу Аййуб аль-Ансари мындай деген: *"Илимдин өнүгүүсүн, түшүнүгүнүн калыптанышын каалаган, өз уруусунан алыстап башкалар мене бирге (хижратка) барсын"* (Çakan, *Eyüp Sultan Hazretlerinden Kırk Hadis*, 145.)
Фиили мавкуф	...وَأَمَّ ابْنُ عَبَّاسٍ وَهُوَ مُتَيَمِّمٌ
	"Ибн Аббас таяммум алып имамдыка өткөн." Бухари. Таяммум. 6.
Такрири мавкуф	Айрым табиин аалымдар *"сахабалардын бирөөнүн алдында мындай кылдым. Бирок мага каршы чыккан жок"* – деп айткандары.

---

[44] Subhi es-Salih, *Hadis İlimleri ve Hadis Istılahları*, s. 175.
[45] Aydınlı, "A.g.m.", A.y.
[46] Koçyiğit, *A.g.e.*, s.162-163.
[47] Aydınlı, "Mevkûf" mad., *DİA*, XXIX/437.

Марфу өкүмүндөгү мавкуф хадистер марфу хадистер сыяктуу динибизде далил катары эсептелет. Бирок мавкуф хадистер негизинен Пайгамбардын (с.а.в.) эмес, сахабанын сөзү болгондуктан динде далил катары кабыл алынган эмес. Айрым аалымдар марфу хадис болбогон учурда мавкуф хадистер далил болоорун белгилешкен.[48]

Мавкуф хадистер марфу өкүмүндө болуу жагынан жана сахабалардын түшүнүгүн билүү жагынан маанилүү болуп саналат. Вахийдин түшүшүнө жана хадистердин кайсыл чөйрөдө айтылгандыгына күбө болгон сахабалардын пикирлери Куранды түшүнүү жана сүннөттү аныктоодо маанилүү жана чечүүчү ролду ойнойт. Ушундан улам "ахлу рей" (Куран жана хадистерди чечмелөө жана фикх маселелерине тиешелүү өкүмдөрдү табууда негизги диний булактар менен бирге "рей" деп аталган илимий ой-жүгүртүү жараянына басым жасагандар) сүннөттү аныктоодо мавкуф хадистерге өзгөчө маани беришкен. Аларды "аль-Асар" аттуу эмгектерде топтошкон. Имам Маликтин (ө. 179/795) "аль-Муватта" сыяктуу алгачкы доордогу хадис китептеринде мавкуф риваяттар марфу хадистердей эле орун алган.[49] Мавкуф хадистер "мусаннаф" аттуу эмгектерде абдан көп.

Г. Макту хадис

Лексикалык мааниси "кесүү, кесип алуу" дегенди билдирет. "Кат" (قطع) сөзүнөн келип чыккан макту – "кесик, кесилген" деген маанини туюндурат. Сахабадан кийинки муун болгон табиинге же болбосо андан кийинки аалымдардын бирине таандык сөз жана жүрүм-турумдур "макту" хадис деп аталат. Макту хадистин араб тилиндеги аныктамасы:

هو ما أضيف إلى التابعي أو من دونه من قول أو فعل

"Макту хадис табиинге же андан кийинки келгендердин бирине таандык болгон сөз жана кыймыл-аракет"[50]

Макту хадис санады табиинге чейин жеткен, табиинде токтоп андан ары уланбаган хадис.[51] Макту хадистен максат санад эмес, матндын

---

[48] Çakan, *Hadis Usûlü*, s.103.
[49] Yücel, *Hadis Usûlü*, s.138.
[50] ат-Таххан, Махмуд. *Тайсиру Мусталахи-л-хадис.* 167-б.
[51] Ибну-с-Салах. Улуму-л-хадис. 47-б.; Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.209.

сыпаты болуп саналат. Мындай хадистердин макту деп аталышы хадистин текстти менен байланыштуу. Мунун санаддагы өзгөчөлүктөн улам "мункатиъ" деп аталган хадис менен байланышы жок.[52] "Макту" терминин алгачкылардан болуп хижрий II кылымда Имам Шафи *"санады муттасыл болбогон мункатиъ хадис"* маанисинде колдонгон. Кийинчерээк айрым мухаддистер анын жолун жолдошкон. "Макту" терминин алгачкылардан болуп табииндин сөзү маанисинде Хатиб аль-Багдадий колдонгон. Ибн Хажар аль-Аскалани: *"Макту матн менен байланыштуу, ал эми мункатиъ санад менен байланыштуу"* – деп айтып эки термин арасындагы айырмачылыкты белгилеп кеткен.[53]

Макту хадис санад жагынан муттасыл же мункатиъ болгондой эле матнга карап же санаддагы равилердин адилеттүүлүк жана забтына (эстутум) карап сахих, хасан же заиф болушу мүмкүн. Макту хадистин сахих болушу Пайгамбардан келгендигинде эмес, табииндин сөзү экенин көрсөтүп турат. Эгер макту хадисте Аз. Пайгамбардан алынгандыгы туурасында ишарат болсо, анда "мурсал" хадис болуп саналат. Ушундан улам макту хадис мурсал хадис өкүмүндө болот. Мурсал хадис кээ бир шарттардын негизинде кабыл алынат.[54] Макту хадистин сахабадан келгендигине байланыштуу бир ишарат болсо, анда ал мавкуф хадис деп аталат.[55]

Хадис илиминдеги макту хадистерге байланыштуу эң негизги маселе, хадистер санаддары менен бирге риваят кылынбай калган доордо макту хадистер "каала Хасан аль-Басри, каала Мухаммед б. Сирин" деп риваят кылуунун ордуна бул сөздөрдүн башына "каала Расулуллах" сөзүн кошуп Аз. Пайгамбардын сөзү катарында риваят кылынуусу. Мисалы: *"Салих инсандар эскерилген жерге рахмат түшөт"* сөзү Суфян б. Уйайнага караштуу болгонуна карабастан бир канча китепте Пайгамбарга таяндырылып риваят кылынган. Хадис эместиги аныкталгандан кийин жалган хадистерди топтогон (мавзуат) китептерге кошулган.[56]

---

[52] аль-Кудат, Шараф Махмуд. аль-Минхажу-л-хадис фи улуми-л-хадис. 107-б.
[53] Ибн Хажар. *Нузхату-н-назар.* 112-б.
[54] аль-Кудат, Шараф Махмуд. аль-Минхажу-л-хадис фи улуми-л-хадис. 107-б.
[55] Efendioğlu, "Maktû'" mad., *DİA*, XXVII/458.
[56] Efendioğlu, "Maktû'" mad., *DİA*, XXVII/458.

Хадис булактарында орун алган макту хадистер:

Кавли макту Мухаммед б. Сирин (Табии)	حَدَّثَنَا حَسَنُ بْنُ الرَّبِيعِ حَدَّثَنَا حَمَّادُ بْنُ زَيْدٍ عَنْ أَيُّوبَ وَهِشَامٍ عَنْ مُحَمَّدٍ وَحَدَّثَنَا فُضَيْلٌ عَنْ هِشَامٍ قَالَ وَحَدَّثَنَا مَخْلَدُ بْنُ حُسَيْنٍ عَنْ هِشَامٍ عَنْ مُحَمَّدِ بْنِ سِيرِينَ قَالَ إِنَّ هَذَا الْعِلْمَ دِينٌ فَانْظُرُوا عَمَّنْ تَأْخُذُونَ دِينَكُمْ "...Мухаммед б. Сирин мындай деген: "*Чындыгында бул илим силердин диниңер. Ошондуктан диниңерди кимден алып жатканыңарды карагыла.*" Муслим. Мукаддима. 5.
Кавли макту Хасан аль-Басри	حَدَّثَنَا مُحَمَّدُ بْنُ يُوسُفَ قَالَ: حَدَّثَنَا سُفْيَانُ، عَنْ هِشَامٍ، عَنِ الْحَسَنِ قَالَ: التَّسْلِيمُ تَطَوُّعٌ، وَالرَّدُّ فَرِيضَةٌ Хасан аль-Басри мындай деген: "*Салам берүү сүннөт, ал эми алик алуу парз.*" Бухари. аль-Адабу-л-муфрад. 358-б.
Кавли макту Мужахид	وَقَالَ مُجَاهِدٌ لاَ يَتَعَلَّمُ الْعِلْمَ مُسْتَحْيٍ وَلاَ مُسْتَكْبِرٌ Мужахид мындай деген: "*Уялчаак жана текебер адам эч качан билим ала албайт.*" Бухари. Илим. 50.
Фиили макту Масрук	كان مسروق يرخي الستر بينه و بين أهله، و يقبل على صلاته و يخليهم و دنياهم "*Масрук үй-бүлөсү менен ортосуна көшөгө тартып намазга туруп, аларды дүйнөлөрү менен жалгыз таштайт эле.*" Абу Нуайм. Хиляту-л-Авлийа. II-т., 96-б.

Табииндерден келген макту хадистер алгачкы муундардын риваят жана көз караштарын камтыгандыктан диний өкүмдөрдү аныктоодо өзгөчө мааниге ээ болгону менен динде далил катары эсептелген эмес. Имам Аъзам Абу Ханифа Пайгамбардан (с.а.в.) келген хадистерге өзгөчө маани берээрин, сахабалардын талаш-тартыш жаралган маселелердеги пикирлеринен каалаганын алаарын, табиинден келген риваяттарга болсо, өзүнүн алар сыяктуу ижтихат кыла алаарын айткан. Бул нерсе макту хадистин күчү жок далил катары эсептегендигин көрсөтүп турат. Ахлу рей макту риваяттар менен амал кылуунун ордуна кыяс менен амал

кылууну тандашкан. Бирок сахаба доорунда жашап, берген фатвалары менен атак-даңкка жеткен Алкама б. Кайс, Масрук б. Ажда, Кади Шурайх, Саид б. Мусаййаб, Ибрахим ан-Нахаи, Мужахид б. Жабр жана Хасан аль-Басри сыяктуу табииндерден жана булардын илиминен пайдаланып өскөн табаи табииндерден келген макту хадистер далил катары колдонулаары айтылып келет.[57]

Макту хадисте марфу хадис өкүмүндө экендигине далалат кылган жетиштүү түрдө далил болсо, анда шарий далил катары кабыл алынат. Айрым аалымдар өзгөчө аяттардын түшүш себебин билдирген жана жалгыз гана Аз. Пайгамбардан риваят аркылуу үйрөнүлө турган хадистерди "марфу өкүмүндөгү макту" деп эсептешип, буларды далил катары кабылдоо керек деп эсептешкен.[58]

Эң көп мавкуф жана макту хадистерди камтыган эмгектердин айрымдары төмөнкүлөр:

1. Абдурразак ас-Санъани, (ө. 211/826-27), аль-*Мусаннаф.*
2. Абу Бакр б. Аби Шайба (ө. 235/849), аль-*Мусаннаф.*
3. Ибн Жарир ат-Табарани (ө. 310/923), *Жамиу-л-баян.*
4. Абу Жадар ат- (ө. 321/933), *Шарху маани-л-асар.*
5. Абдуррахман Ибн Аби Хатим (ө. 327/938), *Тафсир.*

II. РАВИЛЕРДИН САНЫНА ЖАРАША ХАДИС ТҮРЛӨРҮ

Хадистер Аз. Пайгамбардан баштап ар табакадан саны бири-биринен айырмаланган равилердин риваяттарына жана иснаддардын аздыгына же көптүгүнө жараша бир нече топко бөлүнгөн. Мисалы, Пайгамбардан (с.а.в.) келген хадис, бир эле сахаба тарабынан риваят кылынган болушу мүмкүн жана андан башка хадистин рависи жок. Табиун жана таба-и табиин табакасында дагы бир эле рависи болушу мүмкүн. Демек, хадис китеп болуп чыкканга чейин ар бир табакада бирден рави аркылуу риваят кылынган болот. Айрым хадистер болсо, биринчи табакадан баштап 3, 5, 10, 20, 40, 60 чакты же болбосо андан көп рави тарабынан риваят кылынган, кийинки табакаларда болсо, равилердин саны көбөйүшү ыктымал.[59]

---

[57] Efendioğlu, "A.g.m.", A.y.
[58] Efendioğlu, "Maktû'" mad., *DİA*, XXVII/458.
[59] Koçyiğit, Talat, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis 2,* s.82.

Андыктан хадис аалымдары Аз. Пайгамбардан риваят кылынган хадистерди биринчи табакадан баштап бизге келгенине жараша, башкача айтканда, иснаддагы равилердин санына жараша "мутаватир" жана "ахад" болуп эки топко бөлүп карашкан. Ахад хадистер дагы ар бир табакадагы равилердин санына жараша машхур, азиз, жана гариб болуп үч топко бөлүнгөн.

Мутаватир термин катарында өтө так маалыматты камтыгандыктан хадисчилерден мурун калам жана фикх аалымдары тарабынан колдонулуп келген. Классикалык Ислам теориясында маалымат булактарына күчтүү сезимдер, акыл жана туура (ишенимдүү) кабарлар кирет. Мутаватир ишенимдүү кабар катарында каралат. Ал эми башка кабарлардын тууралыгынын аныкталуусу кабардан сырткары башка далилге байланыштуу болот.[60] Хадис аалымдары риваяттын маани-маңызына эмес, анын санады менен алектенишкен. Алгачкылардан болуп хадисчилердин ичинен мутаватирге олуттуу мамилени Ибн Хажар аль-Аскалани жасаган. Мутаватир кээде хадис терминдеринин катарында эсептелген эмес, ал тургай бул боюнча китеп да кеч жазылган.[61]

Равилердин саны жагынан хадис таснифи ошол эле учурда хадис тексттиндеги маалымат менен да байланыштуу. Хадис илиминин негизги максаты, Аз. Пайгамбарга таандык делинген маалыматты изилдеп тактоо болуп саналат. Ал эми бериле турган так чечим хадис жеткирген равилердин саны менен түздөн-түз байланышта. Равилердин санына жараша бериле турган "тиешелүүлүктүн мүмкүнчүлүгү жана ыктымалдуулугу" темасы исламий илим тармактарында "субут" термини менен айтылат. Субут – матн (хадис тексти), таандык кылынган кишиге тиешелүү экендигиги анык, аныка жакын жана ыктымалдуу болуусу" дегенди билдирет.[62]

Субут катъи (анык, так) жана занни (күмөн) болуп экиге бөлүнөт. Келген маалымат таяндырылган булакка таандык экендигинде күмөн жаратпай тургандай анык болсо, айтылгандан баштап башка ыктымалдуулук жок болсо, анда субутун катъи экендигин билдирет. Андыктан диний маалымат катарында мисалы, Куран аяттарынын

---

[60] Apaydın, H. Yunus, "Mütevâtir" mad., *DİA*, XXXII/208.

[61] Hansu, Hüseyin, *Mütevatir Hadis*, s.145 vd., 160-171.


[62] Aydınlı, Abdullah, *Hadis Istılahları Sözlüğü*, s.283; Karaman, Hüseyin, *Hadis El Kitabı*, s.287.

бардыгы Пайгамбар (с.а.в.) тарабынан сахабаларга билдирилген аяттар экендиги аныk; себеби түшкөндөн баштап көптөгөн инсан (рави) риваят кылган, мындай маалыматтын/кабардын жаңылыш болуусунда ыктымал жок. Анткени кылымдар боюу миллиондогон адамдын макулдашып алуусу же болбосо бири-биринен кабарсыз бир эле калпты айтуусу мүмкүн эмес.[63] Хадистер арасында ушундай даражага ээ маалыматтын бар экендиги хадис усулунда талкууга алынган. Бул боюнча мутаватир хадис деген аталыштагы темада кеңири маалымат берилет.

Эгерде матн (хадис тексти) таяндырылган булака караштуу экендиги аныка жакын же ыктымал болсо, анда бул "субуту занни" деп аталат. Башкача айтканда, көптөгөн хадистер жүз пайыз Пайгамбарга таандык эмес. Аз. Пайгамбар хадисти айткандыр же айтпагандыр же болбосо риваят кылынгандай айтпаган да болушу мүмкүн. Бул жагдай хадис илиминде "сиххат" деп аталат. Хадистер Пайгамбарга (с.а.в.) таандык ыктымалдыгына жараша ар башка аттар менен аталып келет. Мисалы, "аныка жакын" болсо, хадис сахих деп аталат. Эгер бул чектен төмөн түшсө "хасан" болот, андан да ылдыйласа, анда "заиф" деп аталат. Эгер хадис деп айтылган сөз Аз. Пайгамбарга таандык экендигинде ыктымал да болбосо, анда "мавзу/жалган" деп аталат.[64]

Хадистер үчүн белгилей кетсек мутаватир хадис жүз пайыз Аз. Пайгамбарга таандык дегенди билдирет. Ахад хадистер болсо, сиххат даражасына жараша ар кандай аталыштар менен даражаларага бөлүнөт.

Муну схема түрүндө төмөнкүдөй көрсөтүүгө болот:



---

63 Karaman, Hüseyin, *Hadis El Kitabı*, s.287.

64 Kırbaşoğlu, M. Hayri, *Alternatif Hadis Metodolojisi*, s.61; Karaman, Hüseyin, *Hadis El Kitabı*, s.287.

Хадис илиминде хадистерди мутаватир-ахад деп бөлүү кечирээк ишке ашкан. Биринчи жазылган хадис усулу эмгектеринде мындай бөлүп кароо менен бирге "мутаватир" термини орун алган эмес.

А. Мутаватир хадис

Пайгамбардын (с.а.в.) атынан жалган айтуулары мүмкүн болбогон ар бир табакада көптөгөн сандагы рави тобун көрүп же угуп риваят кылган хадистер мутаватир деп аталат.[65] Мутаватир хадистин ушундай жол менен өткөрүп берилүүсү "таватур" деп аталат. Мутаватир хадистин арабча аныктамасы:

ما رواه عدد كثير تحيل العادة تواطؤهم على الكذب

"Мутаватир – жалгандан биригүүлөрү дээрлик мүмкүн болбогон жык-жыйма топ тарабынан риваят кылынган хадис/кабар."[66]

Бул аныктамага төп келген хадистин жалган же негизсиз болуусу мүмкүн эмес. Тактап айтканда, хадис же иш-аракеттер ар доордо, санын аныктоо мүмкүн болбогон көпчүлүк тарабынан риваят кылынып жатса, анын тууралыгынан шек саноонун кажети жок. Ошондуктан мутаватир хадис так маалыматты билдирет. Бирок оозеки риваяттарда бул критерийге дал келген хадис болбогондугу үчүн кийинки доордогу хадисчилер хадисти риваят кылган равилердин санына чектөө киргизген жана ар табакада жок дегенде он киши риваят кылган хадисти мутаватир деп эсептешкен.[67]

Мутаватир кабарда минималдуу түрдө талап кылынган равилердин саны ар түрдүү жана бул боюнча кайчылаш пикирлер бар. Басымдуу бөлүгүнүн пикиринде, ар бир табакада жок дегенде 10 рави болуш керек. Бирок равилердин санын 4, 5, 6, 10, 12, 20, 40, 50, 70, 300кө чейин чыгарып айткандар болгон. Бул сандар боюнча түрдүү себептер айтылган. Мисалы, зина жазасы (ойноштук кылмышы) үчүн зарыл болгон күбөлөрдүн саны төрт, Аз. Умардын Ислам динин кабыл алуусу менен мусулмандардын санын 40 ка жеткендиги, Бадр салгылашуусуна катышкан сахабалардын санына жараша 300 деп айтылган сыяктуу.[68]

---

[65] Uğur, Mücteba, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.306.
[66] Таххан, Махмуд. Тайсиру мусталахи-л-хадис. 23-б.
[67] İsmail Hakkı Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı,* s.46.
[68] Tartı, Nevzat, *Muhtasar Hadis İlimleri ve Usulü,* s.71.

Ошентсе да, мутаватир хадисте эң негизги маселе, муундан-муунга жалгандан биригүүлөрүн акыл кабылдабай турган топтун ривият кылуусу болуп саналат.[69]

Санаддын башында, аягында же кандайдыр бир жеринде таватур шарттарына ээ болбогон хадистер, калган табакаларда таватур шарттарына ээ болсо дагы мутаватир хадис катары эсептелбейт.

Мутаватир хадистер "лафзи" (сөзмө-сөз) жана "манави" (маанисине жараша) болуп эки топко бөлүнүшөт.

1. Лафзи (сөзмө-сөз) мутаватир

Мутаватир деп айтылганда эске лафзи мутаватир түшөт. Ар бир табакадагы равилердин бардыгы сөзмө-сөз ривият кылган хадистер лафзи мутаватир деп аталат. Аз. Пайгамбардын хадистерин бардык дооорлордо сөзмө-сөз, дал өзүндөй кылып ривият кылуусу мүмкүн болгон эмес. Ошондуктан мындай хадистердин саны өтө эле аз. Мисалы, лафзи мутаватирге 70 жакын сахаба тарабынан ривият кылынган *"Менин атыма жалган айтпагыла. Ким менин атымдан жалган айтса – Тозокко кирет"*[70] – деген хадисти берсек болот.

2. Манави (маанисине жараша) мутаватир

Сөзү жана мааниси жагынан айрымачылыктар болгону менен, бардык равилерди жалпы мааниде бириктирген хадистер манави мутаватир деп аталат. Манави мутаватир хадистер саны жагынан лафзи мутаватирге салыштырмалуу өтө эле көп. Манави мутаватирге Пайгамбардын (с.а.в.) дуба кылууда колун өйдө көтөрүүсү жөнүндөгү хадисти мисал катары берсек болот. Бул хадистин жүзгө жакын риваяты бар. Ар кыл сөздөр менен ривият кылынганына карабастан окшоштук жагы дуба маалында колдорун өйдө көтөрүүсү болуп саналат. Дуба учурунда колдорду көтөрүүсү манави таватур аркылуу бизге чейин келген. Ошондой эле Аз. Пайгамбардын даарат, намаз, зекет жана ажылык сыяктуу ибадаттарды орундалышын билдирген түрдүү сөздөр менен ривият кылган көптөгөн хадистери бар. Булардын да көпчүлүгү таватур даражасына жеткен.[71]

---

[69] Aydınlı, Abdullah, *Hadis Tesbit Yöntemi*, s.119-120.
[70] Бухари. *Илим.* 38; Муслим. *Зухд.* 72.
[71] Ünal, İsmail Hakkı, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı*, s.45.

Мутаватир так маалыматты камтыгандыктан анын санадка муктаждыгы жана санад менен равинин иликтөөгө алынып-алынбашы туурасында кайчылаш пикирлер бар. Ибн Хажар аль-Аскалани мутаватир хадисти иликтөөгө алган адамды хадис илиминин сыртында калаарын айткан. Анын айтымында, мутаватир хадис менен андагы равилер иликтөөгө алынбастан амал кылынат.[72]

Айрым аалымдар мутаватир хадистердин саны өтө эле аз дешсе, айрымдары жок, дешкен. Кээ бир аалымдар "ман каззаба" хадисин мутаватир хадиске жалгыз мисал катары беришкен. Кээ бир аалымдардын айтымында, хадис китептериндеги риваяттар мутаватир боло албайт. Себеби алардын иснаддары бар жана бул санаддар жана санаддардагы равилер иликтөөгө алынат.[73] Тактап айтканда, Ибн Хажардын айтканынын тескерисинче, китептердеги хадистердин бардыгы хадис илиминде иликтөөгө алынат. Бирок жогоруда да атап өткөндөй эле азан, ажылыктын орундалышы, орозо жана курман айт намаздары сыяктуу жалпы массалык практикага таянган ибадаттар мутаватир болуп саналат. Ошондуктан буларга байланыштуу равилердин айткандары жана хадис китептеринде бирден келген маалыматтар мутаватир катары кабылданбайт.[74]

Буга башка мисал бере турган болсок, Аз. Пайгамбардын дүйнө салышына жакын вада (коштошуу) ажылыгына баргандыгы жана түрдүү кутбаларды окугандыгы таватур даражасындагы маалыматтардан болуп саналат. Албетте, бул муундан-муунга өткөрүп берүү менен белгилүү. Бул боюнча Пайгамбардын вада ажылыгын орундаткандыгын билдирген бирден келген риваяттар болсо дагы, булар мутаватир даражасында эмес.

Коштошуу ажылыгында Пайгамбардын (с.а.в.) эң көп сандагы адамдарга кутба окуп берүүсү жалгыз равилер аркылуу келгендиктен мутаватир даражасына жеткен эмес. Бул жердеги таватур, Пайгамбардын коштошуу ажылыгында кутба берүүсү болуп саналат. Бул жерде таватур матндарга (хадис тексттеринде) салыштырмалуу окуяларда десек туура болот.

---

72 Tartı, Nevzat, *Muhtasar Hadis İlimleri ve Usulü,* s.72.

73 Tartı, Nevzat, *A.g.e.*, s.72.

74 Kırbaşoğlu, M. Hayri, *Alternatif Hadis Metodolojisi,* s.92-104; *İslâm Düşüncesinde Hadis Metodolojisi,* s.93 v.d.

Мутаватир хадистин ар табакасындагы равилердин саны туурасында так маалымат жок. Бирок хадис китептеринде орун алган санаддарынын сөзсүз түрдө болуусу керек. Бул санаддарда хадис мутаватир даражасына жетти делген таянак чыккандан кийин бардык санаддардагы равилерди бирден иликтеп чыгуунун кажети жок. Бирок иликтөө маалында мутаватир болгондугу белгисиз жана ахад хадис деп эсептелгендиктен санад жана матн белгилүү ыкмалардын негизинде иликтөөгө алынат.[75] Бир хадистин мутаватир болуп-болбогондугун изилдеген аалым тийиштүү изилдөөлөрдүн натыйжасында гана өкүм чыгарат. Бул дагы бир хадистин мутаватир болуп-болбогонун аныктоонун ижтихади экендигин айгинелейт.[76]

Мутаватир хадистин даражасын көтөргөн жагдай, маалыматтын булагына таандык экендигинин аныктыгында болуп саналат. Тагыраак айтканда, кабар катъи (так) маалыматты билдирет. Чындыгында Куран күнүбүзгө чейин мутаватир жолу менен келген. Мутаватир хадистин Пайгамбарга (с.а.в.) караштуу экендигинде жана так маалыматты камтыгандыгында да шек жок. Аз. Пайгамбарды түздөн-түз уккандар үчүн сөздүн санадында маселе деле жок. Ал эми кыйыр түрдө уккандар үчүн бирдей тактыкты билдирүүсү хадистин мутаватир болгонун караштуу. Бирок хадистерде мутаватирдин бар экендиги талаштуу бойдон калууда. Бул талаш-тартыш негизинен лафзи мутаватир менен байланыштуу. Лафзи мутаватир хадиске мисал катары берилген бир канча хадистин ичинен бири, айрым аалымдардын көз карашында жалгыз үлгүсү болгон "ман каззаба" хадисинин сөздөрүндө да келген риваяттардын арасында да айырмачылыктар деле бар. Мисалы үчүн, айрым риваяттарда "муааммидаан" деген сөз жок. Андыктан бул хадистин дагы Аз. Пайгамбардын оозунан чыккан сөздөрдү жүз пайыз билүү мүмкүн эмес.

Мутаватир хадистердин таватуру канчалык көтөрүлсө-көтөрүлсүн мутаватир бойдон калат. Себеби таватурдан жогору турган даража жок. Бирок табакалардын биринде таватур шарттары болбогон учурда

---

[75] Aydınlı, Abdullah, *Hadis Tesbit Yöntemi*, s.120.
[76] Aydınlı, *A.g.e.*, A.y.

хадистин даражасы ахад хадистер даражасына түшөт жана даража машхур, азиз жана гариб мартабасына карай ылдыйлайт.[77]

Мутаватир хадистерге байланыштуу эмгектер өтө кеч жазылган. Алар алгачкы доордо жазылган хадис адабияттарында орун алган эмес. Мутаватир хадистерди топтогон эмгектердин ичинен эң маанилүүлөрү төмөнкүлөр:

1. Суйути, *аль-Фаваиду-л-мутакасира фи-л-ахбари-л-мутаватира ва аль-азхару-л-мутанасира фи-л-ахбари-л-мутаватира.*

2. Мухаммед, Муртаза-л-Хусайни, *аль-Лаали-л-мутанасира фи-л-ахадиси-л-мутаватира.*

3. Сыдык б. Хасан б. Али аль-Каннужи. *Аль-Хирзу-л-макнун мин лафзи-л-маъсуми-л-мамун.*

4. Жаъфар аль-Хусайни аль-Каттани. *Назму-л-мутанасира мина-л-хадиси-л-мутаватир.*

Бир хадистин мутаватир болуусу Пайгамбарга (с.а.в.) таандык экендигинде кандайдыр бир шек саноонун жоктугу дегенди билдирет. Ушул себептен улам Ислам аалымдарынын көбү мутаватир хадисти так маалымат камтыйт деген пикирди карманышкан. Мутаватир хадис берген так маалымат түздөн-түз (милдеттүү) же кыйыр (назари/касби) болгондугунда пикир келишпестик болгону менен аалымдардын басымдуу бөлүгү милдеттүү маалымат деген көз карашты карманышкан. Ушул себептен акыл-эси жайындагы адамдын диний маселелердеги мутаватир кабарды четке кагуусунун Пайгамбарды жалганга чыгаруу жана ага каршы келүү дегенди билдиргендиктен аны куфурга алып барарын белгилешкен. Бирок бул жакта так маалымат хадистин мааниси эмес, булагына караштуулугу.

Б. Ахад хадис

Кыскача айтканда, ахад хадис мутаватирдин шарттарына ээ болбогон хадис болуп саналат.[78]

---

[77] Ahmet Naim, *Tecrid-i Sarih Tercümesi*, (*Mukaddime)*, s.111-112; Çakan, İsmail Lütfi, *Hadis Usulü*, s.95; Koçyiğit, Talat, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis 2*, s.82-83.

[78] Таххан, Махмуд. Тайсиру мусталахи-л-хадис. 27-б.

هو ما لم يجمع شروط المتواتر

Ахад хадис деп кайсы бир табакада равинин саны мутаватир хадистин равилеринин санына жетпеген хадистерге айтылат.[79] Аталган аныктамадан маалым болгондой кандайдыр бир табакада мутаватирдин даражасына жетсе дагы башка табакаларда мутаватир даражасына жетпей калган хадистер ахад хадистердин категориясында каралат. Ушул өңдүү риваяттар "хабар-и вахида" жана "хабар-и хасса" деп да аталат. Алгачкы кылымдарда ахад хадис жалгыз киши тарабынан риваят кылынган хадистерге берилген ысым эле жана карама-каршылык болгон жагдайларда рависи көбүрөөк болгон хадистерге караганда анча өтүмдүү деп эсептелинген эмес.

Бирок кийинчерээк ар бир табакада бирден көп рависи болсо дагы мутаватирдин деңгээлине жетпеген ар бир риваят кылынган хадис ахад хадис катары кабыл алынган.[80] Аз. Пайгамбардан риваят кылынган хадистердин дээрлик көпчүлүгү ушундай хадистерден турат. Башкача айтканда, хадистерге толгон китептерде дээрлик баары ахад хадистер түзөт.[81] Хадис илиминин темасы да дал ушул ахад хадистер.[82]

Ахад хадистердин аныктыгы мутаватир хадистерден айырмаланып занн-ы галиб (чындыкка жакын болгон күмөн) менен жүзөгө ашат. Ислам аалымдарынын дээрлик көпчүлүгүнүн пикири боюнча ахад хадистер милдеттүү илим (зарури илим) эмес, ыктымалга таянган илимди түшүндүрөт. Ханафилер, Шафийлер, Маликийлердин айрымдары дал ушул көз карашта. Ахмад бин Ханбал, Имам Малик жана хадисчилердин дээрлик көпчүлүгү ахад хадистердин милдеттүү илимди билдириши үчүн сихаттинин бекем болушун билдиришкен.[83] Харижилер жана Мутазиланын көз карашы боюнча ахад хадис сиххати бекем болсун-болбосун баары бир милдеттүү илим дегенди билдирбейт.

Ахад хадистерди жүз пайыз анык, так деп айтууга болбойт.[84] Хабар-и вахид (хабару-л-ахад) деген терминди да чынында мутаватир сыяктуу

---

79 Abdullah Aydınlı, *Hadiste Tesbit Yöntemi*, s.113.

80 İsmail Hakkı Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı*, s.46; Yücel, Ahmet, *Hadis Usûlü*, s.150.

81 Çakan, İsmail Lütfi, *Hadis Usûlü*, s.94.

82 Koçyiğit, Talat, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis 2*, s.82.

83 Uğur, Mücteba, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.7.

84 Ertürk, Mustafa, "Haber-i Vâhid" mad., *DİA*, XIV/350.

динде далил болуп-болбогондугу боюнча көбүрөөк калам жана фикх аалымдары тарабынан колдонулган.[85] Так илимди билдирбегендиги үчүн ахад хадистердин итикадий (ишеним боюнча) далил болбой тургандыгы Мутазила, Ашарий жана Матуридий калам аалымдары тарабынан жалпы бир принцип катары кабылданган. Анткени ишеним негиздери бир гана так далилдер менен аныкталат.[86]

Ислам аалымдарынын басымдуу бөлүгү боюнча ахад хадистер так илим эмес, ыктымалга таянган илим дегенди билдирет. Айрым аалымдардын пикири боюнча ахад хадистердин так илим дегенди билдириши үчүн хадистин сахих болушун шарт деп эсептешет. Ушул өңүттөн алганда амал кылына турган бир хадистин равилеринин ишенимдүү болушу жана санадынын үзгүлтүксүз болушу керек.[87]

Ахад хадистер ар катмарда аларды ривает кылган равилердин санына жараша "машхур", "азиз" жана "гариб" болуп үч топко бөлүнөт.

1. Машхур

Кайсы бир табакада эң аз үч рави тарабынан ривает кылынган, бирок таватур даражасына жетпеген хадистерге айтылат.

Арабча аныктамасы төмөнкүчө:

ما رَواهُ ثلاثةٌ فأكثرُ –في كلِّ طَبقةٍ– ما لمْ يَبلُغْ حَدَّ التواتُرِ

Машхур хадистер атак-даңкы канчалык жогоруласа жогоруласын мутаватир даражасына көтөрүлө албайт. Бир хадис үчтөн аз сахабадан ривает кылынган болсо дагы, башка табакалардын кайсы бирөөсүндө эң аз үч рави тарабынан ривает кылынган болсо, бул хадис машхур деп аталат. Кайсы бир табакада эң аз үч киши тарабынан ривает кылынган хадис, башка табакаларда мутаватир хадистин даражасына жеткен болсо деле машхур хадис катары кабыл алынат. Башталышында бир эки киши тарабынан ривает кылынып, кийинчерээк көп киши тарабынан ривает кылынган хадистер машхур хадистин категориясына кирет.

Машхур хадистерге төмөнкүчө мисал берсек болот

---

[85] Tartı, Nevzat, *Muhtasar Hadis İlimleri ve Hadis Usûlü,* s.74.

[86] Hansu, Hüseyin, *Mütevatir, Hadis*, s.65; Apaydın, H. Yunus, "Mütevatir" mad., *DİA*, XXXII, 208.

[87] Uğur, Mücteba, *A.g.e.,* A.y.

المؤمن يأكل في معى واحد و الكافر يأكل في سبعة أمعاء
Момун мусулман бир ашказанды тойгуза турганчалык гана жеп-ичет, ал эми каапыр болсо жети ашказанды тойгуза турганчалык жеп-ичет." (Бухарий, "Атима", 12; Муслим, "Ашриба", 184, 185).

Бул хадисти сахабаларды да кошкондо ар табакада эң аз үч киши риваят кылган. Ошондуктан бул машхур хадис болуп саналат.

Машхур термини кээде алгачкы дооpлордо жана өзгөчө сахабалардын табакасында бир киши тарабынан риваят кылынганына карабастан кийинки табакаларда кеңири түрдө риваят кылынган хадис үчүн да колдонулат.[88] Машхур хадистерге "ниет хадиси" катары таанылган төмөнкү хадисти мисал келтирсек болот:

حَدَّثَنَا الْحُمَيْدِيُّ عَبْدُ اللَّهِ بْنُ الزُّبَيْرِ قَالَ حَدَّثَنَا سُفْيَانُ قَالَ حَدَّثَنَا يَحْيَى بْنُ سَعِيدٍ الأَنْصَارِيُّ قَالَ أَخْبَرَنِى مُحَمَّدُ بْنُ إِبْرَاهِيمَ التَّيْمِيُّ أَنَّهُ سَمِعَ عَلْقَمَةَ بْنَ وَقَّاصٍ اللَّيْثِيَّ يَقُولُ سَمِعْتُ عُمَرَ بْنَ الْخَطَّابِ – رضى الله عنه – عَلَى الْمِنْبَرِ قَالَ سَمِعْتُ رَسُولَ اللَّهِ – صلى الله عليه وسلم – يَقُولُ « إِنَّمَا الأَعْمَالُ بِالنِّيَّاتِ ، وَإِنَّمَا لِكُلِّ امْرِئٍ مَا نَوَى ، فَمَنْ كَانَتْ هِجْرَتُهُ إِلَى دُنْيَا يُصِيبُهَا أَوْ إِلَى امْرَأَةٍ يَنْكِحُهَا فَهِجْرَتُهُ إِلَى مَا هَاجَرَ إِلَيْهِ
"Малик бизге Йахйа бин Саидден, ал Мухаммед бин Ибрахимден, ал Алкама бин Ваккастан, ал дагы Умар бин Хаттабдан риваят кылды жана ал мындай деген: *"Алланын элчиси (с.а.в) төмөнкүчө буйурду: "Амалдар ниетке жараша болот. Киши эмнеге ниет кылса ошону алат. Ушул себептүү кимде кимдин хижраты Алла жана пайгамбары үчүн болсо анын хижраты Алла жана пайгамбары үчүн болгон болот. Жана ошондой эл, кимдин хижраты байлык топтоо же болбосо үйлөнө турган аял үчүн болсо эми анын хижраты да хижрат кылган жери үчүн болгон болот!"* Бухарий, "Бадуль-Вахий", 1, "Иман", 41, *Никах*, 5; Муслим, "Имарат", 155.

Бул хадисти Аз. Умардан бир гана Алкама, Алкамадан бир гана Мухаммед, Мухаммедден бир гана Йахйа бин Саид аль-Ансарий риваят

---

[88] Kahraman, Hüseyin, *Hadis El Kitabı*, s.294.

кылса дагы бул акыркы равиден көптөгөн киши риваят кылган жана хадис машхур болгон. Хадисчилердин көз карашы боюнча бир хадис машхур болушу үчүн аны "ахад" болуудан чыгарбайт жана мутаватир даражасына жеткирбейт. Ушул себептен машхур хадис сынга алынат (танкид) т.а. ишенимдүү болуп болбогондугу да хадисти бири-бирине байланыштырган аталган ысымдардын бири-бирини чындыгында көрүп-көрбөгөндүгү (мулакат) же болбосо угуп укпагандыгы (самаъ) такталат. Мындай тактоонун натыйжасында келип чыккан жыйынтык боюнча хадистин сахих, хасан, заиф же мавзу экендигине чечим чыгарылат. Натыйжада машхур хадис менен пайда болгон илим ыктымалга таянган илим болуп саналат.[89]

Машхур термини Ханафий фыкыхы менен Ахли-сүннөт каламы сыяктуу кээ бир тармактарда башкача каралат. Ханафий фыкыхынын усулу боюнча машхур *"санаддын өзөгү тагыраагы, сахаба табакасында ахад болуу менен бирге фарий тактап айтканда кийинчерээк келген муундарда мутаватир даражасына көтөрүлгөн хадис"* деген таризде аныктама берилет. Башкача айтканда, бир хадис Аз. Пайгамбардан жалган үчүн биригүүлөрүнө ыктымал сандагы кишиден риваят кылынганына карабастан экинчи жана үчүнчү кылымдардан тартып мутаватир даражасына көтөрүлсө "машхур" деген ысым ыйгарылат. Алгачкы үч кылымда белгилүү болуп, талапка ылайык түрдө амал кылынуусу, хадистин Пайгамбарга (с.а.в.) тиешелүүлүгү боюнча өтө маанилүү баага татыйт. Аталган илимдин тармактарында машхурдун ордуна кээде "мустафиз", "мааруф", "муштахир" сыяктуу терминдер да колдонулат.[90]

Хадис усулунда "машхур" термини лексикологиялык маанисине ылайык түрдө эл арасында атак-даңкка ээ болгон риваяттар үчүн да колдонулуп жүрөт. Бул мааниде машхур санады болсо да болбосо да негизи болсун болбосун эл оозунда кыдырган бардык хадистерди камтыйт. *"Өз напсисин билген адам Жаратуучусун да билет."*, *"үммөтүмдүн талашып-тартышуусунда ырайым бар."*, *"амалдардын эң жакшысы ортосаар жолду кармануу"*, *"адамдарга акыл деңгээлине жараша сүйлөгүлө"*, *"үммөтүмдүн аалымдары Исраил уулдарынын пайгамбары сыяктуу"* жана *"Эй Мухаммед, сен болбогондо аламдарды жаратпайт элем"* сыяктуу риваяттар канчалык эл арасында кеңири таанымал болсо дагы алардын Аз. Пайгамбарга чейин созулган бекем

---

[89] Kahraman, Hüseyin, *Hadis El Kitabı*, s.295-296.
[90] Kahraman, Hüseyin, *Hadis El Kitabı*, s.296.

санаддары жок. Өзгөчө фыкых аалымдары, хадис аалымдары, усул аалымдары, тасаввуфчу сыяктуу кээ бир топтор же кесиптик группалардын алдында машхур болгон болгон хадистер да бар.[91]

2. Азиз

Кайсы бир табакада эки рави тарабынан гана риваят кылынган хадистер "азиз хадис" деп айтылат. Азиз хадистин ушуга окшогон дагы бир аныктамасы төмөндөгүдөй:

أن لا يقل رواته عن اثنين في جميع طبقات السند

"Санаддын ар бир табакасында равилердин саны экиден аз болбогон хадис"[92]

Азиз хадистин санадында орун алган риваят табакаларынын ар биринде равилердин саны экиден аз болбошу керек. Ар табакада эң аз эки кишинин болуусу шарты менен айрым табакаларда үч же андан көбүрөөк рави болсо деле айырмасы жок. Анткени азиз хадис үчүн эреже негизинен санадда орун алган рави табакаларынын эң азына жараша коюлган.[93] Хадистер равинин санына жараша аталса, равилердин санынын "эң аз санга" түшкөн орду эске алынат. Бул "الإعتبار على الأقل" деп аталат. Хадис да ушуга жараша аталат.[94]

Чынында азиз хадис жалгыз бир киши тарабынан риваят кылынган деп эсептелет, ал эми изилдөөнүн натыйжасында бир эле хадисти башка бир равинин риваят кылганы белгилүү болот. Ошентип хадис дагы да бекемделип, ардактуу деген маанидеги "азиз" деген ат ыйгарылат.[95] Кайсы табакада үч же үчтөн көп рависи болгон хадис машхур боло турган болсо, кийин келген табакалардын биринде бул сан экиге чейин түшө турган болсо хадис машхур болбой калат да, ал "азиз" хадис деп аталат. Кээ бир табакаларда болгону эки эле, ал эми калган табакаларда эң аз эки

---

91 Uğur, Mücteba, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.221.
92 Tahhân, Mahmûd, *Teysîru Mustalahi'l-Hadîs*, s.35.
93 Tahhân, Mahmûd, *Teysîru Mustalahi'l-Hadîs*, s.35.
94 Kahraman, Hüseyin, *Hadis El Kitabı*, s.297.
95 Selman Başaran, M. Ali Sönmez, *Hadis Tarihi ve Usulü*, s.108.

рависи болсо да бир гана бир сахабадан риваят кылынган хадис да азиз категориясына кирет.[96]

لاَ يُؤْمِنُ أَحَدُكُمْ حَتَّى أَكُونَ أَحَبَّ إِلَيْهِ مِنْ وَالِدِهِ وَوَلَدِهِ وَالنَّاسِ أَجْمَعِينَ
"Силердин араңардан кимдир бирөө мен ага атасынан, балачакасынан жана бардык адамдардан да сүйүктүү болмоюнча толук ыйман келтирген болбойт!" (Бухарий, Иман, 8; Муслим, Илим, 13.)

Бул хадисти сахабадан Анас жана Абу Хурайра, Анасдан Катада жана Абдулазиз бин Сухайб, Абдулазизден Абдулварис жана Исмаил бин Улайя, Катадан Шуъба жана Саид, алардан да бир канча киши риваят кылган. Ошондуктан бул хадис ар табакада эң аз эки рави болгондугу үчүн "азиз" деген ат ыйгарылган.

Азиз хадистин аныктамасындагы "кайсы бир табакада эки рави тарабынан риваят кылынган хадис" менен "ар табакада эки кишиден риваят кылынган хадис" деген аныктаманын ортосунда айырма жок. Азиз хадис кээ бир аалымдар тарабынан "ар табакада бир гана эки киши риваят кылган хадис" деген таризде аныктама берилген. Бирок аталган аныктама жактырылган эмес жана ар кандай каршылыктарга туш болгон.[97] Атап айтсак, жогоруда көрсөтүлгөн азиз хадиске карата берилген мисалда хадис сахаба табакасында эки равиден риваят кылынгандан кийин дагы башка иснады менен бирге табакаларда үч кишиден жана андан көп равиден риваят кылынат.

3. Гариб/Фард

Сөздүктө "бөтөн, шордуу, эч кимиси жок жана мекенинен алыс жерде жалгыз башына калган киши" деген маанилерге келген гариб – хадис терминологиясында бир киши тарабынан риваят кылынган же болбосо кайсы табакадан болсо болсун рави жалгыз өзү эле риваят кылган хадис деген аныктама берилет.[98] Гариб хадистин кыскача араб тилиндеги аныктмасы төмөнкүдөй:

---

[96] Uğur, Mücteba, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.35.
[97] Kahraman, Hüseyin, *Hadis El Kitabı*, s.297.
[98] Talat Koçyiğit, *Hadis Usulü*, T.D.V.Y., s. 26.

هو ما يَنفَرِدُ بِروايَتِهِ راوٍ واحِدٌ

"(Гариб), бир равинин риваятта жалгыз калуусу."[99]

Гариб термини хадис усулунда төмөнкүчө мааниде колдонулат:

- Матн же иснад жагынан жалгыз калган
- Ушуга окшогон башка равилер тарабынан риваят кылынбаган
- Өтө көп заиф равинин жанында бир гана ишенимдүү (сика) рави тарабынан риваят кылынган
- Көпчүлүк тарабынан дал өзүндөй риваят кылынса, бир рави тарабынан гана түрдүү риваят кылынган.

Жогорудагы аталган аныктамаларды эске ала турган болсок гариб кайсы бир тараптан өзүнө мүнөздүү бир өзгөчөлүк жана айырмачылыгы болгон хадис деген мааниге келет.[100] Хадисти риваят кылгандардын саны боюнча карай турган болсок гариб термини - *"равинин саны кайсы бир табакада бирге чейин азайган же кайсы бир табакада бир рави тарабынан гана риваят кылынган хадис"* деген таризде аныктама берилет.

Хадис терминологиясында жогоруда аныктамасы берилген гариб хадистин аныктмасы "фард" деген сөз менен да түшүндүрүлөт. Ушуга байланыштуу акыркы аныктама эске алына турган болсо "гариб" менен "фард" деген терминдер бир мааниге келет. Акыркы берилген аныктмага мисал катары көрсөтүлгөн хадистерди "фард", жогоруда белгиленген гариб сөзүнүн төрт маанисинен бирөөнү алып жүргөн хадистерди "гариб" термини менен атагандар да бар.[101] Гариб хадиске төмөнкү хадисти мисал катары берсек болот:

حَدَّثَنَا يَحْيَى بْنُ يَحْيَى التَّمِيمِيُّ، أَخْبَرَنَا سُلَيْمَانُ بْنُ بِلَالٍ، عَنْ عَبْدِ اللهِ بْنِ دِينَارٍ، عَنِ ابْنِ عُمَرَ، «أَنَّ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ نَهَى عَنْ بَيْعِ الْوَلَاءِ، وَعَنْ هِبَتِهِ
Ибн Умардан риваят кылынганына караганда "Алланын элчиси (с.а.в) азаттыкка чыккан бир кулдун камкорлук укугуннун сатылышына жана белекке берилишине тыюу салды." (Муслим, "Итк", 16.)

[99] Tahhân, Mahmûd, *Teysîru Mustalahi'l-Hadîs*, s.38.
[100] Kahraman, Hüseyin, *Hadis El Kitabı*, s.298.
[101] Kahraman, Hüseyin, *A.g.e.*, s.298.

Табиинден Абдуллах бин Динар бул хадисти Ибн Умардан жалгыз риваят кылган. Ошондуктан бул хадис гариб хадис болуп саналат.

Гариб хадис риваятына жалгыз калган равинин турган жерине жараша эки топко бөлүнөт.

а. Фард-и мутлак (Гариб-и мутлак):

Хадис терминологиясында "фард" мейли сөздүк жагынан мейли терминологиялык жактан болсун гарибдин синоними болуп саналат. Бирок терминологиялык боюнча аалымдар эки сөздүн ортосунда тең алардын колдонулушунун аздыгына же көптүгүнө жараша бөлүп карашкан жана "фард" ысымын көбүнчө фард-и мутлак "гариб" ысымын да фарди нисби үчүн да колдонушкан.[102] Ушуга байланыштуу "фард" деп айтылганда көбүнчө фарди мутлак, ал эми "гариб" дегенде болсо фарди нисбий дегенди билдирет.[103]

Фард терминин гарибдин синоними катары да колдонулгандыгы эске алына турган болсо сөздүн хадис терминдик жактан маниси иснаддын кайсы бир жеринде рависи жалгыз калган хадистин түрүнө кирет. Бирок бул түрү хадистердин аныктамасында колдонулган сөз көбүнчө "гариб" сөзү болуп саналат. Фард термини көбүнесе гарибдин түрлөрүнөн сөз кылгандыгы үчүн колдонулган.[104]

Риваятында жалгыз калган рави эгерде санаддын өзөктүү бөлүгүндө (аслу-с-санад) тагыраагы, баш тарабында сахаба же табиин табакасында болсо бул хадиске "гариби мутлак" деп айтылат. Ушуга байланыштуу хадисти Пайгамбардан (с.а.в.) бир эле сахаба, бул сахабадан болсо бир эле табиин риваят кылган дегенди билдирет. Гариб менен фард терминдеринин бирдей мааниде колдонулушуна көңүл бура турган болсок, мындай хадистер "фарди мутлак" катары да аталат. Фарди мутлакта равинин жалгыз калганы санаддын кайсы бир жеринде эмес, өзгөчө хадисти Аз. Пайгамбардан риваят кылган сахаба же сахабадан риваят кылган табиинде.

---

[102] Koçyiğit, Talat, *Hadis Usûlü*, s.28.
[103] Uğur, Müctebâ, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.93.
[104] Koçyiğit, Talat, *Hadis Usûlü*, s.28.

الإيمَانُ بِضْعٌ وَسِتُّونَ شُعْبَةً ، وَالْحَيَاءُ شُعْبَةٌ مِنَ الإِيمَانِ
"Ыйман алтымыш бөлүктөн турат. Уялуу да ыймандын бир бөлүгү." (Бухари. *Иман*. 3)

Бул хадисти Абу Хурайрадан бир гана Абу Салих, Абу Салихден болсо бир гана Абдуллах бин Динар риваят кылган. Бул хадисте эки рави жалгыз калган. Хадистеги жалгыз калуу санаддын башында болгондугу үчүн хадис - "гариби мутлак" же болбосо "фарди мутлак" деп аталган.

б. Фарди нисбий (Гариби нисби)

Фард хадистердин экинчи бөлүгү болгон фарди-нисбий, равилердин бирине караганда фард болгон хадистин түрү болуп саналат. Фард-и нисби жалпысынан жекелик түргө салыштырмалуу фард болгон хадис катары аныктама берилет. Ибн Хажар аль-Аскаланийдин көз карашы боюнча фарди нисбий, санадын баш жагында эмес, ортосунда гариб кездешкен хадис.[105] Муну төмөндөгүдөй схема менен көрсөтсөк болот:



Айрыкча, хадис усулу боюнча аалымдар *фард* деген сөздү көбүнчө *фарди мутлак, гариб* сөзүнүн болсо *фарди-нисбий* үчүн колдонушкан.[106] Ошол үчүн *фарди-нисбий* кээ бир аалымдардын пикири боюнча *гариб* терминин синоними болуп саналат. Атап айтсак, *гариб* термини *матн*

---

[105] Uğur, Mücteba, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.94.
[106] Ибн Хажар. *Нухбату-л-фикар*. 81-б.

же болбосо иснад жагынан жалгыз калган же ушуга тең башка равилер тарабынан риваят кылынбаган хадис деп мүнөздөлгөн.[107] Риваяттын сахих болушу үчүн зарыл болгон шарттар белгилүү. Ошондуктан ривает гариб болсо дагы ишенимдүү равилерден келген учурда аны *сахих* катары кабыл алуу керек.[108] Бирок буга карабастан гариб хадистер, хадис имамдарынын пикири боюнча анча жактырылган эмес, ал турсун гариб хадистерден сактануу керек экендиги баяндалган. Ибну-с-салах *фард* терминин *"Мукаддима"* аттуу эмгегинде хадис илимдеринин он жетинчиси деген теманын алкагында *"маруфатуль-афрад"* деген аталышта кеңири баяндалган. Ал эми *фарди-нисбий* терминине аныктама берип жатып төмөнкүлөрдү айткан:

Сахабадан Аз. Умар ривает кылган *"амалдар ниетке жараша болот"*[109] деген хадисин табиинден Алкамадан, кийинчэрээк Мухаммед бин Ибрахимден, кийин Йахйа бин Саид аль-Ансарийден жалгыз равилер менен ривает кылынган, андан соң көптөгөн равилер тарабынан ривает кылынган. Бул мисалды карап көрө турган болсок, риваяттын өзөгү тагыраагы баш тарабы болгон бөлүктөн сахаба да табиин да жалгыз калган. Табиинден кийин келген эки рави дагы жалгыз калган. Башкача айтканда, санаддын ортосунда да тафарруд бар. Кийинчерээк хадис бир канча рави тарабынан ривает кылынып, атактуулукка жеткен. Мындай абалда аталган хадистин "гариби-мутлак" жана "гариби-нисбий" экендигин айтсак болот.

حَدَّثَنَا يَزِيدُ بْنُ زُرَيْعٍ، عَنْ خَالِدٍ الْحَذَّاءِ، عَنْ أَبِي قِلَابَةَ، عَنْ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ مُحَيْرِيزٍ، عَنْ أُمِّ الدَّرْدَاءِ، عَنْ أَبِي الدَّرْدَاءِ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَآلِهِ وَسَلَّمَ قَالَ: مَا وُضِعَ فِي الْمِيزَانِ أَرْجَحُ مِنْ حُسْنِ الْخُلُقِ
Таразага жакшы адеп-ахлактан дагы оор эч бир амал коюлган жок. (Табараний, *аль-Муъжамус-сагир*. I/331)

Бул хадисти Халид аль-Хаззадан бир гана Йазид бин Зурай ривает кылган. Ошондуктан бул хадис, Халид аль-Хаззага караганда фарди-нисбий болот. Албетте, бул гариби-нисбий деп да аталат.

---

[107] Polat, "Garîb", s. 375; Koçyiğit, *Hadis Istılahları*, s. 114.
[108] Koçyiğit, *Hadis Istılahları*, s. 114.
[109] Бухари. *Баду-л-вахий*. 1.

Хадис риваятында жалгыз калуу (тафарруд) бир хадисти бир гана бир шаар же өлкө жашоочуларынын ривает кылуусу менен дагы пайда болот. Бул хадистер тафарруд камтылгандыгы үчүн фарди нисбий же гариби-нисбий деп аталат.[110] Бир шаарга отурукташкан равинин бир гана ошол жерде ривает кылуусу себебинен улам ошол аймакта гана таанылган жана "Шамдыктардын хадиси, Куфалыктардын хадиси, Хижаздыктардын хадиси" сыяктуу сөздөр менен таанылган хадистер пайда болгон. Аларга "афрадуль-булдан" деп да айтылган. Ар кайсы илимий борборлордо угузулган хадистердин бул аймактарга жараша чогултулуп бөлүштүрүлүү аркылуу пайда болгон хадис жыйнактарына "булданиййа" деген ат берилген. Абу Давуд, *Афрадуль-Булдан* аттуу эмгегин ушундай хадистерди чогултуу максатында жазган.[111]

"Гариб" матн жана иснад жагынан эки бөлүккө бөлүнөт. Алардын биринчисине "гарибуль-иснад", ал эми экинчисине "гарибуль-матн" деген ат ыйгарылган.

a) ***Гарибу-л-иснад:*** хадисти сахабадан бир топтун ривает кылуусу катары биленсе да башка бир равинин башка бир сахабадан жалгыз өзү ривает кылган хадис.

b) ***Гарибу-л-матн:*** равинин хадистин тексттин ривает кылууда жалгыз калгандыгы, башкача айтканда, өзүнөн башка бирөө тарабынан ривает кылынбаган матн менен келген хадис.[112]

Санады жана матны ишенимдүү болгон гариб хадис, орундуу деп эсептелүү менен бирге равилери көбүрөөк болгон башка ишенимдүү риваяттар менен карама-каршы келген учурда ташталат.[113] Гариб хадистер көбүнесе сахих болуу менен бирге хадистин иснадында жалгыз калуу сиххатты жок кылуучу сапат катары эсептелинген эмес. Хадис аалымдарынын көз карашы боюнча бир хадистин гариб/фард болушу анын сахихтигин (ишенимдүүлүгүн) аныктаган элемент эмес. Атап айтсак, Бухарий жана Муслимдин эмгектеринде 200гө жакын фард жана гариб хадистин кездешкендиги аныкталган.[114] Бир хадистин фард экендигин айткан киши анын башка бир тарики жана рависи болбогондугун билдирет. Бирок канчалык абройлуу болсо болсун хадис

---

[110] Uğur Müctebâ, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.94.
[111] Yücel, Ahmet, *Hadis Usûlü*, s.154.
[112] Uğur, Mücteba, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.102.
[113] İsmail Hakkı Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı,* s.47.
[114] Yücel, Ahmet, *Hadis Usûlü*, s.154.

аалымынын фард экендигин айткан хадистин бардык санаддарын билгендигин чечкиндүү түрдө айтуу мүмкүн эмес. Ушул себептүү фард же гариб деп эсептелген бир хадистин башка иснаддар менен ривает кылынып кылынбагандыгын изилдөөгө тоскоолдуксуз жагдай болуп саналат.[115]

Гариб хадис риваятта жалгыз калган равинин адалеттүүлүк жана забт жагынан ылайык болгон даражасына жараша сахих, хасан же заиф болушу мүмкүн. Муну менен бирге равинин хадистин риваятында жалгыз калуусу, ката жана жаңылыштык кетирүү ыктымалдыгын күчөткөн жана равиге карата ишенимсиздикти жараткан орчундуу фактор болуп саналат. Ошондуктан гариб хадистер өзүндөгү алсыздык жана жашыруун кемчиликтердин (иллет) себебинен көбүнчө сахих эмес. Анткени кандайдыр бир хадистин сиххати равилеринин ишенимдүү болуусу сыяктуу башка шарттарга таянат. Риваятында жалгыз калган бир рави ишенимдүү болсо дагы хадисин сахих катары кабыл албай коюуга эч бир себеп жок.[116]

Бир гариб хадис башка бир иснад менен ривает кылынган учурда гариб болбой калат. Иснаддагы равилердин санына жараша азиз же болбосо машхур даражасына көтөрүлөт.[117]

III. ИСНАДДАГЫ РАВИ САНЫНЫН АЗ ЖЕ КӨПТҮГҮНӨ ЖАРАША ХАДИСТЕР

Али (хадисти эң кыска жолдор менен Аз. Пайгамбарга жеткирген иснад) жана назил (хадисти Аз. Пайгамбарга көп рави аркылуу жеткирген иснад) терминдери көбүнесе иснад үчүн колдонулат. Бирок бул эки термин аныктамалардагы өзгөчөлүктөргө ээ иснад менен ривает кылынган хадистерге да колдонулган. Андыктан "али хадис", кыскасы, али иснад менен ривает кылынган хадис деп аталат. "Назил хадис" болсо назил иснад менен ривает кылынган хадис деп аталат. Бирок бул эки термин негизинен иснадга тиешелүү болгондуктан көбүнчө иснад үчүн колдонулган.

---

[115] Polat, Selahattin, "Ferd" mad., *DİA*, XII, 369; "Mütâbaat", *DİA*; XXXII, 181.
[116] Koçyiğit, Talat, *Hadis Usûlü*, s.27.
[117] Uğur, Müctebâ, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.102.

А. Али

Бир иснад ичиндеги рави санынын аздыгы же көптүгү, ал иснадды али же назил кылат. Мисалы, атбау-т табиинден болгон рави, Пайгамбардын (с.а.в.) бир хадисин негизинен эки рави аркылуу алышы абзел; анткени ал хадис бир табиинден, табии сахабадан, сахаба да Пайгамбардан алган.[118]



Бул санадда табау-т табиин менен Аз. Пайгамбардын ортосунда эки рави бар: табиин жана сахаба. Бул санад табау-т табиин үчүн Аз. Пайгамбарга жакын болгондугунан али иснад деп аталат. Анткени мындай жакындык ар дайым кездеше бербейт. Жашоо шарттарында анын ар заманда бир табиин менен жолугушуусуна жана андан хадис угуусуна мүмкүнчүлүк бербегендиги үчүн, хадистерди көпчүлүк учурда бир табиинден эмес, бирок өзү сыяктуу бир табаи табиинден алып жана андан риваят келтирет. Бул абалда аны менен Пайгамбар ортосуна башка бир равияттын кирүүсү менен санад алиден чыгып, назилге айланат. Араларында рави санынын артуусу Пайгамбардан (с.а.в.) алыстоо деген мааниге келет.[119]

Хадис терминологиясында али термини иснадда рави санынын аз болушуна тиешелүү өзгөчөлүктү түшүндүрөт. Ал мааниде али иснад кандайдыр бир хадистин рависи менен булагы болгон Аз. Пайгамбар же ал хадис таанымал хадис имамдары арасында аз сандагы равилер тарабынан риваят кылынышы, же болбосо таанылган хадис китептердин бир авторуна / мусаннифине (классификациялаган автор) ортодо эң аз рави менен жеткен иснад. Иснаддын али болушунун негизи, рави менен

---

[118] Koçyiğit, Talat, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis 2,* s.84.
[119] Koçyiğit, Talat, *A.g.e.*, s.84.

Пайгамбар (с.а.в.) же хадис аалымы ортосундагы жакындык маанисин чагылдырат. Бул жакындыкка "улувв" (сөздүктө "бийиктик" маанисине келет. Хадис терминологиясында али иснад рави санын аз болушу деген маанини берет.) аты берилет. Бул жердеги иснад, ошол эле учурда улувв өзгөчөлүгүнө ээ иснад деп да аталат.[120]

Али иснадга тиешелүү кыска аныктама:

هو الذي كَثُرَ عَدَدُ رجالِهِ بالنسبةِ إلى سندٍ آخَرَ يَرِدُ به ذلك الحديثُ بعددٍ أقلَّ

Бир хадистин санадында орун алган рави саны ошол эле хадис башка бир санадда аз рави менен риваят кылынышы али иснад деп аталат.[121]

Хадисчилер Пайгамбарга (с.а.в.) жакындоого өтө чоң маани беришкен. Иснадда жакындык Пайгамбарга жакындык, Пайгамбарга жакындык да Аллага жакындоо катары бааланган. Йахйа б. Маиндин өлүм алдында акыркы тилеги суралганда: "...бош үй жана али иснад каалайм" – деп айтканы эң жакшы мисал.[122] Бул жакындык да санаддагы рави санын колдон келгенче аз болуусуна алып келген.

Хадисчилер али иснадка ээ болуу үчүн, хадисти дайыма алгачкы булактан алууга максат койушкан. Алгачкы булак кайда болсо, ал жерлерге баруу кээде күч талап кыла турган же чарчата турган жер болсо, мындай түйшүктөн алар баш тартышкан эмес. Хадис тарыхындагы саякаттар көбүнчө бул максаттарда ишке ашкан. Али иснад артынан түшүүнүн башка себеби да, бул иснад менен хадистеги катачылык ыктымалдуулугу назил иснадга салышытырмалуу аз болгондугунда жатат. Анткени ар равинин, аз да болсо ката келтирүү ыктымалуу болгону кабыл алынса, аз сандагы равилердин иснадда ката келтирүү мүмкүнчүлүгү азга эсе.[123]

Али иснадды четке каккан аалымдар да жок эмес. Рамахурмузи ээ бир фикх аалымдарынын али иснад үчүн аймактарга тарагандар тууралуу айткан пикирлерин жазып кеткен:

"...*Талабы (ар бир мусулманга) важиб болгон илимди, негизинен бир пайдасы болбогон кабарларды алуу үчүн ар тарапка кыдырууну адатка*

---

[120] Uğur, Mücteba, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.8.
[121] Таххан, Мухмуд. Тайсиру мусталахи-л-хадис. 224-б.
[122] Ибну-с-Салах. *Улуму-л-хадис.* 256-б.
[123] Koçyiğit, Talat, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis 2,* s.84.

айландырышты. Түндөрү уйкусуз, күндүздөрү (ач жана) суусуз калышты. Минген унааларын чарчатышты. Мекенинен алыс калышты. Артында калгандарга акысын бере алышпады. Ата-энелерине баш көтөрүштү. Аларга карата милдеттерини жана акыларын жеп, күнөөгө батышты. Үй-бүлөдө балдарына керектелген ата тарбиясынан кур калтырышты. Ошентип дүйнө ыракатынан алыс калышты. Анын натыйжасында акыретте кыйынчылыкты тандашты.[124]

Пайгамбар (с.а.в.) доорунан алыстаган сайын жана бир иснадда равилердин саны көбөйгөнү менен али иснадга жетүү татаалдаша баштаган. Ошондуктан хадисчилер Пайгамбарга (с.а.в.) жакын болгон иснад менен бирге белгилүү хадис имамдарынын бирөөнө мисалы, Малик б. Анаска же кутуб-и ситта авторлоруна, Бухари же болбосо Муслимге жакын болгон иснаддарды тандап башташкан. Ошентип али санаддардын мутлак али же нисби али болуп эки түрү пайда болгон.[125] Андыктан хадис усулунда "улувв" төмөнкү бөлүмдөргө бөлүнөт:

1. Сахих иснад менен Расулуллага (с.а.в.) жакын болуу.
2. Хадис имамдардардын бирине жакын болуу.
3. Кутуби Ситта же ал сыяктуу ишеничтүү хадис булактарында орун алган бир риваятка жакын болуу.[126]

Алардан биринчиси "мутлак улувв" "мутлак али иснад"; экинчиси "нисби улувв" - "нисби иснад" бөлүмүнө кирет.

1. Мутлак али иснад

Санадда орун алган равилердин саны башка санаддагы равилердин санынан салыштырмалуу аз болушунан Аз. Пайгамбарга жакын болгон санад мутлак али иснад деп аталат. Мисалы, Бухари 22 чакты хадисти, Пайгамбарга өзүнү үч рави аркылуу жеткирген иснад менен риваят кылган. Тактап айтканда, Бухари, бул хадистерди табаут-табиинден алган, ал дагы табиинден, табиин да сахабадан риваят кылган. Белгилүү болгондой Бухаринин мутлак али иснады үч рави менен келет. Ал эми кээ

---

[124] Рамахурмузи. аль-Мухаддису-л-фасл. 2-б.
[125] Koçyiğit, Talat, *İmam Hatip Liseleri İçin* Hadis 2, s.84.
[126] Таххан, Мухмуд. Тайсиру мусталахи-л-хадис. 225-б.

бир хадистерди Бухари 9 рави аркылуу Аз. Пайгамбарга жеткирген. Алар да назил иснад деп аталат.[127]

2. Нисби али иснад

Белгилүү хадис имамдарынан же кутуб-и ситтанын авторлорунан бирине жакын болуу дагы нисби али иснад деп аталат. Алардын ичинен эң таанымалы Бухари риваят кылган бир хадисти, анын шейхине, же шейхинин шейхине жеткирген али иснад менен риваят кылуу. Анын да ар кандай түрлөрү бар:

а) Мувафакат: Мусаннифтердин бири Бухаринин шейхине али болгон башка иснад аркылуу ошол эле хадисти ал шейхтен риваят кылуусу. Рави, Бухаринин хадисин бул иснад аркылуу риваят кылган учурда иснадды, ошол эле шейхке Бухари аркылуу жеткен маалда ал санаддан да али болуп эсептелет. Ошол эле учурда рави Бухаринин шейхинен риваят кылуу менен Бухариге туура көргөн болот.

б) Бадал: Бухаринин шейхинин шейхине али болгон башка бир санад аркылуу жетип, хадисти ал аркылуу риваят кылуу. *Хадисти бул санад* менен риваят кылган рави, Бухаринин шейхинден алганга барабар болот.

в) Мусават: Мусаннифтерден бири Аз. Пайгамбарга чейин жеткен санаддагы рави саны менен ал мусаннифтен бир канча кылым кийин жашаган бир хадисчинин ошол эле хадистин риваятында, санаддагы рави санынын тең болушу дегенди билдирет. Бул абалда рави менен мусанниф ортосунда мусават башкача айтканда, теңдик пайда болот.

г) Мусафаха: Эгер мусаватта аталган теңчилик рави менен мусаннифтин кайсы бир талабасы ортосунда келсе, ага мусафаха деп аталат. Мусафаха устаз менен талаба ортосунда кол алышуу маанисине келет. Бир рави менен ал равиден бир канча кылымдан кийин жашаган мусаннифтин талабасы ортосунда пайда болгон теңдик менен рави ал мусанниф менен кол алышкандай болгондуктан нисби али иснад түрүнө мусафаха деп аталган.[128]

---

[127] Koçyiğit, Talat, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis 2,* s.84.
[128] Koçyiğit, Talat, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis 2*, s.85.

Б. Назил

Жогоруда да белгилеп өткөндөй "назил", "али" иснаддын терс маанисин билдирет. Бир эле матндын (текст) түрдүү иснаддарынан же матн бирдей болбосо да бир канча иснаддан, башкаларга салыштырмалуу алгачкы булака көбүрөөк рави менен жеткен иснад болуп саналат. жетүүдө башкалардан сан жагынан рависи көп болгон иснад.[129] Махмуд ат-Тахан назил хадиске мындайча аныктама берген:

هو الذي كَثُرَ عَدَدُ رجالِهِ بالنسبةِ إلى سندٍ آخَرَ يَرِدُ به ذلك الحديثُ بعددٍ أقلّ

Бир хадистин санадында орун алган рави саны, ошол эле хадистин башка бир санадында рави саны жагынан салыштырмалуу көп болушу назил иснад деп аталат.[130]

Назил иснад хадис риваят кылган акыркы рави менен алгачкы булак болгон Аз. Пайгамбар же болбосо бир хадис аалымы ортосунда сан жагынан иснадда равилердин көп болушу. Тактап айта турган болсок, Бухари риваят кылган бир хадис менен аны Аз. Пайгамбарга жеткирген иснадда үч же төрт рави кездешсе, анда ал али иснад деп аталат. Эгер кээ бир иснаддарда болгондой эле рави саны тогуз кишиге жетсе назил иснад деп аталат.[131]

Назил иснадда равилердин санынын көп болушу жана бул көпчүлүк абалда ката кетирүү ыктымалдуулугунан хадисчилер арасында көп этибарга алынган эмес.[132] Мухаддистер көбүнчө али иснадды тандашкан. Керек болсо Али Ибну-л-Мадини: "назил иснад менен риваят кылуу бактысыздык" – деп билдирген. Бирок ошону менен бирге эле кээ бир мухаддистер назил иснадды тандашкан. Себеби иснаддагы рави санын артуусу мухаддистердин дагы көп аракет көрсөтүүсүнө жана өкүм чыгарууда туура чечим чыгаруга жол ачкан. Бирок бул көз караш жараксыз сыяктуу жоромол жүргүзүү туура эмес. Анткени хадис

---

[129] Aydınlı, *Hadis Isıtlahları Sözlüğü,* s.78.
[130] Таххан, Мухмуд. Тайсиру мусталахи-л-хадис. 225-б.
[131] Uğur, Mücteba, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.311.
[132] Koçyiğit, Talat, *Hadis Usûlü*, s.159.

риваятында максат мухаддистердин көп аракет көрсөтүүсү эмес, тууралыгын аныктоо болуп саналат.[133]

Кээде али иснадга карабай назил иснад тандалат. Назил иснадда али иснадга салыштырмалуу равилердин көпчүлүгү ишеничтүү же эске тутуусу жагынан күчтүү болсо, назил иснад тандалышына көңүл бурулат. Назил бир иснадда равилер бири-бирин угуп үзгүлтүккө учурабаса, ал эми али иснаддын равилеринин хадис чогулуштарына гана катышса же болбосо хадисти ижазат же мунавала методу аркылуу алган болсо, анда назил иснад али иснадга салыштырмалуу сахих (туура) деп эсептелет. Көптөгөн мухаддистер иснаддын али болушуна маани берип келишсе, айрым аалымдар фыкыхчылар болгон назил иснадды тандашкан.[134]

---

[133] Uğur, Mücteba, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.311; Koçyiğit, Talat, *Hadis Usûlü*, s.159.

[134] Uğur, Mücteba, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.311.

ОН БИРИНЧИ БӨЛҮМ*

КАБЫЛ АЛУУ (КАБУЛ) ЖАНА ЧЕТКЕ КАГУУ (РАД) ЖАГЫНАН ХАДИСТИН ТҮРЛӨРҮ

Хадистердин түрлөрү өтө көп. Аларды бир нече топко бөлүп карооо болот. Айрым хадистер негизинен түрдүү бөлүктөргө бөлүнө тургандай көп тараптуу өзгөчөлүктөргө ээ.

Хадистер кабылдоо жана четке кагуу жагынан эки топко бөлүнөт. Мутаватир хадистер эч кандай иликтөөгө алынбастан түздөн-түз кабылданат. Ахад хадистер, иликтөөгө алынат, сахих жана хасан өкүмү берилгендер гана кабылданат (макбул). Заиф хадистер иликтөөнүн натыйжасында мардуд (четке кагылат) болуп эсептелет. Ал эми мавзу хадистер эч шексиз четке кагылат (мардуд).[1] Равилердин (риваят кылуучулардын) чынчылдыгынан улам хадистердин дагы тууралыгына өкүм берилген хадистер "макбул", равилердин жалганчылыгынан улам хадистердин дагы жалган экендигине өкүм берилгендер "мардуд" деп аталат. Равилердин чынчылдыгы жана жалганчы экендиги туурасында так өкүм берүү мүмкүн болбогон таваккуф кылынган хадистер дагы мардуд катары кабылданат. Тавккуф кылынган хадистердин мардуд катары кабылдануусу, хадистердин четке кагылуусу аныk болгондугунан эмес, кабыл алуу үчүн керектүү сыпаттын жоктугунан улам болгон.[2]

А. Макбул

Макбул хадистер булар равилердин чынчылдыгына ишеним көрсөтүлгөн жана алар менен амал кылынган хадистер болуп саналат. Макбул хадистин дагы бир аныктамасы төмөндөгүдөй:

هو ما ترجح صدق المخبر به

"Жогорку деңгээлдеги чынчылдык сапатына ээ кабарчы (рави) берген кабар (хадис) макбул кабар деп аталат."[3]

---

* Док. Ферхат Гөкче

1 Çakan, *Hadis Usulü*, s.90; Koçyiğit, Talat, *Hadis Usulü*, s.31.

2 Koçyiğit, *A.g.e.*, s.63.

3 ат-Таххан, Махмуд. *Тайсиру Мусталахи-л-хадис.* 42-б.

Макбул – сахих ли-затихи, сахих ли-гайрихи, хасан ли-затихи, хасан ли-гайрихи болуп бир нече хадис түрлөрүнө бөлүнөт. Макбул хадис "санады заиф болсо дагы аны менен амал кылынган жана аалымдар тарабынан кабылданган хадис" деген мааниде дагы колдонулган. Демек, макбул амал кылынган сахих жана хасан хадистерден тышкары аалымдар кабыл алуунун коркунучу жок деп амал кылган заиф хадистерди дагы камтыйт.[4]

Макбул хадис "мамулун бих" же "махузун бих" деп дагы аталышат.

Б. Мардуд

Мардуд равилердин чынчылдыгына ишеним көрсөтүлбөгөн жана алар менен амал кылынбаган хадистер болуп саналат. Мындай хадистердин өкүмү этибарга алынбайт. Ошондой эле өкүмүнө амал кылып-кылбоо маселесинде чечим чыгарылбаган хадистер дагы мардуд сыяктуу.[5]

Мардуд хадистин дагы бир аныктамасы төмөндөгүдөй:

هو ما لم يترجح صدق المخبر به

"Жогорку деңгээлдеги чынчылдык сапатына ээ болбогон кабарчы (рави) берген кабар (хадис) мардуд деп аталат."[6]

Санадынан бир же бир нече рависи түшкөн муъаллак, мункатиъ, муъдал, мурсал жана мудаллас сыяктуу хадистер, равилердин бирин же бир канчасынын ахлак жана диний кемчиликтери (адилеттүүлүк) же болбосо забт жагынан жарх кылынуусунун (равилердин сындалышы) натыйжасында пайда болгон матрук, мункар, муъаллал, мудраж, маклуб, музтариб, мусаххаф жана мухарраф сыяктуу заиф хадис түрлөрүнүн бардыгы мардуд болуп саналат. Мардуд болуп саналган заиф хадистердин саны боюнча ар кыл божомолдор бар. Ибну-с-Салах, Ибн Хиббанга таянып санын кырк тогузга, Зайнуддин аль-Ираки кырк экиге чыгарган. Ошондой эле алтымыш үч деп айткандар болгондой эле, теориялык жактан заиф хадистердин сексен бир түрү жок болсо да бар дешип, 129 га

---

[4] Aydınlı, *Hadis Istılahları Sözlüğü*, s.92; Yücel, "makbul" mad., *DİA*, XXVII/429.
[5] Çakan, *Hadis Usulü*, s.91.
[6] ат-Таххан, Махмуд. *Тайсиру Мусталахи-л-хадис.* 42-б.

чейин чыгаргандар болгон. Бирок хадис усулунда мардуд хадистердин түрлөрү он бештин тегерегинде.[7]

II. СИХХАТ ЖАГЫНАН ХАДИСТИН ТҮРЛӨРҮ

"Сиххат" сөзүнүн сөздүк мааниси "ден соолук, саламаттык" дегенди билдирет. Хадис илиминде хадистин сахих (ишенимдүү) экендигин билдирген термин. Сахих- эң туура анык, ишеничтүү деген маанини билгизет. Сиххат –Пайгамбарга (с.а.в.), сахабаларга же табииндерге таяндырылган маалыматтардын иликтөөнүн натыйжасында булагына караштуу экендигин билдирген термин. Хадис илиминин эң маанилүү темаларынан бири сахих хадистерди сахих эместерден ажыратуу болуп саналат. Хадистердин сахих экендигин изилдөө негизинен мутаватур хадистерден башка "машхур", "азиз" жана "гариб", башкача айтканда, ахад хадистердин риваятынын түпкү булагына байланышы бар жана жок экендигин аныктоо максатында жүргүзүлгөн.[8]

Хадис аалымдары риваят жолу менен келген хадистердин сахих экендигин анын булагына карап даражаларга бөлүшөт. Атай кетсек, ал хадистердин ишенимдүүлүгүнө (сиххат) жараша "сахих", "хасан" жана "заиф" болуп үч бөлүккө бөлүп карашкан. Аталган үч бөлүккө бөлүнгөн хадистер дагы өз ичинде бир канча бөлүктөргө бөлүнөт.

A. Сахих Хадис

Хижрий биринчи кылымдын орто чендеринде жалган хадистерди таркатуу аракеттери башталаар замат, хадис аалымдары сахих хадистерди сахих эместерден ажырата башташкан. Бир тараптан санад танкид кылышкан, экинчи тараптан да жарамдуу хадистерге сахих же ушундай маанини билдирген сөздөрдү колдонушкан. Хадис терминалогиясында сахих сөзү "жаййид", "мустаким", "сабит", "набил", "салих" жана "махфуз" сыяктуу маанилеш сөздөр менен бирге хадис түрлөрүнүн ичинен эң жогорку даражадагы хадис үчүн колдонулат.[9]

---

7 Efendioğlu, "Merdud" mad., *DİA*, XXIX/179-180.
8 Yücel, *Hadis Usulü*, s.158.
9 Efendioğlu, "Sahih" mad., *DİA*, XXXV/523.

Макбул – сахих ли-затихи, сахих ли-гайрихи, хасан ли-затихи, хасан ли-гайрихи болуп бир нече хадис түрлөрүнө бөлүнөт. Макбул хадис "санады заиф болсо дагы аны менен амал кылынган жана аалымдар тарабынан кабылданган хадис" деген мааниде дагы колдонулган. Демек, макбул амал кылынган сахих жана хасан хадистерден тышкары аалымдар кабыл алуунун коркунучу жок деп амал кылган заиф хадистерди дагы камтыйт.[4]

Макбул хадис "мамулун бих" же "махузун бих" деп дагы аталышат.

Б. Мардуд

Мардуд равилердин чынчылдыгына ишеним көрсөтүлбөгөн жана алар менен амал кылынбаган хадистер болуп саналат. Мындай хадистердин өкүмү этибарга алынбайт. Ошондой эле өкүмүнө амал кылып-кылбоо маселесинде чечим чыгарылбаган хадистер дагы мардуд сыяктуу.[5]

Мардуд хадистин дагы бир аныктамасы төмөндөгүдөй:

هو ما لم يترجح صدق المخبر به

"Жогорку деңгээлдеги чынчылдык сапатына ээ болбогон кабарчы (рави) берген кабар (хадис) мардуд деп аталат."[6]

Санадынан бир же бир нече рависи түшкөн муъаллак, мункатиъ, муъдал, мурсал жана мудаллас сыяктуу хадистер, равилердин бирин же бир канчасынын ахлак жана диний кемчиликтери (адилеттүүлүк) же болбосо забт жагынан жарх кылынуусунун (равилердин сындалышы) натыйжасында пайда болгон матрук, мункар, муъаллал, мудраж, маклуб, музтариб, мусаххаф жана мухарраф сыяктуу заиф хадис түрлөрүнүн бардыгы мардуд болуп саналат. Мардуд болуп саналган заиф хадистердин саны боюнча ар кыл божомолдор бар. Ибну-с-Салах, Ибн Хиббанга таянып санын кырк тогузга, Зайнуддин аль-Ираки кырк экиге чыгарган. Ошондой эле алтымыш үч деп айткандар болгондой эле, теориялык жактан заиф хадистердин сексен бир түрү жок болсо да бар дешип, 129 га

---

4 Aydınlı, *Hadis Istılahları Sözlüğü*, s.92; Yücel, "makbul" mad., *DİA*, XXVII/429.

5 Çakan, *Hadis Usulü*, s.91.

6 ат-Таххан, Махмуд. *Тайсиру Мусталахи-л-хадис*. 42-б.

чейин чыгаргандар болгон. Бирок хадис усулунда мардуд хадистердин түрлөрү он бештин тегерегинде.[7]

II. СИХХАТ ЖАГЫНАН ХАДИСТИН ТҮРЛӨРҮ

"Сиххат" сөзүнүн сөздүк мааниси "ден соолук, саламаттык" дегенди билдирет. Хадис илиминде хадистин сахих (ишенимдүү) экендигин билдирген термин. Сахих- эң туура анык, ишеничтүү деген маанини билгизет. Сиххат –Пайгамбарга (с.а.в.), сахабаларга же табииндерге таяндырылган маалыматтардын иликтөөнүн натыйжасында булагына караштуу экендигин билдирген термин. Хадис илиминин эң маанилүү темаларынан бири сахих хадистерди сахих эместерден ажыратуу болуп саналат. Хадистердин сахих экендигин изилдөө негизинен мутаватур хадистерден башка "машхур", "азиз" жана "гариб", башкача айтканда, ахад хадистердин риваятынын түпкү булагына байланышы бар жана жок экендигин аныктоо максатында жүргүзүлгөн.[8]

Хадис аалымдары риваят жолу менен келген хадистердин сахих экендигин анын булагына карап даражаларга бөлүшөт. Атай кетсек, ал хадистердин ишенимдүүлүгүнө (сиххат) жараша "сахих", "хасан" жана "заиф" болуп үч бөлүккө бөлүп карашкан. Аталган үч бөлүккө бөлүнгөн хадистер дагы өз ичинде бир канча бөлүктөргө бөлүнөт.

A. Сахих Хадис

Хижрий биринчи кылымдын орто чендеринде жалган хадистерди таркатуу аракеттери башталаар замат, хадис аалымдары сахих хадистерди сахих эместерден ажырата башташкан. Бир тараптан санад танкид кылышкан, экинчи тараптан да жарамдуу хадистерге сахих же ушундай маанини билдирген сөздөрдү колдонушкан. Хадис терминалогиясында сахих сөзү "жаййид", "мустаким", "сабит", "набил", "салих" жана "махфуз" сыяктуу маанилеш сөздөр менен бирге хадис түрлөрүнүн ичинен эң жогорку даражадагы хадис үчүн колдонулат.[9]

---

[7] Efendioğlu, "Merdud" mad., *DİA*, XXIX/179-180.
[8] Yücel, *Hadis Usulü*, s.158.
[9] Efendioğlu, "Sahih" mad., *DİA*, XXXV/523.

Сахихтин сөздүк мааниси "дени сак, дени соо, таптаза жана саламаттык" дегенди билдирет. Ибну-с-Салах сахих хадиске төмөнкүдөй аныктама берген:

أَمَّا الْحَدِيثُ الصَّحِيحُ : فَهُوَ الْحَدِيثُ الْمُسْنَدُ الَّذِي يَتَّصِلُ إِسْنَادُهُ بِنَقْلِ الْعَدْلِ الضَّابِطِ عَنِ الْعَدْلِ الضَّابِطِ إِلَى مُنْتَهَاهُ ، وَلَا يَكُونُ شَاذًّا ، وَلَا مُعَلَّلًا

"Сахих хадис – санаддын башынан аягына чейин адилеттүүлүк жана забт ээси равилердин муттасыл (үзгүлтүксүз) санад менен риваят кылган, шаз жана муъаллал болбогон хадис."[10]

Сахих хадистин аныктамасында бир хадис сахих катары эсептелүүсү үчүн негизги беш өзгөчлүккө ээ болушу шарт. "Шуруту-с-сихха" деп аталган беш сиххат шарт төмөнкүлөр:

1. Равилердин адилеттүүлүгү: Сахих хадистин равилери адилеттүү болушу зарыл. Тагыраак айтканда, адилеттүүлүк сапатына ээ мусулман, балагатка жеткен, такыба жана мурувват (адилеттүүлүк сапаты) ээси болушу керек. Мурувват равинин кадыр-барктуу, Алла жана анын элчисинин буйрук жана тыюуларына моюн сунуусу, коомчулукта ар-намысына шек келтирүүчү сөз жана кыймыл-аракеттерден оолак болууга үгүттөгөн өзгөчөлүк. Мындай сапатка ээ рави ишеничтүү катары кабылдангандыктан ал риваят кылган хадистер ишенимдүү болуп саналат.

2. Равилердин забт болуусу: Сахих хадистин равилери забт болушу керек. Забт – жакшылап жаттап эске сактоосу дегенди туюндурат. Забт – рави устазынан уккан же алган хадисти башкага риваят кылганга чейин унутпастан, сөздөрүн өзгөртпөстөн болгонун болгондой эске тутуусу жана сактоосу болуп саналат. Тактап айтканда, жатка риваят кылып жаткан болсо, жакшылап жаттоосу, эгер жазуу түрүндө риваят кылып жаткан болсо, өзгөртпөстөн эске сактоосу зарыл.[11] Көп ката кетиргендин, унутчаактын жана терең ойго баткандардын риваяттары сахих хадистердин катарына кирбейт. Хадис жеткирүүчүлөрдүн ичинен бир эле

---

[10] Ибну-с-Салах. *Улуму-л-хадис.* 11-12-б.

[11] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı*, s.41-42; Efendioğlu, Sahih" mad., *DİA*, XXXV/524.

рави адилеттүүлүк жана забт шарттарынан бирин жоготсо, анда хадис сахих болуудан чыгат.[12]

3.Санадынын муттасыл (үзгүлтүксүз) болуусу: Сахих хадистин санады муттасыл болот. Хадистин муттасыл болуусу, алгачкы булагына чейин үзгүлтүксүз санад менен келүүсү (иттисал) же иснаддын бир жеринде ажырымдын (инкита) болбоосу дегенди билдирет. Иснаддагы ар бир рави өзүнүн устазы же шейхи менен жоолугуп, хадисти өз оозунан угушу керек. Санады муттасыл болбогон муъаллак, муъдал жана мудаллас сыяктуу хадис түрлөрү сахих хадистин катарына кирбейт.

4. Хадистин Шаз болбоосу: Сахих хадис шаз болбошу керек. Бир хадис жогорудагы сахих хадистин үч шартына ээ болсо дагы шаз болгонуна улам сахихтик өзгөчөлүгүнү жоготот. Шаз – ишенимдүү рави өзүнөн дагы ишенимдүү равинин хадисине карама-каршы риваят кылган жана риваятта жалгыз калса шаз катары кабылданат. Мындай учурда ишенимдүү равилерден келген хадис кабылданат. Ал эми шаз болгон риваят болсо заиф өкүмүндө калат.

5. Хадис муъаллал болбошу керек. Сахих хадис муъаллал тагыраак айтканда, илдеттүү болбошу керек. Бир хадистин сахих болушу үчүн жашыруун кемчилдиктен оолак болуу. Иллат (илдет) – хадис илиминин адис аалымдары тарабынан билинген санад же матндагы жашыруун кемчилдиктер. Бул кемчилдик байкалган маалда тышкы көрүнүшүнөн сахих катары кабылданган сахихтик өзгөчөлүгүн жоготот. Илдеттүү экендиги аныкталган хадис "муъаллал" деп аталат жана заиф хадистердин катарына кирет.[13] Хадистин муъаллал (жашыруун кемчилиги бар, илдеттүү) болбогондугу: Сахих (ишенимдүү) хадис муъаллал (т. а илдеттүү) эмес. Кайсы бир хадистин сахих болушу үчүн анын жашыруун кемчилиги (илдет) болбошу керек. Илдет - хадис илими боюнча адистешкен аалымдар гана айырмалап биле турган санад же матинде кездешкен жашыруун кемчилик деген мааниге келет. Аталган кемчилик аныкталган кезде сырткы көрүнүшүнөн сахих деп эсептелинген хадис сахих болуу өзгөчөлүгүн (ишенимдүүлүгүн) жоготот. Илдеттүү экендиги аныкталган хадис "муъаллаль" деп аталат жана заиф хадис катары эсептелинет. Жогорудагы шарттарга жараша сахих хадистин аныктамасы, Аз. Пайгамбарга караштуу экендигинде усул жагынан кандайдыр бир

---

[12] Эгер рави адилеттүүлүк жана забт өзгөчөлүктөрүнө ээ болсо, анда ал "сика" болуп саналат. Мындай сапатка татыган равилердин хадистери ишенимдүү деп эсептелет.

[13] Koçyiğit, *Hadis Usûlü*, s.32-33.

кооптонууну жана шек жаратпаган хадис дегенди туюндурат.[14] Хадис аалымдарынын пикиринде жогоруда аталган беш шартты өзүндө камтыган хадис сахих болуп саналат. Ушул шарттардын бири эле кем болсо, сахихтик касиетин жоготот. Хадистин ушундай өзгөчөлүккө ээ болуп болбогондугу туурасында мезгил мезгили менен түрдүү пикирлер пайда болгон. Натыйжада, айрым хадис аалымдар хадисти сахих катары караса, айрымдары сахих катары кабылдаган эмес. Мунун негизги себеби хадис аалымдары равилер туурасында ар кыл пикирди карманууусу. Равини ишенимдүү деп эсептегендер хадисти сахих дешсе, равини жарх кылгандар хадистин сахих экендигинен күмөн санашкан. Бул жагдай хадиске сахих өкүмүн берүү ижтихадка байланыштуу маселе экендиги көрсөтүп турат.[15]

Хадис аалымдарынын сахих хадис туурасындагы аныктамаларында көбүнесе иснад негиз алынган. Бир хадиске сахих өкүмүн берүү, хадистин сиххат шарттарына ээ экендигин билдирет. Ал эми сахих эмес өкүмүн берүү анын сиххат шарттарына ээ эместигин билдирет. Тактап айтканда, хадистин санадында кемчилдиктер бар дегенди туюндурат. Сахих деп аталган хадис чындыгында сахих боло албагандай эле, сахих эмес делген хадис дагы чындыгында сахих болушу мүмкүн. Ибну-с-Салах, "бир хадисти сахих деп айтуу, чындыгында анын сахих экендигин билдирүү эмес, белгиленген критерийлеге ылайык сахих болгондугун билдирет", – деп айткан

Бир хадисти сахих эмес деп айтуу анын чындыгында заиф же жалган экендигин билдирбейт, коюлган шарттарга жараша заиф болгондугун гана билдирет.[16] Себеби сахих хадистеги равилер ишенимдүү болсо дагы жаңылып калуу ыктымалдыгы же жалган айткан равинини кээде чындыкты айтуусу, көп ката кетиргени менен таанылгандын дагы кээде туура чечим чыгаруусу мүмкүн.[17] Айрыкча хадистердин сахих экендигин аныктоодогу талап кылынган шарттарды тактоо ижтихади (жекече иликтөөлөргө таянат) болуп саналатат. Андыктан сахихтиги туурасында бирдей пикирди карманган (муттафакун алейх) хадистер болгон сыяктуу, кайчы пикирди жараткандар (мухталафун фих) дагы бар.[18]

---

[14] Çakan, *Anahatlarıyla Hadis,* s.29.
[15] Aydınlı, *Hadiste Tesbit Yöntemi,* s.89.
[16] Ибну-с-Салах. *Улуму-л-хадис.* 13-14-б.
[17] Çakan, *A.g.e.*, s.29.
[18] Ибну-с-Салах. Улуму-л-хадис. 14-б.

Бир хадистин сахих болуусу үчүн жогоруда айтылган жана бардык аалымдар тарабынан кабылданган жалпы өзгөчөлүктөрдөн тышкары айрым аалымдар койгон кээ бир өзгөчө шарттар бар. Мисалы, Абу Ханифа хадис кыяска каршы келсе, анда хадистин рависи факих болушу керек, деген. Кээ бир хадисчилер адилеттүүлүк жана забт сапатына ээ эки равинин керектигин белгилешкен. Бухаринин айтымында, хадис сахих болушу үчүн равилер сөзсүз түрдө бири-бири менен көрүшүшү керек. Муслим бир доордо жашашын жетиштүү деп эсептеген. Рави хадис илим менен алектенүүнү кесипке айландыруусу, илим мажлистерине барып хадистерди көп тыңшоосу, хадисте атак-даңкка жетүүсү, маанисине жараша риваят кылынган хадисти мыкты билүүсү, хадис матнынын аалымдар тарабынан кабылдануусу жана рави риваят кылган хадиске каршы амал кылбоосу дагы хадистин сахих болуусундагы шарттардын катарына кирет.[19]

Сахих хадистин башка бир мааниси күчтүү санад менен риваят кылынган хадис дегенди билгизет. Бир хадистин жалгыз гана иснадынын сахихтигине карап сахих-туура деп айтуу аздык кылаары алгачкы доорлордон тарта айтылып келген. Ошондуктан бир хадисти сахих катары эсептөө үчүн хадистин аныктамасында берилген өзгөчөлүктөрдөн сырткары Куранга, сахих сүннөткө, Ислам дининин негизги принциптерине, акылга (логикага), тарыхый чындыктарга дал келүүсү зарыл. Мындай өзгөчөлүктөргө ээ хадистерде башка кемчилдик жок болсо, анда сахих жана Аз. Пайгамбарга таандык деп кабылданат.[20] Матн критерийлеринин негизиндеги сахих хадис түшүнүгүн Ханафи фикх аалымдарынан көрүүгө болот. Чындыгында, алардын көз караштарына ылайык аныктыгында (субут) шек жаралбаган Куран, мутаватир хадис, машхур хадис, амали мутаватир жана ижма сыяктуу так далилдерге салыштырып, жыйынтыгында (арз) буларга карама-каршы келбегендиги белгиленген хадистер сахих болуп саналат.[21] Сахих хадис шарттарында иснаддын муттасыл болуусу, хадисте шаз жана муъаллал болбошу үчүн кандайдыр бир даражаларга бөлүү жөнүндө сөз кылуу мүмкүн эмес. Тактап айтканда, хадис толук болбосо дагы бир аз шаз болуусу же көп болбосо дагы азыраак илдетке ээ болуусу деген нерсе жок. Ошондой эле иснадды аз же көп муттасыл деп айтууга дагы мүмкүн эмес. Бул үч шарт

---

[19] Ahmed Naim, *Sahîh-i Buhârî Muhtasarı Tecrîd-i Sarih Tercümesi,* I/203-206.
[20] Ünal, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis*, 12. Sınıf, s.65-66.
[21] Ebû Hanîfe, *el-Âlim ve'l-Müteallim,* s.26-27.

хадисте бар же жок. Бирок калган эки шарт, тагыраак айтканда, адилеттүүлүк жана забт сыпаттары ар равиде бирдей даражада болбогондугу белгилүү. Себеби айрым равилер башка равилерге салыштырмалуу толук адилеттүү же толук забит болушу мүмкүн, айрымдары толук адилеттүү жана толук забит болбошу мүмкүн. Мындай аздык хадисти сахих даражасынан төмөн түшүрө тургандай көп болбосо дагы, биринчи топтогу равилердин даражасына дагы чыгарбайт. Ошондуктан равилердин аталган эки сапатка ээ болгондугу алардын риваят кылган хадистерин бири-биринен айырмаланып, сиххаттын деңгээлине жетишине түрткү болот.[22] Бул жагынан алганда сахих хадис "сахих ли-затихий" жана "сахих ли гайрихий" болуп экиге бөлүнөт.

1. Сахих ли-затихи

Эгер хадис жогоруда айтылган сиххат шарттардын бардыгына жогорку деңгээлде ээ болсо, анда ал "сахих ли-затихи" деп аталат.[24] Атап айтканда сахих ли-затихи болгон хадис муттасыл, шаз жана илдеттен алыс сыяктуу үч шарт менен бирге адилеттүүлүк жана забт сапаттары бийик деңгээлдеги хадис. Буга мисал катарында төмөндөгү хадисти берсек болот:

حَدَّثَنَا قُتَيْبَةُ بْنُ سَعِيدٍ، حَدَّثَنَا أَبُو الأَحْوَصِ، عَنْ أَبِي حَصِينٍ، عَنْ أَبِي صَالِحٍ، عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ، قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «مَنْ كَانَ يُؤْمِنُ بِاللَّهِ وَاليَوْمِ الآخِرِ فَلاَ يُؤْذِ جَارَهُ، وَمَنْ كَانَ يُؤْمِنُ بِاللَّهِ وَاليَوْمِ الآخِرِ فَلْيُكْرِمْ ضَيْفَهُ، وَمَنْ كَانَ يُؤْمِنُ بِاللَّهِ وَاليَوْمِ الآخِرِ فَلْيَقُلْ خَيْرًا أَوْ لِيَصْمُتْ»

Абу Хурайра кабарлаган хадисте, Пайгамбарыбыз (с.а.в.): *"Кимде- ким Аллага жана акырет күнүнө ишенсе, кошунасына жакшы мамиле кылсын. Кимде-ким Аллага жана акырет күнүнө ишенсе коногун сыйласын. Кимде-ким Аллага жана акырет күнүнө ишенсе жакшы сөздөрдү сүйлөсүн же болбосо унчукпасын"*,[23] – деп буюрган.

Бул хадисти Бухари менен Муслим биргеликте риваят кылышкан. Хадис санадындагы равилердин бардыгы (Абу Салих Завкан, Абу Хасин Усман б. Асым, Абу-л-Ахвас Саллам б. Салим) адилеттүүлүк жана забт

---

22 Kahraman, *Hadis El Kitabı*, s.302.
23 Бухари. Адаб. 31; Муслим. *Иман*. 75.
24 Aydınlı, *Hadis Istılahları Sözlüğü*, s.135.

ээлери болуп саналат. Хадистин муттасыл (үзгүлтүксүз) санады бар. Хадис шаз жана муъаллал дагы эмес. Андыктан бул хадис сиххат шарттарына ээ болгондуктан сахих хадис болуп саналт.

2. Сахих ли-гайрихи

Адилеттүүлүк сапатына ээ болгону менен забтында айрым кемчилдиктерге ээ болгон рави тарабынан риваят кылган хадис, забтынды кемчилдиги жок башка рави тарабынан риваят кылынган хадистин колдоосуна ээ болуп сахих даражасына көтөрүлсө "сахих ли-гайрихи" деп аталат.[25]

حَدَّثَنَا أَبُو كُرَيْبٍ حَدَّثَنَا عَبْدَةُ بْنُ سُلَيْمَانَ عَنْ مُحَمَّدِ بْنِ عَمْرٍو عَنْ أَبِي سَلَمَةَ عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ قَالَ قَالَ رَسُولُ اللَّهِ –صلى الله عليه وسلم– « لَوْلاَ أَنْ أَشُقَّ عَلَى أُمَّتِي لأَمَرْتُهُمْ بِالسِّوَاكِ عِنْدَ كُلِّ صَلاَةٍ ».

Абу Хурайра кабарлаган хадисте, Пайгамбарыбыз (с.а.в.): *"Эгерде үммөтүмө оор келбегенде анда ар-бир намаз алдында мисвак колдонууну буйрумакмын,"*[26] – деп айткан.

Бул хадистин санадында орун алган Мухаммед б. Амрдын эс тутуму начар экендиги айтылган. Ошондуктан хадис сахих эмес, хасан хадис мартабасына түшүп калган. Бирок ушул эле хадистин иснаддарында Мухаммед б. Амр орун албаган бардыгы адилеттүүлүк жана забт ээси башка равилерден түзүлгөн бир-бирден санад менен Бухари жана Муслим тарабынан дагы тахриж кылынган.[27] Ошентип Тирмизи риваят кылган хадис сахих ли-гайрихи даражасына көтөрүлгөн. Бухари жана Муслим тарабынан риваят кылынган хадистер негиз алынып, эң ишенимдүүлөрдөн баштап хадис китептерин сиххат даражасына жараша жети категорияга бөлүшкөн.

Хадис аалымдары хадис жыйнактарындагы риваяттарды сиххат даражасына жараша түрдүү категорияларга бөлүшкөн:

1. Бухари жана Муслим "аль-Жамиу-с-сахихте" биргеликте риваят кылган хадистер (муттафакун алейх)
2. Бухари жалгыз өзү риваят кылган хадистер

---

[25] Aydınlı, *A.g.e.*, s.135.
[26] Тирмизи. *Тахарат.* 18.
[27] Бухари. Жумъа. 8; Муслим. *Тахарат.* 42.

3. Муслим жалгыз өзү риваят кылган хадистер
4. Бухари жана Муслимдин шарттарына туура келгени менен китептерине албаган хадистер.
5. Бухаринин койгон шарттарына туура келген хадистер.
6. Муслимдин койгон шарттарына туура келген хадистер.
7. Бухари жана Муслимден тышкаркы хадис аалымдары сахих катары кабылдаган хадистер.[28]

Бухари жана Муслимдин "Сахих" аттуу эмгектери башка китептерге салыштырмалуу даражасы жогору турат. Хадистердин сахихтик даражасы ар бир хадис үчүн бир-бирден каралып аныкталат. Бир хадистин сахих экендигин китептерге карап эмес, Касым б. Кутлубога айтып өткөндөй, сиххат шарттарына жооп берип бербегендигине каралып (аны риваят кылгандын абалына карап тактоо жана) аныкталгандыгын эсибизден чыгарбашыбыз керек.[29] Ошону менен катар мындай даражаларга бөлүп кароо техникалык иш болуп саналат. Болбосо, хадистердин Пайгамбарга (с.а.в.) таандык экендиги жөнүндөгү кандайдыр бир даражаларга бөлүү дегенди билдирбейт.[30]

Хижрий II кылымдын (миладий VIII) биринчи жарымынан баштап хадистер чогултулуп жазыла (тадвин) баштаган. Андан кийин белгилүү темаларына жараша бөлүнүп (классификациялоо/тасниф) баштаган хадистер жуз, рисала жана китеп сыяктуу аталыштар менен топтолгон. Ушул мезгил ичинде мухаддистер сахих хадистерди жыйноо менен гана чектелип калбастан кээ бир заиф равилердин риваяттарына дагы орун берген. Мунун менен аталган риваяттын заиф болуп болбогондугун аныктоо максат кылынган. III/IX кылымдын башынан тарта сахих жана заиф болуп бөлүнүп, сахих хадистер өзүнчө китептерде жыйнала баштаган. Алгачкылардан болуп сахих хадистер боюнча Бухари жана Муслимдин "аль-Самиу-с-сахих" атуу эмгектери жазылган. Ислам аалымдары бул эки эмгекти ишенимдүү хадис китеби катарында кабылдаган жана "сахихайн" деп аташкан.[31] Бул эки эмгектен сырткары сахих хадистер жазылган же болбосо көптөгөн сахих хадистерди камтыган эмгектер төмөнкүлөр: Абу Давуддун "ас-Сунан", Тирмизинин "аль-Жамиу-с-сахих", Насаинин "ас-Сунан", Ибн Мажанын "ас-Сунан",

---

[28] Çakan, *Hadis Usulü*, s.108.
[29] Касими, Жамалуддин. *Кавайду-т-тахдис*. 59.
[30] Çakan, Anahatlarıyla Hadis, s.32.
[31] Aydınlı, *Hadiste Tesbit Yöntemi*, s.92.

Имам Маликтин "аль-Муватта", Ибн Хузайманын "ас-Сахих", Ибн Хиббандын "аль-Масаиду-с-сахих", Хаким ан-Найсабуринин "аль-Мустадрак алаа ас-сахихайн" китептерин айтсак болот.

Жогоруда аталган сахих хадистин беш шартынын ичинен равилерге байланыштуу болгон адилеттүүлүк жана забт сапаттары бардык равиде бирдей болуусу мүмкүн эмес. Өзгөчө забт жагынан равилердин ортосунда айырмачылыктарды бар. Забт мартабасы төмөн равилер заиф даражасына түшпөсө да риваят кылган хадистер адилеттүүлүк жана забты толук болгон равилердин хадистери менен бирдей деңгээлде болбойт. Хадис аалымдары равилердин бул жагын эске алышып, иснаддарды карап чыгышкан. Адилеттүүлүк жана забт жагынан эң жогорку даражадагы равилерден түзүлгөн иснаддарга "асахху-л-асанид" деп аташып, эң сахих хадистер бул жол менен келгендигин белгилешкен.

Асахху-л-Асанид	
Йахйа б. Маиндин айтуусунда	Аъмаш – Нахаи – Алкама – Абдуллах б. Масъуд – Аз. Пайгамбар
Ахмад б. Ханбалдын айтуусунда	Зухри – Салим б. Абдуллах – Абдуллах б. Умар – Умар б. Хаттаб – Аз. Пайгамбар
Бухаринин айтуусунда	Малик б. Анас – Нафи – Абдуллах б. Умар[32]

Ислам аалымдарынын пикиринде, диний өкүм-жоболордун булагы катарында өзгөчө орунга ээ болгон сахих хадистер менен амал кылуу важиб болуп саналат. Мындай хадистин рависинин жалгыз калуусу менен таватур даражасына жетпеген эки же үч киши тарабынан риваят кылынуусунда айырмачылык деле жок.[33] Мутаватир болбогон сахих хадис менен итикадий маселелерди далилдөө жана аны менен амал кылууда түрдүү пикирлер айтылган. Аалымдардын басымдуу бөлүгү, акыйда маселелери аят жана мутаватир хадис сыяктуу негизги булактар менен гана тастыкталаарын билдиришкен. Ибн Хазм сыяктуу кээ бир аалымдар сахих хадистин дагы так илим жана акыйда (ишеним)

---

[32] Ибну-с-Салах. *Улуму-л-хадис.* 16.
[33] Çakan, *Hadis Usulü*, s.108.

маселесинде далил катары кабыл алынгандыктан анын окүмү менен амал кылуу керек деп айтышкан.[34]

Б. Хасан хадис

Хасандын сөздүк мааниси "жакшы болуу" дегенди билдирген "хусн" уңгусунан чыккан ысым, "жакшы, сонун" дегенди туюндурат. Хасан хадис – сахих хадистин бардык сапаттарына ээ болгону менен равилердин биринин же бир канчасынын забт сапаты кем хадис.[35] Хасан хадис, сахих менен заифтин ортосунда жайгашкан бирок сахих хадиске дагы жакыныраак болгон хадистин түрү.[36]

Хижрий II кылымда "хасан" сөзүнүн сөздүк мааниси колдонулган болсо, кийинчерээк терминдик мааниге ээ болгон. Хасан хадистин бир канча аныктамасы бар экени жалпыга маалым. Буга чейин колдонулуп келсе да, алгачкылардан болуп хадис тарыхында бул терминди белгилүү кылган "сунан" китебинин автору ат-Тирмизи (ө. 279/859) болгон. Тирмизи хасан хадиске төмөндөгүдөй аныктама берген:

كل حديث يروى، لا يكون في إسناده من يتهم بالكذب، و لا يكون الحديث شاذا، ويروى من غير وجه نحو ذلك، فهو عندنا حديث حسن

"Санадында Пайгамбарга (с.а.в.) жалган иснад кылуу менен айыпталган биринин жоктугу, шаз да болбогон жана башка жагынан окшош риваят кылынган хадис бизче хасан болуп саналат [37]

Тирмизинин бул аныктамасы сахих хадисти дагы камтыгандыктан сындарга кабылган. Негизинен, бул хасан ли-гайрихи хадисинин аныктамасы экендиги айтылган.[38] Хасан хадистин кабылданган аныктамасы төмөнкүчө. Ошол эле учурда бул аныктама Ибн Хажар аль-Аскаланинин берген аныктамасына[39] туура келет.

هو ما اتصل سنده بنقل العدل الذي خف ضبطه، عن مثله إلى منتهاه، من غير شذوذ ولا علة

---

[34] Итр, Нураддин. *Манхажу-н-накд фи улуми-л-хадис.* 244-245-б.; Çakan, *Hadis Usulü*, s.108.

[35] Aydınlı,*Hadiste Tespit Yöntemi*, s.74.

[36] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.118.

[37] Ибну-с-Салах. *Улуму-л-хадис.* 30-б.

[38] аль-Кудат, Шараф Махмуд. аль-Минхажу-л-хадис фи улуми-л-хадис. 159-б.

[39] Ибн Хажар. *Нузхату-н-назар.* 69-70-б.

"Забтында кемчилик катталган адилеттүү равилер, иснаддын башынан аягына чейин озулорү сыяктуу равилерден, шаз жана илдеттүү болбогон, муттасыл санад менен риваят кылынган хадис."[40]

Хасан хадистер менен сахих хадистердин ортосундагы эң негизги айырмачылык, хасан хадис равилеринин забт жагынан сахих хадис равилеринин даражасында болбогондугу болуп саналат. Хасан хадисти сахих хадистен ажыраткан башка бир өзгөчөлүк, ага окшош хадис башка жолдордон риваят кылынуусу шарт. Бирок сахих хадисте андай шарт коюлган эмес.[41] Бир хадистин бир канча заиф (алсыз) жактарынан риваят кылынуусу ар дайыма ал хадистин хасан болуусун билдирбейт. Бирок чынчыл жана ишенимдүү равинин эс тутумунун начардыгынан улам заиф болгон хадис башка жактан дагы риваят кылынса хасан хадис болот.[42] Хасан хадисти айтып жеткирген равидеги кемчилдикти, ал хадиске окшош башка жолдор (тарик) аркылуу риваят кылынган хадис менен жоюуга болот болот.[43] Сахих хадис менен хасан хадис ортосундагы айырмачылык бири-бирине каршы келген учурда пайда болот. Мындай учурда хасан эмес сахих хадис этибарга алынат.

Хасан хадис *"хасан ли-затихи"* жана *"хасан ли-гайрихи"* болуп эки топко бөлүнөт.

1. Хасан ли-затихи

Жогоруда берилген аныктамада хасан хадистин өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон хадис хасан ли-затихи деп аталат. Ли-затихи деп аталып калышынын себеби "хасан" сапатына ээ болуусу үчүн сырткы колдоого болгон муктаждыктын болбогондугунан улам. Хасан ли-затихи болгон хадис башка хадистин түрү болуп туруп кийин хасан даражасына көтөрүлгөн хадис эмес.

Сахих ли-затихи менен хасан ли-затихи экөөнүн ортосундагы айырмачылык, хасан хадис равилеринин биринин же бир канчасынын забтына кемчилдик болсо, сахих хадисте андай кемчилдик жок. Негизи экөөнүн тең равилери адилеттүү жана иснады муттасыл, хадистери шаз жана илдеттен алыс. Андыктан эгер равинин забтына кемчилдик жок

---

[40] ат-Таххан, Махмуд. *Тайсиру Мусталахи-л-хадис.* 58-б.
[41] Koçyiğit, *Hadis Usulü*, s.38.
[42] Koçyiğit, *Hadis Usulü*, s.40.
[43] Uğur, "Hasen" mad., *DİA*, XVI/374.

болсо, анда хадис "сахих ли-затихи", кемчилдик болсо "хасан ли-затихи" болот.[44]

Хасан ли-затихи хадис башка жолдор (тарик) менен риваят кылынып колдоого ээ болсо, сахих ли-гайрихи даражасына көтөрүлөт. Хасан ли-затихи хадис, башка иснад менен дагы риваят кылынса, бул иснад хасан хадистин рависиндеги забт кемчилдигин оңдойт жана хасан хадис "сахих ли-гайрихи" даражасына көтөрүлөт. Бирок бул хадис сахих даражасына көтөрүлсө деле өзүнүн заты боюнча (өзөгү) хасан хадис бойдон кала берет.[45]

Мисалы, хасан хадиске Бахз б. Хакимдин атасы аркылуу чоң атасынан риваят кылган хадисти берсек болот:

حَدَّثَنَا مُحَمَّدُ بْنُ يَحْيَى، حَدَّثَنَا عَبْدُ الرَّزَّاقِ، أخبرنا مَعْمَرٌ، عَنْ جَابِرٍ الْجُعْفِيِّ، عَنْ عِكْرِمَةَ عَنْ ابْنِ عَبَّاسٍ، قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ – صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ –: "لَا ضَرَرَ وَلَا ضِرَارَ "

Ибн Маажа мындай айтты: Бизге Мухаммед б. Йахйа билдирди, бизге Абдурразак риваят кылды, бизге Мамар, Жабир аль-Жуфиден, ал Икримадан, ал дагы Ибн Аббастан кабар берди, ал мындай деген: Расулуллах (с.а.в.) мындай буюрган: *"Башкаларга зыян келтирүүгө болбойт, зыянга зыян менен да жооп берүү да болбойт"*[46]

Бул хадисти Тирмизи китебинде хасан хадис деп билдирген. Анткени жарх жана таъдил аалымдарынын айтуусунда Бахз б. Хаким чынчыл жана ишенимдүү рави (сика) болгону менен айрым хадистеринен улам сындарга кабылган. Бул рави хифз жана забт жагынан сахих хадис равилеринен даражасында көрүлгөн эмес. Кээ бир хадис аалымдары анын хадистеринин сахих даражасынан түшкөндүгүн айтышкан. Ушундан улам бул хадис сахих менен заиф ортосунда хасан катары кабылдашкан.

2. Хасан ли-гайрихи

Хасан ли-гайрихи – башка бир хадистин колдоосу менен хасан хадистин сапатына ээ болгон хадис. Негизинен, бул хадис заиф (алсыз)

---

[44] Kahraman, *Hadis el-Kitabı*, s.306.
[45] Koçyiğit, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadi,s* II, s.97.
[46] Ибн Маажа. *Ахкам.* 17.

болуп эсептелинет. Бирок анын алсыздык себеби ар кандай жолдор менен чечилген жана башка бир риваяттын колдоосунун натыйжасында хасан даражасына көтөрүлгөн.[47] Хасан ли-гайрихи, жалганчылык менен айыпталбаган жана көп ката кетире турганчалык унутчаак болбогон, бирок өздүгү белгисиз рависи болгон заиф хадис, сөзү жана мааниси жагынан башка риваяттар менен кубатталса хасан ли-гайрихи деп аталат.[48]

Хасан ли-гайрихи хадистерге төмөндөгү хадисти мисал берсек болот:

حَدَّثَنَا مُحَمَّدُ بْنُ بَشَّارٍ أَخْبَرَنَا يَحْيَى بْنُ سَعِيدٍ أَخْبَرَنَا بَهْزُ بْنُ حَكِيمٍ حَدَّثَنِى أَبِى عَنْ جَدِّى قَالَ قُلْتُ يَا رَسُولَ اللَّهِ مَنْ أَبَرُّ قَالَ « أُمَّكَ ». قَالَ قُلْتُ ثُمَّ مَنْ قَالَ « أُمَّكَ ». قَالَ قُلْتُ ثُمَّ مَنْ قَالَ « أُمَّكَ ». قَالَ قُلْتُ ثُمَّ مَنْ قَالَ « ثُمَّ أَبَاكَ ثُمَّ الأَقْرَبَ فَالأَقْرَبَ ».
"Оо, Алланын элчиси! Ата-энемдин кимисине көбүрөөк көңүл бурушум керек?" — деп сураганда, Аз. Пайгамбар (с.а.в.) "энеңе" деди. Кийин кимге? деп сурадым, "энеңе" деди. Кийин кимге? деп сурадым "энеңе" деп жооп берди. Кийин кимге? деп сурадым "атаңа, андан кийин тууганларың" деп жооп берди.[49]

Бул хадистин санадындагы заиф рави Жабир аль-Жуфи болуп саналат. Бирок бул хадис кошумча башка жолдордон дагы риваят кылынган. Ошондуктан хадис, хасан ли-гайрихи даражасына көтөрүлгөн. Негизинен, бул хадисти риваят кылгандардын катарында заиф бир равинин болушу, жалгыз башына бул хадистин заиф катары эсептелүүсү үчүн жетиштүү себеп. Бирок кошумча риваяттар негизги хадистин бар экенигин көрсөтөт жана ал заиф болуудан кутулат. Рави жалганчылык менен айыпталса, фыск жана бидат сыяктуу сапаттарга ээ болсо, хадис шаз жана илдеттүү болсо ж.б.у.с. кемчилдиктерди камтыса, риваят кылган текст башка жолдор менен келсе да заиф болуудан кутула албайт, т.а хасан боло албайт. Мындай абалда, матн бул равиден эмес, башка иснаддар менен келген риваятын колдонулуусу талап кылынат.[50]

---

[47] Aydınlı, *Hadis Tesbit Yöntemi,* s.92.
[48] Çakan, *Hadis Usulü*, s.110.
[49] Тирмизи. *Бирр.* 1.
[50] Kahraman, *Hadis el Kitabı*, s.306-307.

Хадис терминалогиясында хасан хадис үчүн "мушаббих" термини колдонулат. Айрыкча сахих хадис үчүн колдонулган "салих", "мужаввад/жаййид", "кави" жана "сабит" сыяктуу терминдер дагы хасан хадис үчүн колдонулат. "Мустахсан" термини болсо, сахих жана хасан болууга мүмкүн болгон хадис үчүн колдонулат.[51]

"Хасан" термини жалгыз өзү жана "сахих", "гариб" терминдери менен бирге колдонулат. Буларды кыскача төмөнкүдой түшүндүрүүгө болот:

Хадисун хасанун: Бул хадистин санад жана матн менен бирге хасан экендигин билдирет. Бул сөз "хасану-л-иснад" деп сыпатталуусунан жогору турат. Хасану-л-иснад, хадистин жалгыз гана санадынын хасан болгондугун билдирет.

Хадисун хасанун сахихун: Бул терминди Тирмизинин "Сунан" эмгегинен көрүүгө болот. Бир хадис удаа-удаа бир нече атка конуусунун маниси туурасында талаш-тартыш бар. Аалымдардын басымдуу бөлүгүнүн айтымында, Тирмизинин бир нече терминди катарлаш колдонгондугу хадистердин бирден көп иснад менен келгендигине далалат кылат. Ошондуктан иснаддардын бири ээ болгон өзгөчөлүктөн улам "хасан" деп аталса, сиххат шарттарын камтыган санаддан улам "сахих" деп аталат. Бул көз караш боюнча терминдин маниси, "бул хадис хасан дагы, сахих дагы болуп келген" дегенди билдирет. Бир нече термин менен аталып келген хадистин бир гана санады болсо, анда аны башкача түшүнүү керек. Бул учурда, иснаддагы равилердин бир же бир канчасы туурасында күмөн жаралгандыгын байоого болот. Демек, рави же равилер туурасында ар кыл сынчылардан (мунаккид) ар кандай пикирлер келген. Бир сынчынын сыны негиз алынса хадис "хасан" болот. Башка бир сынчынын сыны негиз алынса хадис "сахих" болот. Бул терминдин маниси төмөнкүчө: "бул хадис хасан же сахих."[52] *"Хаза хадисун хасанун сахихун"* сөзү хадистин бир канча санады бар экендигин жана сахих даражасына жеткендигин көрсөтөт. Бул сөздүн эки маниси бар, бир жол (тарик) менен келгендиктен хасан дешсе, башка жол (тарик) менен келгендиктен сахих болот, дешкен. Биринчи пикирди жактоочулардын айтымында "сахих" деп аталган хадис "хасан-сахихтен" күчтүрөөк. Экинчи пикирдин жактоочуларынын айтымында, "хасан-сахих" деп аталган хадис, сахих деп аталгандан дагы күчтүү болот.

---

[51] Çakan, *Hadis Usulü*, s.113.

[52] Kahraman, *A.g.e*, s.308; Çakan, İsmail Lütfi, *A.g.e.*, s.113.

Хасан-Сахих-Гариб: Бир канча тарик менен риваят кылынган, сиххат шарттарына ээ болгон жана тариктердин биринде гарабат (равинин риваятта жалгыз калуусу) болгон хадис. Хадис бир канча тарик жолу менен келгенде хасан, ал эми сиххат шартына ээ болуусу менен сахих хадистин тариктеринин бирөө эле гариб болгондуктан гариб деп сыпатталып калган.

Хасан-гариб: Гариб, санад менен матнда болуп жалгыз бир санад менен риваят кылынган болсо, маанисин кубаттаган башка далилдер болсо, анда бул хадисти Тирмизи "хасан ли-затихи" катары кабылдаган. Себеби гариб хадис кээде сахих, кээде хасан, кээде заиф дагы болушу мүмкүн. Анткени равинин жалгыздыгынан улам "гариб" деп аталып калган.[53]

Сахих-гариб: Жалгыз иснад менен риваят кылынган жана сахих даражасына жетпеген хадис.[54]

Хасан ли-гайрихи хадис менен бирге макбул хадистердин сиххат жагынан даражасы, макбул (кабылданган) хадистердин тартиби, өйдөдөн ылдыйды көздөй төмөнкүчө тизилген:

КАБЫЛДАНУУ ДАРАЖАСЫ БОЮНЧА	
1	Сахих ли-затихи хадис
2	Сахих ли-гайрихи хадис
3	Хасан ли-затихи хадис
4	Хасан ли-гайрихи хадис

Хасан хадистерди топтогон өзүнчө булактар жок. Бирок саны жагынан хасан хадистер басымдуулук кылган эмгектер бар. Булардын ичинен белгилүүсү Тирмизинин (ө. 279/859) "Жами", Абу Давуддун (ө. 275/888) "Сунан", Ибн Маажанын (ө. 209/824) "Жами", Даракутнинин (ө. 385/995) "Сунан" жана Ахмад б. Ханбалдын (ө. 241/855) "Муснад" китептери болуп эсептелинет.

Хасан хадистер хадис аалымдарынын көпчүлүгүнүн пикири боюнча, динде далил болот жана аны менен амал кылынат. Хасан хадистин даражасы сахих хадистин даражасынан кичине төмөн болсо дагы сахих хадис сыяктуу кабылданат. Бул жагдай, хасан ли-гайрихи хадистерге дагы

---

[53] Çakan, *Hadis Usulü*, s.113.
[54] Uğur, "Hasen" mad., *DİA*, XVI/375.

тиешелүү. Заиф хадис башка тариктер менен кубатталса, заиф болуудан кутулат. Кандайдыр бир хадиске сахих же хасан өкүмүн берүү *"Бул хадисти Аз. Пайгамбар айткан"* сыяктуу тактыкты билдирбейт. Бул өкүм жалгыз занни галиб боюнча берилгендигин түшүнсөк болот.

В. Заиф (алсыз) хадис жана анын түрлөрү

"Заиф" сөзүнүн лексикалык мааниси "алсыз, күчсүз" дегенди билдирет. Терминалогиялык мааниси, сахих же хасан хадистердеги шарттардын бирине же бир канчасына ээ болбогон, хасан даражасына жетпеген, бирок жалган экендиги айтылбаган хадистер заиф хадис деп аталат. Заиф хадиске төмөндөгүдөй аныктама берүүгө болот:

هو ما لم يجمع شروطَ الحسن، بفقد شرط من شروطه

"Заиф хадис – хасан хадистин шарттарынын бирини жоготуу аркылуу, хасан сыпатына ээ болбогон хадис."[55]

Заиф хадистин өзгөчөлүктөрү:

а) Заиф хадисти риваят кылуучу адилеттүүлүк жана забт ээси эмес.
б) Заиф хадистин санады үзгүлтүктүү же болбосо шаз болот.
в) Заиф хадистин санады же матны илдеттүү болот.

Сахих жана хасан хадисте болуусу керек болгон шарттар кемий баштаганда хадистин алсыздыгы артат. Заиф хадистер "саким" деп дагы аталышат. Хадис аалымдары жарх кылынган жана иснады үзгүлтүккө учураган хадистерди "мардуд" катары эсептешкен.

Хадис усул аалымдары хадистин сахих жана хасан болуу шарттарынан бирине же бир нечесине ээ болбогондугун эске алышып, заиф хадистин алты топкө бөлүшкөн ар бирин ар башка терминдер менен аташкан. Заиф хадистер иснаддагы үзгүлтүктөн (инкита) жана равилердеги кемчилдиктен (жарх) улам эки топко бөлүнөт. Эки топто тең заиф хадистин түрлөрү бар.

Заиф хадистер адалга же арамга байланыштуу укуктук маселелерде далил катары кабылданбайт. Мындан сыраткары амалдардын пазилети, вааз (насаат), адеп-ахлак, таргиб-тархиб маселелеринде Куран жана Пайгамбардын (с.а.в.) сүннөтүнө карама-каршы келбесе заиф хадистер

---

[55] ат-Таххан, Махмуд. *Тайсиру Мусталахи-л-хадис.* 78-б.

амал кылууга болот дегендер да бар.[56] Заиф хадис менен амал кылуу үчүн кээ бир шарттар талап кылынат. Ибн Хажарга таандык делген пикирде, заиф хадис менен амал кылуу үчүн үч шарт керек: 1. Хадис өтө заиф болбошу керек. 2. Заиф хадис Ислам динининн негизги принциптерине карама-каршы келбеши керек. 3. Заиф хадис менен амал кылууда Пайгамбардын (с.а.в.) оозунан чыкпаган бир сөздү ага таандырбаш үчүн ал риваятка өтө кылдат мамиле жасоо керек.[57] Мындан тышкары буга кошумча төмөндөгү шарттар дагы бар: Хадис акыл, шарият жана тил кабылдабаган апыртуулардан оолак болуусу жана өзүнөн дагы күчтүү шарий далилге каршы келбөөсү.[58]

Заиф хадистерге шарт койбостон кабылдоо өтө коонтуу болуп саналат. Айрым хадис аалымдары тарабынан жалган делген хадистерди кээ бир хадисчилер заиф хадис катар көрүүсү, хадиске сахих жана заиф экендигине байланыштуу өкүм берүү негизинен ижтихади катары каралса заиф хадистин бардыгынан баш тартуу дагы чектен ашуу болуп саналат.[59]

Заиф хадистерди эң көп камтыган эмгектердин айрымдары төмөнкүлөр:

1. Табаранин *"аль-Муъжаму-л-кабир"*, *"аль-Муъжаму-л-авсат"* жана *"аль-Муъжаму-с-сагир"* эмгектери.
2. Даракутнинин *"Китабу-л-аффад"* эмгеги.
3. Хатиб аль-Багдадинин *"Тариху багдад"* эмгеги
4. Абу Нуайм Ахмад б. Абдиллахи-л-Исбаханинин *"Хилйату-л-авлийа"* эмгеги.

1. Санаддын үзгүлтүккө учурашына байланыштуу болгондор

Санаддагы үзгүлтүктөн улам заиф болгон хадистер, үзгүлтүккө кабылган жерине, үзгүлтүктүн бир же бир канча жерде болуусуна жана жашыруун болуп болбогондугуна жараша "мурсал", "мункатиъ", "муъдал", "муъаллак" жана "мудаллас" хадис сыяктуу ар кандай ысымдар менен аталышат.

---

[56] Yücel, *Hadis Usûlü*, s.194.
[57] Demir, Özafşar, "Zayıf" mad., *DİA*, 44/158.
[58] Kardâvî, Yusuf, *Sünneti Anlamada Yöntem*, s.88.
[59] Demir, Özafşar, "Zayıf" mad., *DİA*, 44/159.

Иснаддардын муттасыл (үзгүлтүксүз) болушу боюнча, равилердин ортосунда жолугушуу болуп-болбогондугунун жана бири-бири менен жоолуккан равилердин ортосундагы устаз-шакирт мамилесинин иликтөөгө алуу менен өкүм берилет. Иснадда биринин артынан бири келген эки равинин ортосунда устаз-шакирт мамилесинин болуп-болбогондугуна байланыштуу тарыхый булактарда орун алган, туулган жана өлгөн жылдары, жашаган жана саякат кылган аймактары сыяктуу маалыматтарды камтыган китептерине, рижал аалымдарынын равилер туурасында берген устаз-шакирт тизмелерине, өзгөчө илал жана сулалат сыяктуу китептерде иснаддар туурасында берилген маалыматтарды пайдалануу аркылуу аныкталат.[60]

а. Мурсал хадис

Лексикалык мааниси "жөнөтүү, жиберүү, берүү, өстүрүү" дегенди билдирет. Терминологиялык мааниси табииндер сахабаны аттап түздөн-түз Пайгамбарга (с.а.в.) таяндырып, *"Аз. Пайгамбар мындай буюрду"* же болбосо *"Аз. Пайгамбар мындай кылды"* деген сыяктуу сөздөр менен риваят кылган хадистер болуп саналат.

Мурсал хадистин башка аныктамасы мындайча:


هو ما سقط من آخر إسناده من بعد التابعي

"Иснаддын аягында табиинден кийин сахаба рависи түшүп калган хадис"[61]

Хадистин санадындагы сахабаны аттап өтүп, санадда ажырым пайда болгондуктан мурсал хадис заиф катары кабылданган. Алгачкы доорлордо мурсал сөзү санадда бир же бир нече рави түшүп калган бардык хадистер үчүн дагы колдонулган.[62]

---

[60] Kızıl, *Hadis El Kitabı*, s.310.
[61] ат-Таххан, Махмуд. *Тайсиру Мусталахи-л-хадис.* 87-б.
[62] Polat, Mürsel Hadisler ve Delil Olma Yönünden Değeri, s.155.



Сахаба түздөн-түз Пайгамбардын (с.а.в.) өзүнөн эмес башка бир сахабадан угуп бирок, Пайгамбардын өз оозунан уккандай риваят кылса **"сахаба мурсал"** деп аталат; бир равинин замандашы болгону менен жолугушкандыгы белгисиз болгон бир кишиден риваят кылса **"аль-мурсалу-л-хафи"** деп аталат. Мурсал хадисти риваят кылган **"мурсил"** деп аталат.

Иснаддан түшкөн равинин сахаба экендиги аныкталса, сахабанын бардыгы адилеттүү кабылдангандыктан хадис заиф болуудан арылат. Сахаба мурсал, хадис аалымдары тарабынан кабылданган.[63] Хадис аалымдары Саид б. Мусаййаб, Ибрахим ан-Нахаи, Мужахид б. Жабр, Тавус б. Кайсан, Малик б. Анас сыяктуу ишенимдүү табиин аалымдарынын мурсал хадистерин дагы кабылдашкан.[64] Айрымдары Хасан аль-Басринин мурсал хадистерин сахих катары кабылдаса, айрымдары заиф катары кабылдашкан. Ата б. Аби Рабах, Катада, Суфян ас-Саври, Ибн Шихаб аз-Зухри, Зайд б. Аслам, Аъмаш жана Суфян б. Уйайна сыяктуу табиин аалымдардын мурсал хадистери заиф болуп эсептелген.[65]

Кээ бир хадис аалымдары санаддын үзгүлтүккө учурашынан улам заиф деп аталган хадистердин катарын толуктаган мурсал хадистерди муттасыл санады жок учурда дагы далил катары пайдаланууга болоорун билдиришкен.[66]

---

[63] Polat, "Mürsel" mad., *DİA*, XXXII/52.
[64] Polat, *A.g.e.*, s.72.
[65] Polat, "A.g.m.", XXXII/53.
[66] Yücel, *Hadis Usulü*, s.178.

Мухаддис, факих жана усул аалымдарынын басымдуу бөлүгүнүн пикири боюнча, мурсал хадис далил боло албайт, заиф хадистердин катарына кирет. Хадис аалымдары заиф деп эсептеген мурсал хадистерге амал кылуу боюнча фыкыхчылар ортосунда эки анжы пикир бар. Малики жана Ханбали аалымдар мурсал хадис менен амал кылышкан. Ахмад б. Ханбал бул боюнча эки көз карашын билдирген. Анын түрдүү көз караштары, ишенимдүү равилер тарабынан риваят кылынган деп билинген кишилердин мурсал хадистерин кабылдаган деп жоромолдонгон. Имам Шафи болсо, мурсал хадис башка бир муснад хадистин же болбосо мурсал хадистин колдоосуна ээ болсо гана кабылданаарын билдирген. Малики жана Ханафи аалымдардын мурсал хадистерди кабыл алышынын айрым себептери бар. Буларды төмөнкүчө тизмектөөгө болот: иснад системасы акырындык менен жолго коюла баштаган. Алгач муттасыл жана мурсал иснаддар бирге болгон. Ишеним кеңири тараган жана заиф равилердин саны аз болгон доордо амалдар бул риваяттарга жараша түзүлгөн.[67] Иснад акырындык менен орноду, негизи башында муттасыл жана мурсал иснад бир эле болчу. Ишеним толук орноп турган мезгилде жана заиф хадистер аз болгон доордо табииндин мурсал хадистери кимден келгендиги анык эле. Амалдар (иш жүзүндө аткарылгандар) аталган риваттарга жараша түзүлгөн.

حَدَّثَنَاهُ أَبُو الْعَبَّاسِ مُحَمَّدُ بْنُ يَعْقُوبَ ، أَنْبَأَ الرَّبِيعُ ، أَنْبَأَ الشَّافِعِيُّ ، أَنْبَأَ مَالِكٌ ، عَنْ زَيْدِ بْنِ أَسْلَمَ ، عَنْ سَعِيدِ بْنِ الْمُسَيَّبِ ، أَنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ نَهَى عَنْ بَيْعِ اللَّحْمِ بِالْحَيَوَانِ.

...Саид б. Мусаййибден келген риваятта мындай деген: *"Аз. Пайгамбар этти тирүү жаныбарга айырбаштоого (сатууга) тыюу салды."*[68]

Саид б. аль-Мусаййаб табииндердин улууларынан болуп саналат. Бул хадисти өзү менен Аз. Пайгамбар экөөнүн ортосундагы сахабанын атын атабастан Пайгамбардан (с.а.в.) риваят кылган. Аз. Пайгамбардан хадисти угуп ага жеткирген бири болуш керек эле. Бирок аны белгилеп кеткен эмес. Андыктан равилер чынжырчасынын аягында табиундан кийин келген рави тактап айтканда, сахаба түшүп калган. Ошондуктан мурсал хадис болуп саналат.

---


[67] Kızıl, *Hadis El Kitabı*, s.310-311.
[68] Хаким ан-Найсабури. *аль-Мустадрак.* II/41.

б. Мункатиъ хадис

Лексикалык мааниси боюнча "үзүк, үзүлгөн' жана 'кесик, кесилген" дегенди билдирет. Алгачкы мезгилдерде санадда хадис жеткизүүчүлөр түшүп калган хадистер үчүн, т.а. санады муттасыл болбогон хадистер үчүн колдонулуп келген. Хадис усулунда мункатиъ, көбүнесе эки рави түшкөн бирок катары менен эмес же сахабадан кийинки рави түшкөн хадистер үчүн колдонулат.[69] Башкача айтканда, "мурсал", "муъдал" жана "муъаллак" хадис түрлөрүнөн тышкары иснады үзгүлтүккө кабылган хадистер мункатиъ деп аталат.[70]

ما لم يتصل إسناده، على أي وجه كان انقطاعه

Мисалы, "مالك عن ابن عمر" сыяктуу бир санады бар хадис мункатиъ болуп саналат. Себеби Имам Малик атбау-табииндердин катарына кирет. Ал эми сахабалардан Абдуллах ибн Умарды көргөн эмес.[71] Иснадда жеткирүүчүлөрдүн аты аталбастан "бир адам/ражул", "шайх", "бир аял" сыяктуу белгисиздикти билдирген сөздөр менен келген хадистер дагы мункатиъ деп эсептелген.[72]



---

[69] Aydınlı, *Hadis Istılahları Sözlüğü,* s.111.
[70] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı,* s.50.
[71] Çakan, *Hadis Usûlü*, s.116.
[72] Yücel, *Hadis Usulü*, s.176.

Хадистеги ажырым (инкита) ачык жана жашыруун болуп экиге бөлүнөт. Ачык инкита – бир мезгилде жашабаган бирөөдөн хадис риваят кылуусу. Жашыруун инкита – бир мезгилде жашаганы менен көрүшпөгөн устаздан хадис риваят кылуусу же көрүшсө дагы хадис албаган же хадис алса дагы укканын эмес, укпаган башка бир хадисти риваят кылуусу. Ачык инкитаны жөнөкөй ыкмага салып аныктап-билүүгө болот. Ал эми жашыруун инкитаны болсо, рижаль илимин мыкты өздөштүргөн хадис аалымдары гана биле алат.[73]

Бир хадистин мункатиъ болуп болбогондугун хадистин бардык тариктерин бир жерге топтоп салыштырып, түшүп калган равини тактоо аркылуу билүүгө болот жана иснаддагы равилер ортосунда устаз-шакирт байланышынын болуп-болбогондугун аныктоо аркылуу билүүгө болот. Иснаддан түшүп калган равинин ким экендиги жана анын ишенимдүү болуп-болбогондугу белгисиз болгондуктан мункатиъ хадис заиф болуп саналат.[74]

в. Муъдал хадис

Санаддын кандайдыр бир жеринен катары менен эки же андан көп рави түшүп калган хадис.

ما سقط من إسناده اثنان فأكثر على التوالي[75]

Муъдал хадисте дагы мункатиъ хадис сыяктуу рави түшөт. Бирок мункатиъ хадисте равинин түшүшү санаддын ар кайсыл жеринде болсо, муъдал хадисте биринин аркасынан бири келет. Ошондуктан муъдал хадис мункатиъ хадистен дагы заиф болуп саналат. Муъдал хадисте равилер катары менен хадистин баш жагынан (мусанниф/муаллиф) түшпөйт. Равилердин түшүшү (инкита) катары менен мусанниф тарабынан болбогондугу муъдал хадисти муъаллак хадистен бөлүп кароо үчүн.

Муъдал хадис үчүн төмөнкү мисалды берсек болот:

---

[73] Efendioğlu, "Munkatı'" mad., *DİA*, XXXII/12-13.

[74] Aydınlı, *Hadis Tesbit Yöntemi*, s.98; Efendioğlu, "Munkatı'" mad., *DİA*, XXXII/12-13.

[75] ат-Таххан, Махмуд. *Тайсиру Мусталахи-л-хадис.* 92-б.



عن مالك أنه بلغه أن رسول الله (ص) قال اني لأنسى او انسي لاسن

Мага Маликден риваят кылды, ага жеткен маалыматтар боюнча Алланын элчиси мындай буюрган: *"Чындыгында, мен улгү болуум үчүн унутуп калам же мага унуттурулат."*[76]

г. Муъаллак хадис


Иснаддын баш жагынан т.а. хадисти акыркы риваят кылган равиден баштап бир же катары менен бир нече равинин аты аталбастан риваят кылынган же болбосо бардык равилер катары менен түшкөн хадистер муъаллак деп аталат.[77]

ما حذف من مبدأ إسناده راو فأكثر على التوالي[78]

Кээ бир хадис аалымдарынын айтымында, иснадды толук жашырып "каала Расулуллах", "каала Абу Хурайра" деп түздөн-түз биринчи булактан риваят кылынган хадистер дагы муъаллак деп аталат.[79]

---

[76] Малик. *Сахв.* 2.
[77] Ünal, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis,* 49.
[78] ат-Таххан, Махмуд. *Тайсиру Мусталахи-л-хадис.* 84-б.
[79] Koçyiğit, *Hadis Usulü*, s.66;



Равилердин чынжырчасында аты аталбаган жерде негизи равилер болуп да автор ысымдарын атабаган сыяктуу балким, бул бөлүгү ошондой да болушу да ыктымал. Биринчиден, автор китебинин көлөмүн чоңойтуу эмес же болбосо өзү койгон талаптарга дал келбегендиктен равилердин атын атаган эместир. Экинчиден, хадисти түздөн-түз бир китептен алышы мүмкүн. Эки түрдө тең хадис санады толук болбогондуктан мындай абалда хадис заиф болуп саналат. Бухаринин (ө. 256) *"аль-Жамиу-с-сахих"* аттуу эмгегинде мындай хадистерди көп көрүүгө болот. Бирок алардын башка хадис китептеринде санады толук хадистер да бар.[80] Муъаллак хадистердин муттасыл санаддары такталган учурда хадис туурасындагы өкүм муттасил иснаддын абалына карап берилет.[81]

д. Мудаллас хадис

Лексикалык мааниси "бир нерсенин айыбын жана кемчилдигин жаап-жашыруу" дегенди билдирген "тадлис" сөзүнөн келип чыккан "мудаллас" термин катарында "рави замандашы болгону менен көрүшпөгөн же көрүшсө дагы андан хадис албаган биринен көрүшүп, хадис алгандай риваят кылуусу."[82] Бул жерде рави чындап хадис алган адамды түрдүү


---

80 Aydınlı, *Hadiste Tesbit Yöntemi,* s.100.
81 Kızıl, *Hadis El Kitabı*, s.312.
82 Ибну-с-Салах. *Улуму-л-хадис.* 73-б.

себептерден улам жаап-жашырып инсандарды алдоодо жана риваят кылган хадистин кемчилдигин жашырууда.[83] Тадлис кылган адам "мудаллис" деп аталат. Мудаллас хадистин кыскача аныктамасы төмөндөгүдөй:

إخفاء عيب في الإسناد، وتحسين لظاهره


"Мудаллас, иснаддагы айыпты жашыруу жана көрүнүшүн (захирин) кооз көрсөтүү."[84]



Жогоруда тартипте **A** рави хадисти **B** дан алганы менен анын алсыздыгы же кандайдыр бир кемчилдигинен улам **B** ны жаап-жашырып, калган риваяттарды өзүнөн алган негизги шейхти таба-и табиинден алгандай кылып көрсөткөн.[85] Тадлис негизги үч топкө бөлүнөт: [86]:

---

[83] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı,* s.50.
[84] ат-Таххан, Махмуд. *Тайсиру Мусталахи-л-хадис.* 96-б.
[85] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı,* s.50.
[86] Çakan, *Hadis Usûlü*, s.118; Erul, Bünyamin, "Tedlîs" mad., *DİA*; XL/263.



Жогоруда айтылган тадлистин үч түрүнө төмөнкүдөй мисалдарды келтирүүгөн болот:

Иснад тадлиси	Суфян бизге аз-Зухриден ал дагы Анастан риваят кылды: *"Пайгамбар (с.а.в.) Сафиййанын үйлөнүү тоюнда курма жана талкан (халванын бир түрү) зыяпат берген."*[87] Суфян бул хадисте тадлис кылган. Бул хадисти устазы аз-Зухринин жеке өзүнөн алган эмес. Хадисти Абу Давуд, Тирмизи, Ибн Маажа жана Насаинин эмгектеринен да көрүүгө болот. Алар берген равилердин чынжырчасында аты аталбаган Валид б. Давуд жана уулу Бакр б. Ваил дагы бар. Бакр б. Ваил бул хадисти Суфяндан алган, Вали дагы андан алган. Суфян дагы бул риваятты Ваилден алган бирок атын билдирген эмес.
Тасвийа тадлиси	Имам Маликтин "Муватта" китебиндеги[88] хадистердин иснаддарында тадлис бар. Мисалы, *"Мага Маликтен, ал Савр б. Зайд ад-Дилиден ал дагы Абдуллах б. Аббастан риваят кылды..."* – деп келген иснадда Савр менен

[87] Ахмад б. Ханбал. *Муснад.* III/110.
[88] Малик. *Сиям.* 3; *Забаих.* 5.

	Абдуллах ортосунда Икрима бар болгону менен Имам Малик аны жокко чыгарып тадлис тасвийа кылгандыгы айтылып келет.[89]
Шуюх тадлиси	Кыраат имамдарынан Абу Бакр б. Мужахиддин айтканы бага мисал десек болот: Ал "бизге Абдуллах б. Аби Абдиллах билдирди" – деп айткан. Муну менен Абу Бакр б. Аби Давуд ас-Сижистани жөнүндө айткан.

Тадлису-л-иснад менен тадлису-ш-шуйухтун кээ бир түрлөрү туура кабылданып, мындай кылгандардын адилеттүүлүк сапаты жарх (сынга кабылуу) кылынган эмес. Анткени мындай жолго барган адам ачык-айкын айтуунун ордуна божомолдогон, калп айткан эмес. Ушундан улам айрым белгилүү хадис аалымдары тадлис кылышкан. Бирок санаддагы заиф равини жашырган тадлису-л-иснадды болсо катуу айыптап, мындай ишке баргандарды адилеттүүлүк жагын сындашкан.[90] Тадлис түрлөрүнүн бири равинин хадис риваят кылган шейхини билинген ысымы же лакабы менен эмес, билинбеген ысым же лакабы менен билдирүүсү болгон "шуйух тадлиси" хадис аалымдарынын айтымында макрух болуп саналат. Негизинен, рави шейхини билинбеген ысым менен билдирүүсү аны жахалату-р-рави (равинин белгизидиги) сыяктуу сынга кабылуусуна себеп болууда. Себеби мухаддис белгилүү ысымынан башка ысым менен айтылган равинин ким экендигин аныктай албаса хадисин четке кагышы ыктымал.[91] Бирок рави өзүнөн кичинекей бир шейхтен хадис риваят кылгандыгын жашырса же хадис риваят кылган шехтердин көптүгүн көрсөтүү же болбосо риваят кылган хадистерди бир эле шейхтен албагандыгын далилдөө максатында тадлис кылса болот. Башкалар сыяктуу залакасы тийбейт.[92]

Тадлис кылгандыгы байкалган рави сика (ишенимдүү) болсо дагы "ан" жана "каала" сыяктуу тактыкты билдирбеген ада сыйгаларын

---

[89] Aydınlı, *Hadis Tesbit Yöntemi*, s.105.

[90] Aydınlı, *Hadis Tesbit Yöntemi,* s.103; Koçyiğit, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis*, 12, s.15.

[91] Koçyiğit, , v.d., *A.g.e.*, s.15.

[92] Koçyiğit, *Hadis Usûlü*, s.82.

(калып) колдонуп кылган риваяттар мункатиъ, заиф болуп саналат.[93] Мудаллис рави шейхинен укпаган бир хадисти "самиъту", "хаддасана", "ахбарана" сыяктуу жазм сыйгалары (калып) менен риваят кылса, анда жалгандын негизинде бардык риваяттары четке кагылат.[94] Хадисте тадлис кылган адам хадис алган равини жаап-жашырып адамдарды алдагандыгы үчүн риваят кылган хадис заиф кабылданган жана далил боло алган эмес. Бирок тадлис кылгандыгы аныкталган ишенимдүү равинин устазынан ишенимдүү жол менен алгандыгын ырастаган "самиъту-ахбарана-хаддасана" сыяктуу угууга (самаъ) далалат кылган ачык түрдөгү риваят сөздөрүн колдонгон учурларда риваят кылган хадистер кабылданган жана далил катары колдоулган.[95]

Мудаллас менен мурсал-и хафи ортосунда өтө аз айырмачылык бар. Шейх менен көрүшкөндүгү белгилүү болгон равинин андан укпай туруп риваят кылган хадис "мудаллас", ал эми шейх менен бир мезгилде жашаганы менен көрүшкөндүгү белгисиз болгон равинин шейхтен риваят кылган хадис "мурсал-и хафи" деп аталат. Бир сахаба хадис алган башка бир сахабанын атын атабастан Пайгамбардан (с.а.в.) риваят кылуусу дегенди билдирген сахаба мурсали көрүнүштө тадлиске окшогону менен хадис аалымдары мындагы риваяттарды тадлис катары көргөн эмес.[96]

2. Равинин кемчилдигине байланыштуу болгондор

Заиф хадистердин калган бөлүгү равилердин кемчилдигине байланыштуу болуп, равилерге карата айтылган айрым айыптоолордун натыйжасында туулган. "Матаини ашара" деп аталган равилерди сынга алуучу жагдайлардын бири же бир канчасынан улам, заиф кабылданган хадистер онго бөлүнөт. Атап айтсак, алардын сынга алынган жактары менен биргеликте төмөнкүдөй бөлүп кароого болот:

---

[93] Aydınlı, *A.g.e.*, s.103.
[94] Erul, "Tedlîs" mad., *DİA*; XL/264.
[95] Kızıl, *Hadis El Kitabı*, s.313; Erul, "Tedlîs" mad., *DİA*; XL/264; Yücel, *Hadis Usûlü*, s.180.
[96] Kızıl, *A.g.e.*, s.313.



Равидеги кемчилдик адилеттүүлүк же болбосо забтка байланыштуу болот. "Мункар" жана "матрук" хадистер равинин адилеттүүлүк сапатынын негизинде заиф катары кабылданат; ал эми "мүъаллал", "мудраж", "мудаллас", "шаз", "аль-мазид фи муттасил-л-асанид", "мусаххаф/мухарраф", "маклуб" жана "музтариб" хадистер равинин забт сапатынын негизинде заиф катары кабылданат.

Иснады забт жагынан сынга кабылган равилери болгон хадистердин айрымдары башка тариктен колдоого ээ болсо, далил катары колдонууга болот. Ошондуктан равинин забты кайсыл себептен улам сынга кабылгандыгын тактоо абдан маанилүү. Равилердин забтынын күчтүүлүгү жана забт жагынан кемчилдиктерин аныктоонун негизги ыкмасы риваят кылган хадистердин ишенимдүү (сика) равилердин хадистери менен салыштыруу болуп саналат.[97]

а. Матрук хадис

Хадис риваятында жалганчылык менен айыпталган (иттихаму-р-рави би-л-кизб), көп ката кетирген (фухш-и галат) же өтө кайдыгер болгон (фарту-л-гафлат) равилердин жалгыз баштарына риваят кылган хадистер

---

[97] Kızıl, *Hadis El Kitabı*, s.259.

матрук хадис деп аталат.[98] Ибн Хажар жалгыз гана жалганчылык менен айыпталган рави тарабынан келген хадис матрук, калган үч өзгөчөлүктү камтыган хадистерди мункар деп атаган. Алгачкы мезгилдерде "матрук" термини кабылданбаган бардык хадистер үчүн колдонулган.[99]

Хадистерди жеткизүүдө эмес, күнүмдүк жашоодо калп айткандыгы билинген (кизб), сөз жана жасаган иштеринде фасык (бузук) болгондугу аныкталган (фиск) же болбосо хадистерди алмаштыруу (вахм), көп ката кетируу (касрату-л-галат) жана өтө кайдыгер болуу (гафлат) жагынан таанылган равилердин хадистери матрук болуп эсептелет.[100] Матрук хадистер ишенимдүү равилердин риваяттары менен колдоого ээ болбогондуктан жана жалган айтуу ыктымалдыгынан улам четке кагылат.[101] Матрук хадис бул ишенимдүү равилердин риваятына каршы келүү эмес, жарх кылынган равинин риваятында жалгыз калуусу болуп саналат. Албетте, бул матрук хадисти мункар хадистен ажыратып турган эң маанилүү өзгөчөлүк.[102]

Матрук хадиске төмөндөгү мисалды берсек болот:

> Хадис аалымдары Сада б. Мусанын Фаркадан, анын Мурра ат-Таййибтен, анын Абу Бакрдан кылган риваяттарын матрук деп эсептешкен. Бул иснад менен риваят кылынган хадистердин бири мындайча: "لا يدخل الجنة خب ولا بخيل ولا سيئ الملكة" *"Алдамчы, сарай жана башкаруусундагыларга жаман мамиле жасаган жетекчи бейишке кире албайт."*[103]

Айрым мухаддистер "матрук" сөзүнүн ордуна "матрух" терминин колдонушкан. Матрук хадис мавзу хадистер сыяктуу мардуд хадис түрлөрүнүн бири катары эсептелип, кандайдыр бир маселеде далил боло албайт.

---

[98] Koçyiğit, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis,* 12, s.15; Aydınlı, *Hadis Istılahları Sözlüğü,* s.99.
[99] Koçyiğit, *Hadis Usûlü*, s.119-120; Aydınlı, *Hadis Tesbit Yöntemi*, s.114.
[100] Koçyiğit, *A.g.e.*, s.119.
[101] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı,* s.51.
[102] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.222.
[103] Ахмад б. Ханбал. *Муснад.* I/7.

б. Мункар хадис

Заиф равинин өзүнөн кыйла ишенимдүү равинин риваятына каршы риваят кылган хадистер *мункар* деп аталат. Ишенимдүү равилердин риваятына каршы келбесе да, заиф рави тарабынан риваят кылынган хадис мункар болуп саналат.[104] Ибн Хажардын айтымында, забтка байланыштуу кемчилдиктерден фиск захир, фухш-и галат жана касрат-и гафлат кемчилдиктеринден бири же болбосо бир канчасы менен жарх кылынган рависи бар хадис мункар болуп эсептелет. Бирок мункар негизинен заиф равилердин сика равилерге каршы риваят кылган хадистер болуп саналат. Ибн Хажар дагы мункарды ушундай мааниде колдонгон.[105]

Мутакаддимун доорунда заиф рави сика ривилерге каршы риваят кылган хадистер мункар деп аталса, каршы келбей туруп заиф же сика равинин риваятта жалгыз калуусу дагы мункар деп аталган.[106] Мындай учурда мункардын мааниси шаз менен бирдей. Мункар хадистердин заиф экендигинде талаш жок. Заиф рави жалгыз калган хадис, рави заиф болгондуктан хадис дагы заиф болуп саналат. Ишенимдүү равинин риваятта жалгыз калуусу дегенди билдирген мункар хадис болсо, ушул себептен заиф болуусу мүмкүн эмес. Мункар илал жана мавзуат китептеринде мавзу (жалган) маанисинде дагы колдонулат.[107] Мункар хадиске төмөндөгү мисалды берсек болот:

...حدثنا حبيب أخو حمزة الزيات عن أبي إسحاق عن العزيز بن حريث عن ابن عباس قال قل رسول الله (ص) من أقام الصلاة و آتى الزكاة وحج البيت وصام رمضان و قرى الضيف دخل الجنة

Хубайб б. Хабиб Абу Исхактан, ал дагы аль-Айзар б. Хурайсдан, ал дагы Ибн Аббастан, ал дагы Пайгамбардан (с.а.в.) риваят кылды, Пайгамбар мындай буюрду: *"Кимде ким намазын чын-дилден окуса, зекетин берсе, ажылыкка барса, орозосун кармаса жана коногун сыйласа бейишке кирет."*[108]

---

[104] Aydınlı, *A.g.e.*, s.92; Yücel, *Hadis Usûlü*, s.185.
[105] Kızıl, *Hadis El Kitabı*, s.256
[106] Koçyiğit, *Hadis Usûlü*, s.122.
[107] Yücel, *Hadis Istılahlarının Doğuşu,* s.170; *Hadis Usûlü,* s.185-186.
[108] ат-Табарани, Абу-л-Касым. *аль-Муъжаму-л-кабир.* XII/136.

Бул мункар хадис. Себеби бул Пайгамбардын сөзү катары т.а. марфу хадис катарында ривает кылынган. Бирок ушул эле санад менен сика равилер тарабынан Ибн Аббастын сөзү катары т.а. мавкуф катарында да ривает кылынган.[109]

Хадистеги маъруф ривает экинчи тарик болуп саналат.

Мункар хадистин карама-каршысы "маъруф" хадис болуп саналат. Заиф равилер ривает кылган мункар хадис четке кагылат, ишенимдүү равилер ривает кылган маъруф хадистер кабылданат жана алар менен амал кылынат.[110]

в. Муъаллал хадис

Биринчи караганда сиххат шарттарына ылайык көрүнгөнү менен хадистин сахихтигин (жарамдуулугун) жокко чыгаруучу жашыруун кемчилдиги бар хадистер *муъаллал хадис* деп аталат.[111] Хадистин сахихтигине залакасын тийгизген иллат (кемчилдик) хадистин иснадында болгондой эле матнда дагы болушу мүмкүн. Хадистердеги кемчилдиктер өз ишин мыкты билген, тажрыйбалуу адамдар тарабынан билинет. Аны аныктоо хадис илиминин эң оор маселелеринин бири болуп саналат.

Хадистердеги кемчилдиктерди ишенимдүү равилердин риваяттарынан көрүүгө болот. Ишенимдүү равилердин хадистеринде кемчилдиктер көп байкала баштаса, анда равиден баш тартууга туура келет.

Хадистеги иллат санад жана матнда болот. Мурсал же болбосо мункатиъ хадисти мавсул катары ривает кылуу же болбосо бир хадисти башка хадиске кошуу, мавсул хадисти мурсал, марфу хадисти мавкуф катары ривает кылуу, сика (ишенимдүү) равинин ордуна заиф равини билдирүү сыяктуу жархка себеп болгон каталар вахм (курулай шектенүү) деп аталат. Мындай каталар менен ривает кылынган хадистер муъаллал деп аталат.[112] Муъаллал хадистерди аныктоо өтө оор болгондуктан хадис

---

[109] Ибн Аби Хатим. *аль-Илал.* II/182; Байхаки, Абубакр Ахмед б. аль-Хусайн. *Шуабу-л-Иман.* (басм. даяр.: Мухтар Ахмед ан-Надви). Мактабату-р-Рушд ли-н-нашри ва-т-тавзи. Эр-Рияд, 2003. VII/92.

[110] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı,* s.51.

[111] Yıldırım, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı,* s.83.

[112] Çakan, *Hadis Usulü,* s.121.

тарыхында бул боюнча аз сандагы аалым өз пикирлерин калтырып кетишкен. Бул аалымдардын алдыңкылары Али Ибну-л-Мадини, Ахмад б. Ханбал, ад-Дарими, аль-Бухари, Абу Хатим ар-Рази, ат-Тирмизи жана ад-Даракутни болуп саналат. Булар хадистин бардык риваяттарын бир жерге топтоп, санад жана матндарын бири-бирине салыштырып хадисте кемчилдик барбы жокбу, ошону аныктоого аракет кылышкан. Хадистин муъаллал болушу равинин забт жана абалына жараша болот. Кээде адилеттүүлүк сапатынын кемчилдигин же болбосо жоктугун көрсөтөт. Ошондуктан муъаллал хадис заиф болуп саналат.[113]

Абдуллах б. Масъуддан келген риваятта, Пайгамбар (с.а.в.) мындай буюрган: *"Каражолтойлук түшүнүгү ширктин бир түрү. Бизден (мындай түшүнүккө кабылган) эч ким жок. Бирок Алла муну тобокелдик менен жойот....!"* [114]

Бул хадисте "бизден эч ким жок..." деген жери Аз. Пайгамбардын сөзү эмес, Абдуллах б. Масъудка таандык экендиги айтылып келет. Андыктан мавкуф хадис марфу хадиске кошулуп кеткендиктен хадис илдеттүү болуп саналат.

Санаддагы илдетке төмөндөгү хадисти мисал келтирген:

Муса б. Укбадан ал Абу Исхактан ал Абу Бурадан ал дагы атасынан кылган риваятта, Алланын элчиси мындай деген: *"Мен күндө жүз жолу Аллага истигфар кылам (кечирим сурайм) жана тообо кылам."*[115]

Бул хадистин санады илдеттүү болгондуктан хадис муъаллал болуп саналат. Себеби хадистин санадында көрүлгөндөй Абу Бурда атасынан риваят кылган. Бардык риваяттар бир жерге топтолгондо Абу Бурда хадисти атасынан эмес, аль-Аграр аль-Музиниден риваят кылгандыгын байкоого болот. Муслим дагы "Сахих" китебинде андан риваят кылган.[116]

---

[113] Aydınlı, *Hadis Tesbit Yöntemi*, s.106.
[114] Абу Давуд. Тибб. 23
[115] Хаким ан-Найсабури. *Маърифату улуми-л-хадис.* 114-115-б.
[116] Муслим. *Зикр.* 40.

Ошондуктан хадис жогорудагы иснады менен бирге муъаллал болуп саналат.

Заиф хадис катары каралган муъаллал хадис мындай корүнүшү менен сахих болуу өзгөчөлүгүнөн ажыраган. Айрым учурларда иснаддан улам заиф абалга кабылган илдеттүү хадистерде негизги матн бар экендигин көрсөткөн башка иснаддардын болгондугу байкалса, илдеттен улам матн четке кагылбайт. Кээ бир учурларда иснад түзүмүнөн улам заиф хадистин деңгээлине түшүп кеткен илдеттүү хадистерде матндын бир түп нускасынын бар экендигин көрсөткөн башка тариктердин бар экендиги белгилүү болгондой эле илдеттер матндын да четке кагылуусуна себеп болбойт. Башка жагынан караганда, иснаддын сахих экендигине карабастан хадистин матнында ага залакасын тийгизүүчү башка бир илдет болсо, анда хадис муъаллал т.а. заиф болуп калуусу ыктымал.[117]

Муъаллал хадистер боюнча жазылган эмгектер. Эң маанилүүлөрү төмөнкүлөр:

1. *Китабу-л-илал ва маърифату-р-ижаль,* Ахмад б. Ханбал
2. *Китабу-л-илал,* Ибн Аби Хатим ар-Рази
3. *Шарху илали-т-тирмизи,* Ибн Ражаб аль-Ханбали

г. Шаз хадис

Шаз хадис равинин "риваятта жалгыз калуусу" жана "ишенимдүү равилерге каршы чыгуусу" дегенди билдирет. Эки түрлүү аныктамасы бар жана заиф хадистердин катарына кирет. Биринчиси, ишенимдүү (сика) равинин өзүнү ээрчий турганы жок жалгыз башына риваят кылуусу. Экинчиси, ишенимдүү (макбул) рави өзүнөн дагы ишенимдүү равиге же равилерге каршы риваят кылуусу.[118] Хадистин шаз болуусу үчүн инфирад (жалгыз калуусу) жана каршы чыгуусу керек. Эки аныктаманы бириктирсек, анда шаз хадис мындай болот: *"шаз хадис, ишенимдүү рави өзүнөн дагы ишенимдүү равиге карама-каршы риваят кылган жана жалгыз өзү риваят кылган хадис."*

Ишенимдүү рави забт жагынан же болбосо башка дагы өзгөчөлүктөрдөн улам өзүнөн жогору турган равиге же равилерге карама-

---

[117] Kızıl, *Hadis El Kitabı*, s.261.

[118] Çakan, Hadis Usûlü, s.125; es-Sâlih, Subhî, *Hadis İlimleri ve Hadis Istılahları*, s.165.

каршы хадис риваят кылса жана риваятта жалгыз калса, анда хадис шаз болот.[119] Хадис шаз болсо, хадистин сахих болушуна тоскоолдук жаратат. Сахих хадистин шарттарынын бири шаз болбошу керек. Эгер шаз болсо заиф катары каралат. Шаз хадис "мункар" же "мардуд" деп дагы аталат. "Шаздын" карама-каршысы ишенимдүү равилердин риваяты дегенди билдирген "махфуз" термини болуп саналат.

Шаз санадда болгондой эле матнда дагы болот. Мисал катары төмөндөгү хадисти берсек болот:

Санаддын шаз болушу:	Бишр б. Муаз – Абдулвахид б. Зияд – Аъмаш – Абу Салих – Абу Хурайра санады менен риваят кылынган хадисте, Аз. Пайгамбар: *"Кимдир бирөө багымдат намазын кылганда оң тарабы менен жатсын!"* – деп айткан.

Хадистин иснадындагы Абдулвахид б. Зияд ишенимдүү рави жана хадисти Пайгамбардын сөзү катары риваят кылган. Ошол эле хадисти риваят кылган ишенимдүү равилер, текстте билдирилгенди Аз. Пайгамбардын кыймыл-аракети катары риваят кылган. Андыктан бул жерде андан да ишенимдүү равилердин риваятына карама-каршылык бар. Мындай абалда Абдулвахид б. Зияддан келген хадис шаз болуп саналат. Ал эми ишенимдүү равилердин келген хадис махфуз болуп эсептелет.

Матндин шаз болушу:	"أيام التشريق أيام أكل وشرب" "Ташрик күндөрү жеп-ичүү күндөрү болуп саналат" хадисинин бардык санаддарды ушундай сөздөр менен риваят кылынган. Муса б. Улаййа б. Рабах болсо, атасынан ал дагы Укба б. Амирден келген риваятта "يوم عرفة و أيام التشريق" деп арапа күнүн кошуп айткан. Матиндеги бул кошумча шаз болуп саналат. Ал эми биринчи текст махфуз болуп саналат.

Айрым аалымдар бир эле санады болуп жана жалгыз бир рави тарабынан риваят кылынган хадистерди дагы шаз деп аташкан. Мындай учурда хадистин сахих болуп-болбогондугу равиге жараша болот. Эгер

---

[119] Yücel, *Hadis Usûlü*, s.187; Aydınlı, *Hadis Istılahları Sözlüğü*, s.143.

рави ишенимдүү болсо, сахих т.а макбул, ал эми заиф болсо заиф т.а. мункар/мардуд болот.[120]

Ахли рай аалымдары шаз терминин негизинен матнга байланыштуу колдонушкан. Алар шаз хадисти маъруф сүннөттүн карама-каршысы катары карашкан. Алардын айтымында муъруф болбогон, фикхчылар тарабынан билинбеген, Куран жана сүннөткө карама-каршы келген риваят шаз жана мурдуд болуп саналат.[121]

д. аль-Мазид фи муттасили-л-асанид

Рави таржих себептеринен улам өзүнөн даражасы жогору турган равилерге каршы чыгып, алардын иснаддарында жок бир кишини катачылык менен иснадка кошуп риваят кылган хадис аль-мазид фи муттасили-л-асанид деп аталган.[122] Иснаддын өзүндө болбогон бир равинин кошулуп-кошулбагандыгы хадистин башка санаддарын салыштыруу аркылуу билинет.[123] Хадистерди салыштырууда өзгөчө ашыкча рависи жок иснаддарда колдонулган риваят сөздөрү негиз алынат. Ушундай жол менен иснадка ашыкча рави кошулуп-кошулбагандыгы аныкталат, ашыкча рависи жок хадисте рави түшүрүлгөн деп кабылданат. Мындай учурда ашыкча рависи бар санад тандоого алынат.[124] Равинин катасынан улам рави кошулуп кеткен хадис равинин кемчилдиги катары заиф деп кабылданат.

Иснадда каршы чыгуу ашыкча равини кошпогон равинин, ашыкча равини кошкон равиден дагы да дыккат болгон учурда гана болот. Мунун шарты кошумча болгон жерде рави хадисти уккандыгын (самаъ) ачык түрдө билдирген сөз (сига) колдонушу керек. Самаъга далалат кылбаган сөз колдонгон болсо, кошумчаланган хадис танадалат.[125]

Бир хадиске рави кошулган деп айтуу оңой эмес. Бул өтө кылдат иликтөөнүүн натыйжасында аныкталат. Өзгөчө рави бир хадисти бири аркылуу (равиден/шейхтен) уккандан кийин ансыз деле жогорудагы

---

[120] Yücel, *Hadis Usûlü*, s.187; Aydınlı, *Hadis Tesbit Yöntemi*, s.112.
[121] Özşenel, *Ebû Yûsuf'un Hadis Anlayışı*, s.49-50.
[122] Aydınlı, *Hadis Istılahları Sözlüğü*, s.101.
[123] Kızıl, *Hadis El Kitabı*, s.265.
[124] Kızıl *A.g.e.*, s.265.
[125] Koçyiğit, *Hadis Usûlü*, s.135.

шейхтен түздөн-түз угуусу мүмкүн. Мындай учурда хадистин кошулган жана кошулбаган эки муттасыл санады бар деп кабылданат.[126]

> Хаддасана Ибну-л-Мубарак ан Абдиррахман Ибн Йазид ан Буср Ибн Убайдуллах ан Аби Идриса-л-Хавлани ан Василата-бни-л-Аска Аби Марсад аль-Ганавий каала: Алла элчисинин (с.а.в.) мындай деп айтканын уктум: "*Көрүстөндөрдү карап намаз окубагыла, үстүндө дагы отурбагыла.*"[127]

Абу Идрис аль-Хавланий катачылык менен кошулуп калган. Буср негизинен бул хадисти Василанын өзүнөн алган. Буср иснадда орун алган Василадан хадис алгандыгы башка риваяттардын жардамы менен билүүгө болот.[128]

е. Мусаххаф-мухарраф

Ишенимдүү равилерге каршы чыгуунун бир түрү мусаххаф жана мухарраф болуп саналат. Ишенимдүү равилерге каршы чыгуу болгондуктан мусаххаф жана мухарраф хадис заиф болуп саналат. Мусаххаф – санад жана матндагы бири-бирине окшогон тамгалардын туура эмес окулуп, риваят кылынган хадис.[129] Хадис санадында же матнында орун алган сөздөрдөгү чекит же ариптин белгилеринин алмашуусу т.а. башка сөзгө айлануусу "тасхиф", катасы менен риваят кылган рави "сахафи", мындай хадис "мусаххаф" деп аталат. Мухарраф – тамгалардан ката кеткен хадис.[130] Хадистин санад жана матнында ареке, тамга жана жазуунун өзгөрүүсү хадисти мухарраф кылат.

Жогорудагы "мусаххаф" жана "мухарраф" терминдерип бириктирип, мындайча аныктама берүүгө болот: "*рави, хадистин санадында же матнында орун алган сөздөрдү бир эле хадисти риваят кылган ишенимдүү равилерден чекит, тамга же арекелердин т.а. окулушун*

---

[126] Kızıl *A.g.e.*, s.265.
[127] Муслим. *Жанаиз.* 98; Тирмизи. *Жанаиз.* 57; Ахмад б. Ханбал. *Муснад.* IV/135.
[128] Муслим. *Жанаиз.* 97; Абу Давуд. Жанаиз. 73; Тирмизи. *Жанаиз.* 57; Насаи. *Кибла.* 11, Ахмад б. Ханбал. *Муснад.* IV/135.
[129] Yücel, *Hadis Usûlü*, s.191.
[130] Aydınlı, *Hadis Tesbit Yöntemi*, s.165.

жана жазылышын башкача риваят кылса, хадис мусаххаф жана мухарраф деп аталат."[131]

Мусаххаф жана мухарраф	Санадда	إبن مزاحم ысымын Йахйа б. Маин إبن مراحم деп окугандыгы, عاصم الأحول ысымын واصل الاحدب деп окугандыгы
	Матнда	أن رسول الله (ص) احتجر في المسجد بحصير حجرة يصلي فيها أن رسول الله (ص) احتجم في المسجد بحصير حجرة يصلى فيها Хадистин өзүндө احتجر сөзү бар. Пайгамбар (с.а.в.) мечиттин ичинен бир бөлмө алды дегенди билдирет. Ал احتجم деп окулуп, тасхиф кылынган. Андыктан хадистин маанисн *"Аз. Пайгамбар мечиттин ичинде хажамат болду (кан алдыруу)"* – деп өзгөргөн.

Мусаххаф жана мухарраф сөздөрү Ибн Хажар аль-Аскаланиге чейин бири-биринин ордуна колдонулуп келген. Ал "мусаххаф" сөзүн, жазылышы бири-бирине окшогон тамгалардагы чекиттердин өзгөрүүсү, "мухарраф" болсо, сөздөрдөгү ареке, тамга жана жазуунун өзгөрүүгө учурап риваят кылынган хадис деп атаган.[132]

Хадистердин мусаххаф жана мухарраф катары риваят кылынуусу, самаъ жана кыраат ыкмалары менен эмес түздөн-түз жазылган тексттерден алынгандыктан улам болгон. Араб жазуусунда ареке жана чекит коюу алгачкы кылымдарда өнүкпөгөндүктөн жазылган матндардан риваят кылууда тасхиф жана тахрифтин болуусу табигый нерсе. Аалымдар хадистерди самаъ жана кыраат ыкмалары аркылуу алуу үчүн болгон күчүн жумшоосунун себеби хадистердеги тасхифке жолто болуу болгон.[133]

---

[131] Kızıl, *Hadis El Kitabı*, s.266.
[132] Yücel, *Hadis Usûlü*, s.191.
[133] Yücel, *A.g.e.*, s.191.

ё. Маклуб хадис

Ишенимдүү (сика) равилерге каршы чыгуу же санаддагы равилердин ысымдарын же болбосо матндагы кээ бир сөздөрдүн ордун алмаштырып риваят кылуу аркылуу ишке ашат. Мындай хадис "маклуб" деп аталат.[134] Маклуб хадис – хадис равилеринин ысымдарын, иснадда жана матндагы айрым сөз, сүйлөмдөрүн ордун алмаштыруу аркылуу ишке ашат.[135] "Калб" деп аталган орун алмашуу рави тарабынан билип же билбей кылышы мүмкүн. Билип өзгөртүү равинин адилеттүүлүк сапатын, билбей өзгөртүү забт сапатын жарх кылынышына себеп болот.[136]

Маклуб	Санадда	Бизге Хаммад б. Амр ан-Насиби аль-Аъмаштан ал Абу Салихтен ал дагы Абу Хурайрадан кылган риваятта, ал мындай деген: ...[137] Бул хадистин санады маклуб болуп эсептелет. Хадистин иснадындагы Хаммад б. Амр жалганчы равилердин катарына кирет. Сухайл б. Аби Салихтин ордуна ошол эле катмардын ичинде аль-Аъмаштын атын билдирген. Бул хадистин маклуб болбогон, кабылданганы мындайча: Бизге Абдулазиз (ад-Дараварди) Сухайлдан, ал атасынан, ал дагы Абу Хурайрадан кылган риваятта:
	Матнда	сол колуң менен бергенди оң колуң билбесин[138] لا تعلم يمينه ما تنفق شماله... оң колуң менен бергенди сол колуң билбесин[139] لا تعلم شماله ما تنفق يمينه...

---

[134] Çakan, *Hadis Usûlü*, 123.
[135] Koçyiğit, *Hadis Usûlü*, s.133.
[136] Aydınlı, *Hadis Tesbit Yöntemi*, s.109.
[137] ат-Табарани, Абу-л-Касым. *аль-Муъжаму-л-авсат.* III/135-136.
[138] Муслим. *Зекет.* 91.
[139] Бухари. Азан. 36.

Заиф хадистердин бири болгон маклуб хадистерде сөздөрдүн катачылктан же этиятсыздыктан улам ордуларын алмаштырып риваят кылуу равинин забт жагынан сындалышына себеп болгон. Ал эми атайлап кылуу жалган (кизб) деп эсептелген. "Маклубу-л-иснад" деп аталган, санадда рави ысымдарынын алмашуусу кээде катачылыктан равинин ысым менен атасынын ысымынын ордуларын алмаштыруу аркылуу болгондой эле, кээде хадистке болгон кызыгууну күчөтүү үчүн белгилүү бир равиден келген хадис менен белгилүү хадистин санадына ал равинин ордуна башкасын коюшкан. Билинбеген хадистерди риваят кылгандай көрүнүү же хадиске болгон кызыгууну арттыруу максатында иснаддагы равини атайлап алмаштырган кишилер жалганчы атка конгон.[140]

ж. Муздариб

Ишенимдүү равилерге каршы келүүдөн улам заиф абалга кептелген хадис түрлөрүнүн бири муздариб хадис болуп саналат. Санад жана матндарда экөөнүн бирөөсүн таржих кылуу (тандап алуу) мүмкүн болбогон, бири-бирине карама-каршы келген риваяттардын ар бири муздариб хадис деп аталат.[141] Муздариб хадисте рави же равилердин бири-бирине карама-каршы риваят кылган хадистердин ортосунда таржих кылуу мүмкүнчүлүгү жок.[142] Эки хадистин ортосундагы карама-каршылык ыздыраб (келишпестик) деп аталат. Ыздыраб, рави хадисти шейхтен башкача риваят кылуусу же бирден ашыкча равинин бир эле шейхтен алган хадисти бири-бирине карама-каршы риваят кылуусу менен пайда болот.[143] Хадистердин ортосунда байкалган карама-каршылыктар, алардын биринин каталуу экенидигин, ошондуктан равинин эч болбогондо забт жагынан кемчилдиктүү экендигин көрсөтөт. Эки хадистин тең каталуу экендиги аныкталбаса, анда экөө тең заиф деп эсептелген. Бирок экөөнүн тең равилери ишенимдүү болсо, санадда байкалган мындай карама-каршылыктардын айрымдары хадистин сахихтигине залакасын тийгизбейт.[144]

Хадистердин бири марфу экинчиси мавкуф же болбосо бири муттасыл, экинчиси мункатиъ болуп риваят кылынган болсо, иснаддагы

---

[140] Koçyiğit, *Hadis Usûlü*, s.133-134; Kızıl, *Hadis El Kitabı*, s.264.
[141] Yücel, *Hadis Usûlü*, s.183.
[142] Aydınlı, *Hadis Istılahları Sözlüğü*, s.123.
[143] Koçyiğit, *A.g.e.* s.139.
[144] Aydınlı, *Hadis Tesbit Yöntemi*, s.107; Koçyiğit, *A.g.e.* s.139-140.

ыздырабдын бир түрү болуп саналат. Бул нерсе ыздырабтын илдет менен байланыштуу экендигин көрсөтүп турат. Атап айтсак, хадис усулу боюнча булактардан муъаллал жана муздариб хадистерде ызыдырабдын илдеттин бир түрү экендигин көрсөтө тургандай таризде бир бирден кеңири токтолгон. Матндагы ыздыраб – матн жагынан бири-бирине карама-каршы хадистерди риваят кылуу менен пайда болот. Экөөнүн өкүмү бири-бирине терс келүүсү дагы хадистердин заиф кабылдануусуна себеп болот.[145]

Эки хадис ортосундагы ыздыраб көбүнесе вахм, ката сыяктуу забт кемчилдиктерден улам чыгат. Бирок ката кетирген рави такталбай калат. Ошондуктан муздариб хадис заиф болуп саналат. Муздариб хадисти көп риваят кылган равилер "муздарибу-л-хадис" сөзү менен жарх кылынган.[146] Хадистер бир гана этибар үчүн алынган.

Муздариб	Санадда	Муздариб хадиске Аз. Абу Бакрдан риваят кылынган хадисти мисал катары берүүгө болот: يا رسول الله، اراك شبت؟ قال: شيبتني هود و اخواتها Абу Исхак ас-Саби аркылуу риваят кылынган хадистин иснадында бири-биринен айырмаланган айырмачылыктарды көрүүгө болот. Айрым риваяттарда хадис мурсал катары, айрымдарында Абу Бакрдын, айрымдарында Саъд б. Аби Ваккастын, айрымдарында да Аз. Айшанын муснады катары келет. Риваяттардын бардыгында равилер ишенимдүү (сика) жана ортосунда тандоо жүргүзүү мүмкүн эмес.[147]

[145] Kızıl, *A.g.e.*, s.265-266.
[146] Aydınlı, Hadis Istılahları Sözlüğü, s.124.
[147] Суйути. *Тадрибу-р-рави.* 172-б.

	Матнда	إن في أموالكم حقا سوى الزكاة[148] ليس في المال حق سوى الزكاة[149] Негизи матны муздариб болгон хадистерди табуу өтө кыйын. Жогорудагы эки хадистин маанисы бири-бирине каршы келет. Биринчи хадисте: *"... Эч шексиз бул мал-мүлкүңөрдө зекеттен сырткары дагы акы бар"*, экинчи хадисте *"мал-мүлктө зекеттен башка эч бир акы жок"* – деп буюрулган. Кээ бир хадис аалымдары биринчи хадистин санадын заиф дешип, экинчи хадисти кабылдашкан. Экөөнү тең кабылдаган айрым аалымдар, биринчи хадис зекеттен тышкары нафила жардамдар туурасында, экинчи хадис парз болгон зекет туурасында экендигин билдиришкен.

з. Мудраж хадис

Хадистин матнына же санадына сырттан (хадистин өзүндө болбогон) башка бир сөздүн кошулушу "идраж", мыдай хадис мудраж хадис деп аталат.[150] Идраж хадистин санадында да, матнында да болушу мүмкүн. Сөз, санадка кошулган болсо "мудражу-л-иснад", матнга кошулган болсо "мудражу-л-матн" деп аталат.

Мисалы, сахаба же андан кийин келген муун риваят кылган хадистин аягына бир сөз кошот же түшүндүрмө берет. Андан кийинки рави дагы муну хадистин бир бөлүгү катары (сөз ээсин билдирбестен) кабылдап, риваят кылат. Кабарсыз болгондор тексттин бардыгын Пайгамбардын (с.а.в.) сөзү деп эсептешет.[151] Мудраж болгон бөлүм равиге таандык болгондой эле кандайдыр бир хадис матынан алынган болушу да мүмкүн.

---

[148] Дарими. Зекет. 13; Тирмизи. *Зекет.* 27.
[149] Ибн Маажа. *Зекет.* 3.
[150] Koçyiğit, *Hadis Usûlü*, s.128; Aydınlı, *Hadis Istılahları Sözlüğü*, s.106.
[151] Çakan, *Hadis Usûlü*, s.122.

Иснаддагы идраждын түрлөрүн төмөнкүчө тизмектөгө болот:

1. Бир канча иснадка ээ хадис санаддарынын бири-бирине аралашуусу.
2. Эки башка санад менен келген сахих эки башка хадистин, санаддардын бири менен риваят кылынуусу.
3. Хадистердин бирин өз санады менен риваят кылуу менен бирге, башка хадистин матнындан бир бөлүгүнүн ага кошулуусу.
4. Бири толук, экинчиси кем эки башка санад менен эки матн болуп келген бир хадистин толук болгон матнынын кем болгон матнынын санады менен риваят кылынуусу.
5. Устаз хадисти санады менен риваят кылгандан кийин айткан түшүндүрмөсү хадистин матны катары каралып риваят кылынуусу.[152]

Мудраж хадис санад жана матндын абалына жараша сахих, хасан жана заиф болушу мүмкүн.[153]

Мудраж	Санадда	Тирмизинин "Сунан" китебинде орун алган Суфян ас-Саври – Васил б. Хайян аль-Куфи – Абу Ваил Шакик б. Салама – Амр б. Шурахбил – Абдуллах б. Масъуд санады менен тахриж кылган эң чоң күнөөнүн абалы туурасындагы биринчи риваят "мудражу-л-иснаддын" өрнөгү болуп саналат.[154] Бул хадистин санадында Амр б. Шурахбил болбошу керек эле. Тирмизи бир эле бөлүмдөгү экинчи хадисте жана Бухари "Сахих" китебинде орун берген эмес.[155]
	Матнда	Аз. Пайгамбардын Хира үңкүрүндө ибадат кылгандыгын билдирген риваяттагы " وكان النبي (ص) يخلو بغار حراء فيتحنث فيه، وهو التعبد الليالي ذوات العدد "*Хира тоосуна барат жана бул жерде бир канча күн таханнус (үйдөн чыкпай, жалгыз ибадат*

[152] Koçyiğit, *Hadis Usûlü*, s.128-129; Efendioğlu, "Müdrec" mad., *DİA*, XXXI/474.
[153] Aydınlı, *Hadis Istılahları Sözlüğü,* s.106.
[154] Тирмизи. Тафсиру-л-Куран. 25.
[155] Тирмизи. Тафсиру-л-Куран. 25; Бухари. Тафсиру-л-Куран. 2/3.

		кылгандык) кылат эле. Таханнус – ибадат кылуу дегенди билдирет", "وهو التعبد" сөзүн, Зухри түшүндүрмө берүү үчүн кошкон. Андан кийинки равилер бул түшүндүрмөнү хадисти бир бөлүгү катар эсептешкен."[156] Бул матндын ортосундагы идражка мисал.

Матнга кошулуп калган ашыкча сөздөрдү матндын башынан, ортосунан же аягынан көрүүгө болот. Мисалы, рави хадис ривает кылууда, хадистен өкүм чыгарууда же болбосо хадистеги бир сөзгө түшүндүрмө берүүдө өзүнүн же башка бирөөнүн сөзүн кошот. Мындай кошумча сөздөр кийинчерээк хадистин уландысы же хадистин бир бөлүгү катары кабылданат. Ошондой эле рави Пайгамбардын (с.а.в.) хадисин ривает кылгандан кийин кошумча айткан сөздөр да хадистин уландысы катары каралып, хадис катары ривает кылынуусу да матндагы идражка мисал болот.[157] Хадиске кошулуп калган сөздөрдү, ривает кылган равинин же байкап калган аалымдын билдирүүсү менен же болбосо Пайгамбардын мындай сөздү айтуусу мүмкүн эместигинен билүүгө болот.[158]

Атайлап хадиске сөз кошуу жалган хадис таркатуу дегенди билдирет жана арам болуп саналат. Жаңылыштыктан улам кошулуп калган сөздөр (идраж), рави үчүн кемчилик катары каралганы менен, бир эле равиде бир канча жолу байкалса анын забт сапатына залакасын тийгизет. Эгер атайлап кылса, адилеттүүлүк сапатына доо кетет. Хадистеги гариб же муглак сөзгө түшүндүрмө берүү үчүн идраж кылууга болоорун аалымдар кабылдашкан. Хадиске кошулуп калган сөз же сүйлөм белгилүү болсо, анда мындай хадистер менен амал кылууга болот.[159]

---

[156] Бухари. *Баду-л-вахй*. 1; Муслим. *Иман*. 252.
[157] Efendioğlu, "müdrec" mad., *DİA*, XXI/474.
[158] Aydınlı, *Hadis Tesbit Yöntemi*, s.165.
[159] Aydınlı, *A.g.e.* s.165.

ОН ЭКИНЧИ БӨЛҮМ*

МАВЗУ ХАДИСТЕР

А. Мавзу хадистин аныктамасы:

"Мавзу" сөзүнүн лексикалык мааниси "коюу, бир нерсени жерге таштоо, кемсинтүү, акарат кылуу, жалган айтуу" дегенди билдирген "в-д-а" этишинен алыган сөз.[1] Хадис илиминде Пайгамбардын (с.а.в.) атынан жалгандан айтылган хадистер үчүн колдонулат. Мавзу хадис – Пайгамбардын (с.а.в.) оозунан чыкпаган жана ал жасабаган учурда ар кыл себептерден улам ага таяндырылган сөз жана иштерге байланыштуу хадистер болуп саналат. [2]

Мавзу хадистин аныктамасы:

هو الكذبُ، المُختَلقُ، المَصْنوعُ، المنسوبُ إلى رسول الله

" Мавзу хадис – Алланын элчисине таандык кылынган жалган сөздөр"[3]

Чынында эле мындай хадистерди хадис деп атоого болбойт. Хадис деп аталып калышынын себеби хадис жалган болсо да санад жана матн жагынан башка риваяттарга окшоштугу же болбосо токулган сөзгө хадис деп таңууланууcу.[4] Мавзу риваяттардын сөздүк мааниде "хадис" (сөз) деп аталып калышы коркунучтуу деп эсептелген эмес.

Риваяттын жалган (мавзу) экендиги "батыл", "маснуъ" жана "мухталак" сөздөрү менен дагы берилген.[5] Жалган риваяттар *"вазза"* (жала жабуучу) же *"каззаб"* (жалганчы) деп аталган равилер тарабынан риваят кылынат.

---

* Док. Ферхат Гөкче

1 Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.226.

2 Aydınlı, *Hadis Tesbit Yöntemi*, s.57.

3 ат-Таххан, Махмуд. *Тайсиру Мусталахи-л-хадис*. 111-б.

4 Aydınlı, *A.g.e.*, s.57; Yücel, *Hadis Usûlü*, s.195.

5 Yücel, Ahmet, *A.g.e.*, s.196.

Б. Мавзу хадистердин пайда болуу себептери

Хадис тарыхынын эң көйгөйлүү маселелеринин бири жалган хадистердин таркатылуусу болуп саналат. Аз. Пайгамбар бул боюнча: *"Менин атымдан жалган айтуу башка бирөөнүн атынан жалган айтууга тете эмес. Ким менин атымдан атайлап жалган айтса – озунун ордун тозоктон издей берсин"*[6] – деп айткан. Өкүнүчтүүсү буга карабастан Ислам динининн алгачкы доорунан тарта түрдүү себептер менен көптөгөн хадистер ойдон чыгарылып таркатылган.

Ислам тарыхында мавзу хадистердин качан жана кимдер тарабынан таркатыла баштагандыгын так аныктоо кыйын. Айрым аалымдар жалган хадис аракетинин Пайгамбар (с.а.в.) көзү тирүү кезинде Мадина шаарына жакын бир урууга барган жалганчы, Пайгамбар аны кызматкер катары дайындагандыгын билдирүүсү менен башталгандыгын айтышкан. Чындыгында бул окуя жогорудагы хадистин дагы айтылышына себеп болгон. Бирок мунун жалган хадистер менен байланышын жоктугун жана системалуу түрдө жалган хадис аракетинин кийинчерээк Пайгамбардын көзү өткөндөн кийин башталгандыгы кабылданган. Аз. Пайгамбардын көзү тирүү кезинде Ислам душмандары анын атынан жалган хадис таратууга дараметтеринин жетпешинин себеби анын жалган жалааларды четке кагуусу болуп саналат.[7]

Аз. Пайгамбардын атынан жалган айтууга болгон мамилесин эң жакшы билген сахабалар, Пайгамбардан укпаган бир сөздү кийинчерээк хадис катары риваят кылынганын укканда, сөздүн кимден келгендигин териштирүүгө киришишкен жана негизсиз кабарлардын жайылуусуна мүмкүнчүлүк беришкен эмес. Хадис жеткирүүдө кылдаттыгы менен таанылган сахабалар аз санда хадис риваят кылышкан. Хулафа-и рашидин (төрт халифа) Пайгамбардын өз оозунан укпаган кээ бир хадистерди риваят кылгандар менен жоолуккан маалда, алардан Пайгамбардан (с.а.в.) уккандыгына байланыштуу күбө талап кылган, көп хадис риваят кылгандарды сак болууга чакырган жана кээде Пайгамбардан уккандыгына байланыштуу ант берүү талап кылынган. Сахабалардын

---

6 Бухари. Жанаиз. 33.

7 Kandemir, "Mevzû" mad., DİA, XXIX/493.

мындай аяр мамилеси жалган хадистердин таралышына тоскоолдук жараткан.[8]

Төмөнкү себептерден улам жалган хадис таркатуу аракеттеринин пайда болгондугун корүүгө болот:

1. Саясий себептер
2. Итикадий себептер
3. Улутчулдук сезими
4. Ислам динине болгон душмандык
5. Исламга кызмат кылуу ниети
6. Жеке кызыкчылыктар
7. Башкалардын айткан сөздөрү Пайгамбардын (с.а.в.) сөзү катарында риваят кылынуусу

Аалымдардын басымдуу бөлүгүнүн көз карашы боюнча жалган хадис чыгаруу аракети хижрий 35-жылы Аз. Осмондун шейит кетишинен жана "фитна" (бүлүк) катары белгилүү болгон окуялар менен бирге башталган.[9] Аз. Осмондун халифалыгынын акырында Ислам коомунда олуттуу ыңгайсыздыктар жарала баштаган. Аз. Осмондун өлтүрүлүшүнөн кийин Жамал жана Сыффын окуялары сыяктуу ички кагылышуулар болгон. Аз. Али менен Муавия ортосундагы түшүнбөстүк мусулман коомунун саясий жактан бөлүнүп жарылуусуна себеп болгон.

Аз. Алинин тарабын туткан бедуиндер андан бөлүнүп чыккандан кийин Харижилик агымы түптөлгөн. Ал эми Алинин жактоочуларынын ага болгон сүйүүсү өтө күчтүү болгондуктан Шиа/Рафизи агымы пайда болгон. Жалган хадистер сахабалар доорунун аягы жана табиин доорунун башталышында ар кандай таасирлердин негизинде кеңири тарай баштаган.[10]

Табиин аалымдарынан Риби б. Хираштын (ө. 101/719) айтуусунда, Аз. Али кутбада, Расулуллахтын өзүнүн атынан жалган айтууга тыюу салган хадисти билдирүүсү, ойдон чыгарылган хадистердин ошол мезгилде башталгандыгын көрсөтүп турат. Бирок мавзу хадистердин андан кийинки доордо дагы кеңири кулач жайгандыгы жөнүндө

---

[8] Yıldırım, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı,* s.84; Kuzudişli, *Hadis Tarihi,* s.60-62.

[9] Kuzudişli, *A.g.e.*, s.90.

[10] Kandemir, "Mevzû" mad., DİA, XXIX/493.

маалыматтар бар. Жалганчылыгы менен таанылган жана өзүн пайгамбармын деп атагандыгы үчүн өлтүрүлгөн Мухтар ас-Сакафинин дооруна чейин санад суралбагандыгы туурасындагы кабарлар дагы муну тастыктап турат.[11] Системалуу түрдө эң көп жалган сөздөрдү хадис деп таратуу Абдуллах б. Зубайрдын халифалыкты жар салган мезгилдеги (64/683-73/692) Мухтар ас-Сакафинин (66/685-67/687) окуясы болуп саналат. Аз. Хусейиндин өчүн алуу үчүн Аз. Алинин уулу Мухаммед б. Ханафиййадан жазуу түрүндө уруксат алгандыгын айткан Мухтар ас-Сакафи, Куфа шаарына отурукташкан жана өзүнү диний лидер катары көрсөткөн. Ошол эле учурда ас-Сакафи Жабраил периште менен көрүшкөнүн айтып, гайб (кайып) кабарларды бере баштаган. Анын негизги ролу Аз. Алинин атынан жалган хадистердин санын арттыруу жана анын буйругу менен жалган хадистердин системалуу түрдө таркатууну баштоо болгон.[12]

Аз. Осмон шейит болгондон кийин фитна-козголоң күч алып, Жамал жана Сыффын согушунда Пайгамбардын атынан жалган сөздөрдү хадис деп таркатуу аракети башталган. Бул нерсе Мухтар ас-Сакафинин доорунда кеңири таркап, системалуу жана пландуу түрдө ишке аша баштаган. Ушундан улам Жамал жана Сыффын согушунда иснад сурала баштаган. Мухтар ас-Сакафинин мезгилинде жалган ушунчалык күч алгандыктан аалымдар иснадды суроодо талапты катуу коюшкан.[13]

Саясий агымдардын ичинен жалган хадистерди таркатуу аракети алгачкылардан болуп Шиа тарабынан баштатылган. Алар Аз. Али жана анын жактоочуларынын пазилетине, халифалыкты адилетсиз алышкан дешип үч халифага, ошондой эле Муавияга жана тарапташтарына каршы жалган хадистерди ойлоп чыгарышкан. Өзгөчө алгачкы мезгилдерде Аз. Алини жана анын үй-бүлөсүнү ашыкча сүйгөндөр, Аз. Алинин Пайгамбар (с.а.в.) тарабынан дайындалган мураскор экендигин баса белгилешип, ири өчөмдө жалган хадистерди таркатышкан. Бул жаатта Галиййа жана Муфаддила сыяктуу агымдар аша чаап кеткен десек болот. Абдуллах б. Саба аттуу жөөт Аз. Алинин Мухаммеддин (с.а.в.) өкүлү, өлгөндөн кийин дүйнөгө кайра пайгамбар катары келери, көзү тирүү, илахий сапаттарга ээ, булутта жашырынып жүргөн, күндүн күркүрөгөн добушу анын үнү

---

[11] Yücel, *Hadis Usûlü*, s.197.
[12] Kuzudişli, *Hadis Tarihi,* s.91-92.
[13] Kuzudişli, *A.g.e.*, s.93.

деп айткан.[14] Булардын бардыгына Муавиянын тарапташтары карап эле калган эмес, алар дагы жооп кайтарган. Эки тарап укуктарын коргоо жана бири-бирин жамандоо үчүн жалган хадис таркатышкан.[15]

Саясий агымдардын жалган хадистерди таркатуусуна Шии аалымы мындайча түшүндүрмө берген: *"Фадаил (кимдир бирөөнүн пазилети) тууралуу жалган хадистер негизинен шииттерден келген. Алгач алар имамдар жонүндо түрдүү хадистер ойлоп табышкан. Жалган сөздөрдү хадис деп таркатууларынын эң башкы себеби душмандарынын кастыгы эле. Шииттердин жалган хадис жайгандарын көргөндөр, алар дагы өздөрүнүн имамдары үчүн башка хидистерди токуй башташкан."*[16]

Аз. Алини укмуш мактаган Муавия жана Амавилерди жамандаган хадистердин бардыгы саясий максатта айтылган жалган хадистер болуп саналат. Мисалы: *"Али менин мураскорум, туганым жана менден кийинки өкүлүм. Аны укуула жана моюн сунгула", "Менин мураскорум, сырдашым, үй-бүлөмдө менден кийинки өкүлүм жана инсандардын эң жакшысы Али б. Талиб"*[17] сыяктуу риваяттар жалган хадистердин катарын толуктайт. Анткени белгилүү болгондой Пайгамбар (с.а.в.) өзүнөн кийин мураскор сунуштаган эмес. Аз. Алини мактоо үчүн *"Мен илимдин шаарымын, Али анын эшиги"* сөзү токулган. Мындан да чектен чыккандар *"Али инсандардын эң жакшысы, муну четке каккандар капыр"* сөзүн Пайгамбарга таяндырышкан. Андан сырткары Муавия Пайгамбардан (с.а.в.) кийин дароо башкаруучу такка отураары, Алланын ишенимдүү пендеси экендиги, Муавияны жакшы көрүү парз жана анын бейишке кире тургандыгы тууралуу жалган хадистер жайыла баштаган. *"Муавияны минбарымда көргөнүңөрдө дароо өлтүргүлө"* сыяктуу хадистерди айтсак болот.[18] Ошондой эле Муавиянын тозоко киреэри жана мусулман катары өлбөй тургандыгы тууралуу, Ислам доктриналарына шайкеш келбеген жана саясий максатты көздөгөн жалган хадистер жайыла баштаган.[19]

---

[14] Kandemir, "Mevzû" mad., DİA, XXIX/493.
[15] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.227.
[16] Ибн Аби Хадид. *Шарху Нахжи-л-балага.* III/26.
[17] Ажлуни, Абу-л-Фида Исмаил б. Мухаммед. *Кашфу-л-Хафа.* (басм. даяр: Абдулхамид б. Ахмед б. Йусуф б. Хандави). аль-Мактабату-л-асриййа. 2000. II-т. 335-б.
[18] Ибну-л-Жавзи. *аль-Мавдуат.* II/26.
[19] Ünal, İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı, s.53.

Мусулмандардын ортосундагы саясий чыр-чатактар түрдүү жалган хадистердин негизинде күч алган. Ошондой эле итикадий агымдар дагы ишенимдерин тастыктоо үчүн жалган хадистерди жаюуга киришишкен.[20] Ислам мамлекетинин чек арасы кеңейип ар кыл динди жана мазхабты кармангандардан түрдүү пикирлер жана философиялык көз караштар кеңири тарай баштагандан кийин Ислам динининн алгачкы жылдарында көрүлбөгөн маселелер пайда болгон. "Алланын сыпаттары заты менен бирдейби же эки башкабы; адам өзүнүн кыймыл-аракетинин жаратуучусубу?" сыяктуу маселелер талкууга түшкон жана буга окшогон талаш-тартыштын натыйжасында калам мазхабтары пайда болгон.[21] Харижилер – чоң күнөө кылган адам динден чыгат жана Аз. Али динден чыккан; Муржия – күнөөлөр ишенимге зыянын тийгизбейт жана динден чыгарбайт; Кадарийя (Муътазила) – адамдын пешенесине жазылган (тагдыр) мурдатан Алла тарабынан белгиленген эмес; Жабрийя – бардык нерсе Алла тарабынан белгиленген жана адам баласы шамал учурган кургак жалбырак сыяктуу. Жогоруда аты аталган агымдардын бардыгы өз пикирлерин колдоо же башка агымдарды жамандоо максатында жалган хадистерди таркатышкан.[22]

Хижрий II (VIII) кылымдын башында Жабрийя, аркасынан Муътазила, анын артынан Мужассима, Мушаббиха жана Каррамийя сыяктуу агымдардын пайда болушу мусулман коомдору ортосундагы пикир келишпестиктерге жана итикадий жактан бөлүнүп жарылууларга себеп болгон. Ар бир топ өзүн актоо жана душмандарын жамандоо максатында хадистерден пайдаланышкан. Төмөндөгү хадистерди мисал келтирсек болот:

"Исламдан насиби жок үммөтүмдө эки топ бар. Булар Муржия жана Кадарийя."[23]

"Кадарийя бул үммөттүн мажусилери. Алар ооруганда зыярат кылбагыла, өлгөндөн кийин жаназаларына катышпагыла."[24]

Кимде ким Куранды махлук (жаратылган) деп айткан болсо, каапыр болот.[25]

---

[20] Koçyiğit, Talat, *Hadis Usûlü*, s.107.
[21] Kandemir, "Mevzû" mad., *DİA*, XXIX/493.
[22] Ünal, *A.g.e.*, s.53.
[23] Тирмизи. *Кадар.* 13.
[24] Абу Давуд. Сунна. 17; Ибну-л-Жавзи. *аль-Мавдуат.* I/202.
[25] Ибну-л-Жавзи. *аль-Мавдуат.* I/107.

"Ыйман соз, амал анын шарты, ал азайбайт жана көбөйбөт."[26]

Алгачкы дооpлордо мусулмандардын ортосунда башталган келишпестиктер жана мунун натыйжасында чыккан саясий жана итикадий агымдар, мавзу хадистердин чыгышына себеп болгон. Бара-бара жалган хадистерди таркатуунун түрлөрү көбөйүп, жаңылары кошула баштаган.

Мавзу хадистердин пайда болуу себептеринин бири улутчулдук сезими. Инсандар өз уруусун, коомун, тилин, жашаган жерлерин жана өлкөлөрүн мактоо; башка урууларды, элдерди, тилдерди, шаарларды кемсинтүү үчүн жалган хадис чыгарышкан. Курандын жана сүннөттүн принциптерине төп келбеген, улутчулдук сезимди алдыга койгон жалган хадистерди ойлоп табышкан. Арабтарды, Перстерди жана алардын тилдерин мактаган же жек көргөн хадистер жалган болуп саналат.[27]

Мавзу хадисте Алла перс тилин жек көрөт. Инсандардын эң жакшысы араб улутундагылар жана Пайгамбар араб улутунан, Куран жана бейиш тилинин арабча болгондугунан Арабдарга урмат сый көрсөтүү керек делген риваяттардын бардыгы жалган болуп саналат. Мекке, Мадина, Кудус, Йемен, Шам (Дамаск), Мысыр (Египет), Нусайбин, Аскалан, Хоросан, Марв (Мары), Казвин, Кирма жана Фас (Марокко) сыяктуу шаарларды мактаган, Константинополь, Тувана, Антакья жана Сана шаарларын жамандаган жалган хадистер улутчулдук сезиминен улам чыккан. Мисалы *"Жиза – бейиш бакчаларынан бир бакча. Мысыр – Алланын жер жүзүндөгү казыналары"* сөздөрү жалган хадис.

Жалган хадистердин чыгуу себептеринин бири Ислам динине болгон душмандык. Исламдан башка диндерди жана маданияттарды кармангандар, Ислам динин кеңири жайылышына кыжаалат болгон ниети бузуктар Ислам тарыхынын алгачкы дооpлорунда жалган хадистерди таркатышкан.

Зындык деп аталгандардын максаты Ислам динин жана анын Пайгамбарын, мусулман болгондорго жана боло тургандарга жаңылыш таанытуу, диндин принцип жана эрежелери туурасында күмөн жаратуу

---

[26] Ибну-л-Жавзи. *аль-Мавдуат.* I/133.

[27] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı,* s.53; Yıldırım, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı,* s.85.

болгон. Зындыктар кээде Шиит, кээде захид, сопу же Ислам аалымы кейпинде иш жүргүзүшкөн.[28] Булар Аз. Алиге пайгамбарлык жана кудайлык макамды ыйгарышкан. Ислам душмандары Алланын зати жана субути сыпаттары туурасында да жалган хадистерди чыгарышып, тавхид ишенимин булгоого бел байлашкан. Хурафа жана жалган хадистерди пайгамбардын тили менен сүйкүмдүү көрсөтүп, динге кызыккандарды андан алыстатууга аракет жасашкан. Мисалы, Алла Таала периштелерди колунун түктөрүнөн жараткандыгын; Пайгамбар (с.а.в.) Алла Тааланы Минада жүндөн токулган чепкен кийип, боз төөгө минип жүргөнүн көргөндүгүн; миражда болсо анжыр менен кооздолгон таажы кийип турганын; билдирген хадистердин бардыгы жалган болуп саналат. Ошондой эле Аз. Алини динге туура келбегендей ашыкча мактаган Рафизилердин жалган хадистерин кошуп айтсак болот.

Кээ бир адамдар калктан пайда көрүү үчүн аларга жага турган жагымдуу жалган хадистерди чыгарышкан. Өзгөчө "куссас" деп аталган икая айткандар жана аңгемечилер элди ыраазы кылуу, алардан материалдык жардам алуу жана алардын алдында өздөрүнүн абройлорун көтөрүү үчүн акылга сыйбаган кызыктай хадистерди токушкан.

Мусулмандарды жакшы амалдарга үгүттөө жана жамандыктардан кайтаруу үчүн жалган хадистерди таркатышкан. Инсандарды жакшылыкка, тууралыкка чакыруу жана жамандыктардан кайтаруу максатында алгачкы доорлордо өзгөчө насаат кылуучулар жана аңгемечилер тарабынан токулган риваяттардын айрымдары жакшы жолдо жүргөндөрдү мактап, аларга укмуш сыйлыктарга ээ болоорун айтса, жүрүм-туруму начарлар катуу жазага тартылаары айтылган.

Амалдардын пазилети Куран окууга, нафил ибадаттарды кылууга үгүттөө максатында айтылган жалган сөздөрдү мисал берсек болот. Мисалы, Майсара б. Абдураббих аттуу жалганчы мындай деген: *"Ким ушул сүрөнү окуса ушунча сооп табат."* Албетте, бул Куран окууга буюруу үчүн жалгандан айтылган сөз.[29] Буга кошумча катарында өтө диндар болуу үчүн дүйнөдөн баш тартууну буюрган кээ бир риваяттар дагы бар. Мисалы, *"Дүйнө өлгөн малдын жытындай, аны каалагандар иттер",*[30] *"Алланы зикр кылуудан (эскерүү) сырткары, дүйнө жана анын*

---

[28] Kandemir, M. Yaşar, "Mevzû" mad., *DİA*, XXIX/494.
[29] Суйути. *Тадрибу-р-рави.* I/239.
[30] Ажлуни, *Кашфу-л-хафа.* I-т. 409-б.

ичиндегилер наалатка калгандар"[31] сыяктуу риваяттар Пайгамбарга (с.а.в.) таяндырылган жалган хадистер болуп саналат.

Жакшы ниет менен жалган хадис таркаткандар Исламга душмандык кылуу максатында жалган хадис айткандар сыяктуу зыяндуу болушкан. Хадис аалымы Набави башка себептер менен жалган хадис таркаткандарга караганда Исламга кызмат кылуу максатында жалган хадис таркаткандардын тийгизген залакасы чоң деп айткан.[32] Себеби алар эл алдында зухд жана такыба ээси катары таанылган, элдин ишенимине татыган жана үлгүлүү адамдар болуп саналат. Алардын хадис деп жайган сөздөрү түздөн-түз хадис катары кабылданган. Анткени адам баласына кошумча түшүндүрмө берүү жана жоромолдоо ар дайым мүмкүн нерсе. Бирок алар муну дагы жетиштүү көрбөй адамдарда толкундантуу жаратып, өзүлөрүнө тартуу жана айткандарын таасирдүү кылуу үчүн пайгамбарды кошуп сүйлөө кандай максатта болбосун туура эмес.[33]

Жалган хадистердин чыгуу себептеринин бири айрым жалганчылар жана икая айткандар эски пайгамбарларга, жөөт аалымдарына, ойчулдарга, хакимдерге (диний жана коомдук иштерди башкаруучу), врачтарга жана Ислам аалымдарына таандык сөздөрдү жана кээ бир эл арасында кеңири таркаган сөздөрдү Пайгамбардын сөзү катарында таркатуулары болуп саналат.[34] Мисалы, *"Напсисин (өзүн) тааныган, Раббын тааныйт"* деп айтылган хадис, Пайгамбарга (с.а.в.) таяндырылган хикматтуу бир сөз. Хадис катары келген *"Ар бир дарттын башаты – ашказан. Ар бир дабанын башаты – диета"* сөзү жахилийа доорундагы дарыгер Харис б. Каладага таандык.[35] Тоорат жана Инжилде жазылган кээ бир түшүндүрмөлөр жана икаялар, балким, Иудаизм жана Христиан динде жүрүп Исламды кабыл алган равилер аркылуу Ислам маданиятына киргизилип, хадис катары булактарда жазылып калган. Исраилият жана масихият деген ат менен белгилүү мындай кабарларды хадис булактарынан көрүүгө болот. Мисалы Ибн Маажанын "Сунан" аттуу эмгегинде *"Билбеген адамдарга илим берген киши, чочколордун мойнуна асыл таш, бермет жана алтындан шуру таккан адамга*

---

[31] Ибн Маажа. *Зухд.* 3.
[32] Навави, Мухйиддин. *ат-Такриб ва-т-Тайсир.* 47-б.
[33] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı,* s.54.
[34] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı,* s.56.
[35] Ажлуни, *Кашфу-л-хафа.* II -т. 214-б.

окшош"[36] – делген хадис Матта инжилинде *"Ыйык нерселерди иттерге бербегиле жана берметтериңерди чочколордун алдына ыргытпагыла"*[37] – деп өтөт.

Жалган хадис таркатуу себептеринин бири пайда табуу болгон. Кээде башкаруучулардын ыраазычылына татыктуу болуу жана сыйлыгын алуу үчүн алардын көз караштарына карап фатва бергендер жалган хадис таркатуудан тартынышкан эмес. Мисалы, Гияс б. Ибрахим Халифа Махдинин көгүчкөндөрдү жарыштырып жатканын көрүп, Аз. Пайгамбардын *"Ок (жаанын), ат жана канаттууларды жарыштыруудан сырткары айбанаттардын ортосунда жарыш өткөрүү аркылуу сыйлык алууга болбойт"* буюрганын риваят кылган.[38] Халифа Махди андан ыраазы болуп, ага он миң дирхам берген. Бирок хадисте "канаттуу" сөзү болбогонун жана анын кошуп койгондугун байкап калып, аны кууп чыгарып, куру кол кайтарган.

Кээ бир адамдар соода-сатыктагы кызыкчылыктары үчүн сатып жаткан тамак аштарга жана буюмдарга кызыгынуу арттыруу үчүн хадис токуй башташкан. Мисалы, бакалажан бардык дартка даба, тамактануудан мурун дарбыз ашказанды, ичегилерди тазалайт жана ооруну түп тамыры менен жок кылат делген риваяттарды айтсак болот.

В. Мавзу хадистерди ажыратуунун жолдору

Мавзу хадистердеги бир катар кемчилдиктер аларды таанып-билүүгө жардам берет. Ойдон чыгарылган хадистерди сахих хадистерден бөлүп кароо үчүн болгон аракетин жумшаган хадис аалымдары бул жаатта санад жана матнге караштуу кээ бир өлчөмдөрдү белгилешкен. Андыктан мавзу хадистерди төмөнкү жолдор менен билүүгө болот:

Хадис аалымдары аныктаган жалганчы равилердин риваяттары

Бир хадистин жалган экендигинин эң маанилүү белгиси аны риваят кылган равинин жалганчылыгын аныктоо болуп саналат. Эгер равилердин бирөө "жалгачылык/кизб", "каззаб" же "вадда" сыяктуу өтө жаман сапатка ээ болсо, анда ал рави орун алган хадис мавзу тагыраак айтканда, жалган хадис де аталат. Риваят кылуучулардын жалган хадис

---

[36] Ибн Маажа. *Мукаддима.* 7.
[37] Okiç, *Tefsir ve Hadis Usulünün Bazı Meseleleri,* s.234-235.
[38] Суйути. *Тадрибу-р-рави.* I/241; Koçyiğit, *Hadis Usûlü*, s.115.

таркаткандыгына байланыштуу маалыматтарды хадис аалымдарынын хадис равилери туурасында жазган эмгектеринен көрүүгө болот.

Хадис риваят кылуучунун риваятын жалган хадис деп атоо (жалган өкүмүн чыгаруу) занны галиб (болжолдуу түрдө, басымдуу ойлонулган) менен болот. Так маалыматты билдирбейт. Анткени өтө жалганчы бирөө айрым учурда чындыкты сүйлөп коюшу ыктымал. Мындай адам тарабынан риваят кылынган хадиске мавзу өкүмүн берүү, ал адамдын риваятында чындыкты айтышы мүмкүн делген ыктымалдыктан улам занга (божомол) таянат; мындай божомол равини жалганчы атка конуусунан хадиске сахихтин ордуна мавзу өкүмү берилген.[39]

Жалган хадис таркаткандардын өз мойнуна алуулары

Айрым учурда хадистин жалган экендиги аны ойдон чыгаргандын мойнуна алуусу менен билинет. Айрым жалган хадис таркаткандар жасаган ишин мойнуна алышса, айрымдары бушайман болушкандыгын билдиришкен.[40] Абдулкарим б. Аби-л-Авжа колго түшүп, жазага тартылуу учурунда *"Мен динибизде адалды арам, арамды адал көрсөтүү үчүн төрт миң жалган хадис таркаттым"* – деп айткан. Майсара б. Абдираббих дагы Курандын пазилеттери туурасында жалган хадис таркаткандыгын мойнуна алган.[41] Ошондой эле жалган хадис таркаткандарды теңтуштары же угуп-көрүп байкап калгандардын кабар берүүсү дагы мавзу хадистерди билүүгө жардам берген.

Равинин мазхабчылык илдетине кабылуусу

Равинин мазхабты катуу карманууусу мавзу хадистин билинүүсүнө жардам берет. Мындай рави мазхаб, мазхабтын имамы, мазхабтын пикири боюнча хадис риваят кылган болсо, анда бул дагы хадистин мавзу экендигин көрсөтөт.[42] Мисалы, Мамун б. Ахмад Шафийлердин Хоросан аймагына кеңири тарагандыгын угаар замат, дароо Имам Шафини жамандаган жана Имам Абу Ханифаны мактап-даңктаган хадис риваят кылган. Ошондой эле Рафизилердин ахли байтты пазилети жөнүндө риваят кылган хадистерди жана Муржия агымын карманган бирөөнүн

---

[39] Koçyiğit, *Hadis Istılahları,* s. 226; Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.230.

[40] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.230.

[41] Суйути. *Тадрибу-р-рави.* I/275.

[42] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.231.

мазхабтын принциптерине төп келген хадистерди риваят кылуусун дагы айтсак болот.

Жогоруда көрсөтүлгөн мавзу хадистерди билүүнүн эки жолу тең түздөн-түз рави менен байланыштуу. Андыктан санад туурасында болот. Бирок санаддан сырткары жалган хадистердин матндарына карап мавзу өкүмүн берүү үчүн кээ бир критерийлер талап кылынат. Аларды төмөнкүчө тизмектөөгө болот:

Куранга каршы келүүсү

Пайгамбар (с.а.в.) мусулмандарды Куранга үгүттөө менен гана чектелип калбастан, ошол эле маалда аны түшүндүрүп, эң сонун тушмушка ашырган. Анын сүйлөгөн сөзү жана жасаган иш аракеттери Куранга төп келет. Эгер кандайдыр бир хадис Куранга каршы келсе, анда ал жалган хадис болуп саналат.[43] Мисалы: *"жаман ахлак кечирилгис күнөө"* - делген жалган хадис, *"Акыйкатта, Алла Өзүнө шерик кошкондорду кечирбейт, бирок андан башка күнөө иш кылгандарды эгер кааласа кечирет"*[44] – деген аятка карама-каршы келүүдө. *"Зинадан төрөлгөн бала бейишке кирбейт"* [45] – деген хадис дагы, *"Эч ким башка бирөнүн жүгүн күнөөсүн көтөрбөйт* [46] – деген аятка карама-каршы келгендиги үчүн жалган хадис болуп эсептелинет.

Кыяматтын боло турган убактысы боюнча: *"Дүйнөнүн омүрү жети миң жыл, биз жетинчи миңдин ичиндебиз"* деген риваят дагы *"Сенден Кыямат качан болоорун сурашат. (Сен аларга:) "Чындыгында, анын маалыматы Эгемдин алдында. Анын убактысын Ал гана ачыкка чыгарат", – дегин"*[47] деген аятка каршы келет.[48]

Сахих хадистерге жана сүннөткө каршы келүүсү

Аз. Пайгамбардан келген сахих хадистерге жана жүрүм-турумуна тагыраак айтканда, сүннөтүнө каршы келген риваяттын жалган экенин аныктоого болот. Аз. Пайгамбардан бузукулукка баруу, зулумдук кылуу

---

[43] Koçyiğit, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis,* 12, s.51.
[44] Ниса. 4/116.
[45] Ахмад б. Ханбал. *Мүснад.* II/203.
[46] Исра. 17/15; Фатир. 35/18.
[47] Арааф. 7/187.
[48] Kandemir, *Mevzû Hadisler,* s.181-182; Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.232.

жана адилеттүүлүккө каршы чыгуу сыяктуу Ислам динине каршы келген маселелер боюнча хадистер келген деп айтуу акылга сыйбаган нерсе.[49] Алла Таала Ахмад жана Мухаммед аттууларды тозоко салбастыгы,[50] сулуу жүздүү жана кара көздүүлөрдү азап тарттырбастыгы туурасындагы риваяттар Пайгамбардан (с.а.в.) риваят кылыган: *"Чындыгына Алла силердин сырткы келбетиңерге жана жүзүңөргө эмес, жүрөгүңөргө карайт"*[51] сыяктуу сахих хадистерге каршы келет.[52]

Риваяттын акылга, логикага жана тажрыйба аркылуу жеткен маалыматтарга туура келбеши

Аз. Пайгамбарды айткан сөздөрү логикага жана тажрыйбага төп келет. Каршы келет деп айтуу туура эмес. Мисалы, *"Нухтун кемеси Каабаны жети жолу таваф кылды; Ибрахимдин макамынын (ордунун) аркасында эки рекет намаз окуду"* деген риваятты айтсак болот. Бул хадисти акылга жана логикага салууга болбойт. Алла өзүн аттын терисинден жараткандыгын билдирген риваят менен баклажандын бардык ооруга даба жана адам хадис риваят кылып жатканда чүчкүрүүсү туура айткандыгын тастыктагандыгы туурасындагы риваят акылга, тажрыйбага жана илим-билимге каршы келгендиги үчүн жалган хадис болуп саналат.[53]

Тарыхый окуяларга дал келбеши

Хадистердин тарыхый окуяларга дал келбеши хадистин жалган экендигин көрсөтөт. Хадис аалымдары мавзу хадистерди аныктоодо тарыхый маалыматтардан өтө көп пайдаланышкан. Көптөгөн жалган хадистер тарыхый маалыматтардын жардамы менен аныкталган. Мисалы, *"Сууктан этият болгула. Анткени суук Абу Дарданы өлтүрдү"* хадис жалган болуп саналат. Аз. Пайгамбардын мындай хадис риваят кылуусу мүмкүн эмес эле. Себеби Абу Дарда Пайгамбардын көзү өткөндөн кийин, 22 жылдан кийин кайтыш болгон. Сууктан тоңуп өлүп-өлбөгөнү белгисиз. Аз. Фатиманын Мираждан кийин төрөлгөндүгү жана андан бейиштин жыты жыттангандыгы туурасындагы риваяттар дагы тарыхка дал

---

[49] Ибн Каййим аль-Жавзиййа. *аль-Манару-л-муниф.* 43-б.
[50] Ибн Аррак. *Танзиху-ш-шариа.* I/226.
[51] Муслим. *Бирр.* 33-34.
[52] Kandemir, *Mevzû Hadisler*, s.183.
[53] Ибн Каййим аль-Жавзиййа. аль-Манару-л-муниф. 39-40-б.; Koçyiğit, *Hadis Usûlü*, s.119; Cihan, *Uydurma Hadislerin Doğuşu ve Sosyo-Politik Olaylarla İlgisi*, s.19.

келбейт. Себеби Аз. Фатима Пайгамбарга пайгамбарлык келе электен 7 жыл мурун төрөлгөн.[54]

Бир канча адам көрүшү керек болгон окуяны бир адамдын риваят кылуусу

Бир хадис бир канча сахабага айтылып, жалгыз бир рави тарабынан риваят кылынса, бул мавзу хадис экендигин билдирет. Анткени көп сахаба уккан хадисти жок эле дегенде бир нече сахаба риваят кылуусу керек эле. Мисал катары Аз. Пайгамбар вада (коштошуу) ажылыгынан кайтып жатып, Гадиру Хум деп аталган жерде тыныгуу маалында өзүнөн кийинки халифа катары Аз. Алини дайындагандыгын, бирок ал жердеги сахабалар бул кабарды жашырган деп айткан Рафилизлердин ырастоолорун берсек болот. Бул жаатгагы жалган кабардын санады сахих эмес. Башка жагынан алып караганда бардык мусулмандарга тиешелүү маанилүү маселеде, миңдеген сахабанын алдында айтылган сөздөрдү, халифалык маселеси боюнча пикир келишпестиктер чыккан учурларда бир дагы риваят кылган сахаба чыккан эмес. Аз. Пайгамбар асыр намазынын убактысын өткөрүп жиберип, анын урматына күндүн кайра чыгуусун билдирген риваят дагы жалгыз Умму Салама аркылуу келген.[55] Буга окшош хадис Аз. Али үчүн дагы риваят кылынган. Хадисти риваят кылган Асма б. Умайс күндүн батуу жана кайра чыгуу мезгилдерине күбө болгондугун айткан.[56] Бирок мындай окуяны бир эмес бир канча инсандын күбө болуусу керек эле. Бул принциптен улам жалган хадис деген өкүм берилген.

Хадистеги сөздүн же маанинин түшүнүксүз болушу

Хадисти матн (текст) жагынан алып караганда анын жалган экендигинин эң маанилүү белгилеринден бири грамматикалык каталардын кетирилиши, т.а. сүйлөмдө пайгамбар айтпаган жана анын айткандарына уйкашпаган, мааниси жок сөздөрдүн орун алуусу. Аз. Пайгамбар болсо, араб тилин мыкты билген. Ошондуктан анын сөздөрүндө тактык, тууралык, аныктык, логикага таянган жана чечендик сыяктуу араб тилинин эрежелерине (балага) шайкеш келген өзгөчөлүк бар. Ушундай эрежелерден улам хадисчилер сөздөрү жана маанилери

---

[54] Kandemir, *Mevzû Hadisler,* s.185-186; Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.232.

[55] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.233.

[56] ат-Табарани, Абу-л-Касым. *аль-Муъжаму-л-кабир.* XXIV/151.

түшүнүксүз болгон хадистерди мавзу деп аташкан.[57] Мындай риваяттар кулака жагымсыз, уккулуксуз келет жана адам баласынын табиятына туура келбейт. Мисалы, *"Жашылды жана сулуу айымды кароо коруу сезимин күчтөндүрөт"*, *"Төрт нерсе төрт нерседен тойбойт: аял эркектен, топурак жамгырдан, көз көрүүдөн, кулак уккудан"*, *"Короз менин досум жана менин досумдун досу, менин душманымдын душманы"* сыяктуу айтылган жалган хадистердин айрымдары ушулар.[58] Өзгөчө элди жакшылыкка үндөө, аз амал менен көп соопко ээ болуу жана кичинекей күнөөнү оор жазалар менен коркутуу сыяктуу хадистер дагы маанисиз жана ченеми жок катары кабылданат.[59]

Риваятта сыйлык берүү жана жазаландыруу жагынан тең салмактуулуктун жоктугу

Кичинекей жакшылык же болбосо амал кылган сыйлык катары чоң соопко ээ болоору же болбосо кымындай ката кетирген өтө оор жазага тартылаары жөнүндөгү хадистер жалган болуп саналат. Мына ушулардын катарына икая айткандар тарабынан риваят кылынган хадистер дагы кирет. Мисалы, Ашура күнүндө орозо тутканларга бериле турган сооптун көлөмдүүлүгү туурасында: *"Ким де ким Ашура күнүндө орозо тутса, Алла ага орозо тутуп, намаз окуп жетимиш жыл ибадат кылгандай соп берет. Айрыкча он миң периштенин, он миң шейиттин, бир ажынын, миң жолу умра кылгандын сообунчалык соп алат"* – деген хадис жалган экендиги бул принциптин негизинде билинген. Жалган хадистердин катарын толуктаган хадистер төмөнкүлөр: *"Апрель айынын бүтүп баратканын сүйүнчүлөгөнгө бейишке кирүүсүнө кепил болому"* жана *"Кимде ким (ха) тамгасын бир көздүү кылбастан бисмиллах деп жазса, Алла ага бир миллион жакшылык жазат жана даражасын миллион жолу көтөрөт"*, *"Ким адал жол менен тапкан бир курма менен ифтар (ооз ачса) кылса, окуган намазына төрт жүз намаз кошулат."*[60]

---

[57] Uğur, *A.g.e.*, s.231; Kandemir, *Mevzû Hadisler*, s.177.

[58] Cihan, *Uydurma Hadislerin Doğuşu ve Sosyo Politik Olaylarla İlgisi*, s.15-16.

[59] Uğur, *A.g.e.*, s.231-232.

[60] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.231-232; Kandemir, Mevzû Hadisler, s.178.

Келечекке байланыштуу так маалыматтарды билдирүүсү

Хадис аалымдары Пайгамбарыбызга таяндырылган "ушул жылы же күнү мындай болот" делген келечекке байланыштуу риваяттарды жалган деп билдиришкен.[61] Хадис булактарында келечек туурасында көптөгөн хадистер бар. Булардын арасын Пайгамбардан кийин болгон конкреттүү окуяларга басым жасагандар мавзу болуп эсептелет. Мисалы, кээ бир риваяттарда Жамал жана Сыффын согушуна, Аз. Али менен Аз. Хусейиндин шейит кетишине, Амави жетекчилерине, хижрий I кылымда болгон саясий, коомдук жана маданий жактан өнүгүшүнө ачык түрдө шилтелемер бар. Аз. Пайгамбардын көзү өткөндөн кийин боло турган окуялар туурасында маалымат берүүсү, инсан катарында мүмкүн болбогондой эле, пайгамбарлык миссиясына дагы туура келбейт.[62]

Ишенимдүү хадис булактарында орун албагандыгы

Хадис риваят доорунда тадвин жан тасниф дооорлорунда тагыраак айтканда, хижрий төртүнчү кылымдын аяк чендеринде топтолуп жазылган хадис китептеринде орун албагандыгынан улам жалган хадис катары каралган. Мисалы, *"Сен болбогондо ааламды жаратпайт элем"* жана *"Мен көмүскөдөгү казынамын. Билинүүнү кааладым, (ошондуктан) бул ааламды жараттым. Өзүмдү аларга таанытттым, алар дагы мени таанышты"* – делген сөздөр, көрүнүктүү хадис булактарында орун алган эмес. Мавзу хадистер жөнүндө жазылган китептерде жалган экендиги айтылган. Ишенимдүү хадис булактарында жазылгандыгы туурасында Имам Суйути мындай деген: *"Хадис китептеринде жазылбаган, муттасыл санады болбогон хадистерди жалгыз гана айрым насаат, тафсир, сийро жана тарых китептеринен кездештирүүгө болот. Алгачкы дооорлордогу хадис имамдарынын мезгилинде кездешпеген мындай сөздөрдүн көбү кийинчерек пайда болгон."*[63]

Колубуздагы хадис китептери канчалык белгилүү жана ишенимдүү болсо дагы андагы бардык хадистерди сахих деп айтуудан алыспыз. Бирок төртүнчү кылым өткөндөн кийин китептерге кирбей калган, муттасыл санады жок, көбүнесе насаат, тафсир, сийро, тарых жана тасаввуф китептериндеги риваяттар көбү жалган катары кабылданган. Ушул себептен бул китептерди колдонууда этият болуп, хадис катары

61

62 Ибн Каййим аль-Жавзиййа. *аль-Манару-л-муниф*. 48-б. 73-б.

63 Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı*, s.60.
Суйути. Рисала фи аксами-л-хадиси-л-мавду. 35-36-б.;Kandemir, A.g.e., s.180.

келген ар бир риваятты Пайгамбардын сөзү катары кабылдабашыбыз керек.[64]

Хадистин кашиф (жүрөккө аян болгон илим), илхам же түш аркылуу келгендигин ырастоо

Ислам аалымдары кашиф, илахам, түш аркылуу алынган маалыматтардын ошол кишиге гана тиешелүү экендигин, башкалар үчүн маалымат боло албастыгын кабыл алышкан. Ошондой эле хадис аалымдары аты аталган жолдор аркылуу келген хадистерди кабылдашкан эмес. Мындай көрүнүш суфилерде өтө кеңири тараган. Айырмдары түшүндө Пайгамбардын (с.а.в.) озүнөн хадис алгандыгын же болбосо кээ бир хадистердин сахих болуп-болбогондугун озүнөн үйрөнгөндүгүн ырасташкан.[65] Мухйиддин Ибну-л-Арабинин (ө. 638/1240) айтуусунда, кээ бир хадистер усул аалымдарынын баамында сахих болбосо дагы кашиф жолу менен келгендигин айтып, аларды тасхих кылган (оңдоо, түзөө) жана айрымдарын кашиф жолу менен заиф же болбосо мавзу деп өкүм чыгарган. Көбүнесе мындай мисалдарды Ибну-л-Арабиде көрсөк болот. Хадис аалымдары мындайды субъективдүү ыкма катары карашып, кабылдашкан эмес.[66] Жалган хадисти кашиф, илхам жана түш аркылуу сахих деп айтуу, хадис критерийлерине дал келбейт. Хадис аалымдары жалган деп атаган бир хадисти суфи кашиф жолу менен сахих катары көрүүсү эч нерсени өзгөртпөйт. Мисалы: *"Кимдин бүгүнкү күнү кечээги күнүнө окшош болсо, жашоодон утқузуптур, бүгүнкү күнү кечээгиден жаман болсо, ага каргыш болсун"*[67] – деген хадис жалган болуп эсептелет. Бул хадис негизги хадис булактарында жок. Мавзу хадистерди топтогон эмгектерде Абдулазиз Ибн Аби Раввад түшүндө Пайгамбардан насаат катарында алгандыгы билдирилген.

---

[64] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı*, s.59.

[65] Tartı, *Muhtasar Hadis İlimleri ve Usûlü*, s.94.

[66] Ибну-л-Араби, Мухйиддин. *аль-Футухату-л-Меккиййа*. I/83, 106, 187, 406, 492, 498, 744; II/302, 304; III/13, 131, 244; IV/474; Avcı, *el-Futûhâtu'l-Mekkiyye'de İbn Arabî'nin Hadis Anlayışı*, s.89-135; "Keşf yoluyla Hadis Rivâyeti", *Dinbilimleri Akademik Araştırma Dergisi*, IV, sayı: 4; s.161-193.

[67] Irâkî, *el-Muğnî an Hamli'l-Asfâr*, Riyad, 1995.

Г. Мавзу хадистердин зыяндары

Жалган хадистер Ислам динине жана мусулмандарга чоң зыян тийгизген. Ислам аалымдары мавзу хадистерди билдирүү максатында болгон күч аракетин жумшаганына карабастан, китептерине жазып, минбарларда, сухбаттарда хадис деп таркаткандардын тийгизген терс таасиринен улам орду түбү менен жок кылуу мүмкүн болгон эмес.

а) Мавзу хадистер элдин Исламды жаңылыш түшүнүүсүнө себеп болгон: Жалган хадистердин Ислам динине жана маданиятына тийгизген эң чоң залакаларынын бири, динге тиешеси жок маселелердин жада калса динге каршы келген түшүнүктөрдүн жахил (сабатсыз) адамдар тарабынан диндин бир бөлүгү катары эсептелүү коркунучу. Зухд жөнүндөгү жалган хадистердин көбү, Ислам дининин дүйнөгө болгон кызыгууну токтотуп, Аз. Пайгамбардын жашоосу дагы ушундай болгон деген түшүнүктү жаюу болгон. Дүйнөнү жана дүйнө тургундарын жамандаган хадистердин таасиринде калгандар дүйнөдөгү мубах жана адал ниматтарды өздөрүнө арам кылган же болбосо жашап жаткан диний жашоолорунан үмүттөрүн үзүшкөн.[68] Жалган хадистер мусулмандардын дүйнөгө болгон көз карашын жаңылыш тарапка бурган. Ислам ааламынын өнүкпөй калышынын эң маанилүү себептеринин бири бул дүйнөгө болгон пассивдүү көз карашы, десек болот.

б) Мавзу хадистер Пайгамбарды (с.а.в.) туура түшүнүүгө тоскоол болгон. Бардыгынан мурун мавзу хадистер Пайгамбардын хадис жана сүннөттүн тактап айтканда, Исламды туура түшүнүүгө тоскоол болгон. Аз. Пайгамбардын айткан сөздөрү жана жасаган иш аракеттери Куран менен кошо Ислам дининин негизин түзөт. Чындыгында хадистер Исламдын негизи болуп саналат. Динди туура жана так түшүнүү үчүн жогоруда белгиленген эки булакты кынтыксыз жана анык үйрөнүү керек. Пайгамбар (с.а.в.) менен эч кандай байланышы жок болгон мавзу хадистер динди туура эмес чечмеленишине себеп болгон. Ошондой эле хадис жана сүннөттү туура үйрөнүүгө жана аңдоого жолто болгон.[69]

в) Аз. Пайгамбардын оозунан чыкпаган бир сөздү ага таяндыруу же болбосо анын атынан жалган айтуу диндин негиздерин өзгөртүү дегенди билдирет. Жалган риваяттар менен адалды арам, арамды адал кылып

---

[68] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı*, s.60-61.
[69] Koçyiğit, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis*, s.53.

көрсөтүүгө аракет жасоо, бул динди бузуу болуп саналат. Бул болсо Исламда жок нерселерди бар кылуу, бар нерселерди жок кылуу дегенди билдирет. Жакшы ниет менен болсо дагы кабылданбайт. Себеби Ислам мындай сөздөрдүн колдоосуна муктаж болбогондой эле, кемтик тарабы дагы жок.

г) Мавзу хадистер мусулмандардын ортосунда бөлүнүп-жарылууну күчөтүүчү ролду ойнойт. Ислам ааламына жалган хадистердин тийгизген эң маанилүү залакасы, бул тайпачылык, мазхабчылык, бөлүнүүчүлүк жана мусулмандардын биримдигин ыдыратуу болуп саналат.[70] Саясий, итикадий жана фикхий мазабтардын кээ бир жактоочулары тарабынан таратылган жалган хадистер мусулмандардын ортосунда бөлүнүп-жарылуунун күчтөнүүсүнө себеп болгон.

д) Ашкере улутчулдуктун айынан токулган жалган хадистер, ар кайсыл улуттардын ортосунда жек көрүүгө жана душмандыкка алып келген.[71] Курандын жана Пайгамбардын (с.а.в.) койгон талаптары бардык мусулмандарга бирдей. Эң негизги арктычылык бул такыбалык. Жалган хадистердин көбү мусулмандарды расасына, улутуна жана тилине карап бөлгөн.

е) Жалган хадистер динге батыл ишенимдерди жана хурафаларды киргизген. Дин душмандары таркаткан жалган хадистер Ислам динине дал келбеген батыл (жалган, негизсиз) ишенимдердин жана хурафалардын кирип кетүүсүнө себеп болгон. Мындай негизсиз хадистер мусулмандардын ишенимине терс таасирин тийгизип, алардын динден сууп кетүү коркунучун жараткан.[72]

ё) Жалган хадистер мусулмандардын динин татаалдаштырат. Куран менен хадис мусулмандарды жакшылыкка үгүттөгөн жана жамандыктан кайтарган. Ал эми жалган хадистер болсо, мусулмандарды ашкере үмүтсүздүккө жана коркоктукка жетелеген.[73]

ж) Өзгөчө икая айткандардын оозунан чыккан хадистер, элди сабатсыздыкка (жахил) жана жалоокукка үндөгөн.[74] Өмүр боюу ибадат менен гана ала турган соопту эки рекеттик нафила ибадат аркылуу

---

[70] Çakan, İsmail Lütfi, *Anahatlarıyla Hadis*, s.209.
[71] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı*, s.61.
[72] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.234.
[73] Ünal, *A.g.e.*, s.61.
[74] Uğur, Mücteba, *A.g.e.*, s.234.

алынаарына ишенгендер экинчисин тандашат. Албетте, бул диний милдеттерге кайдыгер мамиле жасоого алып келет.[75]

Д. Мавзу хадистердге каршы көрүлгөн чаралар

Ислам тарыхынын алгачкы мезгилинде жалган хадис таркатуу аркетинин күч алуусу менен бирге мухаддистер аларды алдын алуу үчүн болгон күчүн жумшап, жалган хадистерди таркаткандарды токтотуу үчүн күрөштү башташкан. Хадис риваят кылуунун жол-жобосун аныктаган мухаддистердин жана алардын жалган хадистерге каршы күрөштөрүнөн Аз. Пайгамбардын хадистерин коргоого алуу үчүн жасаган кылдат мамилесин көрүүгө болот. Өтө этият жана кылдат мамиле жасаган Мухаддистер жалган хадистерге каршы туруу үчүн чечкиндүү чараларды көрүшкөн.

Иснад – жалган хадистерге каршы туруунун олуттуу тоскоолдугу болуп саналат. Аз. Пайгамбарга негизсиз таяндырылган риваяттардын эл арасында таркалып кетүүсү иснад илиминин маанилүүлүгүн арттырган. Мухаддистер фитна (бүлүк) окуяларынан кийин күч алып таркай баштаган жалган хадистерди алдын алуу үчун иснадды тактоо шартын киргизишкен. Табиин аалымдарынан Мухаммед б. Сирин (ө. 110/728) фитна окуялары менен катар равилердин ысымдарын тактоо иштери башталганын, ишенчиликтен чыккандардан хадис алынбагандыгын айтып, хижрий биринчи кылымдын аяк чендеринде равилер туурасында сурамжылоо башталганын билдирген.[76] Улуу табиин Ибн Сирин айткандай: *"Чындыгында бул илим — силердин диниңер! Ошондуктан карагыла — кимден диниңерди алып жатасыңар!"*[77] – деп, иснаддын маанилүүлүгүнө жана жалган хадистин коркунучуна маани берүүгө чакырган.

Чынында Пайгамбарга (с.а.в.) таандык болгон хадистерди аныктоо максатындагы иснадды тактап айтканда, равилерди критикалоону жетиштүү көрбөгөн Ислам аалымдары хадис матндерин (текст) да карап чыгууну зарыл деп эсептешкен. Себеби жалган хадис таркаткандар хадистерине күчтүү иснаддарды коюу жолуна киришишкен. Бир хадистин

---

[75] Koçyiğit, *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis*, s.55.
[76] Муслим. *Мукаддима.* 5; Дарими. *Мукаддима.* 38.
[77] Муслим. *Мукаддима.* 5;

сахих жана макбул катары эсептелүүсү үчүн иснад жетишсиз.[78] Ушундан улам Ислам аалымдары Куранга, сүннөткө, акылга жана тарыхый маалыматтарга дал келүүсү үчүн хадистин жалган экендигин аныктоочу эрежелерди киргизишкен.

Хадис аалымдарынын жалган хадистерге каршы алдын алуу ыкмаларынын бири равилердин абалдарын иликтөө болгон. Иснаддын өзү жетишсиз катары көрүлүп, равилерди тагыраак айтканда, хадисти жеткирүүгө катышкан адамдар дагы иликтөөгө алынган. Хижрий экинчи кылымда равилер боюнча адистешкен аалымдар чыккан. Үчүнчү кылымда болсо, равилерди "жарх жана таъдил" жагынан изилдеген рижаль китептери жазыла баштаган.[79]

Мухаддистердин сахих жана макбул хадистерди топтоо аракеттери дагы жалган хадистерге каршы туруунун бир жолу. Хижрий экинчи кылымдын орто чендеринде ишенимдүү хадистерди топтоо аракеттери башталган. Кийинчерээк өзүнчө китептер жазылып, кийинки муундарга жеткирилген.[80]

Мавзу хадистерге каршы туруунун эң жөнөкөй жолу жалган хадистерди топтогон эмгектерди жазуу.[81] Хижрий бешинчи кылымдан баштап азыркы маалга чейин жазылган эмгектерде мавзу деп билинген риваяттар өзүнчө эмгектерде жыйнала баштаган. Бул эмгектердин жардамы менен мавзу хадистерди таанып-билүүгө болот.

Е. Мавзу хадистерди топтогон эмгектер

Алгачкы доорлордо мавзу хадистерге каршы туруу үчүн равилердин жарх жана таъдилине, ошондой эле сахих хадистерди топтоого артыкчылык берилген. Хижрий экинчи жана үчүнчү кылымдарда мавзу хадистерди топтогон бир дагы эмгек жок. Бул доордо негизинен иснады менен бирге сахих, заиф жана мавзу хадистер бир китепте жазылган.

Алгачкы доордо жарх жана таъдил аалымдарынын көптөгөн эмгектеринде жана заиф равилерди топтогон аалымдардын эмгектердине жалган хадистерге дагы басым жасалган. Биринчилерден болуп жалган

---

[78] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.229.
[79] Ünal, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı,* s.63.
[80] Yücel, *Hadis Usûlü*, s.199; Çakan, İsmail Lütfi, *Hadis Usûlü*, s.140-141.
[81] Çakan, *A.g.e.*, s.142.

хадистерге байланыштуу классификациялоону Макдиси (ө. 507/1113) жана Ибну-л-Жавзи (ө. 597/1200) баштап, өздөрүнөн мурун жазылган эмгектерден көбүнесе пайдаланышкан. Мавзу хадистерди Укайлинин (ө. 323/934) *"ад-Дуафа"* аттуу эмгегинен баштап Хатиб аль-Багдадинин (ө. 463/1071) эмгектерине чейин болжолду түрдө 150 жылдык убакыт аралыгында жазылган эмгектерден топтошкан. Ошондой эле хадисти жана равини сындоодо Йахйа б. Саид аль-Каттандан (ө. 198/813) баштап Абдуррахман б. аль-Махди (ө. 198/813), Йахйа б. Маин (ө. 233/847), Ахмад б. Ханбал (ө. 241/855), Бухари (ө. 256/869), Насаи (ө. 303/915), Ибн Аби Хатим (ө. 327/938), Ибн Хиббан (ө. 354/965), Ибн Адийй (ө. 365/975) жана Даракутнинин (ө. 385/995) пикирлеринен пайдаланган.

Мавзу хадистерди белгилүү китептерге жыйноо кийинки дооорлордо ишке ашкан. Бул жаатгагы алгачкы эмгектер болжол менен хижрий бешинчи кылымдан баштап жазыла баштагандыгын айтсак болот.[82] Хадис аалымдары мавзу хадистерди таанытуу максатында мавзу хадистерди топтогон китептерди жазышкан. Алардын эң негизгилери төмөнкүлөр:

1. Мухаммед б. Тахир аль-Макдиси (ө. 507/1113) *"Тазкирату-л-Мавзуат"*
2. Абу-л-Фараж Абдуррахман Ибну-л-Жавзи (ө. 597/1201) *"Китабу-л-Мавзуат Мина-л-Ахадиси-л-Марфуат"*
3. Абу Хафс Умар б. Бадр аль-Мавсили (ө. 622/1225) *"аль-Мугни ани-л-Хифз ва-л-Китаб би Кавлихим Лам Йасихха Шайхун фи Хаза-л-Баб"*
4. Абу-л-Фазаил аль-Хасан б. Мухаммед ас-Сагани (ө. 650/1252) *"Рисала фи-л-Ахадиси-л-Мавзуа ва ад-Дурру-л-Мултакат фи Табйини-л-Галат ва Нафйи-л-Лагат"*
5. Такийуддин Ибн Таймиййа (ө. 728/1328) *"Рисала фи Ахадиси-л-Мавзуа ва Рисала фи-л-Ахадиси-л-Лати Йарвиха-л-Куссас"*
6. Маждуддин Абу Тахир аль-Фирузабади (ө. 817/1415) *"Хатимату Сифри-с-Саада"*
7. Жалалуддин ас-Суйути (ө. 911/1505) *"аль-Лаали-л-Маснуа фи-л-Ахадиси-л-Мавдуа"*
8. Али б. Мухаммед б. Али Ибн Аррак (ө. 963/1556) *"Танзиху-ш-Шариати-л-Марфуа ани-л-Ахбари-ш-Шаниати-л-Мавдуа"*
9. Жамалуддин Фаттани (ө. 986/1578) *"Тазкирату-л-Мавдуат фи-л-Ахадиси-л-Марфуат"*

---

[82] Yücel, *Hadis Usûlü*, s.200-201.

10. Али аль-Кари (ө. 1014/1605) *"аль-Мавдуат"*

11. Мухаммед б. Абдуллах аш-Шавкани (ө. 1250/1832) *"аль-Фаваиду-л-Мажмуа фи-л-Ахадиси-л-Мавдуа"*

12. Абдуллах аль-Лакнави (ө. 1304/1886), *"аль-Асрару-л-Марфуа фи-л-Ахбари-л-Мавдуа"*

13. M. Yaşar Kandemir, *Mevzû Hadisler*[83]

Ё. Мавзу хадис риваят кылуунун өкүмү

Мавзу хадис риваят кылуунун өкүмүн төмөнкү төрт пункта карасак болот:

а) Кандай гана маселеде болбосун жалган хадис таркатуунун өкүмү арам. Атүгүл арамдардын эң жаманы болуп саналат. Себеби Пайгамбардан (с.а.в.) келген: *". Ким менин атымдан атайлап жалган айтса – озунун ордун Тозоктон издей берсин*[84] - деген хадис муну ачык-айкын көрсөтүп турат. Динибизде жалган сүйлөө арам. Ал эми Пайгамбардын атынан атайлап жалган сүйлөө арам деп эсептелет.

б) Жалган экенин билип туруп, мусулмандардын көнүлүн буруу үчүн риваят кылынса арам эмес; бирок шарттуу түрдө жалган экенин айтуусу керек.

в) Жалган экенин билбестен риваят кылгандар күнөөгө батыштпайт; бирок диний маселеде этият болбогондугунан улам ката кетирген болуп саналышат.

г) Мавзу хадистин жалган экендигин далилдөө үчүн тактап айтканда, мусулмандарды бузукулуктан кайтаруу жана аларга үйрөтүү максатында риваят кылуу сооп.[85]

---

[83] Kandemir, *Mevzû Hadisler*, s.138-168; Uğur, *Hadis İlimleri Edebiyatı*, s.175-181. Абдулваххаб Абдуллатиф, Шавканинин *"аль-Фаваиду-л-мажмуа"* аттуу эмгегинин кириш сөз бөлүмүндө мавзу хадистерге байланыштуу 77 китепти аныктаган. Шавкани, Мухаммед. *аль-Фаваиду-л-мажмуа.* (басм. даяр.: Абдулваххаб Абдуллатиф). (түрк тилине которгон: Мехмет Емин Акын) 191-200-б.

[84] Бухари. Жанаиз. 33.

[85] Uğur, *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, s.234-235; Çakan, *Hadis Usûlü*, s.140.

ОН ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ*

ХАДИС ИЛИМДЕРИ (علوم الحديث)

"Улуму-л-хадис" сөзүнүн мааниси "хадиске караштуу билинүүсү керек болгон илимдер" дегенди билдирет. Кандай гана илимдин бутагы болбосун, ар бир илимдин белгилүү өнүгүү процесси бар. Илимдердин келип чыгуу тарыхына саресеп сала турган болсок, өнүгүү процесстери белгилүү даражага жеткен ар бир илим тармагынын убакыттын өтүшү менен өз алдынча илим тармагына айлангандыгын көрүүгө болот. Албетте, мындай көрүнүштү хадис илими үчүн дагы айтсак болот.

Хадис илиминин негизги илимий тармагы "رواية الحديث" (риваяту-л-хадис) жана "دراية الحديث" (дираяту-л-хадис) болуп, экиге бөлүнөт.

Риваяту аль-хадис илими

Аз. Пайгамбарга, сахабаларга, табииндерге иснад (таяндырылган) кылынган сөз, кылган иш-аракеттер (фиил), такрир (жактыруулар) жана ушундай сыпаттардан түзүлгөн, жазуу түрүндөгү риваятты кылдат жеткирүүчү илимдин бутагы болуп саналат. Кыскача айтканда, хадистин маани-мазмуну менен алектенет. Хадистердин жазуу түрүн камтыган хадис китептери (т.а сахих, жамиъ, сунан, муъжам, муснад ж.б.) бул илим тармагына таандык материалдарды түзөт. Белгилүү болгондой бул жерде "риваяту-л-хадис" илиминин темасы түздөн-түз Пайгамбардын (с.а.в.) сөздөрү, кылган иш-аракеттери, такрир жана сыпаттары, т.а. ага таандык өзгөчөлүктөр болуп саналат. Бул илим тактаган жарамдуу хадистерди аныктоо жана риваят кылуу негиздери, Пайгамбарга караштуу хадистерди риваят кылууда кемчиликтерден оолак болуу жолдорун көрсөтүү жагынан маанилүү болуп саналат. Андыктан риваяту-л-хадис илимине маани берүү сүннөттү аныктоо жана аны жеткирүү маалында айрым катачылыктын кетип калуусун алдын алат деп кабылдашкан.

Дираяту-л-хадис илими

Санад менен матндын (хадис тексти) кабыл алынуу же кабыл алынбоо жагынан абалын көрсөткөн эрежелер (методология) илими болуп саналат. Хадисти жеткирүүдө, изилдөөдө, шарх (түшүндүрмө берүү)

---

* Доц. док. Мухиттин Дүзенли

кылууда жана өкүм чыгарууда катачылыктан оолак болуу, аталган илим белгилеген эрежелердин жардамы менен гана мүмкүн болот. Бул "усул-у-хадис (хадис усулу)" илими деп да аталат. Риваят жана анын негиздери менен түрлөрү, риваятка байланышкан өкүм-жоболор, равилердин өзгөчөлүктөрү, бир равиде болушу керек болгон шарттар, риваят кылынган хадистердин түрлөрү сыяктуу маселелерге байланыштуу илим болуп саналат. "Илму-л-хадис дираятан" деп дагы аталат.

Бул жерде иснад же болбосо матн (текст) туурасында төмөнкүлөрдү айта кетишибиз керек: "макбул (кабыл алынат)" деп айтылганда аны менен амал кылууга болот, "мардуд (кабыл алынбайт)" деп айтылганда амал кылууга болбойт дегенди билдирет. Булар негизинен накил жагынан берилген өкүм болуп саналат. Равини *кабылдоо, бул ага маани* берип *риваятын кабылдоо; ал эми кабыл албоо* анын риваяттарына маани *бербөө дегенди билдирет.* Ошондой эле текстти кабылдоо анын бар экендигине ишенүү; аны четке кагуу болсо, тексттен шек санап анын сахихтигин (тууралыгын) кабыл албоо дегенди билдирет.[1]

Дираяту-л-хадис илими алгачкы мезгилдерде хадис илими менен байланыштагы бири-биринен айырмаланган көптөгөн темаларды камтып келген. Бул темалар негизинен "баб" же "нав" деп аталган бөлүмдөрдө каралган. Бирок хадистердин тадвин (ар кайсыл жактагы оозеки жана жазуу түрүндөгү хадис тексттерди классификациялабастан (тасниф) чогултуу) жана тасниф (классификациялоо) менен бирге **дираяту-л-хадис** илими менен алектенген аалымдар бара-бара адистешип, өз алдынча эмгектерди жарата баштаган. Бара-бара хадис илими көбөйүп, түрдүү багытта хадистердин абалын изилдеген илимдер пайда боло баштаган. Булардын ичинен эң маанилүүсүн төмөндөгүдөй кыскача сөз кылып кетүүнү туура көрдүк.

А. Жарх жана Таъдил илими (علم الجرح والتعديل) (Равилерди сынга алуу илими)

Лексикалык маанисин "жарадар кылуу, дартын козгоо, четке кагуу" дегенди билдирген "жарх" сөзүнүн терминологиялык мааниси "равиде же анын риваятындагы кемчиликтен улам равини же риваятын четке кагуу" дегенди туюндурат. "Ырастоо, тазалоо, түзөтүү, адилеттүүлүк менен өкүм жүргүзүү" деген маанидеги "таъдил" сөзү "бир равинин адилеттүү

---

[1] Suphi es-Salih, *Hadis İlimleri ve Istılahları,* s.86-7.

экендигин айтып, анын кылган риваяттары кабылдоо" маанисинде колдонулат. Андыктан жарх жана таъдил, бул бир канча өзгөчө сөздөрдү колдонуу аркылуу риваяттарды кабылдоо же болбосо четке кагуу жагынан равилердин абалынан жана алар туурасында айтылган сөздөрдүн маани-маңызынан сөз кылган илим болуп саналат.[2]

Жарх жана Таъдил илими Курандан кийинки экинчи негизги булагыбыз болгон сүннөттү коргоо жана колдоодон улам пайда болгон. Ислам өкүмдөрүнүн булагы болгон хадистердин сахих болушу, алгач аларды риваят кылган равилердин адилеттүүлүк жана забт жагынан дурус жана ишенимдүү болууларына байланыштуу. Ошондуктан жарх жана таъдил аалымдары равилердин ким экендигин, риваят ыкмаларын так аткарып-аткарбагандыгын, хадистерди риваят кылууда жасаган кылдат мамилелерин, диндин буйрук жана тыюу салган нерселерине баш ийип-ийбегендигин абдан кылдаттык жана тарапсыз көз караш менен сындап (танкид) келишкен. Хадис илиминин бул тармагы кеңири өнүккөн жана бул багытта көптөгөн эмгектер жазылган тармактардын бири болуп саналат. Бул эмгектерде хадис равилеринин чынчылдыгын жана ишенимдүүлүгүн карап чыгуу, равилер ысымдарына жана лакаптарына жараша алфавиттик түрдө тизилет жана ар биринин өмүр баяны, кимден хадис риваят кылгандыгы, кимдерге риваят кылгандыгы, равилердин ортосундагы орду, адилеттик жана забт жагынан абалы, хадис аалымдарынын ага болгон көз караштары баяндалат.

Бул багытта сахабалардан Аз. Али, Ибн Аббас жана Анас б. Малик, табииндерден Шаъби, Ибн Сирин, Аъмаш, Шуъба жана Малик б. Анас, андан кийин Абдуллах б. Мубарак, Йахйа б. Маъин жана Ахмад б. Ханбал сыяктуу аалымдар атак-даңкка жеткишкен. Равилердин жарх жана таъдили туурасында жазылган эң маанилүү эмгектердин арасында аль-Ижли (ө. 361/972), Ибн Аби Хатим ар-Рази (ө. 327/939) жана Ибн Хиббан аль-Бустинин (ө. 354/972) ошол эле ат менен жазылган *"Китабу-л-жарх ват-таъдил"*, Абу аль-Фаражтын (ө. 597/1201) *"Китабуд-Дуафа"*, Захабинин (ө. 748/1347) *"Мизану-л-итидал фи Накди ар-Рижаль"* аттуу эмгегин айтууга болот.[3]

---

[2] Aşıkkutlu, *Hadiste Ricâl Tenkidi,* s.18.

[3] Абу Захв. аль-Хадис ва-л-Мухаддисуун 425-432-б.

Б. Равилер илими (علم رجال الحديث)

Хадис риваят кылган же хадис илими менен алектенгендерге "рижальу-л-хадис", равилерди хадис риваяты жагынан изилдеген жана аныктама берген илим тармагы "илму рижальу-л-хадис" деп аталат. Бул илим равилердин өмүр-баяндарынан жана алардын катмарларынан сөз кылгандыгы үчүн "равилердин тарыхы" (тариху-р-руват) деп дагы колдонулуп келет.

Бухаринин (ө. 256/870) "*Тариху-л-кабир*" менен Ибн Садын (ө. 230/844) "*ат-Табакату-л-кубра*" аттуу эмгеги бул багытта жазылган эң маанилүү эмгектерден болуп саналат. Өзгөчө сахабанын өмүр-таржымалына байланыштуу жазылган Ибн Абдибарр аль-Куртубинин (ө. 368/979) "аль-*Истиаб фи маърифати-л-Аахаб*", Ибну аль-Асирдин (ө. 630/1233) "*Усду-л-гааба фи маърифати-с-сахаба*" жана Ибн Хажар аль-Аскаланинин (ө. 852/1448) "*аль-исаба фи тамйизи-с-сахаба*" аттуу эмгеги дагы бул багытта жазылган эмгектердин катарына кирет.[4]

В. Асбаб-у Вуруд илими (علم أسباب ورود الحديث)

Хадистердин айтылышы же андагы жүрүм-турумдун пайда болуу себептеринен сөз кылган илим тармагы асбаб-и вуруд илими деп аталат. Куран илимдеринин арасында "асбаб-и нузулдун" орду жана маанилүүлүгү кандай болсо, хадис илимдери үчүн дагы "асбаб-и вуруд" илиминин ошончолук маанилүүлүгү бар. Айрым хадистер окуяларга жараша айтылган болсо, айрымдары суроолорго жооп иретинде келген. Окуялар же сахабалардын түрдүү себептерден улам сураган суроолору айтылган сөздүн же берилген жооптун сабаб-и вурудуну билдирет.[5] Мына ушул илимдин тармагы дагы хадистерди тереңирээк түшүнүү үчүн каякта, качан жана кайсы максатта айтылгандыгын изилдейт. Аталган илимдин көрсөткөн багыты менен хадистердин түшүнүктүү болуусуна өбөлгө түзүп, алардын ичинен насих жана мансухту аныктоого жардам берет. Ошол эле маалда, аталган илимдин жардамы менен хадисттердин ортосундагы талаш-тартыштарга чек коюуда да зор мааниге ээ.

Темага байланыштуу Суйутинин (ө. 911/1505) жана Ибн Хамза аль-

---

4 Suphi es-Salih, *Hadis İlimleri,* s.89.
5 Uğur, *Hadis Terimleri Sözlüğü,* s.82.

Хусайнинин (ө. 1120/1707) эки негизги эмгеги бар. Суйутинин *"Асбабу вуруди-л-хадис"* эмгеги ар кандай булактардан жыйналган жана фикх бөлүмдөрүнө (баб) жараша тизмектелген 98 хадисти түрдүү риваяттары менен бирге айтылыш (вуруд) себептери да камтылган. Ибн Хамза аль-Хусайнинин *"аль-Баян ва-т-таъриф фи асбаби вуруди-л-хадис аш-Шариф"* эмгеги Суйутинин аталган илимий эмгеги менен мурунку эмгектеринен чогултулган 1154 хадистин вуруд себебин билдирген.[6]

Г. Гарибу-л-Хадис илими (علم غريب الحديث)

"Гариб" сөзү хадис илиминде эки башка мааниде колдонулат. Ал эми гариб хадис "санад же матнде жалгыз калган же ушуга окшош башка равилер тарабынан риваят кылынбаган хадис" дегенди билдирет.[7] Ошондой эле "гарибу-л-хадис" да такыр башка маанини билдирет. Ал хадис тексттеринде (матн) орун алган жана аз колдонулгандыгына байланыштуу түшүнүү оор болгон сөздөр жана булар туурасында сөз кылган илимдин тармагы дегенди туюндурат. Кыскача айтканда, бул илим хадис тексттеринде бир караганда түшүнүксүз болгон сөздөрдүн жана терминдердин чечмеленип берилишинен сөз кылган илимдин тармагы. Бул сөздөр жана терминдер араб тилин мыкты өздөштүргөн аалымдардын түшүндүрмөлөрү менен гана аңдоого болот. Мындай кыйынчылык жараткан сөздөрдү түшүнө билүү хадистин маанисин жана өзгөчө андагы өкүмдөрдүн билинүүсү үчүн маанилүү. Хадистеги сөздөрдүн кайсы мааниде колдонулгандыгын ушул илимдин жардамы менен гана билүүгө болот.[8] Аз. Пайгамбар ар бир адам түшүнө ала турган туура, так жана ачык тилде арабча сүйлөгөндүктөн хадистердин түшүнүксүз тарабы жок. Андыктан сахабалар үчүн пайгамбардын айткандарын түшүнбөй калуу мүмкүн эмес. Сахабалардын басымдуу бөлүгү Пайгамбардын (с.а.в.) сөздөрүн түшүнбөй калган учурда андан сурап үйрөнүшкөн. Аз. Пайгамбардын көзү өткөндөн кийин Ислам динин кабылдаган чет элдиктердин саны өсүп, араб тилинин өзүнө таандык түшүндүрмө ыкмалары боюнча баяндалган хадистерди ар ким тарабынан оңой-олтоң түшүнүү оорлошкон. Чындыгында жаңыдан мусулманчылыкты кабылдаган улуттардын арабдардай түшүнүүсү

---

6 Yücel, *Hadis Usulü*, s.281.

7 Polat, "Garîb", s. 375; Koçyiğit, *Hadis Istılahları*, s. 114.

8 Ажжаж аль-Хатиб. *Усулу-л-хадис улумуху ва мусталахух.* Дару-л-Фикр. Бейрут, 1981. 280-б.

мүмкүн эмес. Айрыкча хадистерди толук кандуу түшүнүү белгилүү даражада Ислам маданиятын үйрөнүүнү талап кылат. Жаңыдан Ислам динин кабыл алган башка улуттун өкүлдөрүнөн мындайды күтүүгө болбойт. Ушул себептен улам хадистерди толук түшүнүү, түшүнүксүз сөздөргө же сүйлөмдөргө түшүндүрмө берүү үчүн "**гариб-л-хадис**" илиминин пайда болушунун негизги себеби болуп саналат.

Бул илимдин көмүскөдө калуусу хадис менен алектенгендер үчүн эң чоң кемчилик болуп саналат. Себеби исламияттын жайылышы менен көп түрдүү маданияттардагы элдер араб тилинин нукуралуулугун бузуп, хадистердин белгилүү бир өлчөмдө оңой түшүнүп алынуусуна кыйынчылык жараткан. Ошол себептен болсо керек, хижрий экинчи кылымдын аяк чендеринден тарта хадистердеги мааниси оор (гариб) сөздөрдөдү ачыктап берүү муктаждыгы жаралып, бул багытта алгачкы эмгектер жазыла баштаган. Кийинки доорлордо мындай эмгектердин санынын бир топ өскөндүгүнө күбө болууга болот. Бул багытта алгачкы эмгектер Абу аль-Хасан ан-Надр б. Шумайл (ө. 203/818) жана Абу Убайд Касым б. Саллам (ө. 223/836) тарабынан жазылган. Бул тармактагы белгилүү эмгектер Ибн Кутайбанын (ө. 276/889) *"Гарибу-л-хадис"*, Замахшаринин (ө. 538/1143) *"аль-Фаик фи гарибу-л-хадис"* жана Ибну аль-Асир аль-Жазаринин (ө. 606/1210) *"ан-Нихайа фи гариби-л-хадис"* аттуу эмгектери болуп саналат.[9]

Хадис тексттеринин түшүнүктүү болуусун камсыздоо максатында жазылган эмгектерде Пайгамбардын хадистери менен сахаба жана табииндер айткан гариб сөздөр кеңири чечмеленген. Хадистерде кездешкен гариб сөзүнүн лексикологиялык мааниси менен бирге араб тилчилеринин айткандарынан, байыркы араб акындарынын ыр саптарынан жана араб макалдарынан мисал келтирип, аталган сөздүн адабий жактан маанисин таасын көрсөткөн.[10]

Д. Мухталифу-л-Хадис илими (علم مختلف الحديث)

"Мухталифу-л-Хадис", "Ихтилафу-л-Хадис", "Мушкилу-л-Хадис", "Талфику-л-Хадис" деп дагы аталышат. Сыртынан бири-бирине карама-каршы келген хадистерди изилдеген илимдин тармагы болуп саналат.

---

[9] Ажжаж аль-Хатиб. *Усулу-л-хадис.* 281-2-б.

[10] Yücel, *Hadis Usûlü,* s.276.

Бул илим хадис илиминин өтө татаал тармактарынын бири катары кабылданган. Анын методу боюнча арасында бири-бирине карама-каршы келген хадистерди бири-бирине төп келтирүүдө, же абсолюттук маанидегилерди белгилөө же жалпы маанидегилерди айырмалоо же болбосо тиешелүү хадистердин кайрадан түзүлүүсүнө өкүм кылуу сыяктуу ыкмалар колдонулат. Эгер хадистерди бири-бирине төп келтирүү мүмкүн болбосо, анда хадистердин белгилерине карап бирөөнүн мансух (өкүмү күчүн жоготкон) экинчисин насих (өкүмү күчүндө) экендигине өкүм чыгарылат. Бул дагы мүмкүн болбосо экөөнүн бирөөсүн тандап алуу (таржих кылуу) аркыуу ортодогу карама-каршылык жокко чыгарылат.[11]

Буга мисал катары төмөндөгү эки хадисти берсек болот: Пайгамбар (с.а.в.) бир хадисинде "Оору өзүнөн өзү жукпайт"[12] – деп айткан. Башка бир хадисинде: "Ала оорусу менен ооругандан арстандан качкандай качкыла!"[13] – деп айткан. Бул эки хадис көрүнүштө бири-бирине карама-каршы мааниде экендиги көрүнүп турат. Себеби Пайгамбар алгачкы хадисинде оорунун өзүнөн өзү дени сак адамга жукпай тургандыгын белгилеп кеткен. Экинчи хадисти болсо, ала оорусу менен ооругандан качууну буюрган. Эгер оору себепсиз жукпаса, анда эмнеге андан качуу керек? Байкалгандай эле эки хадистин ортосунда көрүнүштө карама-каршылык бар. Хадистердин ортосундагы карама-каршылык төмөндөгүчө талиф кылынган: "Оорулар себепсиз эле жуга бербейт. Алла Таала оорулунун дени сак адамга жакындоосун оорунун жугуусу үчүн себеп кылган. Андыктан биринчи хадисте, оору өзүнөн өзү жугат деген батыл (негизсиз) ишеним жокко чыгарылган. Экинчисинде болсо, оорулуу адамдан дени сак адамга оорунун жугуп калуу коркунучунун болгондугуна басым жасалган."[14]

Бул илимге байланыштуу алгачкы эмгек Имам аш-Шафи (ө. 204/819) тарабынан "Ихтилафу-л-хадис" деген аталышта жазылган. Кийинчерээк Ибн Кутайба (ө. 276/889) *"Тавилу Мухталифи-л-Хадис"*, Тахави (ө. 321/933) *"Мушкилу-л-асар"* жана Ибн Фурак (ө. 406/1015) *"Мушкилу-л-хадис ва байанух"* аталышындагы эмгектерди жазышкан. Булактарда Ибну-л-Мадинининн "ихтилафу-л-хадис" аттуу эмгегинин бар экендиги

---

[11] Suphi es-Salih, *Hadis İlimleri,* s.89.
[12] Бухари. *Тибб.* 19,25,43-45; Муслим. *Салам.* 102-109.
[13] Бухари. *Тибб.* 19,25,43-45; Муслим. *Салам.* 102-109.
[14] İbnu's-Salah, *Mukaddime,* s.257-8.

айтылса да, азыр учурга келип келбегендиги арсар.[15]

Хадистердин ортосундагы карама-каршылыкты катары менен жоюу үчүн төмөндөгүдөй ыкма колдонулат:

1- Жам жана талиф
2- Насх
3- Таржих
4- Таваккуф

Мухаддистердин пикиринде, бул тизмек иерархиялык түзүлүшкө ээ жана баш ийүү зарыл. Бири-бирине карама-каршы келген хадистерди **жам** жана **талиф** кылбастан насх кылууга болбойт. Жам жана талиф кылуу мүмкүнчүлүгү жок болсо, насх кылуу жолу менен дагы ортодогу карама-каршылык чечилбесе "таржих" ыкмасын колдонуп, экөөнүн бирөөсүн тандап алуу мүмкүнчүлүгү каралат. Андан дагы майнап чыкпаса, анад "таваккуф" (токтотуу) кылынат. Тагыраак айтканда, экөө менен тең амал кылынбайт. Экөөнүн бирөөсүн тандап алуу мүмкүнчүлүгү пайда болгонго чейин экөө тең четке кагылат.

Е. Илалу-л-Хадис илими (علم علل الحديث)

"Иллат/علة" сөзүнүн лексикалык мааниси "илдет, оору, сыркоо, алсыздык, кемчилик, майып, өксүк" дегенди билдирет. "Иллат" сөзүнүн көптүк түрү "илаль." Терминологиялык мааниси боюнча риваят кылынган хадистин ишенимдүүлүгүнө зыян бере турган илдет/кемчилдик дегенди билдирет. Мындай хадистерди изилдеген илимдин аты "иллату-л-хадис" деп аталат.

Хадистин ишенимдүүлүгүнө зыян тийгизген жашыруун жаңылыштыктар, хадистин иснадында (равилердин чынжырчасы) болгондой эле, текстте (матн) дагы болот. Мындай илдеттер, мункатиъ (иснадда бир же бир нече равилердин түшүп калышы) хадисти муттасыл (иснадда равилердин үзгүлтүксүз келиши), мавкуф (сахабалардан риваят кылынган хадистер) хадисти марфу (Пайгамбардан риваят кылынган) хадис катары көрсөтөт жана бир хадисти башка бир хадис менен чаташтырып алуу сыяктуу кемчилдиктерди айтсак болот. Муну аныктоо кыйынга жатат. Ибн Хажар "иллат – хадис илиминин эң баш-аламан жана оор темаларынын бири болуп саналат. Бирок Алла Таала берген терең

---

[15] Ажжаж аль-Хатиб. *Усулу-л-хадис.* 284-6-б.

түшүнүк, күчтүү эс-тутум, равилердин даражалары туурасында толук кандуу маалыматы бар, санад жана матнды мыкты билгендер гана түшүнө алат" – деп айтуу менен бул илимдин ушунчалык оор экендигин ачык-айкын белгилеп кеткен.[16]

Классикалык адабияттарда "хадисте иллат" деген темада жазылган булактардын саны өтө көп. Бул багытта жазылган Йахйа б. Маъиндин (ө. 233/847) *"ат-Тарих ва-л-илал"* аттуу эмгеги күнүбүзгө чейин келген эң эски булак катары белгилүү. Мындан сырткары Али б. Абдуллах аль-Мадинининин (ө. 234/848) *"Илалу-л-хадис ва маърифату-р-ижаль"*, Ахмад б. Ханбалдын (ө. 241/855) *"Китабу-л-илал ва маърифати-р-ижаль,"* Абу Иса Мухаммед б. Иса ат-Тирмизинин (ө. 279/892) *"аль-Илалу-с-сагир"* жана *"Илалу-л-кабир"*, Ибн Абу Хатим ар-Разинин (ө. 327/939) *"Илалу-л-хадис"*, Абу аль-Хасан Али б. Умар б. Ахмад Даракутнинин (ө. 385/995) *"аль-Илалу-л-варида фил-ахдиси ан-набавиййа"*, Абу аль-Фараж Абдуррахман б. Али аль-Жавзинин (ө. 597/1201) *"аль-Илалу-л-мутанахий фи-л-ахадиси аль-вахийа"* жана Ибн Ражаб аль-Ханбалинин (ө. 795/1393) *"Шарху илали-т-Тирмизи"* аттуу эмгектер хадистердеги илдет туурасында жазылган классикалык булактардын катарына кирет.

Ё. Насих – Мансух илими (علم ناسخ الحديث ومنسوخه)

"Насих" сөзүнүн лексикалык мааниси "жоюу, жок кылуу, жокко чыгаруу, алмаштыруу, бир нерсенин ордуна башканы алып келүү" - дегенди туюндурат. Терминологиялык мааниси "мурда бар болгон өкүм, жаңы өкүмдүн келиши менен күчүн жоготуусу" - дегенди билдирет.[17] Мурда күчүндө болгон өкүм "мансух", ал эми кийин жаңы келген өкүм "насих" деп аталат. Насих-мансух илими Куран аяттарына байланыштуу болгондой эле, хадистерге да тиешелүү болуп саналат. Насих-Мансух илими, Аз. Пайгамбар алып келген өкүм, кийинчерээк Аз. Пайгамбар алып келген жаңы өкүм менен күчүн жоготкондугуна байланышкан риваяттарды изилдеген илимдин бир бутагы болуп саналат. Талиф кылуу мүмкүн болбогон жана бири-бирине карама-каршы келген эки хадистин бири насих, экинчиси мансух экендигин төмөндөгү белгилердин негизинде билүүгө болот:

---

[16] Ибн Хажар. *Нузхату-н-назар.* 89-90-б.
[17] Нураддин Итр. *Манхажу-н-накд.* 335-б.

1) Аз. Пайгамбардын жеке өзү түшүндүрүп берүүсү: Пайгамбар (с.а.в.) мурда бир нерсеге тыюу салса, кийин тыюу салынган нерсенин кайрадан орундалуусуна уруксат бергендигин түшүндүргөн. Мисалы, Пайгамбар (с.а.в.): "Силерге кабырларды зыярат кылууга тыюу салгам. Эми мындан ары зыярат кыла аласыңар"[18] – деп айтуусу. Бул хадисте "кабырларды зыярат кылууга тыюу салынышы" мурдагы тагырак айтканда мансух өкүм, "зыяратка уруксат берүүсү" кийинки келген өкүм тактап айтканда, насих өкүм болуп саналат.

2) *Сахабанын айтканынан түшүнүктүү болушу:* Сахаба Пайгамбардын (с.а.в.) хадисиндеги бир өкүмдү башка хадистеги өкүм насх кылгандыгын билдирүүсү. Мисалы, Аз Али: "Алланын элчиси жаназа (көргөндө) өйдө турууну буйрук кылды. Кийин өзү отурду жана бизге дагы отуруубузду буйрук кылды"[19] – дегени насх болгондугуна далалат кылууда.

3) Хадистердин вуруд (келиш) датасынын белгиленүүсү: Көрүнүштө бири-бирине карама-каршы келген хадистердин вуруд (келиш) датасы белгилүү болсо, анда мөөнөтүнө карап кийинчерээк келген хадистин өкүмү насих, ал эми мурун келген хадистин өкүмү мансух болуп эсептелинет. Хажамат (кан алдыруу) кылдырууга байланышкан төмөнкүдөй хадистер бар: Меккени багындыра электен мурун риваят кылынган "Хажамат кылгандын да, кылдыргандын да орозосу жок"[20] хадисинин өкүмү, Ибн Аббас тарабынан Меккени басып алгандан кийин "Пайгамбар орозо маалында жана ихрамга киргенде хажамат кылдырды"[21] хадисинин келиши менен өкүм күчүн жоготкон.

4) Ижма аркылуу ачыкка чыгуусу: Бул жерде "ижма" сөзүнөн максат, аалымдардын белгилүү бир маселеде насхтын бар экендиги туурасында бир пикирди карманууусу. Бул маселе боюнча "мута никахтын" жана "эшек этинин желиши" боюнча өкүмдөрүнүн ижма менен мансух болгондугун мисал катары берсек болот.[22]

Насих-мансух илими жөнүндө алгачкы системалуу маалыматтар Имам аш-Шафинин "ар-Рисала" аттуу эмгегинде орун алган. Ошондой эле бул боюнча Ахмад б. Ханбал, Абу Давуд ас-Сижистаний жана Ахмад

---

[18] Муслим. *Жанаиз.* 36.
[19] Хазими. *аль-Иътибар.* 121-б.
[20] Бухари. *Савм.* 32; *Ebû Davud,* Savm, 28; *Muvatta,* Sıyâm, 18.
[21] Бухари. *Тибб.* 11; *Ebû Davud,* Savm, 28-30; *Muvatta,* Sıyâm, 30,32.
[22] Караңыз: Koçkuzu, *Hadiste Nâsih Mensûh,* s.172.

б. Исхак аль-Анбариге (ө. 318/930) караштуу эмгектердин бар экендиги айтылат. Учурда эң маанилүү эмгек, Абу Бакр аль-Хазиминин (ө. 584/1188) *"аль-Итибар фи байани ан-насих ва-л-мансух мина-л-асар"* аттуу эмгеги болуп саналат.[23]

---

[23] Башка китептер үчүн караңыз: Uğur, *Hadis İlimleri Edebiyatı,* s.220-221.

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

Аъзами, Мухаммед Мустафа. *Дирасатун фи-л-хадиси-н-Набави.* I-II. аль-Мактабу-л-Ислами. Бейрут, 1985.

....., *İslâm Fıkhı ve Sünnet: Oryantalist J. Schacht'a Eleştiri,* (çev. Mustafa Ertürk), İz Yayıncılık, İstanbul, 1996.

Абдурразак, Абу Бакр б. Хаммам ас-Санъани. *Аль-Мусаннаф.* I-XI. (басм. даяр: Хабибуррахман аль-Аъзами). Мактабату-л-Ислами. Бейрут, 1983.

Ажжаж аль-Хатиб. *ас-Сунна кабла-т-тадвин.* Каир, 1963.

Ажжаж аль-Хатиб. *Усулу-л-хадис улумуху ва мусталахух.* Дару-л-Фикр. Бейрут, 1981.

Ажлуни, Абу-л-Фида Исмаил б. Мухаммед. *Кашфу-л-Хафа.* (басм. даяр.: Абдулхамид б. Ахмед б. Йусуф б. Хандави). аль-Мактабату-л-асрийя. 2000.

Ахмад б. Ханбал. *аль-Муснад.* I-VI. Чагры басм. Стамбул, 1981.

Ahmed Naim, *Sahîh-i Buhârî Muhtasarı Tecrîd-i Sarih Tercümesi (Mukaddime),* D.İ.B.Y., Ankara, 1999.

Журжани, Абу-л-Хусайн Али б. Мухаммед б. Али. *ат-Таърифат.* Дару-л-кутуби-л-илмиййа. Бейрут, 1421/2000.

Asım Efendi, *Kamus Tercemesi,* I-IV, İstanbul, 1305.

Âşık, Nevzat, *Sahâbe ve Hadis Rivâyeti*, Akyol Neşriyat, İzmir, 1981.

Aşıkkutlu, Emin, "Cerh ve Tadil", DİA, VII, İstanbul, 1993.

....., *Hadiste Ricâl Tenkidi*, İFAV Yayınları, İstanbul, 1997.

Avcı "Keşf Yoluyla Hadis Rivâyeti", *Dinbilimleri Akademik Araştırma Dergisi*, IV, sayı:4, 2004.

Avcı, Seyit, *el-Futûhâtu'l-Mekkiyye'de İbnu'l-Arabî'nin Hadis Anlayışı*, Ensar Yay., Konya, 2005.

Aydınlı Abdullah, v.d., *Anadolu Üniversitesi İlahiyat Önlisans Programı Hadis Tarihi ve Usulü*, (editör: Salahattin Polat), Anadolu Üniversitesi Yay., Eskişehir, 2013.

Aydınlı, Abdullah, "Merfû", *DİA*, XXIX, Ankara, 2004.

....., *DİA*, XXIX, Ankara, 2004.

....., "Adalet", *DİA,* I, İstanbul, 1988.

....., "Şâz", *DİA,* XXXVIII, İstanbul, 2010.

....., *Hadis Istılahları Sözlüğü*, Timaş Yay., İstanbul, 1987.

....., *Hadis Tesbit Yöntemi Hadis Usulü*, Rağbet Yay., İstanbul, 2015.

....., *Hadis Isıtlahları Sözlüğü*, İFAV Yay., İstanbul, 2009.

Bağcı, H. Musa, *Hadis El Kitabı*, Grafiker Yay., Ankara, 2016.

Bağcı, *Hadis Tarihi H. İlk Üç Asır*, Ankara Okulu Yay., Ankara, 2009.

Başaran, Selman, "Hadislerin Lafız ve Mâna Olarak Rivâyeti Meselesi", *U.Ü.İ.F.D.*, cilt: 3, sayı: 3, 1991.

Başaran, Selman, M. Ali Sönmez, *Hadis Tarihi ve Usulü*, Esra Fakülte Yay., Bursa, t.y.

Bedir, Murtaza, "Sünnet", DİA, XXXVIII, İstanbul, 2010.

Белазури, Ахмед б. Йахйа б. Жабир б. Давуд. *Футуху-л-Булдан*. Дару-л-кутуби-л-илмиййа. Бейрут, 1398/1978.

Байхаки, Абубакр Ахмед б. аль-Хусайн. *Шуабу-л-Иман*. (басм. даяр.: Мухтар Ахмед ан-Надви). Мактабату-р-Рушд ли-н-Нашри ва-т-Тавзи. Эр-Рияд, 2003.

Bigiyef, Mûsâ Cârullah, *Kitâbu's-Sünne*, (çev. Mehmet Görmez), Ankara Okulu Yayınları, Ankara, 1998.

Бухари, Абу Абдуллах Мухаммед б. Исмаил. *аль-Жами-с-сахих*. I-IV, Чагры басм. Стамбул, 1981.

....., аль-Адабу-л-муфрад (басм. даяр.: Мухаммед Фуад Абдулбаки. Дару-л-башаири-л-исламиййа. Бейрут, 1409.

Жассас, Ахмед б. Али Абу Бакр. *аль-Фусул фи-л-усул*. I-IV. Визарату-л-авкафи-л-Кувайтиййа. 1994.

Cihan, Sadık, *Uydurma Hadislerin Doğuşu ve Sosyo-Politik Olaylarla İlgisi*, Etüt Yay., Samsun, 1997.

Çakan İsmail Lütfi, *Hadis Usûlü*, İFAV Yay., İstanbul, 2001.

....., "el-Câmiu's-Sahîh", *DİA*, VII, İstanbul, 1993.

....., *Anahatlarıyla Hadis*, Ensar Yay., Ankara, 2005.

....., *Hadis Edebiyatı*, M.Ü.İ.F.Yay., İstanbul, 1985.

Çelik, Ali, "Sünnet'e İttiba Konusundaki Farklı Eğilimler", *İslâmî Araştırmalar*, XIII, sayı:1, 2000.

Çetin, Nihad M., *Eski Arap Şiiri*, İstanbul Üniversitesi Yay., İstanbul, 1973.

Дарими, Абу Абдиллах Мухаммед б. Абдуррахман. ас-Сунан. I-II. Чагры басм. Стамбул, 1981.

Dehlevî, Abdulazîz b. Şâh Veliyullah, *Bustânu'l-Muhaddisîn*, (çev. Ali, Osman Koçkuzu), T.D.V.Y., Ankara, 1997.

Demir, Mahmut, Özafşar, Mehmet Emin, "Zayıf", *DİA*, İstanbul, 2013.

Dilek, Mehmet, *Hadis El Kitabı*, Grafiker Yay., Ankara, 2016.

Dinçoğlu, Mehmet, *Ebû Dâvûd'un Sünen'i –Kaynakları ve Metodu*, T.D.V.Y., Ankara, 2012.

Dümeynî, Misfîr b. Gurmullah, *Hadis'te Metin Tenkîdi Metodları*, trc. İlyas Çelebi, Adil Bebek, Kitabevi, İstanbul, 1997.

Абу Авана, Йаъкуб б. Исхак аль-Исфараини. *Муснад*. I-V. Дару-л-Маърифа. Бейрут, жылы жок.

Абу Давуд. *Рисалату Абу Давуд илаа ахли Мекке*. (Мухаммед б. Лутфи ас-Саббаг). аль-Мактабату-л-ислами. Бейрут. 1405.

....., *ас-Сунан*. I-V, Чагры басм. Стамбул, 1981.

Ebû Hanîfe, *el-Âlim ve'l-Müteallim*, (*İmâm-ı A'z'aâm'ın Beş Eseri* içerisinde), (çev. Mustafa Öz), İFAV Yay., İstanbul, 2002.

Абу Йаъла, Ахмад ибн Али ибн аль-Мусани. *Муснаду Аби Йаъла*. Дару-л-Маъмун ли-т-Турас. Дамаск. 1404/1984.

Ebû Zehv, Muhammed, Hadis ve Hadisçiler, (çev. Selman Başaran, M. Ali Sönmez), Ensar Yay., İstanbul, 2016.

Efendioğlu, Mehmet, "Munkatı'", *DİA*, XXXII, İstanbul, 2006.

....., "Râvi", *DİA*, XXXIV, İstanbul, 2007

....., "Rivâyet", *DİA*, XXXV, İstanbul, 2008.

....., "el-Musannef", *DİA*, XXXI, İstanbul, 2006.

....., "Maktû'", *DİA*, XXVII, Ankara, 2003.

....., "Merdud", *DİA*, XXIX, Ankara, 2004.

....., "Müdrec", DİA, XXXI, İstanbul, 2006.

....., "Sahabe", *DİA*, XXXV, İstanbul, 2008.

....., "Sahih", *DİA*, XXXV, İstanbul, 2008.

аль-Хаким ан-Найсабури. Абу Абдуллах. *аль-Мустадрак ала-с-Сахихайн*. I-IV. (басм. даяр.: Мустафа Абдулкадир Ата). Дару-л-кутуби-д-илмиййа. Бейрут, 1990.

....., *Маърифату улуми-л-хадис ва камиййати ажнасихи*. Дару Ибн Хазм. Бейрут, 2003.

Ersoy, Mehmet Akif, *Safahât*, İnkılap ve Aka Yay., İstanbul, 1972.

Ertürk, Mustafa, "Haber-i Vâhid", *DİA*, XIV, Ankara, 1996.

Erul, Bünyamin, *Sahâbenin Sünnet Anlayışı*, T.D.V.Y., Ankara, 1999.

....., "Zabt", *DİA*, XLIV, İstanbul, 2013.

....., "Tedlîs", *DİA*; XL, İstanbul, 2011.

....., *Hadis El Kitabı*, Grafiker Yay., Ankara, 2016.

Фирузабади. Маждуддин Абу Тахир Мухаммед б. Йаъкуб. *аль-Камусу-л-Мухит.* Муассасату-р-Рисала ли-т-тибаа ва-н-нашр ва-т-тавзи. Бейрут. 2005.

el-Gazefî, Said Abdurrahman Musa, "Eser", DİA, XI, İstanbul, 1995.

Газзали, Абу Хамид Мухаммед. *аль-Мустасфа.* (басм. даяр.: Мухаммед Абдуссалам Абдушшафи). Дару-л-кутуби-л-илмиййа. Бейрут. 1993.

Görmez, Mehmet, "Taberânî", *DİA*, XXXIX, Ankara, 2010.

....., *Hadis İlminin Temel Meseleleri*, Otto Yay., Ankara, 2014.

....., *Sünnet ve Hadisin Anlaşılması ve Yorumlanmasında Metodoloji Sorunu*, T.D.V.Y., Ankara, 1997. (2. Baskı, Ankara, 2000.)

Güner, Osman, *Doğuş Devrinde Hadis: İlk Dönem Hadis İlminin Tarihçesi*, Daru's-Sunne, Samsun, 2000.

Hamidullah, *Hemmâm ibn Münebbih'in Sahifesi*, trc. Talat Koçyiğit, AÜİF Yay., Ankara, 1967.

....., *Hz. Peygamber (s.a.v.)'in Altı Orijinal Mektubu*, (çev. Mehmet Yazgan), Beyan Yay., İstanbul, 1990.

....., el-Vesâiku's-Siyasiyye Hz. Peygamber (s.a.v.) Döneminin Siyâsî-İdarî Belgeleri, trc. Vecdi Akyüz, Kitabevi, İstanbul, trz.

....., *İslam Peygamberi*, (çev. Salih Tuğ), İrfan Yay., İstanbul, 1993.

Hansu, Hüseyin, *Mütevatir Hadis*, Van, 2008.

Хатиб аль-Багдади, Абу Бакр Ахмед б. Али. *ар-Рихла фи талаби-л-хадис.* Дару-л-хасани. Мысыр, жылы жок. (Мажмуату Расаил фи улуми-л-хадис ичинде).

....., *аль-Кифайа фи илми-р-ривайа.* (басм. даяр.: Абу Абдуллах ас-Сурки, Ибрахим аль-Мадани). аль-Мактабату-л-илмиййа. Мадина, жылы жок.

....., *Тайкиду-л-илм.* (басм. даяр.: Йусуф аль-Аш). Ихйау-с-суннати-н-набавиййа. Бейрут. 1974.

Hatiboğlu, İbrahim, "Musned", *DİA*, XXXII, İstanbul, 2006.

....., "Mu'cem", *DİA*, XXX, İstanbul, 2005

....., "Rihle", *DİA*, XXXV, İstanbul, 2008.

Hatiboğlu, Mehmed S. *İslamî Tenkid Zihniyetinin Doğuşu ve Hadis Tenkitçiliği, (Basılmamış Doktora Tezi)*, s.59.

Хайсами, Нураддин Али б. Абу Бакр. *Мажмау-з-заваид ва манбау-л-фаваид.* I-X. Бейрут, 1986.

Итр, Нурадди. *Манхажу-н-накд фи улуми-л-хадис.* Дамаск, 1981.

Ибн Абдилбар, Абу Умар Йусуф б. Абдибарр ан-Намари аль-Куртуби. *Жамиу баяни-л-илм ва фадлихи ва ма йанбаги фи ривайатихи ва хамлихи.* I-II. (даяр.: Абдуррахман Хасан Махмуд). Дару-л-кутуби-л-хадисиййа. Каир. 1975.

Ибн Аррак, Нураддин. *Танзиху-ш-шариати-л-марфуа ани-л-ахбари-ш-шаниати-л-мавдуа.* I-II. (басм. даяр.: Абдулваххаб Абдуллатиф, Абдуллах Мухаммед ас-Сиддик аль-Гумари). Дару-л-кутуби-л-илмиййа. 1399.

Ибн Балбан аль-Фариси. *аль-Ихсан би тартиби сахихи Ибн Хиббан.* Дару-л-кутуби-л-илмиййа. Бейрут, 1996.

Ибн Аби Хадид. *Шарху Нахжи-л-балага.* Бейрут, 1954.

Ибн Аби Хатим, Абу Мухаммед Абдуррахман ар-Рази. *аль-Илал.* I-VII. (басм. даяр.: Саъд б. Абдуллах ал-Хумайд, Халид Абдуррахман аль-Журайси). Матабиу-л-хумайди. 2006.

Ибн Хажар, Шихабуддин Абу-л-Фадл Ахмед б. Али б. Хажар аль-Аскалани. *аль-Исаба фи тамйизи-с-сахаба.* I-VIII. (басм. даяр.: Адил Ахмед Абдулмавжуд, Али Мухаммед Муаввид). Дару-л-кутуби-л-илмиййа. Бейрут. 1415.

....., *Нузхату-н-назар фи тавдихи нухбати-л-фикар.* (даяр. Нураддин Итр), Дамаск. 1992.

....., *Хадйу-с-сари мукаддимату фатхи-л-бари.* Дару-р-раййан ли-т-турас. Каир, 1986.

Ибн Хиббан, Мухаммед б. Хиббан б. Ахмед Абу Хатим аль-Бусти. *Сахих.* I-XVIII. (басм. даяр.: Шуайб Арнавут). Муассасату-р-рисала. Бейрут. 1414/1993.

Ибн Хишам, Абу Мухаммед Жамалуддин Абдилмалик. *ас-Сирату-н-набавиййа.* I-II, Дару-л-фикр. Каир, жылы жок.

Ибн Хузайма, Абу Бакр Мухаммед. *Сахих.* (басм. даяр.: Мухаммед Мустафа аль-Аъзами). аль-Мактабату-л-Ислами. Бейрут, жылы жок.

Ибну-л-Асир. *ан-Нихая фи гариби-л-хадис ва-л-асар.* I-V. (басм. даяр.: Тахир Ахмед аз-Зави жана Махмуд Мухаммед ат-Танахи). аль-Мактабату-л-исламиййа. Каир. 1963.

Ибн Каййим аль-Жавзиййа. *аль-Манару-л-муниф фи-с-сахихи ва-д-даиф.* (басм. даяр.: Абдулфаттах Абу Гудда). Дару-л-асима. Эр-Рияд, 1996.

Ибн Касир, Абу-л-Фида. *аль-Бидая ва-н-нихая.* (басм. даяр.: Али Шири). Дару Ихйаи-т-тураси-л-араби. 1988.

Ибн Маажа, Мухаммед б. Йазид аль-Казвини. *ас-Сунан.* I-II. (басм. даяр.: Мухаммед Фуад Абдулбаки). Чагры басм. Стамбул, 1981.

Ибн Саъд, Мухаммед аз-Зухри. *ат-Табакату-л-кубра.* Дару-с-садр. Бейрут, 1968.

Ибну-л-Араби, Мухйиддин Абу Абдиллах Мухаммед аль-Хатами ат-Таи. *аль-Футухату-л-Меккиййа.* I-IV. Дару Садр. Мысыр, 1329.

Ибну-л-Жавзи, Абу-л-Фараж. *аль-Мавдуат.* (басм. даяр.: Абдуррахман Мухаммед Осмон). аль-Мактабату-с-салафиййа. Мадина, 1966.

Ибну-с-Салах. *Улуму-л-хадис.* (басм. даяр.: Нураддин Итр. Дару-л-фикри-л-муасир). Дамаск, 1986.

Кади Ийаз. *Машарику-л-анвар алаа сихахи-л-асар.* аль-Мактабату-л-атика жана Дару-т-турас. Каир, жылы жок.

....., *аль-Илма илаа маърифати усули-р-риавая ва такйиди-с-сама.* (басм. даяр.: Саййид Ахмед Сакар). Дару-т-Турас. Каир. 1988.

Kahraman, Hüseyin, *Hadis El Kitabı*, Grafiker Yay., Ankara, 2016.

Kandemir, M. Yaşar, "Cüz", *DİA*, VIII, İstanbul, 1993.

....., "el-Câmiu's-Sahîh", *DİA*, VII, İstanbul, 1993.

....., "el-Muvatta'", *DİA*, XXXI, İstanbul, 2006.

....., "el-Müsned", *DİA*, XXXII, İstanbul, 2006.

....., "Hadis", *DİA*, XV, İstanbul, 1997.

....., "Kütüb-i Sitte", *DİA*, XXVII, Ankara, 2003.

....., "Mevzû", DİA, XXIX, Ankara, 2004.

....., "Sünen", *DİA*, XXXVIII, İstanbul, 2010.

....., Mevzû Hadisler Menşei Tanıma Yolları Tenkidi, D.İ.B.Y., Ankara, 1970.

Karataş Rivâyet Tekniği Açısından Hadislerin Artması ve Sayısı, İşaret Yay., 2006.

....., *Hadis Rivâyet Tarihi*, Ensar Yay., İstanbul, 2014.

Kardâvî, Yusuf, *Sünneti Anlamada Yöntem*, (çev. Bünyamin Erul), Rey Yay., İstanbul, 1991.

Касими, Жамалуддин. *Кавайду-т-тахдис.* (басм. даяр.: Мухаммед Бахжат аль-Байтар). Дару ихйау кутуби-л-араби. 1961.

Касталлани, Абу-л-Аббас Ахмед б. Мухаммед. *аль-Мавахибу-л-Ладуниййа.* I-III. аль-Мактабату-т-тавфикиййа. Каир, жылы жок.

Keleş, Ahmet, *Yaşayan Sünnet*, İnsan Yay., İstanbul, 2003.

Каттани, Мухаммед б. Жаъфар. *ар-Рисалату-л-мустатрафа ли байани машхури кутуби-с-суннати-л-мушаррафа.* Мактабату-л-куллиййати-л-азхариййа. Каир, жылы жок.

Kırbaşoğlu *İslâm Düşüncesinde Hadis Metodolojisi*, Ankara Okulu Yay., Ankara, 1999.

....., *Alternatif Hadis Metodolojisi*, Otto Yay., Ankara, 2015.

....., *İslâm Düşüncesinde Sünnet*, Ankara Okulu Yay., Ankara, 1999.

....., *İslam Düşüncesinde Sünnet*, Ankara Okulu Yay., Ankara, 1997.

Kızıl, Fatma, *Hadis El Kitabı*, Grafiker Yay., Ankara, 2016. Kitab-ı Mukaddes, İstanbul, 1958.

Koçkuzu, Ali Osman, *Hadis İlimleri ve Hadis Tarihi*, Dergah Yay., İstanbul, 1983.

....., *Hadiste Nâsih Mensûh*, M.Ü.İ.F.Yay., İstanbul, 1985.

Koçyiğit, Talat, *Hadis Usûlü*, T.D.V.Y., Ankara, 1998.

....., Hadisçilerle Kelamcılar Arasındaki Münakaşalar, T.D.V.Y., Ankara, 1989.

....., İmam Hatip Liseleri İçin Hadis 1 (Lise 2. Sınıf), M.E.B.Y., İstanbul, 1997.

....., *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis II*, Eskişehir, 1992.

....., *Hadis Usulü*, A.Ü.İ.F.Y., Ankara Üniversitesi Basımevi, 1967.

....., *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis 2*, M.E.B.Y., İstanbul, 1998.

....., *Hadis Istılahları*, A.Ü.İ.F.Y., Ankara, 1980.

....., *Hadis Tarihi*, T.D.V.Y., Ankara, 1988.

....., v.d., *İmam Hatip Liseleri İçin Hadis 12*, M.E.B.Y., Ankara, 1991.

Komisyon, *Hadislerle İslâm –Hadislerin Hadislerle Yorumu-*, D.İ.B.Y., Ankara, 2013.

el-Kudât, Şeref Mahmud, "Hadis Metinlerinde Rivâyet Farklılıklarının Sebepleri" (çev. Ferhat Gökçe), *Oş Devlet Üniversitesi İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi*, cilt: 20-21, sayı: 20-21, 2005.

аль-Кудат, Шараф Махмуд. *аль-Минхажу-л-хадис фи улуми-л-хадис.* 2013.

....., *Асбабу Тааддуди-р-риваят.*

Куртуби, Абу Абдуллах Мухаммед б. Ахмед. *аль-Жамиу ли ахками-л-Куран.* (басм. даяр.: Ахмад аль-Бардуни). Дару-л-кутуби-л-Мисриййа. Каир, 1964.

Kuzudişli, Bekir, *Hadis Tarihi*, Kayıhan Yay., İstanbul, 2017.

Küçük, Raşit, "Hz. Peygamber ve Örnekliğinin Mahiyeti", http://www.sonpeygamber.info/hz-peygamber-ve-ornekliginin-mahiyeti, (Erişim Tarihi: 05.10.2017)

....., "İsnad", *DİA*, XXIII, İstanbul, 2001.

....., "Metin" *DİA*, XXIX, Ankara, 2004.

Малик б. Анас. *аль-Муватта.* I-II. (басм. даяр.: Мухаммед Фуад Абдулбаки). Чагры басм. Стамбул, 1981.

Martı, Huriye, *Hadis El Kitabı*, Grafiker Yay., Ankara, 2016.

Miras, Kamil, *Sahih-i Buhari Muhtasarı Tecrid-i Sarih Tercümesi ve Şerhi*, (tercüme ve Şerh: Kamil Miras), D.İ.B.Y., Ankara, 1993.

Муслим, Абу-л-Хусайн Муслим б. Хажжаж аль-Кушайри. *аль-Жамиу-с-сахих.* I-III. (басм. даяр.: Мухаммед Фуад Абдулбаки). Чагры басм. Стамбул, 1981.

Мунажжид, Салахуддин. *Дирасатун фи тарихи-л-хатти-л-араби мунзу бидайатихи илаа нихаяти-л-асри-л-амави.* Дару кутуби-л-жадид. Бейрут, жылы жок.

Nazlıgül, Habil, *Hadis El Kitabı*, Grafiker Yay., İstanbul, 2016.

Надви, Саййид Сулайман. *Тахкику мана-с-сунна ва байану хажати илайха.* Матбаату-с-салафиййа. Каир, 1979.

Насаи, Абу Абдуррахман Ахмед б. Шуайб. *ас-Сунан.* I-III. Чагры басм. Стамбул, 1981.

Навави, Абу Закарийя Мухйиддин Йахйа б. Шараф. *аль-Минхаж шарху сахихи Муслим.* I-IX. Дару ихйаи-т-тураси-л-араби. Бейрут, 1392.

....., *ат-Такриб ва-т-тайсир ли маърифати сунани-л-башири-н-назир. et-Takrîb ve't-Teysîr li Ma'rifeti Suneni'l-Beşîri'n-Nezîr*, (басм. даяр.: Мухаммед Осмон аль-Хушт). Дару-л-китаби-л-араби. Бейрут, 1985.

Нураддин Итр. *Манхажу-н-накд. 335.*

Okiç, Muhammed Tayyib, *Hadis Ders Notları*, Yayımlanmamış Çalışma, y.y., t.y.

....., Tefsir ve Hadis Usulünün Bazı Meseleleri, Nun Yay., İstanbul, 1995.

Özafşar, *Hadisi Yeniden Düşünmek –Fıkhî Hadîsler Bağlamında Bir İnceleme-*, Ankara Okulu Yay., 1998.

....., *Hadis İlmine Giriş*, Dem Yay., İstanbul, 2009.

Özpınar, Ömer, *Hadis El Kitabı*, Grafiker Yay., Ankara, 2016.

Özşenel, Mehmet, *Ebû Yûsuf'un Hadis Anlayışı*, Klasik Yay., İstanbul, 2011.

Polat, Salahattin, "Garîb", *DİA*, XIII, İstanbul, 1996.

....., *Hadis Araştırmaları*, İnsan Yayınları, İstanbul, t.y.

....., "Ferd", *DİA*, XII, İstanbul, 1995.

....., "Mürsel", *DİA*, İstanbul, 2006.

....., "Mütâbaat", *DİA*; XXXII, Ankara, 2006.

....., Mürsel Hadisler ve Delil Olma Yönünden Değeri, D.İ.B.Y., Ankara, 1985.

Рамахурмузи, Хасан б. Абдиррахман. *аль-Мухаддису-л-фасил байна-р-рави ва-л-вай.* (басм. даяр.: Мухаммед Ажжаж ал-Хатиб). Дару-л-фикр. Бейрут, 1971

Sandıkçı, Kemal, Sahihi *Buhârî Üzerine Yapılan Çalışmalar*, D.İ.B.Y., Ankara, 1991.

Сахави, Шамсуддин Абу-л-Хайр Мухаммед б. Абдуррахман. *Фатху-л-мугис шарху алфияти-л-хадис.* I-III. (басм. даяр.: Мухаммед Салах). Дару-л-кутуби-л-илмиййа. Бейрут. 1996.

Sıddîkî, M. Zübeyr, *Hadis Edebiyatı*, (çev. Kavakçı, Yusuf Ziya), İrfan Yay., İstanbul, 1966.

Subhî es-Sâlih, *Hadis İlimleri ve Hadis Istılahları*, D.İ.B.Y., Ankara, 1996.

Суйути, Жалаладдин Абдуррахман б. Аби Бакр. *Танвиру-л-хавалик шархун алаа Муваттаи Малик.* Дару-л-кутуби-л-илмиййа. Бейрут, жылы жок.

....., *Тадрибу-р-рави фи шархи такрибу-н-навави.* (басм. даяр.: Ахмед Умар Хашим). Дару-л-кутуби-л-араби. Бейрут, 1993.

....., *Рисала фи аксами-л-хадиси-л-мавду.*

Шафи, Мухаммед б. Идрис. *ар-Рисала.* (басм. даяр: Ахмед Шакир), Мактабату-л-Халаби, Каир, 1940.

Шавкани, Мухаммед. *аль-Фаваиду-л-мажмуа.* (басм. даяр.: Абдулваххаб Абдуллатиф) (түрк тилине которгон: Мехмет Емин Акын). Мадарик басм. Стамбул, 2012.

ат-Табарани, Абу-л-Касым. *аль-Муъжаму-л-кабир.* XXV. (басм. даяр.: Хамди б. Абдулмажид ас-Салафи). Мактабату Ибн Таймиййа. Каир, жылы жок.

....., *аль-Муъжаму-л-авсат.* X, (басм. даяр.: Тарик б. Авдиллах б. Мухаммед, Абдулмухсин б. Ибрахим аль-Хусайни). Дару-л-харамайн. Каир, жылы жок.

ат-Табари, Мухаммед б. Жарир. *Жамиу-л-байан фи тавили-л-Куран.* (басм. даяр: Ахмед Мухаммед Шакир). Муассасату-р-рисала. 2000.

Тахави. Абу Жафар Ахмед б. Мухаммед. *Шарху мушкили-л-асар.* (басм. даяр: Шуайб аль-Арнавут). Муассасату-р-рисала. Бейрут, 1994.

ат-Таххан, Махмуд. *Тайсиру Мусталахи-л-хадис.* Мактабату-л-мааріф ли-н-нашр ва-т-тавзи. Эр-Рияд, 2004.

Tartı, Nevzat, *Muhtasar Hadis İlimleri ve Usûlü*, Otto Yay., Ankara, 2015.

Тайалиси, Абу Давуд. *Муснад.* Дару-л-маърифа. Бейрут, жылы жок.

Тирмизи. Абу Иса Мухаммед б. Иса. *ас-Сунан.* I-V. (басм. даяр.: Мухаммед Фуад Абдулбаки). Чагры басм. Стамбул, 1981.

ат-Туси, Абу Наср Сарраж. *ал-Лума.* (басм. даяр.: Абдулхадим Махмуд, Таха Абдулбаки ас-Сурур). Дару-л-кутуби-л-хадисийя. Каир, 1960.

Ugan, Zâkir Kâdirî, *Dinî ve Gayr-i Dinî Rivâyetler* Rivâyet İlminin Tarihçesi, Dâru's-Sünne Yay., Samsun, 2000.

Uğur, Mücteba, "Hasen", *DİA*, XVI, İstanbul, 1997.

....., *Ansiklopedik Hadis Terimleri Sözlüğü*, T.D.V.Y., Ankara, 1992.

....., *Hadis İlimleri Edebiyatı*, T.D.V.Y., Ankara, 1996.

Umerî, Ekrem Ziyâ, *Hadis Tarihi*, (çev. İsmail Kaya), Doğan Ofset, Esra Yay., Konya, 1990.

Ünal, İsmail Hakkı, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı*, M.E.B.Y., Ankara, 2003.

аль-Вакиди, Абу Абдуллах Мухаммед б. Умар. *Аль-Магази.* (басм. даяр: Марсдан Жонес). I-III, Аламу-л-кутуб. Бейрут, 1984.

Yaran, Rahmi, "Bid'at", *DİA*, VI, İstanbul, 1992.

Yıldırım Ramazan v.d, *İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı*, M.E.B.Y., Ankara, 2010.

Yıldırım, Enbiya, *Hadiste Metin Tenkidi*, Rağbet Yay., İstanbul, 2009.

Yıldırım, Sabahattin, "Râvî", Şamil İslam Ansiklopedisi, Şamil Yay., İstanbul, 1990.

Yılmaz, Hayati, "Kudsî Hadis", *DİA*, XXVI, Ankara, 2002.

Yücel, Ahmet, "Makbul", *DİA*, XXVII, Ankara, 2003.

....., "Sika", *DİA*, XXXVII, İstanbul, 2009.

....., Hadis Istılahlarının Doğuşu ve Gelişimi, Hicri İlk Üç Asır, MÜİF Yay, İstanbul, 1996.

....., Hadis Istılahlarının Doğuşu ve Gelişimi: Hicrî İlk Üç Asır, MÜİF Yay., İstanbul, 1996.

....., *Hadis Usûlü*, MÜİF Yay., İstanbul, 2013.

Забиди, Абу-л-Файз Мухаммед Муртаза аль-Хусайни, *Тажу-л-арус мин жавахири-л-камус.* Дару-л-фикр. Бейрут, жылы жок.

Захаби, Абу Абдуллах Шамсуддин Мухаммед б. Ахмед б. Осмон. *Сийару аълами-н-нубела.* (басм. даяр.: Шуайб аль-Арнавут). Муассасату-р-рисала. Бейрут, 1413.

....., *Тариху-л-Ислам.* (басм. даяр.: Умар Абдуссалам Тадмури). Дару-л-китаби-л-араби. Бейрут, 1989.

Zerkeşî, Ebû Abdullah Muhammed Bedruddin Muhammed b. Cemâluddîn, *Hz. Aişe'nin Sahâbeye Yönelttiği Eleştiriler*, (çev. Bünyamin Erul), Kitabiyat Yay., Ankara, 2002.

ДИНИЙ ТЕРМИНДЕР

1. Абас – дүйнө жана акыретте бир ишке жарабаган, материладык жана моралдык жактан пайдасы жок сөз, кыймыл-аракет жана жүрүм-турумдар.

2. Ахл-и байт - Аз. Пайгамбардын жубайлары, уул-кыздары жана неберелеринен турган, урман сый көрсөтүүгө татыктуу болгондор. Тагыраак айтканда, Пайгамбардын (с.а.в.) үй-бүлө мүчөлөрү.

3. Ахли рай – хадистерди кабылдоо менен бирге, адамдардын маселелерин чечүүдө жеке көз карашка жана ижтихадка басым жасаган Ислам аалымдары.

4. Бидат – сүннөткө каршы келүүчү ишеним (ыйман), амал жана сөздөр дегенди билдирет. Динге кийин киргизилген нерсе.

5. Вааз – амри би-л-маъруф (диндин буйруктарын, жакшылыктарын үгүттөө) жана нахйи ани-л-мункар (күнөөлөрдөн, жамандыктардан тыйылууну насаат кылуу) дегенди билдирет.

6. Васийат – бириктирүү, байлоо, сунуш кылуу дегенди билдирет. Ислам укугунда "өлгөндөн кийин ишке ашырылышы негизинде бир кишинин жеке мүлкүндөгү байлыгын башка бир кишинин же кайрымдуулук менен алектенген мекеменин мүлкүнө өткөрүп берүүсү."

7. Гарабат – "гараба" сөзүнөн келип чыккан. "Алыс болуу, жалгыз калуу, мекенинен алыста жүрүү" дегенди билдирет. Хадис илиминде тафарруд жана инфирад сөздөрүнүн синоними. Равинин риваятында жалгыз калуусу дегенди билдирет. Башкача айтканда, равинин бир шейхинен ривает кылууда жагыз калуусу, андан башка ривает кылуучунун жоктугу. Мындай рави тарабынан ривает кылынган хадис негизинен "фард" деп аталат. Эгер гарабат иснаддын башында болсо, "фарди мутлак", ортосунда "фарди нисби" деп аталат. Фарди нисбинин башка бир аты гарабатка байланыштуу "гариб" болуп саналат.

8. Жазм – хадис илиминде санаддагы равилердин ортосун байланыштырган сөздөр "жазм" деп аталат. Мисалы: айтты, ривает кылды, жетти сыяктуу экинчи равинин алгачкы равиден хадисти анык алгандыгын билдирге сөздөр. Бул сөздөр көбүнесе сахих (ишенимдүү, күчтүү) хадистердин санадында колдонулат.

9. Жамъ жана талиф: бири-бирине карама-каршы келген хадистерди тавил (жоромолдоо) аркылуу бириктирүү негизине такалат. Эки хадис тең өз күчүн жоготпойт жана экөө менен тең амал кылууга болот.

10. Жахил – окуганды жазганды билбеген, сабатсыз адам.

11. Забт – эске тутуу, равинин этият жана кылдат болуусу, эгер хадисти жатка риваят кылып жатса, каалаган учурда жана талап кылынган маалда катасыз риваят кылуу үчүн жакшылап жаттоосу; жеке китебинен риваят кылып жатса, хадисти алгандан тарта башка бирөөгө билдиргенге чейин өзгөрүүгө учуратпастан сактай билүүсү; мааниси менен риваят кылып жаткан болсо, маанини өзгөртө турган жагдайларды жакшылап билүүсү дегенди билдирет.

12. Захид – диндар, такыба, сопу дегенди билдирет. Захид, шектүү нерселерден качып, күнөө кылбаган, Алладан коркуп дүйнө ниматтарынан баш тарткан адам.

13. Захир илим – көрүнгөн, сырткы дегенди билдирет. Бир буюмдун сырткы тарабы, тагыраак айтканда, көрүнгөн жана сезүү органдар менен сезилген, билинген тарабы дегенди билдирет. Мисалы, окуп-үйрөнүлгөн илим.

14. Зухд - бир нерсеге (дүйнөгө) кызыгууну токтотуп, андан жакшыраагына (акырет кайгысына) жүз буруу. Ушундай адам "захид" деп аталат. Пенде бул дүйнөдө захид болсо, жүрөгү дагы, денеси дагы ырахатка чөмүлөт. Дүйнөгө берилбөө - "Зухд" деп аталат. Зухд, дене жана рухка зарыл нерселерден жүз үйрүү, напсинин (адамдын) дүйнөлүк абалын ондоп, акырет жолунда ага жардамы тийе турган нерселерден баш тартуу менен болбойт. Бул наадандардын кечилдиги. Захид деп жашоодо ашыкча жыргалдарга жана напсинин оңолуусуна зарыл эмес нерселерге берилбей гана жашоого айтылат. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) жана сахаабаларынын захиддыгы (зухд) мына ушундай болгон.

15. Зындык – өзү ыймансыз болсо да мусулмандарды алдап, ыймандарынан ажыратуу, Ислам динин ичинен ыдыратуу үчүн мусулман көрүнүп, куфурга себеп боло турган нерселерди аныктоо үчүн далилдерди жаңылыш тавил кылган адам. Эч бир динге ишенбеген, бирок Исламды ичинен бузуу үчүн мусулман болуп көрүнүп жүргөн, куфур жана динсиздикти дин деп ваазданган (айткан, насаат кылган) дин душманы, мунафык.

16. Ижтихад – адамдын күчү жеткенче кыйланып, тер төгүп, эмгектенүүсүн айтат. Б.а., Куран жана хадис шарифтерде мааниси ачык айкын болбогон өкүмдөрдү жана маселелерди ачык жана толук түшүндүрүлгөн маселелер менен салыштыруу аркылуу, өкүм чыгарууга аракет кылуу "ижтихад" деп аталат.

17. Инкита – кесик болуу, үзүлүү дегенди билдирет. Хадис усулунда санад чынжырчасын түзгөн равилердин бир же бир канчасынын түшүшүнүн натыйжасында пайда болгон ажырым.

18. Исраилият – создук маанисн "Исраил уулдарына таандык риваяттар" дегенди билдирет. Негизинен, жөоттөрдүн маданиятынан Ислам динин өтүшү, тагыраак айтканда, Тооратгагы нерселердин хадистерге аралашып кетүүсү. Исраил булактарынан келген кыссалар жана окуялар.

19. Кафарат – диндин белгилүү тыюуларын бузган адамдын жаза тартуусу жана күнөөсүнүн кечирилүүсү үчүн кул азаттыка чыгаруу, орозо тутуу, кембагалларды тойгузуу жана садака берүү болуп саналат. Алла Таала кээ бир маселелерде пенделеринин кемчилдиктерин жана күнөөлөрүн кечирүү үчүн себеп кылган.

20. Кашиф – Алла Таала лавхи махфузда бул ааламга караштуу кээ бир маалыматтарды сүйүктүү пендесинин жүрөгүнө аян кылып берүүсү. Аны кабардар кылуусу.

21. Кысса – чыгыш адабиятындагы эпикалык текке кирүүчү карасөз түрүндөгү көлөмү чоң чыгармалар. Аларга уламыштар, тикаялар, риваяттар, оозеки жана жазма тарыхый баяндар кирген.

22. Кыяс – шарий маселенин өкүмүн негиз алып, ал маселеге окшош башка бир маселе туурасында өкүм чыгаруу. Куранда бар болгон нерселердин окшошу боюнча ой жүгүртүү; укуктук маселени ага чейинки чечилгени менен салыштыруу.

23. Мавкуф – сахабалардан риваят кылынган. Сахабага келип токтогон хадис.

24. Мавсул – ар бир рави өзүнөн мурунку рави менен көрүшүп, андан угуу же алуу аркылуу риваят кылган равилерден турган иснад деп аталат. Мындай өзгөчөлүккө ээ иснад менен риваят кылынган хадис мавсул деп дагы аталат.

25. Магази – Аз. Пайгамбар катышкан согуштардан сөз кылган илимтин тармагы.

26. Мажази – өз маанисинен башка мааниде колдонуу.

27. Мансух – күчүн жоготкон өкүм мансух деп аталат.

28. Марви – (риваят кылынган кабар (хадис). Аз. Пайгамбарга, сахабаларга жана табииндерге таандык риваяттарды жана булардан башка дагы риваяттарды түшүндүргөн жалпы термин.

29. Марфу – Пайгамбарыбыздан риваят кылынган хадис.

30. Матаини ашара (равилердин кемчилдиктери) – Матаин "жаралоо" дегенди билдирет. "Таъана" этишинен келип чыккан. Матаини ашара болсо, хадис равилеринин жарх жана кадхына себеп болгон абалдар. Башкача айтканда, равилердин адилеттүүлүк жана забт абалдарын аныктоодо эске

алуучу жагдайлар. Атынан да белгилүү болгондой равилердин жархына себеп болгон жагдайлардын саны он. Булардын беши адилеттүүккө байланыштуу, беши болсо забткa байланыштуу.

31. Матн – иснад бүткөн жер. Аз. Пайгамбар жөнүндө айтылган билдирүүлөр. Пайгамбардын айткан сөздөрүн, жасаган иш-аракеттерин же болбосо ага таандык бир ишти, бир окуяны же өзгөчолүктү билдирген сөздөр.

32. Маъруф хадис – заиф равинин риваятынын ордуна сика (ишенимдүү) равинин риваятын тандап алуу. Мункар хадистин карама-каршысы болуп саналат. Маъруф хадисти далил катары колдонууга болот.

33. Минбар – имам жума насаатын окуй турган мечиттин трибунасы. Мечитте кутба окулуучу жай. Тепкичи бар, бийик өзгөчө жер.

34. Мубах – афал-и-мукаллафин (мукаллафтын милдеттери). Аткарууда же баш тартууда диний жактан эч кандай ыңгайсыздык жаралбайт. Тактап айтканда, аткарып аткарбоодо өз эркн. Мисалы, отуруу, тамактануу, уктоо, сыяктуу.

35. Мужмал – маанисн жабык, максаты түшүнүксүз баяндар. Алла Таала тарабынан аныктай турган маалымат келгенче Пайгамбар (с.а.в.) мужмал маселелерге өзүнчө аныктама берүүчү эмес.

36. Мукаллаф – Алла Тааланын буйруктарын аткарууга жана тыюу салган нерселеринен оолак болууга милдеттуу адам. Акыл-эси бар жана балагатка жеткен эркек жана аял киши "Мукаллаф" деп аталат. Мукаллаф болгон адам Алланын буйрук жана тыюуларынан жооптуу.

37. Мункаты - иснадда бир же бир нече равинин түшүүсү.

38. Мурувват –равинин риваятынын кабылдануусу үчүн анда болуусу керек болгон адилеттүүлүк сапат.

39. Мусанниф – негизинен, китеп жазган же китепти тасниф кылгандар үчүн колдонулат. Хадистерди темаларына жараша тасниф кылып китептерде топтогон аалымдарга берилген ат.

40. Мута нике - бул белгилүү мал-мүлк же акча каражаты үчүн белгилүү убакыт аралыгында аял менен эркектин жыныстык катнашта болуулары максатында түзүлгөн нике келишими.

41. Муттасил – санаддын бир же бир канча жеринде равилердин үзгүлтүккө кабылбашы. Тагыраак айтканда, равилердин толук болушу. Муттасыл – ар бир рави өзүнөн мурунку рави менен көрүшүп анын өз оозунан угуп же башка хадис риваят ыкмалары менен алуу аркылуу равилерден түзүлгөн иснадды айтабыз. Иснад үзгүлтүксүз болушу керек. Үзгүлтүксүз иснад иттисал деп да аталат.

42. Мушкил – мүшкүл, азап, кыйынчылык.

43. Накл – жазуу түрүндө бизге жетип келген шарият булактары. Куран, сүннөт жана хадистер.

44. Насх – шарий бир өкүм күчүн жоготуп анын ордуна башка өкүмдүн келүүсү. (жаңы өкүмдүн келүүсү менен эски өкүм өзүнүн күчүн жоготуусу). Бир өкүмдүн күчүнүн жоготуусуна себеп болгон өкүм насих деп аталат.

45. Рави – аял эркек айырмасы жок, хадисти санады менен жеткирген киши. Хадис айтып берген киши.

46. Раф – хадистин санадын Пайгамбарга (с.а.в.) чейин жеткирип марфу катары риваят кылуу.

47. Рижаль – "киши, адам" дегенди билдирет. Хадис илиминде хадистерди риваят кылган равилер туурасында колдонулган жалпы термин. Рижальу-л-хадис – хадис риваят кылуу менен алектенгендер. Ушул хадистин рижальи сика (ишенимдүү) деп айтылганда хадистин санадын түптөгөн равилер болуп саналат.

48. Рижаль китептери – хадис риваят кылуучуларды жана хадис илими менен алектенгендерди таанытуу болуп саналат. Ошондой эле авторлору хадисчи болгон эмгектер. Хадистерди жеткирген равилер "рижальу-л-рави" деп аталат. Хадис тарыхында равилердин өмүр-баяны, жашоосу жана абалдары туурасында рижаль китептери жазылган. Бул эмгектердин айрымдары сика равилер, айрымдары заиф равилер, айрымдары сика жана заиф равилерди бирге алып жазылган.

49. Садук – көбүнесе равинин ишенимдүүлүгүн, айрым учурда гана равинин заиф экендигин билдирет.

50. Санад (иснад) - Мухаммед пайгамбардын сүйлөгөн сөзүн жана кылган ишин туура көрүп, бири-бирине айтып жеткирген адамдардын (равилердин) чынжырчасы. Башкача айтканда, хадисти акыркы риваят кылган мухаддис менен Пайгамбардын ортосундагы равилердин ысымдары. Иснад пайгамбардан же сахабадан же табинден баштап хадис жыйноочу аалымга чейин хадис жеткирүүгө катышкан адамдардан түзүлөт. Иснаддын башталышы бул бизге жакыныраагы, ал эми аягы - пайгамбарга жакын бөлүгү. Иснад —бул хадис жеткирүүгө катышкан бардык равийлердин атынын аталышы.

51. Субут –Ислам илимдеринде маалыматтын ачык-айкындуулугу, тууралыгы же бир нерсенин бар экендиги жөнүндө колдонулат. Паланча нерсенин субуту катъий (анык, так) же катъий эмес сыяктуу. Кандайдыр бир маалыматтын субуту катъий деп колдонулат. Мисалы "Куран аяттарынын субуту катъий. Себеби тавтур жолу менен бизге чейин келген" сыяктуу.

52. Табака – бир мезгилде жашап, жаштары бирдей болгон жана риваят жагынан бир доордогу равилердин тобуна берилген ысым. Башкача айтканда, ошол эле устаздан сабак алып жана ошол эле шакирттерге риваят кылган равилердин тобу.

53. Таблиг – пайгамбарларда болуусу керек болгон важиб сыпаттардын бири. Пайгамбарлар вахий аркылуу Алладан келген илахий окумдөрдүн эч бирин жашырбастан, азайтпастан же кошумча киргизбестен кандай болсо ошондой инсандарга жеткирүүсү болуп саналат.

54. Таваккуф – туруу, токтоо, күтүү дегенди билдирет. Талаш-тартышты жөнгө салуу ыкмасы катарында бири-бирине карама-каршы келген хадистерге өкүм бербөө, токтотуу; өкүм берүүнү далил жана белги тапканга чейин күттүрүү, токтотуу дегенди билдирет. Тагырак айтканда таваккуф карама-каршылыкты жоюу ыкмасы эмес, токтотуу ыкмасы болуп саналат.

55. Тавкифи – Ислам динин билдирүүсүнө таянган жана өзгөртүү мүмкүн болбогон дегенди билдирет. Куран аяттарынын-сүрөлөрүнүн тартиби жана Алла Тааланын ысымдагы тавкифи болуп саналат.

56. Тавхид – (жалгыздоо, бир нерсени жалгыз кылуу деген сөздөн чыгат) Алланы рубубияда, ысым сыпаттарында жана сыйынууда жалгыз деп ишенүү. Жараткандын жалгыздыгына ишенүү.

57. Тадвин - топтоо, жыйноо, чогултуу дегенди билдирет. Хадис илиминде "сахабалар тарабынан жазылган сахифаларды топтоп китеп кылуу, оозеки риваят кылынган хадистерди жазып бир китепте чогултуу."

58. Тазкия – напсини ар түрдүү рухий ыпластыктардан жана терс көрүнүштөрдөн тазалоо жана эң мыкты рухий дөөлөттөр менен кооздоо, саймалоо, тартипке салуу, тарбиялоо дегенди билдирет.

59. Тактиъ – бөлүктөргө бөлүү дегенди билдирет. Негизинен, ихтисардын бир түрү. Узун хадистерди камтыган өкүмдөрүнө жараша бөлүп, бөлүкчөлөрдүн ар бирин тиешелүү бөлүмдө жазуу болуп саналат.

60. Талиф – бири-бирине карама-каршы келген эки хадистин ортосундагы каршылыкты акыл жана накыл далилдер менен жоюуга аракет жасоо жана эки хадис менен амал кылуу мүмкүнчүлүгүн жаратуу. Ал эми хадистердеги карама-каршылыктын чыныгы эмес, захирде бар экенинин түшүндүрүп берүү.

61. Тамйиз - Адам баласынын жакшыны жамандан, пайдалууну пайдасыздан айырмалай билүүсүн билдирет.

62. Танкид – сындоо же критикалоо маанисинен сырткары жакшыны жамандан, тазаны чириктен, туураны жаңылыштан ажыратуу дегенди билдирет. Ошондой эле китеп, киши же окуя туурасында өкүм берүү, жакшы

жана жаман жактарын чыгаруу дегенди дагы билдирет. Санадды (равилердин чынжырчасын) иликтөөгө алуу жана иликтөөнүн жыйынтыгында равилерге жана санад туурасындагы талкуулоолор, кыскача айтканда, иснад танкид кылуу деп аталат.

63. Таргиб-тархиб – жакшылыкка чакыруучу жана жамандыктан кайтаруучу хадистерди камтыган адабияттын бир түрү.

64. Таржама – бир тилден башка бир тилге которуу, түшүндүрмө берүү дегенди билдирет. Көптүк түрү "таражим." Хадис илиминде хадис китептериндеги негизги бөлүмдөр (китаб) менен буларды түзгөн бабтардын аталыштары таржама деп аталган.

65. Таржих – хадис илиминде маанилери жагынан бири-бирине карама-каршы келген эки хадистен бирөөнү кандайдыр бир себептен улам тандап алып, экинчисинен баш тартуу дегенди билдирет. Албетте, бул ортосунда насх кылуу мүмкүн болбогон риваяттар үчүн гана.

66. Тарик – жол дегенди билдирет. Хадис усулунда хадистин санадына берилген башка бир ысым. Хадистин санады анын акыркы рависи менен Аз. Пайгамбардын арасында риваят чынжырчасын түзгөн равилердин ысымдары дегенди билдирет.

67. Тасниф – классификациялоо, түрлөрү бирдей болгон нерселерди бир жерге топтоо дегенди билдирет. Терминалогиялык мааниси, хадистерди темаларына же бөлүмдөрүнө жараша ажыратып, бирдей темадагыларды бир жерге топтоо дегенди билдирет

68. Тасхих – каталарды оңдоо, түзөө, текшерүү, тууралоо.

69. Таълик - лексикалык мааниси "асуу, илүү" дегенди билдирет. Терминалогиялык мааниси "рави риваят кылган хадистин иснадынан өзүнүн устазын же устазы менен бирге бир канча равини же болбосо бардык равилерди алып салып, хадисти Аз. Пайгамбарга таяндыруу" болуп саналат.

70. Турмуштук (амалий) өкүмдөр: Инсандын иш-аракеттери жана ибадаттарына тиешелүү өкүмдөр. Мисалы: соода-сатыкка, намазга ж.б. тиешелүү өкүмдөр.

71. Фадаил – парз жана важиб болбогон нафил ибадаттар.

72. Фасад – бузукулук, жамандык, баш аламандык, карагаша, ызы-чуу дегенди билдирет. Куранда, жер жүзүндө баш аламандык уюштуруп, адамдарды жашоосун туура эмес нукка салган, дин жана дүйнөнүн кызыкчылыгына зыян келтирген деген мааниде колдонулат.

73. Фитан – "фитна" сөзүнүн көптүк түрү. Бузукулук, элди дүрбөтүү, тымызын козголоң, азап, кыйынчылык сыяктуу маанилерге келгендей эле мындайга алып келген куфур, көтөрүлүш, бүлүк ж.б.у.с. күнөөлөрдү кылуу

деп дагы аталат. Хадис китептериндеги "фитан" бул кыяматтан мурун боло турган фитна, бузукулук жана жамандыктарды түшүндүргөн түрдүү окуяларга байланыштуу хадистер.

74. Фухуш – жубайынын көзүнө чөп салып, башкалар менен ойноштук кылуу жана напсиге багынуу.

75. Фыск – туура жолдон адашуу, баш көтөрүү, Алланын буйруктарына жана тыюларына баш ийбөө, күнөө жана зулумдук кылуу дегенди билдирет.

76. Хасану-л-иснад - "хадисун хасану-л-иснад" сөзүнүн кыскартылган түрү. Мухаддистер бул терминди хадистин иснад жагынан хасан экендиги белгилеп кетүү үчүн колдонушкан. Мухаддистер бир хадис туурасында кээде хасан өкүмүн беришсе, кээде "хаза хадисун хасану-л-иснад" (бул иснады хасан болгон хадис) сыяктуу терминди колдонушуп хасан өкүмүн иснадка энчилеп беришкен.

77. Хурафа – Ислам динине эски диндерден калган калдык. Диний маалыматтар, эрежелерге кошулуп кеткен жаңылыш, туура эмес ынанч.